ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

МУХАММЕД ПАЙГАМБАРДЫН ӨМҮР БАЯНЫ

بسم الله الرحمن الرحيم

БИШКЕК - 2021 / 1442 Х

УДК
ББК
А

Ош мамлекеттик университети
Арашан гуманитардык институту
Дин таануу факультети

Рецензенттер:
Жусупов М.Г. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.
Актанов Н.Т. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.

Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич
Мухаммед пайгамбардын өмүр баяны: Бишкек: 2021. – ___б

Бул эмгекте Мухаммед пайгамбардын өмүр таржымалы тууралуу маалымат берилет. Бул эмгек окутуучуларга, илимий кызматкерлерге, студенттерге жана жалпы окурмандарга сунушталат.

© Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич, Бишкек 2021

Аламүдүн району, Арашан айылы, Чыңгыш Баатыр көчөсү 36
www.arashan.edu.kg
arashan.edu.kg@gmail.com
arashan_edu_kg
arashan.theology.faculty

ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

МУХАММЕД ПАЙГАМБАРДЫН ӨМҮР БАЯНЫ

Бишкек - 2021

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ **9**
КИРИШҮҮ **10**

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1.1 КААБАНЫН ТАРЫХЫ ЖАНЫ ЫЙЫКТЫГЫ **15**
1.1.1 Ибараттуу Пил окуясы 17
1.1.2 Ибрахим (алейхиссалам) жана Ханиф 19
1.2 АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛА ЧАГЫ **21**
1.2.1 Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза теги 21
1.2.2 Азирети Абдуллах менен Азирети Аминанын баш кошушу 21
1.2.3 Азирети Абдуллахтын көз жумушу 23
1.2.4 Азирети Пайгамбарыбыздын келерин сүйүнчүлөгөн кабарлар 24
1.2.5 Азирети Мухаммеддин төрөлүшү 25
1.2.6 Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу ысымдары 26
1.2.7 Сүт энеге берилиши 27
1.2.8 Көкүрөктүн ачылышы – биринчи шархи садр 32
1.2.9 Мединага болгон саякат жана Азирети Аминанын көз жумушу 33
1.2.10 Чоң атасы Абдулмутталибдин коргоосунда 34
1.2.11 Абасы Абу Талибдин коргоосунда 35
1.3 АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ЖАШТЫК КЕЗИ **37**
1.3.1 Азирети Пайгамбарыбыздын кой кайтарышы 39
1.3.2 Кечил Бахира менен кездешүүсү 40
1.3.3 Хилфул-фудул 41
1.3.4 Алланын Элчисинин соода ишине аралашуусу 42
1.3.5 Азирети Хатижа менен никелешүүсү 44
1.3.6 Азирети Пайгамбарыбыздын Зайд бин Харисти азат кылып асырап алышы 45
1.3.7 Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Азирети Алини жанына алышы 46
1.3.8 Азирети Пайгамбарыбыздын перзенттери 47
1.3.9 Каабадагы калыстык 47
1.3.10 Хира үңкүрүндөгү обочолонуу 49
1.4 БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ **51**
1.4.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 51
1.4.2 ТЕСТ 52

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

1.5 ПАЙГАМБАРЛЫК ВАЗИЙПАНЫН БЕРИЛҮҮСҮ 59
1.6 МЕККЕ ДООРУ 59
1.7 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖЫЛЫ 59
1.7.1 Вахийдин башталышы: Чындык түштөр 59
1.7.2 Алгачкы вахий жана анын үзгүлтүккө учурашы 59
1.7.3 Азирети Пайгамбарыбыздын сабатсыз (уммий) болушу жана аялуу сырлары 62
1.7.4 Вахийдин кайрадан башталышы 63
1.7.5 Алгачкы мусулмандар 63
1.7.6 Дарул-Аркам: Алгачкы мусулмандардын таалим-тарбия жана окуу борбору 65
1.8 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ 67
1.8.1 Сафа дөңсөөсүндөгү кайрылуу 69
1.8.2 Абу Лахаб менен аялынын Азирети Пайгамбарыбызга кылган карөзгөйлүгү 73
1.8.3 Азирети Пайгамбарыбызга жана Куранга коюлган айыптоолор 77
1.8.4 Кыйноолор 79
1.8.5 Мусулмандарга берилген сабыр жана туруктуулук насааты 83
1.9 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ 85
1.9.1 Эфиопияга көчүү 85
1.9.2 Гараник маселеси 86
1.9.3 Эфиопияга экинчи ирет көчүү 87
1.10 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ 88
1.10.1 Курайш мушриктеринин Нажашиге жолдогон өтүнүчү 88
1.10.2 Азирети Хамзанын мусулман болушу 91
1.10.3 Азирети Умардын мусулман болушу 94
1.11 ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 99
1.11.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 99
1.11.2 ТЕСТ 100

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

1.12 БОЙКОТ ЖЫЛДАРЫ 105
1.12.1 Үч жыл сүргөн карасантайлык (байкот) 105
1.12.2 Бойкоттун аякташы 106
1.12.3 Пайгамбарыбыздын Айды экиге бөлгөн мужизасы 108
1.13 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ 110
1.13.1 Кайгылуу жыл: Азирети Хатижа менен Абу Талибдин кайтыш болушу 110
1.13.2 Таифке сапар 111
1.13.3 Азирети Пайгамбарыбыздын
Куран окуганын уккан жиндердин мусулман болушу 114
1.14 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ 116
1.14.1 Акабадагы жолугушуу 116
1.14.2 Мираж окуясы 117
1.14.3 Мираждан нуска 121

1.15 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ЭКИНЧИ ЖАНА ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛДАРЫ.....124
1.15.1 Биринчи Акаба биаты 124
1.15.2 Мусаб бин Умайрдын мугалим болуп дайындалышы 124
1.15.3 Экинчи Акаба биаты 126
1.15.4 Мекке доорунун бейнеси 129
1.16 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ.....131
1.16.1 Хижратка уруксаттын берилиши жана Мединага көчүү 131
1.16.2 Мушриктердин кутумдук планы.....132
1.16.3 Азаптуу сапар 135
1.16.4 Куба мечити.....141
1.16.5 Алгачкы жума намазы.....142
1.16.6 Мединадагы салтанаттуу күтүү 144
1.17 ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 146
1.17.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР.....146
1.17.2 ТЕСТ 147

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

1.18 ХИЖРАТТЫН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ.....153
1.18.1 Алланын Элчиси Медина шаарында 153
1.18.2 Меймандос Абу Аюб аль-Ансари (радияллааху анху) 153
1.18.3 Мухажирлер менен ансарлардын боордоштугу 154
1.18.4 Мухажирлер менен ансарлардын артыкчылыгы 155
1.18.5 Пайгамбардын шаары - Медина.....158
1.18.6 Масжидун-Наби – Бакыт жайынын курулушу 161
1.18.7 Алгачкы азан.....164
1.18.8 Асхабу Суффа 165
1.18.10 Согушууга уруксат берилиши 167
1.19 ХИЖРАТТЫН ЭКИНЧИ ЖЫЛЫ 169
1.19.1 Казаттар 169
1.19.2 Батны Нахла сапары.....169
1.19.3 Кыбыланын алмашуусу 170
1.19.4 Бадр Казаты (17-Рамазан, 2-жыл / 13- март, 624-жыл) 172
1.19.5 Периштелердин жардамы.....176
1.19.6 Бадрдын тайманбас баатырлары.....177
1.19.7 Туткундарга жасалган мамиле 179
1.19.8 Олжо маселесиндеги Алла Тааланын өкүмү 180
1.19.8 Жөөттөр жана Бани Кайнука казаты (Шавваль, 2-жыл/Апрель, 624-жыл) 181
1.19.10 Ахли Байт жана Ахли Байтка болгон сүйүү 184
1.20 ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 186
1.20.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР.....186
1.20.2 ТЕСТ 187

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

1.21 ХИЖРАТТЫН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ 193
1.21.1 Ухуд Казаты (7-шавваль, 3-жыл/ 23-март 625-жыл) 193
1.21.2 Шейиттердин мырзасы аталган азирети Хамза 197
1.21.3 Ухуд шейиттери 202
1.21.4 Хамраул-Асад (8-шавваль 3-жыл/ 24-март 625-жыл) 206
1.22 ХИЖРАТТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ 208
1.22.1 Ражи окуясы (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл) 208
1.22.2 Бир-и Мауна окуясы (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл) 210
1.22.3 Надир уруусунун кыянатчыл иш-аракети 211
1.22.4 Ичкиликке жана кумар оюнга бөгөт коюлду 214
1.23 ХИЖРАТТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ 217
1.23.1 Салман Фарисинин мусулман болушу жана эркиндикке чыгышы 217
1.23.2 Хижабдын парз болушу 221
1.23.3 Ифк окуясы 223
1.23.4 Хандак Казаты (Шавваль-Зилкаада, 5-жыл/ Март, 627-жыл) 227
1.23.5 Хандакта берилген куш кабар 229
1.23.6 Согуш – бул, айлакерлик 232
1.23.7 Бани Курайза Казаты (23-Зилкаада, 5-жыл/ 15-Апрель, 627-жыл). 234
1.24 БЕШИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 236
1.24.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 236
1.24.2 ТЕСТ 237

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

1.25 ХИЖРАТТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ 243
1.25.1 Каабага болгон сагыныч 243
1.25.2 Биатур-Ридван – Алла Таала ыраазы болгон ант 245
1.25.3 Худайбия келишими 247
1.26 ХИЖРАТТЫН ЖЕТИНЧИ ЖЫЛЫ 253
1.26.1 Өкүмдарларга жазылган каттар 253
1.26.2 Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызды сыйкырлаганы 263
1.26.3 Хайбар Жеңиши (Сафар-Рабиулавваль, 7-жыл/ Июнь-Июль, 628-жыл) 264
1.26.4 Эфиопияга журт которгон мусулмандардын кайтышы 268
1.27 ХИЖРАТТЫН СЕГИЗИНЧИ ЖЫЛЫ 269
1.27.1 Мута Согушу (Жамазияль-авваль 8-жыл/ Август-Сентябрь 629-жыл) 269
1.27.2 Азирети Халид бин Валиддин согуш ыкмасы 274
1.28 МЕККЕНИН КОЛГО АЛЫНЫШЫ
(20- РАМАЗАН, 8-ЖЫЛ/ 10-ЯНВАРЬ, 630-ЖЫЛ) 275
1.28.1 Меккеликтердин анты 284
1.28.2 Хунайн казаты (11-шавваль 8-жыл/ 1-февраль, 630-жыл) 286
1.28.3 Таифтин курчоого алынышы (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл) 289
1.29 ХИЖРАТТЫН ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛЫ 294

1.29.1 Табук Жүрүшү (Ражаб, 9-жыл/ Октябрь-Ноябрь, 630-жыл) 294
1.29.2 Саатул-усра – Оор учур.....297
1.29.3 Табук сапарынын жалгыз шейити 299
1.29.4 Эки жүздүүлөрдүн кыянаты жана Дырар мечити 301
1.29.5 Элчилердин жылы 302
1.29.6 Ажылык 304
1.30 ХИЖРАТТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ 306
1.30.1 Алла Элчисинин алгачкы жана акыркы ажылыгы.....306
1.30.2 Коштошуу Ажылыгы 306
1.31 ХИЖРАТТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ 314
1.31.1 Түбөлүктүү улуу сапар.....314
1.31.2 Бүткүл ааламды чулгаган муң.....321
1.32 АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 325
1.3.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР.....325
1.32.2 ТЕСТ 327

АЛГЫ СӨЗ

Ислам динин терең түшүнүү жана толук жашай билүү үчүн ар бир момун мусулман Азирети Мухаммед пайгамбардын өмүр таржымалын жакындан таанып билиши керек.

Колуңуздагы эмгек алты бөлүмдөн туруп төмөнкү темаларды өз ичине камтыйт:

Биринчи бөлүмдө:

Каабанын тарыхы жана ыйыктыгы, Азирети Мухаммед пайгамбардын бала чагы жана жаштык кези;

Экинчи бөлүмдө:

Азирети Мухаммед пайгамбарга пайгамбарлык вазийпасынын берилиши, динди жайылтуусу жана алгачкы мусулмандар;

Үчүнчү бөлүмдө;

Бойкот жылдары, пайгамбарлыктын он биринчи жылы, мираж окуясы жана Акаба келишимдери, Мединага хижрат кылуу;

Төртүнчү бөлүмдө;

Хижраттын биринчи жылы, мухажир жана ансарлардын бир туугандыгы, хтжраттын экинчи жылындагы казаттар, жортуулдар;

Бешинчи бөлүмдө;

Хижраттын үчүнчү жылындагы Ухуд казаттары, хижраттын төртүнчү жана бешинчи жылдарындагы белгилүү окуялар;

Алтынчы бөлүмдө;

Хижраттын алтынчы жылындагы Худайбия келишими, хижраттын жетинчи жылындагы өкүмдарларга жиберилген каттар, Меккенин колго алынышы жана Азирети Мухаммед пайгамбардын коштошуу ажылыгы;

Жана ошондой эле ар бир бөлүмдүн соңунда классикалык үлгүдөгү «суроолорго жооп бергиле», «варианттардын ичинен туура жоопту тапкыла», сыяктуу сынактык суроолор даярдалды. Ар бир бөлүмдүн аягында суроолордун жооптору берилди.

КИРИШҮҮ

Ислам динин терең түшүнүү жана толук жашай билүү үчүн ар бир момун мусулман Азирети Мухаммед пайгамбардын өмүр таржымалын жакындан таанып билиши керек. Анын өмүр жолун үйрөнбөй, жүрөктөрдү ага болгон сүйүү менен жылытпай туруп Алла Таала кабылдай турган дин Исламды жашоо мүмкүн эмес. Андыктан, Пайгамбардын өмүр жолуна кызыгып, ошол кызыгуунун кызуулугун сактоо, сергек жана сезимтал болуу зарыл. Мухаммед Мустафаны (саллаллаху алейхи васаллам) тааныбай туруп аны сүйө албайбыз. Анын сыңарындай, аны жан дилден берилип сүйбөй туруп, чыныгы ыймандуу момун боло албайбыз.

Кудай Тааланын сүйүүсүнө татыктуу болуунун өзү Анын Пайгамбарына толук түрдө моюн сунууга байланыштуу. Дененин мүчөлөрү сыңары бири бирин толуктап турган ушул маанилүү себептерден улам, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) сүйүү маселесине абдан басым жасаган жана сүйүүгө байланыштуу аяр мамилени талап кылган аяр жагдайларды көз жаздымында калтырган эмес.

Адамзат тарыхында Азирети Мухаммед Пайгамбардын гана өмүр жолу ийне жибине чейин изилденип, такталып, жазылган. Андан башка эч бир инсандын таржымалы мынчалык майда-баратына дейре изилденген эмес. Адам Атадан башталган бардык элчилердин үлгүлүү иш-аракеттеринен өтө аз эскерүүлөр жана мурастар калган. Ал эми акыр заман Пайгамбары Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) иш-аракеттерин, сөздөрүн, осуяттарын, рухий мурастарын, ишааратарын, жаңсоолорун, жадагалса, сезимдерин, жан дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүнөн бери күнүмдүк турмушта мусулмандар сүннөт тутуп, ишке ашырып келе жатат. Анын куттуу хадистери менен сүннөттөрү тарыхты тамшандыра угутунан тайбай келе жатат. Жогоруда сөз болуп жаткан артыкчылыктардын бардыгы Жараткан Алла Тааланын буйругу менен кыяматка чейин жашай турган жаамы пендезатка нукура бойдой жетип турат.

Ислам дониндеги адеп-ахлакты теориядан иш жүзүнө калыптандырган, ошондой эле, башка системалардан бийик кылган нерсе – бул Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу өмүр кенчинин, асыл касиеттеринин кылдаттык менен изилденүүсүндө жана кылымдар бою эч өзгөрүүсүз ушу күнгө чейин жетип келгендигинде жатат.

Жараткан Алла Таала ага жетимдиктин ачуулугун тарттырып, турмуштун тар кечүү, тайгак ашуулары менен сынап олтуруп, даңаза жана өкүлдүк өңүтүнөн эң жогорку тепкичке, Пайгамбарлыкка жана өлкө башчылыгына чейин көтөргөн. Улуу Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) басып өткөн ары катаал, ары татаал баскычтарда нукура идеалдуулук, көөнөрбөс үлгүлөр кашкайып турат. Мына ушул себептен ким кандай абалда, кандай гана деңгээлде болбосун, бардык адамдар Пайгамбарыбыздын өмүр жолунан өз жөндөмүнө жараша үлүш алып, баскан жолунан баса алат. Башкача айтканда, Ислам дини ар кандай даражадагы адамдардын оңой түшүнүшү үчүн Азирети

Пайгамбарыбыздын куттуу жашоосу аркылуу жүзөгө ашырылган. Демек, анын өмүр жолунда эч кандай күңүрт, эч кандай бүдөмүк нерсе жок!

Ушундай улуу Пайгамбардын үммөтү болуунун өзү баа жеткис зор немат. Кудай Тааланын мындай чексиз нематына жооп катары, биз, момундар ааламдардын асыл затынын (саллаллаху алейхи васаллам) куттуу жана нарктуу өмүр жолун жеткиликтүү деңгээлде үйрөнүп, үйрөнгөнүбүзгө жараша амал кылып жана аны башкаларга да үйрөтүшүбүз керек.

Тынчтык жашоого жана бак-таалайга жеткире турган Ислам динине дааат кылам, насаатчы, мугалим болом дегендер Алланын Элчисинин таржымалын сөзсүз үйрөнүшү керек. Үйрөнгөндө да дитин коюп ушунчалык берилүү менен, сүйүү менен үйрөнүү зарыл. Таалим-тарбия, илим-билим жана агартуу айдыңында Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) дүйнөлүк жана акыреттик деңгээлдеги жападан жалгыз үлгү экени талашсыз.

Жыйынтыктап айтканда, мейли аял болсун, мейли эркек болсун, момун мусулман болууну самаган ар бир инсанга, Алланын динине жагымдуу насаат айтууну каалаган жана үгүтчүлүктү тандап алган дааватчыга, мамлекетти адилеттүүлүк жана асыл сапаттар менен башкарууну каалаган өлкө башчысына, үйбүлөсүн сылык мамилеси, мээримдүүлүгү менен коргоп жана бага турган атага, башкарууну мыкты өздөштүргөн кыраакы аскер башчыга, кыскасын айтканда наамы жагынан, деңгээли жагынан ким болбосун, ар бир мусулманга абадай зарыл сапаттар, артыкчылыктар жана руханий касиеттер акыркы Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) таржымалында катылуу. Ошондуктан Ислам динин бардык өңүтүнөн үйрөнүү жана турмушта жашоо үчүн Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) өмүр баянын жакшы билүү зарыл.

محمد
صلى الله عليه وسلم
١٤٢٠

БИРИНЧИ БӨЛҮМ



БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **КААБАНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ЫЙЫКТЫГЫ**
- **АЗИРЕТИ МУХАММЕД ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН БАЛА ЧАГЫ**
- **АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ЖАШТЫК КЕЗИ**

1.1 КААБАНЫН ТАРЫХЫ ЖАНЫ ЫЙЫКТЫГЫ

«Бири бирине тең келген алты беттүү нерсе» деген маанини туюнткан Кааба деген сөз Курани Каримде эки жерде айтылган. Башка аяттарда болсо «Байтуллах, аль-Байтул атик, аль-Байтул Харам, аль-Байтул Мухаррам, аль-Масжидул Харам» сыяктуу түрдүү ысымдар менен аталган. Ал эми калк арасында «Кааба-и Муаззама» деп аталат.

Алла Таала Адам атаны (алейхис салам) жер бетине түшүргөн соң Кааба турган жерге бир сыйынуучу жай курууга милдеттендирген[1].

Жараткан Алла муну мындайча билдирет:

«Меккедеги (Кааба) **шек күмөнсүз ааламдарга береке жана хидаят булагы кылынып, адамдар үчүн крулган алгачкы үй** (болуп саналат)**»** (Аалу Имран сүрөсү, 96-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Зардын (Алла ага ыраазы болсун) суроосуна жооп катары жер жүзүндө эң алгач «Харам мечити», андан соң «Акса мечити» курулганын айткан[2].

Ыйык Кааба Нух пайгамбардын мезгилиндеги алаамат топон суусудан кийин узак мезгилдер бою кумдун астында калган. Андан нечен кылымдар өткөндөн кийин Ибрахим пайгамбар уулу экөө аны кайрадан тикелеп чыгышкан. Исмаил (алейхиссалам) таш ташыган. Ибрахим (алейхиссалам) пайгамбар болсо таштан кынап, максат кылынган үйдүн дубалын тургузган. Курулуш жүрүп жаткан кезде жогору көтөрүлүү үчүн бир жалпак ташты такай колдонгондуктан, Ибрахим пайгамбардын бутунун изи түшүп калган. Мына ошол таш «Макамы Ибрахим» деп аталып калган[3].

«Бир кездерде Ибрахим Исмаил менен бирге Алланын үйүнүн пайдубалын көтөрүп жатып: «Оо, Жараткан Алла! Биздин ушул ишибизди кабыл кыла көр! Сен шек-күмөнсүз угуучусуң, билүүчүсүң!» (Бакара сүрөсү, 127-аят) - деп жалбарышкан.

Каабанын курулушун биротоло бүтүргөн Ибрахим менен Исмаил (алейхимас салам) алакан жайып, Алла Таалага жалбарышкан:

«Оо, биздин Раббибиз! Бизди Өзүңө моюн сунгандардан кыл! Урпагыбыздан Сага баш ийген үммөттү чыгар, бизге ибадат кылуунун усулун көрсөт, тообаларыбызды кабыл кыл! Анткени, жалгыз Сен гана тооболорду эң көп кабылдаган, ырайымдуусуң! Оо, Раббибиз! Аларга өз арасынан Сенин аяттарыңды окуй турган, китепти жана хикматты үйрөтө турган жана алардын (напсилерин)

1. Табари, Тарих, I, 124.
2. Бухари, Анбия, 10
3. Саид Бекташ, Фадлул-Хажарул-Асвад ва Маками Ибрахим (а.с) 108- б; Мухаммед Иляс Абдулгани, 71-73- б.

тарбиялай турган бир пайгамбар жибер! Анткени, Сен гана күчтүүсүң жана бүт нерсени так жасайсың!» (Бакара сүрөсү, 128-129-аяттар).

Ыйык Кааба курулуп бүткөн соң Алла Таала жаамы элдерди ажылыкка чакырууга Ибрахим пайгамбарды милдеттендирген:«**Адамдарды ажылыкка чакыр. Алар** (сага) **жөө жалаң жана арык төөнүн үстүндө абдан алыс жолдордон келишет**» (Хаж сүрөсү, 27-аят).

Ибрахим пайгамбар Кудай Тааланын бул буйругун элге жеткирүү максатында Абу Кубайс тоосуна, башка бир риваятта, “Макаму Ибрахимге” чыгып, Каабага келип ажылык ибадатты аткарууну Алла Таала жалпы ишенген адамдарга парз кылганын жар салган[4].

Жарыя аяктаган соң Жабраил периште (алейхиссалам) келип Сафаны, Марваны жана Харамы Шарифтин чегин көргөзгөн. Белги болсун үчүн бирден таш тигип коюуну айткан жана ажылыктын бардык парздарын үйрөткөн.

Ошентип, жакынкы жана алыскы аймактардан Алланын куттуу үйүнө келген зыяратчылардын саны жыл сайын көбөйө берген. Кааба муну менен маанилүү диний борборго айланып, миңдеген адамдын жүрөгүнөн түнөк тапкан.

Абал ошону менен эле тынчып калган эмес. Каабанын түпкү баалуулугун жана ыйыктыгын көтөрө да, көрө да албаган мушрик элдер мезгил-мезгили менен жортуул жасашкан. Абраханын акмактык жоругунан мурда жашап өткөн Йемендин бутпарас өкүмдарларынан үчөө тең Каабаны орду түбү менен жок кылууга оңбогондой күчтөрүн жумшашкан. Хузай уруусунан кээ бир ниети бузуктар Каабаны жыгып, анын түбүндө катылган казынага ээлик кылууга туббаны[5] тукурушкан. Алар туббадан кутулуу үчүн ушундай жагымсыз кадамга барышканы да белгилүү болгон. Анткени хузай уруусу, Каабанын ыйыктыгына ишенген, ага каршы уюшулган кандай гана күч болбосун, эч качан оңунан чыкпаганын тарыхтан бери көрүп-билип жүрүшкөн.

Каабаны талкалоо үчүн кылкылдаган колу менен жолго чыккан тубба жол жүрүп келатып кумга батып кете жаздаган. Жанындагы билгиндеринин эскертүүсү жана туура кеңеши менен карасантай оюнан кайткан жана Алла Тааланын үйүнө таазим кылып, Меккенин калкына сый-урмат көрсөтүүгө сөз берип, кумга батып жок болуп кетүүдөн кутулган[6].

Тарыхтагы ушул сыяктуу окуялардан улам, элдер куттуу Каабанын Жараткан Алланын даргөйүндөгү кадыр-баркын таасын сезишкен. Ошого жараша көптөр аны чын көңүлдөн урматташкан. Каабаны, меккеликтерди жана курайш уруусун Алла Таала Өзү коргоп алаарына Арабстан эли толук ишенишкен.

Азирети Ибрахимдин көзү өткөндөн кийин элдер кылымдар бою Байтуллахка жүз буруп тавхид ишениминин негизинде ибадаттарын кылышкан. Убакыт өтүп, муун алмашкан сайын эл акыйкат ишенимден тайып, бутпарас болуп кеткен. Мушриктер Каабанын ичине жана айланасына көп буттарды тургузушса да, аны ар дайым «Байтуллах» деп аташкан.

---

4. Камил Мирас, Тесрид Тержемеси, VI, 20-21; Саид Бекташ, 111- б.
5. Тубба: Йемен өкүмдарларына берилген наам. Падыша, өкүмдар деген маанилерге келет.
6. Ибн Хишам, I, 19-20; Абдурраззак, V,153.

Мекке каратылган мезгилде мусулмандар Каабаны буттардан тазалашкан. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жеке көзөмөлүндө Каабанын ичи-тышы зам-зам менен жуулган. Кааба ошол куттуу күндөн тартып Курман айттын арапа күнү зам-зам жана гүл суусу менен жуулуп, тазаланып, жыпар жыттуу атыр себилип, үстүндөгү жабуусу жыл сайын алмаштырылып келет.

Исламдан мурунку караңгылык доорунда мушриктер “Муаллакатул саба” сыяктуу адабий чыгармаларга жана ыр сынактарга олуттуу маани беришкен. Ошондой эле, мусулмандар менен ар тармактуу алаканы кесүү тууралуу саясий салмагы бар чечимди Каабанын дубалына илишкен. Эл чогулган борбор катары Каабага абдан маани беришкенин ушул сыяктуу тарыхый окуялардан билсек болот.

Курула баштаган күндөн тартып Каабага тиешелүү бир топ өзгөчө вазийпалар болгон. Алгачкы күндөн тартып аларды Азирети Исмаил (алейхис салам) аткарып турган. Исмаил пайгамбар дүйнөдөн кайтаарда бул шарапаттуу вазийпаларды уулуна осуят кылган, уулу болсо журхуми уруусуна табыштаган. Журхумилерден кийин уруудан урууга өтүп олтуруп, өз заманында курайшка чейин кынтыксыз келген. Алар төмөнкүдөй кызматтар болгон:

1. Сидана же Хижаба: Каабанын үстүнө жабылган парда менен ачкычты коргоо кызматы.

2. Сикая: ажыларды таттуу суу менен сыйлоо жана зам-зам кудугуна байланыштуу кызмат.

3. Ридана: Сапары бүткөнгө чейин колунда жок ажыларды тамак-аш жана жатакана менен камсыздоо.

Бул кызматтар кайсы гана мезгил болбосун, эң бийик шарапат, чоң мартаба деп эсептелген. «Алтын доор» саналган төрт халифанын убагында да аталган иш-чараларды Меккенин алдыңкы үй-бүлөлөрү өз ара бөлүшүп аткарышкан. Азирети Умар өзүнүн халифалык доорунда бул вазийпаларды аткаргандарга эң алгачкылардан болуп кызмат акы бердирткен. Азирети Муавиядан тартып бул иштер мыйзамдаштырылган. Осмон империясынын тушунда болсо Каабадагы кызматтар үчүн жыл сайын Харамайн казынасынан айлык акы берилип турган.

1.1.1 Ибараттуу Пил окуясы

Ыйык Кааба Алла Тааланын буйругу менен курулган. Алла Таала аны ар дайым Өзү коргоп келген. Тарыхтагы «Пил окуясы» муну кашкайта далилдеген ибараттуу мисалдардын бири болуп саналат.

Йемендин ажосу Абраха Рим императорунун көмөгү менен Санага келишкен чиркөө курдурткан эле. Тилеке каршы, курулуш аяктаса да ал ойлогондой сыйынуучулар чиркөөгө келбей койот. Көпчүлүк калк ага анчейин көңүл бурбайт. Тилеги таш капкан Абраха бул көрүнүшкө абдан кыжырланат. Ошол кезде Меккедеги Кааба өзүнүн ыйыктыгын сактаган, инсандарды өзүнө тартып турган касиеттүү сыйынуучу жай эле. Чоң үмүт менен курган чиркөөсүнө элдин келбешине кызганган акмак ажо касиеттүү Каабаны жыгууга белсенип, катуу даярданат. Азыркынын танкасы саналган ошол доордун пилдерин кошуундун алдына

тизип, карааны айбаттуу кол даярдап, жортуулга жөнөйт. Адамдардын үшүн алып, элдин багытын өзүмдүн чиркөөмө бурам деп ойлойт.

Душмандыктан көзү канталаган Абраха олжого түшкөн төөлөрүн кайтарып алууга келген Абдулмутталибге буркан-шаркан түшөт:

– Мен Каабаны талкалоо үчүн келсем, сен төөлөрүңдү ойлоп жүргөнүңө жол болсун!

Абдулмутталиб сыпаа гана жооп узатат:

– Анын Ээси бар! Каабаны Ошол коргойт!

Текебер ажо арданып кетти көрүнөт:

– Менин күчүмө каршы аны коргоп кала турган эч ким жок! – деп кесир сүйлөйт.

Ошентип, жер дүңгүрөткөн көп кол Меккеге жакындайт. Чапкынга буйрук берилген кезде кошуундун алдындагы пилдер кетенчиктеп баспай коюшат. Калдайган кошуун көз ирмемде чакчелекей түшөт. Какылдап кулак тундурган «абабил» деген канаттуулар асман бетинде толуп кетет. Көк бетиндеги куштардын тырмагындагы кызыл чок өңдөнгөн майда таштар душмандардын үстүнө мөндүрдөй жаай баштайт. Таш тийген жандын баары соо калбайт. Меккенин алды бир заматта додолонгон өлүккө толуп, адам менен пилдин көрүстөнүнө айланат. Кагазчалык салмагы жок чымчыктар тоодой пилдерди, айбаты үрөй учурган каапырларды жер менен жексен кылат. Алла Тааланын мужизасы менен душмандар жеңилген ушул жыл илгерки санакта «Пил жылы» болуп кала берген.

Алла Таала бул окуяны Курани Каримде мындайча баяндайт:

«Пил ээлерин Раббиң эмне кылганын көрдүңбү? Алардын жаман ниеттерин текке кетирбедиби? Алардын үстүнө топ-топ болгон куштарды жөнөттү. Канаттуулар алардын үстүнө бышырылган ылайдан (жасалган) **таштарды жаадырып жатты. Акырында аларды жеңилүү**(гө дуушар кылып)**, чайналган чөптүн жалбырагына айландырды»** (Фил сүрөсү, 1-5-аяттар).

Ыйык Кааба Алла Тааланын буйругу менен курулган **«Жакшылык үйү (Хаанаи бирр)»** болчу. Алла Таалага кулчулук кылуучу касиеттүү жай болгон. Ошол себептен, ар дайым Алла аны Өзү сактап келет.

Ыйык Каабага каршы чыккан Абрахага берилген жаза – кыяматка чейин ошондой мүдөө менен каршы чыккандарга эскирбес эскертүү болуп саналат.

«Алланын мечиттеринде Анын атынын эскерилүүсүнө тоскоолдук кылган жана ал жайлардын талкаланышы үчүн жан үрөгөндөрдөн да ким заалим болушу мүмкүн? Дал ошолор ал жайларга коркуу менен кириши керек. Алар үчүн тирүүлүктө турган шерменделик, ал эми акыретте чоң азап бар!» (Бакара сүрөсү, 114-аят).

Сокур намыска арданган заалим Абраха өзүн ченде жок баатыр, ай-ааламды чапчыган күч-кудереттүү деп ойлосо керек. Ойлонуп көрсөк кандай гана ибараттуу окуя. Чыныгы кудереттүү Алла Таала чөлдөрдөгү арстан, жолборс же болбосо уулуу жылан өңдүү үрөй учурган жырткыч айбандар менен эмес, абдан алсыз, кичинекей гана абабил аттуу чымчыктардын тырмагындагы буурчактан майда таштар менен анын таш талканын чыгарган. Жараткан Алла тээ мурунку доорлордон бери фараон, Намрут жана Жалут өңдүү

текеберлердин баарын, балким алардан миң эсе кичинекей жандыктар менен талкалаган. Ушунун өзү алардын абдан алсыз экендигин жана текеберчилик Кудайга жакпаган адепсиздик экендигин көзгө сайып көрсөтүп койгон.

Кылкылдаган сан миң кол баштап чыккан текебер Абраха натыйжада, Йеменге жарадар абалда, шерменде болуп, жер боортоктоп араң зорго жетет. Текеберлерди Алла Таала бул дүйнөдө эле шерменде кылаарын Абраханын окуясынан түшүнсөк болот.

Курайш уруусу «Пил жылын» бир топко чейин жыл санактын башталышы катарында колдонушкан. Төмөнкү риваят мунун эң сонун мисалы боло алат:

– Биз Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) экөөбүз пил жылында төрөлгөнбүз, – деген Кубаш бин Усаймга Усман бин Аффан (Алла аларга ыраазы болсун) минтип суроо берген:

– Сен улуусуңбу же Пайгамбарыбыз улуубу?

Нур жүздүү сахаба адеп сактап мындайча жооп берген:

– Азирети Пайгамбарымдын менден өтө эле улуу экенинде шек жок. Ал эми төрөлүш жактан мен андан бир топ эскимин. Мен пилдердин кыгынын жашыл болуп, өңү өзгөрүп калганын көргөнмүн» (Тирмизи, Манакиб, 2).

1.1.2 Ибрахим (алейхиссалам) жана Ханиф

Меккеге бутпарастар ээлик кылганы менен тавхиддин изи али да болсо өчкөн эмес эле. Азирети Ибрахимден калган тавхид динин аз санда болсо да адамдар улантып келишкен.

Ибрахим (алейхис салам) «улул азим» пайгамбарлардын бири болгон. Ошондой эле, «Алланын досу» деген маанини туюнткан «Халилуллах» сыпаты менен аталган. Ал көптөгөн пайгамбарлардын жана асыресе, Мухаммед Мустафанын чоң бабаларынан болуп саналат. Жараткан Алла Таала ага 10 барактай вахий берген.

Азирети Ибрахимдин аты Курандын 25 сүрөсүндө 69 жерде маалымдалат. Аввах (көп учурда «ах Раббим» деген), Халим (сыпаа жана сылык), Муниб (Аллага таянган), Каанит (Аллага кулчулук кылган), Шаакир (Жаратканга шүгүрчүл) жана Ханиф сыяктуу сыпаттары көп жерлерде мактоо менен эскерилет.

Ибрахим пайгамбардын дини «Ханиф» деп аталган. Ханиф деген сөздү чечмелей келгенде кыйшаюсуз туура жака багыт алган, дайыма багыты түз, башка диндерден, бузулган ишенимдерден, ырым-жырымдардан оолак, жалгыз гана Алла Таалага ыйман келтирген, ишенген «муваххид» деген маанилерге келет.

«(Жөөттөр жана христиандар, мусулмандарга) **«–Иудей же Христиан болсоңор туура жолду таба аласыңар», – деп айтышты.** (О Сүйүктүүм!) **«–Тескерисинче биз тууралыкка багытталган** (Ханиф) **жана Аллага шерик кошпогон Ибрахимдин дининдебиз!» – деп айткын!»** (Бакара сүрөсү, 135-аят).

Ислам келе электе ар кандай бузукулуктан жана бутпарастыктан жүз үйрүп Азирети Ибрахимдин динин тутунуп, Алланын жалгыздыгына ишенгендер ханифтер дегенге татыктуу пенделер болушкан. Маселен, Варака бин Навфал, Абдуллах бин Жахш, Усман

бин Хувайрис, Зайд бин Амр, Кусс бин Саида өңдүү ханифтер жашап өтүшкөн. Булар жансыз, тилсиз, кыймылсыз, алсыз буттарга таазим кылууну жана аларга сыйынууну туура эмес деп эсептешкен.

Аты аталган ханифтер мурунку ыйык китептерге аз да болсо көңүл койгондуктан, «Акыркы Пайгамбардын» келээринин жакындап калганын сезишип, чыдамсыздык менен күтүп жүрүшкөн.

Ислам аалымдарынын көпчүлүгүнүн пикиринде Пайгамбарыбыздын атасы да, энеси да меккелик ханифтерден болушкан.

Ханиф динин Исламдын тавхид ишеними деп түшүнүүгө болот. Ортодо өтө олуттуу көп айырмачылыктар жок. Башкача айтканда, Ханиф – Исламдын тавхид ишениминин өзөгү. Ушул себептен Алла Таала Ханиф болгон Ибрахимдин динине кирүүнү Азирети Пайгамбарыбызга минтип буйруган:

«(Сүйүктүүм) **андан кийин сага: «Туура жолго багыттанып Ибрахимдин динине кир! Ал мушриктерден эмес болчу», – деп вахий кылдык»** (Нахл сүрөсү, 123-аят).

Ушул себептен Ханиф сөзү Ислам дини үчүн да колдонулган. Ыйманы бек, ыкласман мусулмандар «ханифтер» деп сыпатталган. Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) : «Мен айкөл Ханиф дини менен жөнөтүлгөнмүн» – деп айткан (Ахмад, V, 266)[7].

7. Бухари, Иман, 29.

1.2 АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛА ЧАГЫ

1.2.1 Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза теги

Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) атасынын аты Азирети Абдуллах, апасынын аты Азирети Амина болгон. Анын кутман теги Исмаил пайгамбардын (алейхис салам) уулу Кайзардан тарагандардын эң шараттуусу, эң барктуусу Аднанга чейин узарат.

Азирети Пайгамбарыбыздын санжырасындагы бабаларынан Аднан, Исмаил пайгамбардын урпагынан болот. Аднандын уулу Ма-ад, Иса пайгамбар менен замандаш болгон деп айтылып жүрөт[8].

Ата жагынан болсун, эне жагынан болсун Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) курайш уруусунун эң пакиза, эң шарапаттуу бүлөсүнөн чыккан. Таза тектүү экендигин Өзү мындайча ырастаган:

«Мен түркөйлүк доорунун жаман жактарынан оолак жашаган ата-энеден төрөлгөнмүн. Мен тээ Адам Атадан өз атама чейин ак-адал нике жолу менен келдим, эч кандай зинадан пайда болгон эмесмин!» (Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 260).

1.2.2 Азирети Абдуллах менен Азирети Аминанын баш кошушу

Азирети Мухаммеддин төрөлүшү жакындап калганда тавхид ишеними житип, уруулар өздөрүнө таандык буттарды Каабага толтуруп салышкан эле. Зам-зам кудугу бүтөлүп, колдонуудан чыгып калган.

Күндөрдүн биринде Абдулмутталиб Хижрда уктап жатып түш көрөт. Түшүндө зам-зам кудугун казуу жана калыбына келтирүү буйругу берилет. Айрыкча, кайсы жерди казаары да түшүндө даана көрсөтүлөт.

Абдулмутталиб кудукту казууга киришкен кезде Курайштын айрым адамдары:

«Сыйынуучу жайыбыздын жанын эч качан каздырбайбыз!» деп, аны токтотууга аракет кылышат. Алар менен тирешүүгө Абдулмутталибдин күчү жетишсиз болгондуктан, эгер Кудай Таала он бала бере турган болсо, алар эрезеге жетип атасын коргой турган кезде бирөөсүн Каабанын жанына курмандык чалууга сөз берет.

Арадан убакыттар өткөн соң Адулмуталлибден ар кандай ажайып кереметтер байкала баштайт. Мындай ишааратарды көргөн курайш уруусу жибип кетип, ага уруксат беришет.

8. Ибни Хишам, I, 1,5.

Абдулмутталиб зам-замды казып, пайдаланууга чыгарып койот. Тилеги кабыл болуп, акырында он балалуу болот. Балдары эрезеге жетип, каруу күчкө толгон кезде дагы бир ажайып түш көрөт:

«–Убадаңды орундат!» деген буйрук айтылып, нечелеген жылдар мурда Кудай Таалага берген сөзү эске салынат. Атаган курмандыгын орундатуу үчүн кезеги менен кочкор, андан соң уй сойот. Ар жолкусунда дагы да чоң баш талап кылынат.

«–Дагы да чоңу эмне болот?» – деп сураганда:

«–Уулдарыңдан бирин курмандыкка чалууга сөз бербедиң беле!» – деген жоопту угат. Пендечилик кылып аны унутуп койгон эле. Убадасын эстер замат перзенттерин топтоп маселени ортого койот. Алла Таалага берген убадасын орундатуу үчүн балдарын моюн сунууга чакырат. Кудайдан болуп балдарынын эч бири сыноодон качпай:

«– Атаке, сен убадаңды орундат. Биз баарына даярбыз!» – дешет.

Уулдарынын дилгирлигине, чын дилден берген жообуна муюган ата Жаратканга жалбарат:

«Оо, Жараткан Кудай Таалам! Мен уулдарымдын бирин Сага арнап курмандыкка чалуу үчүн алардын арасына чүчү кулак таштаганы турам. Курмандыкка кайсы уулумду кааласаң, чекти ошого туш кыл!»

Чүчү кулак Азирети Абдуллахка чыгат. Уулун курмандыкка чалуу үчүн Каабага карай алып жөнөп калат. Бул иштин арты токтобой эркек балдарды курмандыкка чалуу салтка айланып кетишинен кабатырланган Мекке тургундары арачыга түшүп, токтотуп калууга далбас урушат. Абдулмутталибди араңдан зорго көндүрүп, маселеге жол издеп чоң аалымга алып барышат. Аалым алардан сурайт:

– Силерде бир адамдын куну канча турат?

– Он төө.

Жоопту уккан алым:

– Анда, Абдуллах менен он төөнүн ортосуна чүчү кулак таштагыла. Эгер чүчү кулак Абдуллахка чыгып калса, дагы он төөнү кошкула. Качан гана төөлөргө чек чыкканга чейин ондон кошуп төөнүн санын жогорулата бергиле! – деп калыс чечим чыгарат.

Аалымдын айтканын дароо аткарууга киришет. Он төө менен Абдуллахтын ортосуна ташталган алгачкы чек Абдуллахка чыгат. Калыс аалымдын кеңеши боюнча, төөнүн санын жыйырмага чыгарышат. Ошондо да чек Абдуллахка чыгат. Улам он төөнү кошуп олтуруп, акырында жүзгө жеткенде гана чүчү кулак төөлөргө чыгат. Абдулмутталиб көңүлү жайлансын үчүн чүчү кулакты үч кайталап таштайт. Үчөөндө тең чек төөлөргө чыгат. Ордунан туруп уулунун кутулушу үчүн Кудай Таалага дуба кылат. Үч ирет кайталанган чектин төөлөргө чыкканын көргөн адамдар сүйүнүп Алла Таалага мактоо айтышат. Абдулмутталиб болсо төөлөрдү курмандыкка чалып, эттерин элге таратат[9].

9. Ибн Хишам, I, 163-168; Ибн Саад, I, 83-85; Хаким, II, 604/4036.

Ислам шариятында өлтүрүлгөн адамдын куну жүз төө же болбосо жүз төөнүн акчалай наркы же башкача түрү менен төлөнөт. Шариятыбыздагы бул чечим жогорудагы тарыхый окуяга такалат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) чоң атасы Исмаил (алейхиссалам) жана өз атасы Абдуллахтын курмандык үчүн тандалганына ишаарат кылып:

«-Мен эки курмандыктын уулумун» деп айткан (Хаким, II, 609/4036).

Мына ушул окуядан улам, Азирети Пайгамбарыбыз **«ибни Забихайн: эки курмандыктын баласы», –** деп эскерилер эле[10].

Азирети Абдуллах өзүнүн бир туугандарынын жана бүтүн Курайш жаштарынын арасында сырткы келбети жана адеп-ахлактык жагынан эң сулуусу, эң мыктысы болгон. Акыл-эсин, баам-парасатын жана адамдык сапаттарын таразалаганда да алардан алда канча салмактуу экендигин эч ким жокко чыгара албас эле[11]. Курайш уруусунун бойго жеткен бардык кыздары анын жары болууну көп кыялданышчу экен. Маселен, Варака бин Навфалдын карындашы Рукуя Азирети Абдуллахтын маңдайындагы нурду байкап, аны пайгамбарлыктын нышаанасы деп билгендиктен, күтүлүп келген акыркы пайгамбардын энеси болууну арзуу кылганын айткан. Ошол улуу шарапатка ээ болом деген көксөөсү тобокелге түртүп, кыз башы менен үйлөнүү сунушун Абдуллахка өзү билдирген. Эгер сунушту кабыл кыла турган болсо жүз төө берерин кошумчалаган[12].

Абдулмутталиб ата Абдуллахты үйлөндүрсөм деген тилек менен Бани Зухра тобунун башчысы Вахб бин Абди Манафка куда түшүп, кызы Аминанын колун сурап барат. Курайш уруусунун бир бутагы саналган теги таза, шарапаттуу бүлөнүн акылы зирек кызы макулдугун билдирген соң эки улук заттын никелери кыйылып, бактылуу бүлө болуп өздөрүнчө түтүн булатып калышат.

Азирети Пайгамбарыбыздын энесинин теги: Атасы Вахб бин Абди Маннаф, чоң атасы Зухра, бабасы Килаб, бубасы Мурра болгон. Зухра Хашимуулдарынын аталары Кусай бин Килабдын бир тууганы болгондуктан, Азирети Амина менен Азирети Абдуллахтын теги Килабдан биригип кетет[13].

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) эне курсагына түйүлдүк болуп пайда болгондон баштап, Абдуллахтын маңдайындагы нур Азирети Аминага өткөн[14].

1.2.3 Азирети Абдуллахтын көз жумушу

Азирети Абдуллах үйлөнгөндөн кийин үйүндө көпкө турбайт. Курайш соодагерлеринин кербенине кошулуп Шамга жол тартат. Шамдан мол киреше менен кайткан Абдуллах жолдо ооруп калат. Мединага жеткенде жолдо дарманы кетип, кыйналып каларын ойлоп, сапарлаштарына кайрылат.

10. Хаким. 604/4036
11. Халаби, I, 51-62.
12. Ибн Хишам, I,168-169.
13. Ибн Саад, I, 59-60
14. Ибн Хишам, I, 170

– Уруксат берсеңер Мединада Нажжар таякемдин балдарынын үйүндө бир аз тыныгып алууну туура көрүп турам, – деп, жолдошторунан уруксат алып, таякелеринин үйүндө бир ай чамасында даарыланып калат.

Таякелери канчалык кам көрүп, мүмкүнчүлүктөрүн толук жумшаганына карабай дарты айыкпай кырчын кураста акыретке аттанып кете берет. Азирети Абдуллах 25 жашында көз жумган[15].

Суук кабар Азирети Аминага угузулганда көз жашын көл кылып, катуу кайгырат. Кайгынын уусуна чыдабай муңкана кошок кошот. Эми Абдуллах сыяктуу инсанды таба албасын, ал элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан уулу, жоомарт десе жоомарт, мээримдүү десе мээримдүү, төрт тарабы төп келген асыл инсан экенин ырга салып, уккандарды ыйлатат[16].

1.2.4 Азирети Пайгамбарыбыздын келерин сүйүнчүлөгөн кабарлар

Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) төрөлө электе эле Алла Тааланын амири менен бир топ ажайып окуялар болгон. Анын төрөлүшүн күтүп жаткансып бүт аалам кусага буулуп турган эле. Анткени, жаратылуунун жаркын сыры анын Пайгамбарлык нуру болчу.

Тээ абалкы доорлордо Азирети Мухаммедге ыйман келтирип, көмөкчү болуу туурасында Алла Таала мурунку пайгамбарлардан сөз алган. Ушунун өзү эле анын келе тургандыгынын эң айкын сүйүнчүсү болуп саналат.

«Тээ бир убактарда Алла Таала пайгамбарлардын убадасын алган эле: «-Ант болсун! Силерге китеп жана хикмат бердим. Акыйкатты силерге тастыктай турган пайгамбар келет, Ага сөзсүз ишенишиңер керек жана Ага кыйшаюусуз жардам беришиңер кажет, буларды макулдук менен кабыл кылдыңарбы?» – деген эле. (Пайгамбарлар) **«–Макулбуз!» – дешкен. «-Күбө болгула, Мен да силер менен бирге күбөлөрдөнмүн!», – деген эле»** (Аалу Имран сүрөсү, 81-аят).

Азирети Ибрахим уулу Азирети Исмаил экөө Каабаны куруп бүткөн соң көккө карай кол көтөрүп Кудай Таалага минтип жалбарышкан эле:

«Оо, Эгебиз! Аларга өз арасынан Сенин аяттарыңды окуй турган, китепти жана хикматты үйрөтө турган жана алардын (напсилерин) **тарбиялай турган бир пайгамбар жибер! Анткени барчалыкка үстүн келген, бүт нерсени так жасаган жалгыз гана Сенсиң!»** (Бакара сүрөсү, 129-аят).

Азирети Иса болсо жөөттөргө өзүнүн пайгамбарлыгын жарыялаган, ошол эле маалда ааламга акыркы Пайгамбардын келерин сүйүнчүлөгөн эле:

«Мариям уулу Иса: «–Эй, Исраил уулдары! Мен чынында менден мурда келген Тооратты тастыктаган жана менден кийин келе турган Ахмад аттуу бир пайгамбарды сүйүнчүлөгөн Кудай Тааланын силерге жөнөткөн пайгамбарымын!» – деген …» (Сафф сүрөсү, 6-аят).

15. Ибн Саьад, I, 99.
16. Ибн Саьад, I, 100

Аруу тилек Амина боюна бүткөн алгачкы күндөрдө түш көрөт. Түшүндө: «Амина! Сенин боюңда бул үммөттүн мырзасы бар! Ал төрөлүп дүйнөнү шарапаттандырган мезгилде: «Бардык кызганчаактардын жамандыгынан жалгыз аны Аллага табыштадым!» – деп дуба кылгын жана ага **«Мухаммед»** деп ат койгун!» деген үндү уккан[17].

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ушул окуяларга ишаарат кылып мындай деген:

«Мен бабам Ибрахимдин дубасы, тууганым Исанын сүйүнчүсү жана энекемдин түшүмүн» (Хаким, II, 453; Ахмад, IV, 127-128).

Алланын Элчисинин бардык артыкча сыпаттарын таанып-билген жөөттөр, Анын келер маалын күтүп жүргүшкөн. Ошентип, качан гана мединалык бутпарас авс жана хазраж уруулары менен жөөттөрдүн арасын кара мышык аралаган кезде кыжырланган жөөттөр:

«Жакынкы мезгилдерде бир пайгамбар жөнөтүлөт. Анын келер убагы жакын калды. Ал пайгамбар келери менен биз ага ыйман келтирип, Ирем жана Ад коомдору сыңары силерди талкалап, түп-тамырыңар менен жок кылабыз!» - дешкен (Ибн Асир, аль-Камил, II, 95-96)**.**

Бул чындыкты Ибн Аббас (Алла ага мээримин төксүн) береги риваят менен кубаттаган:

«Хайбар жөөттөрү менен Гатафандын ортосунда көптөн берки тирешүүдөн улам, жалындаган согуш бар эле. Ар бир кармашууда жөөттөр жеңилүүгө дуушар болуп жүргүшкөн. Акырында Жараткан Аллага жалбарып дуба кылуудан башка арга калбады көрүнөт:

«Оо, Жараткан Кудай! Акыр заман болордо жөнөтөм деп убада кылган ошол сабатсыз Пайгамбардын жүзү урматына ушул уруштарда бизди жеңүүчү кылакөр!» деп баары жабыла мунажат кылышат. Гатафан менен боло турган кезектеги согуштун алдында ушул дубаны дагы кайталашат. Акыр заман Пайгамбарынын урматына аларга көктөн жардам келип Гатафанды жеңип алышат. Убакты сааты келип бир кездерде «жүзү урматына» деп суранышкан пайгамбар Мухаммед Мустафа Элчи кылынып жөнөтүлгөн кезде ыйман келтирмек тургай, тескерисинче, кастык тигип, жүз үйрүшөт. Ушулардын баарын көрүп билип турган Улуу Эгебиз:

«Алладан алардагыны (Тооратты) **тастыктай турган китеп келгенде, алар** (иудейлер) **андан мурун каапырларга каршы жеңиш суранып келишкен эле. Качан аларга билген нерсе келгенде, алар буга ишенишпеди. Каапырларга Алланын каргышы болсун!»** деген аятты түшүрдү (Бакара сүрөсү, 89-аят), (Куртуби, II, 27; Вахиди, 3. б).

1.2.5 Азирети Мухаммеддин төрөлүшү

Акырында аалам атпай зарыгып күткөн НУР Абдулла менен Аминанын ак никесинен жаралып 571-жылы (12-Рабиуаввал айынын) 20-апрел күнү таң куланөөк салганда бул дүйнөгө келип ааламды шаңга бөлөдү.

Анын келиши менен Жараткан Алла Тааланын мээрими, ырайымы бүт дүйнөгө толуп ташты. Жаркыган таң коюу караңгылыкты алда кайда айдап салып, жан дүйнөлөргө

17. Ибн Хишам, I,170.

жарыктын шооласы тийе баштады. Аң-сезим кемелине келип, сөздөрдүн жана сукбаттардын лаззаттары артты. Бүт нерсе бир башкача маңызга, бир башкача түргө кубулду. Буттар жерге кулап талкаланды. Кисралар аймагындагы урабастай курулган Мадаин сарайларынын устундары жана мунаралары жыгылды. Ошол кездерде адамдар аздектеген, элдин көңүлүндө ыйык деп саналган Сава көлү заалимдиктин чылчыгы сыңары куруп жок болду[18].

Дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде жараян эткен ушул өңдүү аяндар асыл зат Мухаммед Мустафанын келишинин алгачкы береке-жышааны болду. Бул береке жер жүзүн гана эмес бүтүндөй ааламды кучагына алды. Ошол жылы молчулук өкүм сүрдү. Арийне, Алланын Элчиси төрөлгөн түн жан дүйнөсүн аруулаган даанышмандардын назарында, Кадыр түндөн кийинки эле эң ыйык түн болуп саналат.

Ибн Аббас төмөнкү маалыматты риваяттап калтырган:

«Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) дүйшөмбү күнү төрөлгөн, дүйшөмбү күнү пайгамбар болгон, Меккеден Мединага дүйшөмбү күнү көчкөн, кайра эле кийинки дүйшөмбүдө Мединага жетип барган. Хажару-л Асвадды дүйшөмбү күнү ордуна койгон болсо, Бадр жеңиши да дүйшөмбү күн берилген. Дүйшөмбү күнү

«Бүгүн силерге диниңерди толуктадым…» (Маида сүрөсү, 3-аят) деген аят түшүрүлгөн. Өмүрүнүн акыркы дүйшөмбүсүндө көз жумуп Алла Тааланын алдына кайткан» (Ахмад, I, 277; Хайсами, I, 196).

Алланын Элчиси төрөлгөндө Меккенин калкы абдан сүйүнүшкөн. Тарыхый булактардагы малыматтарга караганда, Халимадан башка Сувайба аттуу таалайлуу сүт энеси болгон. Ал Пайгамбардын (алейхис салам) душманы Абу Лахабдын күңү эле.

Сувайба Абу Лахабга баланы сүйүнчүлөп барат. Уруулаш маркум тууганынын уулдуу болгонуна чындап сүйүнгөн Абу Лахаб Сувайбаны азат кылган (Халаби, I, 138). Тууганга күйүмдүүлүгү жана жакынына болгон сүйүнүчүнөн улам, Алла Таала Абу Лахабдын дүйшөмбүдөгү азаптарын жеңилдетип койгон.

Аббас (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкү окуяны баяндайт:

«Тууганым Абу Лахабды өлүмүнөн бир жылдан кийин түшүмдө көрдүм. Абалы жакшы эмес:

– Сага кандай мамиле кылышты? – деп сурадым. Абу Лахаб:

– Мухаммеддин туулганына сүйүнүп Сувайбаны азат кылгандыгым үчүн дүйшөмбү күнкү азабым бир аз жеңил болуп жатат. Ал күнү, баш бармагым менен сөөмөйүмдүн ортосунда ушул кичинекей тешиктен чыккан суу менен сергип жатам, – деп жооп берди»[19].

1.2.6 Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу ысымдары

Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) көптөгөн куттуу ысымдары бар. Курани Каримде айтылып кеткендей, ысымдарынын эң башкысы – **«Мухаммед»** жана

18. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 273.
19. Ибн Касийр, аль-Бидая, Кахира, 1993, II, 277; Ибн Сад, I,108, 125.

«Ахмад». Мухаммед – бул абдан макталган, мактоого татыктуу деген маанини билдирсе, Ахмад – абдан шүгүрчүл, Кудай Таалага хамд айтуучу дегенди туюнтат.

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) Мухаммед деген ысмы Куранда 4 жерде, ал эми Ахмад деген ысымы 1 жерде кездешет. Инжилде болсо ушул эле ысымдар бирдей маанини туюнтуп, **«Фараклит»** деп белгиленет.

Азирети Пайгамбарыбыз өзүнүн бир хадисинде төмөнкүчө маалымдайт:

«Мен Мухаммедмин жана Ахмадмын.

Мен Махимин[20]. Менин пайгамбарлыгым менен Алла Таала каапырлыкты жойот.

Мен Хаширмин, (кыямат күнү) адамдар мага ыктап жыйналышат.

Мен Акыбмын, Хатамул Анбиямын, менден кийин эч ким пайгамбар болбойт» (Бухари, Манакиб, 17; Муслим, Фадаали, 125).

Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) ырыстуу ысымдары көптөгөн чыгармаларда, эмгектерде жазылып да, айтылып да келет. Маселен, эки жүзгө жакын ысымдары **«Далаил-и Хайрат»** аттуу китепте маалымдалган. Учурда Пайгамбарыбыздын мечитинин кыбыла тарабында көркөм жазуу санаты менен кооздолуп жазылган Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) көптөгөн куттуу ысым жана сыпаттары бар. Алардын бир бөлүгүн атай кетсек:

Ахмад, Махмуд, Мухаммед, Хаамид, Башир, Назир, Бурхан, Амин, Аввал, Аахир, Духа, Хабибуллах, Хаади, Хатам, Мухтар, Мустафа, Мужтаба, Наби, Нур, Рауф, Рахим, Расуулуллаах, Расуулус-Сакалайн, Рахматан лил-ааламийн, Саййидул-Мурсалийн, Саййидул-Кавнайн, Имамул-Харамайн, Имаамул-Муттакийн, Шафиул-Музхибийн, Шамс, Таха, Уммий, Яа-син…

1.2.7 Сүт энеге берилиши

Ааламдын асыл заты бул жалганга жетим болуп төрөлдү. Куран аятында мындай деп айтылат:

«Ал сени жетим кылып таап, баш паана бербеди беле?» (Ваз-Зухаа сүрөсү, 6-аят).

Алгач төрөлгөндөн тартып бир топ күн бою Азирети Мухаммедди өз энеси эмизди. Андан кийин таалайлуу Сувайба, уулу Масрух менен болочок Пайгамбарды эмчектеш кылып багып, сүт эне болуп калды[21].

Камкордуктун жана жароокерликтин жандуу элесин берген Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) өмүрүнүн кай мезгилинде болбосун, Сувайбага абдан күйүмдүү мамиле кылган. Меккеде жашап турган кезде Азирети Хатижа энебиз да, Пайгамбарыбыз өзү да ага колдон келген жакшылыктарды көрсөтүшкөн. Кийин Мединага көчүп кетсе да ар убак сүт энесине кийим-кече, азык-түлүк жөнөтүп, муктаждыктарын камсыздап турган. (Ибн Саьад, I, 108, 109).

20. Махи – жок кылган, тыптыйпыл кылган.

21. Сувайба Азирети Хамза менен Абу Саламанын да сүт энеси болгондуктан, аталган сахабалар Алланын Элчиси менен эмчектеш болуп калат (Ибн Саьад, I, 108-110).

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) сүт энесине мынчалык деңгээлде урмат-сый көрсөтүшү жана тыгыз алакада болушу опол тоодой камкордук болуп саналат, бул жакшылыктын гана белгиси.

Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) сүт эне болуу таалайы Сувайбадан кийин Халимага насип болгон.

Ошол доорлордогу үрп-адатка ылайык, арабдар жаңы төрөлгөн балдарын чөлдө жашаган урууларга эмизүүгө беришкен. Чөлдүн абасы адамдардын саламаттыгына да, ден-соолугунун чымыр болушуна да пайдалуу болгондуктан, элдин көпчүлүгү өз ыктыяры менен балдарын сүт энелерге тапшырышчу. Анын үстүнө, чөл калкынын тили таза болгон, кошумчасыз так сүйлөшкөн. Балдардын ал жакта өсүшү алардын араб тилин так өздөштүрүүсүнө жана сөз байлыгынын артышына зор пайдасын тийгизген.

Үрп-адат боюнча, кичинекей Мухаммедди экинчи сүт энеси Халимага тапшырышкан. Айрыкча, бани саад уруусу араб урууларынын ичинен тилинин адабийлиги жагынан эң алдыда болгон. Азирети Пайгамбарыбыз, ошентип, көркөм сөздүн туу чокусу саналган Алланын Китебин үйрөтүүгө, динди жеткирүү вазийпасына бала кезден даярдалган.

– О Алланын Элчиси! Сенден өтө чечен сүйлөгөн жанды көрө элекмин, – деген Абу Бакирге Азирети Пайгамбарыбыз:

– Буга таң калуунун кереги деле жок. Мен курайш уруусунан болом жана сүт энем Саддын урпагы болот, – деп, жооп берген» (Али аль-Муттаки, VI, 174/15247).

Халима бинти Харис (Алла ага ыраазы болсун) пайгамбарлардын султанына кантип сүт эне болуп калганын төмөнкүчө эскерет:

«Ошол жылы катуу ачарчылык өкүм сүргөн. Мингеним боз эшек. Жанымдагы шериктерим жалаң сад уруусунан эле. Алар менен сүт энеге тапшырыла турган ымыркайларды алуу үчүн Меккеге карай жол тарттык. Жолдо азыгыбыз түгөнүп, кыйналганыбызды айтпа. Картайып калган ургачы төөбүз боло турган. Андан тамчы сүт чыкпайт. Ал аз келгенсип, бешикте жаш балам бар. Жаныбызда өзөк жалгар нерсе калбагандыктан, баламдын курсагы ачып, ыйлап жаагы басылса кана. Ошентип, акырында Меккеге кирип келдик. Көздөрү муңайым, сулууча келген бир келиндин баласын эч ким алган жок. Атасы жок болгондуктан эч ким албаган сыяктанат. Мени менен келген аялдардын бардыгы ата-энеси тирүү балдарды алып кетип калышты. Түш ооп баратты. Куру кол кайткым келбеди. Аргасыздан, ошол баланы алаарымды күйөөмө айттым.

Бардым да баланы алып, тигип койгон алачыгыма кайттым. Күйөөмдүн көңүлү эмнегедир жайдары.

– Кемпир, ушул баланы алганың жакшы болду. Ким билет, балким ушул жетимдин арты менен бизге Алла Тааланын түгөнбөс жакшылыгы жана берекеси жаайттыр, – деди бейкапар гана.

Кудайга ант болсун, баланы кучагыма аларым менен сүтүм ийип кеткенин байкадым. Өзүмдүн баламды эмизсем да, Мухаммедди эмизсем да түгөнгүдөй түрү жок. Төөдөн кабар алганы кеткен күйөөм күүгүм кирип калганда кудуңдап кайтып келди. Анын айтуусунда, төөнүн желини сүткө толуп чыгыптыр. Ошол күндөн тарта канча саасак да төөнүн сүтү

түгөнгөн жок. Алып келген сүттү үй-бүлөбүз менен чогуу ичтик, курсак ток, кайгы жок болуп, мемиреп уйкуга кеттик.

«Кудайга ант болсун! Менимче сен кут даарыган баланы алган окшойсуң, кемпир!» деп, улам кайталап, күйөөмдүн кубанычын койнуна батпай турду.

Эртеси кашаң эшегиме минип чөлдөгү үйүбүзгө кайттык. Мурдалары артта калган эшегим, топтогу бардык унаалардан озуп кетсе болобу, тизгинди араң тартып бараттым. Бардыгы мага таң калышып:

– Бул өзүңдүн мурунку эле эшегиңби? –деп, улам-улам сурашат ишебегендей.

Ар кандай ажайып көрүнүштөргө күбө болуп, сан миң ойго чөмүлүп олтуруп үйгө кантип жеткенибизди да билбей калыптырбыз. Негизинен, биз турган аймактын топурагы абдан шор, жарытып эч нерсе деле чыкпаган такыр жер эле. Мухаммед биздин үйгө баргандан тарта үйүбүзгө кут киргени ачык эле көрүнүп турду. Талаага кеткен койлорубуз кечке маал желиндери тырсыйып, сүткө толуп келип жатты. Башкалардын койлору болсо сүт бермек тургай тишке араң илинген куурай, шыбак сыятуу бирдемелерди жалмаса да тойбой келишчү. Бардыгынын койлорунун желини какшап, сүтү соолуп калган кезде койлорубуздан чака-чака сүт саап алып жүрдүк.

– Силер эмне деген койчусуңар! Жандыктарды Халиманын чабаны жайган жерлерге жайбайсыңарбы?! – деп, койчуларын жемелегендер болду.

Короодон чыккан кой-эчки бирдей маалда чыгып, бир жерге жайылып, күн батарда да бир убакта кайтып, анан сааганга келгенде алардын жандыктарына караганда биздин жандыктар алда канча көп сүт берип жатпайбы. Ичи ачышпай анан эмне кылсын.

Азирети Мухаммед күн сайын торолуп, күн сайын өсүп жатканы баарыбызды таң калтырган. Бир айда бир жашар баладай чоңойду. Бир жашка чыканда бир кыйла көзгө көрүнүп калды.

Кудай Тааланын буйругу менен бир топ жыл биздин колдо чоңойду. Анан өз энесине алып бардык. Менин күйөөм Азирети Аминадан өтүнүп көрдү:

– Мухаммед бизге өз уулубуздай болуп калды. Аны бизге эле бер, силер менен да катыштырып турабыз. Анын үстүнө, Меккедеги коркунучтуу ылаңдан кооптонуп турабыз.

Ошол эле учурда, анын арты менен келип жаткан берекеден куру калгыбыз келбей турду. Азирети Амина биздин өтүнүчүбүздү жерге таштагысы келбеди көрүнөт, бир чети ылаңдан чочуладыбы, айтор, кайра алып кетүүгө уруксат берди» (Хайсами, VIII, 221; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 278-279).

Азирети Мухаммеддин бала чагы. Сүт энесинин колунда жүргөн кез эле. Күндөрдүн биринде эмчектеш карындашы Шайма экөө үйдөн кыйла обочо жерде оттоп жүргөн козулар тарапка ойноп кетишкен. Үйгө кайтып келишкен соң Халима Шайманы зекип калды:

– Күндүн ушул ысыгында баланы аптапка кактап эмне үчүн ал жакка бардың?

Шайма ажайып окуяны минтип баяндап берди:

– Энеке! Бизге күндүн ысыгы зыян берген жок. Бир булут ининмдин так төбөсүндө айланып жүрдү. Бизди такай анын көлөкөсүндө ойнодук… (Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 279; Ибн Саьад, I, 112).

Халима сөзүн улантып:

«Ошентип, Азирети Мухаммед дагы үч жылдай биздин колдо болду. Кээ-кээде биз да укмуш окуяларга күбө болуп жаттык. Ушул окуялардын айынан бала бир жамандыка дуушар болуп калбагай эле деп коркуп жүрдүк. Акыры, аман-эсен энесине тапшыралы деп чечим кылып, жолго чыктык. Меккеге жакындап келдик. Көп адамдар топтолуп турушуптур. Көпчүлүктү аралап баратып, алаксып кетип баланы жоготуп алсак болобу» (Ибн Хишам, I, 179; Ибн Саьад, I, 112).

Меккенин калкы айран таң калып, бардыгы өспүрүмдү издей башташты. Айлананы бүт издеп эч жерден таба албай коюшту. Абдулмутталиб Каабада дуба кылып жатты. Дал ошол учурда:

– Оо калайык, көп камтама болбогула! Мухаммеддин Раббиси, албетте бар. Аны зарыктырып жалгыз таштап койбойт, зыянга да учуратпайт! – деген үндү уктук кайыптан.

Абдулмутталиб:

– Анын кайда экендигин айтып койчу мага!

Береги үн:

– Ал, Тихама өрөөнүндө оң тараптагы дарактын жанында турат, – деди кыска гана.

Ушуну эле күтүп турган Абдулмутталиб айтылган жака дароо жол тартты.

Жетип барып айтылган дарактын жанынан небересин тапты (Диярбекри, I, 228).

– Алдыңа кетейин садагам! Мен сенин чоң атаң Абдулмутталибмин! – деп, небересин бооруна кысты (Халаби, I, 154).

«Ал Зат сени (бала чагында) **капилеттен адашканда таап Ак жолуна жылоолоп койбодубу?»** Зуха сүрөсүнүн ушул жетинчи аяты жогорудагы окуяга ишаарат кылаары тафсирде айтылган[22].

Окуянын уландысын Азирети Халима мындайча баяндайт:

«Мухаммедди Аминага алып барганыбызда:

– Баламды зарыгып жатып, алып кеттиңер эле, эмнеге кайра алып келдиңер? – деп сурады.

Мен айттым:

– Кудайга ант болсун! Биз өз вазийпабызды аткардык. Баланы ар кандай ажайып окуялар тооруп жатканын көрдүк. Ошол себептен, кайра алып келгенге туура келди.

Энеси кызыгып сурады:

22. Замахшари, VI, 240.

– Баламды тооруган эмне болгон окуя? Баарын төкпөй-чачпай айтып бергилечи. Аминага болуп өткөн окуяларды бир бирден айтып бердик. Энеси буга таң калган жок.

–Уулум төрөлүп жаткан кезде андай таң калыштуу далай окуялар болгон. Мындай нерселерден көп чочулай бербегиле.

Ал төрөт учурундагы айрым ажайып абалдарды бизге айтып берди. Бир топко кобурашып чер жазган соң жарыктык Амина эне бизге уруксат берди:

– Кана эмесе. Уулумду калтырыңыздар да, журтуңуздарга кайтыңыздар. Жолоочунун жолдогусу жакшы дейт эмеспи, (Хайсами, VIII, 221; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 278-279).

Халима дагы буларды айтты:

– Абдулмутталиб мага эң сонун белектерди берип узатты. Айлыма баасы бычылгыс кымбат белектер менен кайтканым эч эсимден кетпейт. Мухаммед чоң атасынын жанында кала турган болгондо болуп өткөндөрдү ага да айтып бердим. Улгайган адамдардын көңүлү назик болуп калат эмеспи, небересин кучагына басып көпкө ыйлады. Бир топтон кийин буларды айтты:

– Халима! Буюрса, уулумдун атак-даңкы таш жарып, зоболосу бийиктейт, мында шек жок. Ошол кезди көрсөм деп аябай арзуу кылам! (Байхаки, Далааил, I, 145).

Азирети Пайгамбарыбыз эмчектеш бир туугандарына өмүрү өткөнчө камкор мамиле жасаган. Таалайлуу Халиманы көрүп кала турган болсо: «Энекем, менин энекем!» деп жандили менен урмат-сый көрсөтүп, кементайын чечип жерге жайып отургузган соң, суранычы, тилеги болсо дароо орундаткан (Ибн Саьад, I, 113, 114).

Күндөрдүн биринде Халима Азирети Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) жолугуу үчүн Меккеге келет. Ааламдардын сыймыгы ал кезде Азирети Хатижа менен баш кошкон эле. Халиманы көңүлдөгүдөй сыйлап, жакшылап тосуп алышат. Анан Халима кургакчылык болгонун, ошол себептүү мал-жандыктары кырылып калганын айтып, арызын билдирет. Жубайы менен кеңешкен соң Азирети Пайгамбарыбыз сүт энесинин алдына кырк кой жана унаа үчүн бир төө салып берди[23].

Мекке шаары каратылган күнү эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Абтах деген жерде жүргөн кезе Халиманын сиңдиси аны көрүп коюу үчүн келип калат. Пайгамбарга атап ала келген тери баштыгында курут, май сыяктуу нерселери бар эле. Алланын Элчиси эң башта андан сүт энесинин абалын сурайт. Анын көз жумганын укканда Азирети Пайгамбарыбыздын көзүнө жаш тегерене түшөт. Үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүнүн амандыгын сурайт. Андан соң тайежесине кийит кийдирип, бир төө, эки жүз дирхам күмүш акча берилишин буйрук кылат. Сүйүнүчү койнуна батпай айылына кайтып бараткан тайежеси:

«–Бала кезинде абдан боорукер элең, мына эми баралыңа келгенде күйүмдүү болуп жетилген турбайсыңбы!» деп коштошот (Вакиди, II, 869; Балазури, I, 95).

23. Ибн Саьад, I, 114

1.2.8 Көкүрөктүн ачылышы – биринчи шархи садр

Көмүскө сырларды, руханий көрүнүштөрдү кабылдагыдай абалга келсин үчүн Алла Таала Өзү акыркы Элчисинин көкүрөгүн ачып, далай жолу жарып, ичин тазалап, бейпилдик, тынчтык, мээрим, ырайым, ыйман жана кеменгерлик сыяктуу улуу касиеттерди жүрөгүнө толтурган. Бул окуя алгач ирет сүт энесинин колунда жүргөн кезде болуп өткөн.

Бир адам Азирети Мухаммедден (саллаллаху алейхи васаллам) сураган:

– Пайгамбарлыгыңыздын алгачкы алааматтары кандай болгон?

– Менин сүт энем Саад бин Бакир тукумунан болгон. Эмчектеш бир тууганым экөөбүз жандыктарды кайтарып жүргөн элек. Жаныбызга эч кандай азык деле алган эмеспиз. Бир тууганыма:

– Сен энеме барып өзөк жалгаганга бир нерсе алып кел! – дедим да, өзүм мал кайтарып калдым.

Арадан көп өтпөстөн ак кийимчен эки периште келди. Бирөө шеригине үн катты:

– Ушулбу?

Шериги:

– Ооба!-

Көз ачып жумганча жаныма жетип келишти да чалкаман жаткырышты. Кийимимди түрө салып көкүрөгүмдү жарып жиберип, жүрөгүмдү чыгарышты. Жүрөгүмдү да жарышты да ичинен уюган кан сымал эки кара нерсени алып салышты.

Бири экинчисине буюрду:

– Тез барып мага кардын суусун алып кел.

Алынып келинген кардын суусу менен ичимди тазалап жушкан соң дагы буюрду:

– Эми, мөндүрдүн суусун алып кел

Алынып келинген суу менен жүрөгүмдү жушту.

– Эми, тынчтык менен бейпилдикти алып кел, – деп, шеригин кайра жөнөттү.

Аларды жүрөгүмө жайгаштыргандан кийин жанындагы периштеге:

– Кана эмесе, көкүрөгүн жап. Пайгамбарлыктын мөөрү менен мөөрлөп кой! – деди.

Жанымдагы периште жүрөгүмдү ордуна салгандан кийин пайгамбарлыктын мөөрү менен мөөрлөп койду… Тазалоо иши аяктаган соң келген жагына кайтышты. Алардан чындап коркуп калыптырмын. Үйгө барарым менен болуп өткөн окуяны сүт энеме айтып бердим…» (Ахмад, IV, 184-185; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 280).

Кээ бир булактардын айтымында бул окуя анын төрт жашында болуп өткөн[24].

Анас (Алла ага ыраазы болсун):

24. Ибн Саьад, I, 112.4.

«Алланын Элчисинин көкүрөгүндөгү ошол жаранын изин мен дайым көрчүмүн» деп калчу экен (Муслим, Иман, 261).

1.2.9 Мединага болгон саякат жана Азирети Аминанын көз жумушу

Азрети Мухаммед алты жашка келип калган. Азирети Амина уулун учкаштырып Азирети Абдулланын мүрзөсүнө зыярат кылуу үчүн Мединага жол тартты. Амина атасынын күңү Умму Айманды жолшерик кылып эрэрчитип алды. Кыйла күн жол жүрүп Мединага жетишти.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) бир ай Мединада болуп, тайкелеринин балдары менен оюндун кызыгына батып ойноду. Жадагалса, сууда сүзүүнү да ушул зыяратта үйрөндү[25].

Ааламдардын асыл заты (саллаллаху алейхи васаллам) ошол күндөрүн төмөнкүчө эскерет:

«Үймөлөктөшкөн жөөттөр жаныма келишип, жалдырап мени карап тура беришер эле» (Ибн Саьад, I, 116).

«Дагы бир күн жаныма бир жөөт келди. Астейдил карап турду. Бир топтон кийин кетип калды. Бир күнү жалгыз элем. Жаныма басып келип:

– Балакай сенин атың ким? – деп сурады.

– Атым Ахмад, – дедим.

Анан далымды ачып көрүп:

– Бул бала, ушул үммөттүн пайгамбары! – деди.

Бул окуяны тайкелеримден уккан энекем тынчсызданып, Меккеге кайтууга камына баштады. Шашылыш жолго чыктык» (Абу Нуайм, Далааил, I, 163-164).

Абвага жеткенде Амина эне капыстан катуу ооруп көз жумду. Сөөгү ошол жерге жашырылды. Кайран эне отуз жаш курагында Жараткандын буйругуна моюн сунуп кете берди. Көз жумардан алдын нур жүздүү уулуна энелик мээрим менен тойбой карап, көпкө тиктеди. Анан уулун көкүрөгүнө басып мындай деди:

«-Кудай Таалам сени пайдалуу инсан кылсын! Эгерде көргөн түшүм туура чыга турган болсо, Улуу жана Кудуреттүү Алла Таала сени адам баласына адал-арамды айырмалаганды үйрөтүүчү жол башчы кылып жөнөтөт. Алла Таала сени буттардан жана бутпарастыктан сактайт. Ар бир жан өлүмдү татат, жаңы эскирет, чоңойгон нерсе жок болот. Мен да көз жумамын, бирок, түбөлүккө эсте калам. Анткени, мен дүйнөгө таза презентти апкелип, артыма кайырлуу эстелик таштап кетип баратам!…» (Диярбекри, I, 229-230; Камил Мирас, Тежрит Тержемеси, IV, 549).

Мына ушул акыйкаттарды жүрөктөн сезген акын Ариф Нихат Асия Азирети Аминага мындайча кайрылат:

О Абвада жаткан өлүү!

25. Ибн Саьад, I, 116.

Гүл бакчаңда жайнап ачты

Дүйнөнүн эң сулуу гүлү!

Ошентип, кичинекей Мухаммед энеден да ажырап, Умму Айманды караан тутуп Меккеге кайтты.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) баралына келгенде Умму Аймандан дайыма кабар алып, анын ал-абалын сурап турган. Жолугуп калганда ага «эне!» деп кайрылган. «Энемден кийинки энем! Бул менин үй-бүлөмдөгү тирүү калгандардын эң акыркысы!» деген өңдүү сөздөр менен анын көңүлүн алып, ар дайым сый-урмат көрсөткөн[26].

1.2.10 Чоң атасы Абдулмутталибдин коргоосунда

Оболу атасынан, андан соң энесинен айрылган сүйүктүү Пайгамбарын Алла Таала кароосуз калтырбады. Куттуу жетимди чоң атасы өз бооруна басты. Балдарына арнабаган сүйүүсүн, мээримин нур жүздүү небересине арнады.

Абдулмутталиб уктап жатканда же бөлмөсүндө өзү жалгыз калганда жанына эч ким кире алчу эмес. Чоң атасы уктап жатабы, жалгыз олтурабы Мухаммед үчүн айырмасы жоң эле. Анын бөлмөсүндө каалагандай кирип-чыгып эркин өстү[27].

Каабанын көлөкөсүнө Абдулмутталибге таандык кийиз боло турган. Кадырлуу атага болгон урмат-сыйдан улам ал орунга балдарынын эч кимиси отурчу эмес. Уулдары Абдулмутталибдин алдында тик турган болсо, Мухаммед (алейхис салам) чоң атасынын орундугуна беймарал олтура алган. Аны тургузгусу келгендерди Абдулмутталиб:

– Тим койгула медеримди! Кудайга ант болсун, мунун атак-даңкы бийик болот! – деп тыйып койгон жана жанына отургузуп алып далысын кашып берген. Нур жүздүү небересинин ар кандай таттуу жоруктары, сүйлөгөн сөздөрү чоң атанын дартына дабаа, көңүлүнө жөлөк болгон[28].

Ааламдарга Элчи боло турган небереси дасторконго келмейинче Абдулмутталиб даамдан ооз тийбей «Неберемди алып келгиле жаныма!» – деп буйрук берген дешет[29].

Небересин тизесине олтургузуп алып, тамактын эң таттуу жерин ага жедирген[30].

Бир кездерде Меккеде абдан кургакчылык өкүм сүрө баштаган. Эл кыйынчылыктан кутулууну үмүт кылып, жамгыр тилөө үчүн Абу Кубайс тоосуна жөнөшөт. Аламан калктын арасында жети жаштагы небересин жонуна мингизип Абдулмутталиб дагы барат. Тоонун чокусуна чыккандардын бардыгы аксакалы жайкалган Абдулмутталибдин жанына катар тизилишет. Ааламдын асыл ардагын жонуна мингизген абалда Алла Таалага жалбарып

26. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, VII, 303-304; Ибн Саьад, VIII, 223.
27. Ибн Саад, I.118.
28. Ибн Хишам, I, 180.
29. Ибн Саад. I, 118
30. Балазури, I, 81.

дуба кылышат. Адамдар ордунан көп узай электе көк жарылгандай нөшөрлөп жамгыр төгүп ийет. Ошентип, Мекке ойдуңу мээримге карк болуп, толуп ташат[31].

Кудай Тааланын эң сүйүктүү кулу Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) сегиз жашка келгенде, бул жалгандагы аскар тиреги, чоң атасы Абдулмутталиб да дүйнө салып кете берди.

Ушуну менен бардык убактылуу жана көрүнөө колдоолор аягына чыккандай көрүндү. Мындан кийин Анын коргоочусу да, колдоочусу да, жадагалса, тарбиячысы да Алла Таала болуп калды.

Азирети Пайгамбардын жаштайынан ата-энесинен, чоң атасынан айрылып калышында көптөгөн хикматтары бар. Эгер алардын көзү тирүү болгонгондо, «пайгамбарлыгына пайдубал болуп бере турган негиздерди атасынан же чоң атасынан үйрөнгөн, ошолордун таалимин алган» деген жалаалар айтылмак беле, ким билет. Эң башкысы, ушундай оор сыноолор аркылуу Алла Таала аны бышырып кемелине келтирген.

Ата-энесинен жана чоң атасынан айрылган Мухаммед (алейхис салам) доордун атадан балага үйрөтүлүп осуятталган үрп-адаттарына жана ырым жырымдарына малынбастан, Кудай Таланын гана тарбиясын алган. Арийне, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бир хадисинде мындай деген:

«Мени Раббим тарбиялады жана тарбиямды эң сонун калыптады» (Суюти, I, 12).

Башка тарабынан назар сала турган болсок, ата-энесинен эрте ажыраса деле изги адеп-ахлактуу болуп чыга келиши анын Пайгамбарлыгынын таасын далили болуп саналат.

Ары кыраакы, ары сергек, ары сезимал болуп жетилгени жана кынтыксыз тобокелчилик тапка келгени жетимдиктеги бир хикмат деп эсептесек болот. Азирети Мухаммед жаштайынан жетим өскөн, бой тартканда жана Элчилик вазийпаны баштаганда алсыз, күчсүз болгон. Өтмө катар оор сыноолорду баштан кечирген. Ошол себептен, баралына келгенден өмүрү өткөнчө кароосуздардын, жетимдердин жана алсыз жандардын камкору, көңүл тиреги болгон. Өзүнүн бир хадисинде мындай деген:

«Мен өз жетимин же болбосо башкага таандык бир жетимди карамагына алган адам менен, бейиште мына мындай жакын болобуз», – деп, сөөмөйү менен ортон колун көрсөткөн (Муслим, Зухд, 42; крз. Бухари, Адаб, 24; Талак, 14).

1.2.11 Абасы Абу Талибдин коргоосунда

Абдулмутталиб сыркоосу күчөп баратканда, бир чети убакты-саатынын жакындап калганын сезгенби айтор, уулдарын чакыртты. Айта турган аялуу керээзи бардай. Балдары топтолуп келгенде, баарынын жүзүнө астейдил тиктеп сөз баштады. Кептин багыты Азирети Мухаммедди канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, калкалап калуу өңүтүнө кетти. Уулдарынын ичинен Зубайр жана Абу Талиб Мухаммеддин атасы Абдулла менен энелеш болгондуктан, экөөнүн ортосуна чүчү кулак ташталды. Чүчү кулак Абу Талибге чыкты.

31. Ибн Саад, I, 90; Ибн Асийр, Усдул Гааба,VII,112;Диярбекри,I,239.

Албетте, мындай дал келүүчүлүк жөн жерден боло койбойт. Абаларынын арасынан Пайгамбарыбызга Абу Талиб ар убак жан тарткан боорукер киши болгон[32]. Саналуу төөсүнөн башка эч кандай мал-мүлкү жок болсо да, бала-бакырасы көп, үй-бүлөсү чоң эле. Бай адамдардан саналбаганы менен Курайшка кадыры сиңген, буйругу эки болбогон эл жакшыларынан болгон. Атасы Абдулмутталиб сыңары оозуна ичимдик алган эмес[33].

Абу Талиб инисинен калган жалгыз туяк үчүн жанын берүүгө да даяр эле. Аны өз балдарынан да өзгөчө жакшы көрчү. Аны жанына алып келмейин уктачу эмес, эгер, бир жака чыга турган болсо, аны кошо ала барчу экен.

Эң кызыгы, Абу Талибдин бала-чакасы Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) дасторкондо жок кезде такыр тойчу эмес, же тез эле курсактары ачып кеткен. Аны (саллаллаху алейхи васаллам) менен бир дасторконго олтурушканда гана анын берекеси менен тез эле тоюп калышкан. Тамактары да артып калчу. Бир кишиге жете турган сүттөн эң оболу куттуу жетим ооз тийген. Ошондо гана калган үй-бүлө мүчөлөрү тойгончо ичсе да, сүт түгөнчү эмес. Ошондуктан,Абу Талиб бала чакасы дасторконго келген чакта: «Токтой тургула! Менин балам келсин анан баштайбыз!» деп эскертип турган[34].

Абу Талибдин зайыбы Фатима эне абдан адамгерчиликтүү жана кең пейил аял болгон. Исламды кабыл кылып, дин үчүн Мединага көчүп барган экинчи апасынан Азирети Пайгамбарыбыз бат-бат кабар алып, кээде анын үйүндө куш уйку салар эле[35].

Фатима көз жумганда Алланын Элчисинин акактай болгон көздөрүнөн жаш куюлган. «Бүгүн менин энем дүйнө салды!» деп, өз көйнөгүн ага кепин кылып берген. Жаназасын өзү окуган соң, кабырына бир саам узанып жаткан. Бул иштин сырын сурагандарга митип жооп берген:

«Абу Талибден кийин бул аял жасаган жакшылыкты мага эч бир адам жасаган эмес! Акыретте бейиштин кийимин кийсин үчүн көйнөгүмдү ага кепин кылдым. Кабырында жылуулук болсун үчүн бир саам жаттым!»

Азирети Пайгамбарыбыз кайгысын тең бөлүшүү үчүн кайрат айткандарга мындай деген:

«Ал мага энемден кийин эне болгон! Өз балдарынын курсагы ачып, сумсайып турган кезде да, эң оболу менин курсагымды тойгузуп, чачымды тарап, гүлдүн майын сүртүп турган. Ал менин энем эле!» Андан соң Фатима энеси үчүн минтип дуба кылган:

«Алла сени кечирсин жана жакшылыгы менен сыйласын! Энеке! Алла Таала сага мээримин төксүн! Сен мага энемден кийин эне болдуң! Өзүң жебей мага жегиздиң! Өзүң кийбей мага кийгиздиң! Эң таттуу нематтарды мага таттырып, өз напсиңди куру калтыргансың! Мына ушулардын баарын Алланын ыраазылыгы жана акыреттеги бейиш үчүн жасайт элең!…» (Хаким, III, 116-117; Хайсами, IX, 256-257; Якуби, II, 14).

32. Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 22.
33. Халаби, I, 184.
34. Ибн Саьад, I, 119-120, 168.
35. Ибн Саьад, VIII, 222

1.3 АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ЖАШТЫК КЕЗИ

Алла Таала Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) Элчилик милдетти жүктөй тургандыктан, караңгылык доордун ар кандай жамандыктарынан аны коргоого алган. Анын өксүп жетим өскөн бала чагы менен жаштыгы жаркын келечектин татыктуулугун камсыздоо үчүн пакиза жана руханий өнүгүүнүн жолунда өткөн. «аль-Амин» жана «ас-Садык» ар дайым анын эң көрүнүктүү башкы сыпаты болуп келген.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) пайгамбар боло электе мамиле жагынан да, адамгерчилик жагынан да адамдардын эң жакшысы, теги жагынан эң нарктуусу, адеп-ахлак жагынан эң мыктысы болгон. Ал коңушуларынын акы-укугуна өтө аяр мамиле кылган, кичи пейилдиктин жана сыпаалыктын эң мыкты үлгүлөрүн көрсөткөн. Ишенимдүүлүк жагынан эч ким ага жете алган эмес. Жаман сапаттары болгон да эмес, эч ким андан жамандык көргөн да эмес. Алтымыш үч жылдык өмүрүндө жан адамга сын таккан же шылдыңдаган эмес. Куру бекер талашып-тартышуу деген нерселер Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) үчүн жат көрүнүш болгон. Алла Таала ага жаамы изги касиеттерди тартуулап, жакшы мүнөздүү кылып тарбиялагандыктан, элдер ага «аль-Амин», б.а. ишенимдүү, коопсуз, зыянсыз пенде деген касиеттүү ысымды ыйгарган[36].

Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине:

– Пайгамбарым, Алла Тааладан башка бир нерсеге ибадат кылган учуруңуз болду беле? – деген бир кызыктуу суроо берилди. Пайгамбар (алейхис салам) жооп берди:

– Эч качан болгон эмес!

– Ичимдик ичип көрдүңүзбү?

– Жок! Мен Китептин жана ыймандын эмне экенин биле элегимде эле алардын жоруктарынын каапырдык экенин билчүмүн (Диярбекри, I, 254-255).

Бала кезде Кудай Тааланын коргоосунда болгонун төмөнкүчө эскерет:

«Курайштын балдары менен бир жерден бир жерге таш ташып ойноп жаткан элек. Таш өйкөп салбасын үчүн балдар көйнөктөрүн жондоруна коюп алышты. Жонум ооруксунуп калбасын үчүн мен да ошолордой кылгым келип жатканда, көрүнбөгөн бир күч жанымды өрттөгөндөй катуу муш урду да:

–Кийиминди белиңе байла! – деди.

Кийимимди шашкалактап дароо белиме байлай салдым. Досторумдун арасынан мен гана кийимимди белиме байлап жонума таш ташыдым» (Ибн Хишам, I, 197).

36. Ибн Хишам, I, 191; Ибн Саьад, I, 121.

Ошол доордо белден жогору кийимсиз жүрүү көнүмүш кабылданса да, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) уяттуу жерлеринин бардыгын жаап жүргөн.

«Ал мезгилде Азирети Мухаммед он эки жашта болгон. Кечил Бахира ага:

– Балам, Лат жана Уззаанын акы үчүн сурап жатам, жооп берчи! – деп такыганына карабастан:

– Лат менен Уззаанын атына ант ичип менден эч нерсе сурабагын! Кудайга ант болсун, мен бүт нерседен ушуларды жек көрөм!» деген» (Ибн Исхак, б. 54; Ибн Саьад, I, 154; крз. Ахмад, V, 362).

Умму Айман (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылган:

«Курайш мушриктери жылына бир жолу Бувана аттуу буттун айланасына жыйналып, кечке чейин курмандык чалышып, чач алдырышып, этикафка киришчү. Андан башка дагы бир топ салтанаттуу жөрөлгөлөрдү өткөрүшө турган. Эл катары Абу Талиб бул майрамга катуу даярдык көрүп жаткан эле.

Мухаммед (алейхис салам) аларга кошулуудан бой качырган сайын абасы жана эжелери болбой эле ачууланып туруп алышты. Эжелери ага:

– Кудайларыбыздан жүз үйрүгөнүң үчүн бир балакетке кабылып калып жүрбө! – деп көктүкө салышып, аны жетелеп жөнөштү.

Салтанат өтүп жаткан жерге барган соң улуулар алаксып кеткенде Азирети Мухаммед көрүнбөй калды. Бир топтон кийин корккондон иреци купкуу болуп, жүрөгү лакылдап жаныбызга келип калды.

– Башыңа бир балекет келген жокпу? – деп, эжелери баланы айланчыктап калышты.

Ал:

– Мага жин тийеби деп коркуп турам! – деди.

– Алла сени шайтанга салып бербестир! Сенде ар түрдүү жакшы касиеттер бар. Айтчы кана көзүңө эмне көрүндү? – деп, жабалактап суроолуу карашты.

Азирети Пайгамбарыбыз:

– Мен бутка жакындаган сайын ак жүздүү узун бойлуу адам көзүмө көрүнүп:

«О Мухаммед! Кайт артыңа, ага жакын жолой көрбөгүн!» деп улам кыйкырып эскертип жатты.

Ошол окуядан кийин ааламдын асылы (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарлык вазийпасын алганга чейин алардын майрамдарына жана салтанаттуу жөрөлгөлөрүнө эч качан катышкан эмес[37].

Алланын Элчиси баяндаган төмөнкү окуяны Азирети Али мындайча билдирген:

«Мен, караңгылык доорунда адамдар жасап жүргөн жоруктарды жасоого эки ирет катыша жаздаптырмын. Дал ошол кезде Кудай Таалам мени алардан оолактатып кеткен.

37. Ибн Саьад, I, 158.

Күүгүм кирип калган. Меккенин жогору тарабында Курайштын жаш жигиттери менен кой жайып жүргөн элек. Жанымдагы жолдошума кайрылдым:

-Менин койлорума көз сала тура аласыңбы, мен да тигилер менен Меккеге барып жөрөлгөгө катышып келейин.

Жолдошум шыр эле:

– Мейли, кандай кааласаң ошондой болсун! – деди.

Мен дароо жөнөп кеттим. Меккеге жакындап калганымда шаар тараптан келип жаткан домбуранын, чоордун жана шаңдуу ышкырыктын үнү кулагыма чалынды. Жолдон кезиккен адамдан эмне болуп жатканын сурадым.

– Палан киши палан айымга үйлөнүп жатат, – деп айтты.

Жерге отуруп той болуп жаткан тарапты карай баштадым. Дал ошол кезда Алла Таалам кулагымды оорлоштуруп койгонсуду. Отурган жеримде уктап калыптырмын. Кудайга ант берем, ошондо күн тийгенге чейин ойгоно албаптырмын. Ойгонорум менен шеригимдин жанына келдим. Ал менден эмне болгонун сурады эле, башымдан өткөндөрдү айтып бердим.

Бул иш дагы бир түнү кайталанды. Меккедеги сукбатташууга бараткан жолдо Алла мени ныксыратып уйкумду келтирип салды окшойт, бул ирет да күн тийгенгенче уктаптырмын. Ойгонгон соң шеригимдин жанына кайтып келе бердим.

Раббим мага Пайгамбарлык бергенге чейин, булардан тышкары эч кандай жаман нерсеге бурулган жокмун!» (Ибн Исхак, б. 58-59; Ибн Касийр, аль-Бидая. II, 292).

1.3.1 Азирети Пайгамбарыбыздын кой кайтарышы

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) бир мезгилдерде кыйла убакыт бою кой бакан. Ал кезде Абу Талибдин көзү тирүү болчу. Өзү да соода иштерин баштай элек болчу. Чабандык – арабдар үчүн катардагы жөн гана бир кесип эмес, байлардын да, даңктуулардын да балдары аткара туган кесип болгон. Асыресе, өз кезинде бардык пайгамбарлар кой кайтарышкан. Жараткан Алла Таала жөнөкөй көрүнгөн бул кесиптин арты менен элчиликтен жана үгүтчүлүктөн оболу башкаруучулукта зарыл болгон көптөгөн сапаттарга пайгамбарларын тарбиялаган.

«Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам):

– Алла Таала жөнөткөн ар бир пайгамбар сөзсүз түрдө кой бакан, – деп айтканын уккан сахабалар кызыгы артып суроо узатышты:

– Пайгамбарым, сиз да кой баккансызбы?

– Ооба, акысын алып, меккеликтердин койлорун бакчумун, – деп жооп берди» (Бухари, Ижара, 2, Анбия, 29; Ибн Мажа, Тижарат. 5).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) башка бир хадисинде мындай деген:

«Муса (алейхиссалам) пайгамбар болуп жөнөтүлгөнү менен убагында кой баккан. Пайгамбар кылынып жөнөтүлгөн Давуд (алейхиссалам) да кой кайтарган. Мен да пайгамбар болуп жөнөтүлдүм жана Ажядда бүлөмдүн койлорун кайтарчумун» (Ибн Саьад, I, 126).

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) дал ошол кездерде жыйырма жаштын тегерегинде болгон.

Ал (саллаллаху алейхи васаллам):

«Эң кайырлуу жол менен турмуш кечирүүчүлөрдүн бири – дөбөнүн башында же болбосо, өзөндүн жакасында кой кайтарган адам. Ал намазын окуйт, зекетин берет, өлгөнгө чейин Раббисине ибадат кылат жана адамдарга жакшылык кылат», – деп айтуу менен чабандык кесиптин кайырлуу иш экенин билдирген.

Чабандардын ой чабыты тездеп, аң-сезими тереңдеп, мээримдүүлүк жана боорукерлик сезими өөрчүйт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ушул нерсеге ишааратоо иретинде :

«Оор басырыктуулук жана салабаттуулук кой кайтаргандарда болот» деп айткан (Бухари, Манакиб, 1; Муслим, Иман, 84/52).

Койлорду багып жырткыч айбандардан кайтаруу кишидеги сабырдуулук, жоопкерчилик жана көзөмөлдөө жөндөмүн арттырат. Анткени, жаратылган макулуктарга боорукерлик көрсөтүү, алардын айбандык түшүнбөстүгүнө сабыр кылуу – бул пайгамбарларда гана боло турган маанилүү касиеттерден болуп саналат.

1.3.2 Кечил Бахира менен кездешүүсү

Курайштын бир топ аксакалдары жана билермандары менен Абу Талиб Дамаскка барган эле. Бул сапарга болочок пайгамбар да кошулган. Жол жүрүп келатып, Бахиранын чиркөөсүнө жакын жерге түнөп калышат. Бахира ошол доордогу христиандардын эң аалым адамы болгон.

Ошол күнү Бахира бир ажайып окуяга күбө болду. Кербен келаткан кезде кербендин арасынан бир гана кишинин төбөсүн ак булут көлөкөлөп келгенин, тыныгуу үчүн бир дарактын түбүнө олтурган кезде дарактын шактары ошол адамдын башына карай ийилгенин көрдү кайыптан. Бул ажайып көрүнүшкө күбө болгон Бахира:

– Эй, курайш жамааты! Атайын силер үчүн сый тамак бышырттым. Чоң-кичине дебей, бай-кул дебей, ак дастарконума баарың келгиле! – деп чабарман жөнөттү.

Мурда келип-кетип жүргөн кербендердин бирөөсүнө да көңүл бурбаган Бахиранын бул топко чакырык таштаганы Курайш аксакалдарынын бүйүрүн кызытып жатты. Жолоочулар Бахиранын дасторконуна келишти. Ааламдардын асыл заты (саллаллаху алейхи васаллам) гана төөлөрдүн жанында калып калган эле. Келгендерди сыдырып көзүнүн ичи менен бир сыйра байкап баккан аалым китептен окуган сыпаттагы адамды кезиктире албады.

– О Курайш улуулары! Силер менен чогуу келип, бирок, дасторконго келбеген дагы ким бар? – деп сурады.

Четте олтурган бирөө:

– Бахира мырза! Буюмдардын жанында бир баладан башка эч ким калган жок. Эң жашыбыз болгондуктан, аны буюм-тайымдардын жанына таштап келдик, – деп үн катты.

Эринин кымтыган Бахира бир нерсени жүрөгү туйгандай:

– Аны да алдыртыңыздар. Жаш болсо да, биздин сыйыбыздан даам сызып кетсин! – деди.

Абасынын уруксаты менен Мухаммедул Аминди алып келишип дасторконго отургузушту. Кыраакы кечил өмүрүндө адам көрбөгөнсүп Азирети Мухаммеддин бутунун учунан башына чейин тигиле карап, таңыркаганын жашыра албай колдон алып меймандарына буларды айтты:

– Бул жигит ааламдардын кадырман инсаны болот. Бул ааламдарды жараткан Улуу Кудайдын Элчиси! Бул баланы Кудай Таала өзү ааламдарга кайрым кылып жөнөтөт!

Курайш улуулары анын сөзүнө түшүнө бербей:

– Сен аны кайдан билесиң? – деп сурашты.

Кечил айтты:

– Биздин китепте анын сыпаттары, өзгөчөлүктөрү жазылуу, мен муну ошо китептен окуганмын. Силер жакындап келген сайын жандуу-жансыз нерсенин баары ага таазим кыла салам айтканын байкадым. Жансыз нерселер пайгамбарга гана сажда кылышат. Мен айрыкча аны пайгамбарлык мөөрүнөн да таамай тааныдым, мен айтып жаткан мөөр баланын эки далысынын ортосунда.

Бахира Азирети Мухаммедден жана абасы Абу Талибден анча мынча суроолорду сураган соң алардын берген жоопторуна окуган маалыматтары дал келгенине кубанып Абу Талибге кайрылды:

– Ииңди алып журтуңа дароо кайткын! Жөөттөр ага зыян келтирип коюшпасын. Кудайга ант болсун, эгерде жөөттөр аны көрүп, таанып эле кала турган болушса, өлтүрүп коюшу мүмкүн. Анткени, бул бала арабдардан болуп жатпайбы. Жөөттөр болсо келе турган акыркы Пайгамбардын Исраил урпагынан болушун, өздөрүнөн чыгышын каалап да, самап да жүрүшөт. Сенин ииңдин даңазасы жана зоболосу абдан көтөрүлөт!

Бахиранын өтүнүчү боюнча Абу Талиб Азирети Мухаммедди алып дароо Меккеге кайтты» (Ибн Исхак, б. 54-55; Ибн Саьад, I, 155-155; Тирмизи, Манакиб, 3).

1.3.3 Хилфул-фудул

Арам айларындагы согуштарды арабдар «Фижар согушу» деше турган. Фижар согушу төрт жолу болгон. Курайш жана кинана уруулары менен хавазин уруусу бетме-бет келген төртүнчү Фижар согушуна Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) да катышкан.

Кандай шартта, кайсы мезгилде болбосун, Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) бир гана дурус адамдардын, адилеттүүлөрдүн жана кордук көргөндөрдүн катарында, жанында болгон. Ошол учурда жашы жыйырмаларда эле. Бул согушка абалары

менен катышканы менен, бир дагы адамдын канын төккөн эмес. Болгону душмандар тарабынан атылган окторду абаларына терип берип жүргөн[38].

Согуш бүтүп, ар ким өз тиричилиги менен алпурушуп жүргөн кезде зубайд уруусунан йемендик бир адам соодагерлик кылып Меккеге келген. Ошол кез арам айларынан зулкаада айы эле. Соодагердин болгон мүлкүн курайштын тың чыкмаларынан Ас бин Вали сатып алганы менен акчасын бербей койгон. Жаны күйгөн соодагер абдуддар, махзум, жумах, сахм жана адий бин каб сыяктуу Меккедеги майда уруулардын аксакалдарына арызданган. Бирок, алар жабырлануучу соодагердин ишин адилеттүүлүк менен тескеп коюунун ордуна, Ас бин Валиге жан тартып, соодагерди жектеп шылдың кылышкан.

Айласы түгөнгөн соодагер Абу Кубайс тоосуна чыгып «О Фихр Урпагы!» деп кыйкырып мунду ырды ырдады. Башына келген заалимдикти жана адилетсиз жоруктарды жар салып уккандарды жардамга чакырды. Дал ошол учурда курайштын аксакалдары жана билермандары Каабанын жанында олтурушкан эле. Кордук көрүп, запкы чеккен адамга эң алгачкылардан болуп Азирети Пайгамбарыбыздын абасы Зубайр жардамга чуркады. Курйштын билермандары менен Абдуллах бин Жудандын үйүнө жыйналышты.

Абдулла аларга сый тамагын бергенден кийин, ким болбосун, кордукка кабылган адамдын акысын алып берүүгө, заалимдик менен күрөшүүгө өз араларында ант ичип, сөз бекемдешти.

Хилфул-фудул уюму эң алгач зыянга учураган соодагердин акысын Ас бин Валиден алып берүү менен баштаган. Ошондон тарта бул уюм Меккеде заалимдердин кордугуна, адилетсиздигине тепселген канчалаган чакырыктарга барышпасын, бардыгын жатык тил, жумшак мамиле менен чечип беришкен. Адилеттүүлүктү кайра жаратуу үчүн албан-албан салымдарын кошуп, көп кайрат кылышкан[39].

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) караңгылык доордо дитин коюп катышкан уюм – Хилфул-фудул уюму болгон. Анткени, бул накта адилеттүүлүктүн уюму эле. Пайгамбарлык берилгенден кийин бул уюм тууралуу төмөнкүдөй оюн билдирген:

«Абаларым менен бирге Абдуллах бин Жудандын үйүндө Хилфул-фудулду түздүк. Ошол жыйналышка ушунчалык сүйүнгөнүмдү айтпа. Анын ордуна кызыл төөлөр (т.а. ошол доордун эң кымбат унаасы, байлыгы) берилсе да, анчалык сүйүнбөс элем. Ошол антташууга ушу азыр чакырылчу болсом да баш тартпай, катышар элем» (Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 295-296; Ибн Саьад, I, 128-129).

1.3.4 Алланын Элчисинин соода ишине аралашуусу

Меккенин калкы соода-сатык менен алектенип турмуш кечиришер эле. Меккеден өндүрүлгөн буюмдарды сырткы өлкөлөргө өткөрүп, ал жактан алынып келинген буюм-тайымдарын ажылык мезгилинде Меккеде болуп өтүүчү жармаңкеге коюп сатышчу.

Күндөрдүн биринде Абу Талиб Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) кеңеш салды:

38. Ибн Хишам, I, 198; Ибн Саьад, I, 126-128.

39. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 295-296; Ибн Саьад, I, 128-129

– Кагылайын карааным! Көрүп турасың, мен кембагал адаммын. Ачарчылык менен кургакчылык мал-мүлктү да, сооданы да калтырбай алып кетти. Ушу тапта бир соода кербени Дамаскка жөнөгөнү турат. Кербендин ээси Хувайлид кызы Хатижа. Ал мал-мүлкүн сатып келе турган адам издетип жатат. Уушу тапта ал сен сыяктуу ишеничтүү, пакиза жана убадага бек адамга абдан муктаж деп ойлоймун. Кербенге сени башчы катары алсын үчүн өзү менен бир сүйлөшүп көрсөк кандай болот экен. Ишке тактыгыңдан улам сени башкалардан артыкча көрөрүнөн шегим жок. Негизи, сен Дамаск тарапка жөнөткүм келбей турат. Бирок, башка чарабыз жок иним.

Азирети Пайгамбарыбыз менен абасынын ортосундагы сүйлөшүү Азирети Хатижага жетери менен –Мухаммеддин бул ишке катышаарын ойлобоптурмун. Жакшы болодубу, – деп, аны дароо алдырып, башкаларга сунуштап жаткан акыны ашыгы менен төлөп берерин айтып, кербенди Дамаскка баштап барып, сатып келишин өтүндү.

Ааламдардын ардагынын (саллаллаху алейхи васаллам) абдан ишенимдүү, чынчыл жана адеп-ахлактуу адам экендигин мурунтан эле билер эле[40].

Ошентип, Азирети Мухаммед Хатижанын кызматкери Майсара менен бирге кербенге башчылык кылып Меккеден жөнөп кетишти. Жолго чыгардан алдын Хатижа Майсарага буларды айтты:

– Кандай гана жагдай болбосун, Мухаммедге баш ийип жүр! Анын ар бир сөзүн аткаргын!

Жол узак. Анын үстүнө, чөлдүн куму жүк жүктөнгөн төөлөрдү ашыкча чарчатат. Бир топ жол жүргөн соң эки төө чаалыгып кербенден артта калды. Алардын топтон бөлүнүп калып калышынан кабатырланган Майсара жете келип абалды билдирди. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) артта калган төөлөргө барып буттарынан сылап койгондо, чаалыгып жыгылайын деп турган унаалар желип-жортуп кербендин алдына чыга келишти. Бул ажайып окуяга күбө болгон адамдар анын кызматына кол сунуп, аны коргоого ала башташты[41].

Элчилердин Султаны (саллаллаху алейхи васаллам) соодагерликте болсун, соодагерден бир нерсе сатып алууда болсун, өмүр бою баарына тегиз карап, абдан сылык, абдан так мамиле жасаган. Эгерде бирөө жарымга сөз берген болсо, убадасын так орундаткан.

Көптөгөн үлгүлүү жактарынан улам ага аль-Амин жана ас-Саддык сыпаттары берилген. Ошол окуялардын бирин Абдуллах бин Абил Хамса төмөнкүчө баян этет:

«Ал мезгилде пайгамбарлык бериле элек эле. Бир жолу Азирети Мухаммед менен соодалаштым. Натыйжада, мен ага бересе болуп калдым. Бир аз күтө турган болсо, жеткирип береримди айтып жүрүп кеттим. Бирок, кашайып берген убадамды унутуп коюптурмун. Убадам эсиме түшкөндө арадан үч күн өтүп кетиптир. Эмнеси болсо да бир барып көрөйүн деп убадалашкан жерге барсам, ал баякы жерде туруптур.

40. Ибн Хишам, I, 203; Ибн Саьад, I, 129; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 297.

41. Диярбекти, I, 262.

Ишенимдүүлүктүн жана берилгендиктин туу чокусун багынткан Алланын Элчисинин ахлактык аруулугуна таазим кылуу керек. Убадага турбагандыгым үчүн мени айыптабастан жөн гана:

– О, жигит! Мени кыйнап койдуң го, үч күндөн бери ушул жерде күтүп турам» деп койду сылык гана» (Абу Давуд, Адаб, 82/4996).

Пайгамбарлык бериле электе болуп өткөн мына ушул сыяктуу өрнөк окуялар биринен өтүп бири пайдалуу жана хикматтуу эле. Аныгын айтар болсок, мындай асылдыкты пайгамбар боло турган адам гана көрсөтө алат.

1.3.5 Азирети Хатижа менен никелешүүсү

Майсара жолго чыккандан кайтып келгенге чейинки өз көзү менен көргөн ажайып окуяларды, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) сулуулугун жана адаттан сырт касиеттерин ийне жибине чейин Хатижага баяндап берди. Кербендин кирешелүү келиши жана Майсаранын берген маалыматы Хатижаны арбап алгандай болду. «Ишеничтүү изги инсан менен баш кошсом» деген арзуу бүчүр алды кадырлуу айымдын жүрөгүндө.

Азирети Хатижанын жакын досу Нафиса бинти Умайййа бул никелешүүнүн кандайча жүзөгө ашканын төмөнкүчө эскерген:

«Хувайлид кызы Хатижа иштин көзүн билген, кайраттуу, мүнөзү туруктуу, кадыр-баркы бийик жана намыстуу аял болгон. Коомчулуктагы не деген гана зобололуу эрлер аны менен баш кошууга жан далбас урбады, бирок, бири да жүзөгө ашкан жок. Ошентсе да, Азирети Хатижа Азирети Мухаммеддин тунук мүнөзүнө жана мыкты адамгерчилигине туруштук бере албады, багынып берди. Азирети Мухаммед Дамасктан кайтып келгенден кийин Хатижа баш кошуу тилегин билдирүү үчүн мени ортомчу кылып жөнөттү.

– Мухаммед! Сен эмне үчүн үйлөнбөй жүрөсүң? – деп сурадым.

– Каржы мүмкүнчүлүгүм жок туруп кантип үйлөнөм?

– Андай болсо мал-мүлктүү, шарапаттуу жана намыстуу, сулуу айым менен үйлөнүүгө кандай дейсиң?

–Ким экен ал?

– Хатижа, – дедим.

– Сенин пикириңде ушул болчу нерсеби?

–Ал жагын мага кой.

–Андай боло мен сенин айтканыңды кыламын, – деди.

Андан чыгаарым менен Хатижага барып абалды билдирдим» (Ибн Саьад, I, 131).

Ошентип, Азирети Хатижа Нафисанын ортомчулугу менен кутман Пайгамбарыбызга баш кошуу сунушун билдирди. Сунушту абасы менен кеңешип көргөн соң, Абу Талиб Хатижанын агасы Амр бин Асадка куда түшүп, жуучулука барды.

Кыска убакыттын ичинде Абу Талиб менен Азирети Хатижанын тууганы Варака бин Навфал алмак-салмак нике дубасын окушту. Андан соң Амр тик туруп чакырылган элге: «– О Курайш жамааты! Күбө болгула, мен Хувайлиддин кызы Хатижаны Абдулланын уулу Мухаммедге никелеп жатам!»[42] – деп кайрылды.

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) жубайына михр катарында жыйырма жаш төө берди[43].

Ал алгачкы үйлөнгөн кезде жыйырма беш жашта болгон. Таалайлуу айым Азирети Хатижа болсо Азирети Пайгамбарыбыздан он беш жаш улуу, балалуу жесир аял эле.

Хатижа эне мээримдүү жана камкор аялзаты катары Азирети Мухаммедге жаңы күч-кубат, жаңы тирек болуп берди.

Пакиза жана барктуу бүлөнүн мүчөсү Азирети Хатижа адеп-ахлагынын мыктылыгы, кишилик сапатынын жогорулугу, адамгерчиликтүүлүгү жана абийирдүүлүгү жагынан алдына эч кимди салдырбагандыктан, Исламдан мурда «Афифа» жана «Тахира» деген сыпаттары бар эле. Ал эми Ислам келгенден баштап «Хатижатул Кубра» деген наамга татыктуу болгон[44].

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ал жөнүндө мындай деген:

«(Акыреттеги) эң кайырлуу аялзат Имрандын кызы Мариям. (Бул дүйнөдөгү) эң кайырлуу аялзат Хувайлиддин кызы Хатижа» (Бухари, Манакибул Ансар, 20; Муслим Фадаилус-Сахаба, 69).

Алланын Элчиси Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) күлгүн жигит курагында мына ушул алгачкы никелешүүсү анын напсилик каалоолорго берилбеген адам экендигин, жадагалса, андай нерселерге маани бербегендигин айкын көрсөтүп турат. А эгерде, тескерисинче, напсинин артынан чуркаган пенде болгондо, өзүнөн он беш жаш улуу балалуу, жесир аял менен эмес, балким, өзү теңдүү же өзүнөн жашыраак аялзаты менен үйлөнмөк. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) үйлөнө турган аялдан мөлтүрөгөн жаштык, суйкайган сулуулук сыяктуу убактылуу жагымдуулуктарды издеген эмес, тескерисинче нарктуулук, адамгерчилик, ак ниеттүүлүк жана изги ахлак сыяктуу бийик артыкчылыктарды издеген.

1.3.6 Азирети Пайгамбарыбыздын Зайд бин Харисти азат кылып асырап алышы

«Бани Кайн жортуулчулары бир баскынчылыкта сегиз жаштагы Зайд бин Харисти качырып, Указ жарманкесине кул катары сатыкка коюшкан эле. Азирети Хатижа эжесине тартуу кылуу үчүн Хаким бин Хизам аны төрт жүз дирхамга сатып алат. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Зайдды көрөөрү менен:

-Ушул кул меники болгондо аны сөзсүз азаттыка чыгараар элем! – дейт.

Анын мындай тилегин орундаткысы келген Азирети Хатижа марттык кылат:

42. Диярбекри, I, 264; Якуби, II, 20.
43. Ибн Хишам, I, 206; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 23.
44. Ибн Саад, VIII, 14-15.

– Тилегиң орундалсың, ал, сеники болсун!

Азирети Пайгамбарыбыз аны дароо азат кылат» Уулунан айрылгандан бери ата байкуш зарлап, кайгы-муңга батат. Уулун издеп эки ай бою жүрөгү эзилип жер кезет. Сурамжылап олтуруп анын Меккеде жүргөнүн ажылардан угат. Ошол замат бир туугандары менен Меккеге келип, сүйүктүү Пайгамбарыбызды табышат. Зайдды сатып алышаарын билдиришип, колдон келсе арзанырaак айтууну өтүнүшөт. Азирети Мухаммед:

– Мындан башка чараларды карап көрсөк кандай болот? – дейт.

–Кантип, кандай чара?

–Аны чакырып өз эркине койолу. Эгерде силерди тандай турган болсо, бир тыйын албаймын, колуңарга салып беремин. А эгер мени тандай турган болсо, Кудайга ант болсун, мени менен калууну каалаган адамды эч кимге бере албайм!

– Сен абдан жоомарт, ынсаптуу чечим чыгардың. Бизге жакшылык кылдың, – деп, Зайддын атасы менен агасы ыраазычык билдиришет.

Зайдды ортого чакырышат. Жолугушуу жылуу маанайда өткөн соң маселени Зайдка түшүндүрүшөт. Ал жаш болсо да маанилүү сүйлөп:

– О, ишенимдүү инсан! Кудайга ант болсун, мени сени эч кимге алмаштырбаймын! Сен мен үчүн ата-энемсиң. Мен сенин жаныңда калам! – деп көшөрүп туруп алат.

Алыстан таман жоорутуп келген атасы менен агасы катуу айтса да көнбөй койот. Зайд эми аларга агынан жарылат:

– Ишенсеңер, мен бул заттан ажайып асыл сапаттарды көрдүм. Бул адамды эч кимге теңей албаймын. Бул кишинин жанынан эч жакка кетпейм!

Зайддын артка кайтпастыгын көргөн Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) аны жетелеп Каабага алып барат да, ал жердеги ак көз, кара көзгө үн салат:

«– Эл-журт! Күбө болгула, мындан кийин Зайд менин уулум, мен ага мураскермин, ал да мага мураскер болот!» – деп, аны асырап алат.

Зайддын оюнан кайтпастыгын көрүп, Азирети Мухаммеддин ага болгон аталык жылуу мамилесине жибиген издөөчүлөр аман жүрсөң болду деген тейде өз журттарына кайтышат.

1.3.7 Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Азирети Алини жанына алышы

Абу Талиб көп балалуу болчу. Жокчулуктун айынан кыйналып жүргөн. Мына ушуга ичинен сыздап жүргөн камкор Мухаммед Азирети Аббаска барып көңүлүндө түпөйүл болуп жүргөн оюн айтты:

– Абаке, өзүңө да маалым, Абу Талиб абамдын көп бала бар. Элдин баары ачарчылыктан жана жокчулуктан кыйналып, эптеп турмуш кечирип жатышат. Азыр Абу Талибге баралы да, макулдашып көрөлү. Эгер эп көрсө, балдарынын бирин кароону мен мойнума алайын, бирин сен ал. Анын жүгүн аз да болсо жеңилдетпесек болбойт.

Инисинен калган медеринин мындай акпейил сунушун кубануу менен кабылдаган Аббастын көзүнө жаш тегеренип кетти. Бапыраңдап, Азирети Мухаммедди ээрчий Абу Талибге барышты:

Жакын туугандарынын жароокер пикирин муюп укан соң, берегидей жооп узатты:

– Акилди мага калтырып, калганын тандап алсаңар болот.

Азирети Мухаммед кичинекей Алини, Аббас болсо Жафарды алды.

Ошентип, Али Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) кол астында жетилди (Ибн Хишам, I, 264).

1.3.8 Азирети Пайгамбарыбыздын перзенттери

Азирети Мухаммед менен Азирети Хатижа Касым, Абдуллах, Зайнаб, Рукия, Умму Гүлсүм жана Фатима аттуу алты перзенттүү болушкан. Тун уулунун аты Касым болгондуктан, Пайгамбарыбызга «Абул-Касым» (Касымдын атасы) деген лакап ыйгарылган. Эки жашка чыкканда кичинекей Касым чарчап калган. Андан кийинки уулу Абдуллах Ислам дини келгенден кийин төрөлгөндүктөн, аны «Таййиб, Тахир» деп эркелетишчү[45]. Абдуллах да чарчап калган соң курайш мушриктеринен Ас бин Вали Азирети Пайгамбарыбыздын күйүттүү жарасын ырбатып:

– Аны жайына койгула! Ал мындан ары түгөнгөн, урпагы кесилген адам. Өлгөн соң аты өчөт. Силер андан кутулуп, тынч жашап каласыңар! – деген.

Ушул сөздөрдөн кийин Алла Таала Кавсар сүрөсүн түшүргөн:

«Албетте, Биз сага Кавсарды тартуу кылдык. Андыктан, Раббиң үчүн намаз окугун жана (жандык) **союп курмандык чалгын! Албетте, сени жаман көрүүчүлөрдүн куйругу кыркылган** (т.а. чыныгы жок болуп кетүүчү алар)**»** (Кавсар сүрөсү, 1-3-аяттар); Ибн Саьад, III, Вахиди, б. 494).

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) төрт кызы болгон. Алардын эң улуусу Азирети Зайнап эле. Ал төрөлгөн кезде атакеси отузга чыккан эле. Андан кийин Азирети Рукуя төрөлгөн[46]. Рукуядан кийин Азирети Умму Гүлсүм төрөлгөн. Эң кенжеси Азирети Фатима жарык дүйнөгө келгенде Алланын Элчиси отуз беш жашта болгон жана Кааба жаныңыдан оңдолуп жаткан[47].

1.3.9 Каабадагы калыстык

Тээ ошол кылымдын бир жылдарында Меккени баскан селден адамдардын жүрөгүнөн ыйыктыгы менен орун тапкан Кааба да бир топ зыянга учураган эле. Меккедеги уруулар өз ара кеңешикен соң аны пайдубалынан бери жыгып кайрадан жаңылап оңдоо чечимин кабыл алышты.

45. Ибн Саьад, I, 133.
46. Диярбекри, I, 273-274.
47. Ибн Саад, VIII, 19-26.

Оңдоо иштери башталаарда бир жүктүү кеменин Шуабая портуна жакын жердеги аскага урунуп талкаланганын угуп калышты. Кеме жылмаланган таш, карагай жана темир сыяктуу курулуш материалдарын ташып бараткан эле. Элден тандалган өкүлдөр кырсык болгон жерге барышып керектүү каражаттардын баарын сатып алышты. Ал эми Каабаны жыгуу жана кайрадан куруу иштерин чүчү кулак таштоо менен бөлүп алышты.

Курайш уруусу Каабанын өздөрүнө бөлүнгөн тарабын жыгып кайрадан тургузууга баштап жатып Абу Вахб бин Амр сөз алды:

«– О Курайш жамааты! Арамдан тапкан пайдаңарды, кусуру бар кирешеңерди бул курулушка, аралаштырбагыла! Жаман жол менен табылган кирешелер, сүткорлуктун акчасы же болбосо бирөөлөрдү адилетсиз зарлатып тартып алынган акчалар кошулбасын!» (Ибн Хишам, II, 210; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 305).

Каабаны жыгуу менен кандайдыр бир азапка дуушар болобузбу деген шектүү суроого баш катырган курайш уруусу бир чечимге келе албай алдастап турган. Арабдарда Каабага болгон урмат-сый тээ Ибрахим пайгамбардын шариятынан бери сакталып келаткан эле. Курайш жамаатынын билермандарынан Валид бин Мугира да арсар ойдо эле:

– Каабаны жыгууда максатыңар эмне өзү? Жакшылыкпы же жамандыкпы?

– Албетте жакшылык! – дешти бир ооздон. Вадид кайра кеп улады:

– Айланайын коомчулук! Сиздер Каабаны жыгып кайрадан жаңылап жаткан болсоңор, эмнеге чочулайсыңар? Алла Таала муну кайра жаңылоочуларды жок кылбайт! – деген чечкиндүү пиркири менен жыгуу ишин алгачкы болуп баштап берди. Анын жалындуу сөзүнө арбалган жамаат жапатырмак ишке киришти.

Каабынын дубалын бир катар таш, бир катар жыгач менен көтөрүп чыгышты. Ашар ишке Азирети Мухаммед Абас менен бирге катышты. Жаңылоо иши аягына чыгып, кезек Хажарул Асвадды өз ордуна коюуга келгенде, ар бир топ бул ыйык вазийпаны жеке өзү аткаргысы келгендиктен, урууларды арасында чоң талаш чыкты. Сен-мен болуп олтуруп жакалашууга чейин барышты. Маселе татаалдашып, кызганыч артып, өчүгүшүүгө жетти. Дагы жүрүп олтурса, иштин аягы кан төгүүгө жеткидей абалга келди. Абдуррадан тарагандар канга толтурулган чаначты алып келишти да, өлгөнгө чейин мушташуу үчүн Адий бин Каабдын балдары менен антташа кетишти. Мушташууга даярданып жатып анттарын бекемдеп алуу үчүн кан толтурулган чаначка колдорун матырып алышты. Ага да батына албай төрт беш күн бою тирешүү жүрүп жатты.

Акырында курайш уруусунун эң улуу аксакалы талашты жөнгө салууну көздөп, ордунан турду да сөз алды:

– Айланайын коомчулук! Биз жакшылыкты гана каалайбыз! Жамандыкты эмес! Бул ыйык иш үчүн бири-бириңерге кызганып, кек сактаганыңар туура эмес, таштагыла талашты! Канча убакыттан бери ушул маселени чече албай жатабыз. Андай болсо азыр ушу Харамдын эшигинен эң алгач ким кире турган болсо, ошол кишини калыс деп табабыз да, өкүмүнө ыраазы бололу! – деп, колу менен Харам мечитинин Бани-Шайба каалгасын көрсөттү.

Аксакалдын пикирине көпчүлүк моюн сунуп, ортолук тынчып калган кезде Харам мечитинин эшигинен Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) карааны көрүндү. Аны көргөндө ачуулуу жүздөрдү жылмаюу каптады. Өзүнүн чынчылдыгы,

ишенимдүүлүгү менен көпчүлүктүн көңүлүнөн түнөк тапкан татыктуу инсандын келиши баарына жагып турду. Асыресе, ошол мезгилде курайш уруусуунун арасында анын кадыр-баркы арткандан артып бараткан. Ким бир төө сойо турган болсо, Азирети Мухаммедди издеп жүрүп таап келишчү. Ал келген соң, ишибизден береке табалы деп анын батасын алышчу[48].

Мына ошондуктан, аны көргөн курайш уруусу:

– Мына, чынчыл инсандын өзү келди. Анын калыс болушуна баарыбыз ыраазыбыз!» деп көңүлдөрү жайлана түштү.

Маселе түшүнүктүү болгон соң, Азирети Мухаммед ар топтон бирден адам чыгарды. Чепкенин чечип жерге жайды. Тандалган кишилер Пайгамбардын ишааратты менен Хажарул асвадды чепкендин үстүнө койду да, ар бири бир учунан көтөрүп ордуна алып барышты. Ташты ордуна Мухаммед (алейхис салам) өз колдору менен койду. Ошентип, уруулардын ортосунда улам кызып бараткан тирешүүнү жана тутанышына аз калган чатакты токтотуп калды[49].

Каабадагы анын ушундай кыраакылыгы, теңдешсиз ахлактуулугу жана ушул сыяктуу улук касиеттери келечекте «Пайгамбарлардын Султаны» болорунун жышааны эле. Меккеде туулуп өскөн Мухаммед Мустафанын пайгамбар болору али билине элек болчу, бирок, тавхиддин таалайлуу жолунан адашпаган өзгөчө пенделер акыр заман пайгамбарынын чыгар маалынын жакындаганын сезип турушкан. Маселен, Кусс бин Саида ошондой окумал адамдардан эле.

1.3.10 Хира үңкүрүндөгү обочолонуу

Пайгамбарлык милдет жакындаган сайын Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) жалгыздыкты каалап, ой дайрасынын түпкүрүнө сүңгүп кетип жатты. Кээде Мекке шаарынан алыстап, ээн жана тынч жерлерде жүрө турган болду. Ушинтип жер кезип жүргөндө жолунан чыккан ташы да, дарагы да «ас-саламу алайка йа, Расуулуллах!» деп салам берип жатты. Чочулаган тейде айланасына көз жүгүрткөнү менен таштардан жана дарактардан башка эч нерсени көрө алчу эмес[50].

Алланын Элчиси мындай деген:

«Мен Меккеде бир ташты билем, пайгамбар боло электе мага ар убак салам берер эле. Анын ордун азыр да билемин» (Муслим, Фадаил, 2).

Ушул өңдүү окуялардан улам, Азирети Али буларды билдирген:

«Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) менен Меккеде элем. Меккенин айрым жерлерине чогуу барчубуз. Тоо-таштардын, бак-дарактардын арасында жүрдүк. Жолубуздан чыккан тоо-таш, бак-дарактын баары Алланын Элчисине: «ас-Саламу алайка йа, Расуулуллах!» – деп салам берип жатты» (Тирмизи, Манакиб, 6/3626).

48. Абдурраззак, V. 319; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 304.
49. Ибн Хишам, I, 209-214; Абдураззак, V, 319.
50. Ибн Саьад, I, 157.

Рамазан айы кирип келгенде, Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) бир ай бою Хира үңкүрүнө оолактап кетчү эле. Бул мезгилдерде кандайдыр бир маселе менен келген колунда жокторду, кембагалдарды жана карыптарды тойгузуп, муктаждыктарын камсыздайт эле. Үңкүрдө талыкпай ибадат кылчу. Кайтканда туура Каабага барып сыйынып, анан үйүнө барчу[51].

Коомдун бутпарастыгын көрүп, зээни кейичү. Аларга аралашпай тынч жайга ыктаганы ошондон эле. Жаратканды талыкпай зикир кылар эле. Үңкүрдө, тала-түздө жалгыз жүргөн мезгилинде бабасы Ибрахим пайгамбар сымал асман-жердин шаан-шөкөтүнө, өкүм-өлүмүнө терең ой жүгүртүү жана Каабаны талбай кароо аркылуу ибадат кылчу.[52]

Бул жерде эскерте кете турган нерсе, адамдардан, эл-журттан безип, тоолорду же үңкүрлөрдү байырлоо туура эмес. Мындай жүрүш Азирети Пайгамбардын жана сахабаларынын тажрыйбасына каршы келет.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам): «Эл аралап, алардын мүшкүлүнө кол кабыш кылган мусулман, журттан алыстап, элдин мүшкүлүнө аралашпаган мусулмандан дагы да кайырлуу» деген насаатты айткан (Тирмизи, Кыямат, 55).

Кой кайтарганы, Фижар урушуна жана Хилфул-фудулга катышканы, соодагерчилик кылганы, Каабанын кайрадан курулушуна иштегени сыяктуу көптөгөн иш-аракеттери анын Пайгамбарлыктан мурда да элдин арасында жүрүп, турмушка күйүп бышканынан кабар берет. Ал коомчулуктагы жалаң жакшы иштерге жигердүү катышып, жексур иштерине жологон эмес.

51. Ибн Хишам, I, 253-254.

52. Айни, I, 61; XXIV, 128.

1.4 БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.4.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле?

1. Пайгамбарыбыздын пайгамбарлардын биринчи жана акыркы чынжыры болушу эмнени билдирет?

2. Пайгамбарыбызды таанып билбеген жана анын өмүр таржымалын үйрөнбөгөн адам Ыйык Куранды толук мааниде түшүнө алабы?

3. Ислам маданиятын туура үйрөнүү жана жашоо үчүн Пайгамбарыбыздын жашоосун билүүнүн мааниси эмнеде?

4. Каабанын курулушу жөнүндө маалымат бергиле?

5. Абраха эмне үчүн Каабаны бузгусу келди? Бул аракети кандайча натыйжаланган?

6. Аллахтын Абраханын аскерлерин кичинекей канаттуулар жана таштар менен жок кылуусунун кандай сабактары бар?

7. Аллахтын Элчиси “Мен эки курмандыктын уулумун” деген сөзү менен эмнени айткысы келген?

8. Эмне үчүн Пайгамбарыбыз сүт энеге берилген?

9. Пайгамбарыбыздын төрөлгөнгө чейин атасын, алты жашында энесин, сегиз жашында чоң атасын жоготконунун себептерин түшүндүрүп бериңиз?

10. Пайгамбарыбыз жаш кезинде катышкан соода кербендери жөнүндө кыскача маалымат бериңиз?

11. Хилфүл-фудул коому эмне үчүн түзүлгөн?

12. Пайгамбарыбыз Хадижа энебизге кантип үйлөнгөн?

13. Меккелик мушриктердин бири Ас бин Ваилдин пайгамбарыбызды “эбтер” деп атаганынын себебин түшүндүрүңүз?

14. Пайгамбарлык жакындаган жылдары пайгамбарыбыздын обочолонгонуна эмне себеп болгон?

15. Пайгамбарыбыздын балдары туурасында маалымат бергиле?

16. Пайгамбарыбыз Азирети Алини эмне үчүн өзүнүн карамагына алган?

17. Азирети Пайгамбарыбыздын Зайд бин Харисти азат кылуусу туурасында айтып бергиле?

18. Азирети Мухаммед пайгамбардын балалык чагы туурасында маалымат бергиле?

19. Азирети Мухаммед тууралуу кайсы аяттарды билесиңер?

20. Кечил Бахири Пайгамбарыбыз тууралуу эмнелерди айткан?

1.4.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Куранда Пайгамбарыбызга айтылган аяттардын бири эмес?

А. Сен шек күмөнсүз изги ахлактын сересиндесиң

Б. Ал адамдарды хидаятка чакыруу үчүн жиберилген жалгыз пайгамбар.

В. Албетте, Алла Таала да, Анын периштелери да Пайгамбарга дуба жана салам айтышат.

Г. Эй, ыйман кетиргендер! Амалыңар текке кетпесин үчүн Алла Таалага жана Пайгамбарга моюн сунгула

2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Каабанын ыйыктыгын көрсөткөн окуялардан эмес?

А. Адам-Аейхисселам бейиштен чыгарылып ушул жерге түшүрүлгөн.

Б. Абраха Каабаны бузгусу келсе да ага кудурети жеткен эмес.

В. Мусулмандардын кыбыласы катары тандалышы.

Г. Мусулмандардын Мединага көчүүсү жана Каабаны таштап кетүүсү.

3. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири арабдар согушту арам деп эсептеген айлардан эмес?

А. Рамазан.

Б. Зилкаада

В. Мухаррам

Г. Ражаб

4. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы «Пил окуясынан» чыгарууга боло турган белгилердин бири болушу мүмкүн эмес?

А. Аллахтын буйругу менен курулган Кааба ар дайым кудайдын коргоосунда.

Б. Колунда бар нерсеге каанаттанбай андан көп нерсени каалагандар Абраха сыяктуу бир күнү жок болушат.

В. Аллах кааласа, каардуу жана козголоңчу кулдарын кичинекей жаныбарлар менен да жок кылат.

Г. Аллахтын такыба кулдарына же ыйык жерге жасалган адилетсиздик Кудайдын жазасын талап кылат.

5. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Пайгамбарыбыздын теги кирген уруулардан эмес?

А. Нажжаруулдары

Б. Кинанеуулдары

В. Хашимуулдары

Г. Курайшуулдары

6. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Пайгамбарыбызды сүт энеге берүү себептеринен эмес?

А. Таза Араб тилин үйрөнүү.

Б. Меккенин ысык жана ылайыксыз аба-ырайынын зыяндарынан коргонуу.

В. Шаардын климатына эмес, адамдарды кайраттуу жана күчтүү кылган чөйрөдө чоңойуусу.

Г. Азирети Аминанын баласына карай албай турганчалык даражада жалгыз жана оорулуу болуусу.

7. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Пайгамбарыбыздын көкүрөгү жарылуу окуясынан алына турган сабактардан эмес?

А. Келечекте ага вахий боло турган аяттарды алдын ала жүрөгүнө жайгаштыруу.

Б. Жүрөк дүйнөсүн руханий жактан тазалоо жана жүрөгүн алдын ала вахийге даярдоо.

В. Келечекте ага бериле турган Жараткандын акыйкаттарын терең түшүнүү.

Г. Бардык жаман сапаттарды жүрөгүнөн алып салуу жана анын ордуна жакшы сапаттарды жайгаштыруу.

8. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Пайгамбарыбыздын пайгамбарлык кылгандан мурунку анын мүнөздөрүнөн эмес?

А. Алла Тааладан башка эч бир жандыкка сыйынган эмес.

Б. Мүнөзү жагынан өзүнүн уруусунун эң мыктысы жана эң адептүүсү.

В. Адамдар адилетсиздикке учураса да ага эч качан кийгилишкен эмес.

Г. Адамдарга зыян келтирүүдөн жана зулумдук кылуудан алыс болуусу.

9. Төмөнкү маалыматтардын кайсынысы Азирети Хадича менен Пайгамбарыбыздын никеси жөнүндө туура эмес маалымат?

А. Пайгамбарыбыздын Азирети Хадижанын товарлары менен соода кылуусу алардын бири-бирин жакындан таануусу никелешүүсүнө себеп болгон.

Б. Пайгамбарыбыз Меккедеги жаш аялга үйлөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуна карабастан байлыгы жана сулуулугу үчүн Азирети Хадижа менен үйлөнүүнү туура көргөн.

В. Пайгамбарыбыз материалдык кыйынчылыктардан улам үйлөнүүнү ойлогон эмес; бирок ал тектүү жана адилеттүү айымдын сунушунан баш тартууну каалаган эмес.

Г. Меккедеги бай жана тектүү адамдар Азрети Хадижага үйлөнгүсү келсе, ал Мухаммед пайгамбардын инсандыгына жана мүнөзүнө суктангандыктан, ага турмушка чыгууну туура көргөн.

10. Азирети Зайд боштондукка чыгып, атасы жана агасы менен кайра кетүү мүмкүнчүлүгү болсо да Пайгамбарыбыздын жанында калууну артык көрдү. Бул чечимди кабыл алууга төмөнкүлөрдүн кайсынысы себеп болгон?

А. Көп жылдардан бери алыс жүргөн атасына жана агасына болгон сүйүүсүнү азайуусу.

Б. Сүйүктүү Пайгамбардын жанындагы тынчтыкты жана руханий жыргалчылыкты жоготуп алуудан коркуу.

В. Пайгамбарыбыздын жанындагы руханий баалуулукту өз үйүнөн таппай турганы.

Г. Азирети Мухаммед пайгамбардын жанындан кеткенде кайра аны көрбөй калуу коркунучу.

محمد رسول الله



ЭКИНЧИ БӨЛҮМ



ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **ПАЙГАМБАРЛЫК ВАЗЫЙПАНЫН БЕРИЛҮҮСҮ**
- **МЕККЕ ДООРУ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖЫЛЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ**

1.5 ПАЙГАМБАРЛЫК ВАЗИЙПАНЫН БЕРИЛҮҮСҮ
1.6 МЕККЕ ДООРУ
1.7 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖЫЛЫ

1.7.1 Вахийдин башталышы: Чындык түштөр

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) жаштык курактыпакиза, үлгүлүү жашады. Андан соң үй-бүлөлүк турмушунда алгылыктуу жетишкендиктерди жаратып олтуруп кырктын кырына келгенде Пайгамбарлык жүктү аркалады. Кырк жашка али алты ай бар эле. Жараткан Алла Таала Меккедеги Хира үңкүрүн ага рухий мектеп кылып ачып берди. Алланын таалими Хирада китепсиз, дептерсиз жана калемсиз өттү. Берекелүү дарсканада түбөлүк сырдын маңыздуу сабактарын окуду. Вахийлерге даярдык көрдү.

Бул даярдыктын алгачкы алты айы кадимкидей эле «чындык түштөр» (түш көрүү) менен өттү. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) түшүндө эмнени көргөн болсо, алардын баары өңүндө дал ошондой чындыкка айланып жатты. Азирети Аиша энебиз мындай деген:

«Улуу Пайгамбарыбызга келген вахий уктаганда «чындык түш» болуу менен башталган экен. Уктагандагы көргөн түшү өңүндө дал өзүндөй жүзөгө ашкан» (Бухари, Бад-ул-Вахий, 3).

Пайгамбарлык негизинен, ары оор, ары түйшүктүү жоопкерчилик болгондуктан, ага көнүгүүсү жана даярдануусу үчүн Жарбаил периште башында Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) түшүнө кирип жүргөн.

Алкама бин Кайстын маалыматына таянсак, пайгамбарларга жиберилген кабарлар жана буйруктар оболу түш аркылуу билдирилип, андан соң вахий түрүндө түшүрүлгөн[53]. Алардын жүрөктөрүн, аң-сезимдерин чоң вахийлерге көнүктүрүү үчүн Алла Таала садык түштөрдү тартуу кылган.

Түш көрүү мына ошол себептен, пайгамбарлардын вахийди алуу жолдорунун алгачкы баскычтарынан болуп саналат. Буга Азирети Ибрахимдин төмөнкү сөзү мисал:

«… Каралдым! Түшүмдө сени мууздап салганымды көрдүм, эмне дейсиң, бир ойлонуп көр?!..» (Саффат сүрөсү, 102-аят).

1.7.2 Алгачкы вахий жана анын үзгүлтүккө учурашы

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) жашы кыркка келип, рухий жетилүүгө багытталган алты айлык камылга мезгили да аягына чыгып калган эле.

53. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 555.

Куттуу Рамазан айынын он жетинчи күнү[54]. Адаттагыдай эле Хира үңкүрүндө отурган. Аңгыча Жабраил (алейхис салам) келип Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) буйрук берди:

«– Оку!»

«– Мен окуганды билбеймин!» – деди кетенчиктей.

Периште ушул эле буйрукту үч жолу кайталап, үч жолу тең:

«– Мен окуганды билбеймин!» – деген жоопту алды.

Жабраил периште Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) көкүрөгүн үчүнчү жолу кысып кайра койо берди. Аңгыча Алланын вахийи төмөнкүчө билдирилди:

«– (О Махаммед! Бардык жаратылышты) **Жараткан Раббиңдин наамы менен** (баштап) **окугун! Ал инсанды коюу кандан жараткан. Окугун! Сенин Раббиң** (адамзатка) **калемди** (жазууну-катты) **үйрөткөн өтө Берешен. Ал инсанга билбеген нерселерин үйрөттү».** (Алак сүрөсү, 1-5-аяттар).

Мына ушул алгачкы саамалык вахий аркылуу Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) жана ал аркылуу бүткүл адамзатка Алла Тааланын белеги – Курани Карим түшө баштаган.

Асман каалгаларынан жер-жүзүнө мээрим жана дабаа болуп түшө баштаган Курандан Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) эң алгач ушул аяттарды алды. Жабраил кеткенден кийин вахийдин айбатынан коркуп калган Пайгамбар жүрөгү калтаарып, ажайып ылдам басып, үйүнө кайтты. Эшиктен капыл-тапыл кирери менен Азирети Хатижадан өтүндү:

– Мени оро, орой салчы!

Бир топ эс алып, жаны жай тартып калган соң башынан өткөн окуяны кабагы менен тең айланган өмүрлүк жарына баяндап берди. Акырында:

– Хатижа, эми мага ким ишенет? – деди, муңайыңкы түрдө.

Өмүрлүк жолдошунун оор санаасын аңдаган кыраакы жубайы көңүлүн көтөрө мындай деди:

– Кудай алдында касам этем, Жараткан Алла Таала сени эч убакта уят кылбайт. Анткени, сен тууган-уругуңду коргойсуң, кембагалдарга жардам берип, эч кимдин колунан келбей турган жакшылыктарды кылып келесиң. Асыресе, аябай меймандос адамсың. Кудай үчүн калкка жардамыңды аябайсың… Оо, Алланын Элчиси! Сени эң оболу мен кабыл кылдым жана ишендим. Алланын жолуна эң биринчи мени чакыр! – деп, биринчилердин эң биринчиси болуп Азирети Хатижа Ислам динин кабыл кылган.

Башкача айтканда, Азирети Хатижа энебиз бир караганда жан дүйнөсүнүн тили менен:

«– Жакшылык жакшылыкты эрчитип келет! Жакшылык жакшы акыбеттен башка эмне алып келиши мүмкүн!» дегенсиди. Ал Алланын Элчисинин таза өтмүшүн жаркыраган келечекке жоруп, бүт дили менен жакшылык болоруна ишенди.

54. Ибн Саьад, I, 194.

«Жакшылыктын сыйлыгы жалгыз гана жакшылык эмеспи?» (Рахман сүрөсү, 60-аят).

Жолдошунун көңүлүн тынчтандыруу максатында Азирети Хатижа аны Варака бин Навфалга алып барды. Варака бин Навфал кутман энебиздин тууганы болгон.

Аламан калк жабыла буттарга сыйынып, күнөөгө малынып жүргөн кезде Варака бин Навфал бутпарастыктан, жаман адаттардан өзүн таза алып жүргөн адам эле. Христиан динин тутунчу. Иврит тилин билгендиктен, Инжил окуганды, кат жазганды билген. Жашы бир топко барып, көздөрү азиз болуп калган эле.

– Кагылайын тууганым. Жакшылап кулак салчы, ииниңдин уулу сага маанилүү нерсени айткысы келип жатат? – деп өтүндү Азирети Хатижа.

Кызыгы арта түшкөн Варакага Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) башынан өткөн окуяларды тизмектеп берди.

Анын айткандарын терең салмактап көрүп акыр замандын эң улуу акыйкатын аңдаган Вараканын жүзү күлмүңдөп барып, эмелеки кубанычы көз ачып жумганча алда кайда житип кетти. Улутунуп бир топко ойго чөмүлүп отуруп, анан жанындагылар капыстан эсине түшкөндөй сөз баштады:

– Бул сен көргөн Алла Таала Мусага жөнөткөн Намуси-Акбар (Жабраил) болот. Эх аттиң, сен элди чакырган ошол таалайлуу күндөрүңдө жаш болсом кана атаганат! Сени элдер өз журтуңдан чыгарар кезде тирүү турсам, көргүлүктө көрсөтөт элем аларга! – деп ызырынып алды.

– Алар мени мекенимден чыгарышабы?

Аргасыздан ийинин куушура:

– Ооба. Сенден мурда дин апкелген пайгамбарлардын көпчүлүгү өз журтунан куулушкан. Сен элди дааат кылган күндөргө чейин көзүм тирүү турса, албан жардамым тийбейт беле сага.

Чындап кейигени жүзүнөн байкалып турду. Ушул баарлашуудан көп өтпөй Варака көз жумду. Вахий үзгүлтүккө учурады (Бухари, Бад-ул Вахий 1, Анбия 21, Тафсир 96; Муслим, Иман, 252).

❖

Алгачкы вахийден соң, кезектегиси узун убакытка үзгүлтүккө учурады. Бул бир караганда, Азирети Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) байма-бай келе турган вахийлерге даярдоо, камылга көрүү мезгили сыяктуу болду. Анткени, вахийдин алуу учуру абдан татаал болгондуктан, аны жүктөнүү да оңой эмес болчу.

«Анткени, Биз сага оор сөздү – Куранды түшүрөбүз» (Муззаммил сүрөсү, 5-аят) деген аят менен ушул чындыкты таамай баян кылган. Күнүмдүк жашоодо түштөрүнүн чындыкка айланганы аны чочулатып жүргөн болсо, бул ирет вахий апкелген периштенин сүрү, капыстан чыга калышы андан бетер коркуткан. Андан соң Азирети Хатижанын жылуу сөздөрү жана Вараканын айткандары дем берип, кайрадан өзүнө келе түшкөн. Ошондон тарта кезектеги вахийди чыдамсыздык менен күтө баштады. Анда-санда Хира үңкүрүнө барып, мемиреген тынчтыктын койнунда вахийди күтмөйдү адатка айландырды.

Байланыш үзүлгөн ушул күндөрдө каран туткан жакыны Азирет Хатижа болду. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ошол себептен анын руханий жылуулугун, аярлыгын, кыраакылыгын абдан баалаган. Жубайынын көзү өтсө да көп эскерер эле. Курмандык чалганда ар дайым Азирети Хатижанын туугандарына эт бөлүп, жеткиртип берер эле. Анын жаркын элеси Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) көкүрөгүндө унутулгус эскерүүгө айланып кала берген.

1.7.3 Азирети Пайгамбарыбыздын сабатсыз (уммий) болушу жана аялуу сырлары

Уммий сөзү: «энеден төрөлгөндөй аруу, пакиза, окууну, жазууну билбеген, эч бирөөдөн сабак албаган, Меккеге таандык, Иудей же Христиан эмес, араб эли» деген маанилерди туюнтат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) сабатсыз болгон, тактап айтканда, окуганды да, жазганды да билген эмес.

«**Алар алдыларындагы Тооратта жана Инжилде жазылганды табышып, сабатсыз Пайгамбарды ээрчишет.** … » (Араф сүрөсү, 157-аят).

Арабдардын дээрлик көпчүлүгү кат-сабат таанышкан эмес. Шаан-шөкөттүү маданияттан алыс жашашкан. Жараткан Алла ошо арабдардын өз арасынан түпкү пакизалыгы бузулбаган, жүрөгү булганбаган, нукура адамгерчиликти өз боюна сиңирген бир Пайгамбарды жөнөткөн.

«Сабатсыздарга өз араларынан (Алланын) **аяттарын үйрөткөн, аларды тарбиялаган, китепти жана даанышмандыкты үйрөткөн пайгамбарды Ал** (Аллах) **жөнөткөн. Шек-күмөнсүз мурдалары алар ачык эле адашып жүрүшкөн»** (Жума сүрөсү, 2-аят).

Уммийлик (сабатсыздык) деген сөз жалпы адамдар үчүн билимсиздик өңдүү кемчиликти түшүндүргөн сыпат болгон болсо, Алланын Элчиси үчүн тескерисинче, кемелине келгендикти жана бийиктикти түшүндүрөт. Сабатсыз болуп туруп дүйнөлүк илимий ишмерлерди, окумуштууларды, залкар жазуучуларды жана далай көсөм билермандарды таң калтырган артыкчалыгы – анын Кудай Таала түздөн- түз жөнөткөн Пайгамбар экендигин тастыктаган таасын далил.

«Сен (Куран түшүрүлгөнгө) **чейин бир да китеп окуган эмес элең жана өз колуң менен кат да жазган эмессиң. Болбосо бузуку кишилер, албетте, күмөнгө түшкөн болушар эле»** (Анкабут сүрөсү, 48-аят).

Кудай Таала вахий менен колдобосо, сабатсыз адамдын тек гана жүрөк туюму менен жаамы адампендени жана жиндерди алсыраткан мужизаны – Куранды ойлоп табуусу, фараондун, Муса пайгамбардын энесинин окуясы, Жусуп пайгамбардын баяны сыяктуу тарыхый акыйкаттарды билиши мүмкүн эмес.

1.7.4 Вахийдин кайрадан башталышы

Вахий алты айлык мезгилге үзгүлтүккө учураган. Кайра башталуусун төмөнкүчө маалымдаган:

«Күндөрдүн биринде жолдо баратып, көк тараптан келген бир башкача үндү уктум. Башымды көтөрсөм, Хирада мага келген периште, жер менен асмандын ортосунда бир орундукта отурган экен. Абдан коркуп (үйүмө) кайттым да: –(Үйгө келип) мени чулгагыла, мени чулгагыла! – дедим.

(Мен чүмкөнүп олтурганымда Жабраил келди) Алла Таала, (анын ортомчулугу менен):

«Оо, (кийимине) **чүмкөнүп алган адам тургун да,** (инсандарга акырет азабын) **эскерткин! Жалгыз Раббиңди даңазалагын! Кийимдериңди таза туткун! Жаман нерселерден узак болгун!»** (Муддассир сүрөсү, 1-5-аяттар) деген аяттарды билдирди. Вахий ошондон тарта эч токтоду» (Бухари, Тафсир, 74/4, 5; Муслим, Иман, 255-258).

Муддассир сүрөсү түшүрүлөрү менен Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) эс алуу үчүн жаткан жеринен ыргып турду. Өмүрлүк жолдошунун көңүлүндө олуттуу көйгөй бар экенин баамдай койгон кыраакы эне:

– Эмне үчүн эс албастан туруп алдыңыз? – деди.

Алланын Элчиси чечкиндүү айтты:

– Болду эми, эс ала турган убакыт өттү! – деп, жаңы келген вахийди билдирди.

Ошол алгачкы вахий келген учурларда Жабраил периште Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) даарат алууну жана намаз окууну үйрөткөн. Жараткан Алла сүйүктүү Пайгамбарын (саллаллаху алейхи васаллам) ага жага турган ибадат менен сүйүндүргөн.

Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) сүйүнүчү койнуна батпай, үйүнө кайткан. Эшиктен кирери менен Жараткандын улуу сыйлыгын аялына сүйүнчүлөп, даарат алууну жана намаз окууну ага да үйрөткөн[55].

1.7.5 Алгачкы мусулмандар

Алгачкы ыйман келтирген момун мусулман Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) болуп саналат. Бул жагдай Куран аятында мындайча билдирилет:

«Пайгамбар Раббиси тарабынан жиберилгенге (Куранга) **ыйман келтирди…»** (Бакара сүрөсү, 285-аят).

«(Эй, Мухаммед) **«Акыйкатта, мен динде бир гана Аллага берилип, калыс ибадат кылууга, Аллага моюн сунуучулардын эң биринчиси болууга буйрулганмын», – дегин»** (Зумар сүрөсү, 11-12-аяттар).

55. Ибн Исхак, б.117; Ибн Хишам, I, 262-263.

Ыймандан бактысын тапкан экинчи инсан – кутман энебиз Азирети Хатижа (Алла ага ыраазы болсун). Азирети Хатижаны көргөн кыздары Азирети Рукийя, Умму Гулсум жана Фатималар, дароо ыйман келтиришип, мусулман болушкан[56].

Күндөрдүн биринде Азирети Хатижанын намаз окуп жатканын Азирети Али көрүп айран таң калды. Зирек өспүрүм кызыгы артты көрүнөт суроо узатты:

– Эмне кылып жатасыз?

Бул суроого Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) өзү жооп берди:

– Бул Алла Тааланын Өзү үчүн тандаган дини болуп саналат. Мен сени жалгыз Аллага ыйман келтирүүгө, ибадат кылууга, эч бир пайда же зыяны болбогон Лат менен Уззаны чанууга жана тануугa чакырам!

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) жооп берди:

– Мындай динди ушу кезге чейин бир да жолу уккан эмес экенмин. Атамдан сурабай туруп чечим кабыл албаймын, аны менен бир кеңешип көрөйүн.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз дал ошол учурларда үгүт иштерин жашыруун жүргүзүп жүргөндүктөн, ага эскертүү берди:

– Али, эгер мусулман болгуң келбесе, мен айткан нерселерди жашыруун карма, жарыя кылба!

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) ал түнү унчукпады. Алла Таала анын жүрөгүнө Исламга болгон сүйүүнү сүртүп койду. Күн чыгары менен Пайгамбарыбызга барып, Ислам дини тууралуу суроо бере баштады. Алынган жооптор анын көңүлүнө чындап эле жагып калды көрүнөт, Исламды кабыл кылып дароо мусулман болду. Мусулман болгондугун бир топко чейин атасынан жашырып жүрдү. Азирети Али дал ушул мезгилдерде он жашта болгон (Ибн Исхак, б. 118; Ибн Саьад, III, 21).

Намаз маалы жакындап калганда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Алини ээрчитип Меккенин четиндеги дөңсөөлөрдүн арасына кетчү. Экөө көздөн далдоо жерде намаз окуп, күүгүмдө үйгө кайтышар эле. Мындай көрүнүш бир топко чейин уланып турду.

Абу Талиб акырында инисинин жана уулунун жашыруун түрдө намаз окуп жүргөнүн билип калды. Жашыра турган эч нерсе калбагандыктан, Азирети Пайгамбарыбыз аны да Исламга үгүттөдү. Абу Талибдин жообу мындайча болду:

– Кагылайын тууганым! Бир боорумдан калган карааным! Ата-бабаларыбыз калтырып кеткен динди таштап коюуга менин күчүм жетпейт. Бирок, сен бул дениңден баш тартпа, жолуңду улап кете бер. Касам ичип айтамын, мен тирүү турганда сага эч ким жолто боло албайт!

Анан уулу Алиге насаатын айтты:

– Уулум, абакең сени жакшылыкка жана таза жолго гана жылоолойт. Сен агаңдын жолуна бекем бол! Анын айтканы менен бол! (Ибн Хишам, I, 265).

56. Ибн Саьад, VIII, 36

Кулчулуктан азаттыкка чыккан Зайд бин Харис (Алла ага ыраазы болсун) Алиден кийин Исламды кабыл алган. Намазды үйрөнүп, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) кызматын кылган жароокер жардамчысы болгон. Таифтин чуулуу аламан калкы Алланын Элчисин ташбараңга алган кезде Зайд бин Харис аны калкалап ташка, кесекке денесин тоскон. Ошондо Зайддын соо жери калган эмес, денесинен кан сызылып, көп жаракат алган. Мындай тайманбастыгы менен Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүн жана берилгендигин далилдей алган. Ошону менен катар, акыркы Элчинин сүйүүсүнө, көңүл буруусуна арзыган.

Азирети Абу Бакир Азирети Мухаммед менен тээ мурдалары эле жакын дос болгон. Бала кезинен бери анын адеп-ахлагын, жароокерлигин жана ишенимдүүлүгүн көрүп жүргөн. Анын мүнөзүн, жүрүм турумун Азирети Абу Бакир жакшы билген. Анын бир жолу жалган айтканын уккан да, көргөн да эмес. Ошол себептен, Алла Таала тууралуу жалган пикирлерди айтышы мүмкүн эмес деген ойдо болгон. Ушулардын баарын эске алган Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) Алланын Элчисинин бир ооз дааватын жерге таштабай. токтоосуз Ислам динин кабыл кылган[57].

Азирети Абу Бакир алгачкы ыйман келтиргендерден болгон. Ошону менен бирге, ыйманына чаң жугузбай «Сыддык» - деген улуу сыпатка жетишкен. Андан кийинки мезгилдерде да Ислам дининин өркүндөп-өсүшү үчүн материалдык да, рухий да эч бир жоопкерчиликтен бой качырган эмес. Кайсыл гана иш болбосун, Жараткан Алланын ыраазылыгын табуу үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн кошуп, ак дилден кызмат өтөгөн.

Абу Бакирдин мусулман болуусуна Азирети Пайгамбарыбыз абдан сүйүнгөн. Ага сүйүнгөнчөлүк башка эч нерсеге сүйүнгөн эмес экен. Кадырман сахаба мусулман болоору менен, Ислам динин кабыл кылганын ачык айтып, элди Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтирүүгө үндөй баштаган[58].

Абу Убайда бин Жаррах, Абу Салама, Аркам бин Абул Аркам, Усман бин Мазун, Асма бинти Абу Бакир, Хаббаб бин Арат, Абдуллах бин Масуд, Абдуллах бин Жахш, Жафар бин Абу Талиб аялы, Асма бинти Умайс, Абу Хузайфа, Амр бин Фухайзалар (Алла аларга ыраазы болсун) алгачкы мусулмандардан болуп, ыймандын ырахатын таткан инсандардан болуп саналат.

1.7.6 Дарул-Аркам: Алгачкы мусулмандардын таалим-тарбия жана окуу борбору

Алланын Элчиси Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) үч жыл бою Ислам динин жашыруун жайып, үгүттөп жүрдү. Чакырыкты кабыл кылбагандарга бул тууралуу эч кимге ооз ачпоону өтүндү. Пайгамбарлык келген жылы Аркам бин Абул Аркам (Алла ага ыраазы болсун) мусулмандыкты кабылдаган эле. Ошондон тарта мусулман сахабалар Аркамдын үйүнө жашыруун жыйналып жүрүштү.

Мусулмандар Аркамдын (Алла аларга ыраазы болсун) үйүн «Дарул-Ислам» деп атап алышты. Анын үйү Сафа дөңсөөсүнүн жанында эле. Ардактуу Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мушриктерден жашырынып, куттуу үйгө барып, жаңы мусулмандарга

57. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 78.

58. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 80-81.

Исламды таанытып, Куран аяттарынан окуп, насыяттардан айтып берип жүрдү. Чогуу намаз окушчу. Көп адамдар Ислам менен ушул үйдө таанышып, ушул үйдө ыйманга келишкен.

Мусулмандардын мындай жашыруун жыйналыштары, өткөрүп жүргөн дин сабактары, талкуулары алты жыл бою Азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун) мусулман болгонго чейин сүргөн. Ислам динин жайылышында, диний сабактардын өтүлүүсүндө бул куттуу үйдүн тарыхый чоң салымы бар.

Демек, Ислам динине байланыштуу иш-аракеттер кыямат кайымга чейин Азирети Пайгамбарыбыз үйрөтүп кеткен эрежелеринин негизинде жүргүзүлүшү керек. Дин Исламдын мындан ары дагы илгерилеши же такыр маалыматы жок элдерге динибизди жайылтуу үчүн эң башта таалим-тарбияга, окууга, үйрөнүүгө абдан маани берүү зарыл.

1.8 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ

Жашыруун сүргөн үч жылдык чакыруудан кийин пайгамбарлыктын төртүнчү жылы Алла Таала буйруду:

«(Элчим!) **Сага буйрулгандар тууралуу ачык-айкын кабарла! Мушриктерден жүз үйрү. Акыйкатта, Биз сени шылдыңдоолордон коргойбуз!»** (Хижр сүрөсү, 94-95-аяттар).

Исламды жалпы элге жар салууга бул аяттар буйрук иретинде келди. Бул жагдай дагы да ачык, жадагалса, эскертүү иретинде башка аятта минтип буйрулат:

«О, адамдар! Мен шек-күмөнсүз баарыңар үчүн жөнөтүлгөн Алланын элчисимин. Алла бүтүндөй асмандар жана жердин ээси. Андан башка кудай жок. Ал тирилтет жана өлтүрөт! Аллага жана Анын сөздөрүнө ишенгиле. Жиберилген сабатсыз Пайгамбарга ишенип, аны ээрчигиле. Ошондо туура жолду табарсыңар», – дегин» (Арааф сүрөсү, 158-аят). Ушул буйрук менен Ислам динине ачык чакыруусу керек эле.

Бирок, кайсы жерден, кантип баштоону ойлонуп жаткан кезде дагы башка вахий келди:

«Оболу, өзүңдүн эң жакын тууганыңа (акырет азабын) **эскерт!!»** (Шуара сүрөсү, 214-218-аяттар).

Жараткан Кудай Таала буйругандай, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) адегенде өзүнүн жакын туугандарынан баштады. Аларды үйүнө чакырып сыйтамагын берди. Аркы-беркиден кеп салынды. Анан сөз баштады:

– Абдулмутталибден тараган менин жакын туугандарым! Мен бүт адамзатка Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм. Менин кээ бир мужизаларымды да көрүп турасыңар. Кимиңер өз тууган жана досум катары сөз берип мени ээрчийсиңер?

Анын бул сөздөрүнө эч ким деле маани бербеди көрүнөт, кыйлага дейре жымжырттык өкүм сүрдү. Ошол мезгилдерде тестиер өспүрүм экендигине карабай, ыймандуулардын кербенине алгачкылардан болуп кошулган Азирети Али тура калып:

– О, Алланын Элчиси! Сага мен жардамчы болом! – деди.

Көчөт сезим Алинин (Алла аларга ыраазы болсун) бул сөзүнө акылы жете бербеген көпчүлүк, аны мыскылдагандай түрдө акшыя карап калышты. Али элдин арасынан суурулуп чыгып Алланын Элчисинин жанына барды. Мусулман өспүрүмдү жылмаюу менен тосуп алып, миллиарддаган адамдар өбө албай кеткен куттуу колу менен баланын башынан сылап койду[59].

Алгачкы чакырыгынын колдоо таппаганына анчейин деле капа болгон жок. Анткени, Алла Таала ага төмөнкү аяттарды буйруп жаткан эле:

59. Ахмад, I, 111, 159; Хайсами, VIII, 302-303.

«Яа-Син. Даанышмандыкка толгон Курандын акы үчүн, сен шек-күмөнсүз пайгамбарлардансың! Туптуура жолдосуң!» (Яа-син сүрөсү, 1-4-аяттар).

«Биз сени жаамы адамзатка сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жибердик. Бирок, адамдардын көпчүлүгү муну биле беришпейт» (Саба сүрөсү, 28-аят).

Азирети Пайгамбарыбыз башка пайгамбарлардан жаамы адамзатка жөнөтүлүшү менен айырмаланат. Буга жогорудагы Курандын касиеттүү аяттары далил. Кутман Элчи (саллаллаху алейхи васаллам) бир хадисинде мындай деген:

«1. Мага бир айлык аралыктан душмандын жүрөгүнө коркунуч салуу артыкчылыгы берилген.

2. Жер жүзү мен үчүн мечит кылынып, тазаланган. Ошондуктан үммөт саналган бардык момундар намаз убагы кирген жерде намазын окусун!

3. Менден мурда пайгамбарлардын эч кимисине олжо алуу адал кылынган эмес эле. Мага олжо алуу адал кылынды.

4. Шапаат кылууга уруксат берилген.

5. Менден мурунку пайгамбарлардын баары өз улуттарына же урууларына гана жөнөтүлгөн эле. Мен болсо, бүтүндөй адамзатка Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм» (Бухари, Таяммум, 1).

Алгачкы чакырууда Алиден башка туугандарынын эч кимисинен оң жооп ала албаган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) арадан бир кыйла убакыт өткөндөн кийин үйүнө туугандарын кайрадан чакырды. Сый көрсөтүп, улуу маселени дагы козгоду:

– Абдулмутталибден тараган ардактуу туугандарым! Ушул тапта арабдардын арасынан чыгып, эки дүйнөңөрдүн жакшылыгы үчүн мен алып келгенден да жакшы динди жар салган адамды көрө да, биле да элекмин.

Туугандарым, силерге жана бүтүндөй адамзатка пайгамбар болуп жөнөтүлдүм. Мурда эч жерден көрбөгөн ажайып мужизаларды менден көрүп жатасыңар. Кимиңер бул жаатта мага көмөк көрсөтөсүңөр? Кимиңер туугандыгын далилдеп бейишке барууну каалайсыңар? Кимиңер ушул жолдо мага арка-жөлөк жана жолдош болууга сөз бересиңер?

Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) чакырыгы бул ирет дагы жоопсуз калды. Айрымдары мыйыгынан жымыйып, шылдыңдап тарап кетишти (Ахмад, I, 159; Ибн саьад, I, 187; Хайсами, VIII, 302; Ибн Асийр, аль-Камил, II, 63; Балазури, I, 119; Халаби, I, 283).

Бөтөнгө караганда туугандын пикирин тууган тез түшүнөт, бачым кабылдайт. Бул демейки акылга төп келер тажрыйбалык көрүнүш. Анын сыңары улуу чакырыкты туугандар кош колдоп колдоого алышканда, Ислам дининин коомго тарашы алдаканча тез болор эле. Тескерисинче, өз туугандар жол башчыны колдобой турган болушса, алыстагы бөтөн коомдун ага ишенүүсү, ыйман келтирүүсү кыйынга турат. Алланын Элчисинин Жараткандын буйругуна моюн сунуп, эң алгач өз жакындарын динге чакырганы ошондон эле.

1.8.1 Сафа дөңсөөсүндөгү кайрылуу

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Жараткандын буйругун орундатуу максатында, күндөрдүн биринде Сафа дөңсөөсүнө чыгып, курайш уруусуна үн салды. Эмне жаңылык болуп кетти экен деген кызыгууга жетеленген аламан калк дөңсөөнүн боорунa жыйналышты. Бийигирээк борчук ташка чыккан Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) элге минтип кайрылды:

– Оо, курайш жамааты! Ушу тоонун артында же болбосо ушул өрөөндө душмандын аттары турат, азыр силерди басып кирип, мал-мүлкүңөрдү талап кетет десем, мага ишенесиңерби?

Аламан калк эч ойлонбой туруп бир ооздон:

– Ооба ишенебиз! Анткени, сенин жалган айтканыңды эч качан уккан эмеспиз! Сени туура, чын сүйлөгөн адам катары тааныйбыз! – деп чуулдап жиберишти.

Келгендердин бир ооздон берген таасын баасын алгандан кийин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) аларга Кудай Таала жөнөткөн жарлыктарды угуза баштады:

-Андай болсо, азыр алдыда баарыңарды коркунучтуу азап күнү күтүп турганын, Алла Таалага ишенбегендердин ошол азапка дуушар болорун кабарлаймын. Ошол азапты эскертүү үчүн мен силерге Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм.

Курайш жамааты! Менин ушу азыркы абалым кудум кооптуу душманды көрүп, үй-бүлөсүнө зыяны тийип калышынан чочулап, кабар берүү үчүн алдастап чуркап келген адамдын абалы сыяктуу.

Курайш жамааты! Баарыңар уйкуда мемирегендей өлөсүңөр. Уйкудан ойгонгон сыңары тирилесиңер. Мүрзөдөн туруп Алланын алдына барарыңар, бул дүйнөдөгү жасаган бардык иш-аракетиңердин эсеп-кысабын берчү күн – кашкайган чындык. Натыйжада, же жакшылыгыңардын жана ибадаттарыңардын үзүрүн көрөсүңөр, же күнөө иштериңердин жазасын алып, катуу азап тартасыңар! Үзүр түбөлүктүү – бейиш; жаза – түбөлүктүү тозок» (Бухари, Тафсир, 26; Муслим, Иман, 348-355; Ахмад, I, 281-307; Ибн Саьад, I, 74, 200; Балазури, I, 119; Самура аз-Зайиид, I, 357-359).

Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) бул кайрылуусуна туугандарынан эч кандай деле жалпы каршылык келген жок. Жакын тууганы Абу Лахаб гана:

– Эй, колу куругур! Бул жерге бизди ушуну айтайын деп чакырдың беле? – деп, катуу жемелеп салды. Анын сөзү Азирети Пайгамбарыбыздын жүрөгүн оорутту.

Абу Лахабдын мындай орой кадамына жооп катары «Таббат Сүрөсү» түшүрүлдү:

«Абу Лахабдын эки колу курусун! Куруду да жок болду. Байлыгы жана жыйгандары ага пайда берген жок. Ал жана анын курма буласына таңылган отунду жүктөнгөн аялы алоолонгон тозок отуна кирет!» (Таббат сүрөсү, 1-5-аяттар); (Бухари, Тафсир 26/2, 34/2, 111/1-2; Муслим, Иман, 355).

Бул сүрөдө Абу Лахабдын аялы жөнүндө да айтылат. Ал Алланын Элчиси өтө турган жолго тикен коюп, ага азап тарттырган.

Бул сүрө ошол эле учурда, уруучулуктун жана кан жакындыгынын анчейин деле баалуулугу жок экендигин каймана түрдө билдирет. Эң негизгиси рухий жакындык, такыбаалык маанилүү. Анткени рухтун уруусу, канга тартмайы жок. Уруучулук денеге гана таандык нерсе. Дене болсо топуракта чирип жок болот. Адамдын бар баалуулугу анын рухий дөөлөтүндө. Киши баласынын материалдык тарабы саналган дене рухтун кийими таризде. Адам түрдүү кездемеден асемдеп кийим тиктирип кийсе деле, руханий өңүтү баалуу болуп кетпейт, тек гана сырткы көрүнүшү көркүнө чыгат.

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) аракети жемиштүү болуп, эжелери Азирети Сафия жана Азирети Атика, Азирети Аббас азат кылган Абу Рафи, Абу Зар жана Амр бин Абаса мусулман болушкан. Абу Зар (Алла аларга ыраазы болсун) Исламдан мурунку караңгылык доордо да буттарга табынбастан таза жүргөн инсан болгон. Дин Исламды кантип кабыл алганын мындайча баяндаган:

«Мен уруум гыфар болот. Меккеде бир адам өзүнүн пайгамбар болгондугун айтып чыгыптыр, деген кабарды угуп калдым. Ошол кабарды укканда эле Алла Таала менин жан дүйнөмө Исламга болгон бир жылуу сезимди салган экен. Унайс тууганыма барып:

– Сен Меккеге баргын да, көктөн кабар алдым деп жаткан адамга жолук. Аны менен баарлашып көр, жакшылап байкаштыр, анан мага кабар бересиң! – деп өтүнүчүмдү билдирдим.

Унайс Меккеге жөнөп кетти. Алланын Элчиси менен жолугушуп, анын сөздөрүн көңүлгө жакшылап түйүп калган экен, жайдары маанайда келди:

– Меккеге бардым. Сенин дениңди тутунган бир кишиге жолуктум. Алла Тааланын жердеги Элчиси экендигин айтты.

– Өзү ошентип жаткан болсо, айланасындагылар эмне деп жатышыптыр?

– Алжып калган жинди, сыйкырчы, акын, көзү ачык деп, ал тууралуу жаман ойлошот экен.

Тууганым адабият, айрыкча, акындык өнөр жаатында билгин адам болгондуктан, Азирети Пайгамбар тууралуу өзүнүн оюн айтты:

– Көзү ачыктардын сөздөрүн бешке билем. Анын сөздөрү көзү ачыктардын сөздөрүнө окшобойт, такыр коошпойт. Анын сөздөрүн акындыктын түрдүү жанрларына салыштырып көрдүм. Кудайга ант, аны ыр деп айтууга болбойт. Анын ар бир сөзү кашкайган гана чындык. Ага жалаа жапкандар жалган эле нерселерди көбүртүп жүрүшөт! Жалаакорлордун пикиринин эч бирине макул эмесмин, анткени, алардыкы акылга сыйбас тантырамайлар. Пайгамбармын деген адам жакшылыкка, ийгиликке жана адеп-ахлактык асыл сапаттарга чакырып, бузукулуктан, бүт жамандыктан тосуп жатат.

Тууганым канчалык берилип айтпасын, ага алымсына албадым. Эртеси азыгымды камдап, чаначыма суу толтуруп алып Меккеге карай жол тарттым. Бир топ жол жүргөндөн кийин көздөгөн жериме жеттим. Алланын Элчисин тааныбагандыктан, бирөө жарымдан сурагандан чочулап турдум. Каабага барып, зам-замдан кана ичип, бир кыйла күтүп турдум. Бир маалда жаныма бир өспүрүм келди:

– Баамымда, сиз узак жактан келген окшойсуз?

– Ооба, узактан келдим.

– Андай болсо бүгүн биздикине конок болуңуз, – деп, мени көндүрүп, үйүнө ээрчитип кетти. Мекке калкынын ар кандай жалаасынан кооптондубу, айтор, эмне үчүн келгенимди сураган жок. Эртеси Алланын Элчисин табуу үчүн кайрадан Каабага бардым. Кечке чейин күттүм, эч кандай кабар ала албадым. Аңгыча Али келип мага суроо салды:

– Сиз алигече кайда барарыңызды аныктай элексизби?

– Ооба.

– Келиңиз, бүгүн да биздикине конок болуңуз? – деп дилгирлигин билдирди.

Үйүнө барганыбыздан кийин мага суроо салды:

– Сиздин кандай көйгөйүңүз бар? Бул жакка эмне үчүн келдиңиз эле?

Эч кимге айтпоо жана жол көрсөтүү тууралуу убадасын алганымдан кийин:

– Бизге жеткен кабарларга караганда, ушул шаардан бирөө Пайгамбар болгондугун жарыялап жатыптыр. Аны менен жүз көрүшүп, баарлашуу максатында келгенмин, – дедим оңтойсуздана.

– Келгениң абдан жакшы болуптур. Ал инсан Алланын Элчиси жана чыныгы Пайгамбар. Эрте менен тургандан кийин экөөбүз көчөгө чыгабыз, сен мени жакшылап көзөмөлдөшүң керек. Мен кирген үйгө сен да киресиң. Кооптуу бир нерселерди байкай турган болсом, бут кийимимди түздөмүш болуп дубалга жөлөнөм, сен болсо түз өтүп кетесиң, – деди зирек бала.

Эртеси күнү Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) бардык.

– Ассаламу алайка йа, Расуулуллах-Салам сага Алланын Элчиси! – деп, Ислам тартиби менен учурашып, озунуп салам бергенге үлгүрүп калдым.

– Мухаммед! Сен адамдарды эмнеге чакырып, эмнеге үгүттөп жатасың? – деп, максатын сурадым.

– Мен эч бир шериги жок жалгыз Алла Таалага ыйман келтирүүгө, буттарга сыйынууну токтотууга жана менин Алла Тааланын Элчиси экендигиме ишенүүгө чакырып жатам, – деп кыскача түшүндүрдү.

Биз көпкө баарлаштык. Аныгын аңдаган соң кетенчиктеп убакытты создуктургум келген жок, мусулмандыкты кабыл кылдым. Менин мусулман болушума Алланын Элчиси абдан кубанды. Ал мага мээримдүү жылмайып көпкө тигиле карап:

– Абу Зар, сен эми бул ишти Меккенин калкына угуза көрбө! Өз элиңе кайта берсең болот эми, – деди, кубанычтуу маанай менен.

– Кагылайын Пайгамбарым! Мен мусулман болгондугумду ачык жарыя кылгым келип жатат, – дедим.

-Меккенин калкы сага зыянын тийгизип койобу деп чочулап турам.

– Мени өлтүрүп жиберишсе да жарыялайм, Пайгамбарым! – деп, айтканымдан кайтпай койдум. Менин толкунданып турганымды түшүндү окшойт, Алланын Элчиси унчукпай сүкүткө сүңгүдү.

Барсам курайштын көп адамдары Каабанын жанында турушуптур. Чоочун экенимди баамдашты көрүнөт, баары мага жардап карашты. Чогулгандарга карап үнүмдү бийик көтөрүп өз динимди жарыя кылдым:

– Оо, курайш журтчулугу! Алла Тааладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине, Мухаммед Анын кулу жана Элчиси экендигине күбөлүк этемин!

Мени сөзүмдү уккан мушриктер так секиришти. Заары чачырап, айрымдары отту тутандырып жибербеспи.

– Кара муну, мээсинен айныган неме го! Кармагыла бул сабини! – деп, курчап алышып, чала жан кылып токмоктошту. Алланын Элчисинин абасы Аббас жете келип коргоп калбаганда мени өлтүрүп коюшмак беле, ким билет.

– Силерге убал жок, курайш жамааты! Силер деген соодагерсиңер. Соода жолуңар мына бул гыфар уруусунун эшик алдынан өтөт. Эмне жолуңардын кесилишин каалап турасыңарбы?! – деп, айрымдарын көкүрөктөн ары түртүп, жекирип-жекирип алды. Аббастын ачуусунанбы же кадырынан айбыгыштыбы, эмелеки ачуулуу мушриктер тарап кетишти.

Токмок жеген күндүн эртеси Каабага дагы бардым. Мусулман болгонумду жар салып, дагы токмок жедим. Эстен танганымды көрүп, өлүп калды деп ойлошсо керек, тарап кетишиптир. Эсиме келип Алланын Элчисине бардым. Аянычтуу абалымды көргөн Алланын Элчиси:

– Мен сага эскертпедим беле? – деп кейиди.

– Кадырман Пайгамбарым! Көңүлүм ушуну каалап турган соң, аны орундаттым, – деп ыйман толкунуна багынып бергенимди айттым. Ошентип, бир нече күн бою Азирети Пайгамбарыбыз менен чогуу болдум. Акыры жөнөр күнүм да белгилүү болду. Узатып жаткан Пайгамбарымдан айрылгым келбей, аргасыз жөнөп жатып:

–Кудайымдын куттуу Элчиси! Мен эми эмне кылышым керек, эмне буйруйсуң? – дедим.

– Менден буйрук барганга чейин коомуңду Ислам динине үгүттөй бер. Ачыкка чыкканыбызды угарың менен бизге келип кет, – деген тапшырма берди». (Бухари, Манакибул-Ансар 33; Манакиб 10; Ахмад, V, 174; Хакм, III, 382-385; Ибн Саьад, IV, 220-225).

Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) бардык тоскоолдуктарга карабай элди Ислам динине үгүттөй берди. Указ, Мажанна, Зулмажаз өңдүү, эл көп жыйналган жарманкелерде бай-кедей, эркин-кул, улуу-кичүү дебей баарына кайрылып, Алла Тааланын жалгыз экендигине ыйман келтирүүгө үндөдү[60].

60. Ибн Саьад, I, 216-217

1.8.2 Абу Лахаб менен аялынын Азирети Пайгамбарыбызга кылган карөзгөйлүгү

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) куттуу үйү эки дүйнөнүн жакшылыгынан куру калган эки бейнасип, Абу Лахаб менен Укба бин Абу Муайттын үйүнүн ортосунда эле. Булар колуна кирген ыплас нерселерди жыйнап келишип, Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) эшигине таштап кетишер эле. Коңшуларынын бул жагымсыз мамилесине анын пакиза көңүлү, кашкайган аруу жүрөгү ооруп:

«– О, Абди Маннафтын балдары! Бул эмне деген коңшулук?!» деп, уяткарып, эшигинин түбүндөгү ыплас таштандыларды атайын жыгач менен узакка алып барып таштар эле (Ибн Саад, I, 201).

Умму Жамийл күйөөсүнөн калышпаган кара мүртөз аял эле. Ыймансыздыктын, каапырлыктын кылганын караңыз, Умму Жамийл Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) азап чектирүүдөн ырахат алган. Тикендүү дарактардын шактарынан таңгак жасап, мечиттен кайткан кезде Алланын Элчиси өтчү жолго тикендерди жайып салчу. Алланын Элчиси тикенташталган жерге келгенде жибек кездеменин үстүнөн баскандай, жайбаракат басып өтүп кетчү[61].

Абу Лахаб Пайгамбарлык келе электе Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) кыздары Азирети Умму Гүлсүм менен Азирети Рукияны балдары Утайба менен Утбага алып берүү үчүн куда түшүп койгон эле. Экөө тең жаш болгондуктан, баш кошо элек болчу. Таббат сүрөсүн уккан Умму Жамийл уулдарына долуланып кирди:

– Умму Гулсум да, Рукия да динден чыгып кетиптир. Аларга үйлөнбөйсүңөр!

Абу Лахаб бир жактан:

–Мухаммеддин кыздары менен баш кошо турган болсоңор, менин аталык башым силерге арам болсун! – деп касам ичип жиберди.

Атасынын айтканын эп көргөн Утайба Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) барып:

– Мен силердин диниңерди тааныбаймын. Кызыңа да үйлөнбөймүн. Мындан ары силер бизге келбегиле, биз да силер менен катташпайбыз! – деп, ээлигип кетип Азирети Пайгамбарды жакалап, көйнөгүн жыртып салды.

Утайбанын тарбиясыздыгына көңүлү ооруган Алланын Элчиси:

«Аллахым! Иттериңден бирөөсүн ага жан алгыч кыл!» деп, мунажат кылды.

Утайба ошондон көп өтпөй соода кербенине кошулуп жолго чыкты. Ошол түнү жол боюна конуп калган кербенге ач арстан жакындап Утайбанын башын чайнап салды. Ошентип, Аллага жана Элчисине душмандык кылган карөзгөй каапыр ит өлүм менен өлүп кетти.

61. Ибн Хишам, I, 376; Куртуби, XX, 240.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) пайгамбарлыктын мына ушул мезгилдеринде Абу Лахаб сыңары, дагы нечендеген ташбоорлордун жанды ачыткан азаптарына кабылган. Ошентсе да, сабырдуулук кылып, чакырыгын токтоткон эмес.

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) тоскоолдуктардын бирине да чалынбай, Ислам динин жайып жатышы мушриктердин түн уйкусун бузат. Мусулмандарга заарын чачып, түрдүү кыйноолорду баштарына салышат. Анткени, жаңы келген дин алардын кызыкчылыгын колдобой турганын жакшы билип калышкан. Бул кырдаалдан чыгуу үчүн Абу Талибге барышат да, абалды түшүндүрүп, аны бул жолдон кайтарууну өтүнүшөт. Абу Талиб болсо аларды сылык гана узатып койот. Пайгамбарга эч нерсе айтпайт.

Арадан канча убакыт өтсө да эч нерсенин өзгөрбөгөнү бутпарастардын жинин ого бетер кайнатат. Абу Талибге кайра барышат. Бирок, бул келиште катуу талап коюшат:

– Абу Талиб! Мындан ары чыдай албайбыз! Өзүң жакшы билесиң, тууганыңдын уулу биздин динибизди четке кагып, кудайларыбызга тил тийгизип келет. Ошо менен эле калбастан, аларга сыйынгандыгыбыз үчүн бизди чектен чыгарып салган. Эгер тууганыңды тосуп, жолунан баш тарттырбасаң, сага да, тууганыңа да, бүт курайш каршы чыгабыз. Ошондо көрөсүңөр көргүлүктү! Акыркы талабыбыз ушу, же аны бул иштен кайтарасың, же аны өз карамагыңдан чыгарып саласың! Аны менен өзүбүз эсептешип алабыз…

Жүрөгү тынчыбаган Абу Талиб мушриктердин койгон талабын Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) сылык түрдө түшүндүрөт. Аны өз карамагынан чыгаргысы келбегенин жана мушриктерге салып берүүнү каалабаганын билдирүү иретинде:

– Садагаң кетейин, мени да, өзүңдү да корго! – дейт.

Абасынын сөзүнө абдан капа болот. Анын бул сөзү керек болсо карамагына алып жүрүүдөн баш тартуу дегенге жатат эле. Маржандай болгон куттуу көздөрүнө жаш тегеренип чыгат. Анткени, мусулмандарда байлыктын ичинде сүзүп жүргөн мушриктерге туруштук бере турган күч-кудурет жок эле.

Дал ушул кезде көңүлдү өйүгөн көйгөйдү ашып өтүшү үчүн Алла Таала Элчисине мына бул аят жиберет:

«Раббиңдин ысымын эскергин! Бүт нерседен жүз үйрүп, болгон барлыгың менен Ага багыт ал! Ал Чыгыштын да, Батыштын да Раббиси! Андан башка кудай жок. Демек, жалгыз Анын гана карамагына баш калкала!» (Муззаммил сүрөсү, 8-9-аяттар).

Бул аятты угаары менен Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) кайгы-капасы тарап кетет. Козголгус ыйманы жана каармандыгы менен Абу Талибге:

– Абаке, Алла Таалага касам этем, бул адамдар бир колума Күндү, бир колума Айды алып беришсе да, чакырыгымдан баш тартпаймын! – дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бул сөздөрдү айтып жатып көзүнөн мончок жаштар агылганын байкабай калат. Ошентип, абасынын карамагынан өз ыктыяры менен чыгып кетет.

Мындай жоопту күтпөгөн Абу Талибге дем жетпей кыйналып чыгат. Ал ыйман келтирбесе да Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) өз уулунан артык көрөт

эле. Анын үстүнө, Абдулмутталиб көз жумардан аз мурда балдарынын баарын жыйнап, Абдуллахтан калган жалгыз жетимди кимиси асырап алары тууралуу кеңеш салаганда:

Азирети Мухаммеддин капалуу кетишине жүрөгү сыздап жатканы ошондон эле. Өзү айткандай, боорукер жан эле. Кеч болсо да: «Бир тууганымдан калган карааным! Кел кайрылып, каалаганыңды айт! Ант ичип туруп айтамын, сени эч убакта алардын колуна таштабаймын!» – деп артынан кыйкырып кала берет (Ибн Хишам, I, 276-278;Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 96-97).

Ибн Аббастын риваятына караганда, ушундан көп өтпөй курайш уруусунун билермандары жана кыйын чыкмалары Каабанын Хижр тарабына жыйналышып, ачык кеңеш курушкан. Азирети Мухаммеддин көзүн тазалоону негизги маселе катары карашкан. Акырында, «Кимде-ким Мухаммедди көрсө, тап жылдырбай тындым кылсын!» деген бүтүмгө келишип, Лат, Манат, Уззаа, Наила жана Исаф аттуу буттарынын атын оозанып касам ичишкен. Анын куну канчалык болорун эсептеп чыгышып, баары чогуу төлөө үчүн экинчи ирет антташышкан.

Мушриктердин жыйналышы тууралуу суук кабарды уккан Азирети Фатима көз жашын тыялбай атасына жетип келет. Бутпарастардын катаал бүтүмүн айтып, басыла албай көпкө ыйлайт.

Алланын Элчиси суу даярдатып даарат алат да, Харам мечитине барат.

–Тигине! Баратат! – деп, аны көргөн мушриктер көздөрү алаңдап, шашкалактап калышат.

Пайгамбарлардын Султанынын (саллаллаху алейхи васаллам) айбаттуу сүрүнөн айбыккан мушриктер, касам ичкенине карабай көздөрүн ала качышып, демдерин ичине катышып, жер карашат. Бир саам мурда көргөн жерде аны жакадан алып, муунтуп же кылычтап салууну сунуштагандар, көзүнөн заары чачырагандар, мен деп көкүрөк каккандар, ордунан жылып кеткенге батына албай тигилип калышат. Алардын көзүнө албууттанган дайрадай сүр менен келген Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) жерден бир ууч топурак алып:

«–Жүзүңөр кара болсун!» – деп, мушриктерге чачып жиберет.

Ошол күнү топурактын күкүмү тийген мушриктердин баары, Бадр урушунда каапыр бойдон өлүп кетишкен. Тозок өңдүү бир кудукка баары көмүлгөн (Ахмад, I. 303).

Бул окуядан кийин Абу Талиб Хашимден тарагандар менен Абдулмутталибдин балдарын үйүнө чакырат. Зыяпаттап бүткөн соң, чоң бүлөнүн шарапаты үчүн курайш маңкурттарынын кандуу колунан Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) жапатырмак куткарып калууну өтүнөт. Абу Лахабдан башка баары макулдугун билдиришет[62].

Үмүтү таш капкан мушриктер эң акырында Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) өзүнө кайрылышат:

– Сен таза урпактан келгенсиң, бизге караганда тукумуң да, өзүң да мартабалуу адамсың. Ушул кезге чейин араб элинен эч ким жасай албаган нерсени жасап, айта албаган нерселерди

62. Ибн Хишам, I, 281; Ибн-и Асийр, аль-Камил, II, 65.

айтып келе жатасың. Бирок, ушул чоң уруунун арасын бөлүп-жарып, бизди бири-бирибизге каршы коюп жатасың. Ушинтип эле көшөрүп эмне тапмакчысың, максатың эмне?

Эгерде байыгың келип, көшөрүп жаткан босоң, каалашыңча дүнүйө-мүлк берели. Ушунча уруулардын ичинен эң байыбыз сен бол!

Эл бийлегиң келип жатса, сени дароо башчы кылып алалы, Меккенин акими бол! Эгерде ниетиң асылзат бир аялга үйлөнүү болсо, өзүң каалаган курайштын эң сулуу кызын алып берели! Эгер жин-шайтан жармашып, бир балээге кабылган болсоң, дабаагерге алып барып айыктыралы. Сени куткаруу үчүн бүт нерсени жасаганга даярбыз. Эмнени кааласаң аткарганга даярбыз. Болгону ушул чакырыгыңды ташта! – деп бал тилге салып, айла-амал кылып көрүшөт. Аны өздөрүндөй ойлоп, мал-мүлк, байлык-бийлик жана аял берип, жолунан кайтарып алабыз деген үмүттөрү эми чындап таш капты. Алар адамды уулоо үчүн эң ийги каражат катары колдонуп жүргөн, ушул үч сунушка «жок!» дей албайт деген ойго өздөрүн ынандырып алышкан эле.

Дүнүйө, мансап жана шакыбат адампендени көбүнесе жолдон чыгарган, адамдын эркин ээритип, напсиге чүлүк салып алган тузак болуп саналат. Анын нурдуу жашоосунда береги убактылуу азгырыктардын эч бир орду жок экенин аңдоого каапырлардын акылдары жеткидей эмес?!.. Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) айдан ачык жообу мына ушул чындыкты кашкайта даршан кылган:

«– Мен силерден мал-мүлк, мансап же бийлик сурап жаткан жерим жок! Менин силерден жалгыз өтүнүчүм: буттарга сыйынбагыла, жалгыз Алла Таалага гана ибадат кылгыла!» (Ибн Касир, аль-Бидая, III, 99-100).

Напсиге сыйынуудан баш тарта албаган мушриктер анын улуу чакырыгын аңдоого чамалары жетпегендиктен, аша чаап өзүн да ошол жансыз буттарга сыйынышын талап кылганга чейин барышты.

Алардын пикирин угуп, бир тараптан сабыр кылгысы келсе, бир тараптан чыдамы түтөгөн Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) аятта билдирилген сыңары, өзүн аларга мындайча тааныткан:

«(Эй, Мухаммед), **Эгемден ачык-айкын аяттар түшүп жана ааламдардын Ээсине сыйынууга буйрулган соң, силер чакырган Алладан башка нерселерге сыйынууга мага тыюу салынган», - дегин»** (Мумин сүрөсү, 66-аят).

«Айткын: «-Албетте, мен Жалгыз Аллага сыйынууга жана Ага (эч нерсени) **шерик кылбоого буйрулганмын. Мен бар болгону Ага** (сыйынууга) **чыкырамын жана жалгыз Анын Өзүнө кайтамын»** (Рад сүрөсү, 36-аят).

Алланын Элчисинин козголгус бекемдигинен жана сүрүнөн айбыккан мушриктер, эч болбосо буттарды жаманаттылыктан, жектелүүдөн коргоп калуу үчүн чара көрүүгө жан далбас уруп көрүштү.

Алардын бул каалаоосуна каршы Алла Тааладан мындай буйрук келди:

«(Акыйкатты) **«жалган» дегендерге моюн сунбагын! Сенин аларга ийкемдүү болсоң, алар да сага жумшак мамиле кылууну каалашат»** (Калам сүрөсү, 8-9-аяттар).

Тактап айтканда, Ислам деген улуу акыйкатты кабылдагысы келбеген мушриктер, өз кызыкчылыктарына каршы келген жана тоскоол болгон аяттарды ташта, деген шартты коюп, Азирети Пайгамбарыбыз менен келишим түзүү ниеттерин билдиришип, эгер бул ниеттери орундала турган болсо, аны менен ынтымакта жашашаарын кыйытышат. Бирок, Курандагы өкүм айдан ачык эле!

«Эгер андай болсо, сени бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да эки эсе жазага тартат элек. Анда Бизге каршы өзүңө жардам бере турган эч кимди таба алмак эмессиң» (Исра сүрөсү, 75-аят).

Ток этер жерин айтканда, тавхидден баш тартууга же ак ишенимди башкага ооштурууга ошол кыйын-кысталыш кезеңдерде да тыюу салынган. Эгерде кичине эле ымала башталып кеткенде, анда Ислам дини али толуктала элек жатып бүлгүнгө учурап калышы мүмкүн эле. Анда мушриктердин былгыган иш-аракети майнаптуу болуп, чырактарына май тамган болор эле.

Тилектери таш капкан сайын жол таппай чебелектеген мушриктер, шарт үстүнө шарт кошуп, талаптарын чоңойтуп, эптеп жансыз буттарды жектөөдөн куткарып алуунун амалын издегенден тажаган эмес. Акырында максаттарына жетүү үчүн күлкү келтирерлик төмөнкүдөй келишимди сунуш кылышкан:

«Сен биздин буттарыбызга сыйын, биз болсо сенин Алла Таалаңа ибадат кылалы. Ушундай жол менен мунасага келип арабыздагы келишпестикти жойолу!»

Ислам дининин пакиза рухуна жана дин таанымына таптакыр терс келген бул сунушка Алла Таала дароо жооп кайтарган:

«Айткын: «– Эй, каапырлар! Мен силер сыйынып жаткан нерселерге сыйынбаймын. Жана силер да мен сыйынган Аллага сыйынбайсыңар. Мен силер сыйынган нерсеге сыйынуучу эмесмин! Ооба, силер да мен сыйынганга сыйынуучу эмессиңер! Силердин диниңер өзүңөргө, менин диним өзүмө!» (Каафируун сүрөсү, 1-6-аяттар)[63].

1.8.3 Азирети Пайгамбарыбызга жана Куранга коюлган айыптоолор

Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) кайсы жагынан каршы чыкпасын, мушриктер чеке жылытарлык ийгиликке жеталбай коюшат. Анын кат тааныбаган сабатсыз адам экендигин беш колдой билгенине карабастан, бул ирет «Ал Куранды бир христиан кулдан үйрөнгөн» дегенчелик акмакчылыкка барышты. Ушундай улуу динди негиздей турган бир кул ааламдарга атагы кеткен ардактуу мартабаны башка бирөөгө ыраа көрө койбосун ойлонушкан эмеспи деп таң каласың. Анан ошо үйрөткөн пенде христиан бойдон кала берет имиш? Бул акылга сыйбаган сандырак жалаа!

Мындай жүйөсүз айыптоого Курани Карим мындай деп жооп берген:

«Чынында Биз алардын: «Куранды Мухаммедге башка бир адам үйрөтүүдө», –деп жатканынан кабардарбыз. Бирок алар таңуулап жаткан адамдын тили башка. Куран болсо - даана араб тили» (Нахл сүрөсү, 103-аят).

63. Ибн Хишам, I, 386.

«Сен ага чейин эч кандай китепти окуган эмессиң жана аны өз колуң менен жазган да эмессиң. Эгерде сабаттуу болгонуңда, терс жолго түшкөндөр (башка бирөөдөн үйрөндү деп) **шектенишер эле»** (Анкабут сүрөсү, 48-аят).

Ошол эле учурда, мушриктердин мындай жагымсыз иш-аракеттерине көңүлү ооруп калбасын үчүн Жараткан Алла Элчисин (саллаллаху алейхи васаллам) жубатып турган:

«**Ошондуктан эскерт.** (Анткени) **сен, Алланын жакшылыгы менен көзү ачык да, жинди да эмессиң. Же алар: «–Ал – бир акын. Ошондуктан ага жаман учурдун келишин күтө туралы!» - дешет. Айткын: «–Күтө бергиле! Мен да силер менен бирге күтөмүн!»** (Тур сүрөсү, 29-31-аяттар).

Мушриктерде туура жолго түшөлү деген ниеттери болбогондуктан, Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) жана Куранга каршы миң түрлүү жалааларды жаап, айып тага беришти. Ошентсе да, акыйкаттын кайда жатканын билишер эле. Күн өткөн сайын Ислам динин өнүгүп баратканын көргөн курайштын кыйындары, Меккенин сыртына жайылып кетишинен кооптонуп Валид бин Мугирага жыйналып барышты.

– Эми, Меккеге келген урууларга Мухаммед тууралуу эмне дейбиз? – дешти айрымдар.

Валиддин Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) менен жолугуп, анын мукам авазынан Куран уккан жайы бар эле. Ал мындай деди:

– Мен көркөм ырдын бардык түрүн жакшы билем. Анын сөздөрү ырга такыр окшобойт. Ыр менен анын ортосунда асман жердей айырма бар. Ырдан да касиеттүү, керемет сөз эле. Анын айтымы проза эмес. Абдан көркөм, мыкты адабий стиль жана мукам ыргак менен айтылат. Ушу жашка келип андайды эч жерден уккан эмесмин. Көзү ачыктын же жин урган адамдын сөзүнө да коошпойт. Биз аны сыйкырчы дей албайбыз. Анткени ал окуп дем салбайт. Жипти түйүп байлабайт. Демек, сыйкырчылык менен эч кандай алакасы жок!

Валид мына ушул акыйкаттарды айтып бүткөн соң, мушриктердин бузуку ниеттерине май тамызып, жагынуу үчүн жол ачып:

– Кемчилик тарабы – тууганды туугандан алыстатат. Жакындардын арасына бөлүнүп-жарып жатат. Мына ошондуктан анын сөзү сыйкырчылыктан жана көз бойомочулуктан башка нерсе эмес! – дегенге мажбур болду. (Ибну-л Жавзи, VIII. 403-404; Хаким, II, 550; Вахиди, б.468).

Курани Каримге каршы жүргүзүлгөн маалыматтык согуштан ийгилике жете албаган мушриктер бул ирет Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) кутман затын дүрмөткө алышты. Кудум мурунку пайгамбарларды кабыл кылбай каапыр болгондор сыңары, көбүнесе манчырканган бийлер, эсирген эссиз байлар Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) көрө албай душман болушкан.

«Биз кайсы өлкөгө бир эскертүүчү жөнөтпөйлү, ал жердин бардар жана текебер кишилери:«–Биз силер чакырыгыңардан баш тартабыз, кабыл кылбайбыз», – дешти. Жана: «–Биздин байлыгыбыз көп, урпагыбыз да көп, (оңой менен) **азапка алдырбайбыз!» – дешти»** (Саба сүрөсү, 34-35-аяттар).

Карөзгөй дин душмандарынын башы саналган Абу Жахил мындай деп айткан:

«–Мухаммеддин айткандарынын туура экенинен кабардарбыз! Бирок, ушуга чейин анын уруусу жетишкенге биз да жетишип, алардан артта калган эмеспиз. Эми болсо, өздөрүнөн пайгамбар чыкканын айтып сыймыктанып жатышат. Арабыздан кантип пайгамбар чыгара алабыз? Бул мүмкүн эмес! Демек, өлсөм да Мухаммеддин пайгамбарлыгын кабыл кылбаймын!…» (Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 113).

1.8.4 Кыйноолор

Абу Талибге айткан сунуштары пайда бербей, Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи васаллам) көндүрө албай убара чеккен мушриктер, ачык түрдө коркутууга, жазалоого жана кыйноого өтүшкөн. Алгач чоң уруудан болгондорго жана мартабалуу бүлөнүн мүчөлөрүнө кол тийгизишкен эмес. Анткени, мусулмандарга багытталган мындай заалымдык али массалык түргө өтө элек болчу.

Мушриктер Азирети Хаббабды (Алла ага ыраазы болсун) жанып турган кызыл чоктун үстүнө жаткарып, денесинин майы таамп чокту өчүргөнгө чейин кактаган. Аз келгенсип, үстүнө оор нерсени бастырып коюшкан. Азирети Хаббаб зергер көөрүкчү болгон. Кээ бир мушриктер ага карыз эле. Аласасын сураса:

– Оболу Мухаммедди танып жибер, аласаңды дароо беребиз! – деп шарт коюшкан.

Зергер уста арзыбаган дүнүйөгө кол шилтеп:

– Аны эч качан танбаймын да, чанбаймын! Мен аны менен чогуумун!.. – деп, түбөлүктүү таалай жолун тандап алган эр киши болгон.

Башынан өткөн оор окуяны өзү минтип баяндап калтырган:

«Бир күнү аласамды алуу үчүн Ас бин Ваилге барсам, Пайгамбарыбызды чанып жиберсем анан акчамды аларымды айтты. Кыжырым келип:

– Сен өлүп, кайрадан тирилсең да, Мухаммедден баш тартпаймын! – дедим. Ал мени кекете баштады:

– Демек мен азыр өлөмүн, анан кайрадан тирилемин, ушундайбы?!

– Ооба!

– Андай болсо, кайрадан тирилгенимде мал-мүлктүү болом, аласаңды ошондо төлөйм, – деди.

Бул учурда Алла Таала Пайгамбарыбызга мына бул аятты жөнөттү:

«Аяттарыбызды танганды жана «Мага албетте байлык жана бала-бакыра берилет», – дегенин көрдүңбү? Ал (каапыр)**, кайыпты билип коюптурбу? Болбосо Рахман** (Алланын) **даргөйүнөн бир сөз алдыбы? Жок, эч качан андай эмес! Биз анын айткандарын жазабыз жана азабын ашыгы менен тарттырабыз! Ооз көптүргөнүн** (байлыгын жана бала-бакырасын) **алабыз, ал Бизге жалгыз келет!»** (Мариям сүрөсү, 77-78-аяттар)»; (Бухари, Тафсир, 19/3; Муслим, Мунафикун. 35-36; Тирмизи, Тафсир, 19/3162).

Мушриктердин айосуз кордугун чеккендердин бири Азирети Билал (Алла ага ыраазы болсун) болгон. Кожоюну, Умайя бин Халаф аны төбө чачты тик тургузган коркунучтуу

азап менен кыйнаган. Аптап ысыган сайын кум да ошончолук ысый турган. Күн аябай ысыган кезде Билалды жылаңачтап кызыган кумга жаткызып, үстүнө чоң ташты бастырып, кордогон. Кээде жипке байлап алып, Меккенин көчөлөрүндө атка сүйрөткөн күндөрү болгон. Азирети Билалга бир күн, бир түн суу бербестен байлагандан кийин, темирден жасалган жазалоочу кийимди кийгизип, кайнаган аптапка чыгарып, майы ээрип, тамганга чейин ысыган кумга жаткызып койгон.

Жырткыч мушриктер моокуму канганча кыйнашса да, алар каалаган сөздү айткан эмес. Канчалык азапка салышса да Азирети Билал:

«Ахад, Ахад, Ахад, (Алла жалгыз! Алла жалгыз! Алла жалгыз!)» – деп кайталай берген[64].

Жаңы эле телчигип келаткан диндин саналуу мүчөлөрү жалаң алсыз, коргоосуз, жакыр адамдар болгон. Көзүн май баскан мушриктер аларды кыйнап эле тим койбостон, өлтүрүп салган учурлары болгон. Маселен, Аммардын атасы Азирети Ясир (Алла ага ыраазы болсун) мушриктер каалаган сөздү айтпагандыктан, оор азаптан шейит кеткен.

Жырткыч мушриктер Азирети Ясирдин кемпири, Азирети Сумайяны (Алла ага ыраазы болсун) да соо койгон эмес. Ыйманы бекем, ыкласы ташкындаган момун мусулман аялды бутпарастыкка кайрата албай коюшкан. Арданган канкор мушриктер, момун аялдын эки бутун эки азоо төөгө байлап тирүүлөй эки бөлүп тынышкан. Ясирдин үй-бүлөсү ошентип, Исламдын алгачкы шейиттери болушкан[65].

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) күндөрдүн биринде, мушриктердин кыйноосун тартып жаткан ошол таалайлуу бүлөгө кез келип калат. Ошондо аларга:

«– Сабыр кылгыла, Ясирдин бүлөсү! Сүйүнгүлө, Ясирдин бүлөсү! Силердин ордуңар бейиште экенинде эч шек жок!» – деп, сүйүнчү кабар айтып, азапка тумчугуп бараткан ыймандарына кайрат кошкон. (Хаким, III, 432, 438).

Ата-энеси тарткан ырайымсыз азап-кордукту Азирети Аммар (Алла ага ыраазы болсун) да тарткан. Күндөрдүн биринде мушриктер аңдып жүрүп Аммарды кармап, ур токмокко алышат. Башын кудукка тыгып:

– Мухаммедге акаарат кетирип, Лат менен Уззаны мактамайынча, сени койо бербейбиз! – деп кыйнашат. Акыры максаттарына жетип, айтчу сөздү айттырып тынч койо беришет.

Ошол замат Алланын Элчисине: «–Аммар каапыр болуптур!» – деген кабар келет.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бир жерди тиктеген калыбынан жазбай:

– Жок! Аммардын төбөсүнөн тырмагынын учуна чейин ыйман толо. Ыйман анын канн-жанына дейре сиңип калган! – деп берилген кабарды төгүнгө чыгарат.

Көп өтпөй мусулмандардын катарына Аммар өзү келип кошулат. Көздөрү шишип кеткен, дале басыла албай өпкөлөп ыйлайт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) анын көз жашын куттуу колдору менен аарчып жатып:

64. Ахмад, I, 404; Ибн Саьад, III. 233; Белазури, I, 186.

65. Ибн Хажар, аль-Исаба, III, 648; Замахшари, III, 164.

– Сага эмне болду? – деп сурайт.

– Пайгамбарым, мени мажбурлап сага акаарат келтиртишти жана сенин дининди жаманатты кылдыртышты. Өздөрүнүн буттарын мактоого мени мажбур кылышты! – деп, окуяны баштан-аяк түшүндүрүп берет.

– Сен ушул нерселерди айтып жатканда жүрөгүндүн абалы кандай эле?

– Аны айтып жатканда эт-жүрөгүм Алла Таалага жана Пайгамбарына болгон ыйманга толо, дениме болгон бекемдигим темирден да бек эле! – деди.

Аммардын сөзүн угуп, көңүлү ордуна түшкөн Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) анын дале токтобой агып жаткан жашын аарчып:

– Аммар, эгер алар, сени дагы мажбурлай турган болушса, эмне кааласа дароо айтып (кутул) жибер, – деп, анын жанчылып жаткан жүрөгүн тынчтандыргандай болот.

Нахл сүрөсүнүн жүзүнчү аяты мына ушул окуянын негизинде түшүрүлгөн:

«Жүрөгү ыйманга балкыган абалда, (динден кайтууга) **зордолгондордон тыш, кимде-ким ыйман келтиргенден кийин жүрөгүн каапырлыкка ача турган болсо, булардын үстүнө сөзсүз Алланын азабы келет жана буларга чоң азап бар».** (Нахл, 106); (Ибн Саьад, III. 249; Ибн Асийр, аль-Камил, II, 67; Хайсами, IX, 295; Вахиди, б. 288-289).

Башка сахабалар сыяктуу аялдардан Амр бин Фухайра, Абу Фукайха, Микдад бин Амр, Умму Убайс, жана Лубайна, Нахдия жана анын кызы (Алла аларга ыраазы болсун) түрдүү кыйноолорду баштарынан өткөрүшкөн. Динден кайтпаган ыйманы бек мусулмандарды күн кайнап турган маалда чөлдөгү кызыган кумга жаткырып, чоң-чоң таштар менен бастырып коюшкан. Мындай мыкаачылыкка кабылган жандар кумдун ысыгына, үстүндөгү таштын оордугуна жана андан мурунку токмоктун уусуна чыдабай эстен танып, кээ бирлери жан берген. Айрымдарын атайын өчөштүк кылып муунтуп өлтүрүшкөн[66].

Мындай курч кырдаал жана оор абал момун мусулмандардын чындыгында, абдан алсыз экендигинин белгиси эле. Азирети Пайгамбарыбыз баш болгон бардык момун мусулмандар кыйноого кабылгандарга кайгырышып, алсыздыктын зынданынан чыга албай карайлашкан. Ошол кезде бир ууч кембагалдардан, алсыздардан, кароосуздардан жана кулдардан куралган мусулмандардын колунан эч бир нерсе келбейт эле. Абу Бакирдин гана каржылык мүмкүнчүлүгү болгондуктан, Азирети Билал баш болгон жети мусулман кулду сатып алып, азаттыкка чыгарып мушриктердин кыйноосунан куткарган.

Мусулмандардын катары өскөн сайын мушриктердин мыкаачылыгы дагы да күчөдү. Бей-бечаралардан, кароосуз мусулмандардан майнап чыгара албаган соң, Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) жана анын айланасындагы Азирети Абу Бакир, Азирети Осмон, Зубайр бин Аввам, Мусаб бин Умайр өндүү бардар инсандарды дүрмөткө алышты. Ошентип, кыйноолор массалык түргө өттү. Мурда алсыздарды гана кордошкон болсо, бул ирет байларды да, азыноолак күчү барларды да ылгабай калышты.

Мушриктер өздөрү катылуудан чочулагандыктан, бир сындырым нанга да абийрин сата турган наадандарды тандап алышып, Алланын Элчисине ар тараптуу сокку урууга өтүштү.

66. Иби Мажа, Мукаддима, 11; Ахмад, I. 404.

Саткын жалаакорлор аркылуу акын, сыйкырчы, көзү ачык жана жинди дедиртип, түрдүү жалааларды элге жар салдырышты. Айтылган жалган жалаалар Алланын сүйүктүү Пайгамбарынын акактай көңүлүн жаралап, эзип жиберди[67].

Абдуллах бин Амр көзү менен көргөн окуяны мындайча баян эткен:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ыйык Каабанын Хижр тарабында намаз окуп жаткан эле. Аңгыча Укба бин Абу Муайт жетип барып, аны жакадан кармап муунта баштады. Абу Бакир чуркап жетип мушрикти көкүрөктөн ары түртүп ийди да:

– Кудай Таала Пайгамбар кылып жөнөткөн адамды «Менин кудайым Аллах!» дегени үчүн өлтүрөсүңбү? – деди», (Бухари, Тафсир, 40).

Ибн Масуд ушул сыяктуу бир окуяны риваят кылган:

«Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Каабанын жанында намаз окуп жаткан эле. Андан бир аз ырааста Абу Жахил менен санаалаштары бир нерселерди кобурашып турушкан. Андан бир күн мурда мушриктерден бирөө төө сойгон эле. Абу Жахил тим тургусу келбей арам ниетин кылтыйтты:

– Кече күнү палан адам төө сойгон эле. Мухаммед саждага жыгылган кезде башына ошол төөнүн ичеги-карынын ким төгө алат?

Мушриктердин арасындагы эң акмагы ордунан дароо туруп, ары жакта жаткан ичеги-карынды алып келди да, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) саждага барган кезде мойнунан ылдый төгүп жиберди. Ушуну эле күтүп турган мушриктер шылдыңдашып, каткырып күлө башташты. Алардан бир аз обочо жерде бул окуяны өз көзүм менен көрүп турдум. Эгер менин сөзүм өтүмдүү болуп же коргоп алар адамым болгондо, заматта аны Пайгамбарымдын башынан алып ыргытар элем. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) саждадан башын көтөргөн жок. Бул окуяны көрүп турган бирөө кабар берген көрүнөт, жаш болсо да зирек Фатима чуркап келип атасынын мойнундагы ичеги-карындарды алып ыргытты да, каткырыгын тыя албай жаткан мушриктерге оор сөздөрдү айтты. Алар Азирети Фатимага эч каршылык берген жок. Ал намаз окуп бүткөн соң, үнүн бийик чыгарып: «Оо Жараткан Кудайым! Курайшты Өзүңө тапшырдым!» – деген дубаны үч ирет кайталады.

Аянычтуу абалга түшкөн Пайгамбарыбыздын мыңдуу дубасын уккан мушриктердин күлкүлөрү дароо тыйылып тымтырстык өкүм сүрдү. Эми эле аны мыскылдап жаткан мушриктердин жүрөгүн айбаттуу коркунуч каптады. Анткени, алар анын дубаларынын сөзсүз кабыл болгонун өз көздөрү менен далай ирет көрүшкөн эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) андан ары:

«Оо, Жараткан Алла Таалам! Абу Жахилди, Утбаны, Шайбаны, Валидди, Умаййя бин Халафты, Укба бин Абу Муайтты Сага тапшырдым!» – деп, дин душмандарынын аттарын бирден атап жалбарды.

Мухаммедди ак дин менен жөнөткөн Алла Тааанын атына ант этип туруп айтамын, ошондо аты аталган мушриктердин баары Бадр согушунда арам өлгөн айбандай, жер

67. Ибн Хишам, I. 309-310.

кучактап өлгөнүн көрдүм. Андан соң алар Бадр кудугуна ыргытылган». (Бухари, Салат. 109, Жихат, 98, Жизя, 21; Муслим, Жихад, 107).

Абу Жахил, Меккеде бардар, мартабалуу бир адамдын мусулман болгонун угуп кала турган болсо, дароо жетип барып, аны кайтарып калуу үчүн жан далбас уруп жагынар эле. Ою оңунан чыкпай калса:

– Эй, шерменде! Сен ата-бабаларыңдын динин таштадың! Аныгына келсек алар сенден да мыкты муун эле. Демек, сен анын пикирин тепседиң, зоболосуңа түкүрдүң, ушундайбы?! Сенин дениңди четке кагууга жана тааныбоого, анын жаңылыш экенин далилдөөгө ант беремин! Бүт меккеликтер биригип дениңдин кадыр-баркын түшүрөбүз! – деп, буркан-шаркан түшүп, айкырып кете берчү.

Мусулман болгон адам эгер соодагер болсо:

– Карап тур, сенин ушу соодаңды сызга отургузуп, мүлкүңдү талап-тоноттурбасам элеби! – деп, жүрөк үшүн алар эле. А эгер мусулмандыкты кабыл кылган адам бечара, кембагал, кароосуз болсо, алдамчы шилекейин чачыратып жылуу сөз менен ээритип же болбосо уруп-сабап, Исламдан кайтарып алганга аракет кылчу.

– Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) жана сахабалары мушриктердин айосуз азабын тартса да, кечиримдүү болушканбы? – деген суроого Ибн Аббас мындай деп жооп берген:

«– Ооба, эгерде мушриктер алардын бирөө жарымын тутуп алган болсо, тамак да, суу да бербей аябай катуу кыйнашкан. Чарасыз мусулмандар токмоктун уусунан тура албай калышар эле. Тигилер ушундай жол менен каалаган сөзү сүйлөттүрүп алышкан. Маселен, каапырлар: –Алладан башка Лат менен Узза кудайбы? – десе, алсырап, кансырап калган байкуш аргасыздан: –Ооба! – дечү экен.

Жадагалса, бир жолкусунда колу-буту байланган адамды зекип туруп, жерде жөрмөлөп бараткан Жуал деген кумурсканы көрсөтүп: –Мына бул Жуал кудайбы? – деп сурашыптыр. Байкуш мусулман кыйноодон тез кутулуу үчүн: –Ооба! – дептир.

Ошентип, тигини да сабап кете беришиптир. Бир топ жаткандан кийин эсине келген адам, кайрадан тавхидке кайткан. Мындай учурлар ошол кыйынчылык доордо абдан көп болгон». (Ибн Хишам, I, 339-343; Ибн Саьад, III, 233; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 108).

1.8.5 Мусулмандарга берилген сабыр жана туруктуулук насааты

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбар болгон күндө деле, катардагы адам баласы болгон. Каапырлардын каршылыгы кээде көңүлүн ооруткан. Туура жолго түшсө экен деп тилеген, жакшылык кылган адамдардын жагымсыз мамилелери, тарттырган оор азаптары Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жүрөгүн оорутуп, түйшүккө салган. Кээде кыйынчылыктан башы чыкпай, жан чыдагыс азаптар таң-күн тооруп алгандыктан, өзүн кадимкидей жубатууга, колдоого муктаж сезер эле.

Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарынын кайгыруусун эгерим каалаган эмес. Анын жан дүйнөсүн аяттар менен колдоп турган:



«... (О, Элчим!) **Анын Сага болгон кайырымы жана көзөмөлүндө чек жок!»** (Исра сүрөсү, 87-аят).

“Алар (ыйман келтирбесе) **кейибегин жана алардын сага каршы жасаган айла-амалына кысылба!»** (Намл сүрөсү, 70-аят).

«(Элчим!) **Алардын сөздөрүнө сабыр кыл! Күн чыккандан мурда да, баткандан мурда да, Раббиңе ыраазылык билдирип,** (Аны) **аруула!»** (Каф сүрөсү, 39-аят).

Бул аяттар анын рухун күчтөндүргөн, эркин чыңалткан. Эгер оор кыйынчылыктарга Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мүңкүрөп калганда, анда артындагы сахабаларына кыйын болмок. Аларга кайрат бербегенде, бутпарастардын кордугуна чыдаш мүмкүн эмес эле. Өзү кайгырып турса да, Алланын ыраазылыгы жана ак дин үчүн кутман сахабаларынын жараланган көңүлүн жубаткан.

Хаббаб риваят кылат: «Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Каабанын көлөкөсүндө олтурган. Биз барып, мушриктерден айосуз кордук көрүп жатканыбызды айтып, даттандык.

Ал бизге мындай деди:

«Силерден мурунку муундардын арасында кармалып чуңкурга ыргытылган, андан кийин башынын тең ортосунан аягына чейин араа менен арааланган, темир тарак менен эти таралса да, дининен кайтпаган момундар өткөн. Алла Таалага шүгүр дешибиз керек, Ал бул динди кемелине жеткирип, өкүмүн бүт жер жүзүнө жеткирет. Дин өркүндөп, ушундай бир мезгил келет, ошондо адамдар карышкыр тийет деп чочулабастан, койлорун Аллага аманат кылып, Санадан Хадрамавтка эркин барып келишет. А силер болсо сабырсыздык кылып жатасыңар!..» (Бухари, Манакибул-Ансар, 29)

Алланын Элчиси ушул хадисин айткан соң бизге аят окуп берди:

«**Каапырлардын шаарлар арасында айланып** (саякаттап) **жүрүүсү сени азгырбасын. Аз гана пайдалануудан кийин алардын орду – тозок.** (Ал–) **кандай жаман орун! Өз Эгесинен корккондорго – алдынан дарыялар агып турган бейиш бактары** (тартууланат). **Ошол жерде алар түбөлүккө калышат. Алар – Алланын коноктору. Алланын алдындагы жакшылык – такыбаалар үчүн!»** (Аалу Имран сүрөсү, 196-198-аяттар).

1.9 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

1.9.1 Эфиопияга көчүү

Бутпарастар көздөгөн максаттарына жетүү үчүн мусулмандарды кырып жиберүүдөн да кайра тартпагыдай мыкаачылыкка жетип калышты. Абалды аз да болсо жеңилдетүү үчүн Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) момун мусулмандарга башка жакка көчүүгө буйрук берди. Анткени алар диний вазийпаларын эркин аткаруу мындай турсун, көчөдө эркин баса албай калышкан, ар тараптан көрсөтүлгөн кысымдан улам, келечекке болгон үмүттөрү үзүлүп бараткан. Динди жаюу алардын башкы милдети эле.

Бара турган жер тууралуу сахабалардан түрдүү пикирлер чыкты. Ак диндин жол башчысы (саллаллаху алейхи васаллам) минтип буйрук кылды:

– Хабашистанга (Эфиопияга) көчөсүңөр! Анткени, Хабашистанды өз калкына зулумдук кылбаган өкүмдар башкарат. Анан да, ал жак дурус, тынч өлкө. Абалдан кутулууга Алла Таала жол ачканга чейин ошол жакта кала турасыңар!» (Ибн Хишам, I, 343; Ибн Саьад, I, 203-204)

Мекке доорунун бешинчи жылынын Ражаб айында башталган бул көч, Ислам тарыхындагы дин жолундагы алгачкы көч болуп саналат.

Алгачкы топто он эки эркек, беш аял, жалпы он жети киши болгон. Бул тайпада Осмон бин Аффан, аялы, Рукия, Зубайр бин Аввам, Мусаб бин Умайр, Абдуррахман бин Авф, Абу Салама, Умму Салама, Осмон бин Мазун, Ибн Масуд (Алла аларга ыраазы болсон) өңдүү алдыңкы сахабалар бар эле.

Көчүп жөнөгөн топ Меккеден жашыруун чыгып кетишти. Шуайбадагы кеме токтоочу жайга барышканда, Кудай Тааланын жардамы менен эки соода кемеси келди. Сахабалар жол киреге жарым алтын (акча бирдиги) беришип, Эфиопияга өтүп кетишти. Куугунчу мушриктер из тапканга чейин алар кемеге түшүп, алда канча узап кетишкен эле (Ибн Саьад, I, 204).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Эфиопияга көчүп кеткен күйөө баласы Азирети Осмон менен кызы Азирети Рукиядан көпкө чейин кабар ала алган эмес. Перзенти үчүн куса болуп жүрдү. Кээде шаардын сыртына чыгып, ошол жактан келгендерден балдарынын кабарын сурап турду. Курайш уруусунан бир аял Хабашистандан келди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) күйөө баласы менен кызын ошол аялдан сурады. Ал болсо:

– О, Касымдын атасы, мен аларды көрдүм.

– Абалы кандай экен, жакшы элеби?

– Осмон бир нарга Рукияны мингизип, өзү артынан бараткан экен.

Анда Пайгамбарыбыз:

– Кудай Таалам Өзү жар болуп, Өзү колдосун! Осмон бин Аффан Лут пайгамбардан кийин Алланын жолунда үй-бүлөсү менен көчкөн алгачкы адам болуп калды, – деди (Али аль-Муттаки, XIII, 63/36359).

Алгачкы мухажирлер (дин жолунда көчкөн адамдар) Эфиопияда үч ай турушкан. «Меккедеги мушриктердин баары мусулман болуптур» деген каңшаарды угар замат, пайгамбарлыктын бешинчи жылы Шаввал айында 33 эркек, 6 аялдан турган, 39 кишилик топ Меккеге карай жол тартышкан. Меккеге жакындап келген соң кабардын жалган экенин угушкан. Кайгырган менен арга канча. Эфиопияга кайра кайтып баруу өтө оор эле. Бирөө жарымдын кепилдигисиз шаарга кирип барууга эч кимиси даай алышкан эмес. Акырында мушрик дос-туугандарынын жоопкерчилиги менен жашыруун түрдө үйлөрүнө барышкан (Ибн Хишам, II, 3-8; Ибн Саьад, I, 206; Хайсами, VI, 33).

1.9.2 Гараник маселеси

Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) «Нажм сүрөсү» түшүрүлгөн эле. Ал Каабага келген көп адамдарга Куран окуп берген. Сүрөдөгү сажда аятына келген кезде Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) саждага баш койгон. Аны тыңдап турган момун мусулмандар, каапырлар жана жиндер да саждага баш коюшкан (Бухари, Тафсир, 53/4).

Ошол окуяда мушриктер да саждага баш коюшкан болчу. Бирок, алар Алла Таала үчүн эмес, аятта алар сыйынып жүргөн буттардын аты аталгандыгы үчүн, буттарына сажда кылышкан. «Гараник маселеси» ушул окуядан кийин ойдон чыгарылып, ушу сажда кылууга ишаарадталган жалган каңшаар болуп эсептелет.

Мусулмандар менен мушриктерге таандык эки сажданын бир учурда аткарылуусу, «меккелик мушриктер Ислам динин кабыл алышыптыр» деген каңшаарга түрткү болгон.

Мунун себеби жогорудагы окуя экендигине карабастан, «Гараник маселеси» – ойдон чыгарылган жалаа болуп саналат. Ошол аяттар окулуп жаткан кезде, шайтан мушриктердин кулагына «буттардан да шапаат күтүүгө болот» деген мааниде шыбыраган. Муну уккан мушриктер ичинен ыраазы болуп, дароо саждага кылышкан, бирок, бул жаңылыштык кийинчерээк белгилүү болгон.

Мушриктердин кулагына шыбыралган үндү жана алардын саждага баш коюшун чындык деп чыккан дин душмандары жана чыгыш таануучулар болгон. Бирок, тафсир, хадис, сийро жана Ислам тарыхы тармагынын аалымдары риваят жагынан да, Ислам акыйдасы менен болгон байланышы жагынан да, кылдаттык менен тактап, аныктап көрүп, каңшаарды кескин түрдө төгүнгө чыгарып, четке кагышкан.

Алла Таала Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарлык кызматында кемчилик кетирүү, кайдыгерликке жол берүү же күнөө кылуу деген өксүк сыпаттардан кандай таза сактаган болсо, Курани Каримди дагы ошончолук деңгээлде коргогон.

«Куранды эч шексиз Биз түшүрдүк, албетте, аны Биз коргойбуз» (Хижр сүрөсү, 9-аят).

Гараник окуясы сахих (эң туура) хадистер жыйнагында айтылбайт, ошондой эле, ишенимдүү аалымдар аны сахих жана муттасыл санад менен да маалымдаган эмес. Демек, андагы маалымат динди каралоо максатында айтылган жана акыйкаттын кыпынчалык үлүшү жок[68].

Гараник маселеси акылга да төп келбейт. Анткени, Гараникте ширкти жактоо дароо көзгө урунат. Ислам дини болсо алгачкы күндөн тарта, тавхидди жактап, элди туура ишенимге чакырган. Тавхид ишениминин каршысында бул өндүү жалган айтымдардын эч кандай мааниси жок. Нажм сүрөсүндө баштан аяк ширктин туура эместиги айтылат, бупарастык деген түшүнүктү четке кагат, бут деген жөн гана куру ысымдардан гана турарын, мушриктердин жаңылыш ойго алданып жүргөнү жана өз кумарларына жеңилгендиги ачык айтылган. Мына ушундай сүрөнүн ичинде, мушриктерди кубаттаган жана Аллага сажда кылууга ынандырган сөздүн болушу мүмкүн эмес. Каапырларды ызалантып келген ушунча көп аяттын арасынан (Кудайым Өзү кечирсин) шайтан шыбырап койгон эки сүйлөм менен көз ачып жумганча кулпуланган жүрөктөрүнүн жибип кетиши жана Алла үчүн саждага баш коюушу акылга сыйбаган нерсе.

Бул жалаага каршы эң сонун жооп, кайра эле ошол сүрөнүн башында минтип айтылган:

«Жолдошуңар (Мухаммед) **азгырылган да эмес, адашкан да эмес. Ал** (Куранды) **өзүнүн оюнан чыгарып сүйлөбөйт. Анын айтып жаткандарында өзүнө вахий кылынгандан башка эч нерсе жок»** (Нажм сүрөсү, 2-4-аяттар).

Бул маселе динге каршы душмандыктын белгиси экендигин Ислам аалымдары ар тараптан тастыктап, далилдеген. Он үч жылдык Мекке доору ширкчиликти жоюу жана тавхид ишенимин жаюу менен курч мүнөздө өткөн. Тавхид ишеними Алла Таалага шерик кошууну кескин түрдө четке кагат.

1.9.3 Эфиопияга экинчи ирет көчүү

Эфиопияга көчүп баргандарды жергиликтүү эл жакшы кабыл алганы, колунан келген жардамын берип, көмөк көрсөткөнү тез эле Меккенин элине да, ашынган дин душмандарына да жетти. Бул мушриктер үчүн суук кабар болду. Кабарды алгандан тарта мусулмандарга каршы заалимдик болуп көрбөгөндөй мыкаачы түргө өттү.

Каапырлар менен кошо бир аймакта жашоо мүмкүн эмес дегенчелик даражага жеткендиктен, мусулмандар ошол эле жылы Хабашистанга экинчи жолу көчүүгө мажбур болушкан. Бул ирет мухажирлердин саны 77 эркек, 15 аял, жалпы токсон экиге жеткен. Булардын башында Азирети Алинин улуу агасы Жафар бин Таййар бар эле.

68. Кади Ыяд, II, 132.

1.10 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ

1.10.1 Курайш мушриктеринин Нажашиге жолдогон өтүнүчү

Меккенин мушриктери мусулмандардын Хабашистанга (Эфиопия) көчкөнүн анчалык этибарга алышкан эмес эле. Көчүп баргандарга өз туугандан артык жылуу мамиле жасалганын уккандан кийин тынч туралбай калышты. Исламдын Меккеден сыртка жайыла баштаганын өз көзү менен көргөн мушриктер муну токтотуп калуунун чарасын таппай, жаман ойлордун толкунунда чайпалышты. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры Хабашистандын өкүмдарынан, көчүп баргандарды кайтарып алууга өз ара чечим кабыл алышты да, өкүмдар Нажашиге жана эң башкы аскер башыларына кымбат баалуу белектерди камдап, Абдуллах бин Рабиа менен Амр бин Асты элчи кылып жиберишти.

Элчилер өкүмдардан мурда өлкөнүн аттуу-баштуу аскер башыларына жолугушуп, белектерди тартуулашып, аларды өздөрүнө жакындатууга аракет кылышты. Белек-бечкекти алган соң аскербашылардын кийлигишүүсү менен элчилер өкүмдарга жолуга турган болушту. Мушриктер жаман максатты көздөп келишкендиктен, өкүмдардын алына адеп киргенде мукактанып, катуу сүрдөштү. Атайы өкүмдарга атаган белектерин берип болгон соң, сөзгө кезек берилди:

– Кадыры улук өкүмдар! Биздин элдин анча-мынча акылсыз тентектери сиздин өлкөңүздөн баш паана алып, жашап жатышат. Алар ата-бабаларынын динин чанышкан. Бул жерге келишип сиздин диниңизди да кабыл кылышпаптыр. Жаңы дин ойлоп табышканго кыязы. Алардын тууган-уруктары тынчсызданып, сиздин алдыңызга бизди элчи кылып жөнөтүштү. Аларды кайтарып алып кетишибиз керек. Анткени, коомчулук булардын ким экендигин жана эл алдындагы күнөөсүн башкага караганда жакшы билет.

Тили булдурттап жатып ушул сөздөрдү айтып бүткөнчө элчини кара тер басты. Мусулмандардын сөздөрүнөн таасирленип калбады бекен деген ойдо мушрик элчи өкүмдарга байкоо салды. Сурак-собол кылбай туруп качкындарды колго салып беришин ичтен тилеп турушту.

Азыноолак белекке алданган аскер башылар бир тараптан элчилердин сөзүн сүйлөштү:

– Өкүмдарым! Элчилер туура айтып жатышат. Бизге караганда өздөрүнүн эли келгиндердин аркы-беркисин жакшы билет деп ойлойбуз. Аларды элчилерге кошуп, өз өлкөлөрүнө жөнөтүп жибергениңиз оң. Туугандары да тынчсызданып жатышкандыр!

Аларды жойпуланганын астыртан баамдап турган даанышман өкүмдар ачуулананын билдирип, кабак чыта:

– Алардын ой-мүдөөсүн укпай туруп булардын колуна салып бербеймин! Атайы илгери үмүт келип, өлкөмө баш калкалаган жамаатка жамандык кылгым келбейт! – деди да, кабар жөнөтүп, көчүп келгендерди кабыл алды.

Нажаши Ошол эле учурда, өз өлкөсүнүн дин билермандарын да чакыртты. Келген динаятчылар китептерин ачып Нажашинин жанына каз катар тизилип олтуруп калышты.

Ошентип, чакырылган бардык адамдар өкүмдардын салтанат өткөрчү чоң кабылдамасында жыйналышып, бетме бет турушу. Бул жыйын, мындай толкундоолор орошон окуя катары тарыхта сакталып кала берген. Мусулмандардын атынан Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун) сүйлөй турган болду. Өкүмдар Азирети Жафарга карап, Меккеден келген мушриктерди ээги менен жаңсап:

– Силерди Меккеге кайтарып кетүү үчүн курайш улуктары элчи жөнөтүшүптүр.

Азирети Жафар:

– Урматтуу өкүмдар! Буларга суроо салып көрүңүз, бизди кайтарып кеткидей биз эмне кул бекенбиз?

Өкүмдар келген элчилерге суроолуу карады. Амр:

– Жок, баары эркин жүргөн адамдар!

Азирети Жафар:

– Булардан сураңыз, каалаган кезде кайтарып алып кеткидей биз эмне буларга карыз бекенбиз?

– Жок, бизге эч кимиси карыз эмес.

– Сураңыз булардан, эмне биз бирөөнүн жанын кыйыптырбызбы, кайтарып барып дарга аскыдай!

– Биздин андай оюбуз жок!

– Андай болсо эмне үчүн бизди алып кеткилери келип жатат?

– Кадырлуу өкүмдар! Булар ата-бабаларыбыздын динин чанып кетишти. Кудайларыбызга акаарат кылышты. Жаш муундардын ишенимине бүлгүн салышты. Коомчулукту бөлүп-жарышты. Ушу тапта Мекке калкы экиге бөлүнүп кетти.

– Силер өз коомуңардын динине да, менин диниме да кирбегениңерге караганда, чын дилден кабылдаган башка диниңер бар го. Айткылачы, ал кандай дин? Кулак силерде, – деп, Нажаши катар тизилип турган мусулмандарга карады.

Азирети Жафар сөз баштады:

– Урматтуу өкүмдар! Биз карапайым сабатсыз коом элек. Таштан жыгачтан жасалган буттарга «Кудай!» деп табынып, сыйынчубуз. Өлгөн малдын этин жечүбүз, кыз наристелерди тирүүлөй көмчүбүз. Кумар ойноп, сүткорлукка батканбыз. Зына жана бир аялдын бир топ эркек менен кылган абийирсиз иши бизге кадыресе жагымдуу иш катары көрүнүп калган. Туугандык карым-катнаш үзүлүп, коңшуларыбыздын акысын каратып туруп жемейге өткөн элек. Алдуулар алсыздарды эзип, байлар кембагалдардын маңдай тери менен пайда таап калышкан. Арабызда акы-укук деген нерсе жокко эсе болчу.

Анан Алла Таала бизге мээримин төктү. Биздин оңолушубузду каалап, ичибизден бир Пайгамбар жөнөттү. Ал Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) пакиза тукумдан, таза уруудан чыкты. Аны «Ишенимдүү-аль-Амин» деп атап алганбыз. Ал бизге Кудай Тааланын жалгыз экендигин айтты. Ага сыйынууну үйрөттү. Ата-бабаларыбыздын буттарынан, ахлаксыз жашоодон бизди куткарды. Кан төгүүгө, кумар ойноого, ичимдик ичүүгө, сүткордук кылууга, жалган айтууга, жетимдердин мал-мүлкүнө кол сунууга жана башка көптөгөн кылымыш иштерге тыюу салды. Жалаң гана жакшылыктарды насаат кылды. Чынчылдыкты, убадага бек болууну, коңшуга жана тууган-урукка жакшы мамиле кылууну, аялзатынын ар-намысын, аруулугун сактоону буйруду. Бизди жапайычылыктан куткарып калды. Маданияттуулукка үндөдү. Жакшы адам болуп, жакшы өмүр кечирүүнү осуят кылды. Биз ага ишендик. Ушу тапта анын жолу, анын дини менен баратабыз. Курайш уруусу бизге ушул себептен душмандыгын артып туруп алды. Булар бизди ар түрдүү азапка салышты, оор кордуктарды тарттырышты. Булардын кыйноосуна чыдоо мүмкүн болбой калганда, Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) уруксат алып, динибизди сактап калуу максатынды ошончо өкүмдардын арасынан сизди тандап, сиздин өлкөңүзгө келгенбиз. Сизди заалимдердин колуна салып бербейт деп үмүт кылабыз!

Азирети Жафардын айткандарын бир калыпта берилүү менен уккан Нажаши:

– Пайгамбарга жөнөтүлгөн вахийден бир нерсе жаттаган белеңер? –деп сурады.

Мүмкүнчүлүктү кылдат уруна билген Азирети Жафар, ооба, дегендей баш ийкеп, Маряим сүрөсүндөгү Яхия менен Иса пайгамбардын туулгандыгын билдирген сүрөнүн алгачкы аяттарын окуп берди. Жергиликтүү адамдар жана өкүмдар Нажашинин дили жибип, ыйлап жиберишти.

Нажаши:

– Аллага ант болсун, бул сөздөр Азирети Муса менен Азирети Исага түшүрүлгөн вахий булагынан келген! – деп, курайш элчилерине кайрылып:

– Көчүп келгендерди силерге тапшырбаймын! – деген чечимин айтты.

Көздөгөн максатына жете албаган элчилер өкүмдардын алдынан чыгып, жатар жайга барышты. Амр жолдошторуна:

– Эртең Нажашиге барып, Мариям уулу Исанын жөнөкөй кул экендигине булардын ишенишкенин чукуп, тамырын каздырбасам элеби, – деп, өзүнчө ачууланып күбүрөнүп алды.

Эртеси Амр өкүмдардын алдына чыгып:

– Кадырлуу өкүмдар! Булар Марямдын уулу Иса тууралуу туура эмес сөздөрдү айтышат. Кааласаң, эмне деп тантырап жүрүшкөнүн өздөрүнөн сура, – деди амалкөйлүккө салып.

Нажаши мусулмандарга кабар салып, дароо чакыртты. Келген соң суроо салды:

– Мариямдын уулу Иса тууралуу диниңерде эмне дейт?

Азирети Жафар сөз алып мына бул акыйкаттарды билдирди:

– Ал жөнүндө Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) үйрөткөн маалыматтарды гана билебиз. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ал тууралуу мындай деген:

– Иса Алланын кулу, элчиси, руху жана бүт нерсени таштап, өзүн Аллага арнаган Марямга жиберилген Сөзү болот...

Нажаши жерден бир тал чөптү алып:

– Аллага ант болсун, Марямдын уулу Иса сенин айткандарыңдын дал өзүндөй! Азирети Иса тууралуу акыйкат менен силердин айтканыңардын арасында ушу (чөп) сыңары да айырма жок! – деп айтар замат, аскер башылар каршы чыккан таризде бир нерселерди күңкүлдөй баштады. Нажаши аларга токтоо кайрылды:

– Кудайга ант болсун, силер канчалык мыңкылбагыла, акыйкат ушу!

Экинчи ирет чакырылганда мусулмандардын жүрөктөрү чындап корко баштаган. Нажашинин сөзүн уккандан кийин бир топ жеңилдей түшүштү. Ал качкындарга карап:

– Силер бара бергиле. Менин өлкөмдө коопсуздугуңар толук сакталат! Силерге тил тийгизген же катуу айткан адам жазага тартылат. Тоодой алтын берсе да, силерди кыйнабаймын. Алып келген белектерин кайтарып бергиле! Мен андайларга муктаж эмесмин. Эгер ушу тапта ошо Пайгамбардын жанында болгонумда, аны бутуна суу куюп, ошого гана кызмат кылар элем!.. (Ибн Хишам, I, 356-361; Ахмад, I, 202-203, V, 290-291; Хайсами, VI, 25-27).

Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун) Нажашиге берген жооптору менен дааватчынын кайсы жерде, кантип сүйлөөсү керектигин сонун көрсөтө алган. Мындай усулдарды билүү баарыбыз үчүн абдан зарыл.

Маселен, Куран окууну суранган кезде оюна келген жерден эмес, тыңдоочунун руханий абалына шыпаа болор жерден окуган оң. Жафардын Мариям сүрөсүндөгү Азирети Исага тиешелүү аятты окушу мактоого татырлык иш. Ошол эле учурда, мушрик элчилер айткан шылоолорго логикалык жактан таамай жоопторду берип, Исламдын акыйкат дин экендигин, адилеттүүлүктү камсыз кыларын, адам укуктарын коргоону жана бийик адеп-ахлактуу болууну талап кылганын айтышы өзгөчө кыраакылык.

1.10.2 Азирети Хамзанын мусулман болушу

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) кээде өзү Каабага барып Алланын аяттарын окуп турган. Бир жолу адаттагыдай Алланын үйүндө Куран окуп жаткан эле. Абу Жахил чектен ашып акаарат кылат. Жанындагы мушриктерди коркутамын деген ойдо аны сөгүнүп, мыскылдап жатты. Окуяны алысыраактан байкап турган бирөө уудан кайтып келаткан Азирети Хамзага эмнелер болуп жатканын айтты:

– Эй, жигиттин пири! Каабада сенин тууганыңа каарат кылып жатышат, ага бир балээ кылып коюушабы деп коркуп турам. Бир жамандык жасап коюшпасын!..

Азирети Хамза тизгинди Кааба тарапка бурду. Айткандай, жагымсыз көрүнүштүн үстүнөн чыкты. Оозуна келгенди оттоп, жаман сөздөрдү айтып жаткан Абу Жахилди тыйды да, колундагы жаа менен баштан ары бир чапты. Башы жарылып кетти көрүнөт, жүзүнө ылдый кан жайыла берди. Өмүрү эч кимден мындай катуу мамилени көрбөгөн дин душманы, таттуу жанын арачалап качып жөнөдү. Анын жанындагы мушриктер да Хамзадан айбыгышып, эки экиден элтейген бойдон тарап кетишти. Курайштын мен деген кыйындары да Хамзадан коркор эле.

Хамза мушриктердин качканына маашырлана жээнинин жанына басып келип:

– Мына, Мухаммед өчүндү алдым, эми мындан ары сага эч ким катыла албайт! – деди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) тууганынын каармандыгына жооп катары:

– Абаке! Мен эң негизи, сенин мусулман болушуңа жан дилден сүйүнөр элем, – деди. Анын жалжылдаган үмүттүү көздөрү, жалындуу сөздөрү Хамзаны терең ойго салды. Жан дүйнөсүн мокочо кайдыгерлик каптап баратканын, анык акыйкат башка жакта кылайып турганын баамдаган даанышман зат анын нурдуу жүзүнө тигиле, көпкө карап туруп:

«Алланын жалгыз экендигине, Мухаммед Анын кулу жана Элчиси экендигине ыйман келтирдим!» – деп, келмесин шыр айтып жиберди.

Азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун) сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) эмчектеши жана эки жаш улуу абасы болгон[69].

Хамзанын мусулман болгондугун уккан Азирети Абу Бакир абдан сүйүндү. Ушул күнү Каабага чогуу барып элди Исламга чакырсак деген ынтызарлыгын билдирди. Алланын Элчиси, азырынча мусулмандардын саны өтө аз экенин айтты. Ал болбой эле көшөрүп, туруп алгандыктан, «Дарул Аркамдан» Каабага карай жүрүш жасашты. Каабага барышкан соң Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) элдин алдына чыгып, Аллага жана Элчисине ыйман келтирүүнүн зарылдыгы тууралуу үгүт кылды. Аңгыча мушриктер да топтоло башташты. Алардын жамандыгы көздөрүнөн байкалып турду. Бир маалда мушриктер мусулмандарды каптап, катуу кагылышуу башталды. Сан жагынан мушриктер көп болгондуктан, мусулмандар жапа чегишти. Фасык Утба тебелендиде калган Азирети Абу Бакирди тургуза койбой жерге ныгыра, таманына темир кадалган бут кийими менен беттен ары тээп жатты. Бетин айрып, денесин көгала кылып жанчып салды. Денеси жаракат алып, канга чулганып жатып калды. Таймдын балдары анын тууганы болгондуктан, мушриктердин колунан араң куткарып алышты.

Эстен танган Абу Бакирди (Алла ага ыраазы болсун) үйүнө алып кетишти. Эс-учун билбей сулк жатканын көрүп, токмоктон айыга албаса керек деген ойдо, туугандары чогулуп Каабага барышты да, мушриктерге эскертүү беришти:

– Эгер Абу Бакир өлө турган болсо, ант болсун биз Утбаны өлтүрөбүз!

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) каш карайганда гана эсине келди. Оор улутунуп алган соң, кыйналып жатып жанындагылардан сурады:

– Алланын Элчисинин абалы кандай, жакшыбы?

Энеси Уммул Хайр же сүйүнөрүн билбей, же күйүнөрүн билбей аптыгып:

– Уулум, бир нерсе ичип жесеңчи!

Энесинин сөзүн укпаган кишидей жан досунун абалын билгиси келип, улам кайталап сурай берди:

– Алланын Элчиси эмне кылып жатат, кандай абалда болду экен?

69. Ибн Хишам, I, 312-313; Хаким, III, 2134; Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 84.

Энеси эч нерсе билбесин айткан соң, оорулуунун санаасы санга бөлүнүп, тынчсыздана баштады. Алланын Элчисинин абалын билип келүү үчүн энесин мусулман болгон Умму Жамийлге[70] жөнөттү. Умму Жамийл (Алла ага ыраазы болсун) барып кабар алып келди. Азирети Абу Бакирдин аянычтуу абалына жүрөгү түтпөй ыйлап жиберди:

– Алла Таалага касам ичем, сени ушул абалга албетте эки жүздүү фасыктар жана каапырлар жеткиришти! Ушу кылгандары үчүн Алла Таалам аларга азап жиберсин!

Андан соң Алланын Элчисинин сак-саламат «Дарул Аркамда» экендигин айтты.

Анын кабарына алымсынбаган Абу Бакир:

– Алланын Элчисин көрмөйүнчө, тамагымдан эч нерсе өтпөйт! – деп, «Дарул Аркамга» жөнөп калды.

Эл аягы тыйылып, көчө тынчып калганда Умму Жамийл менен Уммул Хайр Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) колтугунан таяп, Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) алып барышты. Жан досун көрүп, эреркеп кетти көрүнөт, буркурап ыйлап, анын тизесине башын койду. Анын аянычтуу абалы Пайгамбарлардын Султанынын (саллаллаху алейхи васаллам) сезимтал жүрөгүн эзип жиберди. Жан досунун жүрөгүн өйүп койгонун сезе койгонсуп Азирети Абу Бакир:

– Пайгамбарым, ата-энем сенин жолуңа курман болсун! Менин эч кандай түйшүгүм жок. Жанагы ыплас мени бир аз эле кыйнап койгону болбосо, менин абалым дурус, – деди. Аркы-беркиден кеп салып бир топ баарлашып отурган соң энесинин ыйманга келиши үчүн дуба кылууну өтүндү.

Азирети Пайгамбарыбыз алакан жайып Алла Таалага жалбарды. Дуба-тилек кабылданып, анын энеси да ыймандуулардын катарына кошулуп, жаңы, бактылуу жашоого кадам таштады[71].

Азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун) сындуу эр жүрөктөрдүн мусулман болушу менен күн сайын мусулмандардын карааны калдайып, дин Ислам аз да болсо чыйралып баратты. Мындай көрүнүш мушриктердин жүрөгүнүн үшүн алып, ичкенин иримге, жегенин желимге айлантты. Дагы бир жолу жыйналышып, Исламдын ылдамдыгын токтотуунун чараларын издеп көрүштү. Өз араларында:

«Мухаммеддин абалы чыйралып баратат. Алар күчкө толгон сайын биздин иштер тескери кетип жатат. Сыйкырчылык, көзү ачыктык, акындык жана билим жагынан эң кыйыныбызды тандап, ага жөнөтпөсөк болбойт. Барып аны менен сүйлөшүп келсин!» – деген бүтүмгө келишти.

Бул иш үчүн Утба бин Рабианы ылайык көрүштү. Азирети Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) жөнөтүп коюп жооп күтүп кала беришти. Алланын Элчисинин алдына барган Утба мушриктер сунуштаган мүмкүнчүлүктөрдү, ашыгы менен кайталап көпкө

70. Хаттаб кызы Умму Жамийл мусулман айымдардын бири болгон. Аны Абу Лахабдын аялы Умму Жамийл менен чаташтырбоо керек.

71. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, VII, 326; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 81.

жобурады. Ал сөзүн бүтүргөнгө чейин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) унчукпай угуп отурду. Акырында сурады:

– Абу Валид, айтып бүттүңбү?

– Ооба.

– Эми мени жакшылап угуп тур.

Алланын ысымы менен баштап, Фуссилат сүрөсүн окуп, сажда аяты келгенде башын саждага койду да: – Абу Валид, мен окугандарды өз кулагың менен угуп турдуң. Эми мына сен, мына ал! – деп, кыскача сөзүн бүтүрдү.

– Абу Валид кетип баратканда жөн эле кеткен болчу, эми болсо жүзү бир башкача кулпуруп калыптыр, абалы да башкача?! – деп, кайтып келаткан Утбаны көргөн мушриктер шектене башташты.

Жай басып келген Утбаны жаалап ортого алып суроолорду жаадырышты:

– Эмне болду бачым айта салчы?

Абу Валид маанилүү сөздөн баштады:

– Кудайга ант, мен өмүрүмдө мындай касиеттүү сөздү уккан эмесмин. Аны ыр же сыйкыр, же көзү ачыктык деп айтканыбыз туура эмес.

«Аларга айтып кой, эгерде жүз үйрүй турган болушса: Мына, Ад жана Самуд коомунун башына келген чагылганга окшогон бир чагылган менен силерге эскертүү бердим» (Фуссилат, 13).

Мухаммед ушуна айтар замат, дагы башкасын окуп салбасын деп, тууганчылыгыбыздын акы үчүн колум менен оозун баса койдум. Анын ар бир сөзүнүн чын чыгарын жакшы билемин, ошол себептен келе турган азаптан корктум.

Эй, курайш уруусу! Келгиле, мага кулак салгыла. Аны өз жайына койгула, кийлигишпегиле. Эгер аны арабдар өлтүрсө, бөтөн колго кан чачырайт да, силер кутуласыңар. А эгер арабдарга өкүм жүргүзө турган болсо, анын бийлиги силердин бийлигиңер, анын күчү силердин күчүңөр, ооматы силердин ооматыңар болуп кала берет. Ошентип, Мухаммеддин зоболосунун арты менен эң бактылуу болосуңар!

Жинденген мушриктер:

– Кокуй, сени да тили менен сыйкырлаган тура, Абу Валид! – деп, ызырынышты. Утба:

– Бул менин пикирим. Силер каалаганыңарды жасагыла, – деди (Ибн- Хишам, I, 313-314; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 111-112).

1.10.3 Азирети Умардын мусулман болушу

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) сүйүктүү Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) он үч жаш кичүү болгон. Тогузунчу атадан экөөнүн туугандык жайы бар эле.

Мусулмандардын ишин кароо боюнча мушриктер дайыма «Дарун Надвада» жыйын өткөрүшчү. Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи васаллам) өлтүрүүнү мерчемдешти. Бир бүтүмгө келген соң күч десе күчү бар, сүр десе жырткычты да коркутар сүрү бар, дене-бою олбурлуу Умар бин Хаттабды мактап-жактап, араларынан тандап чыгарышты. Ар кимиси оюна келген акылын айтышып, жоо-жарагын берип узатышты. А аныгында көздөгөнү жөн киши эмес, Алла Тааланын сүйүктүү Пайгамбары эле. Нуайм бин Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун) ага жолдон жолугуп калат. Атайын бир ишке шайланып, шашып баратканын баамдай койот кыраакы сахаба. Ошентсе да байкамаксанга салып:

– Умар мырза! Байкашымча, олуттуу максат менен кайдадыр шашып бараткандайсың? – деп суроо узатты.

– Ата-бабаларынын динин таштап, жаңы дин алып келген Мухаммедди өлтүрөйүн деп баратам! – деп бурк этти.

Кырдаалдын бычак мизинде турганын аңдай койгон Нуайм убакыттан утуу үчүн:

– Эх, Умар. Кудайга ант болсун, сен напсиңе алданыптырсың. Мейли сен аны өлтүрдүң дейли, бирок, Абди Маннафтан тарагандар сени соо койор бекен, ушуну ойлодуңбу, кур дегенде? Сен эң оболу өз туугандарыңа карасаң жакшы болот, – деди.

Умар Нуаймды көзүнүн үстү менен тиктеп, кыжырлана:

– Өз туугандарың деп, сен кимди айтып жатасың!?

– Ким болмок эле, күйөө балаң Саид бин Зайд менен карындашың Фатиманы айтып жатам! Экөө тең мусулман болушкан!

Нуайм (Алла ага ыраазы болсун) ниетин чындап бузуп алган Умарды көрөрү менен аны карындашы менен күйөө баласыныкына жөнөтө салып, абалды Азирети Пайгамбарыбызга билдирүү үчүн убакыттан утуп алды.

Нуаймдын сөздөрү Умардын ачуусун жарылчудай абалга жеткирди. Ошо кездеги түрүнөн адам тургай, жырткыч да айбыгар эле. Ал түз эле карындашынын үйүнө барды.

Дал ошол маалда карындашы, күйөө баласы жана Хаббаб (Алла аларга ыраазы болсун) үчөө Куран окуп, таалим алып жатышкан эле. Кирген буурадай чамынып, кара кулак шердей айбаттанып келаткан агасын көрөр замат, үй ээлери Хаббабды башка бөлмөгө жашырууга аргасыз болушту. Корккондон алаңдаган Фатима Куран жазылган барактарды жашырганга арең үлгүрп калды. Ошентсе да, кыңыр иш жасап койгону билинип калган жаш баладай жер карап туруп берди.

– Эми эле эмнелерди кобушарып жаттыңар эле? – деп, жер карап турган карындашына бир тийди.

– Сиз жаңылыш бир нерсени угуп калгандырсыз, эч нерсе деле жок болчу, – деп актанып көрүштү эле кыжыры кайнаган Умар:

– Угушума караганда, экөөңөр тең Мухаммедге моюн сунган турбайсыңарбы?!

Умар ачуусун баса албай күйөө баласын көкөрөктөн ары түртүп, жыгылып калган соң ур-токмокко ала баштады. Арачы болуу үчүн ортого түшкөн карндашын да токмоктоп

салды. Акыйкатка карөзгөйлүк кылып жаткан агасынын жоругуна чыдабай кетти көрүнөт, карындашы чарт жарылып кетти:

– Умар! Колуңдан келгенин кыл! Кааласаң бизди өлтүрүп сал! Мусулманчылыктан эч качан кайтпайбыз!..

Кыжыры кайнаган Фатима (Алла ага ыраазы болсун) ыйманынын күчүнө таянып, ушул сөздөрдү айтып жатканда айрылган башынан кан сызылып турду.

Карындашынын жүрөктөн чыккан сөздөрү Умардын шаабайын суутту. Жалт карап, анын бетинен сызылып жаткан канды көрүп, бир туугандык сезими зырп дей түштү. Жоругуна бушайман болгонсуп жүзүнүн жумшара түштү.

– Мейли эмесе, эмелеки окуп жаткна нерселерди алып келгиле, көрөйүн.

– Сен ал барактарды айрып саласың, – деп, Фатима кеткенчиктеп кетти.

– Коркпо, эч нерсе кылбаймын, – деген тейде колу менен ишаарат кылып, окуган соң кайтарып берерин айтып, кудайларын оозанып, касам ичти.

Айбан мүнөз агасынын мусулман болушун үмүт кылып, барактарды катылып жаткан жеринен алып чыгып:

– Ага жаным, сен буттарга сыйынып жүргөндүктөн, таза эмессиң. Куран жазылган барактарга пакиза эмес адамдар кол тийгизе албайт! – деди. Бир аз мурда агын селдей буркан-шаркан түшкөн Умар карындашынын сөзүндө бир касиет катылып жатканын аңдады. Жүрөгү жибип, ордунан туруп тазалынып, жуунуп келген соң Курандын барактарын кармады. Андагы аяттарды окуй баштады:

«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алла Тааланын ысымы менен!

«Таа хаа. (Мухаммед,) **Биз сага бул Куранды кыйналып жапа чегишиң үчүн эмес, тескерисинче** (Алладан) **корко турган адамдарга нарк-насаат болсун үчүн түшүрдүк.** (Ал) **Жерди жана жогорку асмандарды жаратуучу тарабынан түшүрүлгөн.** (Ал) **Өз тагын ээлеген Рахман. Асмандар менен жердеги жана бул экөөсүнүн ортосундагы нерселер менен топурактын астындагы бардык нерсе Ага таандык. Эгер сен ашкере сүйлөсөң да,** (же тымызын сүйлөсөң да) **Ал сырды да, эң жашыруун нерселерди да билет. Ал Алла! Андан башка Кудай жок. Эң жакшы ысымдар Ага таандык.** (Мухаммед), **сага Муса жөнүндө кабар келдиби? Эстегин ал** (узактан) **бир отту көрүп үй-бүлөсүнө: «-Ушул жерде тура тургула, мени бир отту көрүп калдым , балким, силерге андан чок алып келермин, же ошол от тараптан бир жол көрсөтүүчү табаармын», – деди. Анан ал отко жеткен кезде, «О, Муса!» деген үн угулду.** (Муса), **Чындыгында, Мен Сенин Эгеңмин. Эми кепичтериңди чечкин. Анткени, сен ыйык Тува өрөөнүндөсүң. Мен сени** (пайгамбарлыкка) **тандадым. Эми түшүрүлүүчү аян-кабарга кулак сал! Чындыгында, Мен Алламын. Менден башка кудай жок, Мен гана бармын. Демек сен, Мага гана сыйын жана Мени эстөө үчүн намазды толук аткар! Ар бир жан кылган мээнетинин үзүр-акыбетин ала турган** (кыямат) **сааты, албетте, келет.** (Бирок) **Мен** (кыямат качан болушун) **жашыруун кармаймын. Ошондуктан, кыяматка ишенбей, өз каалоолорун ээрчигендер сени** (ыймандан) **тоспосун. Анда жок болосуң»** (Таха сүрөсү, 1-16-аяттар).

Мына ушул аяттардын, таасиринен жүрөгү толкуган Умардын сөзү оозунан түшүп калды.

– Бул сөздөр кандай гана көркөм! Кандай гана нарктуу! – дегенге араң жарады.

Курандын ыйык касиети, сөзүнүн риторикалык көркөмдүгү, куюлушкан саптары аны биротоло өзүнө тартып алган эле. Ал катардагы пендезат айта албай турган акыйкатка жана кеменгерликке бай эле. Умар шалдырап олтуруп, азыр эле окуган касиеттүү сөздөрдүн тереңине ой кайыгы менен саякаттап кетти. Ойлонуп бир топко олтурду. Бир маалда жашынган жеринен Хаббаб (Алла ага ыраазы болсун) чыгып келди да:

– Умар, Аллага ант болсун! Алланын Элчисинин дубасы сага насип болот экен буйруса. Кечээ Пайгамбарыбыз: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Исламды Абу Хакам бин Хишам же Умар бин Хаттаб менен кубаттандыр!» – деп дуба кылган эле. Умар, болду, жетишет, Алла Тааладан корк! – деди.

Жанатан бери ойго сүңгүп бир кыйла жеңилдене түшкөн Умар эми чыдамы түтпөй:

– Хаббаб, жүрү, сен мени Мухаммед жашаган жерге алып бар, мусулман болоюн! – деди.

Көңүлдөгү көлкүгөн толкунга айдакталып жолго чыкты. Бул ирет ыйман, сүйүү жана толкундануу түрткү берип, Алланын Элчисинин акыйкатына ынтызарлана, Умардын кадамдары жеңил ташталып баратты.

Бир заматта Аркамдын үйүнө барышты. Кайра тартпас өжөр душмандын келери мурда кабарлангандыктан, аны белине кылыч байланып, билек түрүнүп, белсенип чыккан Хамза тосуп алды. Акыркы өзгөрүүлөрдөн эч бир жандын кабары жок эле.

Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) Умар тарапка бет алды. Аны дарбазадан тосуп алып, эмне үчүн келгендигин сурады. Азирети Умар мусулман болуу үчүн келгенин айтты.

Умардын улардай үнүн уккан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Жараткан Алланын эмнелерге кудереттүү экендигин каймана мааниде кыйытып, негизгиси, шүгүрчүлүк иретинде: «Аллаху Акбар!» – деп, Жаратканды даңктады. Анын такбирин уккан бардык сахабалар үндү бийик көтөрө жарыша такбир айтышты. Ошентип, Алланын Элчисинин дагы бир дубасы кабыл болду.

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жана сахабалардын алдында эң алгач келмесин келтирген соң жылуу сөзгө баштады.

Ошентип, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) дубасы Умар бин Хаттабга насип болгон. Ал эми Абул Хакам бин Хишам, тактап айтканда, баарына белгилүү Абу Жахил, каапырлыктын сормо сазына белчеден баткан бойдон, түбөлүк азап тарта тургандардын бири болуп кала берген[72].

Ыйманга келген Азрети Умардын сунушу менен мусулмандар Алла Тааланы даңкташып, Аркамдын үйүнөн Каабага карай дагы бир жолу жүрүш жасашты.

72. Ибн Хишам, I, 365-368.

Мусулмандардын эч нерседен коркпой, Меккени жаңырта такбир айтып Каабага келиши жана Азирети Умардын алардын катарына кошулуп кетиши мушриктердин ачуусун шекердей кайнатты.

Ак менен караны, жаман менен жакшыны айырмалап, кара кылды как жара билгендиги үчүн Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Умар бин Хаттабга (Алла ага ыраазы болсун) «Фарук» деген асыл наамды ыйгарган[73].

Азирети Умар ошол элестүү күндөрүн кийинки өмүрүндө мындайча баяндап берген:

«Мусулман болгондугу үчүн азап тартып, жапа чекпеген жан жок эле. Исламды кабыл алганымдан кийин эч ким мага кысым көрсөтө албады. Анан ойлонуп олтуруп өзүмө өзүм мындай дедим:

«Мусулмандар ар кыл азап чегип, түркүн балээлерди башынан кечирип жатканда менин тынч өмүр сүргөнүм жарабаган иш!»

Исламды кабылдаган күнү түн бою кирпик ирмебей ойлонуп чыктым. Меккеде Алланын Элчисин көргүсү келбеген канча элдешкис душман болсо, баарынын үйүнө барып мусулман болгондугумду бетине айтууга чечим кылдым. Мен күткөн таң да атты. Эртелеп барып Абу Жахилдин каалгасын какты.

– Кош келипсиң Умар! Эмне жаңылык алып келдиң? – деди.

Мен ага мындай дедим:

– Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтирип, Пайгамбар алып келген бүт касиеттерди кабыл кылганымды айтыш үчүн келдим!

Ал мага наалат айтып, эшикти тарс жаап, ичинен бекитип алды» (Ибн Хишам, I. 371).

Азирети Умар муну менен эле тим калбай, Исламга азуусун кайраган душман, өзүнүн таякеси Валид бин Мугирага жана акыйкаттын жолун тосуудан кайра тартпаган эки мушрикке бул кабарды билдирген. Алар деле Азирети Умарга каяша айтууга даай алышпай, унчукпай, эшикти катуу жаап алышкан.

Абдуллах бин Масуд мындай деген:

«Азирети Умардын мусулман болушу жеңиш, улуу көчкө кошулганы жардам (дем), халифалыгы накта мээримдүүлүк болгон! Ал мусулман болгонго чейин Каабанын жанында намаз окуй алчу эмеспиз. Исламды кабыл кылгандан тарта курайштын мушриктерине сес көрсөттү. Мушриктер бизди жайыбызга койду. Ошентип, Каабада намаз окуй баштаганбыз» (Хайсами, IX. 62-63).

73. Диярбекри, I, 296.

1.11 ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.11.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле?

1. Пайгамбарыбыздын пайгамбарлык кылуудан мурун Хира үңкүрүнө барышынын себептери эмнеде?

2. Эмне үчүн пайгамбарлар өз элине акыйкат динди алып келгенине карабастан таш боордукка жана кастыкка дуушар болушкан?

3. Ислам дониндеги алгачкы вахийдин «Оку!» буйругу менен башталышынын себептери эмнеде?

4. Куранды Пайгамбарыбыздын ойлорунун жемиши деп айткандарга кантип жооп бере алабыз?

5. Эмне үчүн пайгамбарлар периштелерден эмес, адамдардан тандалганын түшүндүрүп берсеңиз?

6. Пайгамбарыбыз сабатсыз болбосо, кандай жалаа жана айыптоолорго туш болмок?

7. Исламдын алгачкы жылдарында Дарул-Эркам мусулмандарга кандай мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген?

8. Мушриктер: «Сен биздин буттарга сыйын бизда сенин Кудайыңа сыйыналы. Ошентип, биздин ортобузда ынтымак бекемделет! « деген сунуштарына Азирети Мухаммед пайгамбарды оң жооп бергенде жыйынтыгы кандай болмок?

9. Эмне үчүн Азирети Мухаммед пайгамбар алгачкы үч жылда жашыруун динге чакырган?

10. Азирети Мухаммед пайгамбарга берилип башка пайгамбарларга берилбеген кайсы өзгөчөлүктөрүн билесиздер?

11. Азирети Мухаммед пайгамбардын динди жайылтуусун токтотуу максатында мушриктер кандай сунуштарды беришкен?

12. Эгерде алгачкы мусулмандар мал-мүлкүн жоготуу коркунучунан улам ыймандарын сактап калбаганда дин жайылуусуна кандай таасир калтырмак?

13. Алхачкы хижраттын (көчүү) Эфиопияга болуусунун себеби эмнеде?

14. Мушриктер мусулмандардын көчүп кетүүсүнө эмне үчүн каршы чыгышкан?

15. Алгачкы мусулмандар туурасында маалымат бергиле?

16. Гараник окуясы туурасында маалымат бергиле?

17. Вахийдин кайрадан башталауусу туурасында маалымат бергиле?

18. Азирети Умардын мусулман болуусу туурасында маалымат бергиле?

19. Эмне үчүн Азирети Мухаммед пайгамбар алгачкы үгүттөөлөрүн жакын туугандарынан баштаган?

20. Азирети Мухаммед пайгамбардын Сафа дөңсөсүндөгү кайрылуусу кандай жыйынтыкталды?

1.11.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Алгачкы вахий катары кайсы сүрөнүн аяттары түшүрүлгөн?

А. Наср сүрөсү

Б. Фатиха сүрөсү

В. Алак сүрөсү

Г. Бакара сүрөсү

2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы пайгамбарыбызга түшүрүлгөн алгачкы аяттардан чыгарган тыянактардын бири эмес?

А. Вахийдин “Оку!” буйругу менен башталуусу окуунун ой жүгүртүүгө караганда да пазилеттүү экендигинин белгиси болуп саналат.

Б. Улуу немат болгон илимди чындыгында адамзатка Алла Таала үйрөткөн.

В. Уюган кандан жаралган адам, жаралышыны жана алсыздыгыны унутуп текеберденбеши керек.

Г. Ар бир мусулман ар бир ишти баштоодо Алла Тааланын ысымы менен баштоосу керек.

3. Вахий алты айлык мезгилге үзгүлтүккө учурагандан кийин кайсы сүрөнүн аяттары түшүрүлгөн?

А. Али-Имран сүрөсү

Б. Ниса сүрөсү

В. Муддасир сүрөсү

Г. Ихлас сүрөсү

4. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Аллахтын мушриктер каалаган периштелерди эмес, адамдардын арасынан пайгамбарларды жиберүүсүнүн себептеринин бири эмес?

А. Эгерде периште жиберилген болсо, анда мушриктер: “Периштенин кылганын кантип жасай алабыз, биз адамбыз!” деп баш тартышмак.

Б. Эгер элчи периште болсо, анын жасаган мужизалары мужиза катары кабыл кылынбагандыктан мушриктер бат эле ишенишпейт эле.

В. Периштелердин жаратылышы табияты жашоосу адамдардыкын өзгөчө болгондуктан алар адамзатка үлгү боло алмак эмес.

Г. Эгерде пайгамбар периштелерден болгондо адамдар аны көздөрү менен көрө алмак эмес.

5. Пайгамбарыбыздан кийин ким биринчилерден болуп ыйман келтирген?

А. Азирети Абу Бакр

Б. Азирети Хатижа

В. Азирети Умар

Г. Азирети Али

6. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Меккеде алгачкы мусулмандардын таалим-тарбия жана окуу борбору болгон?

А. Кааба

Б. Дарун-Недве

В. Дарул-Аркам

Г. Набави мечити

7. Исламды жалпы элге ачык түрдө жар салууга кайсы сүрөнүн аяттарында буйурулган?

А. Каафирун сүрөсү

Б. Фил сүрөсү

В. Хижр сүрөсү

Г. Кавсар сүрөсү

8. Азирети Мухаммед пайгамбар алгачкы ачык чакыруусун кимдерден баштаган?

А. Мединалыктардан.

Б. Өзүнүн жакын бир туугандарынан.

В. Досторунан.

Г. Меккеге конок болуп келгендерден.

9. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Жараткандын буйругун орундатуу максатында Сафа дөңсөөсүнө чыгып кимдерге кайрылган?

А. Курайш уруусуна

Б. Хазраж уруусуна

В. Авс уруусуна

Г. Жөөттөргө

10. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Азирети Мухаммед пайгамбардын динди жайылтууда жакын туугандарынан баштоосунун себептеринин бири болушу мүмкүн эмес?

А. Жакын туугандарынан баштоосу аркылуу дин дагы да бат жайылмак.

Б. Жакын туугандары аны тастыктоосу диндин жайылуусун жеңилдетмек.

В. Алгач жакын туугандарына пайгамбар катары жөнөтүлүүсү.

Г. Жакын туугандары аны жакшы таанып билгендиктен.

11. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Аллахтын Элчисинин алгачкы үч жылда Исламды жашыруун үгүттөгөнүнүн себептеринин бири эмес?

А. Мунафыктардын алардын арасына кирүүсүнүн алдын алуу.

Б. Исламды тынч жана бат жайылтуу.

В. Жаңы мусулмандарга коркунуч келтирбөө.

Г. Мушриктердин мусулмандарга душмандык кылуусунун алдын алуу.

لا إله إلا الله محمد رسول الله

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ



ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **БАЙКОТ ЖЫЛДАРЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛДАРЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛДАРЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ЭКИНЧИ ЖЫЛДАРЫ**
- **ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛДАРЫ**

1.12 БОЙКОТ ЖЫЛДАРЫ

1.12.1 Үч жыл сүргөн карасантайлык (байкот)

Ислам дини күн өткөн сайын өркүндөп, мусулмандардын саны өсүп жатты. Минтип жаңы диндин өрүш алышы мушриктердин ызалуу кегин ого бетер ырбатты. Чыдап тура албаган мушриктер Азирети Пайгамбарыбызга кастыгын тигип, ааламды караңгылыкка чөктүрүүгө ниет кылып:

«Жашыруун болсун, же ачыктан болсун, баары бир аны өлтүрөбүз!» – деп касам ичишти.

Курайш мушриктеринин мындай бекем чечимин уккан Абу Талиб Алланын Элчисинин өмүрүнө коркунуч туулганын ойлоп, бир орунда тура албай, санаасы санга бөлүндү. Акырында Хашим менен Мутталибден тарагандарды жыйнап, Мухаммед Мустафаны (саллаллаху алейхи васаллам) ар кандай кырсык-балээлерде коргоону тапшырды. Мухаррам айынын алгачкы түндөрү Абу Талиб баш болуп, Хашим менен Мутталибден тарагандар Абу Талибдин эшик алдына жыйналышты. Абу Лахаб гана каапырларга ыктап, басып келген жок.

Мушриктер болсо Ислам дининин дагы да тамырлап кетишине жол бербөө, мусулмандарга экономикалык, социалдык чектөөлөрдү киргизүү, жашоолорун татаалдаштыруу, бет алган багытынан мурунку ыплас үйүткө кайтаруу тууралуу план түзүштү.

Мына ушул максат менен Абу Жахил башында турган карасантайлар мусулман атпайдан жана аларды коргоп жаткан Хашимдин уулдары менен соода-сатыктан баштап, куда-сөөк болуу сыяктуу маданий мамилелерге чейинки бардык адамгерчилик карым-катнаштарды үзүп коюшту. Муну бир антташуу менен бекемдеп, ар бир топ башы мөөрлөрүн басышып, Каабанын дубалына илип коюшту. Бул антташууну Мансур бин Икрима жазган эле. Ошол күнү Алланын Элчисинин дубасы тийип, Икриманын колу куурап калды. Буга күбө болгон мушриктер:

«-Хашимден тарагандарга заалимдик кылгандыгыбыз үчүн Мансур балээге кабылды!» –деп, өз араларында күбүр-шыбыр болуп жатып калышты (Ибн Хишам, I, 372-373; Ибн Саьад, I, 208-209; Бухари, Хаж, 45).

Мусулман коомчулугунун турмушу оорлоп, жетишпестик жана ачарчылык башталды. Абу Жахил жана анын бузук ниет тарапташтары күн-түн дебей мусулмандар жайгашкан шаар бөлүгүн сырттан көзөмөлгө алып, азык-түлүк иргизүүгө тыю салып, колго түшкөндөрүн тартып алып жатышты. Көзөмөл катуу болгондуктан, азык-түлүктү жашыруун алып кирүүгө да болбой калды.

Мусулмандар тараптан дүкөндөргө жана базарларга бара турган жолдун баарын жаап салышты. Демейде байлыгын аяп жүргөн мушриктер, ушундай кысталыш жагдайды өздөрү түзгөн соң, мусулмандардан кызганып, азык-түлүктүн бардык түрүн, акчанын көзүнө карабай сатып алып жатышты. Жылына бир жолу келчү ажылык мезгилинде гана мусулмандар жашаган аймагынан сыртка эркин чыга алышчу. Ошондо да момун мусулмандардан бирөө жарым, бала-бакыра үчүн бир нерсе сатып алайын десе каапыр Абу Лахаб жете келип:

– Эй соодагер! Мухаммеддин үммөтү келгенде колуңдан келишинче наркты көтөрүп сал. Алар сенден эч нерсе сатып ала албагандай болушсун. Силер менин өтө бай жана убадага бекем адам экенимди жакшы билесиңер! – деп, соодагерлерди сөз менен зекип, мусулмандарга мыйыгынан мыскылдуу жалмайып бастырып кетчү.

Мусулмандар өңдөн азып ,үйдө ыйлап олтурган балдарына өзөк жалгар эч нерсе ала албай, аргасыздан кайра тартып жүрүштү. А соодагерлер болсо, эртеси күнү арткан азык-түлүктөрүн Абу Лахабга кымбат баага өткөрүп, жыргап калышты[74].

Ачарчылык жондон басып, эл кыйналып турган кезде Азирети Пайгамбарыбыз жана кутман жубайы Азирети Хадижа энебиз колундагы бардык мүлктү мусулмандар үчүн каржашты[75].

Мусулмандарды ачарчылык менен кыйнайбыз, Алланын Элчисин өзүбүзгө баш ийдиребиз, колдон келсе көзүн тазалайбыз деген максатта, зор ишеним менен ушундай чектөөлөрдү киргизишкен. Берки тарапта аксакал Абу Талибди аталарындай урматтаган Хашимдин урпактары менен мусулмандар, акыркы Пайгамбардын өмүрүн сактоо үчүн кашык каны калганга чейин кармашууга даяр турушкан.

1.12.2 Бойкоттун аякташы

Миң бир азап менен кылымдай сезилген үч жыл аяктап калганда, момундарды кыйноо боюнча жазылган келишим кагазды Кудай Таала жиберген кадимки дарак курту «Бисмикаллахумма – О, Аллахым! Сенин ысымың менен баштаймын!» деген сүйлөмдөн башка, заалимдикти, жамандыкты билдирген бардык сөздөрдү жеп койду. Вахий аркылуу билдирилген кабарды Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Талибге айтты. Ал бир туугандарын чакырып:

– Сый кийимиңерди кийгиле, курайш уруусуна барабыз да, жарыяланган келишимдерин курт жеп кеткенин айтабыз! – деди.

Ошентип, Абу Талиб туугандарын баштап мушриктерге барышты. Келген максаттарын түшүндүрүп, чечим жазылган баракты курт жеп кеткенин айтышты. Көздөрү ала чакмак болгон мушриктер адам жөнөтүп баракты алдырышты. Азирети Пайгамбарыбыз билдиргендей баракты курт жеп салганын көрүштү. Заалимдердин оозунан сөзү түшүп, шалдырап отуруп калышты. Абу Талиб аларга:

74. Сухейли, II, 127-128.
75. Якуби, II, 31.

– Ырайымсыздык кылганыңарды, тууган менен туугандын алакасын үзүп жамандык кылганыңарды силер да түшүндүңөр көрүнөт!? – деди.

Эч кимиси Абу Талибге каяша жооп кайтара алышпады. Жан дүйнөлөрүн бийлеп алган шайтандык сезим: «Бул накта сыйкырчылык!» деп шыбырап туруп алды. Бул сөздү ичтеринен сансыз ирет кайталап, кашкайган акыйкатка далысын салган бойдон кала беришти.

Курайштын кыйын чыкмалары жана сакалдууларынын кээ бирлери Хашимден тарагандарга кылган жамандыктарын айтып:

– Бир шаарда жашап тургандан кийин туугандарыбызга заалимдик кылганыбыз чеки иш болду! – деп, бири-бирин айыпташты.

Пайгамбарлыктын онунчу жылына келгенде курайштын кээ бир адамдыры бойкотту алып таштоо үчүн катуу киришти. Хишам бин Амр, Зухайр бин Абу Умаййага:

– Зухайр! Тайкелериңе соода-сатык кылууга, үйлөнүүгө тыюу салынып, жокчулукта жашап жатса, сенин кенен-кесир ичип жегенге, каалаганыңды алып кийүүгө кантип дитиң барып жатат? Ант болсун! Кокус Абу Жахилди өз тайкелерине зыянын тийгизе турган ушундай бир келишимге катышууга чакыра турган болсоң, убара болосуң, – деп, анын адилетсиздигин, калпыстыгын кыйытып өттү.

Хишам Зухайрды көндүргөн соң жалгыз жалгыздан баарлашып олтуруп Мутим бин Адийй, Абул Бахтари жана Зама бин Асвадды кепке келтирди. Айланага караңгы түшүп калганда, аталган беш киши Меккенин жогору тарабында Хажуун аттуу дөңсөөгө чогулушуп, алдыга коюлган иш-максаттар тууралуу сүйлөшүштү. Элди куураткан келишимди бузуп, мамилелерди мурунку калыбына келтиргенге чейин артка кайтпоого, колдон келген күч-кайратты жумшоого шерттешишти.

Эртеси эрте менен Каабага келишти. Зухайр кымбат баалуу, асемделген чепкен кийип алган. Каабаны айланып таваф кылган соң сөзгө баштады:

– Айланайын Меккенин калкы! Өзүбүз каалагандай ичип-жеп, каалагандай кийинип, ал эми журтташтарыбыз Хашим менен Мутталибден тарагандарды ач калтырып, кырылып калышсын дегенибиз ашкере адилетсиздик эмеспи?! Кудайга касам ичип туруп айтамын, тууганды туугандан ажыраткан ушул кара кагаз жыртылганга чейин олтура албаймын!

Бул сөздү уккан Абу Жахилдин деми кысылып кетти. Бир топ атырылып каршы чыга турган болду эле тилектештеринин төртөөсү Зухайрды колдоп кеткенин көрүп, шаабайы сууп олтуруп калды. Мутим кайраттуу басып барып, Каабанын дубалында илинип турган карөзгөй келишимди алып тытып салды. Адийй бин Кайс, Зама бин Абулбахтари жана Зухайр башка бутпарастар кол салып ийбесин деген ойдо куралданып алышып, Хашим менен Мутталибден тараган мусулмандарды өз үйлөрүнө көчүрүп келишти. Ошентип, Алла Тааланын жакшылыгы менен үч жылга созулган социалдык жана экономикалык кысымдан бошонушту. Бойкотту токтотууга салым кошкон адамдарды Абу Талиб ырга салып мактады. Мушриктер болсо Алланын Элчисинин чакырыгын токтотууга көздөрү жетпей, үмүттөрү үзүлө баштады[76].

76. Ибн Хишам, I. 397-406; Ибн-и Саьад, I, 210-211.

Ушул өңдүү азаптардын жана машакаттардын баары мусулмандардын ыймандарынын артышына, өз ара ынтымактын дагы да бекемделишине себепкер болгон. Каапырлар тарыхтан бери боло келгендей, алакан жайып олтуруп калышкан.

1.12.3 Пайгамбарыбыздын Айды экиге бөлгөн мужизасы

Алла Таала пайгамбарларына коомдун ар кыл катмарларына таасирдүү болгудай жана аларды ыйманга тарта алгыдай, адаттан тыш шык-жөндөмдөрдү берген. Каршысына чыга турган каапырлыктын белин сындыруу үчүн аларды ошондой күчкө ээ кылган. Ошол эле учурда, коомчулукту моюн сундуруу үчүн пайгамбарларга ажайып артыкчылыктар ыйгарылган, булар **«мужиза»** деп аталат.

Мужизалар ар бир пайгамбардын өз заманындагы элдин көңүлүн буруп, күч-кудуретке же башка нерселерге таянган окуяларга жараша ыроолонгон. Маселен, Мусанын (алейхис салам) доорунда сыйкырчылык кеңири жайылган эле. Ошондуктан, ага сыйкырчылыктын таш-талканын чыгаруусу үчүн «аса таяк жана нурдуу кол» өңдүү мужизалар берилген.

Ал эми Азирети Мухаммед Мустафага (саллаллаху алейхи васаллам) мурунку пайгамбарларга ыйгарылган артыкчылыктар, зоболо жана мужизаларга кошумча, Курани Карим берилген. Анткени, анын пайгамбарлыгы кыяматка чейинки бардык мезгилди жана бүт дүйнөнү камтыйт. Ошол себептен, Азирети Мухаммед бардык өңүттөн жаамы пайгамбарлардан жогору турат. Бул жагын эске алганыбызда, анын мужизалары ошол доордун ооматтуу кесиби саналган ак таңдай жана көркөм сөз өнөрү менен гана чектелип калбастан, ар кыл тармактарга үстөм боло турган түрдө жүзөгө ашырылган. Бир эле мисал катары жогоруда кеңири баяндалган бойкотту айтууга болот. Андан соң ырайымсыз мушриктердин кордугунан алсырап азап чеккен мусулмандарга үмүт жана дем берүү максатында; Пайгамбарыбыздын астында каапырлардын жана алардын курт жеп кеткен келишиминин алсыз экендигин дагы бир ирет далилдөө максатында; Алла Таала акыркы Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) **«Айды экиге бөлүү – Шаккы камар»** мужизасын насип кылган. Негизи, Алланын Элчисинин ар бир мужизасы кыяматка чейин күчүн жоготпойт. Ошондой эле, адамзатка жана илимге үстөм боло турган касиетке ээ.

Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) бул улуу мужизасы Меккедеги ошол бойкот жылдарында, пайгамбарлыктын тогузунчу жылы болуп өткөн.

Айлана ай жарыгына мемиреп, теребел бейпилдиктин кучагында турган. Дал ошол кезде Жараткандан суранган тилеги кабыл кылынып, Азирети Пайгамбарыбыздын колу менен көктө жаркып турган ай экиге бөлүнгөн. Бул мужизаны ар кайсы аймактарда жашаган көп адамдар көрүшкөн. Бөлүнгөн айдын бир бөлүгү Абу Кубайс тоосу тарапка, бир бөлүгү Куайкыан тоосу тарапка жылган. Бардык мушриктер бул ажайып мужизага күбө болушса да, ыйман келтиришкен эмес. Абу Жахил: «Бул жеткен сыйкырчылык!» деп, мурунтан айтып жүргөн көндүм сөзүн айткан.

Айрым мушриктер:

– Биздин көзүбүздү бойогону менен көпчүлүктүн көзүн бойой албас! – деген ойдо болушкан..

Ошол күндөрдө Меккеден бир топ узакта келаткан кербендер дагы бул мужизаны өз көздөрү менен көрүшкөн эле. Алар келген соң бутпарастар бир-бирден сурамжылоо жүргүзүшкөн. Кербендин баары бир ооздон ажайып мужизаны көрүшкөнүн саймедирешкен.

Окуяга улай бул аят түшүрүлгөн:

«Кыямат жакындады жана Ай бөлүндү. (Кокус) **алар бир мужиза көрө турган болушса, дароо жүз үйрүшүп: «–Мурунтан бери уланып келе жаткан сыйкырчылык», – дешет»** (Камар сүрөсү, 1-2-аяттар); (Вахиди, 418 б; Тирмизи, Тафсир, 54/3286).

Акырында жалпы Мекке калкынын бул мужизаны көргөнү мушриктерге маалым болгон. Мужизанын улуулугуна тан бергендер өздөрү барышып мусулман болушкан. Ал эми жүрөгү кулпулуу көрпенделер түбөлүк кейиш жолдо кала беришкен.

Арадан бир топ кылымдар өткөн соң белгилүү француз астроном окумуштуусу Лефранчоис де Лаланде айдын өтмүштөгү кыймыл-аракеттерин изилдеп чыгып, акыйкаттын алдында «Айдын экиге бөлүнүшү мужизасын» кабыл кылууга мажбур болгон[77].

«Шаккы камар» – бул сүйүктүү Пайгамбарыбыздын эч чоң мужизаларынын бири болуп саналат. Ал «акыр заман Пайгамбары» болгондуктан, анын бул дүйнөгө келишинин өзү эле кыяматтын башталгыч белгилеринин бири.

«Кыямат жакындады жана Ай бөлүндү». (Камар сүрөсү, 1-аят).

77. Закани, Конрара, 110. б.

1.13 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

1.13.1 Кайгылуу жыл: Азирети Хатижа менен Абу Талибдин кайтыш болушу

Мушриктердин кыянатчылыгынан эсен-аман чыккан Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) жана мусулмандардын сүйүнүчү көпкө узаган жок. Жамандык иш аяктап, эми эле жай турмуш улана баштаган кезде Алланын Элчисин жана бүт мусулмандарды жан аябай коргоп келген Абу Талиб көз жумду.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) андан Исламды кабыл алышын өтүнүп, далай ирет көшөрө даават кылган. Абу Талиб анын көңүлүн жайгаруу үчүн:

– Мен сенин акыйкатыңды туура түшүнөм. Бирок, мен ыйман келтире турган болсом, курайштын аялдары мени айыптайт ко, – деп кутулуп кеткен. Башкача айтканда, Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) пайгамбарлыгын абийринде кабылдаганы менен напсине чаң жугузбоо үчүн баш тартып жүргөн.

Акырында, Алланын алдына ыйман менен барышын арзуу кылып, өлүм алдында жаткан Абу Талибге:

– Кагылайын абаке! Кана, келмеңди айтып жибер, Алла Таала сага түбөлүк бак-таалайды багыштасын, – деп суранды. Эми эле сөзгө тартып, эпке келтире жаздап калган кезде, шайтан айдактагансып Абу Жахил кирип калды. Азирети Пайгамбарыбыз абасына ыйман сөзүн айтууну эсине салып жаткан кез эле. Абу Жахил:

– Сен ата-бабаларыңдын дониндесиң! – деп, зекиген таризде эскертүү берди.

Абу Талибдин Азирети Пайгамбарыбызга айткан акыркы сөзү бул болду:

– Мен эски дин (Абдулмутталибдин дини) менен кетип жатам. Курайш мага өлүмдөн коркуп динин өзгөрттү деген айыпты такпас болгондо, албетте, сенин сөзүңдү кабылдар элем!… (Бухари, Жанаиз, 81, Манакибул-Ансар. 40; Ибни-Саьад, I, 122-123).

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) «Мен сен үчүн ар убак истигфар айтып, кечирим тилеймин!» деп, абасына жакшылык кылгысы келген. Ага болбой, анын үйүнөн капалуу чыккан.

Анын: «Мен сен үчүн арубак истигфар айтып, кечирим тилеймин!» – деген ынтызарлыгына жооп иретинде Касас сүрөсүнүн 56-аяты түшүрүлгөн:

«(Элчим!) **Сен жакшы көргөн адамыңды хидаятка жеткире албайсың! Алла каалаганын гана туура жолго түшүрөт…»** (Касас, 56); (Муслим, Иман, 41-42).

Адамдын ыйманга келишине адамдар себепкер гана боло алат. Катардагы бир пенде болсун, же ал бир пайгамбар болсун, Алла буюрбаса, ыйманга келтирем деген жеке күч-

аракеттен майнап чыкпайт. Маселен, Абу Талиб Азирети Пайгамбарыбыз алып келген диндин акыйкат дин экендигин билсе да, напсиге алданып, Жаратканга ыйман келтирбей койгондугу үчүн хидаят насип кылынган эмес.

Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Талибдин өлүмүнө абдан кайгырды. Анын тууганчылдыгы, күйүмдүүлүгү, ачыктан-ачык Ислам динине жан тартышы акыйкатта чоң дем-кайрат эле. Арадан үч күндөн кийин Алланын Элчисинин эң жакын адамы, жандай сырдашы жана муңдашы, арка-жөлгү, аялзатынын ардактуусу, Хатижа энебиз (Алла ага ыраазы болсун) көз жумду. Азирети Пайгамбарыбызды жана момун мусулмандарды мөгдөткөн муңга, өтмө катар азалуу кайгы кошулду. Алланын Элчиси жандай жакшы көргөн жубайынын сөөгүн өз колу менен мүрзөгө койду. Жаркырап турган пакиза көңүл муң-кайгыга, акактай тунук көздөр жашка толду.

Азирети Хатижа энебиз (Алла ага ыраазы болсун) Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарлык вазийпасын аткаруудагы жан тарткан ишенимдүү жөлөгү, кеңешчиси, жубатуучусу жана жан шериги эле. Анын өлүмү Алланын Элчисине:

– Үммөттүн башына түшкөн эки чоң айрылуунун кайсынысына да кайгырууну билбей калдым, – деп айттырганчалык оор болгон (Якуби, II, 35; Табари, Тарих, II, 229).

Эки кайгылуу окуяны камтыган Мекке доорунун онунчу жылы «Муңдуу жыл» деп аталып калган.

Абасы жана жубайы кайтыш болгондон кийин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) үчүн алардын ордун толтургудай адам табылбады. Анын жан дүйнөсү мурункусундай эле Жараткан Аллага дагы да бекем, дагы да жакын болуп, ширелишип кала берди. Анткени, тобокел кылууга, баш ийүүгө Алла Таала гана ылайыктуу жана татыктуу экенин Азирети Мухаммед эң жакшы билер эле. Ал бала кезинде ата-энесинен жана чоң атасынан эрте айрылып, Алланын тарбиясында өсүп жетилген эле.

1.13.2 Таифке сапар

Абасы менен жубайынын көзү өткөн соң жалпы мусулмандардын абалы оор бойдон кала берген. Кыйноолор жана тоскоолдуктар кайра күчөгөн. Мушриктердин Пайгамбарлар Султанына (саллаллаху алейхи васаллам) каршы жасаган душмандыгы мыкаачылыкты чагылдырып турган. Ар тараптан келген кысым Азирети Пайгамбарыбыздын чыдамын кетирип, сабырын солгундаткан.

Бир нече күн бул заалимдерден оолак болууну көздөп Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Зайдды ээрчитип Меккеден 160 чакырым узактагы Таиф шаарына жөнөп кетти.

Болжогон жерге барган соң адамдарды Ислам динине үгүттөй башташты. Чогулган элге тавхидди даршан кылды. Таифтин билермандары менен жолугушуп, аларга буттарга табынуунун туура эмес экендигин, Аллага гана сыйынуу туура болоорун эскертишти. Ар бир таифтик менен баарлашып, ар бир үйгө даават кылышты.

Курайш сыяктуу, бутпарас Таиф коомуна Азирети Пайгамбарыбыздын насааттары өтө эле өөн учурап, элдин арасында чочулоону, күбүр-шыбырды жаратты. Напсинин айдактоосу

менен гана өмүр кечирген журттун ичинен бир дагы адам туура жолду тандабады. Тескерисинче, шайтан менен напсиге азгырылып, Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) кордук көрсөтүштү. Өздөрүн кеменгер сезишкен жандар чолок акылдары менен жыйынтык чыгарышты. Андан соң курчоого алышып, мыскылдашты. Көкүрөктүн сокурлугун ушундан билиңиз, эки дүйнөнүн жакшылыгына үгүт кылган Алланын эң сүйүктүү Пайгамбарын (саллаллаху алейхи васаллам) кубалап, жабыр тарттырышты. Кол астында баш көрөрбөй иштеген кулдарын жолдун эки тарабына каз катар тизишип, ардактуу Элчини ташбараң кылдыртышты. Шаардан чыгып кеткенге чейин колуна кирген таш, кесек менен уруп эки улуу инсанды кызыл жаян канга бойошту. Ааламдарга аскар кылынып жаратылган Пайгамбарлар Султанынын кепичи канга толуп, куттуу денеси тытылып-тытылып кетти. Жандан артык көргөн жол башчысын коргоо үчүн өз денесин ташбараңга тоскон Зайд дагы денесинен оор жаракат алды.

– Эй, Таиф калкы! Силер ташбараңга алып жаткан адамдын Пайгамбар экенин билбейсиңерби?!.. – деп, аргасыздан чырылдап, селдей каптаган наадандардын соккусуна өз дененсин калкан кылып берди.

Араң эле илкий басып кайра тартышты. Көп кыйынчылык менен жол арбытып, меккеликтерге таандык бир курманын көлөкөсүнө олтура кетишти. Алардын тарткан азыбын сезип жаткандай жер кайгырды, көгүш тартып турган көк асман да, периштелер да капалуу карап турушту. Айрыкча, башкаларга караганда тез-тез кабар апкелип турган Жабраил периште ыза болду. Ага кошулуп Микаил, Исрафил, Азраил периштелер түркөй элге ызырынып кала беришти.

Жабраил баш болгон периштелер Алла Тааладан уруксат алышкан соң, жерге түшүп:

– О, Алланын Элчиси! Берер буйругуңду айт, ушул коомду жок кылып жиберели! –деп, өкүмдү күтүштү.

Ааламга ырайымды жана мээримди таратуу үчүн жиберилген асыл Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) башынан өткөргөн унутулгус кордуктарды бир четке жыйыштырып коюп, алакан жайып Аллага жалбарган:

«Оо, Улук Жараткан Алла Таалам! Күч-кайратым сынганын, аргамдын түгөнгөнүн, калк арасында кордук көрүп, басмырланганымды Сага гана айтамын!

Оо, Мээримдүүлөрдүн мээримдүүсү! Эгер Өзүңдүн мага азабың жок болсо, мен бул мээнетке жана балээлерге моюн бербеймин!

Кудайым! Бул элди Өзүң туура жолго сал! Алар акыйкаттын кайда жатканын билишпейт!

Кудайым! Сен ыраазы болгонго чейин кечириминди сурай беремин…» (Ибн Хишам, II, 29-30; Хайсами, VI, 35).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) дубасына бир аз обочодон кулак салып турган бактын ээси бору ооруп, бир табак жүзүмдү берип, Аддас аттуу кулун жиберди. Аддас колундагы табакты сунуп:

– Алып жеңиздер, кожоюн сиздерге жиберди, – деди.

Азирети Мухаммед:

«Бисмиллах» – деп, жүзүмдөн жей баштады.

Анын бул сөзү багбан кулга абдан кызык угулду. Ал ушу кезге чейин эч кимден мындай сөздү уккан эмес эле. Таң калганын жашырбай кызыгуу менен суроо салды:

– Азыр сиз айткан сөздү жергиликтүү калктын эч кимиси билишпейт. Байкашымча, сиз бөтөн жерден келген адам окшойсуз. Ким болосуз?

Ушуну менен баарлашуу уланып кетти.

– Өзүң кайдан болосуң? Диниң кайсы?

– Ниневиялыкмын, диним христиан.

– Мм... демек, сен салих пенде Юнус бин Маттанын өлкөсүнөн экенсиң да?

– Сиз Юнусту кайдан билесиз? – Аддас чындап таңкалды.

– Юнус менин тууганым болот. Ал пайгамбар болгон. Мен да пайгамбармын! – деп, Аддасты акыйкат дайрасына жетелей баштады.

Акыйкаттын кайда жатканын түшүнгөн Аддастын көңүл ааламынан ыйман булактары оргуштай баштады. Ордунан леп туруп Азирети Пайгамбардын колунан өөп, ыйман келтирди (Ибн Хишам, II, 30; Якуби, II, 36).

Аддас ошентип, кожоюнунун кызматын кылып жүрө берди. Күндөрдүн биринде анын мусулман экендиги билинип калды. Кожоюну ачууланып, жемеледи. Аддас кожоюнуна мындай деди:

– Мен акыл-эске толгондон бери жер-жүзүндө андан мыкты, андан жакшы адамды көрбөдүм! Ал мага ажайып сонун нерселерди айтып берди. Андай акыйкаттарды пайгамбарлар гана билет. (Ибн Хишам, II, 31).

Азирети Аддастын (Алла ага ыраазы болсун) мусулман болушу абдан маанилүү жана жакшылыкка себеп болгон жышаан эле. Анткени, ал Азирети Пайгамбарыбыз кайгырып турган кезде ыйман келтирип, анын көңүлүн көтөргөн. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Аддастын ыйман келтиргенине катуу сүйүнгөндүктөн, денесин сыздаткан оор жараатын унутуп койгон.

Бүгүнкү күндө Азирети Аддас Исламга кирген жерде анын атына бир мечит курулган.

Таиф сапарында көп ибараттар бар:

1. Эң оболу Исламга чакыруунун өтө маанилүү экендиги ачык айкын көрүнүп турат. Азирети Пайгамбарыбыз жакындарынан айрылып, кайгы-муңга батып турса да, сабырдуулук менен улуу ишти уланта берген.

2. Кордоп, ташбараң кылган Таиф калкына каршы каргыш дуба кылган эмес. Бул Азирети Пайгамбарыбыздын мээримдүүлүгүнө, ошондой эле, үгүт ишин аркалаган адамдын мээримдүү, кечиримдүү болушу кажет экендигине ишарат кылат.

3. Ар бир үгүтчү ката иштин төркүнүн өзүнөн деп билиши керек. Дааат уккан адамдардын туура жолго түшүүсү үчүн дуба кылуусу жана эч убакта үмүтүн үзбөөсү керек. Азирети Пайгамбарыбыз айрым учурларда жаңылыш иштерге күбө болгондо:

– Мага эмне болуп калган, сиздерди ушундай абалда көрүп жатам![78] – деп, башкалар жасаган катаны өзү жасап жаткандай, кыйыр түрдө нускап өтөр эле. Өткөн замандарда казатта жүргөн Сулайман пайгамбар аскери менен бир жыйналыш курат. Ошондо ар убак жанында жүргөн худ-худ куштун көрүнбөй калганына кабатырланып:

«… Мага эмне болуп калган (арандардан) **худ-худду көрө албай жатам?…»** (Намл сүрөсү, 20-аят) – деген. Мындай кыраакылык үгүт-насаат усулунун бир өзгөчөлүгү болуп саналат.

4. Таифтен жараат алып, көңүл чөгүп келатканда Аддастын ыйман келтириши өзгөчө эскерүүгө татыктуу. Анткени, анын мусулман болушу Азирети Пайгамбарыбызга үмүт берип, ооруган көңүлүнө дабаа болгон. Демек, кысталыш кырдаалга кабылганда кичинекей бир ийгиликти жакшылыка жоруп, андан күч-кайрат алуу абзел.

5. Жакшылыкка чакырып, жамандыктардан кайтарып жүргөн дааватчы мусулман өзүнүн жүрүм-туруму, кылган-эткени жана адеп-ахлагы менен бүт айланага үлгү болушу керек.

6. Исламды жеткирүүнү каалаган ар бир мусулман маданияттуу, кыраакы, дүйнө таанымы кенен болуп, адамдарды өзүнө тарта билиши керек. Азирети Пайгамбарыбыз Аддаска мамиле кылганы сыңары кимге, качан, кайсы жерде, эмне деп айтууну жакшы өздөштүрүү зарыл.

1.13.3 Азирети Пайгамбарыбыздын Куран окуганын уккан жиндердин мусулман болушу

Ошентип, Таиф сапары соңуна чыкты. Бул сапарда Аддастан башка эч ким мусулман болгон жок. Жол жүрүп келатып күүгүмдө бир жерде түнөп калышты. Айлана караңгылыкка чүмкөнгөн кез. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Куран окуй баштады. Кайдан келгени бир Аллага маалым, бир топ жин мукам үн менен жана ак дилден окулуп жаткан Куранды тыңдап, токтоп калышты. Акыйкат, чындык деген нерсени боолгоп токтогон жин тайпасы Азирети Пайгамбарыбызга ыйман келтиришип, мусулман болушту да, дин Исламды жаюу үчүн өз коомдоруна жөнөп кетишти (Ибн Сад, I, 212).

Алла Таала ушул окуядан кийин Азирети Пайгамбарыбызга «Жин» сүрөсүн түшүргөн. Куран угуунун шарапаты менен жин тайпасынын мусулман болгондугу жана акыйкат кабарды өз коомдоруна жеткиргендиги «Жин» сүрөсүндө билдирилген:

«(Мухаммед) **айткын: «– Мага вахий-кабар берилди. Жиндердин бир тобу китептин окулганын** (Куран окуганымды) **угуп** (өз коомуна кайтып барып) **минтип айтышты: «– Чындыгында, биз кереметтүү Куранды уктук. Ал чыныгы түз жолго баштайт. Биз ага ишендик. Биз** (эми) **Раббибизге эч качан, эч кимди шерик кылбайбыз»** (Жин сүрөсү, 1-2-аяттар); (Бухари, Тафсир, 72, Азан 105; Муслим, Салат 149; Тирмизи, Тафсир, 72/3324).

Алланын Элчиси Таифтен кайткан соң Меккеге түз кирип барган жок. Хира тоосунда бир адамга жолуктут. Аркы-беркиден кеп салган соң, аны Меккеге элчи кылып жөнөттү.

78. Муслим, Салат 119; Абу Давуд, Хатам 4, Адаб 14.

«Раббим берген Элчилик вазиймды аягына чыгарганга чейин мени өз карамагыңа аласыңбы?» – деген өтүнүчтү оболу Ахнас бин Шаарикке, андан кийин Сухайл бин Амрга, булардан жыйынтык чыкпаса, эң аягында Мутим бин Адийге Пайгамбардын өзүнүн атынан айтып, жолугууну тапшырды.

Аты аталган алгачкы экөөнөн терс жооп, ал эми Мутимден оң жооп келди. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ошол түнү Мутимдин үйүнө конок болду. Мутим таң атары менен уулдарын жана жакын туугандарын чогултуп:

– Жакшы куралданып Байтуллахтын жанында болуп калгыла! – деди.

Каабага барышкан соң, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруу үчүн үнүн бийик чыгарып мындай деди:

– Курайш жамааты! Мен Мухаммедди өз карамагыма алганымды жар саламын! Ага эч ким тийишпесин!

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Каабаны таваф кылып, эки ирекет намаз окуганга чейин Мутим балдары менен аны коргоп турушту (Ибн Саьад, I, 212; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 182) .

Арадан бир топ жылдар өткөн соң Исламга кирбеген бейнасип Мутим Бадр согушунда өлтүрүлдү. Колго түшкөн туткундарды эмне кылуу керек деген маселеге келгенде Азирети Пайгамбарыбыз Мутимдин уулу Жубайрга:

– Эгер Мутим тирүү болуп, туткундарды кечирип жиберүүнү менден өтүнгөндө, баш акысын (кунун) албай туруп баарын эркин койо бермекмин! – деп, ага болгон өзгөчө мамилесин ачык билдирген (Бухари, Хумус 16; Ибн Хишам, I. 404-406).

Ислам динин жеткирүүдө жеңилдик берген же колдоо көрсөткөн бир мушрикке көрсөтүлгөн мындай сыйчыл сезим эң улуу адеп-ахлактын айкын көрүнүшү.

1.14 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

1.14.1 Акабадагы жолугушуу

Атайы Каабага зыярат кылуу үчүн алыскы Медина шаарынан ат арытып келген алты киши Акаба деген жерде Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) менен жолугушту. Ортодо аркы-беркиден кеп жүрдү. Анын ааламдарды жаркыткан нурун көрө алган меймандар: «Кандай гана жакшы адам экен!» деп өз араларында күбүрөшүп калышты.

Меймандар алыскы жолдон чаалыгып келгенине карабастан, чогуу олтуруп дагы көпкө баарлашууну каалап турушту. Бул учурда Акабаны сөзгө чак келбес жагымдуулук каптап турду. Алардын көкүрөгүнө ыймандын үрөөнү жана көктөн куюлган мээримдүүлүктүн тамчылары жамгыр сымал себелеп жатты. Азирети Пайгамбарыбыз алардын оюн байкагансып, Ислам дини, Алла Таалага ыйман келтирүү жана бир топ асыл насааттардан кеп салып берди.

– Бир аз убактыңарды бөлө алсаңар, дагы сукбат курсак жакшы болоор эле, – дейт.

Жанатан бери бул инсандын ар тараптуу артыкчылыктарына суктанып олтурган мединалыктар сүйлөшүүнү улантууну туура көрүштү. Ошентип, маек көпкө созулду. Алар чыракты айланып учкан көпөлөк сымал, Азирети Пайгамбарыбыздын айланасына айтегерек болуп олтуруп калышты.

Азирети Пайгамбарыбыз аларга аяттарды окуп, чечмелеп берди. Ислам дининин улуулугун даңазалады. Кимде-ким эки дүйнөдө бактылуу болгусу келсе, мусулман болушу керек экенин ачык айтты.

Жакынкы аралыкта бир пайгамбардын келери жөнүндө улуулардан угуп калышар эле. Айрыкча бул кабарды жөөт коңшулары көп айтышчу. Азирети Пайгамбарыбыздын чакырыгын уккан мединалык жамаат бири-бирине:

– Достор, Кудайга ант болсун! Бул инсан жөөттөр айтып жүргөн Пайгамбардын өзү болуп жүрбөсүн. Жөөттөр бизден озунуп мусулман болуп алышпасын, – деп күбүрөнүштү.

Жолоочулар Алланын Элчисин алгач көргөндөн бери анын ажарынан ажайып нурду байкап, алтургай, айран таң калып олтурушкан. Эми болсо береке жамгыры сыңары куюлган орошон сөз жипсиз байлап алгансыды. Анын бир сөзүндө да калет жок эле. Баары кашкайган гана чындык эле. Жолоочулар бир ооздон: **«Ашхаду ан лаа илааха иллаллоох, ва ашхадуанна Мухаммадан абдуху ва расуулуху»** - деп, келме келтиришип, мусулман болушту.

Алар ушу тапта Мединада авс жана хазраж урууларынын ортосунда кармаш болуп жатканын, ортодогу душмандык жетер чегине жетип калганын, эгер бул жылы келише

турган болсо, жардам көрсөтө албай калышарын, келерки жылы келишсе, жакшы болоорун айтышып, бир жыл мөөнөт сурашты. Алар Мединага барар замат калкты дин Исламга чакырууга жана келерки жылы ажылык мезгилинде кайра келүүгө убада беришти.

Бул чакан гана ыймандуу момундар өз журттарына бир башкача сүйүнүч менен кайтышты. Алардын жүзүнөн бакыттын нуру тамылжып турганын бүт жакындары көрүп, сезип турушту. Анткени, булар түркөйлүктүн киринен тазаланып, түнт жан дүйнөлөрүн ыйман нуруна чөмүлтүп, бир башкача шайдоот эле. Мединанын калкына Исламдын жарчысы Азирети Пайгамбарыбыз жана жаңы дин тууралуу кабар чагылгандай тез тарады. Алла Таала насип кылган пенделер четинен мусулман боло башташты[79].

1.14.2 Мираж окуясы

Исра окуясы хижраттан он беш ай мурда болгон.

Исра жана Мираж деп айтылган Алла Тааланын бул жакшылыгы, бардык пендечилик көшөгөлөр көтөрүлүп, аң-сезим да, акыл да жетпес бийиктикте, нукура илахий жол-жоболор менен жүзөгө ашкан окуя болуп саналат. Маселен, пенденин аң-сезиминдеги убакыт, жер деген түшүнүктөрдөн кечип өтүп, миллиарддаган адамдын өмүрүнө сыйбай турган узун сапар жана сан миң көрүнүштөр бир саамчалык убакытта болуп өткөн.

«Бир түнү өз пендесине (Мухаммедге) **аят- кереметин көрсөтүү үчүн Харам мечитинен айланасын Биз берекелүү кылган Акса мечитине сейил кылдырган Алла Таала** (бардык айып-кемчиликтерден) **таза. Чындыгында, Ал-Угуучу, Көрүүчү».** (Исра сүрөсү, 1-аят).

Бул аят маанилүү жана таң калыштуу иштердин олуттуулугуна көңүл буруу үчүн Алла Тааланы аруулоо жана даңазалоо менен башталган. **«Субхааналлаах»** деген сөз тафсир аалымдарынын айтууларында, Алла Тааланын кемчилик сыпаттардан таза экендигин билдирет. Айрыкча, Кудай Тааланын ажайып чебердигине абдан таң калууну билдирүү үчүн да колдонулат. Бул улук сөз Ошол эле учурда, маанилүү зикир болуп эсептелет.

Түнкү сейил окуясынын арты менен Каабадан Акса мечитине карай учуп барган Азирети Пайгамбарга, ал жерден асманга чыгып, башкача айтканда, Мираж деген улук мартаба ыроолонгон. Ал Жабраил периштенин жол баштоосу менен Акса мечитинен **«Сидраи Мунтахага»** чейин чыгып барган.

Бул окуяны Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) минтип баяндап берген:

«Мен уйку соонун ортосунда, Каабанын Хатим бөлүгүндө жаткан элем… Бир маалда эшектен чоң, качырдан жапыз, ак боз бир жаныбар келди. Мунун аты «Бурак» болчу. Мен аны минип алдым. Алдыңкы бутун көзү жеткен эң акыркы жерге чейин созуп, учуп-сызып жол тартып баратты. Жабраил мени ушинтип алып барды. Дүйнө асманына чейин келдик. Каалганын ачылышын өтүндү.

– Ким келди? – деген суроо чыкты.

79. Ибн Хишам, II, 38; Ибн Саьад, I, 219; Хайсами, IV, 40.

– Жабраил.

– Жаныңда ким бар?

– Мухаммед (алейхиссалату вассалам).

– Ага Миражга чакырык жиберилген беле?

– Ооба.

– Кош келипсиң! Келгениңер эң жакшы болду! – деген үн чыкты да, каалга ачылды.

Ичкери кирген соң Азирети Адамды көрдүм.

– Бул инсан атаңар Адам болот, кана ага салам айт, – деген үн кайра жаңырды.

Мен ага салам айттым. Саламыма алик алды да мага:

– Кош келипсиң, салих уул, салих Пайгамбар! – деди.

Азирети Жабраил мени андан ары алып жөнөдү. Асмандын экинчи кабатына чыктык. Бул жерден Азирети Яхия менен Азирети Иса пайгамбарларга жолуктум. Алар бири-бири менен бөлө болчу.

Көтөрүлүп олтуруп, асмандын үчүнчү кабатына барганыбызда Жусуп пайгамбарга жолуктук. Төртүнчү кабаттан Идрис пайгамбарга, бешинчи кабаттан Азирети Харунга, алтынчы кабатка чыкканыбызда Муса пайгамбарга жолуктук.

– Кош келипсиң салих тууган, кош келипсиң салих Пайгамбар! – деди.

Мен өтүп баратканда ал ыйлап жиберди. Жанакы үн:

– Эмнеге ыйлап жатасың? – деп сурады.

– Менден кийин бир жаш пенде Пайгамбар болду. Менин үммөтүмө караганда анын үммөтүнөн бейишке кире тургандар көп.

Жабраил периште мени асмандын жетинчи кабатына алып чыкты. Ал жерден Ибрахим пайгамбарга жолуктум.

– Бул инсан бабаң Ибрахим болот. Ага салам айт! – деди Жабраил.

Салам айттым. Ал алик алды.

– Салих уулум кош келипсиң, кош келипсиң салих Пайгамбар! – деди да, андан ары минтип сөз улады:

– Мухаммед, үммөтүңө менден салам айта бар. Аларга бейиштин топурагынын мыкты экенин, суусунун абдан таттуу, жеринин өтө кенен жана түз экенин кабарлап кой. Аларга айтып кой, бейишке көп дарак тигишсин. Бейиштин дарактары «Субхааналлахи, валхамду лиллаахи, валлааху акбар» - дегенден башка сөз айтпайт».

Андан ары сапар улам Сирдраи Мунтахага чыгарылдым. Бул жактын жемиштери (Йемендин) Хажар табактары сымал чоң-чоң, жазы жалбырактуу экен.

Ошо жерге келгенибизде Жабраил периште мага:

– Мына, бул жер «Сидра-и Мунтаха», – деди.

Бул жерде төрт дарыя бар эле. Анын экөөсү көрүнөө, экөөсү көмүскө дарыя экен.

– Жабраил, булар эмне?

– Бул эки көмүскө дарыя бейиштин дарыясы. Ал эми көрүнөө турганынын бири Нил, экинчиси Эфрат, - деди…» (Бухари, Бад-ул Халк, 6; Анбия, 22, 43; Манакибул-Ансар. 42; Муслим, Иман, 264» Тирмизи, Тафсир, 94, Даьават 58; Насаи, Салат, 1; Ахмад, V, 418).

– О, Алланын Элчиси, мындан ары өзүң жалгыз кетесиң.

– Эмне үчүн?

–Алла Таала, мага ушул жерге чейин чыгууга уруксат берген. Кокус, мындан ары бир кадам таштай турган болсом, күйүп күл болуп кетем!… – деди. (Рази, XXVIII, 251)7

Айтылгандай эле, андан аркы сапарды Азирети Пайгамбарыбыз өзү жалгыз уланткан. Жол ката ажайып окуяларга күбө болгон. Жараткан Алла Тааланын жамалын көргөн.

Бул саякатта жараян эткен ары ажайып, ары укмуш окуяларды дал өзүндөй сөз менен сүрөттөө мүмкүн эмес. Акыл-эстен жогору турган акыйкатты пенденин аң-сезимине сыйдырууга аракеттенүү колдон келбей турган машакаттуу иш. Акыйкаттуулугу жана нукура маани-маңызы Алла Таала менен Анын сүйүктүү Элчисинин ортосунда түбөлүктүү сыр катары сакталган ажайып окуя «кайып ааламынын» алкагынын чегинде гана жараян эткен.

Башта айтып өткөндөй, ал Таифке илгери үмүт менен барып, бирок кордук көрүп, жаракат алып, жүрөгү ооруп кайткан эле. Мираж окуясы – Азирети Пайгамбарыбыздын жүрөгүндөгү капалыкты жууп кетирген, көңүлүн кубанычка бөлөгөн, Жараткан Алланын атайын ыйгарган сыйы болуп эсептелет.

Кыскасы, Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) эч бир пайгамбарга берилбеген адаттан тыш илахий сыйга татып, Миражга чыккан. Миражда Алла Тааланын Өзүнө гана таандык убакытсыз жана мейкиндиксиз бир ааламда:

«Ошентип, (Мухаммед Мустафа менен Раббисинин) **ортосу эки жаанын аралыгындай же андан да жакыныраак болуп»** (Нажм, 9) – деп билинген ажайып окуянын каарманы болгон.

Алла Таала менен акыркы Пайгамбардын Мираждагы жакындыгын түшүнүү, албетте татаал маселе. Ошентсе да, жакындыктын кыпындай бир элесин акыл туюмубуз менен аңдагыбыз келсе, улул-азим пайгамбарлардын бири Мусанын (алейхис салам) абалын эстеп көрөлү. Муса пайгамбар Жараткан Алланын жер бетине чагылышкан нурун көрүүгө туруштук бералбай эстен танган. Демек, Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи вассалам) Алла Тааланын даргөйүндөгү зоболосунун канчалык бийик экендигин ушул окуядан да түшүнсөк болот.

Кайсы гана акыйкат болбосун, каапырлар ага түрдүү жолдор менен каршылык көрсөтүшкөн. Мына ушул себептен Мираж окуясынын айныгыс чындык экендигине басым жасоо иретинде Нажм сүрөсү касам менен башталган.

“**Жолдошуңар** (Мухаммед Пайгамбар**) адашкан да, жолдон чыккан да жок. Ал өз оюнан чыгарып айтпайт. Болгону ал** (Куран) – **түшүрүлгөн аян. Ага**[80] **аны күч ээси**[81] **үйрөттү. Ал кубаттуулук ээси; анан да турук тапты** (орун алды). **Ал жогорку мейкиндикте**» (Нажм сүрөсү, 2-7-аяттар).

Ошентип, Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) биздин мейкиндиктерге такыр окшобогон Мираж мейкиндигинде тик туруп калбастан, Алла Таалага карай жакындап барган. Тартуу күчтүн таасири арткандан артып олтуруп, көз ачып жумганча эң жогорку катмардан да бийик көтөрүлгөн.

«Ошентип, (Мухаммед Мустафа менен Алла Тааланын) **ортосу эки жаанын аралыгындай же андан да жакын** (болгон)**»** (Нажм сүрөсү, 9-аят).

Алла Таала акыл-эстен алда канча жогору турган чындыкты, пенденин акылы түшүнө ала турган мисал менен: **«Эки жаанын аралыгындай же андан да жакыныраак (болгон)»,** – деп маалымдаган.

Демек, «эки жаанын аралыгы» – бул заттык да, рухий да жакындыкты туюндурган, бирок, адамдын акылы жеткис улуу чындык. Эми Миражга келе турган болсок, Азирети Пайгамбарыбыз Жараткан Аллага өтө жакындаган. Ортодогу бардык көшөгөлөр, тосмолор алынып салынган.

«Алла ошол маалда кулуна вахийин билдирди» (Нажм сүрөсү, 10-аят).

Бул вахийдин маани-маңызы тафсирлерге мындайча чечмеленет:

1. Намаз: Мираждагы эң маанилүү окуялардын бири – беш убак намаздын парз болуусу. Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) адегенде элүү убакыт намаз парз кылынган. Бирок, Муса пайгамбардын кеп-кеңешин угуп, азайтууну Алладан суранган. Акырында тилеги орундалып, элүү убакыттан беш маалга азайтылган. Жараткан Алла Таала беш маал намазды талаптагыдай орундаткан адамга элүү убакыттын сообун берерин билдирген.

2. Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам): «Сенден мурда башка пайгамбарлар, үммөтүңдөн мурда башка үммөттөр бейишке киргизилбейт!» деген жагымдуу кабар айтылган. (Рази. XXVIII, 248).

3. Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аяты вахий кылынган.

Муслимдин жыйнагында маалымдалган бир хадисте минтип айтылат:

«Алланын Элчисине (Миражда) үч нерсе берилген. Алар: беш убакыт намаз, Бакара сүрөсүнүн акыркы аяттары жана ширк келтирбеген үммөттөрүнүн чоң күнөөлөрүнүн кечириле тургандыгы кабарланган…». (Муслим, Иман, 279).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Исра жана Мираж тууралуу көптөгөн маалыматтарды айтып калтырган. Алардын айрымдарын айта кетели.

Миражга барганда эриндери төөнүн эриндериндей шалпайган бир топ адамды көргөн. Ошол жердеги жазалоочулар алардын эриндерин кесип, ооздоруна таш тыгып жаткан эле.

80. Мухаммед алейхи салам

81. Жабраил (алейхис салам).

– Жабраил, булар кимдер?

– Жетимдин мал-мүлкүн жегендер[82].

Дагы жүрүп олтуруп, учтуу жез тарак менен өзүнүн бетин жана көзүн өзү тытып жаткан башка адамдарды көрдү. Таң калган Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) дагы сурады:

– Жабраил, булар кимдер?

– Булар (гыйбат, ушак кылуу менен) адамдардын этин жегендер жана алардын ар-намысы, абийири менен ойногондор. (Абу Давуд, Адаб, 35/4878).

Жүрүп олтуруп зинакорлорду, тарп жеген бетпактардын катарында сүткорлорду, курсактары укмуш шишиген жана жин урган шерменде абалда зинадан тапкан балдарын өлтүргөн аялдарды көргөн. Алардын бир бөлүгү көкүрөгүнөн, бир бөлүгү болсо бутунан асылып, азап тартып жаткан эле.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Миражда өз көзү менен күбө болгон окуялардын бирин минтип баяндаган:

«Мираж түнүндө бейиштин каалгасында:«Садака он эсеге, карыз берүү он сегиз эсе көбөйтүлөт» - деп жазылып турганын көрүп таң калдым.

– Жабраил, эмне үчүн карыз бергендин сообуна караганда садака берген адамдын сообу көп?

– Анткени тилемчи (көп учурда) чөнтөгүндө акчасы болсо да садака сурайт. А берки адам муктаж болгону үчүн карыз сурайт». (Ибн Мажа, Саадагат, 19).

Башка бир куттуу хадисте мындай деп айтылат:

«(Миражга барганда) бейиштин эшигинен ичкери тарапка көз жүгүрттүм. Киргендердин басымдуу бөлүгү кембагалдар эле. Байлар (эсеп берүү үчүн) кармалып калышыптыр. Тозокко ылайыктууларын отко ыргытууга өкүм чыгыптыр. Тозоктун эшигине да бардым. Ал жакка киргендердин көпчүлүгү аялдар экен» (Бухари, Рикак, 51; Муслим, Зухд, 93).

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мына ушул себептен:

«Эгер мен билгенди силер билгениңерде, албетте аз күлүп, көп ыйламаксыңар!» деп айткан (Бухари, Тафсир, 5/12).

Ардактуу Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бул хадистер аркылуу айрыкча аялзатына, Кудай Тааланын айосуз азабы бар экенин; азаптан сактанбоо, напсиге азгырылуу, кумарга батуу; өмүрдү, убакытты ысырапка учуратуу; ар-намысты жана аялдык аруу касиетти тепсөө тозок менен жыйынтыкталаарын эскертип кеткен.

1.14.3 Мираждан нуска

1. Пайгамбарыбыздын адаттан тыш, ажайып таң калыштуу саякатын чагылдырган Исра окуясы Алла Тааланын чексиз кудуретүү жана эбегейсиз улуу экендигин айгинелеген.

82. Табари, XV, 18-19.

2. Капсаландуу жана машакаттуу Таиф сапарынан кийинки Мираж саякаты ырайымдуу жана нагыз даанышман Алла Тааланын Пайгамбарына тартуулаган өзгөчө сыйы болгон. Демек, бул окуя кыйынчылыктардан кийин келе турган жеңилдиктин жана жайчылыктын сүйүнүчтүү кабарчысы.

3. Курандагы парздар жана амал-ибадаттар Жабраил периштенин ортомчулугу менен маалымдалган. Ал эми беш маал намазды Миражда Кудай Таала түздөн-түз Өзү буюрган. Бул эмнени билдирет? Ибадаттардын ичинен намаздын маанилүүлүгүнө жана олуттуу сыры бар экендигине ишаарат кылат.

5. Миражда асмандын бардык каалгаларынын ачылышы – анын бүт ааламдардын ардактуу Пайгамбары экендигин билдирип турат.

4. Кемелине келген инсандык жетилүүнүн акыркы чекити Мираж саякаты аркылуу көрсөтүлгөн. Башкача айтканда, рухий өсүү менен эң бийик дегенде кайсы жерге чейин бара аларын адамзатка көрсөткөн.

Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) Исра жана Мираж окуяларын эл кандай кабыл алат экен деген ойдо:

– Жабраил, коомум мага ишенбейт, – деди.

Жабраил:

– Сага Абу Бакир ишенет. Анткени, ал чынчыл пенде, – деди. (Ибн Саьад, I, 215)

Мираж окуясын угар замат Меккедеги мушриктер анын айткандарын төгүнгө чыгарып салышты. Алар адаттагыдай маалыматтык кысым көрсөтүп, жалган жалааларды жарыялап, калктын башын айландырганга аракет жасашты. Эл арасында дуу-дуу кепти терс максатка пайдаланууну көздөп, момун мусулмандарды ыймандан тайдыргылары келди. Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) тамырын тартып көрүштү. Ал Алланын Элчисине болгон козголгус ыйманы менен:

– Ырас, ал эмне айтса баары туптуура! Ал жалган айтпайт эмес жана жалганга себеп да жок. Мен ал апкелген бүт нерсеге алдын ала ишенемин, – деп кутумдардын шаабайын суутту.

Мушриктер:

– Анын бир түндө Аксага барып келгенине ишенесиңби?

Азирети Абу Бакир:

– Ооба ишенем. Бул жерде таң кала турган эч нерсе жок. Мухаммед Мустафа күн-түн дебей Алла Тааладан вахий алганын айтат, мен ага чын дилден ишенем! – деди.

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) бир саамдан соң Каабада жүргөн Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) барып жолукту. Болуп өткөндү анын өз оозунан уккан соң:

– Айтканыңда калет жок Пайгамбарым!.. – деп, бекем ишеничин билдирди.

Ушунчалык улуу кабарды баары жалганга чыгарып жатканда, кубаттап айтылган сөзгө элжиреген Пайгамбарыбыз:

– Абу Бакир сен Сыддыксың! – деди. (Ибн Хишам, II, 5).

Мына ошондон тарта Абу Бакирге «Сыддык» деген лакап жалганып айтыла баштаган.

Абу Бакирден кийин бардык сахабалар Азирети Пайгамбарыбыздын Миражга барып келгенине ишенишээрин билдиришти.

Момун мусулмандарды азгыра албаган соң, мушриктер Алланын Элчисине жолугуп, өз ойлорунда сынап көрөлү дегенге токтолушту. Ыйык үй (Акса мечити) тууралуу суроолорду беришти. Алла Таала сүйүктүү кулунун көз алдына Акса мечитин тасмадай тартып койду. Бүт суроолорго ашыгы менен жооп берди. Күн чыгарда ошол жактан келаткан кербен Меккеге кирип келерин да айтты.

Бутпарастар чындап эле айран калышты. Ичтеринен тынып, эриндерин бек кымтып «балким ушу акыркы айтканы туура эмес чыгып калышы мүмкүн» деген ойдо, түнү бою уктабай, таңга жуук келер кербенди утурлап тосуп чыгышты. Жалган үмүт аларды бул ирет да жаздым кылып кетти. Жүрөгү кулпулуу болсо айла жок экен:

– Бул деген накта сыйкырчылык! – дешти. Бул жолу да эле уят болушту (Ибн Хишам, II, 10).

Жеңилген күрөшкө тойбойт болуп, мушриктер көнүмүш кордугун уланта берди. Алланын Элчисин шылдыңдашты, мыскылдашты, кутумдук кылып көзүн тазалоо үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жүрө беришти. Сыягы каапыр коомчулуктан улуу нематты алуу, Алланын Элчисин алардын арасынан башка жакка которуу убагы келип калды. Алар колдо бар алтындын баркын билишпеди.

1.15 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ЭКИНЧИ ЖАНА ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛДАРЫ

1.15.1 Биринчи Акаба биаты

Мурунку жылы Акабада Ислам динин кабыл кылган мединалык алты киши, кийинки жылы он эки киши болуп келишти. Жолугушуу Акабада өттү. Жаңы келгендер Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) өзүнөн тавхид тууралуу насаат угушту. Аябай берилип, жан дилден кулак төшөштү. Ислам дининин улуулугун, акыл-эске төп келген ишеним жоболорун, адеп-ахлактык изгилигин Пайгамбарчалык жеткире айта алышкан эмес экен жолдоштору. Алар ыйман тууралуу насаттарды болгондо да эң биринчи булактан угуп жаткандыктан, көөдөндөрү өрөпкүп, көздөрүнөн мончоктоп жаш кетти. Туруштук бералбай эргип-эргип ыйман келтиришти.

Бул ирет мурунку жолугушуудан айырмаланып, Мухаммед Мустафага (саллаллаху алейхи васаллам) ыкрар кылынып, кол берилди. Берилген убададан кайтпоого сөз беришти. Муну «биат» деп аташты. Бул биат жана анын кийинки натыйжаларынан улам Акабадагы экинчи жолугушуу «Биринчи Акаба биаты» деген аталыш менен тарыхта бадырайып жазылып калган.

Бул жолугушууда мединалыктар төмөнкү убадаларды аткарууга бекем сөз беришкен:

1.Алла Таалага эч убакта шерик кошпоо.

2.Уурулук кылбоо.

3.Зынакорлукка жакындабоо.

4.Кыздарын тирүүлөй көмүү үйүтүн таштоо.

5.Эч кимге жалаа жаппоо.

6.Аллага жана Пайгамбарына моюн сунуу (Бухари, Манакибул-Ансар, 43).

Мединалыктардын Азирети Пайгамбарыбызга биат кылып, берген убадалары Ислам тарыхында өзгөчө жаңы бурулуш болгон. Алардын убадасы негизинен Хижаз жана бүтүндөй Арабстанда кеңири таралган ширкчиликти жоюуга, заалимдикти токтотууга, адилетсиздикке бөгөт болууга жана зыяндуу салттардан баш тартууга багытталган.

1.15.2 Мусаб бин Умайрдын мугалим болуп дайындалышы

Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) Медина мусумандарынан бир кат келди. Анда Куранды, Ислам динин жана намаз окуганды үйрөтө турган мугалимге муктаж экендиги, мугалим жөнөтүшсө жакшы иш болору жазылган эле.

Алланын Элчиси алардын талабын аткарууга чечим кабыл алып, элге Куран үйрөтүү үчүн токтоосуз түрдө Мусабды жана алгач ыйман келтиргендерден Абдуллах бин Умми Мактумду Мединага жөнөттү[83].

Мусаб жаштайынан кыйынчылыкты баштан көп кечирген. Атадан калган мурасты тартып алышып жемсөө кылышканда, байлыкка кол шилтеп салган. Жадагалса, үй-бүлөсүн, өзүн миң түркүн жолдор менен кыйнашса да, дининен кайткан эмес. Ал көрүнөөдө кембагалга айланганы менен ыймандан, Алла Тааланы жана Элчисин сүйүүдөн эргип ырахат алган, жан дүйнөсү бай сахаба эле. Алланын Элчиси менен замандаш болуп калганына ыраазы болуп, ошого каниет кылар эле. Исламды жайылтуу, даават дегенде озунуп алдыга чыккан чыгаан сахаба болгон.

Мусаб Мединага барган соң чын ыкластан даават кылып, күн-түн дебей үгүт жүргүзө баштады. Эң башта Алла Тааланын каалоосу жана анан Мусабдын күжүрмөн кайраты менен дин бир кыйла жайыла баштады. Асад бин Зурара аттуу таалайлуу инсан алгачкылардан болуп Исламды кабыл алды. Ал ыймандын чалкыган толкуну менен шамалдай желип, Мусабга жардам берип жүрдү.

Күндөрдүн биринде Асад бин Зарура менен Мусаб Зафардын балдарынын бакчасындагы кудуктун башына олтура кетишти. Абдулашхалдан тарагандардын билерманы Саад бин Муаз, алардын кудукка келгенин угар замат кыжыры кайнап байолугу ченде жок Усайд бин Худайрды көкүтүп кирди:

– Сен кайсыл гана иш болбосун, майын чыгара билген мээнеткечсиң. Эч кимге муктаж эмессиң. Байкуш кошуналарыбыздын ишенимин бузуу үчүн биз тарапка бирөө келиптир. Тигине кудуктун жанында отурат. Өзүң барып сазайын колуна берип, кайрылып келбегидей эскертүү берип койбосоң болбойт! Тигинин жанында Асад тууганым болбогондо өзүм эле бүтүрмөкмүн баарын.

Анын бир ооз кебине оолуккан Усайд найзасын мыжыга кармап, кыжырдана жөнөп кетти. Ээлигип барып опузалап кирди:

– Силер бул жакка эмне үчүн келдиңер? Мынабу жат кишини эмне ээрчитип жүрөсүң же элдин ишенимин талкалоо үчүн алып келдиңби? Экинчи ээрчишип жүргөнүңөрдү көрбөйүн! Эгер жан керек болсо көзүмө көрүнбө, жогол бул жерден!

Опуза кылганына маашырланган кишинин мүнөзүн сөзүнөн байкай койгон кыраакы Мусаб аны жоошутууга аракет кылды:

– Эгер убактың болсо, бир аз кулак сал тууган. Сен өз элиңдин камын ойлогонуңа караганда акылдуу, барктуу адам окшойсуң? Менин айткандарым жаккан болсо кабыл кыларсың, жакпаган болсо өзүң бил, көшөрүп артыңдан ээрчимей жок.

Эми эле кирген буурадай буркулдап жаткан Усайд туура айтасың дегендей найзасын таштап жерге көчүк басты. Мусаб Ислам тууралуу маалымат берип, Куран окуп, маанисин чечмелеп берди.

Куран окулуп бүткөн соң сөзгө баштай электе Алланын амири менен Усайддын жүрөгү элжиреп, жүзү жумшара түштү.

83. Ибн Саьад, I, 220.

– Сенин окуганың чыныгы керемет сөз го... – деп, чындап таң калганын жашыра албай:

– Бул динге кирүү үчүн эмне кылуу керек?

Кардай ээрип, камырдай жумшарып калган Усайд Азирет Мусаб менен Асад көрөсөткөндөй жуунуп, кийимдерин тазалаган соң, келме келтирип мусулман болду. Жанындагыларды көрсөтмөсү менен эки ирекет намаз окуган соң:

– Тигил жакта ажайып бир адам калды эле. Эгер ошол силерге моюн суна турган болсо, эч ким ага каршы чыга албайт. Ал сен билген Саад бин Муаз! Аны азыр силерге жөнөтөмүн, – деп, себепкерлерге жылуу жылмайган бойдон шашыла жөнөп кетти.

Көп өтпөй ачуусу шекердей кайнап Саад келди. Жутуп ийчүдөй болуп атырылат. Алла Тааланын кудурети каалап турса, пендең кайда качып кутулмак эле. Бир топ опулдап, анан барып сөзгө жыгылып, мусулмандардын жан дүйнөгө жагымдуу, жылуу кебин, чакырыгын угуп, акылга салып калчап көрүп, жүрөгү жибип, акыры мусулман болду.

Эми аны эч нерсе токтото алчудай эмес. Жанындагы мусулмандарды ээрчитип коомчулук топтолгон жерге барды.

– Эй, Абдулашхалдан тарагандар! Айткылачы мен кимиңер болом? – деп, айбаттуу сүр менен сөз баштады. Алар коркконунанбы же кошомат кылганынанбы айтор:

– Сен сөзүң эки болбогон эл башчысы, журт ээсисиң! – дешти.

– Андай болсо, Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтиргенге чейин эркек-аялың менен сүйлөшүү мага арам болсун! Сөзүмдүн маанисин түшүндүңөр көрүнөт?!

Кудайым Өзү каалап турса, каапырың жибип мусулман болор, динин чанып, ыйманын танып мусулманың жолдон чыгар. Ошол күнү ошол уруунун баары келмесин айтып мусулман болушту (Ибн Хишам, II, 43-46; Ибн Саьад, III, 604-605; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 112-113).

Келген-кеткен кербендерден, жолоочулардан, атайын чабармандардан Мединанын жагымдуу кабарлары Меккеге келип турду. Ислам дининин Мединага тез тарап жатышы, мусулмандардын санынын артышы Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) жана Меккедеги мусулмандарга кубаныч тартуулады. Ошол жылды «Кубаныч жылы» деп аташты. Келечекте Исламдын бешиги Медина болоору билине баштады.

«Өлкөлөр кылыч менен каратылса, Медина Куран менен каратылган», – деген хадисти Азирети Пайгамбарыбыз ошол себептен айткан. (Баззар, Муснад, №1180; Рудани № 3774).

1.15.3 Экинчи Акаба биаты

Ажылык мезгили. Мединалыктар бу саам жетимиш беш эркек, эки аял болуп, жалпы жетимиш жети киши келишти. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) менен жолугушуу болду. Дин насаатынан, ишеним жаатынан арбын кеп жүрдү. Келгендердин баары Алланын Элчисине кол беришип, убадаларын бекемдешти. Бул жолугушуу «Экинчи Акаба биаты» деп аталды.

Топту баштап келген Мусаб (Алла ага ыраазы болсун) өз үйүнө баруудан мурда Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) барды. Сагынычтуу жолугушуудан кийин

Ислам динин мединалыктардын жылуу кабылдап жатканын айтып Пайгамбарынын көңүлүн көтөрдү. Көпкө кобурашып олтурган соң, уруксат алып үйүнө кетти.

Мусабдын энеси мушрик эле. Уулунун уйгө келбей Пайгамбарга барганына ачууланып, кейип-кейип алды. Мусаб бир чети энесинин көңүлүн ооруткусу келбеди, ошентсе да, чындыкты айтты:

– Алланын Элчиси турганда башкалардын алдына бара албаймын. Кантип мен Алланын бизге жөнөткөн Элчисин аттап кетейин! (Ибн Саьад, III, 119).

Сахабалардын Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) болгон сыйы, сүйүүсү мына ушундай деңгээлде болгон.

Алланын Элчиси дагы канчага чейин Меккенин тоолорунда азап чегет, качанга чейин аны ошол абалда калтырабыз?!» – деп кайгырдык. Ажылык мезгилинде ага кол берүү үчүн бардык. (Ахмад, III, 322; Хаким, II, 681-682).

Бул таалайлуу адамдар Акабада жолугууну болжошуп, ташрик күндөрүндө Азирети Пайгамбарыбыз менен убадалашты. Аларга Алланын Элчиси:

– Уктап калгандарды ойготпогула, жолугушууга убагында келе албагандарды күтпөгүлө! – деп эскертти.

Мединалыктар болжошкон жерге эрте келишкен. Көп күттүрбөй Алланын Элчиси да Аббас абасы менен келип калды. Аббас али мусулман боло элек болсо да Абу Талибден кийин бир тууганынын уулун өз карамагына алган боорукер жан эле. Баарлашууда мединалыктар Алланын Элчисин өз шаарына чакырышты. Колдоо көрсөтүшөрүн, өз карамагына алышарын айтышты. Аббас сөз алып:

– Мединалык туугандар! Биз муну душмандардан коргоп келдик. Мындан ары да коргой бермекчибиз. Калк арасында кадыр-баркы өтө жогору. Силер Мухаммеддин тынчтыгын, амандыгын көздөп Мединага чакырып жатасыңар. Мухаммед силер менен тилектеш. Аны душмандардан коргой ала турган болсоңор гана уруксат беребиз. Өзүбүздүн бир тууганыбызды коргогондой коргоп алабыз деп мага сөз беришиңер керек. Ошондо гана көңүлүм жай алар. Силер менен бир шаарда чогуу жашап жүргөн тиги жөөттөр мунун душманы экенин акылыңардан чыгарбашыңар керек. Алар кутумдук кылып койбу деп коркомун. Бир кокустук болуп кетсе, араб уруулары менен бириге калып, аларга каршы туруштук бере ала тургандай согуштук күчүңөр болсо, Мухаммедди жиберүүгө макулмун. Ушу менин айткандарымды талдап көрүп, өз ара дагы бир ирет кеңешип көргүлө! Анан өз жериңерге алып кеткенден кийин алардан коркуп, жардамыңарды токтотуп, кутумдардын колуна салып бере турган болсоңор, мындайча айтканда, өзүңөргө ишене албасаңар, бул пикириңерден азыр эле кайткыла. Сүйлөй тургандар болсо тартынбай айткыла оюңарды, бирок көпкө созбогула. Анткени, ушу тапта душмандардын тыңчылары жойпуп жүрөт. Бул маселени мындан ары жашыруун кармашыңарды өтүнөр элем!

Аббастын көңүл өйүгөн санаасын тынчытуу үчүн Асад бин Зухра (Алла ага ыраазы болсун) ордунан туруп сыпаалык менен сөз алды:

– О, Алланын Элчиси! Сен бизди тээ ата-бабалардан бери тутулуп келаткан динден баш тартууга, өзүңдүн дениңди кабыл кылууга чакырдың. Албетте, бул нерселердин баары мындай карагандай өтө татаал иш эле. Ошого карабай сунушуңду четке какпадык, кабыл

кылдык. Мындайча айтканда, жакын болсун, алыс болсун, барча мушрик тууган-урук, коңшу-колоңдор менен алаканы кесүүгө үндөдүң! Абдан катаал болгонуна карабай бул сунушуңа да макул болдук. Калдайган калың журт эле эмес, өз агалары да көзүн тазалагысы келип жүргөн адамды өз карамагыбызга, коргообузга алып жатканыбызды аңдап турабыз. Оңбогондой оор болсо да, тобокелге салып, бул сунушуңду да кабыл кылабыз. О, Алланын Элчиси! Өз перзенттерибизди, бүлөбүздү кандай коргой турган болсок, сени да ошондой коргойбуз. Биз ушул келишимди буза турган болсок, Алла Таалага берген антты бузган эки жүздүүлөрдөн бололу! О, Алланын Элчиси! Биздин мына ушул убадаларыбызды коргоонун ишенимдүү анты катары кабыл кыл! Андан ары Алла Тааланын гана жардамына баш калкалайбыз!

Азирети Асаддан кийин Абдулла бин Раваха (Алла ага ыраазы болсун) ордунан туруп мындай деди:

– Оо кутман Пайгамбар! Раббиң үчүн да, Өзүң үчүн да каалаган шартыңды коюсоң болот.

Баарын угуп, бир тыянакка келген соң Алланын сүйүктүү Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мындай шарт койду:

– Аллага ибадат кыласыңар жана эч качан Ага шерик кошпойсуңар, бул, Раббим үчүн койгон шартым. Өзүм үчүн койо турган шартым – мал-жаныңарды кандай коргоп келсеңер, мени да ошондой коргойсуңар.

– Ушул шарттарды аткара турган болсок, эмне акыбет табабыз?

– Бейишти табасыңар, – деп айтар замат, мединалыктар:

– Кандай гана пайдалуу соодалашуу болду! Мындан кайтпайбыз жана кайтууга жол бербейбиз! – деп, кубануу менен антташууну кызуу колдошту (Ибн Касийр, Тафсир, II, 406).

Абдулла бин Раваха Мута согушунда жогоруда сөз кылынган соодалашуунун пайдасын көргөн. Ал Алланын Элчисинен өзүнүн шейит кетери тууралуу маалыматты алат. Ошол согушта курман болорун билип туруп, каармандарча эрдик көрсөтүп, алдына келген душмандарды жерге жапырып, далайын кан кустуруп, далайынын жүрөгүнүн үшүн алып, Алланын ыраазылыгы үчүн мал-мүлкүн казынага, жанын Жараткан Аллага тапшырып, бейиштин төрүнө карай сызган. Акабадагы келишимге катышкан башка сахабалар да ар кайсы аймактарда Алланын жолунда ак кызмат өтөп, дин Исламды коргоо үчүн күрөшүп жүрүп, берген убадаларын так аткарышып, руханий соодалашуудан береке табышкан.

Мединалык мусулмандардын бул биатына ишараталып төмөнкү аят түшүрүлгөн:

«Албетте, Алла момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиш менен айырбаштап алды. Алар Алла жолунда согушуп, (каапырларды) **өлтүрүшөт жана** (өздөрү да Алла үчүн шейит болуп) **өлтүрүлүшөт. Алла Таала Тооратта, Инжилде жана Куранда Өзүнүн чыныгы убадасын берген. Алладан да убадасын артык аткаруучу ким бар? Демек** (момундар) **кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул-чыныгы улуу бакыт!»** (Тооба сүрөсү, 111-аят).

Дагы бир топ адам сөз алып сүйлөгөндөн кийин акыркы сөз кайрадан Алланын Элчисине берилди. Ал жыйынга кайрылып, дин насаатын айтты. Куран окуп, чечмелеп түшүндүрдү.

Андан соң кандай шарттарга биат кылышарын ачык айтты. Мурунку коюлган шарттарга төмөнкүлөр жалганды:

1. Башчы болуп дайындалган момун мусулманга каршы чыкпоо.

2. Мушриктердин жана каапырлардын «Алланын жолуна түшүп алыптыр» деген кинээсинен коркпоо.

3. Кубанычта болсун, кайгыда болсун, молчулукта болсун, токчулукта болсун Алланын Элчисине моюн сунуу, аны өз жандарынан да бийик коюу.

– Арандардан мага өз урууларынын атынан сүйлөй турган, өкүлчүлүк кыла турган он эки өкүл чыгаргыла, – деди Алланын Элчиси.

Мединалыктар хазраж уруусунан тогуз, авс уруусунан үч кишини көрсөтүштү.

Өкүлдөр бир ооздон макулдук беришкен соң, Аббас Азирети Пайгамбарыбыздын билегинен кармап, мединалык мусулмандарга бирден кол алыштырып убадаларын бекемдеди. Мединалык мусулмандар куткаруунун амалын ойлонуп, ар кимиси өз пикирин айтып жаткан кезде Саад (Алла ага ыраазы болсун) келип кошулду. (Ибн Хишам, II, 47-57; Ибн Саьад, I, 221-223; Ахмад, III, 322, 461, 462; Хайсами, VI, 42-44).

Мусулмандардын Акабадагы убадалары, он эки же болбосо жетимиш беш адамдын гана эмес, барча мусулмандардын Кудай Таала менен болгон убадасы, келишими болуп саналат.

Бул дүйнө – акыреттеги түбөлүктүү жыргалчылыкты сатып ала турган адилет базары. Алланын Элчиси менен келишилген убадага биз дагы жан-дилибиз менен кошулуп, таалайлуу сахабалар сыңары «кандай гана пайдалуу соодалашуу!» дегенге милдеттүүбүз.

Азирети Мусаб (Алла ага ыраазы болсун) Исламдын Мединадагы пайдубалын түптөгөн. Биз өз жүрөгүбүзгө Исламдын пайдубалын түптөөгө, динибизди тургузууга милдеттүүбүз. Ар бир мусулман даватчы болушу керек. Үймө-үй кыдырып, ак динди даршан кылып, жүрүм-туруму, адеп-ахлагы, кулк-мүнөзү, таза кийими менен үлгү болушу керек. Даватчы мусулман Алла Тааланы жана Анын Элчисин чын жүрөктөн сүйсө, дүнүйө-байлыкка болгон кызыгууну Мусаб сыяктуу жээрип койот.

1.15.4 Мекке доорунун бейнеси

Он үч жыл сүргөн Мекке доорунда мушриктердин мусулмандарга көрсөткөн кордуктарын төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. Шылдыңдоодон, мыскылдоодон ырахат алуу.

2. Акаарат келтирүү, каршы чыгуу, каяша айтуу, жектөө, сөгүү.

3. Кыйноо.

4. Соода-сатык жана маданий катнаштарды үзүү (тажрид).

5. Мусулмандарды көчүүгө мажбур кылгыдай жан чыдагыс кордук, азап көрсөтүү, баскынчылык саясат.

Ошол мезгилдерде кандай кадам, кандай жүрүш жасары билдирилип, байма-бай вахий менен күчтөндүрүлүп турган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) төмөнкүдөй усулдарды колдонгон:

1. Момундардын көңүл ааламын руханият менен байытуу, ыймандарын сактоо, коргоо аракети.

2. Башка түшкөн машакаттарга, кыйынчылыктарга сабыр кылуу.

3. Жан дүйнөгө шык берген жакшы сөз жана насаат айтуу.

4. Дин жолунда алгалоо, тынымсыз күрөшүү.

5. Алла Таалага тобокел кылуу жана талыкпай моюн сунуу.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ушундай жолдор менен алдына чыккан бүтүндөй каргашаларды, кутум пландарды ийгилик менен жеңип, максатына толук жеткен. Кыйынчылык жана азап-кайгы менен коштолгон узун жүрүштүн натыйжасында, Мединадай мүмкүнчүлүккө бай аймак ыроолонгон. Бул аймактагы көптөгөн жүрөгү сокур көрпенделер, каңгып жүргөн нечен инсандар, мүнөзү серт мыкаачылар ыймандан ырыс табышкан. Ошентип, Медина ыймандуулуктун бешигине айланган. Таифке барганда ыймансыздар аны ташбараңга алып, кууп жиберишкен эле. Ал эми дааат кылып бара электе эле, Кудай Тааланын эрк-каалоосу менен Ислам дини Мединада гүлдөп, кыска убакыттын ичинде Пайгамбарыбыз баш болгон бардык момундарды кабыл ала турган абалга келген.

Алла Таала момун мусулмандарга Меккеден көчүүгө азап-кайгы менен өткөн он үч жылдык катаал мезгилден кийин гана уруксат берген. Он үч жылдык ырайымсыздыктан кийинки ооматтуу доордо мусулмандардын ыкластары күчөп, жүрөктөрү жан жыргаткан руханиятка толгон. Мындайча айтканда, момун мусулмандар ыймандарынын акысын ошол катаал доордо өтөгөн.

Бул доордо Мединада барча адамзатка нуска боло турган Ислам малекетинин жана маданиятынын жерпайы түптөлгөн. Тулку бойго ыйманды сиңирген, алдынан чыккан кыйынчылыктарга жеңилип бербеген, эс-акылы, пикири жана адамгерчилиги туруктуу инсандар өнүп-өскөн. Алар адамзатка жол баштай турган деңгээлде бышып жетилишкен.

1.16 ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ

1.16.1 Хижратка уруксаттын берилиши жана Мединага көчүү

Мусулмандар Акабада экинчи ирет жолугушканда көчүү боюнча макулдашылып, бүтүм чыккан эле. Андан көп өтпөй мусулмандардын башка жака көчүп кетишерин мушриктер угуп калышты. Дароо жыйналышып бир карасантай бүтүмгө келишти. Мурунтан жасалып келе жаткан кыйноолор, эзүүлөр эми жүз эсе күчүнө кирди. Мусулмандарды адам катары жашоого укугу жоктой кыйнашты. Кыларга иши калбагандай бутпарастар кыйноо, кордоо менен алек болуп калышты.

Момундардын чыдамы түгөндү. Меккеде жашоого мүмкүн болбой калды. Уруксат болсо, ылаажы таап башка жака көчүү маселесин коюшту.

Бир саамга тунжурап ойлуу отурган Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Алланын уруксаты менен Медина тарапка кол жаңсап:

«Тигине, мага көрсөтүлгөнүнө караганда, силер көчүп бара турган шаар, эки кара таштактын ортосундагы курмага бай жер экен» (Бухари, Кафалат, 4).

«Алла Таала силерге туугандарды жана бейпилдикти таба турган аймакты багыштады», – деп, Мединада кош колдоп жардам берип, күтүп ала турган мусулман ансар боордоштор менен ынтымакта болууну буюрду.

Мусулмандар убакытты текке кетирбей кыска убакыттын ичинде даярдык көрө башташты. Дин душмандарына байкатпай бири бирине тымызын жардамдашып, алдыңкылары көчө башташты[84].

Медина шаары мусулмандар бара электе эле азап тарткан ыймандуулар үчүн ишенимдүү башпаанек болуп калган. Ислам дининин Меккеден сыртка чыгып, болгондо да соода жолунун чордону саналган стратегиялык маанидеги шаарда кызыгууларды жаратышы жана элдин агымынын күчөшү мушиктеринин дилиндеги кооптонууну андан бетер коркунучка айлантып салды. Мурда чочулап жүрүшкөн болсо, эми алардан чындап уйку качты. Алланын Элчисин өз журтунан айдап чыгаруу үчүн жүргүзгөн кутумдук иш-аракеттери акырында өздөрүнө зыян болорун өз убагында түшүнө албай калышты. Аныгында алардын көчүп кетиши мушриктер үчүн чоң жоготуу болду.

Бейнысап мушриктер ошол маалда колдогу күчкө жана жалганчы напсинин жылуу шыбырына алданып, мусулмандарды шылдыңдоо, коркутуп-үркүтүү, кордук көрсөтүү, бойкот жарыялап кыйноо жолу менен шаардан чыгардык, өзүбүздүн абройубузду, бийлигибизди сактап калдык, деген ойго бекем ишенип алышкан эле. Бирок, өтө жакынкы

84. Ибн Хишам, II, 76; Ибн Саьад, I, 226.

убакта эмнелер болуп кетери аларды кызыктырган эмес. Аларды каардуу бүлгүн, армандуу бушаймандык күтүп жаткан…

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) баян этет:

«Мен эч кимден коркпой Мединага көчкөн бир гана адамды биллем. Ал Азирети Умар. Умар бин Хаттаб (Алла ага ыраазы болсун) көчүп жөнөөрдө кылычын жанына байлап, жаасын асынып, саадагына ок толтуруп, найзасын колго кармап Каабага барды. Дал ошол кезде Каабада курайштын кыйындары турушкан. Азирети Умар Каабаны жети жолу айланып таваф кылган соң, мушриктердин ортосуна кирип барды. Келечектеги жеңиш мусулмандар тарапта болорун сездирип койгусу келип, мындай деди:

– Мына, мен Мединага кетип жатам! Кимде-ким аялын жесир, балдарын жетим калтырып, өз энесин ыйлаткысы келсе, артымдан келсин, мына бул дөңдүн артынан кездешебиз!

Өздөрүн канчалык күчтүү сезишпесин, анын артынан барууга мушриктердин эч кимиси даай албады» (Абнул Асийр, Усдул-Гааба, IV,152-153).

Азып-тозуп, узак жол басып келген туугандарын мединалыктар шаң-салтанат менен кучак жая тосуп алып жатышты. Көчүп баргандыгы үчүн меккелик мусулмандар тарыхта **«мухажир»** деп аталса, аларга жардам берген меймандос мединалыктар **«ансар»** деп аталып калды.

«Мухажир жана ансардын алдыңкыларына жана жакшы иштер менен аларды ээрчигендерге Алла ыраазы болду жана алар да Андан ыраазы болушту. Дагы (Алла) **аларга астынан дайралар агып турган, түбөлүк кала турган бейиштерди даярдап койду. Мына ушул – улуу бакыт!»** (Тооба сүрөсү, 100-аят).

1.16.2 Мушриктердин кутумдук планы

Мекке бошогон сайын мушриктерди ичи туз куйгандай ачышып, өздөрүнүн кемчилигин сезип, ансайын сиркелери суу көтөрбөй калды. Жамандыктын очогу саналган Дарун-Надвага жыйналыш курушту. Өч алуу, дин жолун кан буугандай бууп токтотуу сыяктуу сан миң ойлор баарынын мээсин курттай кемирип турду жыйында. Жыйынга өзүн нажид уруусунанмын деп таанышырган улгайган абышка да катышты. Ал адамдын кейпине кубулган шайтандын накта өзү экен.

Эми эмне кылуу керек деген суроонун айланасында талаш көпкө жүрдү. Алланын Элчисин кармап орго салуу же болбосо Меккеден сүрүп чыгаруу өңдүү жамандыктын башын кылтыйткан ар башка сунуштар айтылды. Сунуштардын баарына шайтан каршы чыкты. Акырында чыныгы карөзгөйлүктү ишке ашырууга бүтүм чыгарышты:

«Мухаммедди тез аранын ичинде өлтүрүү!!!…»

Бул пикирди ошол доордун фараону саналган Абу Жахил минтип ортого салды:

– Ар бир уруудан бирден адамды чыгаралы. Тымызын аңдууга алалы. Болжогон жерге келгенде, даярданып тургандардын баары жабыла басып калышсын. Анан ошол жерден тургузбай эле тындым кылышсын. Мунун жарасы жеңил эле. Ошондо гана андан кутулуп, мурдагыдай жашай беребиз. Мен ар бир уруудан адам чыксын дегенимдин себеби, баары

бир мезгилде басып өлтүрсө, анын каны бир гана кишиге эмес, бардык урууларга таралып кетет! Абдиманафтан тарагандар бул жерде турган урууларды баары менен согушууга батына албайт. Доо сурашса кунун гана чогултуп беребиз. Ага да ыраазы болушпаса, андан аркысын да көрө жатарбыз!!!

Улгайган абышканын кейпин жамынган шайтан:

–Ай, баракелде, пикир эмес бекен! Мына бул чыныгы эр кишинин сөзү! Мындан да ийги сунушту эч жерден таппайсыңар! Кана колдоп жиберели, убакытты создуктурбай, – деди. (Ибн Хишам, II. 93-95).

Кутумдук чечим кабыл алынып жаткан кезде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Меккеде жалгыз калган эле. Өз жанынан да үммөтүн артык көргөн пайгамбар алгач кетчүлөрдү жөнөтүп, калгандарынын көчүшүнө кол кабыш кылуу, дем берүү үчүн калган эле. Мунун баары Алланын мураты экенин жан-дилден сезип турду. Дин жолундагы жан досу Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) акырында Улуу көчкө кошулууга уруксат сураганда:

-Сабыр кыл! Балким, Кудай Таалам сага кайырлуу жолдош берер! – деп жооткотуп койду. (Ибн Хишам, II. 92).

Жандан артык көргөн досунун бул сөзүн угар замат сегиз жүз дирхамга эки төө сатып алып, аларды үйүндө төрт ай бакты (Бухари, Манакибул-ансар, 45).

Меккенин мушриктери көпкө талашып, карамүртөз башчыларынан айбыгып, ачык каршы чыга албай, акыры жүзөгө ашырууга камынып жаткан кезде жогор жактан Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) тезинен көчүп кетүү буйругу келди.

«(Элчи!) **О, Раббим! Бара турган жерге сак-саламат жеткире көр! Чыга турган жерден тынч-аман чыгара көр! Мага Өз даргөйүндөн чындап жардам бере турган күч бер! – деп айткын»** (Исра сүрөсү, 80-аят).

Жабраил периште бул аятты билдиргенден кийин мушриктердин карөзгөй кутумдугун дагы маалымдап:

– Бул түнү төшөгүңө жатпагын, – дегенди кошумчалап кеткен эле. (Ибн Хишам, II. 95).

Күн төбөдөн куйкалап, ысык аптап демди кысат. Элдин баары тыныгуу үчүн үйлөрүндө жаткан кезде Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Бакирге барып, көчүүгө буйрук келгенин айтты.

Абу Бакир:

– Чогуу чыгабызбы?

Алланын Элчиси:

– Албетте, чогуу чыгабыз!

Анын жообу Абу Бакирди ыйлатты. Алланын сүйүктүү Элчисине сапарлаш болоруна кубанып, көзүнөн мончоктоп жаш кетти. Сүйүнүчтөн аккан тамчылар анын жан дүйнөсүнүн бейнесин ачык чагылдырып турду[85].

85. Ибн Хишам, II. 97-98.

Абу Бакирге даярдык көрө берүүсүн айтып, дароо Азирети Алини чакырды. Көчүүгө буйрук келгенин айтып, ээлерине тапшырып коюу үчүн мойнундагы аманаттарды ага тапшырды. Анткени, мединалыктар өз бүлөсүнө ишенбей, кымбат баалуу буюмдарын ишенимдүү пайгамбарга сактоо үчүн берише турган. Анын колунда көп адамдардын аманаттары бар эле.

– Али, бул түнү менин ордума сен жатасың. Мына бул чепкенимди үстүнө жаап ал, коркпо! Алар сени эч нерсе кыла алышпайт!» – деп, кол кысышып, коштошуп жөнөй берди. (Ибн Хишам, II. 95-98).

Бул жерде Азирети Алинин Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) болгон ыкрары, берилгендиги өзгөчө маниге ээ. Бирок, ошол доорду сыдырып көздөн өткөрө турган болсок, кутман сахабалардын баары Пайгамбарыбыздын буйруктарына кыйшаюусуз моюн сунуп келишкен. Бир дагы моюн толгогон, жалакайлык кылган же ишти чала таштаган, сабырсыздыкты чагылдырган көрүнүштү көзгө учуратуу мүмкүн эмес. Тапшырма алган сахабалар анын сөзүн эки кылбай так аткарышкан. Эч убакта эмне үчүн, эмнеге деп кайым суроо беришкен эмес, буйрукту ылгабай аткарууга көнүшкөн. Анын жолун чанган адам түбөлүк адашууга кулап кетерин сахабалар жакшы билгендиктен, сүннөтүнүн бирин калтырбай, тандабай амал кылууга тырышкан. Сахабалардын Курани Каримге жана Азирети Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө бектигин – көлөкөнүн адамдан бөлүнбөшүнө салыштырууга болот[86].

Көөдөй караңгылык теребелди кучагына алган кез. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) үйдөн чыга электе душмандар үйдү курчап калганга үлгүрүштү. Аллага жан-дилден моюн сунган Пайгамбардын жүзүнөн не коркунуч, не чочулоо байкалбайт. Көңүлүндөгү көйгөйдүн баарын жайына койгондон кийин, уучуна аз гана топурак алып, каптап келаткан мушриктердин алдына чачты да, Ясин сүрөсүнүн төмөнкү аяттарын окуп ортолуктан сүзүлүп, түнгө сиңип кетти.

«Акыйкатта Биз алардын моюндарына ээктерине чейин (капталган) **кишендерди уруп койдук, ошондуктан алар какайган бойдон калышты. Дагы биз алардын алдыларынан бир тосмо-парда коюп, аларды чулгап койдук. Эми алар көрө алышпайт»** (Ясин сүрөсү, 8-9-аяттар).

Канчалык тыгыз курчоого алышпасын мушриктер аны көрө албай калышты. Жүрөктүн, көөдөндүн сокурлугу көздү көрүү касиетинен ажыратып койгонун кийин деле түшүнө албай коюшту. Куралдуу душмандардын арасынан жайбаракат басып өтүп кетүү Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) мужизаларынын бири болуп саналат. Сокур көөдөн пенделерге бүт аалам мындай турсун өзүнүн көз карашы, өзүнүн жан дүйнөсү караңгы болуп калат.

Дал ошол маалда топураган мушриктерден бир шойкомдун үстүндө турганын шектенип, өтүп бараткан киши бурулуп суроо салды:

– Мынча эле айгай салып кимди күтүп жатасыңар?

– Мухаммедди күтүп турган элек! – деди бою узунунан келген бирөөсү алдыга чыгып.

86. Бухари, Хумус, 1; Муслим, Жихад, 52; Абу Давуд, Хараж, 18; Ахмад, I, 10.

– Ай кургурлар ай, ылайым мүдөөңөргө жетпей калгыла! Мухаммед башыңарга топурак чачып эбак эле чыгып кеткен тура, – деди, жалгыз киши түн каткандардын кара ниеттерин аңдай коюп.

Баары башын сыйпалап калды. Чындап эле топурак чачылган. Тиги жалгыз кишинин айтканына ишенбей жиниккендей үйгө жулунушту. Төрдө бир адам жаткан эле. «Мына! Көшүлүп гана уктап жаткан тура!» деген ой баарынын шайтан күүлөгөн дилин аралап өттү. Төшөктөгү адамдын ордунан турушу бири-бирине сүйүнүчтүү көз караш жөнөткөн карөзгөйлөрдүн жылуу сезимдерине муздак суу бүркту. Ордунан козголгон адам Али болуп чыкты.

«Кудай урбадыбы бизди! Жанагы адамдын айтканы чын тура!» деп кутумдардын башчысы жер муштап кала берди.

Карап туруп колдон чыгарып жибергенине жиниккен бутпарастар Азирети Алини жөөлөп, жулкулдатып киришти.

– Али, айт! Кайда кетти жанакы бузуку тууганың?

– Билбеймин. Мен анын кароолчусу эмесмин! Силер аны Меккеден чыгууга мажбурлагансыңар «Кет биздин арабыздан!» деп. Мына көрүп турасыңар, айтканыңар аткарылды! – деп, Азирети Али жемелеп кирди кыжырлануусун баса албай.

Ансыз да араң турган бутпарастар Азирети Алини ур-токмокко алышты. Башчылары жазалоону чечти. Каабага алып барып камап салышты. Акырында чыныгы күнөөкөр ал болбогон соң кеңешип, кайра чыгарып жиберишти. (Ибн Хишам, II. 96; Ахмед, I, 348; Якуби, II, 39).

Каапырлар карп-курп курчап келгенде байкатпай чыгып кеткен Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Бакирдин үйүнө эбак эле келген эле. Кудуреттүү Кудай Тааланын жазмышынын алдында мушриктердин карөзгөй капканы түккө арзыбай кала берди. Пенделердин айла-амалы, күч-дарамети канчалык шумдуктуу, канчалык кемчиликсиз болбосун, ал Алланын алдында шамалга туруштук бере албай ар кай жакка учурулган камгактай эрксиз сапырылып туруп берет. Бул жагдай Куранда мындайча билдирилген:

«(О, Мухаммед)**, каапырлар сени туткундоо, же өлтүрүү же** (Меккеден) **чыгаруу үчүн айла-амал курушкан эле. Алар** (сага) **тузак куруп жатканда, аларга Алла тузак койду. Алла Таала чыныгы чара табуучу!»** (Анфал сүрөсү, 30-аят).

1.16.3 Азаптуу сапар

Атайы ушул күндү күтүп, ушул сапар үчүн Абу Бакир эки төө багып жүргөн эле. Колун тарта качып, макул болбогонуна карабай бир төөнүн пулун Абу Бакирдин чөнтөгүнө салды. Мындай кооптуу кырдаалда амалкөйлүк менен кадам таштоо зарыл экенин үммөтүнө өз турмушунда көрсөтүп кеткиси келген Алланын Элчиси Абу Бакирдин коштоосунда үйдүн арткы эшигинен чыкты. Жолдун нугун мушриктер тосо турган тарапка эмес, Мединанын карама-каршысына бурушту.

Хижрат учурунда Савр үңкүрүнө бараткан жолдо Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) бирде Пайгамбардын артында, бирде алдына чыгып далдаалап баратты. Муну байкап калган Пайгамбар:

– Абу Бакир, эмне үчүн мындай кылып жатасың? – деп сурады.

Абу Бакир:

– Пайгамбарым, оюма ар нерсе келип жатат. Аркабыздан жетип келеби деп артыңыздан, алдыбызга буктурма курганбы деген ойдо алдыңызга өтүп кетип жатам, – деди.

Акырында Савр үңкүрүнө жетип барышты. «Сиз бул жерде күтө туруңуз,» – деп үңкүргө кирди. Ичин тазалады. Жадагалса, колу менен жерди сыйпалап көрүп, кийиминен айрып тешиктерди бүтөдү. Ошентип, сырткы кийими түгөнгүчө айрый берип үңкүрдөгү тешиктерди толук жапты. Бирөөсү гана бүтөлбөй калды. Тешиктин үстүнө согончогун койо салып:

– Эми кире берсеңиз болот Пайгамбарым, – деди.

Таң атып, үңкүрдүн ичи толук бойдон жарып калган кезде жолдошунун абалын байкап калган пайгамбар:

– Абу Бакир, кийимиң кайда калды эле?! – деп, таң кала сурады.

Абу Жахил жоон топ кутумдарды баштап, Абу Бакирдин үйүн курчоого алдырды. Үйдө Асмадан башка эч ким жок эле. Көпкө тинтип эч кимди таба албаган мушриктердин башчысы Асманы суракка алды. Атасынын кайда кеткенин билбейм дегени үчүн байкуш кызды токмоктоп салышты, каргыш тийгирлер.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) менен анын Яары-Гары бир топко дейре үңкүрдү башпаанек тутуп туруп калышты. Алар бул жерге жашырынуу менен Мединага барчу жолдон издей турган мушриктерден кутула алышкан. Ансыз деле алар Алл Тааланын көзөмөлүндө турган. Пенденин айласы куруп, чарасы түгөнгөн жерде Кудай Тааланын жардамы келет. Таң атып, жерге жарык кирери менен Абу Бакирдин үйүнөн чыккан жоон топ мушриктер изди кууп олтуруп Савр үңкүрүнүн оозуна чейин келишти. Аттан түшүп, үңүлүп бакты бирөөсү. Үңкүрдүн кире беришиндеги жөргөмүштүн желесин жана уялаган кептерди көрдү. Дал ошол маалда сүйүктүү Пайгамбарынын жүзүн далдалап, жашыра турган жаш көчөттү жашылдантты Алла Таала. Куугунчулар жакын арада бул тарапка эч ким баскан эмес деген бүтүмгө келип кайра тартышты[87].

Кыска убакыттын ичиндеги болуп өткөндөр Абу Бакирди абдан коркутту. Алар чындап эле ошондой кооптуулукту баштарынан кечиришти. Ал өз жаны үчүн эмес, Алланын Элчисине жакындап келген жамандыктан коркту…

Жакшылап караганда куугунчу мушриктер балким, көрүп калышса керек эле. Анткени, үңкүрдүн ичи үңкүр дегенчелик кең эмес эле, шоола да кирип турган. Үңкүрдүн эки жагында борчук таштарды ары-бери тинтип, таппай кетишти.

Куугунчулардын бири:

– Эгер алар үңкүргө киргенде жөргөмүштүн желеси бузулуп, кептердин жумурткасы сыныш керек эле, – деп ал жерде жогуна чындап ишенгенин баса белгиледи.

– Ошондой болсо да, үңкүргө бир кирип көрбөйлүбү?! – деген пикир чыкты биринин оозунан.

87. Ибн Саьад, I, 229; Ибн Касийр, ал-Бидая, III. 223-224.

Умай бин Халаф:

– Силердин мээңер иштейби? Убакыттын мындай тардыгында үңкүрдө суутуп коюптурбу? Кабат-кабат желе салынган ушу сасык үңкүргө кирели деген акылыңарды урайын десе. Кабатталып чаң басып калган жанакы желе менин оюмча Мухаммед туула элек мезгилдерге таандык болсо керек! – деп, өз пикирине корстон боло каткырып, жанында кишинин пикирин көпкө келеке кылды.

Ичи өрттөнгөн Абу Жахил:

– Кудайга ант болсун! Ал ушу бизге жакын эле бир жерде турат. Сыйкыры менен көзүбүздү көрбөс кылып бойоп салды! – деди ызырынып[88].

Абу Бакирдин тынчы кетти. Оюна ар нерсе келип, сарсанаа кыйнап жиберди.

– Мен өлсөм эч нерсе эмес, жумуру башта бир өлүм бар, кыйышпаймын. Жамандыктын бетин ары кылсын, сага бир нерсе болсо, барча үммөт бүлүнөт – деп, Азирети Пайгамбарга жалдырайт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) намаз окуй баштады. Жан досу болсо денеси менен далдалап, эки жака көз салып турду. Намаз бүткөн соң:

– Ушу ит коом сени акмалап бул жерден алыстагыдай түрү жок. Кудайга ант, мен өзүм үчүн эмес сага залалы тийеби деп коркуп жатам, – деди пайгамбар досуна.

Акыркы Элчи (саллаллаху алейхи васаллам) Сыддык досуна ишенимдүү жылмайып:

– Абу Бакир, эч коркпо! Шек-күмөнсүз Алла Таала биз менен бирге! – деди. (Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 223-224; Диярбекти, I, 328-329).

Бул окуя Куранда да баяндалат:

«Силер ага (пайгамбарга) **жардам бербесеңер, Алланын Өзү ага жардам берди. Каапырлар Аны эки адамдын бири кылып айдап чыгышканда** (Алла жардам берди эле го)**. Ошондо экөө үңкүрдө эле. Жолдошуна: «–Кейибе, албетте, Алла биз менен бирге!» - дегенде, Алла ага көңүл токтук түшүрдү жана аны силер көрбөгөн аскерлер** (периштелер) **менен колдоп, кубаттады, ошондой эле, каапырлардын көзүн жетпес кылып койду. Алланын сөзү гана жогору Сөз. Алла – Кудуреттүү, Дааныштман»** (Тооба сүрөсү, 40-аят).

Абу Бакир:

– Биз үңкүрдө жашырынып жатканыбызда издеп келген куугунчулардын бутун көрдүм. Бир аз эле эңкейе турган болгондо бизди сонун көрмөк, – деп ошол мезгилдин кысталыштыгын эскергенде Алланын сүйүктүү Элчиси:

– Абу Бакир, Алла карап турганда эки кишиден эмне мынча корктуң, – деди (Бухари, Фадаилул-Асхаб, 2. Манакиб, 45; Муслим, Фадаилус-Сахаба 1).

❖

88. Ибн Саьад, I, 228; Халаби, II. 209.

Он үч жылдык чакырык жана ак дин үчүн күрөштөн кийин Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) көрсөтүлгөн экинчи Савр үңкүрү Хирадан айырмаланып, руханий мектеп кылынды.

Тактап айтканда, Савр үңкүрү пендени чексиз сырлардын мейкиндигинен, Кудай Таалага жеткире турган жүрөк таалимин баштоочу жай катары, бийикке сапар тартуунун алгачкы баскычтык ролду аткарган.

Үңкүрдө эки гана киши. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) куттуу башын Азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) тизесине коюп, мемиреп уктап кеткен. Жанындагы кичинекей оюкту көрүп, уулуу макулуктун ийини экенин боолгоду. Пайгамбарлардын Султанына зыяны тийип калбасын деген ой менен Абу Бакир аны буту менен тосуп алды.

Көп өтпөй Жараткан Алланын сыноосу ошол тешик аркылуу келди. Ийиндеги уулуу жылан тумчугуп кеттиби, айтор, жолун бөгөп калган жумшак нерсени чагып алды. Буту жан чыдатпай ачыштырып, бүт денеси жалын болуп ысып чыкса да, Пайгамбарын ойготуп албайын деген ойдо чыдаганга аракет кылды. Көзүнөн чертиле түшкөн тамчы жашы уйкудагы затты ойготуп жиберди. Абу Бакирдин кубарып калган өңүн көрүп бир нерсе болгонун баамдап:

– Эмне болду сага?– деп сурады.

Эч нерсе болбоду деген таризде баш чайкап көпкө көшөрдү. Аябай көңүл бөлүп, улам такып сураган Пайгамбардын шагын сындырып албайын деп, болгон окуяны айтып берди (Байхаи, Далаил, II, 477; Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 223).

Жылан чаккан жаракатка Алланын Элчиси шилекейин сүртөр замат сыздаткан оору басылып, жарааты бүтөлүп, шыпаа тапты.

Бир риваятка (зайыф риваят) караганда Алланын Элчиси жыландан сураптыр:

– Эмне үчүн мындай кылдың?

– О, Алланын Элчиси. Мен нечендеген жылдар бою ушул тешикте сизди саргарып күтүп жаткан элем. Көптөн күткөн арзуу тилегим эми ишке ашарда жолумдун тосулганы мени убайымга салды. Сизге деген сүйүүм ээ-жаа бербей, жолум ачылып калабы деп чагууга мажбур болдум, – дейт жылан.

Алар Савр үңкүрүндө бир топ күн болушкан. Асма бул күндөрдө атасы менен Азирети Пайгамбарга бышырган тамагын апкелип турган. Абдулла болсо атасынын өтүнүчү боюнча каш карайгандан таң агарганча үңкүрдө кароол болгон. Жерге эми жарык кирейин деп калганда үйүнө жетип, жаңы күндү Меккенин мушриктери менен чогуу тосуп алган. Абдулла киши менен оңой тил табышып, тез эле ымыла куруп кете турган акылдуу жана жөндөмдүү болуп бой тарткан. Күндүзү мушриктердин арасында болуп, алардын Алланын Элчиси тууралуу айткандарын, кура турган тузактарын кечкисин келгенде кабарлап туран.

Мушриктер үч күн катары менен издеп суй жыгылды. Издебеген жер, сураштырбаган киши деле калбады. Акырында үмүттөрүн үзүштү. Меккеде жай турмуш уланып, кутумдардын зардеси басаңдап, дымагы муздай түшкөнүн Абдулла кабарлап келген соң, төртүнчү күнү дегенде үңкүргө апкелинген төөлөргө минип жолго чыгышты. Туулуп өскөн

ата конуштан, анын алтын топурагынан айрылуу Азирети Мухаммеддин көңүлүн сыздатып, жүрөгүн канатты. Хазварга келгенде төөнүн башын Мекке тарапка буруп мындай деди:

«Алланын даргөйүндө шаарлардын шарапаттуусу сенсиң. Куулбасам, сенден эч кайда кетпей элем. Сенден башка жерди конуш кылып, уялабас элем…». (Ахмад, IV. 305; Тирмизи, Манакиб, 68/3925).

Сүйүктүү Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) сыздап турганына күбө болгон Алла Таала аны жубатуу үчүн бул аят менен сүйүнүчтүү кабарды маалымдаган:

« (Эй, Мухаммед!) **Алла Куранды сага түшүргөн. Албетте,** (Ал) **сени өз журтуңа кайтарат..»** (Касас сүрөсү, 85-аят).

Өз учурунда маалымдалган бул аят мекенге кайра кайтууну сүйүнчүлөгөн. Убакты сааты келгенде Меккенин багынарын түшүнгөн Пайгамбарыбыз андан ары кубанычтуу маанайда жол улаган.

Мекке менен Медина шаарларынын ортолугу 400 чакырымга чукул эле. Ошол доорлордо төөнүн орто жүрүшү менен он үч күндө жетишчү. Жол узак. Ысык аптап тирүү жандын канын катырып, акактатып, чаңкатканы өзүнчө машакат. Күндүн табына кызган кумду тилсиз жандыктар гана чыдап баса албаса, киши баласы чыдагыдай эмес. Ээрчинишкен азиз жолоочулар эки күн, эки түн токтобой жол жүрүштү.

Азирети Абу Бакир соодагерчилик менен шугулданып кез-кезде Шамга барып келгендиктен, көп кишилер аны жакшы тааный турган. Узак жолдо баратып ошондой эски тааныштарына учурап жатты.

– Абу Бакир, бул жаныңдагы адам ким? – деп сурагандарга:

– Мага жол көрсөтүп келаткан жол башчым, – болот дегенден башка сөз айтпады. Эгер абал кооптуу болбогондо «Мага нукура жакшы, таза жана адал жолду көрсөткөн азиз жол башчым болот!» деп, аны сыймыктануу менен тааныштырууну арзуу кылды дилинде. (Ибн Саьад, I, 233-235; Ахмад, III. 211).

Алланын Элчиси, Абу Бакир Сыддык, Амир бин Фухайра үчөө Абдуллах бин Урайкиттин жол башчылыгы астында Кадиддин белине чыга келип, бута атым жерде турган чатырга барышты. Бул чатырда Умму Мабад күйөөсү экөө жашачу. Ары-бери өткөн жолоочуларга суусундук берип, даам сыздырып, кызмат көрсөтчү. Мединага бараткан куттуу жолоочулар андан сүт сурашты. Үйүндө сүт калган эмес эле. Талаага кеткен койлорго жетпей, чатырдын көлөкөсүндө ичин тартып жаткан арык, кесел койду сааш үчүн Азирети Пайгамбар ээсинен уруксат сурады. Ал:

– Ой, садагаң кетейин! Сүтү эле болсо саап ал. Силер кудайы коноксуңар! – деп жиберди.

Ал Жараткан Алланын түгөнгүс берекесин, жакшылыгын сурап, дуба кылгандан кийин Алланын аты менен баштап, илмийип турган койду саап кирди. Колундагы аякка мелт-калт сүт саады. Карап тургандар Кудай Тааланын кудуретине жан дилден тан беришти.

Умму Мабаддын маалымдаганына караганда, ошол кой Азирети Умардын халифалык доорундагы кургакчылыкка чейин жашаган.

«Аймакта малдын тишине илингидей тал чөп калбаган жутчулук кезде күнүнө эки маал саап алчубуз», – деп Алланын Элчисинин куттуу колу тийген койдун берекесинен көпкө пайдаланганын айтып берген.

Жолоочулар узап кеткенден кийин чатырдын кожоюну Абу Мабад келди. Идиштеги сүттү көрүп таң калды.

– Ой, кемпир, бул сүт кайдан келди? Койлор алыскы тоодо болсо. Баары быйыл кысыр калган, үйдө саан уюбуз жок болсо? Буга мен түшүнө албай турам?! – деди.

– Бүгүн биздин ушу карып чатырыбызга бир касиеттүү адам келип кетти, – деп сөз баштап, болгон окуяларды төкпөй-чачпай айтып берди.

Абышкасы бул жерде бир нерсе жатканын сезип, кемпирине жакын жыла отуруп, кызыгуу менен сурады:

– Кана мага ошол адамды баштан-аяк сүрөттөп берчи.

Умму Мабад анын өң-түсүн, келбет-түзүлүшүн минтип сүрөттөп берди:

– Ал инсан кишиден артыкча жылдыздуу, жүзү нурдуу, адеп-ахлагы бийик өзгөчө жаралган зат экен. Тулку-денесинде, жүзүндө эч бир кемчилиги жок, ушунчалык сымбаттуу да, салабаттуу да экен. Кудай Таала кудум колу менен жасап койгондой, көзү моймолжуп капкара, агы кардай ак, кирпиктери коюу, үнү абдан коңур эле. Учу ичке келген коюу кашы, бойоп койгонсуган кара чачтуу адам экен. Төшү жайык, кең далы, коюу, кыска сакалы бар.

Унчукпай турса оор басырыктуулугу айкын көрүнөт экен. Ал эми сүйлөй баштаса өзүнчө эле ажайып сулуулук жаркырап, жүзү жылуу жылмайып, куюлуштуруп, даана-даана сүйлөйт экен. Кебинин мааниси айдан ачык, ак менен караны ар бир сөзүндө айырмалап сүйлөйт экен. Көп сүйлөп тажатып же аз сүйлөп арабөк калтырбайт экен.

Узагыраактан көрсөң ары сөөлөттүү, ары келбеттүү, жанынан карасаң жаркыраган жагымдуу да, жугумдуу да адамгерчилиги бар. Орто бойлуу эле. Бир бакчадагы барча көчөттөрдүн сулуулугун өзүнө топтогон сымал, жаңы тигилген көчөт сыяктуу эле. Жанында үч жолдошу бар экен. Ал сүйлөп жатканда берилип угуп, буйрук берсе, жарыша чуркап аткарышканын көрүп таң калдым. Мындайча айтканда, кызматына ким да болсо кылчактабай чуркаган, сырткы көрүнүшү менен эле сый-урматка татыктуу зат экени таасын байкалып турат. Жанындагыларды же бир адамды айыптап, кагып-силккенин көрбөдүм. Баарына жылуу-жумшак мамиле кылат экен.

Абу Мабад аттиң жетишпей калганымды карабайсыңбы, дегендей санына чаап-чаап алды да, адатынча касам ичип:

– Эгер сенин айткандарың турган чындык болсо, ал курайш уруусунан чыккан Пайгамбар экен. Эх, аттиң, аны менен кол алышып, дос болуу менин кыялым эмес беле! Эми бир жолу кезигер болсом, аны менен сөзсүз достошомун! – деди.

Ошол күндөрдө белгисиз бир жактан келген үн Умму Мабаддын чатырына тийип өткөн асыл инсандарды мактап ырдап жатты. Бул үндү көпчүлүк эл угуп, кайдан келгенине акылдары жетпей, тек гана таңыркап калышты. Бул ырды угуп, андан илхам алган Хасан бин Сабит, Пайгамбардын журтунан чыгарылганын, кутумдарды тескеп, жолго салып койо албаган коомчулуктан береке, кут кеткенин, ошол Пайгамбар Мединага барып элди туура



жолго чакырганын, талыкпастан Алла Тааланын сөзүн даршан кылганын ырга салды (Ибн Саьад, I, 230-231; Хаким. III, 10-11).

Пайгамбарды колго түшүрө албаган мушриктер, аны таап келгенге чоң сыйлык беришерин убада кылышкан эле. Дүнүйөнү укканда көпчүлүгүнүн бүйүрү кызып, оңой олжого туйтунууну ойлоно баштаган. Байлыкты жанынан артык көргөн айрым адамдар камданып алып Мединанын жолуна түшкөн. Сурака бин Малик ушундай бейынсаптардын бири эле.

Сурака ат зоруктуруп, узун жол басып, жолуккандардан сурап олтуруп Алланын Элчисине жакындады. Улам жакындаган сайын атын камчылайт, чаалыгып каруусу качкан унаасы же ылдамыраак чуркабайт кашаңдап. Кыялында алтын, күмүшкө көмүлүп, мына-мына жеттим деп эшик-төрдөй калганда атынын төрт аягы кумга батып, жылалбай калды.

Канчалык ызырынып камчыласа да, көксөгөн мүдөө-максатына жете албады. Тердеп-тепчип улам теминет, аты чыкмак түгүл тескерисинче кумга батып баратканын көрдү. Акылы эми жайына келди белем тизелей калып Алланын Элчисинен (саллаллаху алейхи васаллам) кечирим сурай баштады. Күнөөсүн, азгырылганын мойнуна алды. Көңүлү калбасын, жакшы жолго түшүп кетер деген үмүт менен Пайгамбар дуба кылды. Ошондо атынын кумдан бошогонун өз көрүп оозу ачылды. Камырдан кыл сууругандай эле чыкты батып калган мингичи. Эми эле болуп өткөн окуя Сураканын жан дүйнөсүн өзгөртүп жиберди. Жүрөгүндөгү душмандык жана кыялындагы байлык деген сезимдин ордун башка ажайып акыйкаттар ээлеп алды. Ага чындап баш ийгенин, берилип кызмат кылууга даяр экенин бушайман болгон көз карашы менен билдирди. Ажайып мужизаны көргөндөн кийин сүйлөөгө дарманы жетпей калды. Качкындардын изин жашыруун кармоого ниет кылып артка кайтты. Өзүнө окшоп дүнүйө үчүн аттанып Кудай жөнөткөн Элчини издеп жүргөндөрдүн көңүлүн суутуп артка кайтарды, айрымдарына башка жактарды көрсөтүп койду (Муслим, Зухд, 75).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мурунтан мамиле кылып жүргөн адамдардай алардын жанына отуруп Исламды түшүндүрдү. Натыйжада, каракчылар мусулман болушту.

1.16.4 Куба мечити

Улуу көчтүн улуулугуна жараша машакаты жана кыйынчылыгы болгон. Узак жол узун моюн бууларды да, үстүндө бир калыпта чайпалган азиз жолоочуларды да чарчатып эзип

салган. Ошол себептен, Куба айлында он төрт күн туруп калышты. Элдин урмат-сыйын көрүштү. Даңазалуу Куба мечити ошол мезгилде курулду. Мечиттин жерпайын түптөлүп жатканда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) элден калышпай тер төгүп иштеди.

Ошентип, Куба мечити Ислам дини үчүн курулган эң алгачкы мечит болуп калган. Улуу көчтүн кубанычы, ыкластуу сезимдери менен курулгандыктан элдин көңүлүндөгү улуулугу да, маанилүүлүгү да ошого жараша. Куранда бул мечит:

«…(Мединага көчүүнүн) **алгачкы күндөрүндө такыбаалык менен курулган мечит…»** (Тооба сүрөсү, 108-аят) - деп маалымдалган.

«… Ал жерде тазалануну сүйгөн инсандар бар. Алла Таала абдан таза адамдарды сүйөт» (Тооба сүрөсү, 108-аят). Бул аяттын Куба айылынын эли тууралуу түшүрүлгөнүн Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) маалымдаган (Тирмизи, Тафсир, 9/3099; Абу Давуд, Тахарат, 23/44; Ибн Мажа, Тахарат, 357).

Кубага эң алгач көчүп барган мусулмандар Амр бин Авфтын балдарынын курма кургатуучу жайын түздөп, тазалап намаз окуй башташкан. Абу Хузайфа азат кылган Салим аттуу мусулман Куранды мыкты билген жана эрежеси, кырааты менен окуй алгандыктан,

Набавий мечитинде жана Мединадагы тогуз мечитте болгону сыңары, Куба мечитинде да окуу, окутуу, таалим-тарбия иштери жүрүп турган[89]. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) анда-санда Кубага келгенде билим берүү иштеринин жүрүшүн көзөмөлдөп, кеңешин берип турган. Ишемби күндөрү кээде жөө, кээде унаа менен келип, эки ирекет намазды жамаат менен окуп кайткан[90].

Бул куттуу хадис Куба мечитинин канчалык улуу, канчалык касиеттүү мечит экендигин даңазалап турат: «Кимде-ким үйүндө жакшылап даарат алган соң Куба Мечитине барып намаз окуса, ага умранын сообу берилет» (Ибн Мажа, Икама, 197; Насаи, Масажид, 9).

1.16.5 Алгачкы жума намазы

Он төрт күндүк тыныгуудан кийин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) жана мусулмандар Мединага жөнөштү. Жума күнү баары Ранунанын түзөңүнө чогулушту. Жамаат кылка тизилип, Азирети Пайгамбардын имамчылыгы менен алгачкы жума намазын окушту. Намаздан соң Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) элге кайрылуу жасады:

«Оо, калайык!

Ажал жетип келе электе тооба кылып, мүмкүнчүлүк колдо турганда салих амалдарды аткарып калууга умтулгула! Мейли көрсөтпөй бергиле, мейли ачык бергиле, саадаганы арбын берип, туруктуу зикир айтып, Раббиңер менен ортоңорду тыгыздагыла. Мына ушундай кылсаңар ырыскыңар кең болот, Алла Өзү жар болот жана колдон кеткен мүмкүнчүлүктөрдү кайтарган болосуңар.

89. Хамидуллах, Ислам Пейгамбери, II, 771.

90. Бухари, Фазлус-Салат, 3, 4; Муслим, Хаж, 516.

Ушул жылы, ушул айда, ушул жерде Алла Таала силерге кыяматка чейин «жума намазды» парз кылганын жалпыңарга жар саламын! Адилеттүүлүк болсун-болбосун, башыңарда бир имам турганда көзүмдүн тирүүлүгүндө же менден кийин кимде-ким жеңил санап же болбосо бул намазды танып, таштап салса анын жакасы жарыбасын! Алла Таала андайлардын иштерин ийгиликке жеткирбесин! Ал адамдын бүт намазы жарамсыз болот, тооба кылгандар гана жакшылык табышат. .. Кимде-ким тооба кылса, Алла Таала анын тообасын кабыл кылат» (Ибн Мажа, Икама, 78).

«Оо, калайык!

Дениңер сак кезде өз акыретиңердин акыбеттүү болушу үчүн даярдык көргүлө! Баарыңардын башыңарда өлүм бар, ошондо үйүр чабансыз калар. Ошондо Алла Таала ага түздөн-түз тилмечсиз: «-Менин Элчим силерге буйруктарымдан кабардар кылган эмеспи? Мен сага көптөгөн жакшылыктарды, нематтарымды жана мал-мүлк берген элем, а сен өзүң үчүн эмне алып келдиң?» – деп сурайт.

Бул суроону уккандардын баары эки жагына алаңдайт, эч нерсени көрө албайт, алдын карап тозокту көрөт…

Андыктан, кайдыгерликтен ойгонгула! Жарым курма менен болсо да, оттон сактанууга чамасы жете тургандар ошону аткарсын! Жарым курмага күчү жетпегендер жылуу сөз айтып, жакшылыкка аракет кылсын! Анткени бир жакшылыкка он эседен жети жүз эсеге чейин сооп берилет. Силерге Алла Тааланын саламы, мээрими жана берекеси болсун!» (Ибн Хишам, I, 118-119; Байхаки, Далаил, II, 524)

«Алла Таалага чексиз мактоо айтамын жана Андан жардам тилеймин. Напси азгырыгынан, жаман иштерден Алла Өзү сактасын, корголонорубуз жалгыз Алла Таала. Алла Таала туура жолго салган пендени эч ким жолунан чыгаралбайт. Адаштырган болсо, туура жолго эч ким сала албайт.

Алла Тааладан башка сыйына турган кудай жок экендигине күбөлүк этемин. Ал жалгыз, теңдеши жок. Сөздүн эң ыйыгы – Алла Тааланын китеби. Каапырчылыктан кийин жүрөккө Курандын нуру уялап, хидаят насип болгон пенде башка сөздөрдү таштап, Куранды тандаса, ал (тозоктон) кутулат.

Алла Тааланын китеби сөздөрдүн эң көркөмү жана көсөмү болуп саналат.

Алла Таала сүйгөн нерсени сүйгүлө! Алла Тааланын сөзүн окуудан жана Аны зикир кылуудан эрикпегиле. Жүрөгүңөргө Алла Тааланын сөзү тар келбесин! Анткени, ал бүт нерсенин эң пайдалуусун айырмалап тандайт. (Куран) пайгамбарлар, икаялардын изги сабактары жана амалдардын эң кайырдуулары тууралуу кеп салат. Адал менен арамды түшүндүрөт.

Силер Алла Таалага гана ибадат кылгыла жана Ага эч нерсини ортомчу кылбагыла! Ширктен өтө этият болгула! Жакшы иш кылсаңар аны тилиңер кубаттасын! Бири-бириңерге Алла Тааланын сөзү менен сүйгүлө! Алла Таала убадасын бузгандарды азапка саларын билип койгула. Жалпыңыздарга Алла Тааланын саламы-бейпилдиги болсун!» (Байхаки, Далаил, II, 524-525).

Бул кутпалар Ислам дининин ишеним, ибадат, ахлак жана мамиле сыяктуу маселелери менен диндин жалпы корутундусу болуп саналат. Жума намазынын хижрат мезгилинде

парз кылынышы мусулмандардын жамааттын маанилүүлүгүнө жана бул биримдиктин зарылдыгына ишаарат кылат.

1.16.6 Мединадагы салтанаттуу күтүү

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Кубадан жөнөп жатып нажжар уруусундагы таякелерине кабар салдырды. Алар куралданып жетип келишти. Кеп-кеңеш жүргөндөн кийин:

–Коопсуздугуңуз камсыз кылынды, төөңүзгө мине берсеңиз болот, – дешти[91].

Жума намазы аяктаган соң Азирети Пайгамбарыбыз Касва аттуу төөсүнө минип Азирети Абу Бакир баш болгон мусулмандардын коштоосунда Мединага барышты.

Эки ааламдын жарык Күнү, пайгамбарлардын имамы Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) сый көрсөтүүгө дагы да дилгир Куба айлынын калкы анын кетип баратканына капаланып:

– О, Алланын Элчиси! Бизден тажаганыңыз үчүн кетип баратасызбы же биздин үйүбүздөн да жакшы жерге баргыңыз келдиби? – дешет.

–Мага Мединага барууга буйрук кылынды, – деп, Алла Тааланын буйругу менен кетип баратканын түшүндүрүп, меймандостук көрсөткөн мусулмандарга ыраазылыгын билдирди (Диярбекри, I, 339).

Азыр келсе кимибиздин үйүбүзгө конор экен деген ой бардык мединалыктардын көңүлүн бийлеп алды. Баарынын дилинде, меникине консо, кут келер эле го чиркин деген арзуу толкуп турду. Айрымдары каалоосун ачык эле айтып, мен үйүмө алып кетем деп талашкандар болду. Өз ара акыл калчаган соң бул жоругубуз адепсиздик болуп калдыбы деген ойдо жер карап калышты. Ортолук бир заматта тымтырс боло түштү. Баарынын көңүлүндөгү жакшы тилегин сезип турган көсөм Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам):

–Жаныбардын башын бош койгула, жолун бошоткула. Кайсы жерге чөгөрү төөнүн өзүнө билдирилген[92], – деп айтары менен жардап тургандар төөнүн жолун ачышты. Желмаян акырын басып жөнөдү. Эч кимисинин көңүлү да оорубады, шагы да сынбады.

Эки кулач арык моюнун ийреңдетип алга созуп, бир-эки жерге чөгүп, кайра козголуп, тааныш конушту издегенсип, үйлөрдү аралап жүрүп олтуруп акырында Халид бин Зайд Абу Аюб аль-Ансаринин эшик алдына чөктү. Үй ээсинин ошондогу сөз жеткис кубанчын таамай чагылдыруу мүмкүн эмес болсо керек.

– Келиңиз, Алланын ардактуу Элчиси! Сиздин келишиңиз менен үйүбүз кут-берекеге бөлөнөт! – деп, колун көкүрөгүнө алып таазим кыла тосуп алды.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Абу Аюбдун үйүнө бараткан кезде Нажжардан тарагандардын кичинекей кыздары төөнүн алдын тосуп, балалыктын балдай таттуу тили менен:

91. Бухари, Манкыбул-Ансар, 46.
92. Ибн Хишам, II, 112-113.

«Нажжардын урпактары биз болобуз. Азирети Мухаммед менен тууган болуу, аны менен коңшу болуу биз үчүн зор бакыт, айтып болгус шарапат!» деген мааниде кудум бирөөлөр үйрөткөндөй куюлуштуруп ыр ырдашты.

Жан дилге эргүү себелеген кубанычтуу көрүнүшкө көңүлү көлкүгөн Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам):

– Кана айткылачы, мени жакшы көрөсүңөрбү? – деп сурады ууртунан жылмайып.

Баары жабыла:

– Ооба! Сени жакшы көрөбүз оо, Алланын сүйүктүү Элчиси! – дешти.

Аруу сезимдерден төгүлгөн жоопту угуп, алардын кубанчына ортоктош болгон Пайгамбар бир чети жеткинчектердин жал-жал тиктеген күнөөсүз көздөрүнөн уламбы, же жаңыдан жаралып келаткан изги ийгиликтин сүрү бастыбы, үнү бир аз буулгансып:

– Алла Таалам Өзү күбө, мен да силерди жакшы көрөмүн! Ант болсун, мен да силерди сүйөмүн! – деди жүзү күлүндөп (Ибн Мажа, Никах, 21; Диярбекри, I, 341).

Бул көрүнүштү Бара бин Азиб (Алла ага ыраазы болсун) минтип эскерген:

«Мединалыктар Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) келишине сүйүнгөнүнчөлүк башка нерсеге сүйүнгөнүн көргөн эмесмин. Ошол күн бүт Медина шаары шаңга толуп, улуу-кичүү дебей жол боюна тизилип, айрымдары үйлөрүнүн чатырына чыгып алып:

«Алланын Элчиси келди шаарыбызга! О, Мухаммед кош келдиң шаарыбызга!» деп, айлананы жаңыртып кыйкырышкан» (Бухари, Манакибул-Ансар, 45; Муслим, Зухд, 75).

Анас бин Маликтин (Алла ага ыраазы болсун) эскерүүн айта кетели:

«Мен аздыр-көптүр бир өмүрдү жашап, ошол өмүрүмдө Мединага Алланын Элчиси келгендегидей шаңдуулукту, андан өткөн кубанычтуу күндү көргөн эмесмин. Ал келген күнү Медина жарык нурга кадимкидей карк болгон» (Ахмад, III, 122; Тирмизи, Манакиб 1/3618).

Ошентип, Улуу көчтүн жүзөгө ашышы менен пайгамбарлыктын Мекке доору аяктап Медина доору башталды.

1.17 ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.17.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Мушриктердин мусулмандарга карата эмне үчүн байкот жарыялашкан, байкоттун натыйжасы кандай болгон?

2. Эмне себептен улам пайгамбарларга мужиза берилет?

3. Таиф сапарынан кандай сабак алсак болот?

4. Азирети Мухаммед пайгамбар Таифте көргөн кордугуна карабай Таиф калкы үчүн кандай дуба кылган?

5. Биринчи Акаба жолугуушусунун жыйынтыгы кандай болгон?

6. Мираж окуясын Таиф сапарынан кийин болуусун кандай түшүнсөк болот?

7. Мираж окуясынан кийин мушриктердин суроосуна Азирети Абу Бакр эмне деп жооп берген?

8. Мадинада кандай жол аркылкуу Ислам дини жайылган?

9. Экинчи Акаба жолугуушусундагы эң маанилүү кайсы чечим чыгарылган?

10. Эмне үчүн Мадинага он үч жылдан кийин хижрат кылынган?

11. Савр үңкүрүндө Азирети Мухаммед пайгамбарга Алла Таала тарабынан кандай жардам берилген?

12. Жума намазынын Меккеде эмес Мадинада парз кылынуусунун себеби эмне болушу мүмкүн?

13. Эмне үчүн кайгылуу жыл деп аталган?

14. Жиндердин мусулман болуусу туурасында маалымат бергиле?

15. Биринчи Акаба жолугуушусунда Мадиналыктар кайсы убалаларды аткарууга сөз беришкен?

16. Мусаб бин Умайрдын Мадинадагы динди жайылтуусу туурасында маалымат бергиле?

17. Экинчи Акаба жолугуушусунда Мадиналыктар кайсы убалаларды аткарууга сөз беришкен?

18. Мекке доорунун бейнеси туурасында маалымат бергиле?

19. Мушриктердин кутумдук планы туурасында маалымат бергиле?

20. Алгачкы окулган жума намазы туурасында маалымат бергиле?

1.17.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири мушриктердин мусулмандарга карата жарыялаган байкоттордун себептеринен эмес?

А. Азирети Мухаммед пайгамбарды динге чакыруусунан баш тартты-руу.

Б. Мушриктердин мусулман болуусу-на тоскоолдук жаратуу.

В. Мусулмандардын Меккеден чыгып кетүүсүн шарттоо.

Г. Азирети Мухаммед пайгамбарды өлтүрүү жолун издөө.

2. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Мухаммед пайгамбардын Таиф сапарына чыгуусунун себептетиренен эмес?

А. Таиф эли менен саясий келишим түзүү.

Б. Мусулмандардын диний эркиндигин камсыздоо үчүн мекен издөө.

В. Таиф элин ислам чакыруу жана динди жайылтуу.

Г. Мусулмандарга болгон зулумдукту токтотуу.

3. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Мухаммед пайгамбарга мираж окуясында берилген сүйүнчү белектерден болуп саналбайт?

А. Беш убак намаздын парз кылынуусу.

Б. Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятынын берилүүсү.

В. Алла Таалага шерик кошпогон мусулмандардын күнөөлөрүнүн кечирилүүсү.

Г. Пайгамбарыбыздын уруксаты болбой башка пайгамбарлардын бейишке кире албоосу.

4. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири биринчи Акабе келишиминде берилген убадалардан болуп эсептелбейт?

А. Мунафыктар менен убактылуу ынтымакта болуу.

Б. Эч кимге жалган жалаа жаппоо.

В. Уурулук кылбоо.

Г. Кыздарын тирүүлөй көмүү үйүтүн таштоо.

5. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Мухаммед пайгамбардын экинчи Акабе келишиминде Мадиналыктардан кылган талаптарынан болуп саналбайт?

А. Эски ишенимдерине кайра кайтпоо.

Б. Өздөрүнүн жандарыны жана байлыктарыны коргогону сыяктуу Азирети Мухаммед пайгамбардын да жанын коргоо.

В. Кубанычта болсун, кайгыда болсун, молчулукта болсун, токчулукта болсун Алланын Элчисине моюн сунуу.

Г. Мадинадагы мусулмандардын кала турган жерин жана азык-түлүгүн камсыздоо.

6. Мадинага хижрат кылаар астында Каабага барып эки ирекет намаз кылып, мушриктерге: Мына, мен Мединага кетип жатам! Кимде-ким аялын жесир, балдарын жетим калтырып, өз энесин ыйлаткысы келсе, артымдан келсин, мына бул дөңдүн артынан кездешебиз! Деп айткан сахаба ким болгон?

А. Азирети Али.

Б. Азирети Хамза

В. Азирети Умар

Г. Азирети Осмон.

7. Кайсы мечит эң алгачкылардан болуп курулган?

А. Набави мечити

Б. Куба мечити

В. Фатих мечити

Г. Сулайманийе мечити

8. Азирети Мухаммед пайгамбар кайсы сахаба менен Меккеден Мадинага хижрат кылган?

А. Азирети Али.

Б. Азирети Осмон.

В. Азирети Абу Бакир.

Г. Азирети Умар.

9. Мадиналыктарга Куранды, Ислам динин жана намаз окуганды үйрөтө турган мугалим болуп кайсы сахаба дайындалган?

А. Азирети Умар.

Б. Азирети Мусаб бин Умайр

В. Азирети Али.

Г. Азирети Абу Бакир.

10. Мираж окуясы кайсы сүрөнүн канчанчы аятында баяндалат?

А. Бакара сүрөсүнүн 5-аятында.

Б. Исра сүрөсүнүн 1-аятында.

В. Фил сүрөсүнүн 2-аятында.

Г. Курайш сүрөсүнүн 1-аятында.

لا إله إلا الله محمد رسول الله

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ



ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **ХИЖРАТТЫН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ**
- **ХИЖРАТТЫН ЭКИНЧИ ЖЫЛЫ**

1.18 ХИЖРАТТЫН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

1.18.1 Алланын Элчиси Медина шаарында

Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбыздын Медина шаарына келиши менен Ислам үчүн да, мусулмандар үчүн да жаңыча жашоо жана жаңы тарыхый доор башталды.

Ырас, азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединага кайырчы болуп барган эмес. Тескерисинче, ал жаңы жашоонун негиздөөчүсү, улуу жол башчысы жана жаңы Ислам мамлекетинин ажосу болуп барды. Анын Мединага келиши жалпы момун-мусулмандар үчүн Ислам менен ээн-эркин жашоо жагынан да, динди элге жеткизүү жагынан да зор мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) «Набави мечити» курулуп бүткөнгө чейин азирети Абу Аюб аль-Ансаринин (радияллааху анху) үйүндө жети ай конок болду. Азирети Абу Аюб аль-Ансаринин үйүндөгү бул меймандостуктун тээ кылымдарга барып такалган өзүнчө тарыхы бар эле.

1.18.2 Меймандос Абу Аюб аль-Ансари (радияллааху анху)

Абу Аюб аль-Ансари (радияллааху анху) Пайгамбарлар Төрөсүн (саллаллаху алейхи ва саллам) куттуу үйүндө жети ай коноктоо бактысына туш болгон улуу сахаба. Ал Алланын Элчисинен үйүнүн үстүнкү кабатында жашашын канча өтүнсө да Пайгамбарыбыз:

- Ээ, Абу Аюб! Биз үчүн төмөнкү кабат алда канча ылайыктуу! - деп төмөнкү кабатта жашады.

Азирети Абу Аюб (Алла ага ыраазы болсун!) кут коногу Алланын Элчисине болгон урмат-сыйын көрсөтүп, кызматын жан дилден сүйүп аткарды. Ошентип, Абу Аюб үй-бүлөсү менен үйдүн үстүнкү кабатында Пайгамбарыбыз жаткан жерге туш жатып калбоолору үчүн дубалдын түбүнө кырка тизилип алып укташар эле. Бул алардын Алланын Элчисине бапестеген аруу сүйүүлөрү, урмат-сыйы эле.

Күндөрдүн биринде Абу Аюбдун чоподон жасалган карапасы сынып, андагы суу жерге жайылды. Кут мейманга суу тамчылап, анын тынчын алуусунан кыжалат болгон Абу Аюб ошол замат баягы жерди жалгыз жуурканы менен кургактап кирди. Таң сөгүлүп, жерге жарык түштү. Азирети Абу Аюб (Алла ага ыраазы болсун!) Алланын Элчисинен (саллаллаху алейхи ва саллам) дагы бир жолу үстүнкү кабатка жайгашуусун суранды. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам):

- Төмөнкү кабат мен үчүн алда канча ылайыктуу! - десе да, азирети Абу Аюб (Алла ага ыраазы болсун!):

- Сиз төмөнкү кабатта турган чакта биз экинчи кабатка чыкпайбыз! - деп көшөрүп туруп алды. Ошентип, Пайгамбарыбыз азирети Абу Аюбдун көңүлүн кыя албай экинчи кабатка жайгашты.[93]

Азирети Абу Аюб аль-Ансари үй-бүлөсү менен эң даамдуу тамак-аштарын жасап, Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи ва саллам) колунан келишинче коноктой турган. Алар Алланын Элчисинен (саллаллаху алейхи ва саллам) калган тамактарды эч калтырышчу эмес эле. Себеби Пайгамбарыбыздан арткан тамакты таберик деп билишкен.[94]

Азирети Абу Аюбдун Пайгамбарыбызга болгон аруу сүйүүсү, урмат-сыйы өтө терең эле. Ал Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам):

- Стамбул сөзсүз түрдө мусулмандардын колуна өтөт! Аны колго алган кол башчы кандай гана бактылуу кол башчы! Аны колго алган кошуун кандай гана бактылуу кошуун! (Ахмед, IV, 335; Хаким, IV, 468/8300) - деген куш кабарына туш болуу үчүн жашы сексенден өтүп калса да, эки жолу Стамбул шаарына болгон жүрүшкө катышты. Акыры ушул улуу жолдо жан берди. Ал көз жумаардан мурда мындан кийин дагы Стамбулду курчоого ала турган Ислам жоокерлерине куттуу денеси менен да болсо жол көргөзүү үчүн жанындагы жоокерлерге:

- Сөөгүмдү бутуңар баскан эң акыркы жерге койгула![95] – деп осуятын айтып кетти!

1.18.3 Мухажирлер менен ансарлардын боордоштугу

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Исламды жайылтуу озуйпасын аракалагандан тарта ыйманга келген адамдар кайсы элден, рассадан же уруудан болбосун, бардыгын бирдей кабыл алып, алардын баарын «мусулман бир туугандар» - деп жарыялаган. Кээ бири улуу көчтөн оболу, кээ бири андан кийин «бир тууган болдук» - дешип ант беришкен. Мекке шаарындагы ант Курайш уруусунан Исламды кабыл алган мусулмандар менен кулдуктан эркиндикке чыккан мусулмандардын ортосунда болгон. Мисалы, азирети Зайд бин Харис менен Азирети Хамза, Абу Хузайфанын азаттыкка чыккан кулу азирети Салим менен азирети Абу Убайда бин Жаррах, азирети Билал Хабаши менен азирети Убайда бин Харис «бир тууган» - деп жар салынган эле.[96]

Меккелик мусулмандар Медина шаарына келген күнү эле ансарлар аларды үйлөрүнө алып барып, колдорунан келген сый-урматын көрсөтүү үчүн ортолорунда талаш чыккан эле. Акырында меймандарды чучукулакка алуу зарылчылыгы туулган болучу.[97]

93. Муслим, Ашриба, 171; Ибн Хишам, II, 116
94. Муслим, Ашриба, 170-171; Ибн Хишам, II, 116
95. Ибн Саад, III, 484-485.
96. Ибн Саййидиннас, I, 321;Ибн Хабиб, 70-б.; Ибн Абдилбер, ад-Дурар, 90-б.
97. Бухарий, Жанаиз, 3; Манакибуль-Ансар, 46.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединага келгенден беш ай өткөн соң бу сапар мухажирлер менен ансарларды эки-экиден «бир тууган» - деп жар салды. Бул антташуу азирети Анас бин Маликтин үйүндө болду.[98]

Ошентип, мухажирлер ансар бир туугандарынын үйлөрүндө жашап калышат. Бир туугандык антка бекем турган кутман сахабалар бирге иштеп, тапкан нанын тең бөлүшүп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып ынтымактуу жашай башташат. Ансарлар ашыкча жерлерин Пайгамбарыбызга бөлүп беришет. Ал эми Алланын Элчиси өзүнө берилген жерлерди мухажирлерге бөлүштүрүп берет. Ансарлар муну менен гана чектелип калбастан берешендиктин үлгүсүн көрсөтүп:

- О, Алланын Элчиси! Курма багыбыздан дагы мухажир бир туугандарыбызга бөлүп берсеңиз кандай болот? -деп сунуш киргизишет.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам):

- Жок, андай болбойт -деп алардын бул сунушун кабыл албаган соң ансарлар мухажирлерге:

- Андай болсо, курма бакты кароо, сугаруу иши силерге жүктөлсүн. Кийин түшүмүн бөлүшөлү - дешет. Азирети Пайгамбарыбыз бул сунушту ылайык көрөт. Эки тарап бир ооздон:

- Уктук жана моюн сундук! – дешет (Бухарий, Харис, 5).

Бул антташуу бүт нерсесин Меккеде таштап Мединага көчүп барган мусулмандардын жана аларды кучак жая тосуп алган ансарлардын бири-бирине материалдык жана моралдык жактан жардам көрсөтүүлөрүнө багытталган эле. Ансарлар Ислам дини үчүн туулуп өскөн алтын топурагынан көчүп кетүүгө мажбур болгон мухажирлердин кайгы-муңун тең бөлүшүп, аларга колдорунан келишинче жардам берип, мусулмандардын ортосундагы биримдикти, ынтымактыкты бекемдөөгө аракет кылышкан эле.

Азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) Медина шаарында Ислам мамлекетинин пайдубалын түптөп жаткан эле. Ислам мамлекетин түптөө үчүн эң алгач коомго биримдикти, ынтымактыкты жана тынчтыкты орнотуу керек эле. Анткени коомдо чогуу иш алып барууну, чогуу иштешүүнү эң мыкты деңгээлде камсыздоо үчүн адамдардын бири-бирине болгон урмат-сыйы, боордоштугу, ынтымак-ырашкерлиги жана биримдиги талап кылынат. Мына ошондуктан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) аркылуу бекитилген ансарлар менен мухажирлердин ортосундагы бул бир туугандык адамзат тарыхы эзели күбө болбогон коомдун түзүлүшүндө эң маанилүү себеп болгон.

1.18.4 Мухажирлер менен ансарлардын артыкчылыгы

«Киндик кан тамган алтын топурагынан башка чөлкөмгө көчүп барган» - деген маанидеги «мухажир» сөзү жан чыдагыс зордук-зомбулуктун айынан Мекке шаарынан Медина шаарына көчүп барган мусулмандарга карата айтылат.

98. Бухарий, Адаб, 67.

Мухажирлер өздөрү менен кошо алып келген анча-мынча гана мал-мүлктөрү болбосо, негизинен мал-мүлктөрүнүн баары Меккеде калган эле. Бутпарастар мусулмандардан калган мал-дүйнөлөрдү талап-тоноп алышкан эле. Меккедеги мусулмандардан бай адамдар көп болгон. Бирок мусулмандар мал-дүнүйө, байлык, мансап деген нерселердин болгону бул дүйнөгө гана таандык болгондугун астейдил аңдап-түшүнгөндүктөн ыйманга келгенине эч качан өкүнүшкөн эмес. Анткени ыйман тартуулаган теңдешсиз ырахат дүйнөнүн миң түркүн лаззаттарынан алда канча жогору тургандыгын алар жакшы түшүнүшкөн. Мына ошондуктан алар Улуу Жараткан Алла Тааланын жолуна бүт дүнүйө-мүлкүн, ал тургай жанын берүүгө да ар дайым даяр турушкан.

Мухажирлер минтип ыйманга жуурулуп, далай зордук-зомбулукту баштан кечирип Мединага көчүп баруу аракетин көрүп жаткан учурда Мединалык мусулмандар алардын мындай баа жеткис каармандыктарына жараша кучак жая жылуу тосуп алууга даярдык көрүп жатышкан эле. Мусулман боордоштору келген соң ансарлар бүт мал-мүлкүн жан дилден ыраазы болуп бөлүшүүгө белен тургандыктарын билдирип, дароо мал-дүйнөсүн тең бөлүшүүгө киришет. Ансар боордошторуна ашыкча жүк болууну каалабаган кээ бир мухажирлер ансарлар берген дүнүйө-мүлктү алгысы келбей, алардын курма бакчаларында иштеп, өздөрүнүн маңдай тери менен күн өткөрө башташат. Кээ бири соода-сатык менен алек болушат.

Вахийдин алгачкы угуучулары болгон, бардык оор кыйынчылыктарга карабастан Алланын Элчисине ыйман келтирген, мына ушул улуу жолдо машаккаттар күч алгандан күч алып, акырында дем алууга да оор болуп калган кезде аргасыздан киндик каны тамган ата журттарынан журт которгон мухажирлер Алла Тааланын алкышына алынган. Анткени алар улуу ишенимдери үчүн, Ислам менен жашоо үчүн бүт дүнүйө-мүлкүнөн кечип койгон аруу заттар эле. Мухажирлер мына ушундай кадамдары менен Исламга берилгендиктерин көрсөтүү менен бирге Алла Тааланын буйругун да аткарып жатышкан эле.

Алла Таала Куранда мухажирлер жөнүндө мындай дейт:

«...Демек, киндик кан тамган мекенинен көчүп чыккан, ата-журтунан куулган, Менин жолумда азап чеккен, (Алла Таала үчүн) согушка барган жана (ушул жолдо) жан бергендердин күнөөлөрүн сөзсүз түрдө кечирем. Алла Таала тарабынан аларга сооп-сыйлык катары астынан дайралар агып турган бакчаларга киргизилет. Сыйлыктын эң жакшысы – бул, Алланын алдындагы (сыйлык)!» (Аали Имран сүрөсү, 195-аят).

Меккеден Ислам үчүн кордолуп көчүп келген мухажирлерди кучак жая тосуп, берешендигин көрсөтүп бүт байлыгын алар менен тең бөлүшкөн, Алла Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) арка-жөлөк болгон Мединалык мусулмандар «ансарлар» (жардам көргөзгөндөр) - деп айтылат.

Ансарлар «Авс» жана «Хазраж» - деген эки бир тууган арап уруусунан болушкан. Пайгамбарыбыз Медина шаарына келгенге чейин бул эки уруунун мамилелери өтө начар болгон. Алла Элчисинин пайгамбарлыгынын он биринчи жылы Хазраж уруусунан алты киши Меккеге Курайштан Авс уруусуна каршы жардам сурап келишкен эле. Алар Мекке шаарында Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) менен жолугушат. Пайгамбарыбыз аларга Ислам жөнүндө айтып берет. Алар ошол жерден ыйман келтирип

мусулман болушат. Ошентип, узак жылдар бою созулуп келген араздашуулардын, чыр-чатактардын ордуна Исламдын тынчтыгы, бейпилдиги, биримдиги жана ынтымагы орнойт. Эки бир тууган уруу ынтымакка келип, пайгамбарлыктын он экинчи жана он үчүнчү жылдары Мекке шаарына ишенимдүү өкүлдөрүн жөнөтүшөт. Алар Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) менен кезигип, «Акаба» - деген жерде биринчи жана экинчи биатын бекитишет.

Азирети Пайгамбарыбыз Медина шаарына келген кезде мухажирлер:

- О, Алланын Элчиси! Ушул (Мединанын) эли сыяктуу берешен, жакшылык иштерди жанындай жакшы көргөн башка элди көргөн жокпуз. Мал-мүлкү көп бардар адамдары бизге байлыгына жараша берип, ал эми кедейлери болсо колдорунан келишинче жардамын көргөзүп жатышат. Бардык кем-карчыбызды толуктап, бизге мал-дүйнөлөрүнүн тең жарымын бөлүп берип салышты. Ошондуктан алар сооптун баарын алып жатышат - деген ойлорун билдиришет.

Анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мухажир сахабаларына мындай деп жооп берет:

- Жок, силер да алар үчүн Алла Таалага алакан жайып дуба кылгандыгыңар жана аларга көргөзгөн урмат-сыйыңар менен аларды мактап, алкаган сайын (көптөгөн соопторго ээ болосуңар) (Тирмизи, Кыямат, 44/2487).

Ансарлар ошентип Мединага кут төгүп кирип келген Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) жана мухажирлерге көргөзгөн сый-урматтарынын акыбетинде бейишке, эң негизгиси Алла Тааланын ыраазылыгына ээ боло алышты.

Куран аяттарынын биринде мындай делет:

«(Ислам динин биринчилерден болуп кабыл алган) мухажирлерге жана ансарларга, ошондой эле аларды толук ээрчигендерге Алла Таала ыраазы болду жана алар дагы Ага ыраазы болду! (Алла Таала) алар үчүн түбөлүк жай болуучу жана алдынан дайралар агып туруучу бейиштерди даярдап койду. Мына ушул (тозок отунан) кутулуунун дал өзү!» (Тооба сүрөсү, 100-аят).

Ансарлар Исламды жана Азирети Пайгамбарыбызды коргоо үчүн жанын да аяшкан эмес. Алар Бадр согушунда бүт күчүн жумшап, жан аябастан салгылашкан. Ухуд согушунда да каапырлар мусулмандарга арка тараптан чабуул койгон кезде Пайгамбарыбызды жарыкты айланчыктап учкан көпөлөк сымал айланып жан аябай коргоого жан далбас ургандардын көпчүлүгү ошол ансарлардан эле. Алар ошол жерде да Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) жүрөктөрүнүн түпкүрүнөн сызылып агып чыккан аруу сүйүүлөрүн, чыныгы күйүмдүүлүктөрүн дагы бир жолу даңазалай алышкан.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) ансар, мухажир дебестен, бардык сахабаларын бирдей жакшы көргөн. Анын сүйүүсү учу-кыйыры көзгө илешпеген океан сыяктуу эле, сахабалардын ар бири өзүн Алланын Элчиси бардыгынан жакшы көрөөрүн ойлогон.

Сахабалар Алланын сүйүүсүнө жуурулган бекем ыйманы менен адал жолдо адал өмүр сүрүшкөн. Алар ыймандын сөз менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон ырахаты менен бул

дүйнөнүн жакшылыктарын чыныгы түбөлүк бакытка жетүү үчүн «көпүрө» катары гана пайдаланышкан. Алар Алла Тааланын ыраазылыгына жетүү үчүн гана өмүр сүрүүгө бүт күчүн жумшашкан. Албетте, ар кандай зордук-зомбулуктарга дуушар болгон, өз жерлеринен куугунтукталып, таланып-тонолгон коомдорго Ислам дининин таң шоокуму сыяктуу өтө тездик менен жайылуусунун эң негизги себептеринин бири – бул, кутман сахабалардын кай жерде болбосун, өздөрүн чыныгы мусулман катары көрсөтө алышкандыгы болуп эсептелет. Анткени Алла Элчисинин таалим-тарбиясын көргөн кутман сахабалар адамзатына боорукер сезим менен мамиле жасашкан.

1.18.5 Пайгамбардын шаары - Медина

Медина - үч тарабы тоо кыркалары менен тосулган далай кылымдарды артка таштаган ыйык шаар. Курма багы менен алыска атагы чыккан бак-дарактуу шаар.

Азирети Пайгамбарыбыз көчүп келгенде Мединада «Авс» жана «Хазраж» - деген эки арап уруусу жана «Кайнука», «Надир» жана «Курайза» - деген жөөт уруулары жашап турган. Арап уруулары бул жерге «Сайлуль-арим»- деген тилсиз душмандардын т.а., селдин айынан Йемен аймагынан, ал эми жөөттөр болсо Римдиктердин кордугун көрүп, таланып-тонолуп, куугунтукталып, Иерусалим шаарынан көчүп келишкен.

Бир топ убакыт өткөн соң араптар менен жөөттөрдүн ортосунда чоң кагылышуу болот. Араптар жөөттөрдү жеңип, Медина шаарында өкүм жүргүзүп калышкан. Убакыттын өтүшү менен жөөттөрдүн бул эки арап уруусунун ортосуна от жагып, ортодогу ынтымак-ыркын кетирип, бири-бирине душман кылып коюшкан. Ошентип эки арап уруусу узак жылдар бою душман бойдон жашап келишкен. Ошол араптардын ортосундагы эң акыркы кагылышуу «Буас согушу» болгон. Ал жүз жыйырма жылга созулуп, Улуу көчкө чейин болжол менен беш жыл илгери токтогон. Буас согушунда эки тарап тең чоң жоготууларга учураган. Ошентип көксөгөн максаттарына жетип, чырагына май таамп турган жөөттөр Пайгамбарыбыз Мединага көчүп келген кезде жашоо-турмушу жагынан араптарга салыштырмалуу алда канча жогору болуп, Мединаны айрыкча экономикалык жактан бийлеп турушкан.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединага келгенден кийин Алла Тааланын ырайымы менен мына ушул эки арап уруусунун ортосундагы кастык жоюлду.

Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

«Баарыңар Алланын жибин (Ислам динин) бекем кармангыла, бөлүнүп жарылбагыла! Силер бири-бириңе душман болуп турган учурда жүрөгүңөрдү бири-бирине жакындаткан (Алланын) жакшылыгы менен бир тууган болгонуңарды эстегиле! Тозоктун кырында турган кезиңерде Ал (Алла Таала) силерди андан куткарды. Силер туура жолго түшүшүңөр үчүн Алла Таала өз аяттарын ушинтип баян кылат» (Аали Имран сүрөсү, 103).

Хижраттан кийин Меккелик бутпарастар мусулмандардын Медина шаарында күч-кубатка толуп кетпеши үчүн Мединалык бутпарастарга жана жөөттөргө бир жагынан коркутуп, бир жагынан тукуруу үчүн кат жөнөтүшкөн эле. Бул кат Абдуллах бин Убайга жана Авс менен Хазраждын бутпарастарына келген эле:

«Силер биздин адамыбызга баш калкалап жатасыңар. Же Аны өлтүрөсүңөр же болбосо, ал жерден кууп чыгасыңар! Жок, антпейбиз десеңер, бүт арап уруулары менен барып, эр жүрөк баатырларыңар менен кошо башыңарды алып, аялдарыңардын намысына шек келтиребиз!»

Ошентип, үрөйдү учурган мындай суук кабар Абдуллах бин Убайды, Медина шаарынын бутпарастарын азирети Пайгамбарыбыз менен согушуу үчүн бир жерге топтойт. Бул кабар Пайгамбарыбызга да жетти. Пайгамбарыбыз дароо каапырлар топтолгон жерге барып:

- Курайш уруусунун коркутуусу силерге катуу таасир эткен экен. Алардан келе турган зыяндан, биз менен согушуунун натыйжасында силердин башыңарга келе турган зыян өтө чоң! Демек, силер өз уул-кыздарыңар, бир туугандарыңар менен согушуп, аларды өлтүргүңөр келип жатабы?! - дейт. Акыры алар Пайгамбарыбыздын сөзүнө муюп, тарап кетишет (Абу Давуд, Хараж, 22-23/3004; Абдурраззак, V, 358-359).

Ошентип, Меккелик бутпарастардын бул кадамы натыйжасыз болуп чыккан курайш уруусу Мединага жүрүш жасап, ал жердеги мусулман, бутпарас, жөөт дебей бардык адамдарды жер менен жексен кылууга бел байлайт. Медина шаарынын бардык тургундарына тиешелүү бул коркунуч жеке эле мусулмандардын эмес, Мединалыктардын да азирети Пайгамбарыбызга келип, Анын байрагынын алдында топтолууларына себепкер болду.

Анын үстүнө Пайгамбарыбыз келген күндөн тарта авс, хазраж жана жөөт урууларынын ар бири Алла Элчисинин Мединада жалгыз башчы болуусун тилек кылып келишкен. Алсак, хазраж уруусу өздөрүнүн башчысы Абдуллах бин Убайды Мединага хан көтөрүү үчүн дарданып жатышкан эле. Бирок авс уруусу да, хазраж уруусу да Мединага өз урууларынан хан шайланышын каалаган эмес. Ошондуктан Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) дайындалышына бүтүндөй Медина эли ыраазы болгон.

Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединанын жоопкерчилигин мойнуна алат. Ансар-Мухажирлердин бир тууган болушу менен мусулмандардын ортосундагы биримдикти сактаган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) убакытты өткөзбөй Мединада жашаган жөөттөрдү жазуу түрүндө мекендеш катары кабыл алды. Андан соң Медина шаарынын баш мыйзамы иретинде бир катар эреже-мыйзамдарды жаздырды. Бул китепче «Мединанын баш мыйзамы» - деп аталып калды. Ислам Мамлекетинин расмий эреже-мыйзамдарын камтыган бул мыйзамдын мазмуну төмөнкүчө эле:

«Бисмиллахир-Рахманир-Рахиим.

Курайш уруусундагы жана Ясрибдик (Мединалык) момун-мусулмандар

менен бирге өз каалоолору менен жихадка чыккандар бир жамаат.

2. Бузукулук жана зөөкүрлүк жок. Такыба мусулмандар бузукулукка барган, зулумдук кылууну жана бирөөнүн акысын тепсөөнү көздөгөн, күнөө кылган, душмандык кылган жана мусулмандардын арасына от жаккан адамдарга бардыгы бирге - ал адам эгер өз баласы болсо да - каршы чыгат.

3. Коомдо адам өлтүрүүгө кылмышына жол берилбейт. Эгер кан төгүлө турган болсо, ошонун кунун мухажирлер менен Мединадагы ар бир үй-бүлө бөлүшүп, салт боюнча төлөп беришет. Ар бир тайпа кол алдындагы туткундардан азаттыгы үчүн алган акчаларды да (мусулмандарга белгилүү эрежелердин негизинде)- бирге төлөшөт.

4. Момун-мусулмандар карызга белчеден баткан жана көп балалуу үй-бүлөлөргө жардам иретинде акчалай же кундун акчасын (өз араларындагы адилеттүү эреже-тартиптердин негизинде) төлөп беришет.

5. Мединанын ичинде жана тыш жакасында коопсуздук сакталат. Мединадан чыккан адам да, Мединада жашаган адам да коопсуздукта болот. Зулумдук кылган, күнөө жасаган адам бул эрежеден алыс болот.

6. Жөөттөргө дин маселесинде кысым болбойт. Жөөттөр да, мусулмандар да өз диндеринде ээн-эркин болушат. Бизге келген жөөттөр эч бир зулумдук көрбөстөн жана алардын зыянына кандайдыр бир өкүм чыгарылбастан, тескерисинче, аларга жардам көрсөтүлөт. Кандайдыр бир согуш чыгып калса, ар бир тайпа бири-бирине жөлөк-таяк болушат. Жөөттөр момундар менен чогуу душмандарга каршы согуш бүткөнгө чейин бирге болушат. Согушка керектүү курал-жарактарды камсыз кылууга алар да өз салымдарын кошушат.

7. Эки тарап тең бутпарастарга баш калкалабайт. Курайш уруусу да, аларга жардам бергендер да эч кандай коргоого алынбайт.

8. Мединада согушууга тыюу салынат. Ясриб (Медина) шаарынын ичи бул адамдар үчүн харам (кол тийбестик) аймак. Сырттан кол салуу болуп калса, бул жердеги адамдар өз мекендерин коргошот. Биринчи тарап түзгөн тынчтык келишимин экинчи тарап да кабыл алат. (Согуш учурунда) жөөттөрдүн чыгашалары өздөрүнөн, мусулмандардын чыгашалары дагы өздөрүнөн болот. Алар (жөөттөр) бул тайпадагы адамдарга (Мединалыктарга) каршы согушка чыккан адамдарга каршы бири-бирине жардам беришет. Бири-бирине карамүртөз, жамандык ойлоонун ордуна бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, биримдикте жана ынтымакта болуулары кажет. Эки тарап тең (мусулмандар жана жөөттөр) бири-бирине чыккынчылык кылбайт. Зулумдук көргөн адамга сөзсүз түрдө жардам көрсөтүлөт.

9. Кандайдыр бир маселе боюнча карама-каршылык чыкса, анда бул маселе Алланын Элчисине билдирилет. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) чыгарган өкүм жүзөгө ашырылат.

10. Алла Тааланын убадасы менен кепилдиги бирдей. Мусулмандар башка адамдардан айырмаланып бири-биринин түбөлүк жан досу.

11. Алардан (жөөттөрдөн) эч ким Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) урусатысыз аскердик кошуунга кошула албайт.

Шек-күмөнсүз, Алла Таала бу тайпадагыларга жоопкерсиздиктен алыс болгон, туура, түз жүргөн адамга ыраазы болот. Бул жазуу кайсы бир заалымды же күнөөкөрдү жазалоого тоскоол болбойт. Алла Таала жакшылык жасаган жана жамандыктан алыс жүргөн адамдарды ар качан коргойт. Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам)- Алланын Элчиси!»
(Ибн Хишам, II, 119-123; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 263-264; Хамидуллах, аль-Васаик, 57-64).

Бул келишим «Исламдын коомдук турмушка эч кандай тиешеси жок, жөн гана ибадаттары бар дин»- деген сыяктуу түшүнүктөрдү ачык-айкын түрдө четке каккан эң сонун жооп.

Мединанын баш мыйзамы – бул, саясий, экономикалык, коомдук жана диний маңызы бар ар тараптуу мүнөзгө ээ мыйзам болгон. Мында мусулмандардын биримдигин камсыз кылуучу жападан жалгыз соолугус булак – бул Ислам болгондугу, ошондой эле алар ар дайым бири-бирине жардам берүүлөрү, жөлөк-таяк болуулары зарыл экендиги, адилеттүүлүктү туу тутууну, тең укуктуулукту сактоо жана кандайдыр бир талаш-тартыш болгон кезде Алла жана Анын Элчисине кайрылуу керек экендиги баса белгиленген.

Бул келишимде жөөттөрдүн мал-мүлк жана дин эркиндигине ээ болушу Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) алар менен болгон мамилесиндеги теңдешсиз адилеттүлүктүн үлгүсүн айдан ачык көрсөтүп турат. Эгерде жөөттөр өздөрү бу келишимди бузуп, мусулмандарга чыккынчылык кылышпаганда, шек-күмөнсүз, мусулмандар менен бирге тынч, бейпил жашай беришмек.

1.18.6 Масжидун-Наби – Бакыт жайынын курулушу

Мусулмандар жаңы көчүп келген кезде Медина шаарында бир да мечит жок болгон. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) намаз убактысы келгенде кай жерде болсо, ошол жерде намаз окуй турган. Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Кубадан кийин эле экинчи мечитти тургузат. Бул мечит - бүгүнкү Медина шаарында жайгашкан Набави мечити.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) төөсү Касва менен Медина шаарына кирип келген соң Нажжар уулдарынын үйүнүн тушуна жеткенде төөсү жерге чөккөн эле. Бул жер ал учурда Нажжар уулдарынан Сахл жана Сухайл деген эки жетим балага таандык курма кургатуучу жер болгон. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) төөдөн түшүп:

- Иншааллах (Кудай буюрса) мечит ушул жерде болот – дейт да, сөзүн улап:

- Бул жер кимдики? - деп сурайт. Азирети Муаз бин Афра (Алла ага ыраазы болсун!):

- О, Алланын Элчиси! Амрдын уулдары, Сахл менен Сухайлдыкы! - деп жооп берет. Пайгамбарыбыз Сахл менен Сухайлды чакыртып, бул жерди сатып ала турганын билдирет:

- Бул жерди канчага баалайсыңар?- дейт. Экөө:

- Жок, о, Алланын Элчиси! Биз бул жерди сага (сатпайбыз,) белекке тартуу кылабыз! Валлахи, биз бул жердин акысын Алла Тааладан башка эч кимден каалабайбыз! - деп сөздөрүнөн кайтпай туруп алышат.

Ошентсе да, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) алардын бул жерди белек катары тартуу кылышына көңүлү ыраазы болбой, акысын берип сатып алат (Бухарий, Манакибуль-Ансар, 45, Солаат, 48; Муслим, Масажид, 9).

Бул жерде бутпарастардан калган көрүстөн, өйдө-ылдый жерлер, курма дарактары да бар болучу. Алла Элчисинин буйругу менен бутпарастардын көрүстөндөрү башка тарапка



көчүрүлүп, оюк-дөмпөк жерлер түздөлүп, курма дарактары кыйылат.[99] Андан соң сахабалар кыш даярдоого өтүшөт. [100]

Мечиттин курулушунда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)

да сахабалары менен бирге кыш ташып жүргөн.

Топурак ташып жүргөн адам азирети Пайгамбарыбыздын алдынан чыгып:

- О, Алланын Элчиси! Уруксат бериңиз, колуңуздагы кышты мен алып барып коеюн - дейт. Анда Алланын Элчиси (алейхис-солаату вас-салаам) ага:

- Сен башка кышты көтөрүп кел! Анткени сен мага караганда Алла Таалага көбүрөөк муктаж эмессиң – деп жооп берет (Самхуди, I, 333).

Ошентип, Пайгамбарыбыз бир жагынан руханий жоопкерчилигин орундатып, бир жагынан мусулмандардын демине дем кошуп өзү кошо иштеп жаткан эле. Ошол учурда сахабалардын арасынан бирөө:

Аталган мечит курулуп жаткан кезде «Хадрамавт» - деген жерден кыш жасоо боюнча уста адам келет. Алланын Элчиси ал адамга:

- Ишинин көзүн билген, ишин мыкты жасаган адамга Алла Таала өз ырайымын төксүн! Сен бул ишиңди уланта бер - дейт (Самхуди, I, 333; Диярбекри, I, 344).

Сахабалар төө кыштарды бирден ташып жүрсө, Аммар бин Ясир (Алла ага ыраазы болсун!) бирөөсүн өзү үчүн, экинчисин Алланын Элчиси үчүн - деп экиден ташып жүргөн эле. Алланын Элчиси Аммарды көрүп, боорундагы чаңын күүп:

- Эй, Аммар! Сен эмне үчүн кыштарды экиден ташып жүрөсүң? - деп сурайт. Ал:

- Мунун сыйлыгын Алла Тааладан күтөм!- деп жооп берет.

Анда Пайгамбарыбыз Аммардын аркасынан сылап:

99. Муслим, Масажид, 9.
100. Ибн Саад, I, 239.

- Ээ, Сумаййанын уулу! Тиги адамдар үчүн бир сыйлык, сен үчүн эки сыйлык бар – деп алкаган экен (Ахмед, III, 91;Ибн Касир, аль-Бидая, III, 256).

Набави мечитинин курулушунда эркектер гана эмес, аялдар да иштешкен. Буга азирети Абдуллах бин Авфанын төмөндөгү сөздөрү күбө:

«Азирети Абдуллах бин Авфа (Алла ага ыраазы болсун!) аялы көз жумган кезде элге кайрылды:

- Анын табытын көтөргүлө, болгондо да жан дилиңер менен көтөргүлө! Анткени ал күң аялдар менен бирге Набави мечитинин таштарын түнүчүндө ташыган. Биз (эркектер) болсо, күндүзү кыштарды экиден ташычубуз» (Хайсами, I, 10).

Пайгамбарыбыздын мечити төрт бурчтуу, узуну болжол менен жүз зира[101] бийиктиги үч зиралуу таштан, өйдө жагы кыш менен жабдылып беш же жети зира болгон.[102] Курулушта ылай негизги курулуш каражаты катары колдонулган.[103] Мечиттин кыбыла тарабына тирөөч катары курма багынын устундары тургузулган. Шыбы курма бутактарынан болгон.[104] Бир михрабы, үч эшиги болгон. Михрабы Байтул-Макдис (Иерусалимдеги Акса мечити) тарапты карап турган. Кыбыла, Байтул-Макдистен Каабага айланган кезде Азирети Пайгамбарыбыз биринчи эшикти жаптырып, анын ордуна Йемен тараптагы дубалдан башка бир эшик ачтырган.[105]

Мечиттин жанына Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үчүн эки бөлмөлүү үй салынган.[106] Андан кийин бул эки бөлмөгө кошумча бөлмөлөр курулган.

Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединага жаңы келгенде Мусулман коомчулугунун пайдубалын бекем түптөө үчүн таштаган алгачкы кадамдарынан бири Масжидун-Набинин курулушу болгон. Ошондой эле, мусулмандардын бир туугандыгын негиздөөдө мал-мүлк, мансап, бийлик сыяктуу айырмачылыктардан арылып, күн сайын беш маал Алланын үйүндө (мечитте) бир жерге топтолуунун өтө зор мааниси бар болгон. Мына ошондуктан мусулман шаарларында мечиттер орун алып, үйлөр анын тегерегине курулган.

Асры Саадатта[107] (Пайгамбарыбыздын алтын доорунда) мечит Алла Таалага ибадат кылуучу жай болуу менен бирге мектеп, ар кандай диний, коомдук маселелер талкуулана турган, саясий жана аскердик маселелерге тиешелүү жыйындар өткөрүлө турган, ошондой эле оорукана жана эс алуучу жай катары да элге кызмат кылган. Мечит мындан сырткары илим алуучу, дил маек (сухбат), зикир чогулуштарына ар убак катышкан, бойдок, үйү жок сахабалар баш калкалай турган жай болгон. Ошентип Масжидун-Наби мейманкана кызматын дагы өтөй турган.

101. Бир зира 75 см.ге туура келет.
102. Ибн Саад, I, 239
103. Диярбекри, I, 344
104. Бухарий, Солаат, 62
105. Диярбекри, I, 346.
106. Ибн Саад, I, 240
107. Асры Саадат - Пайгамбарыбыздын доору, алтын доор, бакыттын доору.

1.18.7 Алгачкы азан

Исламдын алгачкы жылдары намаздын убактысын элге угузуу үчүн «Намазга, намазга!» - деген сөздөр гана айтыла турган. Азан мусулмандарга Медина шаарына көчүп келген соң гана ыроолонуп берилди.

Набави мечитинин курулушу аяктаган соң Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) элди намазга чакыруу маселеси боюнча кутман сахабалары менен ой бөлүшүп, пикир алмашты.

Айрым сахабалар: «Намаздын убактысы киргенде (элдин баары көрө турган жерге) атайын бир желекти сайып коелу. Мусулмандар ошол желекти көрүп, бири-бирине кабар беришсин» - деген ойлорун ортого салышты. Бирок Пайгамбарыбыз бу ойго кошулган жок.

Андан соң жөөттөрдүн кернейи (сурнайы) сунушталды. Пайгамбарыбыз буга да ыраазы болбой: «Бул жөөттөргө таандык аспап» - деди.

Кээ бири «элди намазга коңгуроо менен чакыралы» - дешти. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам): «Бу христиандардын иши!» - деп аны да кабыл алган жок.

Алланын Элчиси кайгырса кайгырып, кубанса кубанган кутман сахабалардан азирети Абдуллах бин Зайд (Алла ага ыраазы болсун!) элди намазга чакыруу маселеси козголуп жаткан кезде сыртка чыгып үйүн көздөй жөнөдү. Үйүнө барып жаздыкка баш койду. Же уйку эмес, же ойгоо эмес абалда ага азан-ы Мухаммадий (азан) ыроолонду. Ошол замат үйүнөн чыкты да, Алланын Элчисине келип:

- Мен уйку-соонун ортосунда жаткан элем. Ошол учурда бир адам келип мага азанды үйрөтүп кетти - деди.

Азирети Умар да ошол эле түштү көргөн эле... Ошентип Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Билалга:

- Эй, Билал, өйдө тур да, Абдуллах бин Зайддын айтканын аткар! - деп буйрук берди.

Азирети Билал (Алла ага ыраазы болсун!) буйрукту аткарып, азирети Абдуллахтын айткандарын айткандай кайталап, алгачкы азанды айтты» (Абу Давуд, Солаат, 27/498).

Ошентип азан важибдин даражасына жакын өтө күчтүү сүннөт болуп калды. Анткени азан садык (атайын Жараткандан келген) түш менен да, Пайгамбарыбыздын сүннөтү менен да, Алла Тааланын вахийи менен да тастыкталган эле. Куран аяттарынын биринде:

«Аларды намазга чакырганыңарда....» (Маида сүрөсү, 58-аят) - деп айтылат.

Азандын айтылып калышына себепкер болгон адам – бул, сыртынан караганда азирети Абдуллах бин Зайд (Алла ага ыраазы болсун!) болсо да, чынында Алла Тааланын чексиз ырайымына бөлөнгөн жана бүткүл ааламга ар дайым Нур болуп жаркып турган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) болгон. Ошентип азан Азирети Пайгамбарыбыздын тастыктоосу менен айтылып, эл мечитке жамаат менен намаз окуу үчүн чакырыла баштады. Азирети Билал Хабаши алгачкы азанды чакырган кезде Мединанын төрт тарабындагы бардык адамдар анын улуу чакырыгын уга турган болушту. Жерден

айтылган азандын үнү көк-асманга да жетип турду. Мусулмандардын кубанычы коюндарына батпай мечитке чубалжып, агып келе башташты.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) эч бир намаз чакырыгын жактырбай, акырында бүгүнкү күндө да айтылып жүргөн азанды өтө чоң кубаныч менен кабыл алып, ага абдан ыраазы болгон. Анткени азандын маани-маңызында Алла Таала, пайгамбар, ибадат жана жашоо түшүнүктөрү жана алардын бири-бири менен болгон байланыштары так, кыска жана нуска түшүндүрүлгөн эле. Мына ошондуктан Алланын Элчиси намазга чакыруу маселесине эң туура чекитти койгон эле.

Азан аят-хадистер менен тастыкталып, миң төрт жүз жылдан бери момун-мусулмандар үчүн руханий азык катары айтылып келет. Азан – бул, бүткүл адамзатын намазга үндөгөн улуу чакырык. Ошондуктан азанды түпкү арап тилинен башка тилде айтуу туура эмес.

Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай дейт:

«Азанды укканыңарда азанчынын айткандарын (сөзмө-сөз) кайталап тургула! Анан мага дуба-салам жолдоп, салават айткыла! Анткени кимде-ким мага дуба-салам жолдоп салават айтса, Алла Таала ага он эсеси менен ырайымын төгөт. Андан соң мен үчүн Василаны (шапаат кылуучулук укугун) сурангыла! Ал (васила) бейиште өзүнчө даража (болуп эсептелет), ал сөзсүз түрдө Алланын сүйүктүү пенделеринен бирине ыйгарылат. Мына ошол даражага жете турган адам болууну үмүт кылып келем. Ким мен үчүн Алла Тааладан василаны суранса, (кыямат күнү) менин шапаатым ал адамга важиб болот» (Муслим, Солаат, 11; Абу Давуд, Солаат, 36/ 523).

1.18.8 Асхабу Суффа

Набави мечитинин бир жагына айланасы ачык, үстү курма жалбырактары менен тосулган суффа салынат. Үйү, үй-бүлөсү жок, кедей сахабалар мына ушул саябандын алдында жашашкан. Алар бул жерден илим алып, Пайгамбарыбыздын таалим-тарбиясын көрүшкөн. Ошондуктан алар «Асхабу Суффа» (саябан алдындагы сахабалар) же болбосо, «Ахли Суффа» (саябан эли, жашоочулары) - деген лакап-атка ээ болушкан. Алардын арасынан үйлөнгөндөрү, ар кайсы сапарларга аттангандары, үйлүү-жайлуулары да болгон. Ошондуктан булардын саны кээде көбөйүп, кээде азайып турган. Бир мезгилдерде алардын саны жетимиш адамга жеткен.

Кээ бир жазма булактарда асхабу суффадан деп эсептелген жүздөн ашык адамдын аты аталат. Булардын муктаждыктарын Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) өзү камсыз кыла турган. Ал-абалы жакшы сахабалардан жардам сурап, алардын камын көрөр эле.

Азирети Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун!) асхабу суффадан болгон. Ал мындай дейт:

«Ахли суффа Исламдын кут коногу эле. Алардын баш калкалоочу үйлөрү, үй-бүлөлөрү, мал-дүйнөлөрү, ал тургай туугандары да болгон эмес. (Мечитке) кандайдыр бир кайыр-садага келип калса, Алланын элчиси аны ошол бойдон саябандын элине жиберип, андан өзү эч нерсе алчу эмес эле. Эгер Пайгамбарыбыздын өзүнө деп белек тартууланса, өзү

андан бир аз гана алып, калганын асхабу суффага жөнөтө турган. Ошентип Пайгамбарыбыз келген белектерди алар менен тең бөлүшөр эле» (Бухарий, Рикак, 17).

Асхабу суффа жумуш таап калышса иштеп, башка учурларында мечитте илим алып, ибадат менен алек болушар эле. Күч-кубаты бар асхабу суффа тоодон отун алып келүү, шаардын чет жакасынан шаарга суу ташып келүү сыяктуу колдорунан келген ар кандай иштерди кылып, акча таап жашоолорун улантышаар эле. Алар абийирдүү, жана ар-намыстуу болгондуктан адамдык касиетине доо кетире турган иш-аракеттерден алыс болушкан. Асхабу суффа кедей болушса да, эч кимден эч нерсе сурап-тиленишкен эмес.

Ахли суффа өтө жогору даражада илим алышкан. Эң көп хадис айтып калтырган сахабалар да негизинен асхабы суффадан чыккан. Булардын башында азирети Абу Хурайра келет.

Ислам менен таанышуу үчүн кыска убакытка гана Мединага келген адамдар бир жагынан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) менен жолугуп, бир жагынан асхабу суффадан билбеген маселелерин сурап үйрөнүп кетип турушкан. Медина шаарынан башка аймакта жаңы ыйманга келген урууларга Ислам жөнүндө маалымат берүү максатында мугалим талап кылынганда, ал жактарга асхабу суффадан атайын тандалып жибериле турган.

Сахабалардын даражасы жагынан биринчи Хулафа-и рашидин , андан кийин ашара-и мубашшара , андан соң Бадр согушуна катышкандар, төртүнчүлөрдөн болуп асхабу суффа турат.

1.18.9 Медина шаары

Мусулмандар үчүн Медина доору - Ислам тездик менен дүркүрөп өнүп-өскөн, бүт ааламга нурун чачкан Ислам дини дүйнөгө толук жооп бере ала турган өзүнүн мыйзамдарын койгон жана ошону менен улуу согуштарда шейит кеткен нечелеген тайманбас эр жүрөк эрендердин каны төгүлгөн өзгөчө доор.

Алланын Элчисине жана мухажирлерге ансарлар бүт мүмкүнчүлүктөрү менен кучак жайса да, Медина шаарында бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөндүктөн бир топ убакытка чейин киндик кан тамган жериндегидей өздөрүн эркин сезе албай ыңгайсыз болуп жүрүштү. Бул учурда Мединада мусулмандардан сырткары мусулман сыяктуу көрүнгөн эки жүздүүлөр жана жөөттөр да бар эле. Алар мүмкүнчүлүк түзүлүп калса, ошол замат аны ишке ашырып, Исламга дароо сокку урууга аракет кылышкан.

Эки жүздүүлөр сырттан мусулман болуп көрүнгөнү менен ичинен абалкы бутпарастыктарын уланта беришкен. Исламды баралына келтирген Алла Таала аларга өтө катуу эскертүү берген:

«Айланаңардагы арап-бедуиндерден да, Медина калкынан да эки жүздүүлүктүн сормо сазына баткан кытмыр караөзгөйлөр бар. Сен аларды билбейсиң. Биз билебиз. Аларды кайра-кайра (тактап айтканда, тирүү кездеринде кыйнап өлтүрүү менен, өлгөндөн кийин кабыр азабы менен) азаптайбыз. Андан кийин (кыямат күнү) чоң азапка дуушар болушат» (Тооба сүрөсү, 101-аят).

Чындыгында, ал кездеги эки жүздүүлөрдүн айрым бир кыңыр иштерин Алланын Элчиси да сезген эмес. Аларды Алла Таала кабар бергенден кийин гана байкаган. Анткени

эки жүздүүлөр эң жөнөкөй күмөндүү нерселерден алыс болуп, мусулмандарга этияттык менен мамиле жасашкан.

Бул учурда Меккенин бутпарастары да жөн турбай Медина шаарындагы жүзү караларга дем берип, көкүтүп, бүт күчү менен мусулмандарга кедерги болууга жан далбас урушкан. Исламдын Мединада жай таап, тездик менен жайылып өркүндөп-өсүшүнө ичтери тарып, Мединанын каапырларына болгон айла-амалын колдонуп, аларды коркутканга чейин барышкан. Эгерде Мединалык эки жүздүү бутпарастар айткандарын аткарбаган чакта, өздөрү баш болуп бүтүндөй арап уруулары менен келип Мединанын элин, мусулман-жөөт, бутпарас дебей бардыгын жер менен жексен кылып, күлүн асманга сапыра тургандыктарын айтышкан. Алар сөзүн тастыктап, кызылкулак жиндилерин жөнөтүп, үйүр-үйүр малдарын айдап кеткен күндөрү да болгон.

Ошентип, күн өткөн сайын кырдаал курчуп тынчсыздануулар күчөй берет. Мусулмандар кол салуу коркунучун алдын алуу үчүн түнкүсүн Мединанын көчөлөрүндө күзөткө турушат. Жадагалса Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) да түнүчүндө уктабай өткөргөн учурлары да болот. Мединанын чет жакасына да күзөтчүлөр жөнөтүлүп ар тарап коопсуздукка алынат.

1.18.10 Согушууга руксат берилиши

Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) ушул күнгө чейин бутпарастар менен согушууга руксат берилген эмес эле. Ал алгач бутпарастарды Алла Тааланын бир, жалгыз экендигине чакырып, алардан көргөн зордук-зомбулуктарга, алардын орой мамилелерине чыдамкайлыгын көрсөтүп, мындай машаккаттарды сабырдуулук менен жеңип чыгууга милдеттендирилген эле. Меккелик бутпарастар Алланын Элчисине моюн сунгандарды жаңы диндеринен кайтаруу үчүн бүт күчтөрүн жумшап, зордук- зомбулуктун түрүн ойлоп табышкан эле. Кээ бир жаңы гана мусулманчылыкты кабыл алган адамдар Ислам жөнүндө кеңири маалыматка ээ болбогондугу үчүн андагы акыйкаттын өзөгүн аңдап түшүнө албагандыктан, жүрөк толо ыйман тартуулаган баа жеткис ырахаттын даамын тата албагандыктан, бутпарастардын жан чыдагыс азаптарына чыдай албай, аргасыздан бутпарастыкка кайтышкан. Айрым мусулмандар Эфиопияга, кээ бири Мединага көчүп, туулуп өскөн алтын топурак ата-журттарынан айрылууга аргасыз болушкан.

Ошентип, бутпарастардын мусулмандардын тынчын алган иш-аракеттери күн өткөн сайын күчөп, Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) сабырдуулук жолу менен да тынчтыкты орнотуусу мүмкүн болбой калат. Ошентсе да, Алланын Элчиси чыдамкайлыгын, сабырдуулугун көрсүтүп, Жараткана баш калкалайт. Жараткандын вахий-кабарын күтөт.

Акырында бутпарастар такыр чектен ашып, Алла Таала ыроолоп берген жакшылыктарды көтөрө албай, мусулмандарды кордоп, өз жерлеринен кууган кезде гана Алла Таала бакыттын түбөлүктүү соолугус булагы болгон Исламды, Мекке шаарын жана момун-мусулмандарды коргоо үчүн согушка уруксат берип, төмөнкү куттуу аяттарын түшүрөт:

«Чындыгында (каапырлар тараптан) чабуул жасалып зулумдукка учурагандар үчүн согушууга уруксат берилди. Албетте, Алла Таала аларга жардам берүүгө күчү толук жетет. Алар өз журттарынан «Биздин Жараткан Эгебиз - (жападан жалгыз) Алла Таала» - дегендиги үчүн гана куулган пенделер. Эгер Алла Таала адамдардын айрымдарын башкалары аркылуу коргобосо монастырлар, чиркөөлөр, (жөөттөрдүн) синагогдору жана ичинде Алланын ысмы көп эскерилген мечиттер кыйратылмак. Албетте Алла Таала өзүнүн (динине) жардам бергендерди үстөм кылат. Шек-күмөнсүз, Алла – (чексиз) Кудуреттүү» **(Хаж сүрөсү 39-40-аяттар).**

«Силерге каршы согуш жарыялагандар менен Алланын жолунда согушкула! (Бирок) чектен чыкпагыла (б.а., мыкаачылык кылбагыла!)! Шек-күмөнсүз, Алла Таала чектен чыккандарды жакшы көрбөйт!» **(Бакара сүрөсү, 190-аят).**

Ошентип шариятта Исламга жана мусулмандарга карата жасалган душмандык, орой мамиле, зулумдук, зордук-зомбулук өтө күчөп кеткендиктен согушка уруксат берилген. Коомдо тынчтыкты, бейпилдикти сактоо үчүн талап кылынган «беш зарылчылык» - делген беш дөөлөттү, тагырак айтканда, мал-мүлк, жан, өсүп келе жаткан муун, акыл-эс жана динди коопсуздукка алуу үчүн, душмандардын зыянынан коргонуу үчүн согуш парз өкүмүндөгү ишке айланган. Бул жерде Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн жарлыктын максаты адал жолдон адашкандарга өз жазасын берүү, аларга эскертүү берүү жана элди Алланын адал жолуна чакырууга тоскоол болгон тоскоолдуктарды тазалоо эле.

Мына ушул Алла Тааланын буйруктарынан кийин азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) жана Анын куттуу сүннөт жолу менен жашаган момун-мусулмандар бутпарастар менен салыгашууга кызуу даярдыктарын көрө башташат.

1.19 ХИЖРАТТЫН ЭКИНЧИ ЖЫЛЫ

1.19.1 Казаттар

Хижраттын он үчүнчү айынын башында (Рабиуль авваль айы) Буват казаты болот. Курайш уруусу бул казатка жүз адамдан турган аскери жана эки миң беш жүз төө кербени менен келген эле. (Рабиуль-авваль, 2-жыл Сентябрь, 623-жыл) Ал эми Мединага ансарлардан азирети Саад бин Муазды (Алла ага ыраазы болсун!) ордуна өкүл кылып дайындап кеткен Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) эки жүз мусулман менен жолго чыгат. Бул казат да кагылышуу болбостон тынч аяктайт.

Ошол эле айда Мединага үч чакырым алыс жерде жайгашкан Акик аймагындагы Жамма тоосунда жайылып жүргөн төө-уйларды уурдап айдап бараткан Курз бин Жабирди кармоо үчүн бир кол жөнөтүлөт. Бул - Сафаван же Бадруль- уулаа - алгачкы Бадр жүрүшү - деп да аталат (Рабиуль-авваль, 2/ Эйлуль, 623). Буга Алланын Элчиси өзү да чыгат. Ордуна азирети Зайд бин Харисаны (Алла ага ыраазы болсун!) дайындайт. Пайгамбарыбыз Сафаванга барганда Курз эбак качып кеткен болот. Ошентип артка кайтат. Курз кийин Исламды кабыл алып, өмүрүн калганын Исламга арнап, Алланын жолунда бүт күчү менен кызматын өтөйт.

Хижраттын он алтынчы айында «Зуль-Ушайра» - деген дагы бир казат болот (Жамазияль-ахир, 2/Касым, 623). Бул казатта Мудлиж уруусу менен тынчтык келишими түзүлөт.

1.19.2 Батны Нахла сапары

Бул учурда «Батн-ы Нахла» жергесиндеги ал-абалды көзөмөлдөө үчүн жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) эжесинин (атасынын кыз бир тууганы) уулу Абдуллах бин Жахш (Алла ага ыраазы болсун!) жетектеген топ Меккелик бутпарастарга таандык кербенди колго түшүрөт. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ар качан Мединага жүрүш жасоону эңсеп, шылтоо таппай жүргөн Меккелик бутпарастардын чырагына май тамат.

Азирети Пайгамбарыбызга жана мусулмандарга каршы ызы-чуу чыгарган бутпарастар Батны Нахла окуясы харам (ыйык) айлардан Ражаб айына туш келгендиги үчүн:

-Мухаммад харам айды адал кылып кан төктү. Биздин адамдарды туткунга түшүрүп, мал-мүлктөрүбүздү талап-тоноп алды - дешет.

Чынында Алланын Элчиси буга буйрук берген эмес эле. Окуяны Абдуллахтан угуп:

-Мен силерге харам айларда салгылашкыла деп буйрук берген эмесмин! - деп олжого кол тийгизбейт. Батны Нахлага баргандар бушайман болуп, катуу өкүнүп Жараткандын

каарын ойлоп абдан коркушат. Ошентип, бутпарастар бул окуяны көбүртүп-жабыртып, бүт күчүн жумшап мусулмандарга каршы ооз көптүрүшөт. Ошол маалда Алла Таала тарабынан төмөнкү аят түшүрүлөт:

«Алар сенден «шахри харам» (ыйык) ай жана андагы согуш жөнүндө сурашат. Айткын: - Ал айда салгылашуу - чоң күнөө. Бирок Алланын жолунан тосуу, Ага ишенбөө жана Каабага жолотпоо, анын жашоочуларын ал жерден кууп чыгаруу – Алланын алдында (андан да) чоңураак күнөө. Анткени бузукулук – бул, адам өлтүрүүдөн алда канча чоң күнөө. Алар (каапырлар) колдорунан келсе силерди диниңерден кайтарганга чейин силер менен согуша берет. Силерден ким өз дининен кайтып, динсиз абалда көз жумса, андай адамдардын кылган жакшы иштери бул дүйнөдө да, акыретте да текке кетет. Алар тозоку болот. Алар ал жерде түбөлүк болушат» (Бакара сүрөсү, 217-аят)

Бул аяттын түшүшү менен Батны Нахла жоокерлери эс алып, көңүлдөрү жай таап калат. Алар Пайгамбарыбызга:

- О, Алланын Элчиси! Алланын жолунда жихад кылгандардын сообу бизге дагы берилеби? - деп сурашат. Бул учурда төмөндөгү аят түшөт:

«Чындыгында ыйман келтиргендер, хижрат кылгандар (Меккеден Мединага көчүп келгендер), Алланын жолунда күрөшкөндөр Алланын ырайымын үмүт кылышат. Алла Таала - Кечиримдүү, Боорукер» (Бакара сүрөсү, 218-аят)

Алла Тааланын бул ыйык аяттары мусулмадарга кайрат берип, күчүнө күч, демине дем кошот. А бутпарастар бу аяттарды уккан сайын мусулмандарга каршы душмандыгы күчөйт. Бутпарастар мусулмандарга башынан эле катуу душман болушкан. Анткени мусулмандар күн өткөн сайын көбөйүп, Ислам мамлекети түптөлүп, күч-кубатка толуп баралына жетип бараткан. Ошол учурларда Алланын Элчиси атайын Мединадагы мусулмандардын санын билүү үчүн аларды санап көргөн эле. Анда ыйман келтирген эркек кишилердин саны миң беш жүз адам болуп чыккан эле. Бул сан күн сайын көбөйүп, мусулмандар күч алып бараткандыктан бутпарастар кооптонуп кандайдыр бир коркуу сезими жүрөктөрүн чырмагансыйт. Мусулмандар Медина жана Мекке шаарларындагы бутпарастардын жашоо булагы болгон соода кербендери өтчү жолдо эле. Ошондуктан бутпарастар Ислам күчкө кирип, баралына келбестен мурун мусулмандардын мойнун бууп, азыртан тынчытып коюу керектигин көздөшөт. Бул жаатта бир топ жыйындарды өткөзүп, натыйжада Медина шаарына жүрүш жасоого чечим чыгарышат.

1.19.3 Кыбыланын алмашуусу

Ушул күнгө чейин мусулмандар (азыркы Иерусалим шаарындагы) Акса мечити тарапты карап намаз окуй турган. Тактап айтканда, хижраттын он алтынчы же он жетинчи айына чейин Акса мечитин баштанып намаз окушкан. Жөөттөр жагдайдан пайдаланып, өздөрүн жогору сезүүсү Алла Элчисин кайгыга салып, тынчын алат. Алла Элчисинин көңүлүндө «Кааба кыбыла болсо» - деген көксөөсү болгон. Бул көксөө жүзөгө ашканда Меккени колго алуу үчүн алгачкы кадам ташталган болор эле. Ошондуктан Алла Тааланын уруксатын чыдамсыздык менен күтөт. Акырында Ражаб айынын ортосунда дүйшөмбү

күнү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Салим уруусунун мечитинде бешим намазын окуп жаткан кезде Алла Таала төмөндөгү аятын түшүрөт:

«Биз жүзүндүн көккө бурулганын көрүп турабыз. Ошондуктан өзүң ыраазы болгон кыбылага аны алмаштырабыз. Эми жүзүндү Харам мечити (Кааба) тарапка бургун! (Эй, момундар! Силер да) кайсы жерде болбогула жүзүнөрдү ошол тарапка бургула! Китеп берилген адамдар (жөөттөр) албетте, мунун Жараткан тарабынан (келген чыныгы өкүм) экенин билишет. Алла Таала алар жасап жаткан иштерден кабарсыз эмес» (Бакара сүрөсү, 144-аят)

Бул учурда Пайгамбарыбыз экинчи ирекеттин соңуна келип калган эле. Ошол замат Алланын Элчиси Кааба тарапка бурулат. Жамаат да бурулат. Бардыгы бирге жаңы кыбылага беттенишет. Ошентип намаздын калган эки ирекети Кааба тарапка бурулуп окулат. Ошондуктан ал мечит «эки кыбылалуу» - деген мааниде «Масжидуль-Кыблатайн» - деп айтылып калган. [108]

Бул намазды Пайгамбарыбыз менен бирге окуган бирөө жолдо баратып башка бир мечитке кирип калат. Жамаат намаз окуп рукуда турушкан эле. Тиги адам жамаатка кайрылып:

- Күбөлүккө өтөм! Азирети Пайгамбарыбыз менен Кааба тарапты карап намазга турдук! - дейт. Жамаатта тургандар ордуларынан Кааба тарапка бурулушат.

Кыбыланын алмашуусу мусулмандарды да абдан кубантат. Ал эми бутпарастарга, эки жүздүү мунафыктарга жана жөөттөргө бул өтө оор келгендиктен, адатынча ар кандай ушак-айыңдарды таратышат. Бул учурда төмөнкү Куран аяты түшүрүлөт:

«Адамдардын айрым бир наадандары: - Алар жүз буруп келген кыбыласын эмне үчүн таштап коюшту? – деп айтышат. Айткын: - Чыгыш да, Батыш да Аллага таандык. Ал өзү каалаган кишилерди туура жолго салат» (Бакара сүрөсү, 142-аят).

Кыбыланын алмашуусу өтө маанилүү окуя. Себеби мурунку кыбыланын кыбылалыктан чыгуусу айрым бир караөзгөйлөрдүн ар кандай өйдө-төмөн сөздөрдү айтып чагымчылык кылып, элдин башын айландырууларына тоскоол болгон. Мына ошондуктан жаңы кыбыла тууралуу буйруктар бир нече ирет кайталанып, бир жолу азирети Пайгамбарыбызга, дагы бир жолу момун-мусулмандарга, дагы бир ирет жалпыга (Пайгамбарыбызга да, мусуламндарга да) үйдө болсун, сапарда болсун айтоор, кай жерде болбосун жаңы кыбылага бурулуп намаз окуу керектигин Алла Таала Өзү баса белгилеп буйрук берген.

Кыбыланын алмашуусунан төмөнкүчө хикматтарды чыгарууга мүмкүн:

1. Ахли китап жана бутпарастар үчүн мусулмандарга каршы эч бир далил калтырбоо. Анткени мурунку китептер боюнча убада кылынган акыркы пайгамбардын сыпаттарынын арасында кыбыланы Каабага айлантуу - деген сыпаты бар эле.

2. Алла Тааланын мусулмандарга болгон жакшылыгын толукташы. Бул жаатта алар туура жолду таап, көздөгөн максаттарына жетиши мүмкүн. Анткени эң чоң жакшылык – бул туура жолду табуу. Кыбыла да туура жолдун бир бөлүгү болуп эсептелет.

108. Ибн Саад, I, 241-242

3. Пайгамбарыбыздын алгачкы айларда Акса Мечитине карап намаз окушунун себеби Алла Тааладан тарабынан түшүрүлгөн диндердин түбү бир болгондугун көрсөтүү менен жөөттөрдүн жана христиандардын көңүлдөрүн Исламга жылытуу эле.

1.19.4 Бадр Казаты (17-Рамазан, 2-жыл / 13- март, 624-жыл)

Хижраттын экинчи жылы Курайштын миң төөлүк чоң соода кербени Дамасктын Газза базарын көздөй жол тарткан эле. Меккенин аттуу-баштууларынан Абу Суфян, Мухаммад бин Навфал жана Амр бин Ас сыяктуу отуз-кырк адамдан турган топ кербенди көзөмөлдөө үчүн кербен менен кошо чыккан эле.

Курайш бутпарастары мусулмандардын ажылыкка (Мекке шаарына) барууларына тоскоол болгондуктары үчүн мусулмандардын да өч алуу максатында алардын Дамаскка баруучу соода кербенине тоскоол болоорун сезип турушкан. Алар мына ушул кооптонуу менен Дамаск шаарынан артка чегинет. Абу Суфян Дамдам бин Амрдын өз чөнтөгү үчүн жыйырма мискал[109] алтын акча берип (жалдап), Табуктан шашылыш түрдө Меккеге жөнөтөт.[110]

Төөсүнүн мурду жырылып, ээри омкорулуп, көйнөгү айрылган Дамдам Меккенин ортосунда бүт үнү менен ач айкырыгын салып:

- Эй, Курайш эли! Кербен! Кербен! Мухаммад сахабалары менен Абу Суфяндын мал-мүлкүнө кол салды! Ага жетишпей калдыңар?! Жардамга! Жардамга!» - деп кыйкырып жатты. Анын ач айкырыгы экөөбүздүн ортобуздагы чатакка чекит койду» (Ибн Хишам, II, 244-247; Вакиди, I, 29-31).

Ошентип, Курайш уруусу ошол замат кол топтоп, согушка даярдык көрө баштайт. Алар үч-төрт күн кызуу даярдык көрүшөт. Курал-жарактарын сатып алышат. Байлары кедейлерине бүт күчүнүн жетишинче жардам беришет. Сухайл бин Амр, Зама бин Асвад сыяктуу аттуу-баштуулар:

- Төө каалагандарга, мына төө! Азык каалагандарга мына! Бардыгыңар согушка чыккыла! Бирөө да калбасын! Эгерде Мухаммад соода кербениңерди колго түшүрсө, кайра силерге кол салып Меккеге да кирип келет! - дешет.

Бул казатка эркектердин баары даярданышат. Ал эми бул казатка чыга албай калгандар ордуларына башка адамдарды жалдап жөнөтүшөт. Бадрга жолго чыга турган күнү Абу Жахил кошуунга: «Төөлөрүңөргө мингиле!» -деп буйрук берет. Негедир Умаййа бин Халаф согуш майданына баруудан баш тартат. Анткени ал заалым бутпарас өзүнүн мусулмандар тарабынан өлтүрүлө тургандыгын чынчыл, ишенимдүү Алла Элчисинен уккан эле. Ошондуктан Умаййа бин Халаф:

- Валлахи, Мухаммад эч качан калп айтпайт! - деп катуу коркот.

Абу Жахил Умаййага бир жагынан намысына тийген, бир жагынан ага дем берген сөздөрдү айтып жатып, аны бул казатка эптеп көндүрөт. Ошентип бутпарастар жолго чыгышат.

---

109. Мискал - салмак бирдиги, бир жарым дирхамдык салмак, (4 карат, 4, 618 грамм)

110. Ибн Хишам, II, 244; Вакиди, II, 27-28

Согушка бутпарастардан болжол менен 950-1000 адам аттанган эле. Алардын жүзү же эки жүзү атчан, жети жүзү төө минип келатышкан эле. Көбү соот кийимчен. Курайштын аттуу-баштууларынын баары бар эле. Өздөрү менен кошо ырчы күндөрүн да ала чыгышкан эле. Күндөрүнө мусулмандарга акаарат келтирген ырларды ырдатып, чер жазышат.[111]

Рамазан айынын он экиси. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Абдуллах бин Умму Мактумду ордуна өкүл катары дайындап, 313 кишилик аскери менен Мединадан Бадрды көздөй жолго чыгышат. Жоокерлердин алтымыш төртү мухажир, калганы ансар сахабалардан эле. Үчү атчан, жетимиши төөчөн, калганы жөө аскер эле.[112]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабалары менен жолго чыкканда төөлөрдүн саны жетишсиз болгондуктан бир төөгө кезектешип үч адамдан минип жатышкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз төөсү Касвага азирети Али жана Абу лубаба менен кезектешип минип келатышкан эле. Жөө басуу кезеги Пайгамбарыбызга келгенде:

- О, Алланын Элчиси! Сураныч, сиз мине бериңиз! Биз сиздин ордуңузга басабыз - дешет. Алланын Элчиси болсо:

- Силер жөө басууга мен чыдагандай чыдай албайсыңар. Ошондой эле, силер тапкан соопту мен да тапкым келет - дейт (Ибн Саад, I, 21; Ахмед, II, 422).

Алланын Элчиси бул кадамы менен Аллага болгон сүйүүсүн, Аллага жакындоону канчалык каалаганын көрсөтүү менен бирге бүтүндөй адамзатына адилеттүүлүккө, адамдын акысына канчалык деңгээлде маани берүү керектигин көрсөткөн.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Рамазан айында болгон оор согушта жоокерлерге ооздорун ачуусун буюрат. Анткени согуш - деген согуш эле. Жоокер деген күчтүү, берен болуусу зарыл болучу. Бадрга катышкан жоокерлер орозолорун каза кылып, кайра орозо кармашкан эмес.

Абу Суфян мусулмандардын Бадр тарапка жол тартканын угуп, кербенди дароо башка тарапка бурат. Бадрдын сол тарабынан өтүп Кызыл деңизди көздөй жол арбытат.[113] Ошентип Абу Суфян соода кербенин куткарып, Курайш кошуунуна ат чаптырып:

- Силер кербендериңерди, адамдарыңарды жана мал-мүлкүңөрдү коргоо үчүн жолго чыктыңар. Сүйүнчү, Кудай аларды куткарды. Артка кайта берсеңер болот! -деген куш кабарын жөнөтөт.

Абу Суфяндын кабары келген соң Ахнас бин Шариктин сунушу менен өз уруусу Зухра жана Адий бин Кааб тукуму артка кайтышат. Абу Жахил:

- Бадрга барбай туруп артка кайтмак жок! Биз ал жерде үч күн турабыз. Төөлөрүбүздү союп, той өткөрөбүз. Аялдар ырдап-бийлешет. Айланабыздагы араптар бизди угуп, мындан кийин бардыгы бизден коркуп турушат! Кана эмесе, кеттик! - деп бутпарастарды дүрбөтөт.

111. Вакиди, I, 31-39; Бухарий, Манакиб, 25; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 294-295.

112. Вакиди, I, 23-24; Ибн Хишам, II, 250-251; Ибн Саад, II, 12

113. Ибн Хишам, II, 57

Абу Суфян Курайш кошууну Абу Жахилге моюн сунуп артка кайтпаганын угуп, өзүнчө улутунуп:

- Эх, Курайш уруусу! Бул Амр бин Хишамдын (Абу Жахил) жасаган иши! Артка кайткысы келбегени, өз кызыкчылыгы, элди жалгыз өзү бийлөө кызыкчылыгы. Бул - чектен чыккандык, аша чапкандык! Чектен чыккандык – бул кемчилдик, каражолтойлук, жоболоңдук! -деп катуу өкүнөт (Вакиди, I, 43-45; Ибн Хишам, II, 258).

Ал эми азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) болуп жаткан саясий кырдаалды көрүп, аргасыздан согушка кадам таштоого туура келээрин түшүнүп сахабаларына:

- Кербендин аркасынан түшкөн оңбу же Курайш кошуунун алдынан тозуп чыгуу оңбу? - деп суроо узатат.

Мухажирлерден азирети Абу Бакир менен азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун!) Курайш кошуунун тозуп чыгууга даяр тургандыгын билдиришет.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ансарлардын да пикирин уккусу келет. Ансарлардан азирети Микдад бин Асвад (Алла ага ыраазы болсун!) төмөнкү пикир-оюн айтат:

- О, Алланын Элчиси! Биз жөөттөр сыяктуу Мусага айтканындай **«Сен өзүң жана Жаратканың экөөң барып алар менен согуша бергиле!»** (Маида сүрөсү, 24-аят) - деп айтпайбыз. Биз Сага Акабада берген сөзүбүзгө туруп, Сенин оң тарабыңда, сол тарабыңда, алдыңда жана арканда жөлөк болуп, бүт күчүбүздү салып душмандар менен салгылашууга дайым даярбыз!...» (Бухарий, Магази, 4; Тафсир, 5/4)

Мындай берилгендик, моюн сунуучулук, жүрөк толо ыйман менен айтылган сөздөрдөн кийин азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) жүзүнөн нуру тамылжып, кут төгүлгөн ууртунан жылмайып, Жаратканга алакан жая дуба кылган соң, кутман сахабаларына:

- Кана эмесе! Жараткан Алланын берекеси менен кадам таштайлы! Силерге сүйүнчү! Алла Таала эки тайпадан бирөөсүн убада кылды. Валлахи, мен Курайш кошууну согуш майданында жеңилүүгө учурап жатканын көрүп турам...» (Муслим, Жихад, 83; Вакиди, I, 48-49; Ибн Хишам, II, 253-254) - дейт.



❖

Ислам кошууну белгиленген жерге орук курган соң азирети Саад бин Муаз (Алла ага ыраазы болсун!):

- О, Алланын Элчиси! Биз Сага көлөкөлүү саябан тургузалы. Төөлөрүң жанында турсун. Душмандар менен биз согушабыз. Эгер Жараткан Алла күч-кубат берип, жеңишке жетип калсак,

анда жакшы! Эгер жеңишке жетпей калсак, Сен атыңа минип, артта калган боордошторубузга барып баш-көз бол! О, Алланын Пайгамбары! Алар да Сени биз сыяктуу жакшы көрүшөт. Эгерде алар Сенин согуш майданына кире турганыңды билгенде, алар бул согуштан калбас эле. Алла Таала сени ошолор менен коргойт. Алар Сага жан көңүлдөрү менен берилген. Алар да Алланын жолунда жихад кылууга дайым даяр! - деп Аллага жана Пайгамбарыбызга болгон терең сүйүүсүн жана Ага болгон күйүмдүүлүгүн билдирет.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Саадды алкап, ага ак батасын берет. Азирети Саад (Алла ага ыраазы болсун!) ошентип кылычын колго алып, саябандын оозунда Пайгамбарыбызды кайтарып, күзөттө турат (Ибн Хишам, II, 260; Вакиди, I, 49).

Алланын Элчиси азирети Умардан (Алла ага ыраазы болсун!) акыркы жолу дагы Курайш уруусуна:

- Артка кайтып кеткиле! Мен үчүн силер менен согушуудан башка кол менен согушуу алда канча артык! - деп айттырып жиберет.

Хаким бин Хизам:

- Бул туура кадам! Муну дароо кабыл кылгыла! Валлахи, мындан кийин силерге мындай ынсаптуу мамиле болбойт! - деген оюн билдирет.

Абу Жахил:

- Кудайга касам ичем! Бизге мүмкүнчүлүк жаралган соң өчүбүздү алмайынча артка кайтпайбыз! Алардын ким экендиктерин көздөрүнө көрсөтөбүз, мындан кийин тыңчы жиберип, соода кербендерибиздин тынчын албас болушат - деп сөздү кесе сүйлөп, бутпарастарды согушка үндөйт (Вакиди, I, 61-65).

Курайштын аттуу-баштуулары Умайр бин Вахб менен атчандардын башчысы Абу Усаманы Ислам кошуунуна чалгынга жөнөтөт. Ислам кошуунуна чалгынга барып келген бу эки тыңчы мындай деп келишет:

- Валлахи, алардын согушка даярдыгы начар! Төө-аттары да, жоокерлери да аз! Бирок алар артка чегинүүнү эмес, өлүмдү эңсеп турушат! Алардын курал-жарактары жокко эсе. Болгону кылычтары гана бар. Андан башка эч нерселери жок! (Вакиди, I, 62).

Мусулмандар Бадрда кумдак жерге жайланышкан эле. Ошондуктан адам ал жерден басып кетүүсү кыйын эле. Анын үстүнө суу азайгандыктан суу маселеси курч болуп турган. Даарат, гусул алууда суунун аздыгынан бир топ кыйынчылыктар жаралган эле. Мына ушундай мүмкүнчүлүктөн пайдаланган шайтан бир тараптан суу маселесинин күч алганын, экинчи жагынан душмандардын ого эле көп санда болгонун айтып мусулмандардын жүрөгүнүн үшүн алууга жан далбас уруп жаткан эле.

Ошол түнү Алла Таала жамгыр жаадырат. Суулар агып келе баштайт. Мусулмандар идиш-аяктардын баарысын толтуруп алышат. Даарат алып, жууну-тазаланып, мал-жандыктарын сугарып да коюшат. Басылбай жааган жамгыр чаң-топуракты да басат.

Курайш бутпарастары жамгырдан улам ордуларынан жыла алышпай, айласын таппай калышат. Алла Таала мусулмандарга мээримин төгөт. Түнүчүндө бейпил укташат. [114]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жерге жарык түшүп, багымдат намазынын убактысы кирген соң:

- Эй, Алланын кулдары! Намазга! - деп үн чыгарып бизди ойготуп, намазда имамдыкка өтүп, багымдат намазынан соң, мусулмандарды жихадка үндөйт (Ахмед, I, 117).

Эки кошуун Рамазан айынын он жетисинде жума күнү Бадр майданында жолугат. Асман чайыттай ачык эле. Аптап. Дем кыстыгат. Араптар ушул күнгө чейин уруу-уруу болуп, жер талашып, бийлик-мансап талашып же бири-биринен өч алуу сыяктуу себептер менен согушуп келишкен. Ал эми бул согуш такыр башкача өңүттө эле. Дин! Эми минтип диний сезим араптардын уруучулук сезиминин ордун ээлеп, жокко чыгарып олтурган эле. А түгүл мында ата, аба, таяке, уул, бир тууган сыяктуу жакын туугандар да бири-бирине кылыч кезеп турган эле. Бул күнү Азирети Абу Бакир уулу менен, азирети Абу Убайда бин Жаррах атасы менен, Азирети Хамза бир тууганы менен эрөөлгө чыгышкан эле. Бул көрүнүш терең маани-маңыздуу үлгү эле!

Алла Таала бул багытта мындай дейт:

«Силер үчүн бири Алланын жолунда согушкан, экинчиси каапыр болгон эки кошуундун кагылышуусунда белги (б.а., үлгү, сабак) болгон эле. Алар (Мусулмандар) өз көздөрү менен (каапырлардын) эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле. Алла Таала болсо, өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул (окуяда) пикир ээлери үчүн үлгү бар» (Аали Имран сүрөсү, 13-аят)

Согуш майданына башын какыйтып чыккан бутпарастар өздөрүн жеңилбес тайманбас, эр жүрөк сезип турушкан. Алла Таала бутпарастардын бул абалын Куран аяттарында мындайча сүрөттөйт:

«Адамдарга өздөрүнүн артыкчылыгын көргөзүү үчүн үй-жайларын калтырып, Алланын жолунан тосуп, мактанып чыккандар сыяктуу болбогула! Алла Таала алардын эмне кылып жаткандарын билет. Ошондо шайтан алардын кылыктарын кооздоп көрсөтүп: - Бүгүн адамдардан силерди жеңе турган бир да күч жок. Чынында мен силерге жардамчымын - деди. Эми эки жамаат беттешкенде, ал (шайтан) терс бурулду да: - Мен силерден алысмын. Мен силер көрбөгөндү (периштелерди) көрүп турам. Чынында, мен Алладан коркомун. Алланын азабы өтө оор! - деди» (Анфал сүрөсү, 47-48-аяттар).

1.19.5 Периштелердин жардамы

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бутпарастарга көз жүгүртөт. Алар болжол менен миң адамдын айланасында эле. Ислам кошуунунда болгону үч жүз он киши гана бар болучу. Дароо кыбылага бурулуп, үнүн чыгарып, Жараткан Аллага жалбарат:

114. Табари, Тафсир, IX, 256-261

«Оо, Жараткан Алла! Мага берген убадаңды орундата көр! Мени (бул согушта) жеңишке жеткире көр! Оо, Жараткан! Эгер бул Ислам кошуунун жок кылсаң, жер бетинде Сага ибадат кыла турган адам калбайт!»

Пайгамбарыбыз алаканын асманга жая көтөрүп, Жаратканга көпкө жалбарып тургандыктан үстүндөгү чепкени жерге шыпырылып түшөт. Куттуу чепкендин жерде жатканын көргөн азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) дароо чепкенди алып, Пайгамбарыбыздын ийинине жаап:

- О, Алланын Элчиси! Жаратканга жалбарганыңыз жетиштүү. Улуу Жараткан Алла Таала сизге берген убадасын албетте, орундатат - дейт.

Мусулмандардын бардыгы Жаратканга ичтеринен жалынып-жалбарышат. Бул жөнүндө Куранда мындайча баяндалат:

«Акыры Алла Таала Бадр казатында күчсүз болсоңор да, силерди жеңишке ээ кылды. Алладан корккула! Мүмкүн эми шүгүр кылаарсыңар. Момундарга: «Жараткан Эгеңер силерге көктөн түшүрүлгөн үч миң периште менен жардам бериши жетишпейби?» - деген убагыңды эсте! Ооба, эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, Жараткан силерге беш миң белгилүү периштеси менен жардам берет» (Аали Имран сүрөсү, 123-125-аяттар).

Алла Таала ошол күнү момун-мусулмандарга периштелерин жардамга жөнөтөт.[115] Мусулмандардын чын ыкласына, ыйманынын бекемдигине жараша алгач миң, үч миң, акырында беш миңдей периште келген эле.

1.19.6 Бадрдын тайманбас баатырлары

Чындыгында, сахабалар бул казатта өздөрүнүн баа жеткис каармандыктарын, берилгендиктерин, тайманбастыктарын көрсөтө билишкен. Алардын арасынан өзгөчөлөнүп Алланын арстаны атанган азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун!) эр жүрөктүктүн үлгүсүн эң сонун көрсөтө алган. Ошондой эле, бутпарастардын аттуу-баштууларынан Умаййа бин Халаф сахабалардан азирети Абдуррахман бин Авфка:

- Согушта көкүрөгүнө төө куштун канатын кадап алган зат ким? - деп сураган кезде.

- Ал Хамза бин Абдулмутталиб! - деп жооп кайтарат. Анда Умаййа:

- Бизге кандай запкы келген болсо, ошонун баарын ошонуңар кылды! - деген экен (Ибн Хишам, II, 272).

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) абасы Хамза сыяктуу баатырдыгын көрсөтүп, бир топ бутпарастын башын эки ача кылычынан өткөргөн.[116]

Бир кезде азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) :

- Абу Жахил эмне кылып жатат болду экен? Ким карап келет? - деп жанындагы сахабаларга кайрылат. Азирети Абдуллах бин Масуд (Алла ага ыраазы болсун!) издеп

115. Бухарий, Магази, 4, 6; Муслим, Жихад, 58.

116. Ибн Асир, Усдуль-Гааба, IV, 97.

жүрүп, анын жерде жатканын көрөт. Окуянын калган чоо-жайын өзү мындайча түшүндүрүп берет:

«Мен аны акыркы көз ирмемдерин жашап жатканда көрүп тааныдым. Бутум менен мойнунан басып:

- Эй, Алланын душманы! Алла Таала сени кор кылып, шермендеңди чыгарды ээ?! - дедим.

- Алла мени эмне менен кор кылып, шермендемди чыгарды, элиң өлтүргөн адамдардын арасынан мага тең келе турган ким бар?! Ээ, койчу! Сен өтө оор жерге чыгыпсың! Сен аны таштагын да мага кабар бер, бүгүн дүйнө кимдики? -деди.

- Алланыкы жана Анын Элчисиники! - дедим. Аны өлтүргөндөн кийин Алла Элчисине келип:

- Абу Жахилди өлтүрдүм! - дедим. Ал Аллага шүгүр келтирип:

- Ал бу үммөттүн Фараону эле - деди (Бухарий, Магази, 12; Ахмед, I, 444; Ибн Хишам, II, 277; Вакиди, I, 89-90).

Согуш башталган күнү түшкө маал мусулмандардын жеңиши менен аяктайт. Бадр казатында мусулмандардан он төрт адам шейит кеткен эле. Ал эми бутпарастардан Абу Жахил баш болуп жетимиш киши набыт болуп, жетимиши туткунга түшүрүлөт. Эрдемсинген бутпарастар көксөгөн максаттарына жетпей жеңилип шаштысы кетет. Ошентип, согушта набыт болгон бутпарастар бул дүйнөдө да, акыретте да өкүнүүчүлөр кербенине кошулуп кете беришет.

Жеңиштен соң Алла Таала мусулмандардын эрдемсинип кетпөөлөрү үчүн төмөнкү эскертүү иретиндеги аятын түшүрөт:

«(Эй, мусулмандар) аларды силер өлтүргөн жоксуңар, тескерисинче, Алла Таала өлтүрдү. (Эй, Мухаммад, душмандар тарапка колуңдагы бир ууч топуракты) чачканыңда, сен чачкан жоксуң, тескерисинче Алла Таала чачты. Ошондой эле (бул жеңишти Алла Таала) Өзү тарабынан момундарга чоң белек катары тартуулады. Албетте Алла Таала – Угуучу, Билүүчү!» (Анфал сүрөсү, 17-аят)

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жеңишке жетип Бадр өрөөнүндө ачык асман алдында үч күн турат. Бул - анын каадасы эле. Бадрдын үчүнчү күнү эртең менен Пайгамбарыбыз сахабаларынын бирине төөсүн алып келишин буюрат. Жүк төөгө артылат. Алланын Элчиси жөө жолго түшөт. Сахабалар да Пайгамбарыбыздын аркасына түшүп жөө басышат. Сахабалар:

«Алланын Элчисинин (жакын арада) бир иши бар го» - деп ойлошот. Азирети Пайгамбарыбыз набыт кеткен бутпарастар ташталган кудуктун жанына келип:

- Эй, Абу Жахил! Эй, Умаййа бин Халаф! Эй, Утба бин Рабиа! Эй, Шайба бин Рабиа! - деп, сөзүн минтип улайт:

- Аллага, Анын Элчисине баш ийгениңерде жакшы болбос беле?! Биз Алла Таала тарабынан убада кылынган нерсени чындык деп билдик! Силер да Жараткандын убадасын чындык экендигин эми билдиңерби?!

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) :

- О, Алланын Элчиси! Руху жок өлүктөргө кайрылып жатасызбы?! Алар өлгөндөн кийин кантип сизди угуп, сизге кантип жооп бермек эле? -дейт.

Пайгамбарыбыз:

- Мухаммаддын жанын кудуретинде чексиз кармап турган Аллага ант берем! Алар менин сөздөрүмдү силерден да жакшыраак угушат! Бирок жооп берүүгө кудуреттери жетпейт! - деп жооп берет (Бухарий, Магази, 8; Муслим, Жаннат, 77).

Мындай чоң жеңиштен кийин Медина шаары бир башкача шаңга толуп, мусулмандардын кубанычы коюнга батпай турган эле. Ал эми Меккедеги бутпарастардын күнү түнгө айланып кайгы-муңга батып, көзүнөн кан тамгыдай өксүп, ызааланып калышкан эле. Ал тургай бутпарас Абу Лахаб ызаасына чыдабай жүрөгү жарылып өлгөн эле.[117] Ошентип Алла Тааланын убадасы толук орундалат.

Бирок ушул учурда Алла Элчисинин кыздарынан бири Азирети Рукиййа о дүйнө салат. Ошондуктан Бадр жеңишинин кубанычы көпкө созулбайт.

1.19.7 Туткундарга жасалган мамиле

Алланын Элчиси сахабалары менен Бадрда үч күн туруп Мединага кайтып келет. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) колго түшкөн туткундар жөнүндө азирети Абу Бакир, азирети Али жана азирети Умар менен ой бөлүшөт. Азирети Абу Бакир(Алла ага ыраазы болсун!):

- О, Алланын Элчиси! Булар өзүбүздүн эле тууган-туушкандарыбыз. Мен алардан фидия (туткундуктан кутулуу үчүн кун) алууңду эп көрөм. Алардан алынган фидия - биз үчүн каапырларга каршы күч болот. Балким, Алла Таала Өзү аларды туура жолго салса, алар да бизге жөлөк болор эле! - деген аруу ой-тилегин билдирет.

Пайгамбарыбыз азирети Умарга кайрылып:

- Эй, Хаттабдын уулу! Сен эмне дейсиң? - деп сурайт. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!):

- Жок! О, Алланын Элчиси! Мен Абу Бакирдин пикирине кошула албайм! Аларды тынчытууга уруксат бериңиз! Мага уруксат берсеңиз, (туугандарымдан) баланчанын башын ыргыта чабайын. Алиге да уруксат бериңиз, Акилдин (Алинин бир тууганы) башын учура чапсын. Хамзага да уруксат берсеңиз, ал да бир тууганы баланчанын башын алсын. Алла Таала жүрөгүбүздө бутпарастарга болгон жылуу сезимибизди жоготконго чейин (алардын башын алуу зарыл)! Бул туткундар - бутпарастардын башчылары, каапырлыктын тирөөчү! - дейт.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Абу Бакирдин пикирин эп көрөт (Муслим, Жихад, 58; Тирмизи, Сияр, 18/1567; Ахмед, I, 30-31, 383-384; Вакиди, I, 107; Ибн Саад, II, 22).

Анткени Пайгамбарыбыз бутпарастардан да туура жолго түшүп, Аллага моюн сунуп, жалгыз Жаратканга гана ибадат кыла турган муундун өсүп чыгышын үмүт кылган эле.

117. Ибн Хишам, II, 289

Ошентип, колго түшкөн туткундар салык төлөп, эркиндикке чыгышат. Кедей туткундардан фидия (салык) талап кылынбастан эркин кое берилет. Бирок алардан окуу-жазууну билгендердин ар бирине (Мединалык) он балага сабак берип, алардын кат-сабатын жоюу милдети жүктөлөт. Алар ошентип туткундуктан кутулушат. Алла Тааладан келген аяттарды жазуучу азирети Зайд бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун!) да калем кармап жазуу жазууну ошолордон үйрөнгөн эле (Ахмед, I, 247; Вакиди, I, 129; Ибн Саад, II, 22).

1.19.8 Олжо маселесиндеги Алла Тааланын өкүмү

Бадр казатына чейин олжолор жөнүндө Алла Тааладан эч кандай өкүм келбегендиктен, олжолорду бөлүштүрүүдө анча- мынча пикир келишпестиктер болот. Бул согушта Саид бин Ас азирети Саад бин Абу Ваккастын бир тууганын шейит кылган эле. Азирети Саад бин Абу Ваккас күйүтүнө чыдай албай Саид бин Асты өлтүрүп, анын кылычын алып Алланын Элчисине келип, бул кылычтын өзүнө берилишин сурайт. Мына ошол учурда Бадр өрөөнүндө олжолор бөлүштүрүлбөстөн оболу Анфал сүрөсүнүн алгачкы аяты түшүрүлөт:

«(Эй, Мухаммад!) Сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Аллага жана Пайгамбарга таандык. Демек, Алладан корккула жана өз ара мамиленерди оңдогула! Эгер момун болсоңор, Алла Таалага жана Анын Пайгамбарына моюн сунгула!» (Анфал сүрөсү, 1-аят)

Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ушул аяттын негизинде олжолорду адилеттүүлүк менен бөлүштүрөт.[118]

Андан соң дагы олжо тууралуу аталган сүрөнүн 41-аяты түшүрүлөт:

«(Эй, момундар!) Эгер Аллага, ак менен караны айырмалоочу, аскерлердин эки тобу беттешкен күнү Биз пендебизге (акыйкат менен бузукулукту ажыраткан күндү) ачып бергенибизге ишенсеңер, согуштан алган олжоңордун бештен бири Аллага, Анын Элчисине, жакын туугандарына, жетимдерге, бей-бечараларга, жолоочуларга тийиштүү экендигин билгиле! Алла Тааланын бүт нерсеге күчү жетет (Ал - чексиз Кудуреттүү)» (Анфал сүрөсү, 41-аят).

Бу аят боюнча, олжолордун бештен бири Аллага, Элчисине, Анын туугандарына, жетимдерге, кембагалдарга жана кароосуз калгандарга таандык эле.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) өзүнө бөлүнгөн бул үлүш менен үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын камсыз кылган соң, калганын казынага коюп, мусулмандардын муктаждыктарына, аскердик күч үчүн каржаган.[119]

Амр бин Абаса (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) ортобузда олжого келген бир төө турса да, бизге имам болду. Намазды окуп бүткөн соң төөнүн капталынан бир кыл алып (көрсөтүп):

118. Ахмед, I, 178; V, 323-324; Абу Давуд, Жихад, 144-145/2737-2744

119. Бухарий, Фараиз, 3, Хумус, 1, Нафакат3; Муслим, Жихад, 49

- Олжоңордон мага бөлүнгөн үлүштөн тышкары мына ушунчалыгы да мен үчүн адал эмес. Мага бөлүнгөн үлүштөн дагы силерге кайтарылат (силер үчүн сарпталат) - деди» (Абу Давуд, Жихад, 149/2755)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) муктаж сахабаларына колунан келишинче жардам бере турган. Ал эми өзүнүн үйүндө бир топ күн бою очок күйбөй, тамак бышпай турар эле. Үй-бүлөсүнүн бир күндүк тамагынын дагы болбогону көптөгөн хадистерде айтылып калган. Бул хадистердин бири кутман сахабалардан азирети Анас (Алла ага ыраазы болсун!) тарабынан айтылып калган:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине Бахрейнден мал-мүлк келген эле. Алланын Элчиси:

- Булар мечитте турсун! - деди. Бул мал-мүлк (ушул күнгө чейин) Алла Элчисине келген мал-мүлктүн эң көбү эле. Пайгамбарыбыз намаз окуганы кетти. Мал- мүлктү ачып карабады. Намаз бүткөндөн кийин мал-мүлктүн жанына басып келди. Анан каптын оозун ачып, (ичиндеги дирхамдарды) ошол жердегилердин баарына бөлүштүрүп берип жатты... Алланын Элчиси капка бир да дирхам калтырбай бардыгын таратып жиберди» (Бухарий, Солаат, 42, Жизия, 4, Жихад, 172).

1.19.8 Жөөттөр жана Бани Кайнука казаты (Шавваль, 2-жыл/Апрель, 624-жыл)

Мединада жашаган жөөттөр убагында акыркы пайгамбар чыга турганын ооздорунан түшүрбөс эле. Алар акыркы пайгамбар өздөрүнөн чыгарын ойлогондуктан бу кабарды буга чейин жайып келишкен. Бирок акыр заман Пайгамбары Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбыздын жөөттөрдөн эмес, араптардан болушу аларга өтө оор келет. Баягы сөздөрү дароо өзгөрүп, азирети Пайгамбарыбыздын пайгамбарлыгын четке кагышат. Жараткан Алла Таала жөөттөр жөнүндө мындай дейт:

«Алла Таала өзү каалаган пенделерине Өзүнүн ырайымы менен аяттарын жибергенине каршы чыгып, Алла Таала жиберген нерселерге каапырлык кылып, өздөрүн сатышы кандай жаман. Анан каар үстүнө каар алып кайтышты. Каапырлар үчүн кордоочу азап бар» (Бакара сүрөсү, 90-аят).

Жөөттөрдүн мындай кадамынын дагы бир себеби, бул дүйнөгө болгон сүйүүлөрү эле. Бул жөнүндө Куран аяттарынын биринде мындай делет:

«А түгүл алардын Алла Таалага башканы теңегенин да, жашоого ач көз кишилер экенин да көрөсүң, алар миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт...» (Бакара сүрөсү, 96-аят).

Ошондой эле жөөттөр соода тармагын да өздөштүрүп, байлыгы ашып-ташып, күч-кубатка толуп тургандыктан өздөрүн жогору сезип, башка элдерди теңине албай:

«...Биз Алланын уулдарыбыз жана Анын сүйүктүүсүбүз...» (Маида сүрөсү, 18-аят) дешээр эле.

Мындай жат иштеринен улам Жараткан тарабынан эскертүү келсе, алар төмөнкүчө жооп кайтарышар эле:

«...Биз тозок отуна саналуу гана күндөрдө түшөбүз!..» (Бакара сүрөсү, 80-аят)

Бирок Алла Таала чындык алардын ойлогонуна төп келбестигин төмөнкү аяты аркылуу билдирет:

«Жок! Жамандыкты (бузукулукту) кесип кылып, күнөөгө белчеден баткандар – тозоку! Алар ошол жерде түбөлүк болушат» (Бакара сүрөсү, 81-аят).

Алланын Элчиси Мединадагы жөөттөр менен келишим түзсө да, көз көрүнөө Ага болгон кастыгынан кайтышпайт. Уруулар ортосундагы мурунку келишпестиктерди кайрадан жандандырып, элди бири-бирине тукуруп коомдо чагымчылык чыгарууга жан далбас урушат. Алардын тымызын жасап жаткан бул иш-аракети тууралуу Жараткан Алла Таала акыркы Пайгамбарына жана мусулмандарга мындайча кабар берет:

«Эй, момундар! Өзүңөрдөн башкаларды сырдаш, дос тутпагыла! Алар силерге зыян келтирүү үчүн күчтөрүн аяшпайт. Алар силердин балээге кабылышыңарды каалашат. Алардын кеги оозунан (чыккан сөздөн) ачык-айкын көрүнүп турат. Жүрөктөрүндөгү тагы (кеги, кастыгы) абдан чоң. Чындыгында, муну түшүнүүңөр үчүн Биз силерге белгилерди ачык-айкын көргөздүк»

«(Эй, момундар!) Силер аларды жакшы көрөсүңөр, бирок (баары бир) алар силерди жек көрүшөт. Силер бардык китептерге ыйман келтиресиңер. Алар менен бетме-бет келген учурда: -Ишендик! -дешет. Өздөрүнчө калган кезде (силерди жек көргөндүктөн итиркейи келип) бармактарын тиштешет. (Эй, Мухаммад! Аларга) : «Ушул караниетиңер менен өлүп кеткиле!» - деп айткын. Чындыгында, Алла Таала жүрөктөрдүн түпкүрүндөгүнү Билүүчү Зат!»

«Эгер силер кандайдыр бир ийгиликке жетсеңер, бул аларга жакпайт. Ал эми силер бир жамандыкка туш болсоңор, анда алар (абдан) кубанышат. Эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, алардын караниетинен эч качан зыян тартпайсыңар! Албетте, Алла Таала алар жасап жаткан иштердин баарысын билет!» (Аали Имран сүрөсү, 118-120-аяттар

Бул аяттарда маалымдалгандай, мусулмандарга каршы жашыруун кас болуп, кек сактаган жөөттөргө мусулмандардын Бадр согушунда жеңип чыгышы чындыгында эле өтө оор келет. Жөөттөр мусулмандардын жеңишин көтөрө албай, мусулмандарга каршы согуш жарыялоого чейин барышат. Ошентип алар сөздөрүнө тура алышпай ортодо түзүлгөн мекендештик келишимин бузушат.

Жөөттөр эң жакын досу болгон эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай менен бирге жөөттөрдүн базарын мусулмандарга каршы тузак катары колдонуунун жолдорун ойлоп чыгышат. Аларда мусулмандар тууралуу кыпындай да жакшы ой жок эле. Алар мүмкүнчүлүк болсо, Алланын Элчисинин өмүрүнө кол салууну да көздөшө турган.

Күндөрдүн биринде базарда бир зергерден мусулман аял өзүнө керектүү буюм-тайымын сатып алып жаткан болот. Бузукулукту өтө мыкты өздөштүргөн жөөттөр тиги мусулман аялга ооздоруна келген жаман сөздөр менен акаарат келтиришет. Бул учурда базардын кыйырынан өтүп бараткан мусулман адам аялдын кыйкырыгын угуп, дароо мусулман боордошун коргоо үчүн зергер жөөткө карай бет алат. Мушташ чыгып кетет. Мусулман адам зергер жөөттү өлтүрүп алат. Тегеректеп турган жөөттөр мусулман адамды ошол жерден өлтүрүп коюшат. Жаңжал башталат. Мекендештик келишими эми чындап

бузулган эле. Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жөөттөр менен жолугуп:

- Эй, жөөттөр! Алладан корккула! Алла Таала Курайштын башына түшүргөн алааматты силерге да түшүрөрү толук ыктымал. Андыктан азыртан сактанып, ыйманга келип мусулман болгула! Анткени силер менин акыркы Пайгамбар экенимди (айкын) билесиңер. Бул чындык колуңардагы китебиңерде- Алланын силерге берген убадасында (бакыйып) жазылып турат - деп буюрат.

Андан соң Пайгамбарыбыз аларга кетирген осолдугун жууш үчүн (белгилүү өлчөмдө кун) төлөөлөрүн жана тынчтык-мекендештик келишимине чекит койгусу келбегенин да билдирет. Келишимди жаңылоону сунуштайт. Бирок жөөттөр:

- Эй, Мухаммад! Сен эмне бизди согуштун ыкмаларынан кабары жок, тажрыйбасыз Курайш деп ойлоп жатасыңбы? Биз алардан өткөн баатыр, тайманбас эр жүрөкпүз! Биз менен согуш майданында жолукканыңда биздин ким экенибизди ошондо билесиң! - дешет.

Алла Таала бул окуядан кийин төмөндөгү аяттарын түшүрөт:

«Ыймансыздарга: - Силер жакында жеңилесиңер жана тозокко чогуласыңар- деп айт! Ал кандай гана жаман жер! Бетме-бет келген эки кошуундун ортосунда болгон кагылышууда белгилер (үлгү-сабактар) бар...» (Аали Имран сүрөсү, 12-13-аяттар) [120]

Ошентип тынчтык келишимди бузуп, мусулмандарга каршы согуш жарыялаган жөөттөр карөзгөйлүгүн дагы бир жолу айдан ачык, даана билдиришкен эле. Мындан оң майнак чыкпасын түшүнгөн Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Алиге тууну көтөртүп, Кайнука жөөттөрүн көздөй жүрүш жасайт. Жөөттөр чептеринен чыкпай коргонушат. Алар эки жүздүүлөр менен бирге мусулмандарга каршы бир топ айла-амалдарды ойлоп табышса да, анын бирөөсүн да колдонууга чамалары жетпей, чептен бир да жаанын жебеси чыкпайт. Анткени Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бир жагынан аларды курчоого алып, экинчи жагынан эки жүздүүлөр тараптан келчү чабуулду эске алып, аларга да каршы бардык чараларды көрүп койгон эле.

Жөөттөрдүн чепке баш калкалоолорун эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убай сунуштап, эки жүздүүлөр дайым алар менен бирге болоруна сөз берген эле. Бирок эки жүздүүлөрдүн ишеничтүү башчысы жөөттөргө жардам берүүгө дарамети жетпей, сөзүнө тура алган эмес эле.

Курчоо он беш күнгө созулат. Акырында ишенген Абдуллах бин Убайдын жардамы келбей калганына көздөрү жеткен жөөттөр коркуп кечирим суроого аргасыз болушат. Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) өкүмүнө айласыз моюн сунушат. Кайнука уруусу менен Хазраж арап уруусунун ортосунда мурунтан эле тынчтык келишимин эске салып ортого кирген эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай Пайгамбарыбыздан алардын кечирилишин суранат. Анткени араптардын үрп-адаты боюнча мындай учурда жөөттөр кыргын табышы керек эле.

Ырайымдуулуктун Пайгамбары (саллаллаху алейхи ва саллам) алардын кыргынга учурашын каалабайт. Аларды Сирия тарапка сүргүнгө айдайт. «Вадиль-Кура» - деген

120. Абу Давуд, Хараж, 21-22/3001

жерге барып бир ай туруп калышат. Вадиль-Куранын жергиликтүү жөөттөрү алардын жөө келгендерине ат-төө берип, күлазыктарын да даярдап беришет. Ошентип жолго түшкөн Кайнука уруусунун жашоосу барган жерлеринде да көпкө созулбайт.[121]

1.19.10 Ахли Байт жана Ахли Байтка болгон сүйүү

«Ахли Байт» – деген сөздүн түз мааниси «бир коломтодо түтүн булаткан үй-бүлө» - деген маанини түшүндүрөт. Ал эми Ислам терминологиясында, бул сөз бүткүл ааламдын Сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) бүлөсү үчүн колдонулат. Азирети Пайгамбарыбыздын бүлөсүнө өз үй-бүлөсү, азирети Али, азирети Жафар, азирети Акил жана азирети Аббастын үй-бүлөлөрү да кирет. Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) салават айтып, салам жолдоо бүткүл мусулмандар үчүн кандай маанилүү болсо, ахли байтка да урмат-сый көрсөтүү дал ошондой маниге ээ.[122]

Алла Элчисинин үй-бүлөсү үчүн зекет алуу арам болуп эсептелет. Күндөрдүн биринде азирети Пайгамбарыбыз азирети Хасандын казынага таандык зекеттен келген курмадан бирди оозуна алып жатканын көрүп калат. Ошол замат курманы оозунан алып чыгат да:

-Мухаммаддын үй-бүлөсүнө зекет берилбесин (алигиче) билбейсиңби? – дейт. (Бухарий, Зекет, 57; Ахмед, I, 200).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай дейт:

«Жараткан Алланы Тааланы бизди жакшылыктарына бөлөгөнү үчүн жакшы көргүлө! Мени Алланы сүйгөндүгүңөр үчүн жакшы көргүлө! Ал эми менин ахли байтымды мени жакшы көргөндүгүңөр үчүн жакшы көргүлө!» (Тирмизи, Манакыб, 31/3789).

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз небереси Хасан менен Хусайнды колунан кармап:

«Ким мени, мына бул экөөнү, булардын ата-энесин жакшы көрсө, кыяматта мени менен бирге болот» (Тирмизи, Манакыб, 20/3733) - деген экен.

Кутман сахабалардын Алла Элчисинин жакындарына бапестеген сүйүүсү бөтөнчө эле. Аларга терең сый-урмат көрсөтүшөөр эле. Анткени сүйгөн адам сүйгөнүнө болгон сүйүүсүнө жараша анын досторун, жакындарын, кийген кийимин кыскасы аны эске сала турган бүт нерсени жакшы көрөт. Сүйүү күчөгөн сайын анын сүйүүсү сүйгөнүнүн тегерегиндегинин баарына чагылышат.

Мына ошол Алла Элчисин өз жанынан да артык көргөн сахабалар Алланын Элчиси төөсүнө минээрде үзөңгүсүнөн бери кармап берип турушар эле.[123] Алар кыямат күнү бардык туугандык байланыштар үзүлгөн чакта Пайгамбарыбыз менен гана байланышы барлардын туугандык байланышы үзүлбөстүгүн билишкендиктен, азирети Пайгамбарыбыздын жакын туугандарынан бирине үйлөнүү аркылуу Аны менен туугандык ымала курууну жан дилден эңсешкен.[124]

121. Ибн Хишам, II, 426-429; Вакиди, I, 176-180; Ибн Саад, II, 28-30.
122. Ахмед, I, 323
123. Хайсами, IX, 348
124. Хайсами, IX, 173

Алла Элчисинин урпагынан тарагандар бүгүнкү күндө Ислам ааламынын ар кайсы жерлеринде жашап келет. Хусайндан (Алла ага ыраазы болсун!) тарагандар «Саййид», ал эми Хасандын (Алла ага ыраазы болсун!) урпагы «Шариф» -деп айтылат. Осмон мамлекети учурунда саййиддерди «амир», башына кийген жашыл селделерин «амир селдеси»- деп коюшар эле. Осмон мамлекетинин доорунда Пайгамбарыбыздын урпагынан тараган аял кишилер да жашыл жоолук салынышар эле.

1.20 ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.20.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле?

1. Азирети Мухаммед пайгамбар мусулмандарды соодагерлик менен алектенүүсүнө эмне үчүн өзгөчө маани берген?

2. Эмне үчүн Азирети Мухаммед пайгамбар жамаат менен намаз окууга өзгөчө маани берген?

3. Мухажирелер кимдер эмне үчүн мухажирлер деп аталып калган?

4. Ансарлар кимдер эмне үчүн ансарлар деп аталып калган?

5. Мухажирлердин азыркы учурдагы мусулман коомчулугундагы орду туурасында маалымат бергиле?

6. Ансарлардын азыркы учурдагы мусулман коомчулугундагы орду туурасында маалымат бергиле?

7. Мухажир ансар бир туугандыгы туурасында түшүрүлгөн аяттарга түшүндүрмө бергиле?

8. Мадина шаары туурасында маалымат бергиле?

9. Мадина келишиминин ислам тарыхындагы орду туурасында маалымат бергиле?

10. Масжиду-наби мечитинин курулуусу туурасында маалымат бергиле?

11. Асхабу-Суффанын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат бергиле?

12. Согушка уруксат берилүүсү жөнүндө түшүрүлгөн аяттарды чечмелеп бергиле?

13. Хижраттын экинчи жылындагы казаттардын максаты туурасында маалымат бергиле?

14. Кыбыланын алмашуусу туурасында түшүрүлгөн аятка түшүндүрмө бергиле?

15. Бадр согушу кайсы себептерден улам келип чыккан?

16. Бадр согушунда периштелердин жардамын аяттардын негизинде түшүндүрүп бергиле?

17. Бадр согушунда туткунга түшүрүлгөндөргө кандай мамиле жасалган?

18. Бадр согушунда колго киритилген олжолор туурасында Алла Тааланын өкүмү туурасында түшүрүлгөн аяттарды түшүнтүрүп бергиле?

19. Жөөттөр менен болгон мамиле Бани Кайнука казаты туурасында маалымат бергиле?

20. Ахли-Байт деп кимдерге айтылат? Ахли-Байт туурасында маалымат бергиле?

1.20.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле?

1. Пайгамбарыбыз Мадинага көчүп барганда кимдин үйүндө конок болгон?

А. Азирети Мусаб бин Умайр.
Б. Азирети Аюб Аль-Ансари.
В. Азирети Убайда бин Харис.
Г. Азирети Муаз бин Афра.

2. Мухажирлер жана ансарлардан Алла Таала ыраазы болгондугу туурасында кайсы сүрөсүнүн кайсы аятында баяндалат?

А. Бакара сүрөсүнүн 5-аятында.
Б. Исра сүрөсүнүн 1-аятында.
В. Тообо сүрөсүнүн 100-аятында.
Г. Фатиха сүрөсүнүн 1-аятында.

3. Ясриб кайсы шаардын эски аты болуп саналат?

А. Мекке
Б. Мадина
В. Таиф
Г. Жидда

4. Меккеден Мадинага көчүп баргандарга жардам берген жергиликтүү мусулмандар эмне деп аталган?

А. Мухажирлер
Б. Ансарлар
В. Авс жана Хазреж
Г. Эч бирөөсү

5. Бадр согушу канчанчы жылы кимдерге каршы болгон?

А. Хижраттын экинчи жылында Мадиналык христиандарга каршы болгон.
Б. Хижраттын экинчи жылында Меккелик мушриктерге каршы болгон.
В. Хижраттын экинчи жылында Меккелик жана Эфиопиялык мушриктерге каршы болгон.
Г. Үч вариант да туура.

6. Мадинада Куба мечитинен кийин кайсы мечит курулган?

А. Акса мечити
Б. Набави мечити
В. Султан Фатих мечити
Г. Эч бирөөсү.

7. Алгачкы азан айтуу кайсы сахабанын түшүнө ыроолонгон?

А. Азирети Абу Бакр
Б. Азирети Билал
В. Азирети Абдуллах бин Зайд
Г. Азирети Али

8. Мусулмандарга согушууга уруксат берилүүсү кайсы сүрөнүн канчанчы аяттарында баяндалган?

А. Хаж сүрөсү 39-40-аяттарында.

Б. Бакара сүрөсү 5-аятында.

В. Исра сүрөсүнүн 2-аятында.

Г. Ясин сүрөсүнүн 3-аятында.

9. Ахли Байт деп кимдерге карата айтылат?

А. Меккеден Мадинага көчүп келгендерге.

Б. Меккеден Мединага көчүп келгендерге жардам берген жергиликтүү мусулмандарга.

В. Азирети Мухаммед пайгамбардын өз үй-бүлөсүнө.

Г. Эч бири.

10. Бадр согушунда туткунга түшкөндөрдөн фидия (туткундуктан кутулуу үчүн кун) алууну кайсы сахаба сунуштаган?

А. Азирети Умар.

Б. Азирети Абу Бакир.

В. Азирети Усман.

Г. Азирети Али.

محمد رسول الله

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ



БЕШИНЧИ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- ХИЖРАТТЫН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ
- ХИЖРАТТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ
- ХИЖРАТТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

1.21 ХИЖРАТТЫН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ

1.21.1 Ухуд Казаты (7-шавваль, 3-жыл/ 23-март 625-жыл)

Ухуд казаты да Меккелик бутпарастар менен болгон улуу согуштардын бири болуп эсептелет. Ухуд казаты хижраттын үчүнчү жылы шавваль айында болгон. Меккелик бутпарастар Бадрда жеңилүү ызасын тартып, абдан кайгы-муңга батышкан эле. Анткени алар бир туугандарынан, жакындарынан ажыраган эле. Ошондуктан алар өч алуу үчүн кызуу даярдыктарын көрө башташат. Курайштын башчысы Абу Суфяндын аялы Хинд да катуу өксүп өч алууну эңсейт. Арадан көп убакыт өтпөй үч миң кишилик кошуун мыкты деңгээлде даярдалат. Үч миң кишилик кошуун Абу Суфяндын Бадр казатындагы кербени менен камсыздалат. Курайш уруусу башка арап урууларынан да жардам сурайт.[125]

Ошол учурда Алла Элчисинин абасы азирети Аббас Меккеде жашагандыктан ал жерде болуп жаткан окуяларды Мединага жеткирип турат.[126] Азирети Пайгамбарыбыз бул жагдай жөнүндө мусулмандар менен жыйын өткөзөт. Жыйында «Мединадан чыкпай коргонуу керекпи же шаардын кыйырына чыгып бутпарастар менен согушуу керекпи?» - деген эки сунуш ортого салынат. Азирети Пайгамбарыбыз өзү «Мединада коргонуу керек» - деген пикирде эле. Бирок Бадр казатына катыша албай калган көпчүлүк жаш эр жүрөктөрдүн жана азирети Хамза сыяктуу баатырлардын пикири менен шаардын чет жакасында душмандар менен согушууга чечим чыгарылат.[127] Баатырлардын арасынан кээ бири мындай дешет:

- Биз ушундай күндү чыдамсыздык менен күтүп жаткан элек!

Ошентип Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үйүнө барып согушка кийчү кийимин кийинип, курал-жарагын алып согушка камылгасын көрөт. Бул учурда Мединада коргонуу керектигин жактагандар азирети Хамза сыяктуу баатырлар менен сүйлөшүп, пикирлеринен кайтарат. Азирети Саад бин Муаз менен азирети Усайд бин Худайр аларга:

- Мединадан чыккысы келбесе да, силер Алла Элчисинин алдында көшөрлөнүп туруп алдыңар. Ал эми Ага буйрук Жараткандан келет. Мындай иштерде аны менен талашпагыла! Ал эмнени буюрса, ошону аткаргыла! - дешет. (Вакиди, I, 213-214)

Алар ошол замат Пайгамбарыбызга келип:

- О, Алланын Элчиси! Биз ой-пикирибизди өзгөрттүк, сиздин пикириңизге кайттык. Биз ката кетирдик! Кечириңиз бизди! Сиз кандай кааласаңыз, ошондой аракет кылыңыз -деп кечирим тилешет.

125. Вакиди, I, 199-203
126. Ибн Саад, II, 37
127. Ибн Хишам, III, 6-7

Анда Алланын Элчиси:

- Пайгамбар согушка кийчү кийимин кийинген соң, аны согушпай туруп чечпейт! Буйругумду аткарууга аракет кылгыла! Кана эмесе, Алланын ысымы менен жөнөгүлө! Эгерде сабыр кылып, (ар бириң) өз милдетиңди толук аткарсаңар, Алла Таала бул согушта да бизди жеңишке жеткирет! - дейт (Вакиди, I, 214; Ибн Хишам, II, 38).

Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жума намазынан кийин Мединага азирети Абдуллах бин Умму Мактумду өзүнүн ордуна өкүл катары дайындап, миң адамдан турган колу менен жолго түшөт. Жолдон эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай каадасына салып үч жүз кишиси менен артка чегинет. Ошентип Ислам кошуунунда жети жүз чамасында гана адам калат. Жараткан Алла Таала бул окуя боюнча төмөнкү аяттарын түшүрөт:

«Момундарды аныктоо үчүн эки топ каршылашкан күнү силерге келген кырсык Алланын каалоосу менен болду. Ошондой эле (бул казат) эки жүздүүлөрдү билүү үчүн (болгон эле). Аларга: «Келгиле, Алланын жолунда согушкула же (эч болбосо) коргонууга туруп бергиле!» - деп айтылган чакта «Эгер согушту билгенибизде, силердин артыңардан ээрчийт элек»-дешти. Алар ал күнү ыйманга караганда каапырлыкка жакыныраак болчу. Алар көңүлдөрүндө болбогон нерсени ооз учунан гана айтышты. Алла Таала алардын жашырган нерселерин (ниеттерин) жакшы билет» (Аали Имран сүрөсү, 166-167-аяттар)

«(Эй, Мухаммад!) Үйүндөн эрте чыгып, момундарды согуш үчүн катарга тиздиң. Алла Таала – Угуучу, Билүүчү! Ошол убакта силерден эки топ кайратынан тая түштү. Алла Таала ал эки топтун да жардамчысы. Момундар жалгыз Аллага гана тобокел кылышсын (таянышсын)!» (Аали Имран сүрөсү, 121-122-аяттар)

Бир жагынан караганда, эки жүздүүлөрдүн кошуундан бөлүнүп кетиши – бул, Алланын өзүнчө жакшылыгы эле. Анткени бул учурда алардын мындай кубулма аракети кошуунга зор залакасын тийгизе алган эмес. Тескерисинче, мусулмандар кошуундагы эки жүздүү чоркоктордон тазаланып, көкүрөктөгү ыймандары ого бетер күчөп, толукшуп турган эле. Салгылашуудан мурда бөлүнүшү мусулмандар үчүн дагы жакшы болгон. Эгерде алар согуш болуп жаткан кезде бөлүнгөндө мусулмандар үчүн дагы да оор кылдаал жаралып, демдери сууп, өтө алсырап калышмак.

Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) кошуундун бир бөлүгүн Ухуд тоосунун этегине жайгаштырат. «Айнайн» - деген Ухуд тоосуна жанаша жайгашкан дөңдүн чокусуна душмандардын арка тараптан чабуул коюу ыктымалына каршы элүү жаачан мергенин жөнөтөт. Пайгамбарыбыз жаа тарткан мергендерге азирети Абдуллах бин Жубайрды башчы кылып дайындап жатып:

- Силер бизди аркабыздан коргойсуңар. Душмандар жеңсе да, жеңилсе да менден буйрук келмейин ордуңардан жылбагыла! - деп эскертүү берет. (Ибн Хишам, III, 10; Ахмед, I, 288)

Согуш адаттагысындай эле эки жактан экиден адам эрөөлгө чыгуу менен башталат. Алланын арстаны атанган азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) бутпарастардын туусун көтөргөн Талханы бир уруп жерге сулатат. Курайштын туусун алган Талханын бир

тууганы Осмонду азирети Хамза, Осмондон кийин бутпарастардын байрагын колго алган үчүнчү кишисин азирети Саад бин Абу Ваккас өлтүрөт.

Ошентип, эки кошуундун ортосунда согуш кызуу башталат. Согуш болуп жаткан кезде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

«Коркоктук - алсыздык, төмөндүк. Тайманбастык - бул, улуулук!»- деген маанидеги сөз жазылган кылычын көрсөтүп:

-Муну менден ким алат? - дейт.

Сахабалар жамырашып:

- Мен, мен! - дешип, Пайгамбарыбыздын кылычына ашыгат.

Азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) бу сапар:

- Бул кылычтын акысын ким бере алат?! - дегенде сахабалар унчукпай калышат. Ансарлардан азирети Абу Дужжана (Алла ага ыраазы болсун!) өйдө туруп:

- Анын акысы кандай, о, Алланын Элчиси? - деп сурайт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

- Бул кылычтын акысын бере билүү үчүн белиң ийилип, жыгылып калганга чейин душмандар согушууң керек... – деп жооп берет.

Анда азирети Абу Дужжана:

- Мен алам, о, Алланын Элчиси! – дейт.

Азирети Абу Дужжана кылычты колго алып, кызыл селдесин чалынып, согуш майданында кыр көрсөтүп, боюн өйдө көтөрүп басат. Пайгамбарыбыз анын минтип басып баратканын көрүп:

- Алла Таала минтип басууга мындай учурлардан тышкары уруксат бербейт - дейт (Ибн Хишам, III, 11-12; Вакиди, I, 259; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 128).

Ухуд казатында жөөт аалымдарынан «Мухайрык» - деген адам Исламды кабыл алат. Ал киши Азирети Пайгамбарыбызды Тооратта айтылган сыпаттары менен жакшы тааный турган. Ал илим аркылуу тапкан акыйкатты Ухуд казатына чейин ачыкка чыгара алган эмес эле. Бүткүл ааламдын мырзасы азирети Пайгамбарыбыз Ухуд казаты башталаарда жөөттөргө кайрылып:

- Эй, жөөт жамааты! Валлахи, силер Мухаммаддын пайгамбар болгонун, Ага жардам беришиңер керек экендигин эң сонун түшүнөсүңөр! -деген эле.

Жөөттөр:

- Бүгүн күнгө ишемби. Биз бүгүн эч нерсе менен алектенбөөбүз керек! - деп сөздөн качат.

Мухайрык:

- Силердин ишемби күнү деген эч нерсеңер жок! - дейт да, курал-жарагын алып, мал-мүлкүн туугандарынан бирине:

- Эгер бүгүн өлтүрүлсөм, бүт мал-дүнүйөм Мухаммаддыкы болот. Ал аларды Алла Таала көрсөткөн жол боюнча колдонот! - деп тапшырат. Мухайрык Ухуд согушунда душмандарга каршы согушуп шейит кетет. Азирети Пайгамбарыбыз Мухайрыктан калган жети курма бакчасын алып, мусулмандардын казынасына өткөрөт. Азирети Пайгамбарыбыз азирети Мухайрык тууралуу мындай дейт:

«Мухайрык жөөттөрдүн эң ардактуусу!» (Ибн Хишам, III, 38; Вакиди, I, 263; Ибн Саад, I, 501-503).

Алгач өз уруусунун Исламды кабыл алышына каршы чыгып, кийин жаңылыштыгын билип бушайман болгон Усайрам кызуу камылга көрүп, Алла Элчисине келип:

- О, Алланын Элчиси! Алгач сиз менен бирге согушка барайынбы же мусулман болоюнбу? -дейт.

Алланын Элчиси:

- Алгач мусулман бол, андан кийин бар! - деп буюрат. Ошентип Усайрам мусулман болуп, согуш майданында шейиттердин кербенине кошулуп кете берет.

Алланын Элчиси Усайрам жөнүндө мындай дейт:

«Аз иштеди, бирок албан ийгиликке жетти!» (Бухарий, Жихад, 13; Муслим, Имара, 144).

Ал жарат алгандардын арасында жаткан кезде кызыгуу менен карап тургандарга акыркы деминде:

«Мен мусулман болуу үчүн келдим. Алланын жана Анын Элчисинин жолунда салгылашып, жарат алдым!» - деп жаткан эле.

Азирети Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун!) сахабаларга бул адамды табышмак иретинде:

- Айткылачы, жашоосунда бир да жолу намазга жыгылбай, бейишке кирген адам ким? - деп суроо салган эле. Сахабалар абдан таң калышып, эч биринен жооп келбейт. Сахабалар кайра өзүнөн сурашат. Анда азирети Абу Хурайра:

-Ал Усайрам, толук аты Амр бин Сабит! - деп жооп берет (Ибн Хишам, III, 39-40; Вакиди, I, 262).

Мусулмандар адегенде душмандарга катуу чабуул коет. Сан жагынан да, даярдык жагынан да мыкты болгон бутпарастар артка чегинип, кача башташат. Мусулмандар душмандарды сүрүп бир топ жерге чейин кубалап барышат. Ошентип, «жеңишке жеттик» - деген чолок ой менен олжо жыйнап киришет. Дөбөдө тургандар согуш майданындагы мусулмандарды көрүп, Алла Элчисинин эскертүүсүн эстерине салган азирети Абдуллах бин Жубайрды да укпай, тоодон түшүп олжо топтоого жөнөшөт. Акыры Айнайн чокусунда болгону азирети Абдуллах менен бирге жети сахаба гана калат.

Айтоор, балээнин баары ушундан кийин башталат. Душмандардын зирек аскер башчыларынан Халид бин Валид атчан колу менен чыдамсыздык менен күтүп жаткан мүмкүнчүлүктү туура пайдаланат. Дароо атчан колу менен мергендер турган тоонун арка жагынан келип, азирети Абдуллах менен калган жети сахабаны шейит кылышат. Ошентип, бутпарастар олжо жыйнаган мусулмандардын арка тарабынан чабуул коюшат. Ыдырап

качып бараткан душмандар аркадагы өзгөрүштү көрүп, дароо кайра мусулмандарды көздөй бет алышат. Ислам кошууну эки тараптан каптап кирген душмандардын ортосунда калышат. Катуу салгылашуу болот.

1.21.2 Шейиттердин мырзасы аталган азирети Хамза

Бир карасаң согуш майданынын бу четинде, бир карасаң тиги четинде бүт күчү менен салгылашып жүргөн эр жүрөк баатыр азирети Хамзаны (Алла ага ыраазы болсун!) Хинддин кулу, көзгө атар мерген Вахши найзасы менен жерге сулатат. Вахши бул ишке Хинддан эркиндигин алуу үчүн барган эле. Муну чыдамсыздык менен көксөп, күтүп келген Хинд мыкаачылык менен азирети Хамзанын (Алла ага ыраазы болсун!) боорун алдырып, Бадрдан калган өчүн алуу үчүн аны тиштеген эле. Ошондуктан ал «Акилатул-акбаад», тагыраак айтканда «Боор жегич»- деген лакап атка конгон эле.

Бул учурда «Азирети Хамза шейит кетти» - деген суук кабар төрт тарапка жайылып кетет. Мусулмандар айласын таппай, дендароо болуп, эндирей түшөт. Алла Таала бу жагдай жөнүндө мындай буюрат:

«Алла Таала Өз убадасын аткарды. Силер аларды Алланын каалоосу менен талкалай баштадыңар. Качан гана силер коркуп, буйрукка каршы чыгып, силер жакшы көргөн нерсеңерди Алла Таала өзүңөргө көрсөткөндөн кийин гана силер баш тарттыңар. Арацарда бу дүйнөнү дүйнөнү да, акыретти да каалаган кишилер бар эле. Ал силерди сыноо үчүн алардан жеңилүү менен кайтарды. Бирок, Ал силерди кечирди. Алла Таала ыймандууларга өтө Мээримдүү» (Аали Имран сүрөсү, 152-аят)

Алла Таала бу аятта азирети Абдуллахтын сөзүн укпай тоодон түшүп кеткен мергендерге «Бул дүйнөнү каалаган кишилер» - деп эскертүү берип, ал эми Пайгамбарыбыздын сөзүнө баш ийип, шейит кеткен сегиз сахабаны «Акыретти каалаган кишилер» - деп алкоого алат.

Бул согушта бутпарастар көптөгөн мусулмандарды шейит кылышат. Айрым бутпарастар азирети Пайгамбарыбызды көздөй атырылып чабуул коюшат. Бүткүл ааламдын Мырзасына чабуул күч ала баштайт. Азирети Талха бин Убайдуллах мындай дейт:

«Сахабалардын шаштысы кетип ыдырай баштаган маалда бутпарастар чабуулга өтүп, Пайгамбарыбызды төрт тараптан курчоого алышты. Пайгамбарыбызды биринчи астынанбы, оң жагынанбы, артынанбы же сол жагынан коргосомбу - деп башым айланып турду. Кылычымды сууруп чыгып алгач астынан, экинчи ирет аркасынан келгендерге тап берип, жолоткон жокмун. Акырында тарап кетишти» (Вакиди, I, 254)

Көзгө атар мергенчилиги менен таанымал бутпарас Малик бин Зухайр Алланын Элчисин көздөй жаа тарткан эле. Азирети Абу Талха Алла Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) жебе келатканын көрүп, дароо Пайгамбарыбызды коргоого жандалбас урат. Жебе Абу Талханын бармагын жулуп өтөт. Абу Талха ошентип бармагынан ажырайт.[128]

128. Ибн Саад, III, 217

Мусулмандардын бир бөлүгү Алла Элчисин тегеректеп коргоого алышат. Анын алдында шейит кетүүгө даяр турганына ант ичип:

- Мал-дүнүйөм да, жаным да сага садага, о, Алланын Элчиси! Алланын саламы ар дайым Сен үчүн болсун! Жаныңдан карыш жылбайбыз! -дешип, согуштун акырына чейин бүт күчтөрү менен жан үрөй салгылашат (Ибн Саад, I, 46; Вакиди, II, 240).

Азирети Абу Талха (Алла ага ыраазы болсун!) да жаа тарткан мыкты мерген болгон. Ухуд казатында ал эки же үч жааны сындырган эле. Алланын Элчиси саадак көтөрүп бараткандарга:

- Саадагыңардагы жебелерди Абу Талхага бергиле! - деп айтып жаткен эле. Азирети Пайгамбарыбыз Абу Талханын аркасынан башына көтөрүп душмандарды караган сайын Абу Талха:

- О, Алланын Элчиси! Ата-энем сага садага болсун! Башыңызды көтөрбөңүз! Ок тийип калат. Менин көкүрөгүм сизге калкан болсун. Ок Сизге кадалганча мага кадалсын! - деген экен (Бухарий, Магази, 18).

Азирети Катада бин Нуман (Алла ага ыраазы болсун!) да Алла Элчисине калкан болуп, жаасы жараксыз абалга келгенге чейин душмандарга удаама-удаа жебе тартып жаткан эле. Акырында бир көзүнө ок тиет. Кареги чыгып жүзүнө салаңдап, көзүнөн ажырайт. Азирети Катаданы көргөн Пайгамбарыбыздын зээни кейип, жүрөгүнөн сызылып келген кайгы-муң, көзүнөн кан тамгыдай ачуу жашка айланып чыгат. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Катаданын карегин колуна алып, ордуна салат. Ошентип Катаданын бул көзү экинчисине караганда дагы жакшы көрүп калат.[129]

Аял кишилерден азирети Умму Умара (Алла ага ыраазы болсун!) да Ухуд казатында жаа тарткан мергендердин бири болот. Казаттан соң Мединага кайткан Алланын Элчиси:

- Согуш майданында оң жагымды карасам да, сол жагымды карасам да Умму Умараны жанымдан алыс кетпей согушуп жүргөнүн көрдүм - деген эле (Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 479).

Алла Элчисинин алкоосуна татыган азирети Умму Умара айым азирети Пайгамбарыбызга:

- Бейиште сени менен кошуна жашоом үчүн Аллага дуба кылыңыз! -дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

«Оо, Жараткан Алла! Буларды мага бейиште кошуна жана дос кыла көр!» - деп дуба кылат. Анда азирети Умму Умара (Алла ага ыраазы болсун!):

- Эми мындан кийин мага кандай кыйынчылык болсо да, ага жеңилбейм! - деген экен (Вакиди, I, 273; Ибн Саад, VIII, 415).

Согуш майданында Алланын Элчисине чабуул күч алган маалда азирети Саад бин Абу Ваккастын бутпарас бир тууганы Утба Азирети Пайгамбарыбызды таш менен урат. Шуулдап келген таш асман менен жерди титиретип, Алла Элчисинин нур тамылжыган жүзүнө тийип, тишин сындырат. Азирети Пайгамбарыбыз караниет Абу Амр казган аңга

129. Хаким, III, 334/5281; Хайсами, VI, 113; Ибн Саад, III, 453.

түшүп кетет. Азирети Талха бин Убайдуллах Алла Элчисин (саллаллаху алейхи ва саллам) өйдө тургузуп, азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) колунан тартып аңдан алып чыгышат. Пайгамбарыбыздын жүзүнө тийген таш бытырап кеткен эле. Азирети Абу Убайда бин Жаррах Пайгамбарыбыздын жүзүнө кирип кеткен ошол бытыранды таштарды тиши менен сууруп чыгарат. Биринчисин чыгарып жатып азирети Абу Убайда маңдайкы тишин сындырып алат. Экинчисинде да дагы бир тиши сынып калат. Бул окуяга сахабалар да, периштелер да катуу өксүп, кайгы-муңга батышат. Сахабалар Пайгамбарыбызга:

- Курайш бутпарастарына наалат дуба кылыңыз?! - дешет.

Азирети Пайгамбарбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

- Мен наалат үчүн жөнөтүлгөн эмесмин. Тескерисинче, адамдарды туура жолго чакыруу үчүн, ырайым (пайгамбары) катары жөнөтүлгөм. Оо, Жараткан Алла! Элимди туура жолго сала көр! Анткени алар эмне кылып жатышканын билишпейт - деп дуба кылат (Бухарий, Магази, 24; Хайсами, VI, 117; Вакиди, I, 244-247; Кады Ияз, I, 95).

Азирети Пайгамбарыбыз жарат алган кезде:

- Алла Таала, Элчисинин жүзүн жаралаган коомго катуу ачууланды! – деген эле.

Азирети Саад бин Абу Ваккас (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

- Валлахи, Алла Элчисинин бу сөзүн укканда бир тууганым Утба бин Абу Ваккасты өлтүрүп салгым келди!»

Азирети Саад (Алла ага ыраазы болсун!) согуш майданында Утбаны өлтүрүүгө канча аракет кылса да чоло таппайт. Алланын Элчиси болсо, ага бир тууганын өлтүрүүсүнө тоскоол болот.[130]

Азирети Саад бин Абу Ваккас Пайгамбарыбызды коргоп душмандарга каршы эч тынбай удаама-удаа жаа тартат. Пайгамбарыбыз да:

- Ат, эй, Саад! Ата-энем сага садага! - деп буюрат. Буга күбө болгон азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!):

«Мен Пайгамбарыбыздын Сааддан башка эч кимге: «Ата-энем сага садага!» дегенин уккан эмесмин» - дейт (Тирмизи, Адаб, 61, Манакиб, 26; Ахмед, II, 92).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бу казатта да чалкыган мухит сымал ыйманы менен Жаратканга тобокел кылып, бир жагынан кут төгүлгөн нур жүзүндөгү канды аарчып, бир жагынан алакан жая Жараткан Аллага:

«Оо, Жараткан Алла! Коомум караңгы, эмне кылып жаткандарын өздөрү да билбейт. Аларды Өзүң адал жолго сала көр!» - деп жалынып-жалбарат.

Ошентип, Ухуд казаты аяктайт. Жеңиш алгач мусулмандар тарапка ооп, акырында Пайгамбардын буйругуна моюн сунбоонун натыйжасында душмандар тарапка өтөт. Согуш майданында бир кезде Алла Элчисинин айланасында болгону он төрт киши гана калат. Бүткүл ааламдын Мырзасы эндирей түшкөн мусулмандарга:

130. Вакиди, I, 245

-Эй, Алланын кулдары! Бул жакка келгиле, мен Алланын Элчисимин! - деп чакыра баштайт (Вакиди, I, 237).

Бул жагдай тууралуу Куран аяттарынын биринде мындайча баяндалат:

«Мына силер (момундар) эч кимге карабай артка качтыңар. Элчи болсо силерди алга чакырып жатты. силердин кайгыңарга кайгы кошуп, өткөн нерсеге жана кабылганга өкүнбөшүңөр үчүн Алла Таала силерди жазага дуушар кылды. Чындыгында, Алла Таала силердин жасап жаткан ар бир ишиңерден Кабардар!» (Аали Имран сүрөсү, 153-аят)

Согуш майданында «Азирети Пайгамбарыбыз шейит кетти» - деген суук кабар шамал менен жарышып жайылып, мусулмандардын шаштысы кетип эндирей түшкөн эле. Кээ бири: «Алла Элчиси көз жумган соң биз бул жерде эмне турабыз!» - дешип, согуш майданынан чегине башташкан эле. Булар бул жерде Мединаны коргоо үчүн артка кайтып жатышкан эле. Бирок алар мусулман аял жоокерлердин деми менен кайра согуш майданына бет алышкан эле.

Айрымдары: «Алланын Элчиси көз жумса да, Алла Таала - Түбөлүктүү!» - деп душмандар менен согуша беришет. Булардан азирети Анас бин Надр (Алла ага ыраазы болсун!) (мусулмандарга аттын кашкасындай таанымал Анас бин Маликтин агасы) үмүтүн үзүп айласын таппай калган мусулмандардан «Алла Элчиси шейит кетти» - деген суук кабарды укканда жүрөгү мыжылып:

«-Алла Элчиси шейит кеткен соң, жашоонун эмне кереги бар! Кана, силер да Пайгамбарыбыздай душмандарга кылыч сунуп, шейит кеткиле!»- деп кыйкырып, бутпарастарга чабуул коет. Көп өтпөй ал да шейит кетет. Анас бин Надр сексенден ашуун жарат алган эле (Ахмед, III, 253; Ибн Хишам, III, 31).

Согуш мусулмандардын жеңилишине айланып баратканда согуш майданынан качкандар негизинен шаардын сыртына чыгып согушууну каалагандар эле. Алла Таала аларга:

«Өлүм келгенге чейин аны каалачу элеңер. Мына эми (Ухудда) аны көзүңөр менен көрүп турасыңар» (Аали Имран сүрөсү, 143-аят) - деп буюрду.

Өлүмгө даяр тураарын айтып коюп, «Алланын Элчиси шейит кетти» - деген каңырыш кабарды угуп артка качкандарга да Алла Таала тарабынан катуу эскертүү келген эле:



«Мухаммад болгону пайгамбар. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Анан эгер ал (Мухаммад) көз жумса же өлтүрүлсө, арка (каапырлыкка) кайтып кетесиңерби?! Кимдеким артка кайтып кетсе, Аллага бир да зыян келтире албайт (Тескерисинче, жалгыз

өзү гана зыян тартат). Ал эми Алла Таала (өз жолунан кайтпай) шүгүр келтирген пенделерин (амалына жараша) сыйлайт» (Аали Имран сүрөсү, 144-аят)

Ошол согушта Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Алтын казык жылдызы өңдөнүп ордунан бир да кадам жылбай пайгамбарлык тайманбастыгы менен эрдигин көрсөтө алган эле. Ал баатырдыктын теңдешсиз үлгүсүн көрсөткөн эле. Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

«Алсырабагыла жана кайгырбагыла! Эгер момун болсоңор, силер албетте (ыймансыздарга) үстөм болосуңар! Эгер силер жаралансаңар, тигил коомго да ошол сыяктуу эле жаракат жеткен. Ушул күндөрдү адамдарды арасында айлантып турабыз. Алла Таала силердин ыймандууларыңарды аныктоо жана силерден шейит кылуу үчүн ушинтет. Алла Таала заалымдарды жек көрөт» (Аали Имран сүрөсү, 139-140-аяттар)

Алла Тааланын Пайгамбарга жана мусулмандарга болгон ырайымы менен бутпарастар Ухуд казатында мүмкүнчүлүктөр түзүлсө да, көксөгөн максаттарына толук жете алышкан эмес эле. Себеби Пайгамбарыбыз тирүү эле. Ошону менен бирге жети жүздөй сахабанын арасынан жетимиштей сахаба шейит кеткен эле.

«Алланын Элчиси шейит кетти» - деген кабардан соң Алла Элчисин өз көздөрү менен көргөн сахабалар дароо чыйралып, кайра топтоло түшөт. Бутпарастардын чабуулу басаңдайт. Мусулмандар Алла Элчисин бутпарастардан ишенимдүү түрдө коргой башташат. Меккелик бутпарастар кайра жоготууга учурабоо үчүн артка чегинүүгө аргасыз болушат. Бу мүмкүнчүлүктү туура пайдаланган Алланын Элчиси да Ухуд тоосуна чегинет. Бул жолу Абу Суфян тоого чыгып мусулмандарга кол салууга аракет кылса да, эч кандай ийгиликке жете албайт.

Мына ушундай опурталдуу учурда Алла Таала мусулмандарды куш уйкуга чөмүлтөт. Алар отурган жерлеринде тынч, бейпил уйкуга киришет. Айрымдары колундагы кылычын бир нече ирет жерге түшүрүп алып жатышкан эле. Бул уйку мусулмандарды гана чуулгап алган эле. Мусулмандардын арасындагы эки жүздүүлөрдүн көзүнө эч уйку кирбей жаткан эле. Алар ошол учурда бутпарастар кайра келип өлтүрүп кетүүлөрүнөн шектенип, коркуп турушкан эле.[131]

Абу Суфян көксөгөн максаттарына жетпей калганын айтып келерки жылы Бадр жазыгынан жолугууга чакырат:

- Келерки жылы Бадрда жолугушабыз! - дейт.

Азирети Умар Пайгамбарыбыздан буга эмне деп жооп берерин сурайт. Пайгамбарыбыз:

- Жарайт! Бадр Кудай буюрса, жолукчу жерибиз болсун де! - деп буюрат (Ибн Хишам, III 45; Ибн Саад, II, 59).

Бутпарастардын жүрөгүнө кандайдыр бир коркунуч уялап, кайтып кетишет. Душмандардын жүрөгүнө тээ алыстан туруп коркунуч салуу - Алла Элчисине берилген мужизалардан эле. Алла Таала мындай буюрат:

131. Бухарий, Магази, 18, 20; Вакиди, I, 295-296

«(Алла Тааладан болгонуна) эч кандай далил келбеген нерсени (жансыз айкелдерди) Аллага шерик кылгандары үчүн Биз каапырлардын дилдерине коркуу салабыз. Алардын бараар жайлары тозок. Зулумдук кылгандардын жайлары кандай жаман!» (Аали Имран сүрөсү, 151-аяттар)

Бутпарастар дилине салынган бу коркунучтун таасири менен күчсүз калган Мединаны басууга да дараметтери жетпейт. Бул согушта мусулмандардан бир да киши туткунга түшкөн эмес эле. Ушунун өзү Алла Тааланын Өз Пайгамбарына жана мусулмандарга болгон ырайымы эле.

1.21.3 Ухуд шейиттери

Бутпарастар толугу менен Ухуддан чегинип кеткенден кийин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) согуш майданына келип шейиттерди жашырып жерге берет. Ухудда жетимиш сахаба шейит кеткен эле. Булардын арасында азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун!) сыяктуу тайманбас алп баатырлар, азирети Мусаб бин Умайр (Алла ага ыраазы болсун!) сыяктуу эр жүрөк эр азаматтар да бар эле.

Мусулмандардын туусун көтөргөн азирети Мусаб бин Умайр (Алла ага ыраазы болсун!) Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи ва саллам) коргоп жатып шейит кеткен эле. Бул учурда асмандан бир периште түшүп азирети Мусабдын келбетине кирип тууну колго алат. Пайгамбарыбыз али анын шейит кеткенинен кабары жок тиги туу көтөргөн периштеге кайрылып:

- Алдыны көздөй жыл, эй, Мусаб! - дейт.

Тууну көтөргөн периште караары менен азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбыз азирети Мусабдын шейит кеткенин түшүнөт. Кийин азирети Мусабдын куттуу сөөгү табылат. Бирок аны коёрдо кепинге жете турган кездеме табылбай калган эле (Ибн Саад, III, 121-122).

Кутман шейиттин кийими баш тарабы жабылса, бутунун учу, буту жабылса башы ачык калат. Сахабалар эмне кылаарын Алла Элчисинен сурашат. Пайгамбарыбыз шейиттин баш жагын жаап, ачык калган бутун жыпар жыттуу чөптөр менен жаап коюуларын буюрат.

Азирети Мусаб (Алла ага ыраазы болсун!) Меккедеги асыл тектүү, эң бай үй-бүлөлөрдүн биринде чоңойгон эле. Меккедеги өзү менен тең балдардын баары анын мындай майкөл-сүткөл жашоосуна тамшанып, суктаныша турган. Жадагалса жаш кыздар ал өткөн жолдорго суу чачып турушар эле. Ал акырында бутпарас ата-энесинин каршылыгына карабай дүнүйө-байлыгынан, мурасынан да баш тартып, Алланын Элчиси менен, мусулмандар менен болууну эп көргөн эле. Ал азирети Пайгамбарыбызга ашык кутман сахабалардын бири эле. Ал Алла Тааланын адал жолуна өзүн арнап койгон экен, шейит кетип баратканда да колундагы тууну периште алып, анын ордун толуктаган. Ошентип Алланын жолунда тарткан азаптары үчүн Алла Таала аны чексиз ырайымына бөлөдү!

Мындай кайгылуу көрүнүш мусулмандарды терең муңга салды. Бир топ жылдардан кийин мусулмандар баралына келип, карууга кирип күчтөнүп калган кезде «агния-и

шакиринден» - деп эсептелген азирети Абдуррахман бин Авф (Алла ага ыраазы болсун!) орозо кармап жаткан эле. Бул күндөрдүн биринде уулу дастарконду түркүн тамак-аш, даам-татым менен жайнатып даярдап койгон эле. Азирети Абдуррахман азирети Мусабды эстеп:

- Мусаб Ухуд казатында шейит кетти. Ал менден да жогору эле. Бирок бир чапандан башка эч нерсеси жок эле. Анысы менен башы жабылса, буту, буту жабылса башы ачык калып жатты. Андан кийин бизге дүйнөгө таандык бардык нерсе ыроолонду. Чынында, жакшылыктарыбыздын мөмөсү бул дүйнөдө гана берилип калышынан коркуп турам - деп, көзүнөн жашы чертиле түшөт. Ошентип, алдындагы тамакты жебей туруп кеткен эле (Бухарий, Жанаиз, 27).

Ухуд шейиттеринин арасында азирети Пайгамбарыбыздын да, жалпы мусулмандардын да жүрөгүн сыздаткан Ислам кошуунунун теңдешсиз баатыры, Алланын арстаны - Азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун!) да бар эле.

Азирети Сафиййа бир тууганы болгон азирети Хамзанын (Алла ага ыраазы болсун!) сөөгүн өз көзү менен көрүү үчүн шейттер жаткан жерге бет алат. Уулу Зубайр апасын тосуп чыгып:

- Алланын Элчиси артка кайтышыңызды буйруп жатат! -дейт. Апасы:

- Эмне үчүн? Бир тууганымды көрбөймүнбү? Ансыз деле, мен анын мыкаачылык менен кескиленгенин уктум. Ал Алланын жолунда шейит кетти. Албетте, бизди мындан (шейиттик) башка эч нерсе соорото алмак эмес. Иншааллах (Кудай буюрса), сабыр кылып, сыйлыгын Алладан гана үмүтөтөм! - дейт.

Азирети Зубайр кайра Алла Элчисине барып апасынын айткандарын айтат. Бүткүл ааламдын ырайым пайгамбары азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам):

- Андай болсо, келсин! -дейт. Ошентип, азирети Сафиййа бир тууганы азирети Хамзанын кутман сөөгүнүн жанына басып келип, Жараткан Аллага алакан жая дуба кылат (Ибн Хишам, III 48; Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 349).

Зубайр бин Аввам (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Энем Сафиййа ала келген эки чепкенди алып чыгып:

- Буларды бир тууганым Хамзанын кепини үчүн колдоносуңар, деп алып келдим -деди. Эки чапанды алып Хамзанын жанына бардык. Анын жанында ансарлардан кепини жок дагы бир сахаба жаткан эле. Экөө менен тең Хамзаны ороп, жанындагы сахабаны кепинсиз калтырууну эп көрбөдүк:

- Чапандын бири Хамзага, экинчиси ансари сахаба үчүн болсун! -дедик. Чапандын бири чоң, экинчиси кичине болгондуктан чучукулак кылдык» (Ахмед, I, 165)

Ошентип, кутман сахабалардын жан дүйнөсүндө кадыресе тууганчылыктын ордуна ыйман бир туугандыгы байыр алгандыгы байкалып турган эле. Кыяматка чейин келе турган бардык мусулмандарга мусулман бир туугандыктын таасын үлгүсү көрсөтүлүп жаткан эле.

Шейиттердин жаназа намазын окуу үчүн азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун!) менен он шейит коюлуп, намаздан соң тогузу жерге берилип жатты. Азирети Хамзанын жанына дагы тогузу коюлуп, кайра жаназа намаздары окулуп турду. Ошентип Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жана мусулмандар шейиттердин мырзасы атанган бу кутман шейиттин жаназа намазын бир канча ирет окуган эле.[132]

Азирети Жабирдин (Алла ага ыраазы болсун!) айтымы боюнча, азирети Пайгамбарыбыз ар бир көрдү эки киши баткыдай кылып каздыртып:

- Булардан кимиси Куранды көп билет эле (Куран боюнча жашайт эле)? - деп сурап жатты. Кимиси көрсөтүлсө, ошонусу кыбыла тарабына коюлуп атты» (Бухарий, Жанаиз, 73, 75) делет.

Ухуд күнү Мединага бир суук кабар жеткен эле. Ал «Алланын Элчиси одүйнө салыптыр!» - деген кабар эле. Шаар уңулдаган үнгө толуп, мусулмандардын ыйы Аршка чейин көтөрүлүп жатты. Ансарлардан Сумайрага эки уулу, атасы, күйөөсү жана бир тууганы шейит кеткени угузулса да, муңун билдирбестен дароо Алла Элчисинин абалын сурап:

- Ага бир нерсе болдубу? -дейт.

Сахабалар:

- Жакшы, Аллага шүгүр! Ал тирүү! -дешет.

Анда Сумайра:

- Аны мага көрстөкүлө, көңүлүм жай тапсын - дейт. Андан соң Пайгамабарыбызды өз көзү менен көрүп, чепкенинин этегинен кармап:

- Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Сен соо болгон соң, эч нерсеге кайгырбайм! - деген экен (Вакиди, I, 292; Хайсами, VI,115).

Башир бин Акраба (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Атам Акраба Ухуд күнү шейит кеткенде ыйлап Алланын Элчисине бардым. Мага:

-Ээ, каралдым! Сен эмне ыйлап жатасың? Ыйлаба! Атаң мен, апаң Аиша болсо ыраазы болбойсуңбу? - деди.

Мен:

- Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Албетте ыраазы болом! - дедим. Анда Алланын Элчиси куттуу колу менен башыман сылап койду. (Азыр) чачыма ак түштү. Бирок Алла Элчисинин куттуу колдору тийген жерлер азыркыга чейин капкара бойдон» (Бухарий, ат-Тарихуль- Кабир, II, 78; Али аль-Муттаки, XIII, 298/36862).

Азирети Пайгамбарыбыз Ухуд шейиттеринин жогорулугун айтып:

«Валлахи, ушунчалык сахабаларым менен бирге мен да шейит кетип, Ухуд тоосунун этегинде түнөгүм келет!»- деген (Ахмед, III,375).

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси Ухуд шейиттери жаткан жерден өтүп баратып:

132. Ибн Мажа, Жанаиз, 28

-Алардын (ыймандуу, ыраскөй, чынчыл экендиктерине) күбөгө өтөм! - деди.

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!):

-О, Алланын Элчиси, биз алардын боордоштору эмеспизби? Алар кандай мусулман болсо, биз да ошондой мусулман болдук. Алар кандай жихад кылышкан болсо, биз да ошондой жихад кылдык! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) :

- Ооба, (сөзүндө калет жок), бирок менден кийин кандай бидаттарды[133] чыгарар экенсиңер, билбейм - дейт.

Анда азирети Абу Бакир:

- Биз сенден кийин да жашайбызбы? - деп ичтен сызып көз жашын төккөн экен» (Муватта, Жихад, 32).

Ухуд казаты – өтө оор, кайгылуу жана ибараттуу согуш. Бул казат бир жагынан ыйман, сабыр, тобокелдик, моюн сунучулук, тагдырга ыраазылык, экинчи жагынан бир саамдык капилеттик, напсиге алдыруу, дүйнөгө берилүү сыяктуу оор сыноолор менен коштолгон эле.

Алла Элчисинин буйругун аткаруудагы жоопкерчиликсиздик согуштун жүрүшүн дароо өзгөртүп, жеңишти колдон чыгарып жиберген эле. Бир канча адамдын жаңылыштыгы менен көз ирмемде бардыгы балээге дуушар болгон эле. Анткени бул Алла Таала койгон мыйзамдын талабы эле. Согуш майданында мусулмандар менен бирге Алланын Элчиси болсо да, бу мыйзам эч өзгөргөн эмес эле.

Ал эми Бадр казатында сахабалар Алланын Элчисине толук моюн сунушкан болучу. Азирети Пайгамбарыбызга:

- О, Алланын Элчиси! Биз Сага ишендик, Алладан алып келген Курандын акыйкат (Алланын китеби) болгондугуна чын дилден ыйман келтирдик жана Сага моюн сунуп, баш ийүүгө убада беребиз. Кандай кааласаң ошондой аракет кыл, бизге буйрук бер! Биз Сени менен биргебиз. Сени жиберген Алланын акысы үчүн, Сен деңизге кирсең, биз да Сени менен киребиз, эч бирибиз артта калбайбыз!... (Ибн Хишам, II, 253-254)- деген кутман сахабалардын ыйманы толукшуп турган эле.

Ырасында Ухуд казатындагы сыноонун себеби бир саамдык капилеттин, осолдуктун жыйынтыгын мусулмандарга көргөзүп, эскертүү берүү эле.

Ухуддун эң маанилүү сабактарынан бири мусулмандарды араларында эч кимге билинбей жүргөн эки жүздүүлөрдөн арылтуу эле.

Дагы бир сабагы бутпарастарга натыйжасыз жеңиш буюруу эле. Бул жеңиш менен Бадрдан бери бутпарастардын көңүлүнө уюган өч алуу, кек сактоо, ачуу, жек көрүү сыяктуу сезимдери аз да болсо басаңдаган эле.

Сахабалар Ухуд казатында шейит кетүү үчүн бири-бири менен кадимкидей жарышышкан эле. Ал тургай он беш жашар балдар да, Алла Элчисинин кошуунуна

133. Бидат - Азирети Пайгамбарыбыздан кийин Исламда жок нерсени Исламга киргизүү

кошулуу үчүн ар түрдүү айлаларды издеп, бүт күчү менен жан далбас урушкан. Мына ушинтип жаш-кары дебей өлүмгө шашылуудагы сыр - жүрөктүн ыйман нуруна толо болуусу жана Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) болгон аруу сүйүүлөрү эле. Мындай ыйман жана аруу сүйүү болгон жерде эр жүрөктүк, тайманбастык, жароокерлик жана бейпилдик да болот. Бул эки нерсе кай жерден алсыраса, ошол жерде жалкоолук, жоопкерчиликсиздик жана наадандык да болот. Мындай сүйүүгө ээ болуу үчүн Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылуу, Алланын Элчисине салават-салам айтуу, Алланын бизге ыроологон жакшылыктары жөнүндө терең ойго батуу жана Алла Элчисинин баскан изи, адеп-ахлагы менен жуурулуша жашоого аракет кылуу зарыл.

Ухуд согушунда Алла Элчисинин жараланышы жана «шейит кетти» - деген каңырыш кабардын жайылышы да мусулмандар үчүн өтө маанилүү сабак эле. Себеби алар ыйман маселесинде өтө чоң сыноого туш болгон эле. Ошентип мусулмандар Алланын Элчисинин да адам болгондугун, убагы келгенде Анын да Жараткандын алдына бараарын, ал көз жумгандан кийин мусулмандардын башка динге кайтпай Пайгамбарыбыз көрсөткөн жолдо жүрүшү керектигин туюнуп, мындай балээге туш болбостон мурда руханий жактан даярдануу керектигин түшүнүшкөн эле.

Ошондой эле Ухудда мусулмандарга душман менен болгон согуштарда жеңишке жетүүнүн, жеңилүү коркунучунан кутулуунун жолдору сыяктуу көптөгөн сабактар көрсөтүлгөн эле.

1.21.4 Хамраул-Асад (8-шавваль 3-жыл/ 24-март 625-жыл)

Бутпарастар жүрөк үшүн алган кандайдыр бир коркунуч менен Ухуддан Меккени көздөй жол тарткан эле. Жолдо баратып эстерине келишет. Кайра артка тартып мусулмандарга чабуул коюуну көздөшөт.

Алланын Элчиси Мединага кайтып келген соң «душмандарга кайрадан көрүнүп коюу керек» -деген ойго жетеленген эле. Алла Таала бу жагдай жөнүндө эч качан шалаакылык кылбоо керектигин билдирип төмөнкү аятын түшүрөт:

«Каапырлар менен болгон согуштарда эч качан алсыз, начар абалыңарды көргөзбөгүлө! Эгер силер запкы жеп кыйналып жатсаңар, алар да дал силер сыяктуу эле запкы чегүүдө. Бирок силер Алладан алар үмүт кылбаган нерсени (соопту, шейит болуу бактысына жана жеңишке жетүүнү) үмүт кылып жатасыңар. Албетте, Алла Таала – Билүүчү, Даанышман!» (Ниса сүрөсү, 104-аят)

Азирети Пайгамбарыбыз сахабаларына:

- Душмандарга ким көз салып келет? -деп сурайт.

Сахабалардан дароо бир тайпа даяр болуп туруп калат. Бу тайпада азирети Абу Бакир жана азирети Зубайр (Алла аларга ыраазы болсун!) да бар эле. Душмандарга көз салуу үчүн аттанган бу тайпадагынын дээрлик баарысы жарадар болушкан эле. Жарадар тайманбастар камылгасын көрүп «Абу Инаба» - деген кудуктун жанында Алла Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) кошулат.[134]

134. Вакиди, I, 334-335

Тайпа Мединадан сегиз чакырым алыс жайгашкан «Хамрауль-Асад» - деген жерге чейин барат. Мусулмандардын туусу азирети Алиде (Алла ага ыраазы болсун!) эле. Күн кирип калгандыктан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кутман сахабаларына беш жүз жерге от жагуу керектигин айтат. Ошентип Хамрауль-Асад укумуштуудай чоң кошуун байырлап жаткандай көрүнүп калат. Дал ошол учурда Меккеге кетип бараткан Мабад деген адам бутпарастардын кошуунуна жетип барып, мусулмандардын келе жатканын айтат. Ал:

- Мен өмүрүмдө мындай чоң кошуун көргөн эмесмин! - дейт. Мындай суук кабарды алган бутпарастар жүрөктөрү «болк» этип, сестене түшөт:

- Мусулмандардын абалы өтө оор эле го! Муну кандай түшүнсө болот? - деп абдан таң калышат. Артка кайтып кайра согушууга деми жетпейт. Себебин түшүнө албай:

- Андай болсо, аман-сообузда бир балээге кабыла электе дароо бул жерден чыгып кетишибиз керек! - деген чечимге келишет.

Ошентип Меккени көздөй шашылыш түрдө жол тартышат. Душмандардын Меккеге качышы менен Алланын Элчиси да сахабалары менен аман-эсен Мединага кирип келет.[135]

135. Ибн Хишам, III, 52-56; Вакиди, I, 334-340

1.22 ХИЖРАТТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ

1.22.1 Ражи окуясы (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл)

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Исламды элге үйрөтүп, жайылтуу максатында айланасындагы урууларга мугалимдерди жөнөтө турган. Жөнөтүлгөн айрым мугалимдерге кыянатчыл мамиле жасалган учурлар да болгон. Мындай учурлардын бири - Ражи окуясы.

Күндөрдүн биринде Медина четинде жашаган Адал жана Кара уруулары Алла Элчисинен өздөрүн Ислам менен тааныштыра турган мугалимдерди сурап келишет. Алланын Элчиси азирети Асым бин Сабитти амир кылып, он адамды жөнөтөт.

Адал жана Кара урууларынан келгендер он кишилик мусулман топ менен «Усфан» - деген жер менен Меккенин ортосунда жайгашкан «Худат» - деген аймакка келишет. Ал жерден Хузайл уруусуна таандык «Ражи» деген суунун башына келип тыным жасашат. Мусулман мугалимдердин бул аймакка келгендиги жөнүндө Хузайл уруусунан Лихян тукумуна кабар берилген эле. Лихян тукумунан жүз кишилик жаа тарткан тайпа тиги он сахабаны көзөмөлгө алат. Азирети Асым менен жөнөтүлгөн мугалимдер жагдайды түшүнүп, дароо коргонуу үчүн Ражи суусунун кыйырындагы дөбөгө чыга качышат. Каракчылар аларды курчоого алышат:

- Төмөн түшкүлө, курал-жарагыңарды таштагыла да, сыйыңар менен бери келгиле! Сөзсүз, эч кимиңе тийбейбиз! - дешет.

Анда азирети Асым:

- Достор! Мен мусулман катары, бир каапырдын сөзүнө ишенип түшпөйм! - деп, алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Биздин ал-абалыбызды Элчиңе билдире көр!» - деп дуба кылат. Бул учурда каракчылар жаа тартып азирети Асымды баш кылып алты адамды жерге сулатат.

Азирети Асым бин Сабит жарат алып жерде жатып:

«Оо, Жараткан! Мен бүгүнкү күндүн башында Сенин диниңди коргодум, Сен дагы бүгүнкү күндүн соңунда менин сөөгүмдү сактай көр!» - деп дуба кылат.

Бутпарастар жаанын жиби менен колго түшкөн мусулмандарды кадап байлап жатканда сегизинчиси:

- Силер бизди алдап жатасыңар. Валлахи, силерге эч качан баш ийбейм. Бу шейиттер мага эң сонун мисал! - дейт. Бутпарастар аны күчкө салып байлоого аракет кылса да, баш

бербейт. Алар акыр-аягы аны да өлтүрөт. Ошентип, ал да шейиттиктин шербетинен даам сызат.

Он сахабадан болгону экөө гана калат: Хубайб менен Зайд (Алла аларга ыраазы болсун!). Бутпарастар экөөнү Меккеге алып барып сатып жиберишет. Бадр казатында азирети Хубайб Харис бин Амрды өлтүргөн эле. Хубайбды Харистин балдары сатып алышат. Азирети Хубайб өлтүрүлчү күнгө

Харам (ыйык) айлар бүтүп, аны өлтүрүүгө чечим чыгарылгандыгын кабарлаганымда, валлахи, анын мындан кыпындай да коркконун байкаган жокмун. Харистин уулдары аны өлтүрүү үчүн Харам аймагынын сыртында жайгашкан «Хилл» - деген жерге алып келгенде азирети Хубайб аларга:

- Уруксат берсеңер, мен эки ирекет намаз окуп алайын - деген өтүнүч менен кайрылды. Уруксат беришти. Хубайб эки ирекет намаз окуган соң:

- Алла Таалага ант берем! Мени өлүмдөн коркуп жатат, деп ойлобогонуңарда, намазымды узун окуур элем - деди. Ошентип Хубайб өлүм жазасына тартылчу ар бир мусулман үчүн эки ирекет намаз окуу каадасын баштап берди.

Андан кийин:

«Оо, Жараткан! Булардын баарын жок кыл, бир бирден жанын ал, эч бирисин соо калтырба!»- деп дуба кылып, төмөнкү маанидеги ыр саптарын окуду:

«Мусулман болуп өлгөн соң, кандай болуп өлсөм да ага эч качан кайгырбайм. Мунун баарысы албетте Алланын жолунда, Анын ыраазылыгы үчүн. Кудай буюрса, тамтыгы калбаган денем менен Анын- Жараткан Алланын ыраазылыгына оңой, тез жетем!»

Азирети Хубайб (Алла ага ыраазы болсун!) андан соң Алла Таалага кайра алакан жайып:

«Оо, Жараткан Алла! Бул жерде душман жүзүнөн башка жүз көрбөй турам! Элчиңе өкүл катары бирөө жарымды жөнөтүүгө да эч кимим жок! Ага саламымды Өзүң жеткире көр!» - деп жалбарат.

Дал ошол маалда сахабалары менен Мединада отурган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

«Ва алейхис-Салам» «Ага да салам болсун!» -дейт. Сахабалар таңдана:

- О, Алланын Элчиси! Кимдин саламын алдыңыз? -деп сурашат.

- Боордошуңар Хубайбдын саламын! Жабраил Хубайбдын саламын алып келди! -деп буюрат. Пайгамбарыбыз бу сахабалардын шейит кеткендигин жанындагы кутман сахабаларына билдирет» (Бухарий, Жихад, 170; Магази, 10, 28; Вакиди, I, 354-363).

Азирети Хубайбдын мойнуна сыйыртмак салынып, дарда турганда сурашат:

- Сенин жаныңды сактап, ордуңа бул жерде Пайгамбарыңдын болушун каалайт белең?

Азирети Хубайб эч ойлонбостон толкундануу менен кыйкырат:

- Эч качан! Анын бул жерде туруусу мындай турсун, азыр Мединада кут төгүлгөн таманына ийненин көзүнчөлүк тикендин киришине көңүлүм чыдабайт!

Анын бу жообуна абдан таң калган Абу Суфян:

-Мен дүйнөдө Мухаммадчалык достору тарабынан урматталган башка эч бир адамды көргөн эмесмин! -дегенден башка сөз айталган эмес эле (Вакиди, I, 360; Ибн Саад, II, 56).

1.22.2 Бир-и Мауна окуясы (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл)

Ражи окуясына катар Нажид аймагынан «Абу Бара» - деген адам элин туура жолго чакырууга мугалим сурап Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) келет. Алланын Элчиси анын суранычын кабыл алгысы келбейт. Ал тургай тартуулланган белек-бечкектерин да кабыл албайт. Азирети Пайгамбарыбыз:

- Мен, досторума Нажид элинен зыян тийип калышынан коркуп турам!... - дейт.

Абу Бара бара турган мусулмандардын өмүрү үчүн уруусунун атынан кепилдикке өтөт. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Нажид урууларынын башчысы (Абу Баранын жээни) Амирге өзүнчө кат жаздырып, Асхабы суффадан «курра»[136] болгон жетимиш адамды Абу Барага тапшырат.

Мугалимдер бул жолу да Мединага төрт күндүк жол жердеги Бир-и Маунага барышканда оор сыноого туш болушат. Бир-и Маунада Абу Баранын жээни Амир кошууну менен күтүп турган эле. Ал Пайгамбарыбыздын катын окуп да койбойт. Абу Бара мусулмандарга кол салууну эп көрбөйт. Бирок Амир Усая, Рил, Завкан, Лихян урууларын алдап мусулмандарды кылычтын мийизинен өткөрөт. Мусулмандардан болгону азирети Амр бин Умаййа гана аман-эсен качып кутулат.[137]

Окуя болгон күнү Амирдин жоокерлеринен Жаббар бин Сулма төмөндөгү окуяны айтып калтырган:

«Мусулмандардан мени Исламга чакырган Амир бин Фухайраны найза менен төшкө сайдым! Найза анын төшүн жарып аркасынан чыгып кеткен эле! Ал онтоп жерде:

-Валлахи, жеңишке жеттим! - деп жатты. Мен өзүмө-өзүм:

-Эмнесине жеңишке жетти?! Эмне, мен аны өлтүргөн жокмунбу?! -дедим.

Ошол учурда сөөгү асманга көтөрүлүп, көздөн кайым болуп кетти. Өз көзүм менен көргөн бул окуя менин мусулман болушума себепкер болду» (Ибн Хишам, III, 187; Вакиди, I, 349).

Азирети Жабраил (алейхис-салаам) Алланын Элчисине келип, мугалимдеринин

шейит кеткенин, Жараткан Алла Таала алардан ыраазы болуп, шейиттерди ыраазы кылгандыгын кабарлайт.[138]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) каргашалуу бу окуяга көз жашын төгүп катуу кайгы-муңга батат. Жараткан Аллага алакан жайып:

---

136. Курра - Ыйык Куранды баштан-аяк жети (же он) кыраат (диалект) боюнча окуй ала турган адам.

137. Ибн Хишам, 184; Хайсами, VI, 125-130

138. Бухарий, Жихад, 9

«Оо, Жараткан Алла! Алла жана Элчисине кыянатчылык кылып каршы чыккан Рил, Завкан жана Усаййа (урууларына) наалат болсун!» - деп бир ай бою багымдат намазынан кийин дуба кылып чыгат (Бухарий, Жихад, 9, 19, Магази, 28; Муслим, Масажид, 297).

Мусулмандар бул окуяга катуу өксүп, кайгыга батышат. Ал эми эки жүздүүлөр менен жөөттөрдүн чырагына май таамп, кадимкидей көңүлдөрү кубанычка толуп, сүйүнүп жатышкан эле. Ошону менен бирге алар Ухудда мусулмандарга каршы келе албай калгандагы ичтериндеги буктарын да чыгарып, мүмүкүнчүлүктөн пайдалануу үчүн кыянатчыл карааниеттерин жүзөгө ашыруунун жолдорун издеп киришет.

1.22.3 Надир уруусунун кыянатчыл иш-аракети

Бир-и Мауна окуясынан качып кутулган азирети Амр бин Умаййа Мединага барган жолдо Бир-и Маунада кол салган урулардан эки адамды уктап жаткан жеринен өлтүрүп коет. Бул эки адам азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) карамагында эле. Алар Мединага зыярат кылып кайтып келе жатышкан болучу. Бул үчүн кун төлөө керек эле. Мурунтан бекитилген келишимдин негизинде кундун бир бөлүгүн Надир уруусу тарабынан төлөнүшү керек болгондугу үчүн Алланын Элчиси бир канча сахабасы менен Надир уруусуна барат.

Пайгамбарыбыздын саналуу адамдары менен келгенин көргөн жөөт Надир уруусу мындай учурду табылгыс мүмкүнчүлүк деп билип, Алланын Элчисинин өмүрүнө кол салуу жөнүндөгү кытмыр ойлорун жүзөгө ашыруу үчүн камылга көрүшөт. Жөөттөр баягы эки адамдын кунунан өздөрүнө бөлүнгөн үлүшүн төлөп бере тургандыгын айтып, акчасын алып келгенге чейин Алла Элчисин бир үйдүн көлөкөсүндө отуруп күтүп турушун суранышат. Бу учурда сый көрсөтөрүн айтып, дароо арам ойлорун жүзөгө ашыруу үчүн даярдык көрө башташат. Алардын карааниети боюнча үйдүн үстүнөн чоң ташты тоголотуп келип, Пайгамбарыбызды бастырып өмүрүн кыйыш керек болчу. Бул эл мурунку пайгамбарлардын да өмүрүнө кол салып, көксөгөн максаттарына жетип көнүп калгандыктан мындай иштерге өтө тажырыйбалуу эле.

Бир маалда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) дароо ордунан туруп, ылдам басып кетет. Анткени Алла Таала Элчисине жагдайды билгизген эле. Алла Таала Пайгамбарын коргоп, мусулмандарга болгон сыйын мындайча эскертет:

«Эй, момундар! Силерге жамандык кылууну самаган бир элдин суук колун кайтарган кездеги Алланын силерге көрсөткөн жакшылыгын эстегиле! Алладан корккула! Ыймандуу адамдар жалгыз Аллага гана таянышсын!» (Маида сүрөсү, 11-аят).

Бул аяттагы «силерге жамандык кылууну (кол салууну) самаган» - деген сөз, бир эле Азирети Пайгамбарыбыздын өмүрү бүтүндөй мусулмандардын жаны, жашоосу менен барабар - дегенди түшүндүрөт.

Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Надир уруусуна элчи жөнөтүп, кайра жаңы келишимге келүү сунушун, болбосо он күндүн ичинде Мединадан чыгып кетүү жөнүндөгү эскертүүсүн берет. Бирок баягы эки жүздүүлөр дагы жөн турбай Мединадан чыгууга даярданып жаткан Надир уруусуна кат аркылуу бир кабар жиберет. Катта Надир уруусуна эки жүздүүлөрдүн баарысы жардам бериши, Мединадан эч качан

чыкпоолору жөнүндө жазылган эле. Алардын мындай жашыруун кат аркылуу байланыштарын Алла Таала Куран аяттарынын биринде төмөнкүчө ачыкка чыгарган эле:

Эки жүздүүлөрдүн мындай азгырыгына ишенген жөөттөр кандайдыр бир коопсуздукка ээ болгонсуп, Алла Элчисине каршы баш көтөрүшөт. Ал эми эки жүздүүлөр адаттагысындай эле сөздөрүнө тура алышпайт. Бул жагдай жөнүндө Алла Таала мындай буюрат:

«Эгер алар куулуп чыгарылса, анда тигилер алар менен бирге чыгышпайт. Эгер аларга согуш ачылса, тигилер аларга жардам беришпейт. А эгер жардам беришсе да, (баары бир) артын көздөй качып жөнөшөт. Ошентип аларга эч жардам берилбейт» (Хашр сүрөсү, 12-аят)

Анткени эки жүздүүлөр канчалык чагымчылык кылып, мусулмандарга канчалык залакасын тийгизгени менен мусулмандардан коркуп турушар эле. Куранда:

«Алардын жүрөктөрү Аллага караганда силерден көбүрөөк коркот. Анткени алар (Алланын кудуретин) түшүнбөй турган коом» (Хашр сүрөсү, 13-аят) - деп буюрулат.

Жөөт Надир уруусунун чектен чыкканын көргөн Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) эми аргасыздан алар турган жерди курчоого алат. Жөөт Курайза уруусу да мусулмандар менен болгон келишимди бузуп, Надир уруусуна арка-жөлөк болот.[139]

Жөөттөр мусулмандар менен үйлөрүнүн үстүнө чыгып согушуп кирет. Бул согушта жөөттөр жеңилип, үйүлөрүнө жашынып коргонушат. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларын жөөттөрдүн үйлөрүн бир бирден жыгып, курмазарларынын бир бөлүгүн кыйып, өрттөөгө буюрат. Жөөттөр:

- Эй, Мухаммад! Сен бузукулукка тыюу салып, мындай кадамга баргандарды айыптап жектээр элең. Эми бу бактарды кыйып, өрттөп жатканыңды кандай түшүнсө болот?! - деп чыгышат. Жөөттөрдүн бу сөздөрү айрым мусулмандарды да ойго салат. Алла Таала бул учурда:

«Эй, мусулмандар) силер курма дарагын кескениңер да, аны өз калыбында калтырганыңар да Алланын уруксаты менен болду жана бул иш – бузукуларды шерменде кылуу үчүн эле» (Хашр сүрөсү, 5-аят) - деп, мусулмандарды күмөндөн алыс кылат.[140] Ошентип жөөттөрдүн айла-амалдарын алдын алуу керектигин да билдирет.

Болжол менен жыйырма күндөн кийин Надир уруусу бир жагынан Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) мыкты согуш ыкмасын көрүп, экинчи жагынан эки жүздүү достору тарабынан чыдамсыздык менен күткөн жардам келбеген соң баш ийип өздөрү колго түшүп беришет. Алланын Элчиси Надир уруусун Мединадан сүргүнгө айдайт. Ал эми Курайза уруусун болсо, жаңы келишимге келгендиги үчүн аларга эч кандай жаза колдонбойт. Ошентип аларга дагы бир жолу жакшылык кылат.[141]

139. Бухарий, Магази, 14
140. Бухарий, Тафсир, 59/2; Ибн Хишам, III, 192
141. Бухарий, Магази, 14; Муслим, Жихад, 62

Надир уруусу Мединадан чыкканга чейин жыгылбай калган үйлөрүн мусулмандарга таштабоо үчүн өз колдору менен талкалап, бир бөлүгү Хайбарга, бир бөлүгү Дамаскка көчүп кетишет.[142]

Бу жүрүштө Алла Таала мусулмандарга болгон жардамын төмөнкү аяты аркылуу билдирет:

«Ал (Алла Таала) китеп ээлери болгон каапырларды биринчи топтогондо эле турак жайларынан айдап чыккан. (Эй, момундар!) Аларды чыгып кетет - деп ойлогон да эмес элеңер. А алар болсо өздөрү Алладан коргонубуз сактайт - деп ойлошту. Ошентип, Алланын (азабы) аларга күтпөгөн тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Эй, акыл-эстүү адамдар! Мындан сабак алгыла!» (Хашр сүрөсү, 2-аят)

Надир уруусунан калган мал-мүлктөр курал колдонулбастан алынгандыгы үчүн «фай» - деп аталып, бул тууралуу курал колдонуп алынган олжолор тууралуу башка өкүм чыгарылат:

«Алла Таала өз элчисине айланадагы шаарлардан берген нерселер (фай): ал – Аллага, Анын элчисине, пайгамбардын жакын туугандарына, жетимдерге, бейбечараларга жана жолоочуларга таандык. Мунун себеби, силердин арааңдагы байлардын гана колунда болуп калбашы үчүн. Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан алыс болгула! Алладан корккула! Албетте, Алланын жазасы катуу! Жана да хижрат кылган кедейлерге (мухажирлерге таандык). Алар Алланын ырайымын жана ыраазылыгын издешет. Алар өз мекендеринен, мал-мүлкүнөн ажыраган эле. Ошондой эле Аллага жана Анын пайгамбарына жардам беришет. Мына ошолор чынчыл адамдар!» (Хашр сүрөсү, 7-8-аяттар)

Алланын акысы болгон «фай» Кааба жана башка мечиттерди оңдоо иштерине жумшоо үчүн бөлүнгөн. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) болсо, өзүнө бөлүнгөн файды кембагал сахабаларга таратып жиберген. Файдын мындай бөлүштүрүлүшүнүн себеби жогорудагы аятта да айтылгандай, мүлк белгилүү гана катмардагы адамдарга берилип, ошолордун гана кызыкчылыгы үчүн жумшалуусуна бөгөт болуу эле. Анткени Исламдын мындай каржылык (финансылык) иштериндеги максаты элдин бири-бирине жардам берүүсү, колундагыдан кедей-кембагалдарга да бөлүп берүү эле. Ошентип, бай менен кедейдин ортосунда ымала, жакындык, жылуулук, сый-урмат пайда болуп, коомдо адилеттүүлүк өкүм сүрмөк. Бул мыйзамдар жүзөгө ашса, коомдогу кысымчыл, адилетсиз иштерге жол берилбес эле.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Надир уруусунан алынган олжолорду мухажирлерге жана ансарлардан абалы начар, муктаж адамдарга бөлүштүрүп берет. Олжону таратпастан оболу ансарларга кайрылып:

- Эгер мурун мухажирлерге берген нерсеңерди аларга калтырсаңар, силер дагы бу олжодон үлүшүңөрдү аласыңар. Эгер берген нерсеңерди кайра талап кылып алсаңар, бу олжонун баарысын аларга таштайсыңар - дейт.

142. Ибн Хишам, III, 191-194; Вакиди, I, 363-380

Анда ансарлар бир ооздон (Алла Таала алардан ыраазы болсун!):

- Мал-мүлктөрүбүздү, берген үйлөрүбүздү да кайтарып албайбыз, бу олжонун бардыгын аларга таштайбыз, талашпайбыз - дешет.

Ансарлардын мындай баа жеткис боордоштук мамилеси төмөнкү аяттын түшүшүнө себеп болгон эле:

«Алар (ансарлар) мухажирлер келгенге чейин орун даярдашып, ыйманын бекем кармап, көчүп келгендерди жакшы көрүшөт. Аларга берилген нерселер үчүн жүрөктөрүндө кыпындай да кызганыч болбойт. Өздөрү муктаж болуп турса да, өздөрүнө караганда өзгөлөрдү жогору коюшат....» (Хашр сүрөсү, 9-аят) (Рази, XXIX, 250; Куртуби, XVIII, 25)

1.22.4 Ичкиликке жана кумар оюнга бөгөт коюлду

Жалпыга маалым болгондой, ичкилик менен кумар жаатындагы өкүмдөр Исламдын алгачкы жылдары белгиленбей, өзгөчө себептер менен белгилүү убакытка создуктурулган. Арак «арам» катары жар салынганга чейин төмөнкү этаптардан өткөн:

Меккеде ичимдик жаатында алгач:

«Силер мас кылуучу (шарапты) да, адал ырыскыны да курма менен жүзүм мөмөлөрүнөн аласыңар. Албетте, мында акыл-эстүү эл үчүн сабактар бар» (Нахл сүрөсү, 67-аят) – деген аят түшүрүлгөн. Бу аятта курма менен жүзүмдөн, адал азыктан башка дагы адамды мас кылуучу суусундук алына тургандыгы маалымдалган эле. Ошентип мас кылуучу нерселер адал азыкка жатпай тургандыгы каймана мааниде айтылып, келечекте ал нерсеге ачык-айкын түрдө тыюу салынаарына белги берилген эле. Мекке доорунда арак-шарапка байланышкан мындан башка аят түшүрүлгөн эмес.

2. Азирети Пайгамбарыбыз Мединага көчүп келгенден кийин элдин суроосуна ылайык Алла Таала төмөнкүчө буюрат:

«(Эй, Мухаммад!) Сенден хамр (адамды мас кылуучу арак) жана кумар жөнүндө сурашат. Айткын: «Буларда чоң күнөө жана адамдар үчүн пайдалар бар. Бирок булардын күнөөсү пайдасынан чоңураак….» (Бакара сүрөсү, 219-аят).

Бу аят түшүрүлгөн соң мусулмандардын көпчүлүгү ичкиликке барбай калат.

3. Күндөрдүн биринде сахабалардан бири элге имамдыкка чыгып шам намазын окуп жатканда бир аятты туура эмес окуп алат. Ошондуктан:

«Эй, момундар! Сүйлөп жаткан сөзүңөрдү (өзүңөр окуп жаткан аяттарды) аңдап билүүңөр үчүн, мас абалыңарда намазга жакын жолобогула!...» (Ниса сүрөсү, 43-аят) - деген аят түшүрүлөт.

Бу аят түшкөндөн кийин ичимдик ичкендердин саны дароо төмөн түшөт. Намаз окула турган маалда Алланын Элчиси:

«Мас абалындагылар намазга жакын келбесин!»- деп айтаар эле. Мусулмандар бул учурда ичкиликке ачык-айкын түрдө тыюу салынарына көздөрү жетип, буга даяр болуп калышкан эле.

4. Ошентип мусулмандардан ичкилик ичкендер дээрлик жокко эсе болуп калат.

Ичкиликтен жабыр тарткандар, ошонун айынан бир топ жат көрүнүштөргө туш болгондор бушайман болуп, абдан өкүнүшөт. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!):

«Оо, Алла! Ичимдик жөнүндө бизге ачык-айкын өкүмүңдү билдире көр!» - деп дуба кылат. Акырында тойлордун биринде ичимдиктин айынан пикир келишпестик, чыр-чатак чыгып, ичкиликтин зыяны дагы да айкын болот. Ошол учурда Алла Тааладан буйрук келет. Алла Таала:

«Эй, момундар! Ичкилик ичүү, кумар ойноо, айкелдерге (сыйынуу) жана таякчалар (б.а. таякчалар менен төлгө ачуу) шайтандын амалы - арам иштер. Демек, (тозоктон) кутулуу үчүн алардын ар биринен алыс болгула! Ичкилик, кумар аркылуу шайтан бириңерге бириңерди жек көрсөтүп, душман кылгысы келет. Ал силерди Алла Тааланы эстеп, зикир кылуудан жана намаз окуудан баш тарттыргысы гана келет! Эми токтолорсуңар?!» (Маида сүрөсү, 90-91-аяттар) – деген маанидеги аяттарын түшүрөт.

Азирети Пайгамбарыбыз Умарды (Алла ага ыраазы болсун!) чакырып, ага Алла Тааланын жаңы аяттарын окуп берет. «Эми токтолоорсуңар?!» - деген жерге келгенде Азирети Умар:

«Токтолдук! Бүттү! Мындан баш тарттык, оо, Жараткан Алла!» - деп жаткан эле. Бул жерде жалгыз Азирети Умар эмес, мусулмандардын баары:

«Болду, ичимдиктен, кумардан баш тарттык, оо, Жараткан!» - деп жатышкан эле.

Бул аят түшүрүлгөндө Алланын Элчиси мусулмандарга кайрылып:

- Кабарыңар болсун, шарап арам кылынды! – деген эле.

Бу аяттан соң ичимдик ичкен мусулмандар үйдөгү ичимдиктин баарысын жок кылышат. Медина шаарынын көчөлөрүндө ичимдик сел болуп агат. Ошондон кийин ичкиликке барбай калышкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз:

«Шек-күмөнсүз, Алла Таала ичимдикке, аны жасаган адамга, ичимдик чыгарылган жерге, аны ичкен адамга, ичиргенге, алып келген адамга, саткан адамга, сатып алган адамга, андан түшкөн кирешеден пайдаланган адамга наалат айтат!»-деп буюрат (Ахмед, I, 53; II, 351; Насаи, Ашриба, 1-2; Хаким, II, 305/3101).

Азирети Анас (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Абу Талханын үйүндө конок адамдарга ичимдик сунуп иштеп жүргөндө ичимдикке тыюу салынды. Алланын Элчиси көчөлөрдө үн салып Алланын буйругун элге угузду. Үйдө отурганбыз. Бир кезде бир башкача үн келди. Абу Талха:

- Чыгып карап келчи, бу эмненин үнү экен? - деди. Мен көчөгө чыгып келип:

- Иши кылып: «Абайлагыла, абайлагыла, ичимдик арам кылынды!» - деп бирөө кыйкырып жатат -дедим. Мага:

- Андай болсо барып, ичимдикти төгүп ташта! - деп буюрду. Ошондо Медина көчөлөрүнөн ичимдик суудай аккан эле (Бухарий, Тафсир, 5/11).

Бу окуя сахабалардын Алла Тааланын буйругуна толук баш ийгендигин даана көрсөтүп турат. Алар ар кайсы шылтоо айтпай туруп, дароо үйлөрүндө болгон ичимдиктин баарысын төгүшкөн эле. Себеби алар Алланын буйругуна толук моюн сунуп, Алланын ыраазылыгына жетүү үчүн бүт күчү менен аракет кылышкан.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) куттуу хадистеринде мындай деген:

«Адамды мас кыла турган нерсенин бардыгы арам. Мас кыла турган нерсенин көбү кандай арам болсо, азы да дал ошондой арам!» (Ибн Маажа, Ашриба, 10; Насаи, Ашриба, 24, 48)

«Ичимдик - бүт жамандыктын башаты» (Ахмед, V, 238).

«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген адам ичимдик бар дасторконго отурбасын!» (Тирмизи, Адаб, 43/2801)

«Үммөтүмдөн кээ бир адамдар ичкиликке башка аттарды коюп алып иче беришет» (Ахмед, IV, 237).

Ичимдикке жана кумарга ачык-айкын түрдө тыюу салынганга чейин этаптык (акырындык) усулдун колдонулушу Исламды жайылтуу, туура багытка жылоолоо, жат көрүнүштөр менен күрөшүү методунун аныкталышында өтө чоң роль ойнойт. Алла Таала Исламдын өкүмдөрүн коюуда адамдардын ал-абалын эске алган. Буга алгач акыйда (ишеним) маселелерине тиешелүү аяттардын Мекке доорунда түшүрүлүшүн мисал катары берсек болот.

Бул ыкма адамдын Куранга баш ийүү жаатындагы шык-жөндөмүн, ал-абалын жана күч-кубатын эске алуудан турат. Кудум кичине балага чоңойгон сайын жоопкерчиликтердин жүктөлүшү сыяктуу....

Пайгамбарыбыздын учурунда жүзөгө ашырылган акырындык принциби, Алланын ырайымы катары Жараткан тарабынан коюлган мыйзам. Бу мыйзам адамдын табиятына да эң ылайыктуу келет. Анткени адам Исламга алгач ишеним менен кирет. Ишенимден кийин иш-амалга өтөт. Амалды жүзөгө ашырууда адам күчүнө жараша акырындык усулу эске алынат. Бул принцип - Исламды жайылтуу үчүн гана эмес, дегеле адам баласын кандайдыр бир багытка салуу үчүн да эң сонун жол. Ошондуктан Алла Таала Адам атадан баштап туура динди жайылтууда коомдук эрежелер менен адам баласы баралына келген. Бул жагдай адамдын табиятын, ал-абалын эске алуунун канчалык мааниге ээ экенин ачык-айкын көрсөтүп турат.

1.23 ХИЖРАТТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

1.23.1 Салман Фарисинин мусулман болушу жана эркиндикке чыгышы

Мединалык жөөттөрдүн бирине кул болуп сатылган Салман Фариси өзүнүн Исламга кантип киргендиги жөнүндө азирети Ибн Аббаска төмөндөгү окуясын айтып берген эле:

«Мен Ысбахандын «Жей» кыштагынан болом. Атам кыштактын аттуу-баштууларынын бири эле. Атамдын дүйнөдө эң жакшы көргөн адамы мен элем. Ал мына ушундай мага болгон катуу сүйүүсүнөн улам мени жанынан карыш кое бербей, кыз баласынан бетер үйдөн сыртка чыгарбас эле. Атам зараостризм динин тутунган (б.а., отко сыйынган). Ошондуктан мен да бул динге катуу берилип кеткем. Ал тургай мен от жагуу ишин өз мойнума алган элем. Отту бир мүнөт дагы өчүрбөй жагып турчумун. Атамдын чоң айдоо жери боло турган. Күндөрдүн биринде атам бир нерсе жасап жатып мага:

- Уулум! Бүгүн мен кечке чейин мына бул иш менен алек болом, айдоого бара албайм. Айдоого сен барып кел!- деп, кыла турган ишимди айтып:

- Абайлагын, уулум! Айдоодо көпкө жүрүп, мени сарсанаа кылба! Эгер кечигип калсаң (артыңдан издеп барсам), ишим толук бүтпөй калат»

Ошентип, айдоого баруу үчүн жолго чыктым. Жолдон христиан чиркөөсүн көрүп калдым. Үндөрүн уктум, ичкериде ибадат кылып жатышкан эле. Атам мени үйдөн эч чыгарбагандыктан сырттагы элдин ал-абалын жакшы деле түшүнө берчү эмесмин. Ошондуктан эмне кылып жатышат болду экен - деп кызыгып чиркөөгө кирип, чиркөөдөгү адамдардын жанына басып бардым. Карап турдум. Анан өзүмө-өзүм: «Ооба, бу биздин динибизден да жакшы экен» - дедим. Күн киргенге чейин ал жерден чыккан жокмун. Айдоого барбай калдым. Чиркөөдөгү адамдарга:

- Бул диндин түбү каякка барып такалат? - деп сурадым. Алар:

- Дамаскка! -деп жооп беришти. Кечинде үйгө келдим. Барсам атам ишин таштап, кечке чейин мени издептир. Атам:

- Уулум! Кайда жүрдүң! Мен сага эмне кылаарыңды айткан жок белем? -деди. Мен:

- Атаке! Жолдон чиркөөдө ибадат кылган адамдарды көрдүм. Алардын ибадаттары мага абдан жакты. Күн батканча алардын жанынан кете албай арбалып тура бердим - дедим. Атам:

- Уулум, ал динде эч кандай жакшылык жок! Сенин, аталарыңдын дини андан алда канча жогору турат! - деди.

Атам менин качып кетишимден коркуп бутума кишен салып, үйгө камап койду. Чиркөөдөгү христиандарга:

- Силерге Дамасктан соода кербени келип калса, мага кабарлап койгула! -деп бир адамды жөнөттүм. Ошентип, бир канча убакыттан кийин Дамасктан христиан соодагерлер келгендигин уктум. Бутумдагы кишенди эптеп чыгардым. Үйдөн качып чыгып, дароо соодагерлер менен Дамаскты көздөй жол тарттым. Дамаскка барганда дин адамдарынан терең илимдүүсүн элден сураштырдым. Алар:

- Чиркөөдөгү эпископ - деп жооп беришти. Эпископко барып:

- Мен бу динди кабыл алып, сенин жаныңда жүрүп, чиркөөдө кызмат өтөп, Христиан динин сенден үйрөнүп, сени менен бирге ибадат кылайын деп келдим - дедим. Ал:

- Чиркөөгө кир! - деди.

Аны менен бирге ичкери кирдим. Дамасктагы эпископ кызылкулак

алдамчы адам экен. Ал христиандарга садага берүүлөрүн буюруп, топтолгон нерселерди өзүнүн чөнтөгүнө салып, кедей-кембагалдарга эч нерсе берчү эмес экен. Ошентип жүрүп жети кумура толо алтын-күмүш акча топтогон экен. Жасаган иштерин, жүргөн жүрүм-турумун көрүп, ал мага такыр жакпай калды. Күндөрдүн биринде эпископ ажалы келип көз жумду. Христиандар топтолушту. Мен топтолгон элге:

- Бу адам алдамчы адам эле. (Себеби) ал силерге кайыр-садага берүүңөрдү буюруп коюп, садагага келген нерселерди өзү топтоп, кедейлерге эч нерсе берчү эмес! -дедим. Чогулган эл:

- Сен кайдан билесиң? -деп сурашты. Мен эч тартынбай:

- Эгер кааласаңар, мен силерге анын казынасын көрсөтүп берем -дедим.

Эл мен көргөзгөн жерден алтын-күмүш толо акчаларга күбө болушту. Мындай шумдукту көргөн эл:

- Валлахи, биз муну (бу акмакты) көмбөйбүз -деп, сөөктү дарга асып, ташбараңга алышты! Ошентип анын ордуна чиркөөгө башка адамды дайындашты. Беш убак намаз окугандардан тышкары ал сыяктуу дүйнөгө маани бербеген, акыретке ашынган, күнү-түнү ибадат менен алпурушкан адамды көргөн эмесмин. Акырында бу адам да катуу ооруп төшөккө жатып калды. Ага:

- Аба! Мен сенин жаныңда жүрдүм. Сенден мурун сени жакшы көргөнчөлүк эч кимди жакшы көргөн эмесмин! Өзүң көрүп тургандай, сага Кудайдын буйругу келип калды. Мага эмне кылышымды, кай жакка барышымды сунуштайсыз? - дедим.

- Уулум! Бүгүн (бул жерде) менин жолумда жүргөн эч ким жок. Жакшы адамдар көз жуумп кетишти. Азыркы адамдар болсо, диндин баштан бери жүзөгө ашырылып келе жаткан өкүмдөрүн өзгөртүп, көпчүлүгүн жокко чыгарышты. Бирок Мусулда бир адам бар. Ал мен жүргөн жол менен жүрөт. Сен ошого бар! - деди.

Бул ардактуу адам каза болгондон кийин Мусулдагы досуна бардым. Ал өлгөн соң, анын сунушу боюнча Нусайбиндеги, андан кийин Аммуриядагы (Эскишехирге жакын жер) адамга бардым. Аммурияда анча-мынча кирешелүү болуп кой-эчки, уй сатып алдым. Акырында Аммуриялык тиги адам да өлүм төшөгүнө жатып калганда мага:

- Уулум! Валлахи, бүгүн жер жүзүндө адамдардан (кайсы жерге бараарыңды) сунуштай турган эч ким жок калды көрүнөт! Бирок Акыр Заман Пайгамбарынын келиши жакындап, көлөкөсү үстүбүзгө келип калды! Ал пайгамбар Ибрахимдин (алейхис-салаам) дини боюнча жиберилет. Өзү арап жергесинен чыгып, эки кара таштуу жердин ортосундагы курмазарга бай жерге көчүп барат. Ал белекке тартуулан нерселерден жейт, бирок кайыр-садагадан эч нерсе жебейт. Анын эки далысынын ортосунда пайгамбарлык мөөрү бар. Эгер ошол жакка барууга күчүң жетсе бар, азыртан жолго түшкөнүң жакшы болот! -деди.

Ошентип ал да көз жумду. Алланын каалоосу менен бир канча убак Аммурияда жашап турдум. Күндөрдүн биринде Калб уруусунан келген соодагерлер менен жолугуп калдым. Аларга:

- Мени арап жергесине алып баргыла, мына бул кой-эчкилеримди, уйларымды силерге берем - деп өтүндүм. Алар өтүнүчүмдү дароо кабыл алышты. Малымдын баарысын аларга берип, жолго чыктык. «Вадиль-Кура» - деген өрөөнгө барганда мени көз көрүнөө бир жөөткө сатып жиберишти. Ошентип баягы жөөттүн кулу болуп калдым. Вадиль-Курадагы курмазарларды көргөнүмдө: «Бу жер Аммуриядагы зат айткан Акыр Заман Пайгамбары көчүп келчү жай эмеспи?» - деп үмүттөнсөм да, жүрөгүм буга канааттанбады.

Күндөрдүн биринде кожоюнумдун (Курайза уулдарынан) абасынын баласы келип калды. Ал мени кожоюнумдан сатып алып, Мединага алып барды. Валлахи, Мединаны көрөрүм менен баягы Аммуриядагы адам сүрөттөп берген жер ушул жер экенин дароо туюндум. Ошентип Мединада жашам калдым. Чынында эле Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) пайгамбар болуп жөнөтүлүп, Меккеде жашап жүрүптүр. Бирок мен кулчулук кызматта болгондугум үчүн Ал жөнүндө эч нерсе уккан эмес элем. Пайгамбарыбыздын Кубага келгенинен кабарым жок эле. Күндөрдүн биринде даракка чыгып курма терип жаткам. Кожоюнум дарактын түбүндө олтурган. Ошол учурда абасынын баласы кожоюнума келип:

- Эй, баланча! Кудай Кайла уруусуна (Авс жана Хазраж урууларына) каарын төксүн! Алар Куба кыштагында Меккеден келген бир адамды «пайгамбар» - деп, анын жанынан чыкпай калышты - деди.

Мен анын бу сөзүн угаар замат дене-боюм кадимкидей калтырап, кожоюнумдун үстүнө кулап кете жаздадым. Анан мен:

- Эмне дедиң, Эмне дедиң? - деп курма дарактан тырмаландап түштүм.

Кожоюнум мага абдан ачуусу келип, муштап жиберди да:

- Эмне болду сага?! Сенин эмне ишиң бар! Бар, ишиңди кыл! - деди. Мен:

- Эч нерсе! Болгону айткан сөзүн түшүнгүм келди - дедим. Курмазардан өзүмө деп бир аз курма топтоп алган элем. Күн кирген соң үйдөн жашыруун чыгып Кубадагы Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) бардым. Ага:

- Сени жакшы адам деп уктум. Жаныңда муктаж, кембагал сахабаларың да бар экен! Кайыр-садагага деп ала келген нерселерим бар эле. Силердин ал-абалыңарды угуп колуман келгенин алып келдим! - деп сундум. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларына:

- Алгыла, бу силердики! - деди. Бирок өзү жеген жок. Ичимден: «Бул бир!» -дедим. Ошентип кожоюнумдун үйүнө кайттым. Дагы бир нерселерди топтоп койдум. Азирети Пайгамбарыбызга барып:

- Кайыр-садагадан ооз тийбегениңди көрдүм. Ошондуктан бүгүн атайын сага арнап белек алып келдим! - дедим. Алланын Элчиси бу жолкусунда мен алып келген даамдан даам татып, сахабаларына да берди. Ичимден: «Бу эки!» - дедим.

Андан кийин Пайгамбарыбыз Бакиул-Гаркад көрүстөнүнө келген кезде жанына бардым. Ал жерге сахабаларынан биринин сөөгүн коюу үчүн келген экен. Сахабалары менен олтурду. Үстүндөгү чепкени ар тарабын жаап турат экен. Ага салам бердим. Андан соң Аммуриядагы адам айткан «Пайгамбарлык мөөрүңдү көрсөм болобу» - деп арка тарабына өттүм. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) ниетимди түшүнүп, чепкенин ийининен бир аз ылдый түшүрдү. Пайгамбарлык мөөрүн көрөөр замат дароо тааныдым! Үстүнө жыгылып түштүм, өөп алдым, көз жашым чертиле түштү. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мага:

- Бул жакка өт! - деди. Мен маңдайына келип тизе бүгүп олтурдум».

Андан соң азирети Салман (Алла ага ыраазы болсун!) Ибн Аббаска (Алла ага ыраазы болсун!) кайрылып:

-Эй, Ибн Аббас! Сага башымдан өткөзгөн окуяларымды айтып бергендей Алланын Элчисине да айтып бердим. Алланын Элчиси сахабалардын да мени кызыгуу менен угушуна абдан ыраазы болду. Кул болгонум үчүн Алланын Элчиси менен бирге Бадр жана Ухуд казаттарына катышууга мүмкүнчүлүк болбоду» - дейт (Ахмед, V, 441-444; Ибн Хишам, I, 233-242; Ибн Саад, IV, 75-80)

Ошентип, азирети Салман (Алла ага ыраазы болсун!) өмүр бою издеп жүргөн акыйкатты таап, Алланын Элчисине жолуккан эле. Эми анын жалгыз гана көксөөсү ар дайым азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) жанында жүрүү, Анын буйругу менен өмүр сүрүү эле. Азирети Салмандын (Алла ага ыраазы болсун!) мындай көксөөсүн билген Алланын Элчиси күндөрдүн биринде:

- Эй, Салман! Кулчулуктан кутулуу үчүн кожоюнуң менен сүйлөшсөң болбойбу? - деп сурайт. Ошентип Азирети Салман кожоюну менен сүйлөшүп үч жүз курма көчөтүн отургузуп, кырк укиййа[143] алтын акча берип азаттыкка чыкмай болот. Пайгамбарыбыз сахабаларга:

- Боордошуңарга жардам бергиле! - деп буюрат. Кээ бири он, кээ бири беш, кээ бири жыйырма көчөт алып келип, бардыгы өз күчүнө жараша жардам берет. Ошентип Салмандын үч жүз курма көчөтү табылат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) :

- Эй, Салман! көчөттөрдү отургузуу үчүн жерин казып даярдап кой! Казып болгон соң мага кабар бер, көчөттөрдү өзүм отургузам -дейт.

Азирети Салман Фариси (Алла ага ыраазы болсун!) окуянын калганын өзү төмөнкүчө түшүндүрүп берет:

143. 1 укиййа 128 грамм салмагындагы акча бирдиги.

«Көчөт отургузуу үчүн жерин каза баштадым. Досторум мага жардам беришти. Казып болгон соң Пайгамбарыбызга кабар бердим. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) көчөттөр отургузулчу жерге мени менен келди. Биз көчөттөрдү берип турдук. Ал утуру отургузуп жатты. Аллага ант берем! Алланын Элчиси отургузган көчөттөрдөн бирөө да өспөй куурап калган жок. Ошентип, көчөттөн кутулдум. Көчөттөр биринчи жылы эле мөмөсүн бере баштады.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жүрүштөрдүн биринен тоок жумурткасынчалык көлөмдө алтын акча алып келген эле.

- Салман эмне кылды (карызынан толук кутулдубу)? -деп сурады сахабалардан.

Алла Элчисинин жанына барганымда:

- Эй, Салман! Муну алгын да карызыңдан кутул! -деди.

- О, Алланын Элчиси! Менин мойнумдагы карызга бу алтын жетпейт?! -дедим.

Алланын Элчиси алтын акчаны тилине сүрүп:

- Карма муну! Алла Таала карызыңды ушуну менен бүтүрөт!-деди.

Пайгамбарбыздын колунан алтын салынган баштыкчаны алып, кожоюнума бардым. Баштыкчадан алтынды алып бердим. Баштыкчаны карасам, акча бардай. Колумду салдым, чын эле бар экен. Дагы бир алтынды алып кожоюнума бердим. Салмандын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Ошол баштыкчадан кырк укиййа алтынды өз колум менен санап бердим. Андан эгер Ухуд тоосунчалык алсам да түгөнбөс эле. Ал тургай андан да көп чыгар эле!»

Азирети Салман (саллаллаху алейхи ва саллам) эркиндикке чыккандан кийин Хандак казатына да катышат. Ал ошол күндөн тарта Ислам жолунда болгон согуштардын баарына катышат. Ал согуштарда да Пайгамбарыбыздын жанынан эч качан чыккан эмес эле.[144]

Салман Фариси (Алла ага ыраазы болсун!) жүрүм-туруму менен бүтүндөй мусулмандарга үлгүлүү сахабалардан эле. Ал тургай күндөрдүн биринде ансарлар менен мухажирлер:

- Салман бизден! - деп талашып калышат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз:

- Салман бизден, Ахли-байттан -деп куттуу сахабасын алкоого алат (Ибн Хишам, III, 241).

Ошентип бул куттуу сахаба да өмүрүн Исламга арнап, Анын мыйзам-эрежеси менен жашап, адамдык асыл касиети менен мыкты үлгүлүү адамдардан болуп калат.

1.23.2 Хижабдын парз болушу

Исламга чейин арап коомчулугунда «хижаб»[145] - деген түшүнүк жок болгон. Исламдын алгачкы жылдарында да аял кишилер адаттагыдай хижаб кийишкен эмес. Ошентсе да,

144. Ахмед, V, 443-444; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, II, 419; Ибн Абдилбер, II, 634-638

145. Хижаб - аял кишинин шариятка ылайык кие турган кийими.

жогоруда ичкилик жана кумар маселесиндегидей, акырындык менен хижаб кийүү парз кылынган. Ошентип, хижаб тууралуу аят түшүрүлүп, аял кишинин орду өзгөчө орунга көтөрүлөт. Ар-намысы, абийири корголуп, кадыр-баркы алда канча жогорулайт. Абийирдүүлүктүн күзгүсүн чагылдырат.

Хижаб жөнүндө келген өкүм негизи аял кишиге гана эмес, эркекке да тиешелүү. Тагырак айтканда, бул маселедеги Алланын буйругу аял-эркек ар бир мусулманды өз ичине камтыйт. Жараткан Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

«(Эй, Мухаммад!) Момундарга айткын! (Чоочун аялдарды кароодон) көздөрүн жана аялуу жерлерин (арамдан) сакташсын! Бул - алар үчүн эң таза иш. Чындыгында, Алла Таала алардын эмне жасагандарынан Кабардар! Момун аялдарга да айт! Көздөрүн (чоочун эркектерди кароодон) көздөрүн жана аялуу жерлерин сакташсын! Сулуулугун көрүнүп тургандан (жүз, кол жана буттан) башкасын көрсөтпөсүн! Жоолуктарын көкүрөктөрүнө жаба салынышсын!...» (Нур сүрөсү, 30-31-аяттар).

Хижаб аял кишинин аялдык абийирин, ар-намысын жана аруулугун сактайт. Аялзаты хижаб аркылуу адам баласына назиктик, жумшактык сезимин тартуулайт. Болбосо, аял киши напсинин чырагына май тамызып, эркектерди ар кандай жаман иштерге жетелөөгө себепкер болот. Бул болсо, анын адамдык сапатын, кадырын кетирип, энелик баркын түшүрөт.

Бул жерде эскерте кетчү дагы бир жагдай, аял киши менен эркек адамдын ортосунда напси жагынан айырмачылыктар бар. Бул аял-эркекке таандык жоопкерчиликтердин айырмачылыгына да байланыштуу. Ошондуктан аял менен эркек кийим жагынан да бири-биринен айырмаланып турушу зарыл. Анткени аял эркек адамга караганда табиятынан эле сүйкүмдүү келет. Ал хижабдан алыстоо менен ыйбаалуулуктан алыстайт. Энелик касиети жана келечек муунду таза сактоо өзгөчөлүгү зыянга учурайт. Ошон үчүн анын өзүнө тартып алуучу өзгөчөлүгү Алланын буйругу менен бир гана өмүрлүк жарына ыйгарылган. Анткени аял менен эркектин ортосунда таза муундун уланышы үчүн бири-бирине болгон

өзгөрбөс табигый тартылуу күчү хижаб буйругуна моюн сунулбаган кезде Исламдын чегинен чыгууга жол ачып, өтө аянычтуу натыйжаларга себепкер болот. Алла Тааланын:

«Зинага (никесиз катнашка) жолобогула!..» - деген буйругунда «Хижаб кийбөө менен зинага жол ачпагыла, ага мүмкүнчүлүк түзүп бербегиле!» - деген да сыр жатат. Бул ачык-айкын өкүм. Ислам дини сыртынан өзүнө тартып алуучу өзгөчөлүгү болбогон аялга да хижаб кийүүнү буюрат. Башкача айтканда, «Бу аял башын, колдорун же буттарын ачып койсо, деле айырма жок, ансыз деле анын өзүнө тартуучу касиети жок»- деп айтууга эч мүмкүн эмес. Себеби хижаб менен аялдын аялдык кадыр-баркынын сакталышы – негизги маселе болуп эсептелет.

Өкүмдөрүн адамдын табиятын эске алуу менен койгон Ислам дини аял кишинин жана эркек адамдын ал-абалын да эске алган.

Азирети Пайгамбарыбыз аялдарга окшоого аракет кылган эркектер менен, эркектерге окшоого аракет кылган аялдарга наалат айткан.[146] Аялдар мындай коркунучтардан сактануу үчүн такыбаа аялдардын дил маектерине (сухбаттарына) катышып турууга аракет кылышы керек. Анткени адам баласы ким менен жүрсө, анын адамдык касиетинен сөзсүз түрдө оң же терс таасирин алат. «Сыныктан башканын баары жугуштуу» - демекчи, бул психологиялык өзгөрбөс эреже. Аял эркектер менен аралашканда аялдык сезимдерин жана ошол аялдык аруу, сулуу касиеттерин жоготот.

Жогоруда маалымдалгандай аялдар менен эркектер кийим маселесинде да бири-бирине окшошууларына тыюу салынган. Алланын элчиси аялга окшоп кийинген эркектердин жана эркекке окшоп кийинген аялдардын Алланын ырайымына алыс болоорун айткан.[147] Анткени эки тарап тең өздөрүнө тиешелүү аялдык жана эркектик касиеттерин коргоолору керек.

Эркектердин аялдарга, аялдардын эркектерге окшоп кийинүүлөрү адамдык кулк-мүнөздөрүнүн өзгөрүлүшүнө себепкер болот. Маселен, эркектердин кийимине окшош кийимдерди кийгиси келген аял кишилердин жүрүм-турумдары убакыттын өтүшү менен өзгөрүүлөргө дуушар болоору бышык. Мына ушунун өзү табияттын бузулушу - дегенди түшүндүрөт.

1.23.3 Ифк окуясы

Бу окуя Мурайси жүрүшүнөн кайтып келе жатканда болот. Алла Элчисинин өмүрлүк жары азирети Аиша кошуун эс алган жерден бир аз алыстап кетет. Кайра артка кайтып келгенде кошуун эбак эле жылып кеткен болот. Анткени ал учурда аял киши төөнүн өөркөчүнө отургузулган хавдаждын ичине отура турган. Ошондуктан кошуун жылган кезде сахабалар азирети Аишаны төөнүн үстүндөгү хавдажда деп ойлошкон. Азирети Аиша кошуундун аркасынан түшүп жоголуп кеткенден көрө, ошол жерде күтүүнү эп көрөт. Чарчап, көзү илинип, чырым этет. Ал учурда кошуундан калгандарды алып баруу үчүн атайын жооптуу адамдар дайындала турган. Бул жүрүштө бул озуйпаны аркалаган азирети Савфан бин Муаттал азирети Аишаны көрүп:

146. Бухарий, Либас, 61

147. Абу Давуд, Либас, 28/4098

«...Биз Аллага таандыкпыз, кайра Ага кайтабыз...» (Бакара сүрөсү, 156-аят) –деген аятты окуп ойготот.

Азирети Аиша энебиз бу үндү угаары менен ойгонот. Азирети Савфан бир да сөз сүйлөбөстөн төөнү чөктүрөт. Азирети Аиша энебиз төөгө минет. Түшкө маал кошуунга жетип келишет. Муну көргөн эки жүздүү мунафыктардын чырагына май таамп, ооздоруна келген өйдө-төмөн сөздөрдү чыгара баштайт:

- Валлахи, булар бирдин ичинен чыгышты - дешет. Ал тургай Абдуллах бин Убай:

- Мына, Пайгамбарыңардын жубайы башка адам менен түн өткөрүп... - дегенге чейин барат.

Жалган ушак тез арада кошуунга жайылып кетет. Азирети Абу Бакир катуу кайгырып, ыйламсыраган үн менен:

- Валлахи, биз мындай жалааны караңгы доордо да көргөн эмеспиз!... - деген эле.

Азирети Савфан да эмне дээрин билбей, кайгы-муңга батат. Ал Алла Элчисинин:

«Сен жөнүндө жакшылыктан башка эч нерсе билбейм!..»-деген мактоосуна арзыган сахаба эле.

Бул окуя баарыдан да Алланын Элчисине өтө оор тийет. Бу окуядан кийин ал үйүнөн көп сыртка чыга албай, элдин жүзүн карай албас болот. Бу жаатта атайын изилдөө жүргүзөт. Азирети Аишанын күнөөкөр болгонуна кыпындай да белги жок эле. Бирок бетбактар ооздоруна алы жетпей бүт күчү менен азирети Аишаны жаманатты кылууга жан далбас урушат.

Окуяны эң акыркылардан болуп Аиша энебиз угат. Мындай оор жалааны угаар замат апкаарып калат. Эл арасына шамалдай жайылган жалааны үйүнөн укканда өзүн жоготуп кое жаздаган эле. Ошентип Пайгамбарыбыздан уруксат сурап, атасынын үйүнө окуянын жөн-жайы жөнүндө маалымат алуу үчүн барат.

Пайгамбарыбыз окуя тууралуу Аиша энебиз менен сүйлөшкүсү келет. Азирети Абу Бакирдин үйүнө барып өмүрлүк жарына:

- Эй, Аиша! Сен жөнүндө мага сөздөр келип жатат. Эгер күнөөң жок болсо, Алла Таала сени таза чыгарат -дейт.

Алла Элчисинин да жалган жалаадан түйшөлүп турганын байкаган сезимтал азирети Аиша ата-энесин карап калат. Ата-энеси экөө тең эч нерсе унчукпай турганын көрүп, көзү жашылданып Алла Элчисине:

- Валлахи, жакшы түшүнбөдүм. Силер айтылып жаткан (ушактарды) угуп, ишенген сыяктуусуңөр. Азыр мен күнөөм жок десем, (Алла Таала муну билет) силер ишенбегендейсиңер. Бирок Алла Таала менин күнөөсүз экенимди эң жакшы билет. Мен ошол ушактарга каршы Алла Тааладан гана жардам сурайм - дейт.

Ошол күндөрдүн биринде азирети Абу Аюб аль-Ансаринин жубайы Умму Аюб күйөсүнө:

- Эл Аиша жөнүндө эмне деп жатканын уктуңбу? - деп сурайт.

Азирети Абу Аюб:

- Ооба! Уктум. Ал сөздөрдүн баары жалган! - деп жооп кайтарып, аялына:

- Сен ошондой жаман ишке барат белең? - деп суроо салат.

Аялы:

- Жок! Валлахи, мен мындай ишке бармак эмесмин! - дейт.

Анда Абу Аюб (Алла ага ыраазы болсун!) :

- Андай болсо, валлахи, Аиша сенден алда канча жогору турат! - деген экен (Ибн Хишам, III, 347; Вакиди, II, 434).

Ошентип, иштин соңу Алладан келген вахийге гана калат. Көп өтпөй Алла Таала бу окуя жөнүндө аяттарын түшүрөт. Эл арасында айтылып жаткан ушак-айыңдардын баары тең эл бузар эки жүздүү караөзгөйлөргө таандык болгондугу ачыкка чыгат. Алла Тааланын вахийи азирети Аишаны жалган жалаадан алыс кылып, эки жүздүүлөргө азабын кабарлап, катуу эскертүү берет.

Жараткан Алла Таала бу окуя жөнүндө төмөндөгү аяттарын түшүргөн эле:

«Чындыгында, бул жалааны ойлоп тапкандар өзүңөрдөн эле чыккан топ. Аны өзүңөр үчүн жамандык деп ойлобогула! Тескерисинче, ал силер үчүн жакшылык. Алардын ар бири күнөөгө ээ болду. Аларга башчылык кылган адам үчүн чоң азап бар.

Аны (жалааны) укканыңарда момун эркектер жана момун аялдар бири-бири жөнүндө жакшылыкты гана ойлоп: «Бул ачык-айкын жалаа!»- деген болсо (өздөрүнө жакшы болор эле). Алар ага төрт күбө келтириши керек эле. Албетте, алар күбө (далил) келтире алышкан жок. Мына ушулар – Алланын алдында жалганчы адамдар. Эгер силерге бул дүйнө менен акыретте Алланын жакшылыгы, ырайымы болбогондо, албетте, жалган жалаа жапканыңардын айынан оор азапка дуушар болмоксуңар. Ошол убакта өзүңөр билбеген нерсени (жалааны) өзүңөр анык билбеген нерсени сүйлөп (жайылтып) ага жеңил карадыңар. Чындыгында ал (жалаа) Алланын алдында чоң күнөө.

Аны уккан чагыңарда: «Бул (имишти) сүйлөш бизге жарашпайт. Оо, Жараткан, Сен аруусуң. Бул чоң жалаа!» - десеңер болбойт беле?!

Эгер момун болсоңор, анда Алла Таала мындайды эч качан кайталабашыңарды эскертет. Ошондой эле Алла Таала силерге Өз аяттарын баян кылат. Алла-Билүүчү, Даанышман!

Ырас, ыйман келтиргендердин ичинде чагымчылык, жалаа жайылышын каалагандарга бул дүйнөдө да, акыретте да жан чыдагыс азап бар. Алла Таала билет, силер билбейсиңер. Эгер силерге Алланын жакшылыгы, ырайымдуулугу болбогондо (катуу жазага дуушар болор элеңер). Чындыгында, Алла Таала - Боорукер, Мээримдүү!

Эй, момундар! Шайтандын жолу менен жүрбөгүлө! Ким шайтандын жолу менен жүрсө, анда, албетте, (шайтан) бузукулукка, жамандыкка буйруйт. Эгер силерге

Алланын жакшылыгы, мээрими болбогондо, эч бириңер эч качан (күнөөдөн) тазалана албайт элеңер. Бирок, Алла Таала Өзү каалаган пендесин күнөөдөн арылтат. Алла – Угуучу, Билүүчү» (Нур сүрөсү, 11-21-аяттар)

Бул аяттар түшүрүлгөн соң Алланын Элчисинин жүзүнө жылмаюу кирип, азирети Аишага келип:

- Сүйүнчү, эй, Аиша! Алла Таала сени таза чыгарды! - деп буюрат.

Аиша энебиз аяттарды өз көзү менен окуган соң:

- Мен сыяктуу алсыз кул жөнүндө аят түшө турганын эч ойлогон эмесмин. Мен Алла Элчисинин жүрөгүнө бир илхам келип, бардыгы ачыкка чыгат деп ойлогон элем! - деп көзүнөн жашы тоголонуп, Алла Таалага шүгүр келтирет. Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) кызынын маңдайынан өөп, Алла Элчисине барышын буюрат. Анда азирети Аиша:

- Мен Алладан башка эч кимге хамд (шүгүр, ыраазычылык) айтпайм. Менин күнөөсүз экенимди ачыкка чыгарган Зат - Алла Таала! - деп бир аз наздана капачылыгын билдирет.

Алланын Элчиси жылмайып коет. Ошентип бир айга созулган ушак-айыңга Алланын ырайым-мээрими менен чекит коюлат (Бухарий, Шахадат, 15, 30, Жихад, 64, Магази, 11, 34; Муслим, Тооба, 56; Ахмед, VI, 60, 195).

Жалган жалаага туш болгон Алла Элчисинин жубайы азирети Аиша Пайгамбарыбыздын эң жакын досунун кызы жана ошондой эле үммөттүн эң абийирдүү аялдарынын бири эле. Бул окуя ошол эле учурда пайгамбарлардын эң оор иштерге чыдамкайлыгын, туруштук берүү күчүн да көрсөтүп турат. Бул кыяматка чейин эң сонун мисал боло бермекчи.

Ыйык Куранда бул окуя «ифкун мубин: ачык-айкын жалаа», жана «бухтанун азим: чоң жалган жалаа» - деген сөз менен эскерилет. Алла Таала азирети Аишаны тазага чыгарса да, кийин да Жамал окуясына катышканын себеп кылып, аны жаманатты кылган адамдар да чыккан.

Ошентип, бул окуянын себепкерлери абийирин таза сактаган аялга жалган жалаа жабышкандыгы үчүн жаза берилет. Алардын ар бирине сексен балактан урулат.[148]

Ибн Аббастын айтымында, Алла Таала төрт адамды жалган жалаалардан таза чыгарган:

1. Юсуф (алейхис-салаам). Юсуфка жалаа жапкан аялдын үй-бүлөсүнөн бир күбөнүн тили менен,[149]

Муса пайгамбарды жөөттөрдүн ушак-айыңдарынан,[150]

3. Азирети Мариямды кучагындагы жаңы төрөлгөн уулун сүйлөтүү

менен,[151]

148. Ахмед, VI, 35
149. Юсуф сүрөсү, 26-29
150. Азхаб сүрөсү, 69
151. Мариям сүрөсү, 29-33

4. Азирети Аишаны кыяматка чейин бурмаланбай турган Ыйык Куран аяттары менен таза чыгарган. Алла Таала Элчисинин канчалык бийик даражада экенин көрсөтүү үчүн ушундай кылган (Замахшари, IV, 121).

Вахийдин кечигип бир айдан кийин келишинин себеби азирети Пайгамбарыбыз Жараткандын элчиси болуу менен бирге адамдык сапатка ээ болгондугун, вахий Анын ою боюнча келбестигин көрсөтүү жана мусулмандардын да ыйманын текшерүү үчүн болгон.

1.23.4 Хандак Казаты (Шавваль-Зилкаада, 5-жыл/ Март, 627-жыл)

Хандак казаты - бутпарастар тарабынан мусулмандарга каршы жарыяланган өтө оор согуштардын бири болгон. Бул согуштун максаты мусулмандарды жана Ислам мамлекетин түп орду менен жер бетинен тазалоо эле.

Сүргүнгө айдалган жөөт Надир уруусунун аттуу-баштуулары Хайбарга баш калкалашкан эле. Надир жөөттөрү мусулмандардан өч алууну эңсеп турушкан эле. Курайш бутпарастарына чогуу кол салууну сунуш кылышат. Алар жадагалса бутпарастыктын мусулманчылыктан да жогору болгонун айтып, айкелдерге табынууга чейин барышат. Бу жаатта Алла Таала мындай буюрат:

«Китеп түшүрүлгөн адамдардын жасалма кудайларга (айкелдерге) жана жин-шайтандарга сыйынып жаткандарын жана каапырларга: «Ыйман келтиргендердин жолунан силердин жол туура» - дешкендерин көрбөдүңбү? Алар Алланын каргышына калган адамдар. Кимди Алланын каргышына калса, ага жардамчы таба албайсың» (Ниса сүрөсү, 51-52-аяттар)[152]

Бутпарастарга мындай сунуш майдай жагып, дароо кызуу даярдыктарын көрүшөт. Мусулмандардын Ухуд казатында жеңилүүгө дуушар болушу арап урууларынын чырагына май тамызат. Ошентип Курайш бутпарастары он миң кол топтоого жетишет.[153]

Кабар Алланын Элчисине да жетип дароо сахабалары менен жыйын өткөзөт. Сахабаларга Алланын жарлыктарына моюн сунуп, Алланын жолунда аракет кылган чакта Алладан жардам келээрин айтат. Аллага жана Элчисине баш ийүүлөрүн буюрат.

Алла Таала Пайгамбарыбызга аң казышын билдирет. Алланын Элчиси сахабаларына эки сунуш менен кайрылат. Бири Мединадан чыгып душмандардын он миң колу менен кармашуу, экинчиси коргонуу үчүн шаарды айланта аң казуу. Салман Фариси:

-О, Алланын Элчиси! Биз да өз жерибизге т.а., Перс аймагына душмандар келгенде ордобузду айланта аң казаар элек - дейт.

Салмандын бул сөзү бардык мусулмандарга жагат.[154] Сахабалар бул учурда Ухуд согушун эстешет. Ухуд согушунда да Алланын Элчиси Мединада коргонууну каалаган эле. Ошентип, Медина шаарын айланта аң казууга чечим чыгарылат.

152. Вахиди, 160.
153. Вакиди, II, 444; Ибн Саад, II, 66
154. Ибн Хишам, III, 231; Вакиди, II, 445

Медина бир жагынан гана ачык жана коркунучтуу эле. Башка жактары жанаша салынган үйлөр чеп сыяктуу эле. Ошондой эле курмалар да адам өтө алгыс, жыш отургузулган эле. Алланын Элчиси сахабаларына душмандар келе турган тарабын казууну буюрат. Шайхайн чебинен «Мазад» - деген жерге чейинки аралыкты ар бир он адамга өзүнчө: «Мына бул жерден ушул жерге чейин силердики»-деп бөлүп берет.[155]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабалар менен кошо аң казышат. Бул учурда Мединада ачарчылык өкүм сүрүп жаткан эле. Ошондуктан Пайгамбарыбыз ач болгондуктан кардына таш байлап алат.[156] Ошентсе да пайгамбарлардын султаны атанган азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) Жараткан Аллага шүгүр келтирүүдөн эч жазбайт.

Азирети Бара бин Азиб (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи ва саллам) Азхаб сүрөсү күнү[157] биз менен топурак ташып жүргөнүн көрдүм. Абдуллах бин Раваханын ушул (маанидеги) ырын окуп жатты:

«Оо, Жараткан! Сен бизге туура жолуңду көргөзбөгөнүңдө, биз кайыр-садага да бербес элек, намаз да окубас элек! Оо, Жараткан Алла! Душман менен кездешкен кезде бизге сабырдуулук бере көр. Бутубузду (адал жолдон) тайгыза көрбө! Алар бизге кол салышты. Жүрөк үшүбүздү алууга аракет кылышса да, биз эч качан качпайбыз, чыдайбыз!»

Ырдын аягындагы «абайна: качпайбыз, чыдайбыз» - деген жерге келгенде үнүн жогорулатып турду» (Бухарий, Магази, 29)

Сахабалардын да карды ачып, кыйналып турушкан эле. Азирети Анас (Алла ага ыраазы болсун!) бул жагдай жөнүндө мындай дейт:

«Сахабаларга бир ууч арпа алынып келээр эле. Арпа даамы да, жыты да өзгөргөн май менен бышырылаар эле. Сахабалар майдын эски май экенин билишээр эле. Тамактын даамсыз, жагымсыз жыты боло турган» (Бухарий, Магази, 29)

Хандак казууда жаш-кары дебей бардык мусулмандар иштеп жаткан эле. Аң казылып жаткан кезде он беш жашар азирети Зайд бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун!) көзү илинип уктап кетет. Мусулмандар аны аңдын кыйырында уктап жаткан калыбында таштап кетет. Азирети Умара бин Хазм Зайддын жанына акырын келип тамаша кылайын деген ой менен курал-жарагын алып катып коет. Зайд ойгонуп, курал-жарагын таба албай чоочуп кетет. Пайгамбарыбыз Зайдды жанына чакырып:

- Эй, уйкучу! Сен уйкуга кирдиң, курал-жарагыңан да ажырадың! - дейт да сахабаларынан:

- Бу жигиттин курал-жарагы кайда? -деп сурайт.

Азирети Умара (Алла ага ыраазы болсун!):

155. Табари, Тарых, II, 568; Диярбекри, I, 482

156. Бухарий, Магази, 29

157. Хандак казатында ар кошкондун баары мусулмандарга каршы согуш ачкандыктан бу согуш «Азхаб согушу» - деп да айтылып калган.

- О, Алланын Элчиси, мен билем, курал-жарагы менде - дейт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Зайдка курал-жарагын кайтарып бер! -деп, тамаша иретинде да болсо мусулмандарды коркутууга, алардын бир нерсесин алып катып коюуга тыюу салат (Вакиди, II, 448).

1.23.5 Хандакта берилген куш кабар

Аң казуу учурунда сахабалар чоң ташка туш келип, аны чыгара албай калышат. Пайгамбарыбызга айтып келишет. Пайгамбарыбыз учтуу барсканды алып келип «бисмиллах» - деп ташты үч жолу урат. Ошентип чоң таш майдаланып түшөт.[158] Пайгамбарыбыз ар бир урушунда мусулмандарга сүйүнчү айтып жаткан эле. Биринчи урушта Шамдын (ал кезде Шам Византияга карап турган), экинчисинде Ирандын, үчүнчү урушта Йемендин ачкычы өзүнө берилгендигин жана бул мамлекеттердин ак сарайларын көрүп турганын айтат. Бул жерлердеги элдердин Исламга кирээрин айтып, келечекте чоң жетишкендиктерге жетишээрин маалымдаган эле.[159] Ошентип чындык жакын арада жалганды жокко чыгараарын сүйүнчүлөйт.

Пайгамбарыбыз Кисранын Мадаиндеги ак сарайын сүрөттөгөндө азирети Салман Фариси (Алла ага ыраазы болсун!):

- Туура айттың! Сени акыйкат дин жана ыйык Китеп менен жөнөткөн Аллага ант берем! Аны дал өзүндөй сүрөттөдүң! Сенин Алланын Элчиси экендигиңе дагы бир жолу күбөгө өтөм! - дейт.

Анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Эй, Салман! Бул жеңиштерди Алла Таала менден кийин силерге насип кылат! Шам сөзсүз колго алынат! Герак өлкөсүнүн тиги учуна чейин качат! Силер бүтүндөй Шамга ээлик кыласыңар! Эч ким силерге каршы чыга албайт. Йемен да сөзсүз колго өтөт! Андан соң Кисра өлтүрүлөт! - деп буюрат.

Азирети Салман (Алла ага ыраазы болсун!) кийин:

- Мен булардын бардыгын өз көзүм менен көрдүм! - деген (Вакиди, II, 450).

Бул жерлер удаама-удаа колго алынган сайын азирети Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун!) да:

- Бул жеңиштер силер үчүн болгону башталыш! Абу Хурайранын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Колго алынган жана кыяматка чейин колго алына турган жерлердин ачкычын Алла Таала Азирети Пайгамбарыбызга эбак эле берген! – деген эле (Ибн Хишам, III, 235).

Алла Элчисинин мындай сүйүнчүсү мусулмандар үчүн ошол учурда өтө чоң дем-күч болгон. Акыбет мусулмандардын пайдасына, душмандардын зыянына болоору мурунтан билинип, мусулман жоокерлердин сабырына сабыр, каруусуна каруу, демине дем кошкон

158. Бухарий, Магази, 29

159. Ахмед, IV, 303; Ибн Саад, IV, 83, 84



эле. Анткени Хандак казаты өтө оор казат эле. Алланын Элчиси:

«Оо, Жараткан Алла! (Чыныгы) Жашоо – албетте, акыреттеги жашоо. Ансарларга жана мухажирлерге жардам бере көр!...» (Бухарий, Магази, 29) - деп жалбарып, бул дүйнөдөгү мындай кыйынчылыктар акыреттеги түбөлүк бакыт үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк экенин айтып, сахабаларын акыретке багыттайт.

Душмандар чатырларын куруп кирген кезде Алланын Элчиси ордуна азирети Ибн Умму Мактумду калтырып, үч миң адамдан турган Ислам колу менен бирге дароо казылган аң тарапты көздөй бет алат. Мусулмандар Сел тоосунун этегине жайланышат. Шаарда калган бала-бакыра, аялдардын чептерге коргонууларын буюрат.[160] Он беш жашка толо элек балдарды артка кайтарат. Он беш жаштагы Ибн Умар, Зайд бин Сабит жана Бара бин Азиб сыяктуу жаш уландарга согушка уруксат берилет.[161]

Бул учурда Курайза жөөт уруусу кезектеги кыянатчылыгын жасап, тынчтык келишимге балта чабат. Алар муну менен экинчи жолу келишимди бузуп жатышкан эле. Ошентип мусулмандар эки чоктун ортосунда кала турган болот. Жөөттөр бутпарастардын башчысы Абу Суфянга элчи жөнөтүп:

- Силер чыдап тургула! Биз мусулмандарга аркадан кол салабыз, мусулмандарды түп орду менен жок кылабыз! -дешет.[162]

Бу кыянатчылык Алла Элчисине өтө оор келет. Бирок Ал дайыма Аллага тобокел кылып, моюн сунаар эле. Ошондуктан мындай оор абалда да:

«Хасбуналлах, ва нимал-Вакиил!» «Жараткан Алла бизге жетиштүү! Ал кандай гана ишенимдүү өкүл!» - деп буюрат (Вакиди, II, 457; Ибн Саад, II, 67).

Андан соң:

- Бизге ким Курайза уруусунан кабар алып келет? - деп сурайт.

Азирети Зубайр бин Аввам (Алла ага ыраазы болсун!):

- Мен, о, Алланын Элчиси! - деп жолго түшөт.

160. Ибн Хишам, III, 235
161. Вакиди, II, 453.
162. Абдурраззак, V, 386

Алланын Элчиси кырдаал курчуп күч алган кезде азирети Зубайрды жөөттөрдөн кабар алуу үчүн бир канча жолу жөнөтөт. Азирети Зубайрдын бу кызматына ыраазылыгын билдирип:

- Ар бир пайгамбардын бир жардамчысы болот. Менин жардамчым - Зубайр! -деп алкыш айтат (Ахмед, III, 314).

Андан соң Пайгамбарыбыз жөөттөргө өзүнчө тайпа жөнөтөт. Бул тайпага мындай дейт:

- Баргыла, карап көргүлө! Бизге келген кабарлар туурабы же жаңылышпы? Эгер туура болсо, аны мага жашыруун билдиргиле! Ачык айтып элдин жүрөк үшүн албагыла, коркутпагыла! Эгер алар ортобузда түзүлгөн келишимди бузушкан эмес болсо, муну элге ачык айтсаңар боло берет!

Тайпа Курайза уруусу отурукташкан жердин кыйырына келет. Аларды уккандарынан да жаман абалда көрүшөт (Ибн Хишам, III, 237).

Азирети Пайгамбарыбыз аркадан келе турган кол салууга каршы Мединаны коргоо үчүн азирети Салама бин Асламга (Алла ага ыраазы болсун!) эки жүз, азирети Зайдга (Алла ага ыраазы болсун!) үч жүз жоокер берип артка жөнөтөт. Бул эки кол Мединаны күзөтүп, бийик добуш менен ураан салып, такбир айтып (Аллааху акбар - дешип) Медина көчөлөрүн кыдырышмак эле.[163]

Ошентип мусулмандар жөөт Курайза уруусунун чабуулуна туш болбойт. Таң атат. Мусулмандар кыйла эс алып калышат. Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!):

«Мединада калган бала-бакырабызга Курайза жөөттөрүнөн келе турган коркунуч Курайш жана Гатафан кошуундарынан келе турган коркунучтан да жогору эле. Тез тез Сел тоосунун чокусуна чыгып Мединага көз салып, алардын тынч жатканын көрүп, Алла Таалага шүгүр келтирип жаттым!» - дейт. (Вакиди, II, 460)

Бир кезде душмандар Алланын Элчиси турган жерге болгон күчүн жыйнап чабуулга өтөт. Ал күнү Пайгамбарыбыз да, сахабалар да намазын окууга мүмкүнчүлүк таба алышпайт. Кеч кирип, кошуундар кайра артка чегинген кезде Алланын Элчиси Билалга азан айтуусун буюрат. Ар бир намаз үчүн коомат айтып, бешим, асыр жана шам намаздарын каза намаз катары окушат. Буга катуу кайгырган Алланын Элчиси «көзүмүн нуру» - деп атаган намазга жолтоо болгон бутпарастарга:

«Алар бизди күн батканга чейин алагды кылып намаз окууга жолтоо болушканы үчүн Алла Таала аларды үйлөрүнө, курсактарына жана кабырларына (тозок) отун толтурсун!» - деп наалат айтканга чейин барат (Бухарий, Магази, 29; Ибн Саад, II, 68-69; Ибн Касир, аль-Бидая, IV,112).

Терең жана кең казылган аңдан бутпарастардын саналуу гана баатырлары өтө алышат. Бул баатырлардын бири Амр бин Абд бүтүндөй Арапстанга атагы чыккан, менмен деген балбандарынан болгон. Аны менен азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) кармашат. Алланын уруксаты менен азирети Али Амр бин Абды жерге сулата чабат. Бутпарастардын калган баатырлары да набыт болушат.

163. Ибн Саад, II, 67.

Согуш созулгандан созулуп бараткан эле. Мусулмандар абдан кыйналып кетишкен эле. Жападан жалгыз үмүтү Алла Таалада гана болуп калган эле. Бул жагдай жөнүндө Алла Таала мындай буюрат:

«Ошондо алар силердин жогору тарабыңардан да, төмөн тарабыңардан да (кол салып) келишкен эле. Ошондо көздөр тунарып, жүрөктөр алкымдарга тыгылып калган эле. Силер Алла Таала жөнүндө (түрдүү) ой жоруй баштаган элеңер. Дал ошол жайда момундар (дагы бир ирет) сыналып, (бул коркунучтан) катуу коркушту.

Ошондо эки жүздүүлөр жана жан дүйнөлөрүндө дарты бар адамдар: - Алла Таала жана Анын пайгамбары бизге жалган гана убада бериптир - дей башташты. Ошондо алардан бир тайпа: - Эй, Ясриб (Медина) калкы, эми силер үчүн мынчалык (көп сандаган душмандарга каршы) турууга мүмкүнчүлүгүңөр жок, кайткыла (үйүңөргө) –десе дагы бир бөлүгү пайгамбардан: -Үйлөрүбүз ачык-ээн калган болчу - деп уруксат сурашат. Чындыгында алардын үйлөрү ээн эмес болучу. Алар болгону согуштан качууну гана ойлошкон. Эгер аларга ар тараптан (душмандар) басып кирип, алардан (Исламдан) баш тартууну талап кылышса, алар дароо баш тартышмак. Болбосо, мурун кайра качпоо тууралуу Аллага ант беришкен болчу. Аллага берген убадалары үчүн жооп беришет. (Эй, Мухаммад): «Эгер силер өлүмдөн, же өлтүрүүдөн качсаңар, бул качуу силерге эч кандай пайда бербейт. Качсаңар деле (бул дүйнөдөн) аз гана пайдаланасыңар» - деп айткын!» (Азхаб сүрөсү, 10-16-аяттар).

«Момундар салгылашкан тайпаларды көргөн чакта: «Бул- Алла Таала жана Пайгамбары бизге убада кылган нерсе (сыноо). Алла Таала жана пайгамбарынын сөзү туура» - дешти. Ошентип, алардын ыйманын жана моюн сунуучулугун дагы да бекем кылды» (Азхаб сүрөсү, 22-аят)

1.23.6 Согуш – бул, айлакерлик

Мусулман жоокерлер душмандар менен согушууга, бүт күчүн жумшайт. Гатафан уруусунун аттуу-баштууларынан мусулманчылыкты кабыл алып, бирок Алла Элчисинин: «Согуш – бул айлакерлик» (Бухарий, Жихад, 157; Муслим, Жихад, 17) - деген сөзүн карманып, өзүн жашырып жүргөн азирети Нуайм (Алла ага ыраазы болсун!) бутпарастар менен Курайза уруусун бөлүп, жаатташтырат. Мединаны курчоого алган уруулар өздөрүнчө чатакташып, ортолорунда жаңжал чыгып кетет. Ар ким бири-биринен сестенип, этият болуп калат. Ортолоруна жик түшөт. Акырында жөөттөр Нуаймга алданып, чептерине чегинишет. Майданда мусулмандар менен бутпарастар гана согушуп калат. Ошентсе да, мусулмандардын ал-абалы оор эле. Бутпарастардын курчоого алуусу мусулман кошууну үчүн чоң сыноо эле. Бул жөнүндө төмөнкү аятта минтип айтылат:

«Же (эй, момундар) силерден мурунку өткөндөрдүн мисалы силерге келбей туруп бейишке кирүүнү ойлодуңарбы? Аларга кыйынчылыктар (катар-катары менен) келе бергендиктен, алар ыргылжың болуп калышты. Ошондуктан, пайгамбар, аны менен бирге ыйман келтиргендер: «Акыры Алланын жардамы качан келет?»- дей

башташты. (Ошондо аларга) мындай жооп болду: «Билип койгула, албетте, Алланын жардамы жакын!» (Бакара сүрөсү, 214-аят).[164]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Жаратканга жалбарат:

«Оо, Жараткан Алла! Оо, Ыйык Куранды түшүргөн Алла Таала! Оо, душмандардан эсебин тез алган Алла! Мединаны курчоого алган мына бул арап урууларын ыдырата көр! Оо, Алла Таала! Душмандарды кайтара көр, максаттарына жетишпесин, бизге туруштук бере алышпасын!» (Бухарий, Магази, 29).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) дуба кылган соң Алла Тааладан жардам келет. Жел менен башталган шамал акырында барып бороон-чапкынга айланат. Душмандарды көздөй соккон бул бороон алдынан эмне чыкса, баарын алып учуруп, Медина шаарынын чаң-топурагын бутпарастардын үстүнө сапырат. Ал тургай чатырларын түп орду менен учуруп кетип жаткан эле. Күлазык, казан-аяктын баарын ай-асманга учуруп кеткен эле. Бороон жүк ташыган төөлөр менен согушка даярдалган аттарды да аралаштырып жиберген эле.[165]

Мындай асмандан келген Алланын балээсине кабылган бутпарастар эндирей түшөт. Согушууну жан көңүлдөн каалап турган Абу Суфян да айласыздан:

-Мен артка кайттым. Силер да жолго аттангыла! -деп төөсүн минип, Меккеге жол тартат.[166]

Ошентип, Алла Таала мусулмандарга жардам берет. Бул жөнүндө аяттарда мындайча баяндалат:

«Эй, момундар, силерге (каршы түрдүү жамааттардан болгон) аскерлер келген кезде Биз алардын үстүнө шамал жана силер көрбөгөн аскерлерди (периштелерди) жибергенибизди, Алланын силерге ыроологон жакшылыгын эстегиле! Алла Таала жасап жаткан ар бир ишиңерди көрүп турат» (Азхаб сүрөсү, 9-аят)

«Алла Таала каапырларды кайгы-муңга баткан абалда кайтарды. Алар ийгиликке жете алышкан жок. Алла Таала момундарга жетиштүү (Колдоочу). Алла Таала – (чексиз) Кудуреттүү» (Азхаб сүрөсү, 25-аят)

Бутпарастар аргасыздан бир топ буюм-тайымдарын, төө-аттарын калтырып артка чегинишет. Ошонун аркасы менен Мединадагы ачарчылыктан эл аман-эсен чыгат. Алланын Элчиси Жараткандын ырайымынан соң сахабаларына:

- Эми кезек силердики! Мындан кийин Курайш силерге каршы согуш жарыялабайт! – дейт. (Бухарий, Магази, 29).

Ошентип, эми коргонуу эмес, чабуулга өтүүгө кезек келген эле. Анткени бутпарастардын эрдемсинүүгө, согуш жарыялоого дарамети калбай, деми сууп калган эле. Эми мусулмандар Алла Элчисинин сөздөрүн жадысынан чыгарбай өздөрүнө ишенимдүү болуп, кубанычтары койнуна батпай:

«Мындан кийин биз аларга жүрүш жасайбыз!» - деп калышат.

164. Табари, Тафсир, II, 464.
165. Ибн Саад, II, 71.
166. Ибн Хишам, III, 251

1.23.7 Бани Курайза Казаты (23-Зилкаада, 5-жыл/ 15-Апрель, 627-жыл).

Хандак казатында душман тарап алда канча алдан тайып, Меккеге кайтууга аргасыз болушкан эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үйүнө келип адаттагысындай согушка кийе турган кийимин чечип, курал-жарагын коюп, жуунуп тазаланган соң, күтүүсүздөн Жабраил периште чыга келет. Пайгамбарыбызга:

- Курал-жарагыңды таштап койдуңбу? Биз али таштай элекпиз! - дейт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Андай болсо, дагы жүрүш бар демек, каякка? - деп сурайт.

Жабраил периште согуш учурунда кыянаттык кылган Курайза уруусу жакты көргөзүп:

- Мына бул жакка! - дейт (Бухарий, Магази, 30).

Анткени Курайза уруусу да Алланын Элчиси менен болгон экинчи жолу келишимди бузуп, кырдаал курчуп турган эң оор учурда кыянатчылык кылышкан эле. Ал эми келишим боюнча, алар Мединага кол салган бутпарастарга каршы коргонууда мусулмандарга арка-жөлөк болуулары керек болчу. А караниет жөөттөр арка-жөлөк болмок тургай, тескерисинче, мусулмандарга каршы аракет кылып, өздөрүнө өздөрү чуңкур казып алышкан эле.

Алла Тааланын буйругун алган азирети Пайгамбарыбыз ошол замат мусулмандарды топтоп Курайза уруусу тарапты көздөй жол тартат. Пайгамбарыбыз:

- Моюн сунган адам асыр намазын Курайза аймагына барганга чейин окубасын! - деп, жөөттөр баш-аягын жыйганга чейин жетишип калууну көздөйт (Бухарий, Магази, 30).

Жөөттөр азирети Али баштаган колду көрүп, дароо бушайман болушат. Ошентсе да, кечирим суроонун ордуна кайра кыр көрсөтүп, Алланын Элчисине акаарат келтиришет.[167] Бирок көп өтпөй азирети Алинин аркасынан Алла Элчисин үч миң кишилик кошууну менен келгенин көрөөр замат тилдерин жутуп алгандай тып басылышат. Алла Элчисинин сүрүнөн айткандарын моюндарына алышпайт.

Алланын Элчиси жөөттөр менен согушуудан мурун чептин түбүнө чейин келип дагы бир ирет аларды Исламга чакырат. Бирок жөөттөр кабыл алышпайт.[168]

Курчоо узагандан узап бараткан эле. Акырында жөөттөрдүн аттуу-баштууларынан Кааб бин Асад:

- Эй, жөөт тукуму! Башыбызга балээ түштү. Мен силерге үч нерсе сунуш кылам, кайсынысын туура көрсөңөр, ошого кадам шилтегиле! - дейт. Жөөттөр:

- Алар кандай сунуш болду экен? – дешет. Кааб:

- Биринчиси: мына бул адамга баш ийип, пайгамбарлыгын кабыл алабыз! Валлахи, Ал чындыгында силер үчүн жөнөтүлгөн пайгамбар, китебиңерде да анын сыпаттары жазылган. Эгер ага ыйман келтирсеңер, жаныңарды, мал-мүлкүңөрдү жана бала-бакыра үй-бүлөңөрдү коргогон болосуңар!

167. Вакиди, II, 499

168. Абдурраззак, V, 216, 370.

- Биз эч качан Тооратты өкүмүнөн айрылбайбыз да, (Тоорат) башка китепке алмаштырбайбыз да!

Жөөттөр ал күнү айла-амалдары түгөнүп, колго түшүп берүүгө аргасыз болот. Курайза уруусу Авс уруусунун карамагында болгондуктан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) ал уруунун башчысы азирети Саадды калыс катары чакыртат. Азирети Саад согушта жарат алса да, Алла Элчисинин буйругуна моюн сунуп жетип келет. Ал согушта жараланган кезде Жаратканга минтип жалбарган эле:

«Оо, Жараткан! Курайза уруусунан өч алмайын жанымды ала көрбө!». Азирети Саад (Алла ага ыраазы болсун!) жөөттөрдүн каалоосу менен алар жөнүндө Муса пайгамбардын шарияты боюнча өкүм чыгарат. Анын өкүмүн Алланын Элчиси да тастыктап:

- Эй, Саад! Ант берем! Сен Алланын жети кат асманынын үстүндөгү өкүмүнө ылайык өкүм чыгардың! -деп буюрат (Бухарий, Магази, 30; Ибн Саад, III, 426).

Азирети Сааддын жүрөктөн кылган дубасы кабыл болуп, согуш учурунда мусулмандарга аркадан кол салган кыянатчыл жөөттөргө өкүм чыгарган соң сакайып калган жарасы кайра ырбап кирет. Көп өтпөй бул кутман сахаба да шейиттердин кербенине кошулуп, Жараткандын ырайымына бөлөнөт.

Хандак казатында Алланын ырайымы менен ыроолонгон жеңиш жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдалат:

«Алла Таала Китеп ээлеринен душмандарга жардам бергендерди чептеринен чыгарды. Ошентип, алардын жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алардан бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн туткунга алдыңар. Алардын жерлерине, короо-жайларына, мал-мүлктөрүнө жана силер мурда жетпеген жерлерге мураскор кылды. Алла Таала бүт нерсеге Кудуреттүү» (Азхаб сүрөсү, 26-27-аяттар).

1.24 БЕШИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.24.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Эмне үчүн Мединалык мунафыктар алгач мусулмандарга кошулуп, андан кийин артка чегиништи?

2. Азирети Мухаммед пайгамбар Ухуд согушунда жаракат алганда ага мушриктерге карата наалат айтыңыз дегенде эмне деп жооп берген?

3. Ухуд согушунда шейит болгондор туурасында Азирети Мухаммед пайгамбар эмне деп буюрган?

4. Мусулмандар жана мунафыктар үчүн Хамраул-Асад жортуулунун кандай мааниси бар?

5. Ичкиликтин арам болгондугу жанан анын кесепети туурасында бир аят бир хадис айтып бергиле?

6. Ичкиликке этап-этап менен тыюу салынуусунун себептери жана сабактары туурасында маалымат бергиле?

7. Ичкилике дароо тыю салынганда жыйынтыгы кандай болушу мүмкүн эле?

8. Салман-ы Фарисинин ар түрдүү тоскоолдуктарга карабастан чындыкты издешинен кандай сабак алсак болот?

9. Ифк окуясы туурасында түшүрүлгөн аяттарга түшүндүрмө бергиле?

10. Хандак согушу туурасында маалымат бергиле?

11. Хандак согушунун натыйжасында мусулмандар кандай саясий жеңишке жетишишкен?

12. Азирети Мухаммед пайгамбар мунафыктар менен кандай саясий күрөш жүргүзгөн?

13. Ражи жана Бир-и Мауна окуялары туурасында маалымат бергиле?

14. Надир уруусунун кыянатчыл иш-аракеттеринин натыйжасы туурасында маалымат бергиле?

15. Азирети Мухаммед пайгамбар Бани Курайза казатына күтүүсүздөн чыгуусунун себептери эмне болгон?

16. Хандак салгылашуусу туурасында түшүрүлгөн аяттарга мүнөздөмө бергиле?

17. Ухуд согушу туурасында түшүрүлгөн аяттарга мүнөздөмө бергиле?

18. Хандак учурунда Азирети Мухаммед пайгамбарга кандай куш кабар берилген?

19. Хадистерде Алла Таала төрт адамды жалган жалаалардан куткаргандыгы туурасында айтылат, алар кимдер болгон?

20. Хиджабтын парз болуусу туурасында маалымат бергиле?

1.24.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолорго туура жоопторун белгилегиле.

1. Ухуд согушу кимдерге каршы жана канчанчы жылы болгон?

А. Жөөттөргө каршы хижраттын 1-жылы болгон.

Б. Мушриктерге каршы хижраттын 3-жылы болгон.

В. Мунафыктарга каршы хижраттын 3-жылы болгон.

Г. Христиандарга каршы хижраттын 8-жылы болгон.

2. Ухуд согушунун себеби төмөнкүлөрдөн кайсы бири болуп саналат?

А. Мединалык жаштардын согушуу каалоосу.

Б. Мусулмандардын мушриктерди биротоло жок кылуу максаты.

В. Мушриктердин Бадр согушундагы жеңилүүсүнүн өчүн алуу максаты.

Г. Мушриктердин мусулмандардын кол салуусунан коркуусу.

3. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Хандак согушунда мусулмандардын дуушар болгон кыйынчылыктарынан болуп саналбайт?

А. Мусулмандарды жок кыла турган кудуреттүү душман менен беттешүүсү.

Б. Согуштун айынан азык түлүктүн азайуусу.

В. Жөөттөрдүн чыккынчылыгынан улам эки душмандын ортосунда калуусу.

Г. Жөөт урууларынын биригип мусулмандарга каршы кол салуусу.

4. Ражи окуясынын себеби эмне болгон?

А. Жөөттөргө мусулмандарга кол салган.

Б. Меккелик мушриктер мусулмандарга кол салган.

В. Исламды элге үйрөтүп, жайылтуу максатында жиберилген мугалимдерге кол салынган.

Г. Эч бири туура эмес.

5. Атасы Зороастризмди тутунган бирок өзү диндерди изилдеп жүрүп акыры ислам динин кабыл алган сахаба ким болгон?

А. Азирети Абу Бакир

Б. Азирети Салман Фариси

В. Азирети Мусаб бин Умайр

Г. Азирети Умар

6. Хижабтын парз болгондугу жөнүндө келген өкүм кайсы сүрөнүн канчанчы аятында баяндалган?

А. Ясин сүрөсү 5-аятында.

Б. Нур сүрөсүнүн 30-31-аяттарында.

В. Мүлк сүрөсүнүн 2-аятында.

Г. Курайш сүрөсүнүн 3-аятында.

7. Алла Таала төрт адамды жалган жалаалардан тазага чыгарган төмөнкүлөрдүн кайсы бирөөсү алардын катарына кирбейт?

А. Азирети Аиша

Б. Азирети Жусуп пайгамбар

В. Азирети Ибрахим пайгамбар

Г. Азирети Муса пайгамбар

8. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Мухаммед пайгамбарга Хандак согушунда берилген куш кабарлардын катарына кирбейт?

А. Шамдын (Византияга карап турган) ачкычы берилген.

Б. Йемендин ачкычы берилген.

В. Бухаранын ачкычы берилген.

Г. Ирандын ачкычы берилген.

9. Жөөттөрдүн кайсы кыянатчы уруусуна каршы Ислам армиясы Азирети Жабраилдин буйругу менен жортуулга чыккан?

А. Курайза уруусу.

Б. Мусталик уруусу.

В. Надир уруусу.

Г. Хайбер уруусу.

10. Хандак казаты качан болгон?

А. Хижраттын 3-жылы

Б. Хижраттын 7-жылы

В. Хижраттын 1-жылы

Г. Хижраттын 5-жылы

لا إله إلا الله محمد رسول الله

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ



АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- ХИЖРАТТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ
- ХИЖРАТТЫН ЖЕТИНЧИ ЖЫЛЫ
- МЕККЕНИН КОЛГО АЛЫНЫШЫ
- ХИЖРАТТЫН ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛЫ
- ХИЖРАТТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

1.25 ХИЖРАТТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ

1.25.1 Каабага болгон сагыныч

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси түш көрөт. Ошол түшү менен мусулмандарды Каабага зыярат кылууга чакырат.[169] Бул чакырыкка жооп иретинде хижраттын алтынчы жылы Зилкаада айынын биринчи жекшембисинде миң төрт жүз сахаба Пайгамбарыбыз менен Меккеге аттанат. Согуш эмес, зыярат үчүн бараткандыктан, жандарына болгону жолго керектүү курал-жарактарын гана алышкан эле. Жетимиштин тегерегинде курмандык үчүн деп төө ала барышкан эле.[170]

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!):

- О, Алланын Элчиси! Абу Суфяндын бизге кол салуусунан кабатырланган жоксузбу? Алар менен согушуп калуу ыктымалын алдын алуу үчүн курал-жарактарыбызды алып толук даярданып алсак, кандай болот? - деп сурайт.

Алланын Элчиси:

- Билбей турам! Мен умра (кичи ажылык) үчүн ниеттенген соң куралдангым келбейт! - деп жооп кайтарат (Вакиди, II, 572).

Азирети Пайгамбарыбыз микат аймагы деп эсептелген Зулхулайфага барып, ихрамга кирип, умра кылууга ниет кылат. Сахабалар да умрага ниеттенишет. Сахабалар бийик үн менен талбия айта башташат. Ыйманга сугарылган көөдөндөр Кааба-и Муаззамага ошол замат жетүүгө куса болуп жатышкан эле. Жүрөктөн чыккан ыймандын деми мусулмандарды алдыга карай сүрөп бараткан эле.

Бирок мусулмандардын Меккени көздөй жолго чыкканын уккан Курайш уруусу аябай тынчы кетет. Курайштыктар өздөрүнчө жыйын өткөзүп, мусулмандарды Меккеге киргизбөөгө чечим чыгарат. Халид бин Валид менен Икриманын кол астында даярдалган эки жүз кишилик кошууну мусулмандардын алдынан тосуп чыкмай болот.

Бул учурда Алланын Элчиси «Саниййа» - деген жерге келип калган болот. Ал жерден Курайштыктар турган жерге баруу мүмкүн эле. Бирок Пайгамбарыбыздын төөсү Касва негедир баспай тизе бүгүп чөк түшүп туруп алат. Кутман сахабалар:

- Тур, тур! - деп чылбырынан тартышса да, төө турбайт. Сахабалар:

- Касва турбай койду! - дешет.

Анда Алланын Элчиси:

169. Вакиди, II, 572
170. Ибн Саад, II, 95.

- Жок! Касва турбай койгон жок. Анын мындай адаты жок. Болгону аны, өз учурунда Пилди (Меккеге кирүүгө тоскоол болгон) Алла Таала токтотуп койду! - деп сөзүн улайт:

«Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жаратканга ант берем! Курайш бутпарастары мага кандай талап коюшса да, Алланын Харамында (салгылашуу, кан төгүү жана туугандык укуктарды тепсөө сыяктуу) тыюу салган нерселерди тартипке келтирүү үчүн, (тынчтык үчүн) сөзсүз кабыл алам!»

Алланын Элчиси төөсүнүн чылбырынан тартат. Төө өйдө турат. Алланын Элчиси Курайш тараптан бурулуп, суусу аз кудукка бет алат. Бул жер Худайбия аймагынын эң чет жакасы эле. Кудукта суу аз калган эле. Бир аз убакыттан кийин бул суу да тартылып жерге сиңип кетет. Сахабалар Алла Элчисине суунун жерге сиңип кеткенин айтып арызданышат. Пайгамбарыбыз саадагынан бир жебесин сууруп чыгып, бул жебени кудуктун түбүнө атууларын айтат. Көп өтпөй баягы жерден Алланын буйругу менен суу атырылып чыга баштайт. Сахабалар бу жерден кеткенге чейин суу токтобойт.

Сахабалар суусундарын кандырып жаткан кезде Хузаа уруусунун башчысы Будайл бир канча адам менен чыга келет. Меккеликтердин согушка даярдык көрүп жаткандарынан кабар берет. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Будайлга өзүнүн келгендеги максатын айтып мындай дейт:

«Биз согушууга келген жокпуз. Максатыбыз Байтуллага (Каабага) зыярат кылуу, умра. Согуш Курайшка катуу таасир этиптир. Каалашса (ортобуздагы согушту токтотуу үчүн) алар менен белгилүү мезгилге чейин келишим түзөлү. Алар мени менен элдин ортосунан чегинсин! Эгер мен башка адамдарга үстөмдүк кылсам, каалашса адамдар кирип жаткан Исламга Курайштыктар да киришет. Эгер мен үстөмдүк кыла албасам, (Курайштыктар мени менен согушуудан кутулуп) дем алышат. Эгер Курайш бу сунушумду кабыл албаса, валлахи, мен бул дин үчүн башыман ажыраганга чейин күрөшөм. Алла Таала сөзсүз түрдө убадасын аткарат!»

Будайл Меккеге барып Алла Элчисинин айткандарын Курайштыктарга жеткизет. Анда Урва бин Масуд:

- Бул адам силерге жакшылык кылып жатат. Муну кабыл алалы, мени (мусулмандар менен) келишим түзүү үчүн жөнөткүлө!- дейт.

Курайштыктар:

- Андай болсо, бар! - деп, Урваны Пайгамбарыбызга жөнөтөт. Урва Алла Элчисине келет. Пайгамбарыбыз ага да Будайлга айткандарын айтат. Урва бу учурда көзүнүн кыйыгы менен Алла Элчисинин сахабаларын билгизбей карап жаткан эле. Кайра Меккеге келип Курайштыктарга көргөнүн айтып:

- Эй, курайш уруусу! Мени жакшылап уккула! Валлахи мен көп эле падышалардын алдына элчи болуп баргам. Кисрага, Кайсарга, Нажашиге жана башкаларга... Бирок мусулмандардын Мухаммадга көргөзгөн сый-урматын эч бир жерден көргөнүм жок... Ал бир нерсени айтаар замат бардыгы аны аткарууга даяр турушат экен. Даарат алса, андан калган сууну бири-бири менен талашып, Ал сүйлөгөндө дароо үндөрүн чыгарбай кунт коюп угушат экен. Ага болгон таазим үчүн жүзүнө тике карабай, баштарын төмөн ийип турушат. Башынан бир чач түшсө, дароо аны алып сактап коюшат экен. Бул адам силерге

эң жакшы сунуш киргизип жатат, аны кабыл алыш керек! - дейт.

Урванын бул сөздөрүнөн кийин Кинана уруусунан бир адам:

- Уруксат берсеңиздер, Ага мен да барып келейин! -дейт. Ошентип, ал да Пайгамбарыбыздын алдына келатканда, Пайгамбарыбыз:

- Тигине баланча! Ал ажылык жана умра үчүн бөлүнгөн курманчылык төөлөргө урмат-сыйын көргөзгөн элден. Курманчылыкка келген төөлөрдү алдына чыгарып койгула, көрсүн! - дейт. Сахабалар ал адамды талбия айтып, тосуп алышат. Тиги адам абдан таң калып:

- Бу адамдарга Байтулланын жолун жабууга болбойт! - дейт (Бухарий, Шурут, 15; Ахмед, IV, 323-324).



Ошентсе да, бутпарастар элчилеринин сөзүн укпай кол салуу үчүн бир тайпа жөнөтүшөт. Бул тайпа мусулмандар тарабынан туткунга түшүрүлсө да, Алланын Элчиси согушуу үчүн эмес, умра кылуу үчүн гана келгендигин билдирип колго түшүрүлгөн бутпарастарды кое берет.[171]

Пайгамбарыбыздын чатыры Худайбияда Мекке Харам аймагынан сырткары жерде тигилген эле. Бирок Алланын Элчиси Худайбияда болгон учурда намазын Меккенин Харам аймагына кирип окуп жүрөт.[172] Анткени Харам аймагында окулган намаз башка жерлерде окулган намаздан алда канча жогору тураар эле.[173]

1.25.2 Биатур-Ридван – Алла Таала ыраазы болгон ант

Бул учурда бутпарастардан дагы бир канча элчи келип кетет. Бирок эч биринде тынчтык келишими үчүн эч кандай майнап чыкпайт. Ошондуктан бу жолкусунда Алланын Элчиси азирети Осмонду (Алла ага ыраазы болсун!) Меккеге бутпарастар менен жолугуп, маселеге чекит коюу үчүн жөнөтүп жатып:

171. Муслим, Жихад, 132, 133.
172. Вакиди, II, 614; Ахмед, IV, 326
173. Ибн Маажа, Икама, 195.

- Курайш уруусуна баргын! Аларга айт, биз бул жерге согушуу үчүн келгенибиз жок! Биз болгону мына бул Байтуллага зыярат кылуу үчүн келдик. Атайы ала келген төөлөрүбүздү курмандыкка чалып, кайра артка кайтабыз! Андан соң аларды дагы бир жолу Исламга чакыр! - деп ал жердеги мусулмандар менен жолугуп, Меккенин жакында колго алынаарын, Алла Таала өз динине жардам көрсөтөөрүн сүйүнчүлөөсүн буюрат (Ибн Саад, II, 97; Ибн Каййим, III, 290).

Азирети Осмон Алла Элчисинин буйругу менен дароо Мекке тарапты көздөй аттанат. Бутпарастарга Меккеге келиш максаттарын дагы бир ирет түшүндүрөт. Ошентсе да, бутпарастар көшөрлөнүп уруксат беришпейт. Азирети Осмонго:

- Кааласаң, сен таваф кыл! - дешет. Бирок өзүн Аллага жана Элчисине арнаган кутман сахаба:

- Азирети Пайгамбарыбыз Каабаны таваф кылмайын, мен таваф кылбайм! Мен Байтуллага Анын аркасынан гана зыярат кылам... - деп, Алла Элчисине болгон сыйурматын билгизет (Ахмед, IV, 324).

Азирети Осмон (Алла ага ыраазы болсун!) кыйла кечигип калат. Мусулмандар азирети Осмондон кабатырлана башташат. Бул «бутпарастар өлтүрүп койдубу» - деген кабатырлануу эле. Мусулмандар менен бутпарастардын ортосундагы ымала дагы да сууй түшкөнсүйт. Алланын Элчиси мусулмандардын атынан кеткен азирети Осмондун өлүп калуу ыктымалын алдын алуу үчүн дароо сахабаларына:

- Бутпарастар менен салгылашмайын бул жерден кетпейбиз! - деп буюрат (Ибн Хишам, III, 364).

Азирети Пайгамбарыбыз сахабалардан Алланын жолунда жан аябастан салгылашууга даяр туруулары үчүн сөз берүүлөрүн суранат. Аял-эркек дебей бардык мусулмандар:

- Алла Элчисинин көңүлүндө кандай ниет-максаты бар болсо, аны аткарууга ант берем - дешип Алла Элчисине сөз беришет. (Вакиди, II, 603).

Ошентип, мусулмандар Алланын жолунда көз жумганга чейин согушууга Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу колун кармап ант беришет. Бул анттын акырында Алланын Элчиси бир колу менен экинчи колун кармап:

- Бул Осмондун анты!- деп азирети Осмондун атынан ант берип, ага болгон сыйурматын көрсөтөт (Бухарий, Асхабун-Наби, 7).

Бул ант «Биатур-Ридван» жана «Худайбия анты» - деп аталып калат. Сахабалар ант берүү үчүн бир дарактын алдына топтолушкан эле. Ал күнү бир адамдан башка бардык сахабалар ант беришкен эле. Анткени ал адам эки жүздүүлөрдөн эле. Бу ант сахабаларга дагы бир жолу Алла Тааланын ыраазылыгын табууга себепкер болот:

«(Эй, Мухаммад) чынында Алла Таала момундарга дарак алдында сага ант берип жатканда ыраазы болду. Ал алардын көңүлүндөгү нерсени (ыйманын) билип, аларга бейпилдик түшүрдү (Ошентип, мусулмандардын көңүлү жай тапты)...» (Фатх сүрөсү, 18-аят)

1.25.3 Худайбия келишими

Ансыз да түйшөлүп турган бутпарастар Биатур-Ридван жөнүндө уккан кезде ого бетер тынчсызданышат. Кырдаалдын курчуп баратышы бутпарастарга өтө оор келип, чоочулай башташат. Дароо тынчтык келишимин түзүүнү эп көрүп, Сухайл бин Амрды Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) жөнөтүшөт. Пайгамбарыбыз Сухайлды көрүп, сахабаларга:

- Ишиңер жеңилдеди, силерге Сухайл келди - дейт. Азирети Пайгамбарыбыз Алла Тааланын:

«Алар тынчтыкка жакындашса, сен да жакында!...» (Анфал сүрөсү, 61-аят) - деген буйругу менен кадам таштайт.

Бутпарастардын биринчи максаты, мусулмандарга умра ибадатын аткарууларына бул жылы тоскоол болуу эле. Ошону менен бирге бир караганда оор көрүнгөн бир канча шарттары да бар эле. Бир топ талаш-тартыштардан кийин тынчтык келишими бекитилет.

Пайгамбарыбыз келишимдин шарттарын жазуу үчүн азирети Алини чакырат. Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) буйругу менен азирети Али келишимдин баш тарабына «Бисмилланы» жаза турган болгондо Сухайл каршы чыгат. Бисмилланын ордуна «Бисмикаллахумма» (Оо, Жараткан Алла, Сенин атың менен баштайм) - деген сөз жазылат.

Бу сөздөн кийин Сухайл «Мухаммад - Алланын Элчиси» - деген сөздү да жаздырбай:

- Алланын Элчиси экендигиңди кабыл алганыбызда сени менен согушаар белек. Бүгүн Каабага зыярат кылууңа каршы чыгаар белек? - дейт.

Ансыз да, келишимдин шарттарын жактырбай турган сахабалардын аябай ачуусу келет. Азирети Али колундагы калемди таштап:

- Аллага ант берем! Мен «Алланын Элчиси» - деген сөздү өчүрө албайм, о, Алланын Элчиси! - деп чыгат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз Сухайлга кайрылып:

- Силер кабыл албасаңар да, мен Алланын Элчисимин - дейт да, аталган сүйлөмдүн өзүнө көрсөтүлүшүн айтат. «Мухаммад - Алланын Элчиси» - деген сүйлөмдү өз колу менен өчүрүп, ордуна Мухаммад бин Абдуллах (Абдуллахтын уулу Мухаммад) - деп жаздырат.

Ал күнү келишим бир топ себептер жана купуя сырлар менен бекитилген эле. Келишимде төмөндөгү маселелер каралган эле:

Келишимдин мөөнөтү он жыл.

Мусулмандар бул жылы Каабага зыярат кылышпайт. Бул зыярат келерки

жылга жылдырылат. Кийинки жылы зыяратка келгендер Меккеде үч күн турушат. Мусулмандар келгенде бутпарастар Меккеден чыгышат. Бул учурда бутпарастар мусулмандар менен мамиле курбайт.

Курайштан кимдир бирөө мусулман болуп, Мединага баш калкаласа

да, артка кайтарылат. Ал эми Мединадан Меккеге баш калкалагандар кайра артка кайтарылбайт.

Араптын башка урууларынан каалагандары мусулмандар тарапка,

каалагандары бутпарастар тарапка өтө алышат.

Келишимдин шарттары жазылып бүткөн кезде Курайш уруусунун элчиси болуп келген Сухайл бин Амрдын уулу Абу Жандал бутундагы чынжырды сүйрөп, акырын Пайгамбарыбыздын жанына басып келет. Абу Жандал мусулман болгондугу үчүн бутпарастардан катуу азап тарткан эле. Бул анын бутпарастардын зордук-зомбулугунан эптеп айласын таап, качып келгендеги кербези эле. Сухайл келишимдин негизинде эң биринчи артка кайтарыла турган адамдын уулу болгондугун айтып, колундагы таяк менен Абу Жандалды баштан ары чаап калат. Буга аябай кайгырып, сай сөөгү сыздаган азирети Пайгамбарыбыз Сухайлдан Абу Жандалдын келишимден тышкары болушун айтып, аны өзүнө берилишин суранат. Бирок ташбоор бутпарас буга макулдугун бербейт. Абу Жандал бутпарастарга кайтарылып жатканда мусулмандарга жалбарып, жардам сурап жаткан эле. Абу Жандал мусулмандарды жоодурай карап:

- Мени кайра ошол зордук-зомбулукка жөнөтүп жатасыңарбы? - деп ичтен сызып ыйлап кирет. Ыйманга сугарылган жүрөктөр эзилип, зээндер кейип турат. Алланын Элчиси Абу Жандалга кайрылып:

- Эй, Абу Жандал! Бир аз сабыр кыл, чыда! Алла Тааладан сыйлыгыңды күт! Шек-күмөнсүз, Алла Таала сен үчүн, сени менен бирге алсыз, кароосуз калган мусулмандар үчүн мындан кутула турган жол ачып берет. Биз бул эл менен келишим түзүп, Алланын аты менен сөз бердик. Алар да Кудайдын аты менен сөз беришти. Сөзүбүзгө турбай кое албайбыз. Анткени сөзгө турбоо бизге жарашпайт! - деп жубатат (Ахмед, IV, 325; Ибн Хишам, III, 367).

Андан соң Пайгамбарыбыз Сухайлга:

- Кел эми, ага мен үчүн ырайым кылып койчу! - деп дагы бир жолу суранса да, Сухайл айтканынан кайтпайт. Пайгамбарыбыз:

- Андай болсо, аны мен үчүн өз карамагыңа ал! - деп сунуш киргизет. Сухайл кашкөйлөнүп буга да макул болбойт. Бул учурда Курайш элчилеринен Хувайтиб менен Микраз Пайгамбарыбызга:

- Эй, Мухаммад! Сенин урматыңа биз аны өз карамагыбызга алабыз. Аны кордоого эч кимге уруксат бербейбиз - дешет (Вакиди, II, 608; Белазури, I, 220).

Ошентип, Пайгамбарыбыздын көңүлү бир аз да болсо жай табат.

Бутпарастардын мындай тээжиктенген кыймыл-аракетине чыдай албаган азирети Умар абдан ачуусу келип, араң басылат. Азирети Абу Бакирден башка сахабалар да эптеп чыдашат. Сырттан караган адамга мусулмандар үчүн өтө терс көрүнгөн бу келишим жөнүндө азирети Умар каршы пикирин билдирет. Алланын Элчиси:

- Мен Алланын Элчисимин, Ага каршы чыга албайм. Ал Өзү мага жардам берет! - деп бул келишимдин Алланын буйругу менен жүзөгө ашып жатканына ишарат жасайт (Бухарий, Магази, 35; Муслим, Жихад, 90-97).

Келишим бекитилген соң Сухайл уулун алып, сүйүнүп Меккеге жол тартат. Алланын Элчиси сахабаларына кайрылып:

- Кана эмесе, мал-жандыктарыңарды курмандыкка чалгыла! Чачыңарды алдыргыла!.. - деп буйрук берет.

Негедир бул буйрукту аткаруу үчүн эч бир сахаба ордунан турбайт. Алар бир маселенин сырын түшүнбөй, кайгы-муңга батып турушкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз буйругун үч ирет кайталайт. Дале болсо, ордунан эч ким кыймылдабайт. Албетте, бул Алланын Элчисине каршы чыгуу эмес, Каабага зыярат кылуу жана жаңы бекитилген келишим, балким, бир саамга күтө турсак бузулуп калар беле - деген үмүт эле. Ырас, сахабалардын баары бир күн мурун эле:

«Алла Элчисинин көңүлүндө кандай каалоо-максаты бар болсо, аны аткарууга жан дилимден ант берем» - деп Пайгамбарыбызга жан дили менен моюн сунуп жатышкан эле.

Сахабалардын мындай кадамына Алланын Элчиси абдан кайгырат. Азирети Пайгамбарыбыз жубайы азирети Умму Саламанын чатырына барат. Жагдайды Умму Саламага түшүндүрөт. Кутман энебиз Алла Элчисин жубатып мындай дейт:

- О, Алланын Элчиси! Сиз сахабаларыңызга эч нерсе дебестен мал-жандыктарыңызды курмандыкка чалыңыз, чачыңызды алдырыңыз! Ошондо сиздин бул кадамыңыз алар үчүн оор келип, сиз кылганды кылышат, аларды туура түшүнүңүз!

Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз чатырдан чыгып жубайынын айтканындай кадам шилтейт. Сахабалар Пайгамбарыбызды көрүп, келишимдин өзгөрбөстүгүн түшүнүп, бардыгы курмандыкка алып келген мал-жандыктарын союп, чачтарын алдырышат. Буга күбө болуп турган Умму Салама (Алла ага ыраазы болсун!):

- Мусулмандар курманчылыкка деп ала келген мал-жакндыктарын курмандыкка чалып жатканда бири-бирине зыян келтирип алабы деп корктум. Анткени алар бири-бири менен малдарын жарышып союп жатышкан эле - дейт (Бухарий, Шурут, 15; Ахмед, IV, 326; Вакиди, II, 613).

Мусулмандар түзүлгөн келишимдин купуя сырын алгач жакшы түшүнбөгөндүктөн муну оор кабыл алып ыраазы болбой, өздөрүнчө шаштысы кетип тынчсызданышкан эле. Ошентип, алар Пайгамбарыбыздын баягы буйругун дароо аткарбагандыктары үчүн Жараткандын каарына калып, жер менен жексен болуп кетишинен чоочулап, корко башташат. Бул учурда Фатх сүрөсү түшүрүлөт:

«(Эй, Мухаммад!) Алла Таала сенин өткөн жана боло турган (бардык) күнөөлөрүңдү кечирип, сага Өз жакшылыгын толук берип, сени туура жолго баштоосу үчүн жана да сага чоң жеңишке жетүүнө жардам берүү үчүн Биз сага ачык-айкын жеңишти тартууладык» (Фатх сүрөсү, 1-3-аяттар).

Ал күнү Худайбияда бутпарастар менен болгон тынчтык келишиминде бекитилген маселелер мусулмандардын зыянына болуп көрүнгөн эле. Фатх сүрөсү түшүрүлгөн соң бу жаатта бир топ купуя сырлар, куш кабарлар катылуу болгондугу айкын болот. Бир караганда мусулмандардын жеңилүүгө дуушар болуп, артка кайтышы – чынында улуу жеңиш болгону кийин билинет. Аятта төмөнкүчө буюрулат:

«...Силер өзүңөр үчүн жакшы (пайдалуу) болгон нерсени жаман көрүп, ал эми силер үчүн жаман (зыяндуу) болгон нерсени жактырышыңар мүмкүн. Алла Таала билет, ал эми силер билбейсиңер» (Бакара сүрөсү, 216-аят)

Башында азирети Пайгамбарыбыз бу жагдайды кутман сахабаларына түшүндүрүүдө кыйналып жүрөт. Бул купуя сыр эки жылдын ичинде ачыкка чыгат. Бу келишим менен түзүлгөн тынчтыктын берекеси менен эки жылдын ичинде Исламга киргендердин саны Худайбия келишимине чейин Исламды кабыл алган мусулмандардан да ашып кеткен эле.

Балким, ал жылы мусулмандар умра кыла алышмак эмес. Белгилүү жерге чейин оор жагдайларга сабыр кылышар эле. Ошентсе да, мунун аркасынан удаама-удаа болчу жеңиштер, жетишкендиктер, ийгиликтер бар эле. Анткени бу келишим менен Ислам расмий түрдө бөтөн элдер тарабынан таанылган эле. Келишим боюнча бир жылдан кийин Каабага зыярат кылууга уруксат бериле турган. Арап урууларынан каалагандары мусулмандардын карамагына өтө алышмак. Бул деген сөз Курайштын кадырынын төмөндөшү, Ислам чакырыгында эркиндик, жолдун ачылышы, кеңейиши - дегендик эле.

Алланын Элчисинин бул келишимге барышынын дагы бир себеби ал учурда Меккеде бир топ адамдар Исламды кабыл алган эле. Ошентсе да, алар мусулмандыгын ачыкка чыгара албай жүрүшкөн. Эгер бутпарастар менен дагы бир согуш болгондо бул мусулмандар да мусулман боордоштору тарабынан кылыч мизинен өтүшү толук ыктымал эле.

Натыйжада, ырайымдуулуктун пайгамбары болгон азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Меккеде жана башка арап урууларынан жаңы Исламды кабыл ала турган адамдарга бул кадамы менен да үлгү болуп, алардын Исламга болгон көз карашын өзгөртүп жаткан эле. Мунун мөмөсү кийинки жылдары дагы ачык-айкын түрдө байкалган.

Худайбия келишимине ыраазы болуп кубанган бутпарастар чынында мусулмандардын алдындагы тоскоолдуктарды алып, мусулмандарды өздөрүнөн жогору даражага коюп алышкан эле. Сахабалардын аталган келишимди мусулмандар үчүн пайдасыз деп кабыл алгысы келбегендиги бутпарастардын көздөрүнө дагы бир көшөгө тосуп, өтө чоң ийгиликке жетишкендей келишимдин шарттарына ишенимдүү түрдө кол коюшкан эле. Бирок башында мусулмандарга да бүдөмүк болгон келишимдин сыры окуялар жүзөгө ашкан сайын акырындык менен ачыкка чыга баштаган эле.

Бул келишимдин берекелүү болоорун башынан эле билген Алланын Элчиси Худайбия келишиминин шарттарына кылдат мамиле жасап, андан пайдалана алган эле. Күндөрдүн биринде Меккеден качкан мусулман аялдар Мединага баш калкалашкан эле. Бутпарастар аларды кайра Меккеге кайтарып алып кетүү үчүн бир тайпа келет. Пайгамбарыбыз алардын бул талабын четке кагат. Бул келишимди бузуу эмес эле. Анткени келишимдеги аталган шарт болгону эркектерди гана ичине камтыган болучу. Бул учурда Алла Таала да мусулман аялдардын кайтарылбоосуна буйрук берген эле:

«Эй, ыймандуулар! Силерге момун аялдар келген кезде аларды текшерип көргүлө! Алардын ыйманын Алла Таала жакшы билет. Эгер силер алардын момун экенин билсеңер, каапырларга кайтарбагыла! Анткени, каапырлар үчүн алар адал болбойт. Каапырлар да тиги аялдарга адал эмес (баш кошо албайт). Бирок аларга

(момун аялдардын Меккеде калган күйөөлөрү берген нерселерин кайтарып) бергиле! Качан силер алардын эрлерине калың-мүлктөрүн бергениңерде гана силер аларды никеңерге алсаңар, эч кандай күнөө болбойт. Каапыр аялдарды өзүңөрдө кармап отура бербегиле жана бергениңерди өзүңөргө кайтарып берүүсүн талап кылгыла! Ошондой эле алар (каапырлар) да тигилерден кеткен аялдары үчүн бергендерин талап кылса болот. Бул Алланын силердин араңарда жүргүзө турган өкүмү. Алла Таала – Билүүчү, Даанышман» (Мумтахана сүрөсү, 10-аят)[174]

Бул учурда Абу Басир аттуу адам да мусулман болуп, Мединага баш калкалаган эле. Бирок Азирети Пайгамбарыбыз аны келишим боюнча бутпарастарга тапшырууга аргасыз болот. Азирети Абу Басир алгач Алла Элчисинин бул кадамын түшүнө албай:

- Мени кайра бутпарастыкка жөнөтүп жатасыңбы? - деп таң калып сурайт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үнүн акырын чыгарып, жубатып мындай жооп кайтарат:

- Ээ, Абу Басир! Биз келишимибизди буза албайбыз. Ошентсе да, сен бир аз сабыр кыл, Алла Таала сага жана сен сыяктуу адамдарга сөзсүз түрдө бейпилдик ыроолойт.

Бул сөздөрдөн кийин Абу Басир үн дебей пайгамбардын өкүмүнө моюн сунат. Ошентип Абу Басир бутпарастарга тапшырылат. Бирок ал чынында Меккеге эмес, өлүмгө кетип бараткан эле. Абу Басир муну сезип тургандыктан жолдон мүмкүнчүлүк таап, өзүн алып бараткан эки бутпараска кол салат. Абу Басир бул бутпарастардын бири Хунайсты өлтүрөт. Экинчиси качып кетет. Абу Басир Хунайстын кийимин, буюмдарын, кылычын алып Алланын Элчисине келип:

- О, Алланын Элчиси! Мунун бештен бирин өзүң үчүн ал! - дейт. Пайгамбарыбыз:

- Мен мунун бештен бирин алсам, келишимге кыянаттык кылган болом. А сенин бул кадамың да, өлгөн адамдын буюмдары да сага таандык - деп буюрат (Вакиди, II, 626-627).

Баягы качып кеткен бутпарас Пайгамбарыбызга келип арызданып, аны кайра алып кетүүнү талап кылат. Бу жолкусунда Абу Басир:

- О, Алланын Элчиси! Сиз мени буларга тапшыруу менен келишимге каршы эч кандай кадам жасаган жоксуз. Ал эми мен өз жанымды коргодум - дейт.

Алланын Элчиси жагдайды түшүндүрөт. Абу Басир Пайгамбарыбыздын сөздөрүндө катылып жаткан хикматтарды туура аңдап, Мединадан жолго чыгат. Деңиз боюнда Мекке менен Шамдын ортосундагы «Ис» - деген бир жерди байырлап калат. Кыска убакыттын ичинде ал жер мусулмандар үчүн баш калкалоочу жайга айланат. Абу Жандал да бутпарастардан качып Иске келет. Ошентип олтуруп бу жердеги мусулмандардын саны үч жүзгө чукулдап калат. Меккеликтердин соода кербендерине коркунуч туула баштайт. Меккелик бутпарастар аргасыздан Алла Элчисинен бул жагдайга чекит коюу үчүн келишимдеги тийиштүү шартты алып таштоону талап кылышат. Башкача айтканда, Меккеден мусулман болуп качкандардын Мединага баш калкалоолорун суранышат.

174. Бухарий, Шурут, 15; Вакиди, II, 631-632.

Ошентип мусулмандардын зыянына деп эсептелип жаткан бул шарт кыска убакыттын ичинде мусулмандардын пайдасына айланат.[175]

❖

Худайбияда бекитилген тынчтык келишими Исламдын тездик менен жайылышына зор таасирин тийгизет. Ошондуктан Алла Таала муну «Фатху Мубин – айдан ачык, айкын жеңиш» - деп атаган.[176]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Худайбиянын чоң жеңиш экендигин айткан кезде сахабалардын арасынан бирөө:

- Байтуллага зыярат кыла албай калдык, атайын курманчылыкка деп алып барган мал-жандыктарыбызды Харам аймагында соё албадык. Мусулман болуп бизге баш калкалаган эки адам кайра бутпарастарга кайтарылды. Ушул кантип жеңиш болсун? - деп өзүнчө күбүрөнөт.

Анын бу сөзүн кулагы чалып калган Пайгамбарыбыз ага жооп иретинде мындай дейт:

- Ооба! Бу келишим чоң ийгилик, зор жеңиш. Бутпарастар силердин Меккеге барып, иштериңерди бүтүрүп келишиңерге ыраазы болуп, жол коопсуздугун да моюндарына алышты. Алар азыркыга чейин жактырбаган Исламды силердин кыймыл-аракетиңерден, жүрүм-турумуңардан көрүп Ислам менен таанышат. Алла Таала силерди ийгиликке жеткирип, барган жериңерден аман-соо, кирешелүү болуп кайтасыңар. Бул - чоң жетишкендик, зор жеңиш» (Халаби, II, 715).

Худайбия келишиминин алгачкы оң натыйжасын Исламдын мурункудан дагы тез жайылышынан байкоого мүмкүн. Бул тынчтык доорунда элди Исламга чакыруу маселесинде жаңы мүмкүнчүлүктөр, шарттар түзүлгөн эле. Бу багытта мусулмандар бутпарастар менен баарлашып, аларга Ыйык Куран, Ислам жөнүндө кенен-кесири түшүндүрө башташкан эле. Мусулманчылыгын жашырып жүргөндөр да ачыкка чыгышкан эле.[177]

Худайбия келишими түзүлгөн күндөн тарта Мекке жеңишине чейинки эки жыл аралыгында мусулманчылыкты кабыл алгандардын саны Худайбияга чейинки он тогуз жылда мусулман болгондордун санынан да көп эле.

175. Бухарий, Шурут, 15; Ибн Хишам, III, 372

176. Фатих, 1.

177. Ибн Каййим, III, 309-310

1.26 ХИЖРАТТЫН ЖЕТИНЧИ ЖЫЛЫ

1.26.1 Өкүмдарларга жазылган каттар

Бүтүндөй адамзатына пайгамбар катары жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Худайбия тынчтык келишиминен кийин бүт күчү менен узак-жакын бардык өлкөлөрдү Исламга чакыра баштайт. Анткени Алла Тааланын буйругу ушул багытта эле:

«Айткын (Эй, Мухаммад!): «Эй, адамдар! Албетте, мен силердин баарыңарга жиберилген Алланын Элчисимин. Ал асмандардын жана жердин (жападан жалгыз) Ээси...» (Аараф сүрөсү, 158-аят)

«Эй, пайгамбар! Сага Жараткан Эгең тарабынан түшүрүлгөн бүт нерсени жеткизгин! Эгер (бул буйрукту) аткарбасаң, Анын элчилигин жеткирген болбойсуң. Алла Таала сени адамдардан (алардын зыянынан) Өзү сактайт....» (Маида сүрөсү, 67-аят)

«(Эй, Мухаммад!) Биз сени шек-күмөнсүз бардык адамдарга куш кабар жеткирүүчү, эскертүүчү катары пайгамбар кылып жибердик. Бирок көп адамдар муну билишпейт» (Саба сүрөсү, 28-сүрөсү)

Алланын Элчиси жакынкы жана ыраакы мамлекеттерди Исламга кат аркылуу чакырат. Алланын Элчиси бул каттарды кутман сахабалары аркылуу жөнөткөн эле. Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз өкүмдарларга кат жаздырганы жатканда сахабалар:

- О, Алланын Элчиси! Алар бул катты мөөрү жок окушпайт - дешет. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) күмүштөн шакек жасатат. Шакектин бетине «Аллах – Расуул – Мухаммад» - деген сөздөрдү оюп жаздырып, каттарга мөөрдүн ордуна ошол шакекти колдонгон эле.[178]

❖

Византиянын ошол кездеги императору Гераклга Алла Элчисинин катын азирети Дихятул -Калби (Алла ага ыраазы болсун!) аттуу сахаба алып барат. Перстерди басып алган Византия императору Геракл жеңишке жетип, артка кайтып Сирия аймагына киргенде Пайгамбарыбыздын Исламга чакырган каты колуна тийет. Бу катты жылуу кабыл алып, анын маани-маңызын түшүнгүсү келген Византия императору бу жаатта изилдөө жүргүзүү үчүн нөкөрлөрүнөн азирети Пайгамбарыбыздын жердештеринен бир канча адам таап келишин талап кылат.

178. Бухарий, Илим, 7; Муслим, Либас, 57, 58; Ибн Саад, I, 258

Ошол мезгилде азирети Пайгамбарыбыздын эң алдыңкы душмандарынан бири Абу Суфян Мекке соодагерлери менен Шам тарапты көздөй бараткан эле. Бул учурда Пайгамбарыбыз менен Курайш уруусунун ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн болучу. Гераклдын жан-жөкөрлөрү жолдон Мекке соодагерлерине жолугуп, аларды императордун алдына чакырып келишет. Геракл аларды кабыл алып, котормочусунан:

«Азыр ушул жердегилерден кимиңер «Пайгамбармын» - деп чыккан адамдын эң жакын тууганы болосуңар?» - деп суратат.

Абу Суфян:

- Эң жакыны мен болом! - деп жооп берет.

Геракл:

- Буларды менин жаныма алып келгиле! Мен тиги (Абу Суфян) менен сүйлөшүп жатканда, достору жанында турушсун! - дейт да, кайра котормочуга кайрылып:

- Буларга айт, мен Ал адам (пайгамбар) тууралуу бу адамга суроолорум бар. Мага калп айтып жатса жанындагылар: «Калп айтып жатат» - деп эскертип коюшсун! - дейт.

«Валлахи, жанымдагылар жалган айтканымды барган жерлеринде айтышарынан тартынбаганымда, Ага ар кандай жалган жалааларды жаба бермекмин» - деген Абу Суфян Геракл менен болгон сүйлөшүүсүн өзү мындайча билдирет:

«Ырас, Гераклдын алгачкы суроосу мындайча болду:

- Эл арасында Анын уруусу кандай?

Мен:

- Анын уруусу эл арасында өтө чоң кадыр-баркка ээ! - дедим.

- Силерден бул (мен «Пайгамбармын» - деген) сөздү андан мурун айтып чыккан адам болду беле?

- Жок.

- Ата-бабаларынан падыша болгондору барбы?

- Жок!

- Ага моюн сунгандар коомдогу аттуу-баштуу бай адамдарбы же төмөнкү катмарданбы?

- Төмөнкү катмардан.

- Ага моюн сунгандардын саны азайып жатабы же көбөйүп жатабы?

- Көбөйүп баратат.

- Алардын арасынан Анын динине киргенден кийин жактырбай калып, кайра бул динден баш тарткан адам барбы?

- Жок!

- Анын сөзүндө турбай койгон учуру болду беле?

- Жок! Ал берген сөзүнөн кайтканын көрбөдүм. Бирок азыр биз аны менен белгилүү мөөнөткө чейин келишим түзгөнбүз. Ушул убакыт аралыгында эмне кылып жиберет, билбейбиз! - дедим. Аны жамандоо үчүн мындан башка сөз таба албадым!

- Ага каршы согуш майданында болдуңар беле?

- Ооба.

- Бул согуштардын жыйынтыгы кандай болду?

- Кээ биринде биз, кээ биринде ал жеңип чыкты.

- Ал силерге эмне деп жатат?

- Ал бизге: «Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылгыла, эч кимди жана эч нерсени Ага теңебегиле (шерик кошпогула), ата-бабаңар сыйынган айкелдерден баш тарткыла» - деп жатат. Ал бизди намазга жыгылууга, туура-түз жүрүүгө, абийирдүү, адамгерчиликтүү болууга, туугандар менен тыгыз байланышта, жылуу мамиледе болууга чакырып келет - дедим.

Анда Геракл котормочусуна:

- Буга айт, Анын уругун сурадым, эл арасында анын уруусунун өтө чоң кадыр-баркка ээ болгондугун айттың. Пайгамбарлар да ушундай уруулардан чыгат.

Силерден бул (мен «Пайгамбармын- деген) сөздү андан мурун айтып чыккан адам болду беле? - деп сурадым. Жок, дедиң. Андан мурун да бул сөздү айтып чыккан адам болгондо, аны туурап жатат дээр элем.

Ата-бабаларынан падыша болгондору барбы - деп сурадым, буга да «жок» - деп жооп бердиң. Эгер ата-бабаларынан бири падыша болгондо, анын мал-мүлкүн талашып, артка кайтарып алууга аракет кылып жатат демекмин.

Пайгамбарлыгын айтып чыкканга чейин Анын калп айтканын көрдүңбү - деп сурадым, «жок» - дедиң. Мен жакшы билем, адамга калп айтпаган киши Жараткан жөнүндө да калп айтпайт!

Ага моюн сунгандар коомдогу аттуу-баштуу бай адамдарбы же төмөнкү катмарданбы -деп сурадым. Төмөнкү катмардан болгондугун айттың. Ансыз деле пайгамбарларга башында моюн сунгандар ушул сыяктуу адамдардан болушат.

Ага моюн сунгандардын саны азайып жатабы же көбөйүп жатабы - деп сурадым. Көбөйүп баратат - дедиң. Туура диндердин өзгөчөлүктөрүнөн бири - ушул, моюн сунгандардын көбөйүшү.

Алардын арасынан Анын динине киргенден кийин жактырбай калып, кайра бул динден баш тарткан адам барбы - деп сурадым. Жок - дедиң. Ыйман нуру жүрөккө уялап, жай тапканда ушундай болот.

Анын сөзүндө турбай койгон учуру болду беле - деп сурадым. Жок - дедиң. Пайгамбарлар ошондой болушат, сөздөрүнө бекем турушат.

Ага каршы согуш майданында болдуңар беле - деп сурадым. Согушканыңарды, кээде жеңилип, кээде жеңишке жеткениңерди айттың. Ансыз да пайгамбарлар ушундай, жеңилүүгө дуушар болушат да, акырында чоң ийгиликтерге жетишет.

Силерге эмне деп жатат - деп сурадым. Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылууга, эч кимди Ага теңебөөгө, ата-бабаңар сыйынган айкелдерден баш тартууга, намазга жыгылууга, чынчылдыкка, адамгерчиликтүү болууга, туугандар менен тыгыз байланышта болууга үндөп жатканын айттың.

Эгер бул айткандарың туура болсо, Ал зат жакынкы кыска убакыттын ичинде ушул мен турган жерге да ээлик кылат. Мен ансыз деле бул Пайгамбардын келээрин билгем. Бирок силерден чыгат деп ойлогон эмесмин. Анын алдына бара алганымда, Аны менен жолугуу үчүн бүт күчүмдү жумшаар элем. Анын жанында болгонумда куттуу бутун жууп берээр элем»

Андан соң Геракл азирети Дихиядан (Алла ага ыраазы болсун!) Бусра өкүмдарына жана өзүнө жөнөтүлгөн Пайгамбарыбыздын катын сурайт. Кутман сахаба катты Гераклга сунат. Геракл катты окуп чыгат. Катта:

«Алланын кулу жана Элчиси Мухаммаддан римдиктердин элбашы Гераклга!...

Туура жолго түшкөндөргө салам (тынчтык, бейпилдик) болсун! Мен сени Исламга чакырам. Исламга кирсең, бакытка жетесиң. Алла Таала сага сыйлыгыңды эки эсе кылып берет! Эгер кабыл кылбасаң (кол алдыңдагы элдин) адамдардын күнөөсү сага жүктөлөт.

«Айткын (эй, Мухаммад!): Эй, Китеп ээлери (жөөт жана христиандар)! Бизге да, силерге да ортоктош бир сөзгө келгиле! Жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени теңебейли жана бири-бирибизди кудай кылып албайлы. Эгер алар (китеп берилгендер) ушул чакырыктан баш тартышса, анда силер (эй, момундар): «Күбө болгула, биз мусулмандар – Жалгыз Аллага моюн сунуучуларбыз» - деп айткыла!» (Аали Имран сүрөсү, 64-аят) - деп жазылган эле.

Абу Суфян сөзүн улап:

«Геракл айтканын айтып, дегенин деп, катты окуган соң ордунан жылды, үндөр жогорулап кирди. Бул учурда бизди сыртка чыгарып коюшту. Мени менен чогуу келген соодагерлерге:

- Абу Кабшанын уулунун келечеги кеңейди. Карасаңар, Асфар коомунун падышасы (Геракл) да Андан коркуп жатат!...- дедим. Ошондон баштап Анын жакын арада чоң жетишкендикке жете турганына болгон ишенчимди жоготподум. Акырында Алла Таала мага да Исламды насип буюрду...»

Геракл жамаатындагы аттуу-баштууларды алдына чакырып, хан сарайынын биринде жыйын өткөзөт. Аларга:

- Эй, Рим жамааты! Түбөлүк бакытка, мына келечегиңердин кеңдиги үчүн кандай пикирдесиңер? - деп, (Исламды дин катары кабыл алууларын сунуштайт). Алардын баары жапайы айбан сыяктуу үркүп эшикти көздөй жүгүрүшөт. Бирок эшиктин бардыгы жабык эле. Геракл алардын Исламга жакын жолобосун байкаган соң кайра артка чакырып, сөзүн буруп:

- Мен силердин христиан динине болгон туруктуулугуңарды, берилгендигиңерди байкоо үчүн сынадым. Силердин бу абалыңар мага абдан жакты! - дейт. Андан соң алар ага сажда кылышып, ыраазы болушат (Бухарий, Бадуль-Вахий, 1, 5-6, Иман, 37, Шахадат, 28, Жихад, 102; Муслим, Жихад, 74; Ахмед, I, 262).

Ошентип, Византия императору Геракл маңдайына чейин келген Ислам дининин акыйкаттыгына өзү күбө болуп, адал жолго эми кадам таштайын дегенде бул дүйнөнүн лаззаттары оор басып, түбөлүк бактысына өзү балта чаап алган эле.

Чакырык катты Ирандын өкүмдары Кисрага азирети Абдуллах бин Хузафа (Алла ага ыраазы болсун!) алып барат. Бирок Кисра элчини Гераклдан башкача кабыл алат. Катта азирети Пайгамбарыбыздын ысымы өзүнүн атынан мурун жазылганына ачууланып, катты айрып таштайт. Келген элчиге акаарат сөздөрүн айтып, катуу жектейт.

Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) Кисрага жана жалпы эле перс эли кайрылып мындай дейт:

- Эй, перс эли! Силер пайгамбарсыз, (ыйык) китепсиз жана жер жүзүндө өзүңөргө гана таандык жерге ээ болуп, убактылуу дүйнөдө өмүр-жашооңорду түш сыяктуу өткөрүп жатасыңар! Жер бетиндеги жер силер ээ болгон жерден алда канча чоң.

- Эй, Кисра! Сенден мурун бул дүйнөнү же акыретти эңсеген нечелеген өкүмдарлар келип, өкүмүн жүргүзүп кеткен. Акыретти эңсегендери бул дүйнөдөн да пайдаланып, өз насибин алышты. Ал эми бул дүйнөнү гана эңсегендер болсо, акыреттеги бактысынан да ажырашты. Сага сунуш кылып жаткан мына бул динди теңсинбей жатасың. Бирок, валлахи, кай жерде болсоң да, азыр алымсынбай жаткан нерсе келгенде андан жүрөгүң түшүп, коргоно да албай каласың!»

Кисра буга жооп иретинде бүт байлык-бийликтин өзүнө таандык экендигин, эч качан жеңилүүгө дуушар болбостугун, өзүнө тең келчү бир да күчтөн коркпостугун айтып, жан-жөкөрлөрүнө азирети Абдуллах бин Хузафаны сыртка чыгарып салышына буйрук берет (Сухайли, VI, 589-590).

Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) Кисранын сарайынан чыгаар замат атына минип, Мединаны көздөй жол тартат. Өзүнө-өзү:

«Валлахи, мен үчүн эки жолдон (өлүм же аман калуу) кайсынысы болсо да, кайгырбайм. Анткени Алла Элчисинин катын тиешелүү адамга жеткирип, өз милдетимди аткардым» - дейт (Ахмед, I, 305; Ибн Саад, I, 260, IV, 189; Ибн Касир, Бидая, IV, 263-6; Хамидуллах, аль-Васаик, 140).

Мына ушул кутман сахаба Алла Элчисинин падышаларды Исламга чакырган катын Иран Кисрасына алып баруу бактысына ээ болуп, өкүмдардын буйругун күтүп турган баш кесерлеринин алдында тайманбастыгын көрсөтүп, Кисраны эли менен кошо Исламга чакырган эле.

Кисранын катты жыртып, Ислам чакырыгына каршы кадам шилтегенин уккан Алланын Элчиси :

«Оо, Жараткан! Сен да аны мал-мүлкүнөн ажырат» - деген эле (Бухарий, Илим, 7; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, III, 212).

Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) бул мужизасы Хулафа-и Рашидин (алгачкы төрт халифанын) доорунда жүзөгө ашкан. Бул учурда Кисранын жери толугу менен мусулмандардын колуна өткөн.

Кисра Йемен акими Базанга кат жөнөтүп, азирети Пайгамбарыбызды өзүнө алып келишин талап кылат. Базандын элчилери Алла Элчисине келишет. Жагдайды түшүндүрүп, Базандын катын беришет. Алланын Элчиси катты окуткан соң ууртунан жылмаят. Элчилерди Исламга чакырат. Базандын элчилери Пайгамбарыбызга:

- Эгер биз менен барбасаң, Базандын катына жооп жаз! - дешет. Алланын Элчиси Алла Тааланын вахийи менен аларга кайрылып:

- Алла Таала Кисрага уулу Ширавайхты башына балээ кылды. Ширавайх аны баланча айдын баланча түнүндө, саат баланчада өлтүрөт! - дейт.

Элчилер чоочуп кетишет да:

- Биз Сенден уккан бул сөздү жазып акимге (Базанга) кабар берелиби? - дешет.

Азирети Пайгамбарыбыз(саллаллаху алейхи васаллам):

- Ооба! Менден укканыңарды ага жеткизгиле! Ага дагы минтип айтып койгула: «Менин диним жана өкүмүм Кисранын байлык-бийлиги жеткен жерге чейин жетип, аттар жана төөлөр жете ала турган эң ыраак аймактарга чейин барат!» Ага муну да айткыла: «Эгер сен мусулман болсоң, карамагыңдагы жерлерди сага берем! Сени Йемендеги Перс элине өкүмдар кылып дайындайм - деп буюрат.

Пайгамбарыбыздын бу сөздөрүн уккан Базан:

- Валлахи, анын сөзү өкүмдардын сөзү эмес! Менин оюмча, бул адам өзү айткандай пайгамбар! Кисра жөнүндө айткан сөздүн жыйынтыгын күтүп туралы. Эгер бу сөзү ырас болсо, ал сөзсүз түрдө Алла Таала тарабынан бүткүл адамзатына жөнөтүлгөн пайгамбар! Ал эми сөзү туура эмес чыга турган болсо, анда ал жөнүндө дагы ойлонууга туура келет! - дейт да элчилерине кайрылып:

- Ал кандай киши экен? - деп сурайт.

- Биз Андан өткөн сүрдүү, жөнөкөй, ошондой эле эч нерседен корпогон, жан сакчылары жок жана элдин арасында жөө жүргөн өкүмдар көргөн эмеспиз! Сахабалары Анын алдында бийик үн менен эмес, акырын сүйлөшөт экен...- деп көргөнүн көргөндөй таңдана айтып беришет.

Ошентип Ширавайхтын атасын өлтүрөр убактысын күтүп жүрүшөт. Алланын Элчиси билдирген убакыт келип, мөөнөтү мөөнөтүнө дал келе тургандай болуп калат. Пайгамбарыбыз айткан саатта Ширавайх атасын өлтүргөнүн уккан Базан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жөнүндө:

- Шек-күмөнсүз, бул зат Алла Таала тарабынан бүтүндөй адам баласына жөнөтүлгөн пайгамбар! - деп ыйманга келет. Йеменде жашаган перстер да мусулман болушат. (Ибн Саад, I, 260; Абу Нуайм, Далаил, II, 349-350; Диярбакри, II, 35-37)

Падышалардын арасынан Алла Элчисинин чакырык катын жана катты алып барган Пайгамбар элчисин эң жакшы кабыл алган падыша Хабаш (Эфиопия) Нажашиси (падышасы) болгон. Азирети Амр бин Умайя (Алла ага ыраазы болсун!) аркылуу Нажашиге жеткен катта Ислам чакырыгы менен кошо азирети Мариям жана азирети Иса пайгамбар жөнүндө да кыскача маалымат берилген эле. Ислам тууралуу мурун Эфиопияга көчүп келген мусулмандардан бир аз маалымат алган Нажаши бул кат аркылуу ыйманга келет. Ал Абу Талибдин улуу азирети Жафардын алдында келме келтирип мусулман болот. Нажаши кийин Алла Элчисинин суранычын орундатып, ал жердеги мухажирлерди эки кеме менен Мединага жөнөтөт. Ошондой эле азирети Пайгамбарыбызга ыйман келтиргендиги жөнүндө кат жаздырат. Катта мындай деп жазылган эле:

«Алланын Элчиси Мухаммадга (саллаллаху алейхи ва саллам) Нажаши тарабынан:

О, Алланын Элчиси! Сага да (Алланын) саламы болсун! Алла Таала сени чексиз ырайымына бөлөсүн! Өзүнөн башка кудай болбогон Алла Таала мага Исламды насип буюрду.

О, Алланын Элчиси! Азирети Иса жөнүндө эскерген катыңыз мага жетти. Жердин жана асмандын Жаратуучусуна ант берем! Азирети Иса да өзү жөнүндө сиз эскерген нерселерден ашыгын айткан эмес. Анын чакырыгы да дал сиздикиндей эле. Биз Исламдын негиздери менен таныштык. Абаңыздын уулу (Жафар-и Таййар) менен биздин өлкөбүзгө көчүп келген сахабаларыңызга сыйыбызды көрсөттүк. Мен күбөгө өтөм, Сен Алланын Элчисисиң! Берген сөзүңө өтө бекем турасың. Акыйкатсың, мусаддыксың (пайгамбарлыгың тастыкталган!)

О, Алланын Элчиси! Мен Сага Сенин өкүлүң, агаңдын уулу аркылуу ант бердим. Анын алдында бүтүндөй жандуу-жансыздын Жаратуучусу Аллага моюн сундум. Сага уулум Арханы жөнөтүп жатам. Мен болгону өзүмө гана падышамын, эгер Сага барышымды кааласаң, о, Алланын Элчиси, дароо барам. Мен дагы бир ирет күбөгө өтөм, сенин айткандарың чындык. О, Алланын Элчиси, Сага салам (тынчтык, бейпилдик) болсун!...» (Ибн Саад, I, 259; Ибн Каййим, III, 689; Хамидуллах, аль-Васаик, 100, 104-105)

❖

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) :

- Оо, эл-журт! Акыбетин, сообун Алладан үмүт кылып, мына бул катты Искандариянын Мукавкысына ким алып барат? - дейт. Азирети Хатиб бин Абу Белтаа (Алла ага ыраазы болсун!) дароо ордунан туруп:

- О, Алланын Элчиси! Мен алып барам - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

- Эй, Хатиб! Алла Таала бул озуйпаны сага мубарак (кайырлуу) кылсын! - деп ак батасын берет.

Азирети Хатиб Пайгамбарыбыздын катын Искандариянын Мукавкысына алып барат. Катта мындайча жазылган эле:

«Бисмиллахир-Рахманир-Рахим.

Алланын кулу жана Элчиси Мухаммаддан кыптилердин чоңу Мукавкыска. Ак динге моюн сунуп, туура жолго түшкөндөргө салам болсун!

Сени Исламга чакырам. Мусулман бол, бакытыңды тап, Алла Таала сага сыйлыгыңды эки эселеп берсин. Эгер бул чакырыктан баш тартсаң, кыптилердин күнөөсү сенин мойнуңа жүктөлөт.

«Айткын (эй, Мухаммад!): Эй, Китеп ээлери (жөөт жана христиандар)! Бизге да, силерге да ортоктош бир сөзгө келгиле! Жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени теңебейли жана бири-бирибизди кудай кылып албайлы. Эгер алар (китеп берилгендер) ушул чакырыктан баш тартышса, анда силер (эй, момундар): «Күбө болгула, биз мусулмандар – Жалгыз Аллага моюн сунуучуларбыз» - деп айткыла!» (Аали Имран сүрөсү, 64-аят)

Мукавкыс Пайгамбарыбыздын катын окуп, азирети Хатибди (Алла ага ыраазы болсун!) жанына чакырат. Андан соң дин адамдарын да чогултат. Окуянын калганын азирети Хатиб (Алла ага ыраазы болсун!) өзү төмөнкүчө түшүндүрүп берген:

Мукавкыс мага:

- Сенден айрым түшүнбөгөн нерселерим жөнүндө сурайм - деди.

Мен:

- Угуп жатам, айта бериңиз - дедим.

Мукавкыс:

- Сенин Төрөң пайгамбарбы? - деп сурады.

- Ооба, Ал Алланын Элчиси! - дедим.

- Ал чыныгы пайгамбар болсо, аны өз ата-журтунан кууп чыгып башка жакка баш калкалоого аргасыз кылган элге эмне үчүн Алладан каргыш тилеген жок? - деген суроосуна:

- Сен Иса бин Мариямдын Алланын пайгамбары экендигине күбөгө өтөсүң, туурабы? Ал дагы чыныгы пайгамбар болгондон кийин өз эли аны кармап айкаш жыгачка асып салганы жатканда, өз элин жок кылуу үчүн Алла Тааладан каргыш тилесе, болбойт беле? - дедим.

Мукавкыс сөз таппай калды. Бир саамга унчукпай турду да анан:

- Сөзүңдү кайтала! - деди. Кайталадым. Мукавкыс дагы унчукпай калды. Анан кайра:

- Жакшы сөз айттың. Сен акылмансың, ар бир сөздү өз орду менен сүйлөйт экенсиң. (Анткени сен) Акылмандын жанынан келатасың - деди.

Мен:

- Сенден мурун бул жерде бир адам өзүн «Кудаймын» - деп чыккан. Алла Таала ал Фараонду бул дүйнөдө да, акыретте да оор азапка дуушар кылды. Сен өзүңөн мурункулардан сабак ал! Ал эми кийинкилерге жаман үлгү болбо! - дедим.

Мукавкыс:

- Биздин бир динибиз бар. Бул динибизден артык дин көрмөйүн биз бул динден кайтпайбыз! - деди.

Мен:

- Ислам сенин дининден шек-күмөнсүз жогору! Биз сени Алла Тааланын адам баласына дин катары тандаган Исламга чакырабыз. Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) сени эле эмес, бүтүндөй адамзатын чакырып жатат. Алардан ага эң катуу, эң орой мамиле жасаган эл Курайш уруусу болду. Ага каршы эң катуу жөөттөр душмандык кылышты. Адамдардан ага эң жакшы мамиле жасагандар болсо, христиандар болду. азирети Муса Иса пайгамбар жөнүндө кандай куш кабар берген болсо, азирети Иса да азирети Мухаммад (алейхис-солаату вас-салаам) тууралуу дал ошондой куш кабарын айтып кеткен. Биз сени Куранга чакырып жатканыбыз, сенин Тооратка моюн сунгандарды Инжилге чакырганың сыяктуу. Ар бир адам өз учурунда келген пайгамбарга үммөт болушу керек. Сен да азирети Мухаммаддын доорунда жашап жатасың. Андыктан биз сени Исламга чакыруу менен азирети Иса пайгамбардын (алейхис-салаам) дининен алыстаткан болбойбуз. Тескерисинче, анын көздөгөн максатына ылайык жашашыңды сунуштап жатабыз - дедим.

Мукавкыс:

- Мен бул пайгамбардын динин изилдедим. Анда бул дүйнөдөн баш тартууга үндөлбөгөнүн түшүндүм. Ал (Мухаммад) жолдон тайган сыйкырчы да эмес, кайыптан кабар алганын айтып чыккан жалганчы да эмес экен. Тескерисинче, анда кайыпты көрүп кабар алып келүү сыяктуу пайгамбарлыктын белгилери бар. Ошентсе да, дагы бир аз ойлонушум керек болуп турат - деди.

Андан соң Пайгамбарыбыздын катына төмөнкүчө жооп кат жаздырды:

«Мухаммад бин Абдуллахка Мукавкыстан:

Сага салам болсун! Катыңды окудум. Сен айткан нерселерди түшүндүм. Мен бир пайгамбардын келе турганын билгем. Бирок Шамдан чыгат деп ойлогом. Мага келген элчиңе сыйымды көрсөттүм. Сага кыптилердин атынан эки күң аял жана баалуу кийимдерди белекке тартуулап жатам. Ошондой эле минип жүрүү үчүн бир качыр жөнөтөм. Сага салам болсун!»

Мукавкыс мындан ашыкча эч нерсе кылбады, мусулман да болбоду. Мага: «Абайла! Кыптилер сенин оозуңан бир да сөз угушпасын!» - деп эскертүү берди (Ибн Касир, аль-Бидая,IV, 266-267; Ибн Саад, I, 260-261; Ибн Хажар, аль-Исаба, III, 530-531)

Ошентип, Мукавкыс Алла Элчисинин катын жакшы кабыл алат. Ал акыркы пайгамбардын келе турганын билген, бирок аны Шам аймагынан чыгат деп ойлогон. Бул күмөн ой ага адал жолго кадам таштоосуна жолтоо болуп, ыйманга келе албай калган. Ошентсе да, катты алып келген азирети Хатибден белек-бечкектерин, эки күң аял (Мария менен бир тууганы Сыриин) жана качыр берип жиберген эле.

1	Dihya ibn Khalifah	Heraclius, the Emperor of Byzantine	Ilia, Quds	Did not accept Islam from fear over his Empire
2	Abdullah ibn Huzafah	Khosrau	Madain	Tore the Prophet's letter apart and Allah tore his kingdom apart
3	Amr ibn Umayyah	The Negus	Abyssinia	Accepted Islam
4	Khatib ibn Baltaa	The Muqawqis	Eqypt	Did not become Muslim, treated the ambassador with honor and respect
5	Ala ibn Hadrami	al-Munzir ibn Sawa, King of Bahrain	Bahrain	Became Muslim
6	Salit ibn Amir	The Amir of Yamamah	Yamamah	Demanded prophethood be left to him
7	Shujaa ibn Wahb	Haris al-Ghassani, the Ghassanid Amir	Hawran	Threatened to attack Medina
8	Muhajir ibn Umayya	al-Haris al-Khimyeri	Yemen	Became Muslim
9	Amr ibn al-As	Julandi, King of Oman	Oman	Became Muslim

Азирети Хатиб (Алла ага ыраазы болсун!) жолдо келе жатып бул эки бир тууган аял кишиге Ислам жөнүндө айтып берет. Ал экөө тең ыйман келтирип мусулман болушат.[179] Ошентип Мединага барганга чейин Алланын адал жолуна кадам ташташат.

Азирети Хатиб (Алла ага ыраазы болсун!) Мукавкыстын айткандарын айтып берген соң Пайгамбарыбыз:

«Ал бийлигин кыялбады! Кыялбаган бийлиги өзүндө калбайт!» - деп буюрат (Ибн Саад, I, 260-261; Диярбакри, II, 38).

Алланын Элчиси күң болуп келген Сыринди азирети Хасан бин Сабитке никелеп берет. Ал эми Мария менен өзү баш кошот. Пайгамбарыбыз азирети Мариядан Ибрахим аттуу уулдуу болот. Азирети Пайгабарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) бул никеси да Алланын буйругу менен жүзөгө ашат. Бул нике бир топ пайдаларды алып келет. Алсак, Мисир эли Пайгамбарыбыздын бул кадамын өтө жогору баалап, аны сый көз караш менен карап калышат. Кийинки жылдарда болгон Ислам-Византия согуштарында Мисир эли Византияны жалгыз калтырып, Ислам кошуунунун жеңишке жеңил жетүүсүнө себепкер болушат.

Алланын Элчиси туугандарга жылуу мамиледе болуунун үлгүсүн көрсөтүп, сахабаларына мындай дейт:

«Силер «кырат»- өлчөм бирдиги колдонулган Мисирди колго аласыңар. Ал жердеги элге жылуу мамиледе болушуңарды сунуштайм, осуятыма бекем тургула! Анткени алар менен уруу жана кудасөөктүк жагынан тууганчылыгыбыз бар» (Муслим, Фадаилус-Сахаба, 226-227)

Жалпыга маалым болгондой, Алла Элчисинин теги азирети Исмаилге барып такалат. Исмаилдин(алейхис-салаам) энеси азирети Хажар Мисир аймагынан болгондуктан Пайгамбарыбыз бул хадисинде Мисир элин «тууган эл» - деп эсептеген. Ал эми кудасөөктүк тууганчылыгын азирети Марияга таяп айткан.[180]

❖

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) элчилерине дайыма кеп-кеңешин айтып жөнөтө турган. Пайгамбарыбыз Химяр чөлкөмүндөгү адамдарга да кат жаздырган эле. Катты Азирети Ияшка (Алла ага ыраазы болсун!) берип жатып:

«Ал жерге түнүчүндө кирбе, таң атышын күт! Андан соң даарат ал, эки ирекет намаз оку! Сени ийгилик коштоп, жакшы кабыл алынышың үчүн Алла Таалага дуба кыл! Андан

179. Ибн Саад, VIII, 212
180. Ибн Хишам, I, 4

соң даярдыгыңды көрүп, катымды оң колуңа алып, оң колуң менен анын оң колуна бер! Ушундай кылсаң, алар сени кабыл алышат...»

Азирети Ияш (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алла Элчисинин айтканын айткандай аткардым. Алар Исламды дароо кабыл алышты. Андан кийинки окуялар дагы Алланын Элчиси айткандай жүзөгө ашты» (Ибн Саад, I, 282-283)

Бул чакырыктар Исламдын Мединадан бүт дүйнөгө кучак жайган алгачкы кадамдары эле. Ошону менен бирге Арап жарым аралында жанданган Ислам дини күн өткөн сайын дүркүрөп өсүп жаткан эле. Анткени чоң жеңиштердин майтарылбас пайдубалы азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбыздын өзүнүн кут төгүлгөн колу менен түптөлүп жаткан эле.

1.26.2 Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызды сыйкырлаганы

Жөөттөрдүн аттуу-баштуулары сыйкырлыкты жетик өздөштүргөн эки жүздүү жөөт Лабид бин Асамга келип:

- Сен биздин арабызда эң эле билимдүү сыйкырчысың! Мухаммад эркек-аял дебей бардыгын сыйкырлап алды. Биз ага каршы эч нерсе кыла албай калдык. Сен да анын бизге эмне кылганын, динибизге каршы кандай иш-аракеттерди жүргүзүп жатканын, бизден кимдерди өлтүргөнүн жана сүргүнгө айдаганын көрдүң. Биз анын мындай иш-аракеттерине каршы Аны сыйкырлап жазасын берүү үчүн сени эп көрүп турабыз!» - дешип, Пайгамбарыбызды сыйкырлоо үчүн үч алтын дирхам беришет.

Лабид Пайгамбарыбыздын чачынан бир канча тал алуунун жолун издейт. Ал ошентип айласын таап, Пайгамбарыбыздын чачынан бир канча тал алып, аны эки үч жеринен байлап, үйлөйт. Бул чачтарды эркек курманын кургаган гүл чанагынын ичине салат да, аны бир кудукка алып барып, түбүндөгү бир таштын алдына коюп, сыйкырлаган соң Алланын Элчиси дароо ооруп калат. Көзүнүн нуру да начарлайт. Шайы кетип катуу ооруйт. Тамакка да табити келбей калат.

Алла Таала Элчисине бул сыйкырдын ким тарабынан кантип жасалганын жана кай жерге катылганын көрсөтөт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Азирети Али менен азирети Аммарды Зарван кудугуна жөнөтөт. Кудуктун суусу хынанын боёгуна боёлуп, жанындагы курма дарактарынын баштары акка кара көө жаап, каранын отун тутандырган азгырык шайтандын ирегине окшоп калган эле. Азирети Али менен азирети Аммар кудуктун суусун бошотуп ичиндеги тепкич таштарын алып, сыйкырланган чачты таап чыгышат.

Бул учурда Жабраил периште Фалак жана Нас сүрөлөрүн алып келет. Ар бир аятты окуган сайын баягы түйүндөр бир-бирден чечиле баштайт. Эң акыркы түйүн чечилген соң Пайгамбарыбыз кадимкидей жанданып, оорусунан сакайып кетет. Табити да ачылат. Алланын Элчиси Зарван кудугун дароо жаптырат. Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары болуп жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз өз өмүрүнө зыян келтирген жөөт

Лабидди көргөн да жок, анын айыбын эскерип да койбойт. Өмүрүнө коркунуч туудурган Лабидди да, уруусу Зурайк уруусунан да эч кимди суракка тартпайт.[181]

Азирети Пайгамбарыбыз күндөрдүн биринде:

- Жок кылуучу жети нерседен алыс болгула! - дейт. Сахабалар:

- О, Алланын Элчиси! Алар кайсылар? - деп сурашат.

Анда Пайгамбарыбыз:

- Аллага шерик кошуу, сыйкырлоо, жөн жерден бирөөнүн өмүрүн кыюу, пайыз алуу, жетимдин мал-мүлкүн жеш, согуш майданынан качуу, абийирдүү жана күнөөсүз аялдарга зина күнөөсүн таңуулоо - деп буюрган эле» (Бухарий, Васая, 23; Муслим, Иман, 145)

1.26.3 Хайбар Жеңиши (Сафар-Рабиулавваль, 7-жыл/ Июнь-Июль, 628-жыл)

Мусулмандар менен Меккелик бутпарастардын ортосунда түзүлгөн Худайбия келишимине кыянаттык кылып, Ислам тарапка кол салган эки жүздүүлөргө көмөк көрсөтүү максатында Хайбар аймагында жашаган жөөттөр да кошулган эле. Кыска убакыттан соң мурун Хайбарга сүргүнгө айдалып келген жөөттөрдүн көкүтүүсү менен Хайбарда кырдаал терс өңүттө күчөй баштайт. Жөөттөр Гатафан уруусун өздөрү менен кошо согушка чыгууга чакырат. Ал үчүн бир жылдык түшүмдөрүнүн жарымын берүүнү Гатафан уруусуна убада кылышат. Гатафан уруусу жөөттөрдүн бул сунушуна оң жооп кайтарат. Ошентип бардыгы бирге куру кыялдын ушундай кытмыр демине семирип, кара ниеттерин жүзөгө ашыруу үчүн ишке өтүшөт. Бутпарастар Мединага чоң кошуун жөнөтүүнү максат кылышат.[182]

Жөөттөрдүн мындай кадамдарынан улам Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларынан азирети Абдуллах бин Раваханы тынчтык үчүн Хайбарга жөнөтөт. Бирок, тилекке каршы, терс жооп келген соң сахабаларына Хайбар казатына аттанууларын жар салып:

- Биз менен согушка чыгууну каалагандар гана барсын!...- дейт. (Ибн Саад, II, 92, 106)

Анткени согушууга аргасыздан кадам таштоого туура келип калган эле. Ошондой эле Медина шаары Хайбар менен Меккенин ортосунда эле. Ошондуктан бутпарастар менен согуш боло турган болсо, Хайбар мусулмандардын арка тарабында коркунуч туудуруп турган.

Пайгамбарыбыздын буйругун уккан сахабалар согушка чыгууга жан көңүлдөн даяр эле. Бирок Алланын Элчиси сахабаларын согушка чакыруу менен бирге Худайбияга барбагандарды кошуунга кабыл албайт. Себеби Худайбияга эки жүздүүлөр гана барган эмес эле. Согуштарда Ислам кошуунуна олжодон үлүш алуу үчүн гана кошулган эки жүздүүлөрдүн эң кыйын кезеңдерде жасаган кыянаттыктары Ислам кошууну үчүн катуу сокку болгон эле. Бул жолкусунда да ошол адамдар бай жөөттөрдүн көз жоосун алган

181. Ибн Саад, II, 197; Бухарий, Тыбб, 47, 49; Муслим, Салам, 43; Насаи, Тахрим, 20; Ахмед, IV, 367, VI, 57; Айни, XXI, 282.

182. Вакиди, II, 530-531, 566, 640; Ибн Саад, II, 92.

байлыктарынан үлүш алып калуу максатында согушка аттанууну каалап турушкан эле. Ошондуктан Худайбияга барбагандар бул согушка катыша алышкан эмес эле. Ансыз да Алла Тааланын буйругу ушул өңүттө эле:

«....Айткын: -Эч качан бизге жанашпайсыңар!...» (Фатх сүрөсү, 15-аят).

Мусулмандардын Хайбарга даярданышы азирети Пайгамбарыбыз менен келишим түзгөн Мединалык жөөттөрдүн тынчын алып, муну алдын алуу үчүн өздөрүнчө аракет кыла башташкан эле. Анткени алар Пайгамбарыбыздын Кайнука, Надир жана Курайза жөөттөрүн жеңгени сыяктуу Хайбар жөөттөрүн да жеңээрин ачык-айкын түшүнүп калышкан эле.

Алланын Элчиси кошууну менен жүрүшкө аттанаардан мурда Алла Таалага минтип жалбара турган:

«Жети кат асмандын жана анын алдындагылардын, жети катмар жердин ичиндегилердин, шайтандардын жана туура жолдон адашкандардын, шамалдардын жана шамал сапырган нерселердин Жаратуучусу болгон оо, Алла Таалам! Биз Сенден бул жердин, бул жерде жашаган элдин жана ал жердеги нерселердин жакшылыгын тилейбиз! Бул жердин, бул жерде жашаган элдин жана андагы нерселердин жамандыгынан Жалгыз Өзүңө гана баш калкалайбыз!»[183] (Ибн Хишам, III, 379; Вакиди, II, 642)

Мусулмандар жолдо баратып бийик үн менен: «Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Лаа илааха иллаллаху валлаху акбар!» - деп, бир ооздон такбир айта башташат. Анда Алланын Элчиси(саллаллаху алейхи васаллам):

«Жаныңарга мээримдүү болгула! Анткени силер кулагы укпаган дүлөйгө кайрылган жоксуңар, ал кайып-жок да эмес. Силер Көрүүчү, Угуучу (кай жерде болсоңор да) силер менен болгон улуу Затка (Алла Таалага) кайрылып жатасыңар. Силер дуба кылып жаткан Зат ар бириңерге минип бараткан мал-жандыктарыңардын мойнунан да жакын» (Бухарий, Даават, 50, 67; Муслим, Зикр, 44)

Азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) сахабалары менен Хайбарга түнүчүндө жетип, таңды күтүп турат. Анткени азирети Пайгамбарыбыз эч качан түн жамынып келип, душмандарга кол салган эмес. Ошентип, жерге жарык түшүп, жөөттөр кетмен-күрөктөрүн алып сыртка чыгышат. Алланын Элчисин кошууну менен көрүп:

- Мухаммад! Валлахи, Мухаммад кошууну менен турат! - деп кымкуут түшүп, чептерине качып киришет. Анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

«Аллаху Акбар, Аллаху Акбар! Согуш бүттү Хайбар! Биз душман элдин жерине басып кирдикпи, эскертүү берилген ошол каапырлардын абалы өтө оор болот!»- деп буюрат (Бухарий, Магази, 38; Ибн Хишам, III, 380).

Алланын Элчиси чатырын Гатафан менен Хайбардын ортосундагы «Ражи» - деген жерге тигип жайгашат. Ошентип, Пайгамбарыбыз өз ара келишим түзгөн эки тараптын бири-бирине жардам берүүлөрүнө тоскоол болот. Жөөттөргө жардам берүү үчүн келген Гатафандыктар Ислам кошуунун көрүп, артка чегинишет. Бул учурда Хайбар жөөттөрү чептерине жашынып коргонууга аргасыз болушат.

183. (Хаким, I, 614/1634)



Мусулмандар бир топ күн Хайбарды курчоого алып турушат. Мусулмандардын күлазыгы да түгөнөйүн деп калган эле. Согуштун жүрүшү күн өткөн сайын оорлошуп барат. Мусулмандардан шейит кеткендер, жарат алгандар болуп, бир топ кыйынчылыктар жарала баштайт. Ошентсе да, Алланын Элчиси ар бир мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, аларды Исламга чакырат.

Пайгамбарыбыз Исламга чакыруу маселесинде эч кимди төмөн көрчү эмес эле. Хайбар жеңиши учурунда мунун бир мисалы болгон эле. Алланын Элчиси бир жөөттүн койлорун кайтарган кулга да Исламды терең түшүндүрүп, анын туура жолго түшүшүнө себепкер болгон эле.[184] Окуя мындайча болгон эле:

Бир жөөттүн койлорун кайтарып күн өткөзгөн Ясар күндөрдүн биринде таңга маал койлорду чептин сыртына кайтарып жүрүп азирети Пайгамбарыбыз менен жолугуп калат. Азирети Пайгамбарыбыз аны менен баарлашып, сукбат курган соң Ясар Исламды кабыл алат. Алланын Элчиси анын ысымын алмаштырып, «Аслам» - деп жаңы ысым берет. Аслам азирети Пайгамбарыбыздан колундагы койлорду эмне кылышы керектигин сурайт. Алланын Элчиси:

- Койлорду чепти көздөй кубала! Күмөн санаба, баарысы ээсине кайтып барат - дейт. Аслам бир ууч шагыл алып койлорду көздөй ыргытып:

- Өз ээңерге баргыла! Валлахи мындан кийин түбөлүккө силер менен бирге болбойм - дейт. Койлорду бирөө айдап бараткандай эки жакка ыдырабай чепти көздөй түз кирип кетишет. Баягы чабан мусулмандар менен бирге жөөттөр менен согушуу үчүн чепке бет алат.[185]

Мусулман болоор замат Алланын жолунда согушка чыккан азирети Аслам (Алла ага ыраазы болсун!) көп өтпөй шейит кетет. Сахабалар аны Пайгамбарыбыздын алдына алып келишет. Алланын Элчиси бир канча сахабасы менен бирге Асламды көздөй кайрылып жатып дароо жүзүн башка тарапка бурат. Сахабалар себебин сураганда минтип жооп берген экен:

184. Ибн Хишам, III, 398

185. Ибн Хишам, III, 397-398; Ибн Хажар, аль-Исаба, I, 38-39

- Азыр Хури Ийнден (бейиштеги хури кыздардан) эки жубайы (Асламдын) жанында турат!» (Ибн Хишам, III, 398; Ибн Хажар, аль-Исаба, I, 38-39).

Мусулмандар алсырап, кыйналып турган маалда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

-Эртең желегимди бир адамга берем, ал аркылуу Алла Таала (бизге) Хайбар жеңишин ыроолойт. Ал адам Алла Тааланы жана Анын Элчисин (жан дилинен) сүйөт, Алла Таала жана Анын Элчиси да аны сүйөт! - деп дем берет.

Ислам жоокерлери тууну кимге берилээрин ойлонушуп, сүйлөшүп жатып түн өткөзүшөт. Жерге жарык түшөт. Алла Элчисинин сүйүүсүнө ээ болуу үмүтү менен туунун өзүнө берилишин самаган бардык сахабалар Пайгамбарыбыздын алдына жетип келишет. Азирети Умар(Алла ага ыраазы болсун!):

«Амирликти (кол башчылыкты) ошол күндөгүдөй эч качан каалаган эмесмин. Мени чакырып калат деген үмүт менен Алланын Элчисине өзүмдү көрсөтүүгө аракет кылдым» - дейт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) тууну берүү үчүн азирети Алини (Алла ага ыраазы болсун!) чакырат. Азирети Алинин көзү ооруп, жакшы көрбөй калдастап калгандыктан сахабалар аны жетелеп келишет. Ал тургай көзү буту баскан жерди да көрбөй калган эле. Азирети Пайгамбарыбыз азирети Алини көрүп, ооруган көзүнө дуба окуп үйлөп коет. Алланын арстаны атанган азирети Али Алланын уруксаты менен шыпаа табат. Андан соң Алланын Элчиси ага соотун кийгизип, туусун колуна карматып мындай дейт:

- Эй, Али! Кана алдыга! Алла Таала жеңиш ыроологонго чейин оң жагыңды да, сол жагыңды да караба!»

Азирети Али согуш майданына аттанып баратып бир саамга күймөлө калат да, артын карабастан үн салат:

- О, Алланын Элчиси! Алар менен эмне үчүн согушайын?

Анда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам):

- Алар менен Алладан башка кудай жок болгондугуна жана Мухаммаддын Алланын Элчиси экендигине күбөгө өткөнгө чейин күрөш. Муну кабыл алгандан тартып (шариятка моюн сунган чакта) жандарын, мал-мүлкүн коргогон болушат. Ал эми негизги сурагы Аллага тиешелүү! Эч шашылба! Алардын жанына бар! Биринчи аларды Исламга чакыр! Эгерде бул чакырыгыңа бир адам оң жооп кылып мусулман болсо, бул сага кызыл төөлөрдүн тартууланышынан алда канча артык болот!...» - дейт. (Бухарий, Асхабун-Наби, 9; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 32-34; Хайсами, VI, 151).

Бул күнү жөөттөр эң мыкты баатырларынан ажырашат. Хайбар мусулмандардын колуна өтөт. Ал кезде Хайбардын сегиз чеби болгон. Эки чептеги душмандар эч каршылык көрсөтпөй чептерин тапшырып беришет. Ошентип Пайгамбарыбыздын мужизасы жүзөгө ашат. Бу согушта жөөттөрдөн токсон үч киши набыт болот. Ал эми мусулмандардан он беш киши шейит кетет.

1.26.4 Эфиопияга журт которгон мусулмандардын кайтышы

Хайбар колго алынган соң Эфиопиядан он алты киши азирети Жафардын кол башчылыгында Мединага кайтып келишет. Алар Пайгамбарыбыздын Хайбарга аттанганын угуп, ошол замат жолго чыгып, Алланын Элчисине келишет. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Жаратылыш, кулк-мүнөз жагынан мага кандай гана окшошсуң, (эй, Жафар)! - деп, азирети Жафардын маңдайынан өөп:

- Хайбардын колго алынышына сүйүнөйүнбү же Жафардын келишинеби, билбей турам! - дейт. (Ибн Хишам, III, 414)

Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун!) Пайгамбарыбыздын мындай жылуу мамилесинен өзүнчө толкунданып башка бир ааламга каалгып кетет. Кубанычы койнуна батпай, жаш баладай бутунун учуна туруп Пайгамбарыбызды тегеренип, өзүн жоготуп коет.[186]

186. Ахмед, I, 108; Ибн Саад, IV, 35

1.27 ХИЖРАТТЫН СЕГИЗИНЧИ ЖЫЛЫ

1.27.1 Мута Согушу (Жамазияль-авваль 8-жыл/ Август-Сентябрь 629-жыл)

Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) өкүмдарларды, акимдерди Исламга чакырган катын жеткизген элчилерге барган жерлериндеги айрым падышалар акаарат келтирсе да, натыйжада «элчинин кол тийбестигине ылайык» аман-эсен Мединага кайтып келип жатышкан эле. Бирок Бусра амирине барган азирети Харис бин Умайрдын абалы башкача болот. Азирети Харис (Алла ага ыраазы болсун!) «Мута» - деген жерде Гассани амирлеринен Шурахбил бин Амрга жолугуп калат. Шурахбил азирети Харистен кайда баратканын сурайт. Азирети Харис (Алла ага ыраазы болсун!) Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) элчиси болгондугун айтаар замат наадан заалым Шурахбил элчинин кол тийбестик укугун көзгө албай, кутман сахабаны мыкаачылык менен өлтүрөт.[187]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Харистин мындай мыкаачылыкка туш болгонун укканда катуу кайгырат. Исламга каршы көз көрүнөө акаарат келтирген бул кадам аргасыздан үч миң кишилик кошуундун даярдык көрүшүнө себеп болот. Анткени кошуун чогулбаган чакта Медина Ислам Мамлекетинин кадыры кетип, терс натыйжалар жаралмак.

Азирети Пайгамбарыбыз караңгы доордогу эл арасындагы катмар айырмачылыгын жокко чыгарган Исламдын дүйнөлүк принцибинин негизинде мурунку кулу азирети Зайдды даярдалган кошуундун башына аскербашчы кылып дайындайт. Андан соң мындай дейт:

«Эгер согушта Зайд шейит кетсе, анын ордуна Жафар болсун! Жафар да шейит кетсе, кошуунга Абдуллах бин Раваха башчы болсун! Ал да шейит кетсе, өз араңардан ылайыктуу бирөөнү аскер башчы кылып дайындап алгыла!...»

Жөөттөрдүн бири Пайгамбарыбыздын бул сөздөрүн аты аталган кол башчылардын шейит кетээрине ишарат деп түшүнүп, азирети Зайддын жанына келип:

-Осуятыңды айтып кал! Эгер Мухаммад пайгамбар болсо, сен анын жанына кайра кайта албайсың! Анткени Исраил уулдарынын пайгамбарлары атаган адамдар да согушта каза болуп, аман-эсен кайтышкан эмес... - деп жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн аракет кылса да, азирети Зайд мындан эч сестенбейт. Тескерисинче сүйүнөт (Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 238).

Даярдыгын көргөн азирети Абдуллах бин Раваха Алла Элчисинин жанына келип коштошуп жатып:

- О, Алланын Элчиси! Мага кандай сунуш, кеп-кеңешиңиз бар? - дейт.

187. Вакиди, II, 755; Ибн Каййим, III, 381.

Пайгамбарыбыз:

- Сен эртең Алла Таалага сажда өтө аз кылынган өлкөгө барасың. Ал жерде көп-көп сажда кылып, көп-көп намаз оку! - деп буюрат.

- О, Алланын Элчиси! Мага дагы бир аз акыл-насаатыңызды айтсаңыз! - дейт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) :

- Ар дайым Алла Тааланы зикир кыл! Анткени Алла Тааланы зикир кылуу тилеген тилегиңе жетүү үчүн жардам берет» - деп буюрат (Вакиди, II, 758).

Азирети Пайгамбарыбыз кошуунду Мединанын сыртында жайгашкан «Саниййатул-Вада» - деген жерге чейин коштоп, дуба кылып душмандарды көздөй жөнөтөт. Пайгамбарыбыз мусулмандарга азирети Харис өлтүрүлгөн жерге чейин барууларын, ал жердегилерди Исламга чакырууларын, мусулманчылыкты кабыл албаган учурда Алла Тааладан жардам сурап алар менен салгылашууларын буюурат.[188]

Ислам кошуунун жолго чыкканын уккан Шурахбил Византиянын колдоосу менен он түмөн (жүз миң кишилик) кол даярдоого жетишет. Ошол учурда христиан араптардан да он түмөн кол келип, Шурахбилге кошулат.[189]

Душмандардын өтө көп болгондугун Ислам кошууну Сирия аймагына киргенде гана угушат. Ошентип, мусулмандар бул оор кырдаал жөнүндө жыйын өткөзүшөт. Көпчүлүгү абалды азирети Пайгамбарыбызга билдирип, Андан келген буйрук боюнча аракет кылууну эп көрөт. Анткени эки колдун ортосунда кошуундун даярдыгы жагынан да, саны жагынан да кыйла айырма бар эле. Бул эки кошуунду салыштыруу мүмкүн эмес эле. Тарыхта мындай айырмачылык болгон эмес эле. Ошондуктан Алланын Элчисине жагдайды билдирмек болуп турганда азирети Абдуллах бин Раваха:

- Биз жолго эмне үчүн чыктык? Эмнеден коркуп жатабыз? Биз душмандар менен анын саны жагынан да, күчү жагынан да жогору болгону үчүн согушабызбы? Жок! Биз Алланын дини, Анын ыраазылыгы үчүн согушабыз. Эмне турабыз, бизди күтүп турган эки жакшылыктан бири болот: же шейиттик, же жеңиш! - дейт.

Ошентип, мусулмандар салгылашуу үчүн бир чечимге келишет.

Азирети Зайд бин Аркам (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Мен Абдуллах бин Раваханын колунда тарбия көрүп чоңойгон жетим элем. Ал Мута сапарына чыкканда мени да төөсүнө учкаштырып алган эле. Кечинде төмөнкү бейиттерди (ыр) окуганын уктум:

«Эй, төөм! Мени жүгүм менен кошо кумдактагы кудукка баргандан кийин төрт тыным жерге чейин алып барсаң, сени башка сапарга чыгарбайм! Сен ээсиз, эркин болосуң! Мен үй-бүлөмө кайтпай калдым окшойт! Кудай буюрса, шейит кетээриме үмүт кылам. Мусулмандар келишти, мени түбөлүккө бул жерде калуумду каалап Шам жергесине ташташты. Эми курмасы чыга элек, жамгыр суусу менен да сугарылбаган дарактар,

188. Ибн Саад, II, 128.

189. Ибн Хишам, III, 429

түбүнөн сугарылбай сууга канбаган курма дарактары да көңүлүмдө жок, мени кызыктырбайт!»

Бул ыр саптарын укканымда ичимен ыйладым. Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) мени камчысы менен түртүп:

- Ээ, чырагым! Алланын мага шейиттик насип кылышынын жана төөнө буюмдарыңды артып алып артка кайтууңдун сага кандай зыяны бар! Муну менен мен бул дүйнөнүн түйшүктөрүнөн кутулган болом! - деди.

Түн эле. Бир канча убакыттан кийин жерге жарык түштү. Азирети Абдуллах эки ирекет намаз окуду. Намаздан кийин көпкө дуба кылып отурду. Андан соң:

«Бул согушта Кудай буюрса, мага шейиттик насип болор!» - деди» (Ибн Хишам, III, 431-432; Вакиди, II, 759).

Ошентип, бир ууч Ислам кошууну Мута чөлкөмүнүн кыйырына келет. Жазыктын баш аягы кунан чабым. Кошуун токтогон эки аралык кыйкырса үн жеткидей. Обочодон тиктешип, обочодон кекенишет. Бирине-бири ыкыс беришчүдөй тиштенип кектүү, өчтүү. Азирети Зайд дароо душман тарапты көздөй чабуулга өттү. Ыйманга сугарылган жүрөктөр «Аллах» - дегенде жан аябастан согуш майданына бет алды. Согуш күч алган кезде Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) баатырларынан деп эсептелген, Меккелик алгачкы сегиз мусулмандын бири болгон, азыркы аскер башчы азирети Зайд (Алла ага ыраазы болсун!) туш тараптан келген жанчар, найзалардын курмандыгына айланып, шейит кетти.

Азирети Пайгамбарыбыздын буйругу менен тууну дароо азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун!) алды. Ал дагы каармандыгын көрсөтүп душмандардын арасына кирип барды. Кылыч менен эки колунан тең жарат алды. Алла Элчисинин туусун жерге түшүрбөө үчүн жарат алган колдору менен аны төшүнө жөлөп, жерге түшүрбөөгө бүт күчү менен аракет кылды. Көп өтпөй ал дагы Алла Тааланын жана Элчисинин сүйүүсүнө ээ болуп, шейит кетти.

Кезек азирети Абдуллах бин Равахага келген эле. Ал дагы ошондой күчтүү дем менен тууну колго алып душман тарапка бет алды. Напси алагды кылбасын деп жанындагыларга:

- Күбө болгула, Мединадагы болгон мал-мүлкүмдү «байтул-мал»га (мусулмандардын казынасына) таштадым! - деди.

Андан соң шейиттиктин шербетинен даам татканга чейин согуш майданында ал дагы өзүнүн эрдигин, тайманбастыгын көрсөттү. Азирети Абдуллах бин Раваха шейит кеткен соң али жаңы мусулман болгон, алгачкы жолу Ислам кошууну менен согушка чыккан Азирети Халид бин Валид (Алла ага ыраазы болсун!) тууну алды. Бир ууч сахаба менен чегирткенин үйүрү сыяктуу жамыраган душмандардын кошуунуна каршы катуу туруштук бере алды.

Бул учурда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мечиттин минбарында окуянын бардыгын сахабаларына айтып берип жаткан эле. Согуш майданы мечиттеги мусулмандардын көз алдынан өтүп жаткандай эле. Пайгамбарыбыз согуш майданында кезек кезеги менен шейит кеткен баатыр кол башчыларды эскерип, кайгырган абалда:

«Зайд бин Хариса тууну колуна алды. Шайтан дароо анын жанына келди. Жашоону, бул дүйнөнү ага жакшы, өлүмдү болсо жаман кылып көрсөттү. Зайд болсо:

- Бул учур мусулмандар жүрөгүндөгү ыйманын бекемдеп, курчута турган маал! Сен болсо мага дүйнөнү жакшы көрсөткүң келип турат! - деп, алдыны көздөй бет алды. Салгылаша баштады. Мына, шейит кетти. Ал үчүн Алладан кечирим тилегиле!» деп буюрат.

Андан соң сөзүн улайт:

«Ал азыр бейишке кирди, ал жерде (кубанчынан) жүгүрүп жүрөт! Андан соң тууну Жафар алды. Шайтан ошол замат анын жанына барды. Жашоону, дүйнөнү ага жакшы, өлүмдү болсо жаман кылып көрсөтүүгө аракет кылды. Жафар болсо:

- Бул учур мусулмандар жүрөгүндөгү ыйманын бекемдеп, курчута турган учур! Сен болсо мага дүйнөнү жакшы көрсөткүң келип турат! - деп, алдыны көздөй жылды. Душман тарапка чабуулга өтүп, салгылашып жатып шейит кетти. Мен анын шейит кеткенине күбөгө өтөм»

Анан:

«Боордошуңар үчүн Алладан кечирим сурагыла. Ал шейит болуп бейишке кирди. Азыр ал бейиште жакуттан жасалган эки канат менен каалаган жагына балкып учуп жүрөт» - деп буюрат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

«Жафардан соң тууну Абдуллах бин Раваха алды!» - деп унчукпай туруп калат. Ансарлар бир башкача болуп, ыңгайсыздана түшөт. Шектенишет. Азирети Абдуллах бин Раваханын Алла Таалага жана Анын Элчисине жакпаган бир иш кылганын ойлой башташат. Аныгында бул учурда Азирети Абдуллах тууну колго алып, бир жагынан аты менен душмандарды аралай жиреп кирсе, бир жагынан азгырык напсисин чөгөлөтүү үчүн жан үрөп жаткан эле.

- Эй, напсим! Мен сени өзүмө моюн сундурам деп ант ичтим. Сен буга өзүң ыраазы болуп баш ийесиң, же болбосо күч менен баш ийдирем! Сага бейиш анчейин деле жакпаганын көрүп турам! Сен дененин ичинде бир тамчы суу данекеден башка эмне элең? Эй, напсим! Сен азыр өлтүрүлбөсөң, өлбөймүн деп ойлоп турасыңбы? Эгер ошол эки адамдын кылганын кылып, шейиттикти тандасаң, туура кадам таштаган болосуң! Эгер кечигип калсаң шермендең чыгат!

Бул учурда бармагынан жараланган азирети Абдуллах атынан жерге түшүп, бармагын буту менен басып:

«Сен болгону канап жаткан бармаксың! Буга Алланын жолунда туш болуп олтурасың!» - деген маанидеги ырды окуп, колуна күч келтирип жаткан бармагын жулуп таштайт. Кайра айыгышкан майданга кирет. Ал бир тараптан душманга каршы кичине жихадды, экинчи жагынан напсисине каршы чоң жихадды улантып жаткан эле:

- Эй, напсим! Эгер күмөнүң, жубайыңан кол жууп калуудан улам болуп жатса, аны үч талак менен толук бошоттум. Эгер кулдарыңан улам болсо, аларды да азаттыкка чыгардым. Жок, эгер бакчаларыңан улам болуп жатса, аларды да Алланын жана Элчисине таштап, кайыр-садага кылдым.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) сөзүн улап:

«Абдуллах бин Раваха күч топтоду, колунда туу болгонуна карабай, душмандар менен салгылашып жатып шейит кетти. Арасат болуп бейишке кирди. Ал үчүн да Алладан кечирим тилегиле!» - деп буюрат.

Азирети Абдуллахтын (Алла ага ыраазы болсун!) бейишке арасат кириши ансарларга өтө оор келип:

- О, Алланын Элчиси! Эмне себептен мындай болду? - деп сурашат.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

- Ал жараланган кезде душман менен салгылашуудан тартынды. Андан кийин напсисин теске салып кыйнады, күчүн топтоду андан соң шейит болду! Бейишке кирди. Мага алардын бейиште алтын тактыларда отурганы көрсөтүлдү. Бул учурда Абдуллахтын тактысы досторунукунан бир аз төмөнүрөөк, ийри болгонун көрдүм. Себебин сураганымда:

«Абдуллах душмандар менен кармашууга баратып, анча-мынча арсар абалда болуп, андан соң салгылашууга барган эле!» - деген жооп келди» - дейт.

Ошентсе да, азирети Абдуллахтын шейит болуп бейишке кириши ансарларды сүйүндүрбөй койгон жок.

Алла Элчисинин кут төгүлгөн көзүнөн нур көз жашы мөлт-мөлт чертиле түшөт. Көз жашын тыя албай:

«Азыр тууну Алланын кылычтарынан бир кылыч колуна алды. Натыйжада Алла Таала баатырларга жеңиш ыроолоду» - дейт. (Бухарий, Магази, 44; Ахмед, V, 299; III, 113; Ибн Хишам, III, 433-436; Вакиди, II, 762; Ибн Саад, III, 46, 530; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, III, 237).



Андан соң Жаратканга көз жашын көлдөтүп алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Халид Сенин кылычтарыңан (бекем) кылыч. Ага Өзүң жардам бере көр!» - деп дуба кылат (Ахмед, V, 299).

1.27.2 Азирети Халид бин Валиддин согуш ыкмасы

Азирети Халид бин Валид күн батып кошуундар ордуларына чегингенге чейин Ислам кошуунун эң мыкты деңгээлде башкарып турат. Кечинде согуш ыкмасын толугу менен өзгөртөт. Оң жактагыларды солго, сол тараптагыларды оңго, аркадагыларды алдыга, алдыдагыларды артка жылдырат. Эртеси күнү эртең менен душмандар азирети Халиддин согуш ыкмасын көрүп тынчы кете баштайт. Маңдайындагы башка жүздөрдү көрүп, мусулмандарга кошумча дагы кошуун келгенин ойлоп бир топ түйшөлүшөт. Алланын кылычы атанган азирети Халид бин Валид душмандардын мындай тынчы кеткенинен туура пайдаланып, катуу сокку урат. Мындай чабуулду күтпөгөн душмандар эндирей түшүп, каптап келген ыйман селине туруштук бере алышпай, ыдырап кача башташат. Аргасыздан артка чегинүүгө мажбур болушат.

Бул күнү колунда тогуз кылыч сынган азирети Халид (Алла ага ыраазы болсун!) мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, душмандарга байкатпастан кошуунун артка тартат. Мындай аракет анын аскердик адистигин көрсөткөн экинчи кадамы болгон эле. Ошентип, эки кошуун тең майданды таштап, артка чегинишкен эле. Азирети Халид кошуунун кыргынга учуратпай Мединага алып келет. Жети күнгө чейин созулган согушта он төрт сахаба шейит кетет. Ал эми душмандардан да бир топ адам набыт болгон эле. Ошону менен бирге Ислам кошууну анча-мынча олжо да ала келишкен эле. (Вакиди, II, 764, 768; Ибн Саад, III, 407).

Азирети Пайгамбарыбыз мусулмандарга:

- Топтолгула, боордошторуңарды тозуп алгыла! - деп буюрат. Бардык мусулмандар топтолот. Алланын Элчиси төөсүнө минип баатырларды тозуп чыгууга шаардын кыйырына бет алат. Азирети Пайгамбарыбыз элдин аркасынан ээрчиген жаш балдардарды көрүп:

- Балдарды да төөлөрүңөргө учкаштырып алгыла! Жафардын уулун мага бергиле! - деп буюрат. Абдуллахты алып алдына отургузат (Ахмед, V, 299; Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 244).

Алланын Элчиси азирети Халиддин бул ыкмасына абдан ыраазы болот. Мединага кайтып келген мусулмандарды (окуяны толук түшүнбөгөндүктөн) «качкындар, коркоктор» - деп айткандарга Алланын Элчиси өзү:

- Алар Алланын жолунда согушуудан качкан жок. Алар душман тарапка кайра-кайра чабуул коюп салгылаша турган адамдар! - деп жооп берет (Ибн Хишам, III, 438; Вакиди, II, 765).

Анткени бул согушта саны жагынан өтө эле аз болгон кошуун менен алп кошуун кез келген эле. Алла Таала билдирген төмөндөгү кашкайган чындык жүзөгө ашкан эле:

«...Нечелеген бир ууч кошуун Алланын колдоосу менен көп сандагы кошуунду жеңип чыккан. Алла Таала сабыр кылгандар менен бирге!» (Бакара сүрөсү, 249-аят).

Мута согушу христиандар менен болгон алгачкы Ислам согушу эле. Мында үч миң кишилик ыйман кошууну жүз миң же эки жүз миң кишилик кошуунга туруштук берген эле.

1.28 МЕККЕНИН КОЛГО АЛЫНЫШЫ (20- Рамазан, 8-жыл/ 10-Январь, 630-жыл)

Мединалык мусулмандар менен Меккелик бутпарастардын ортосунда түзүлгөн Худайбия келишими боюнча, аталган тынчтык келишимдин убактысы он жыл эле. Ошентсе да, бутпарастар күн өткөн сайын Исламдын бүтүндөй Арап жарым аралына тездик менен жайылып, күч алышына кооптонуп жатышкан эле. Ошондуктан алар акырындык менен келишимдин беренелерин бузууга кадам шилтей башташат. Убакыт өткөн сайын ичтериндеги бугу, кызганычы артып ачыктан ачык эле келишимдеги беренелерди көзгө илбей калышат. Бул учурда Худайбия келишиминин түзүлгөнүнө 17-18 ай болуп калган эле. Меккелик бутпарастар өздөрүнүн карамагындагы Бакир уруусун мусулман Хузаа уруусуна каршы тукуруп, кол салдыртышат. Өздөрүнөн да айрым адамдар бу каргашалуу окуяга катышкандар болот.[190]

Бутпарастар Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) карамагындагы Хузаа уруусуна кол салганда намаз окуп жатышкан эле. Ошондуктан кээ бири башын саждага койгондо, кээ бири рукуда турганда, кээ бири кыямда туруп шейит кетишкен эле. Ал тургай Хузаа мусулмандары Харам аймагына баш калкаласа да, Курайш жана Бакир уруулары ал жердин харамдыгын (ыйыктыгын) эске албай колдорунан келишинче мусулмандарды кырып жиберишет. Суук кабар дароо Алла Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) жетет.[191]

Азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) суук кабарды алып келген азирети Амр бин Салимди угуп жатып, көз жашын тыя албай жашып кетет. Азирети Пайгамбарыбыз буга катуу өксүп, зээни кейийт. Ошентсе да, жанындагы жан дүйнөсү жараланган сахабасы Амр бин Салимды жубатып:

-Сен жардам болдуң, эй, Амр! - деп буюрат (Ибн Хишам, IV, 12; Вакиди, II, 784-785).

Алланын Элчиси ошого карабастан бутпарастар менен болгон келишимди эске алып, Хузаа уруусу боюнча Меккеликтерге алгач бир элчи жөнөтөт. Анткени алар Худайбия келишимине одоно кыянаттык кылышкан эле. Ошондуктан алар Хузаа уруусунан өлтүрүлгөндөрдүн кунун төлөшү, же Бакир уруусун карамагынан чыгарышы керек эле, же болбосо аталган эки сунушту тең кабыл албаса, Худайбия келишимине чекит коюу керек болучу.

190. Ибн Хишам, IV, 4; Байхаки, Далаил, V, 6;
191. Ибн Хишам, IV, 11; Вакиди, II, 783

Карамүртөз бутпарастар Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) сунуштарынын акыркысын, башкача айтканда, келишимди расмий түрдө токтотууну кабыл кылышат.[192] Бул мусулмандарды Меккеге согушка чакыруу дегендик эле.

Бутпарастар эс-учун жыйып, таштаган кадамдарына өкүнүп калышат. Ошентсе да, келишимге расмий түрдө чекит коюлган эле. Мындай курчуп турган кооптуу кырдаалды жөнгө салуу үчүн Курайш уруусунун башчысы Абу Суфян аргасыздан катуу бушайман болуп, Медина тарапка жол тартат. Абу Суфяндын келишимди жаңылоо максатында Меккеден аттанганын Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Алланын вахийи аркылуу сахабаларына ошол замат билдирет.[193] Бирок бул каргашалуу окуяга катуу кайгырып жаткан Мединалык мусулмандардан эч ким Абу Суфяндын сөзүн укпайт. Азирети Пайгамбарыбыздын жубайы азирети Умму Хабиба Абу Суфяндын кызы болсо да, үйүнө чейин келген атасы көрпөгө отурганы жатканда көрпөнү ала салат. Абу Суфян абдан таң калып:

-Кызым, көрпөнү мага ылайык көргөн жоксуңбу? - дейт.

Бирок Умму Хабиба:

-Жок, Алла Таала мени Ислам дини менен чыныгы бакытка жеткизди - деп ыймандын бүт нерседен жогору тураарын айтат (Ибн Хишам, IV, 12-13).

Алланын Элчисинен жана сахабалардан көргөн мындай жоопко эч нерсе дей албай Мекке тарапты көздөй кайтууга туура келет. Ошентип, Абу Суфян Меккеге келип келишимди кайрадан түзүү мүмкүн болбой турганын айтып:

«Мен жүрөктөрү бир жүрөктө болгон элден келатам. Валлахи, мен үмүт кылган кары-жаш, эркек-аялдардын баарысы менен сүйлөштүм. Тилекке каршы, эч кандай оң майнап чыккан жок!» - дейт (Абдураззак, V, 375).

Ошентип, Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларына жүрүшкө даярдык көрүүлөрүн буюрат. Жакын арада жашаган мусулмандарды Мединага чакырып, ал эми алыс жерлерде отурукташкан мусулмандарга жолдо даярданып күтүп турууларын айтат. Пайгамбарыбыз өтө жашыруун түрдө аракет кылат. Душмандар мусулмандардын Мединадагы жашыруун иш-аракеттеринен күмөн санабоолору үчүн Сирия тарапка бир тайпасын жөнөткөн Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ар тарапка кылдат көзөмөл жүргүзүп жаткан эле. Ал Жараткан Алланын жардамы менен чоң жеңишке кан төкпөстөн жетүүнү жан көңүлдөн каалап жаткан эле. Пайгамбарыбыз мындай ары бийик, ары таза максатты жүзөгө ашыруу үчүн стратегиялык ыкмаларын түзүп чыгат.

Алгач Пайгамбарыбыз сахабаларына жүрүш жасоо үчүн буйрук берсе да, кай жакка бара турганын жашырып, ниетин эч кимге айткан эмес эле.[194] Ал тургай эң жакын досу, сырдашы азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) да Меккеге бара турганын билген эмес эле. Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) кызы азирети Аишадан кай жакка бараарын сураганда:

192. Вакиди, II, 787
193. Ибн Хишам, IV, 12
194. Ибн Саад, II, 134

-Билбейм. Балким Сулайм уруусуна, балким Сакифтерге же болбосо Хазафиндерге барышыңар мүмкүн! - деп жооп берген эле (Ибн Хишам, IV, 14).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Меккеликтердин согушка даярдык көрбөөлөрү жана жеңишке тынчтык жолу менен жетүү үчүн Меккеге эч бир тыңчынын кабар жеткирүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эмес эле. Азирети Пайгамбарыбыз ар тарапты көзөмөлгө алган соң Алла Таалага төмөнкүчө дуба кылган эле:

«Оо, Жараткан Алла! Аймагына жашыруун жана күтүүсүздөн барганга чейин, Курайш уруусунун тыңчыларына Өзүң ээ чыгып, аларга эч нерсени көрсөтө да, угуза да көрбө... Курайш уруусунун көзүн байлап койо көр, мени күтүүсүздөн маңдайынан чыга келгенде гана көрүшсүн» (Ибн Хишам, IV, 14)

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Мединадан жолго чыкканда да Курайштарга шек алдырбоо үчүн чет жакалардагы урууларга кайрылып, айлампа түрүндө жол жүрүп максатын билгизбейт. Меккеге жакындап калганда ар тарапка от жактырып, бутпарастарды коркутуу да негизги максаттын жүзөгө ашышына чоң көмөк болот.[195]

Пайгамбарыбыз «Зулхулайфа» - деген жерге келгенде да ихрамга кирбей сапардын багытын жашырган эле.[196] Алланын Элчиси жетишээрлик ал-күчкө ээ болгон соң да күчүн адамдарды өлтүрүп, жерин тартып алуу үчүн эмес, элдин көңүлүн Аллага жакындатуу, чыныгы бакытка, туура жолго үндөө үчүн колдонгон. Себеби Ал бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары жана адал жолдун улуу жол башычысы болуп жөнөтүлгөн пайгамбар эле.

Алла Таала мындай дейт:

«Аларды (мусулмандарды) эгер Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук окушат, зекетти тийиштүү жерлерге толук беришет, элди жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарышат. (Бардык) иштердин акыбети Аллага гана таандык!» (Хаж сүрөсү, 41-аят)

Сахабалардан Бадр согушуна катышкан Хатиб бин Абу Белтаа жагдай жөнүндө кат жазып, бир аял аркылуу Меккеге жөнөтөт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) муну Алланын вахийи аркылуу билип, катты алып бараткан аялдын кай жерде экенин айтып, Азирети Али, Зубай жана Микдатка (Алла аларга ыраазы болсун!) аялды алып келишин буюрат. Баягы аял Пайгамбарыбыз айткан жерден колго түшөт. Андагы кат Пайгамбарыбызга кайтарылат. Катта төмөнкүчө жазылган эле:

«Эй, Курайш! Алланын Элчиси силерге өтө чоң кошууну менен баратат. Бул кошуун түндүн коюу караңгылыгы сымал сел сыяктуу агып кирип барат. Аллага ант берем! Алланын Элчиси силерге өзү жалгыз барса да, Алла Таала аны үстөм кылып, убадасын орундатат. Азыртадан ойлонгула!» (Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 278)

195. Хамидуллах, I, 264-265

196. Наби Бозкурт, ДИА, Мекке, XXVII, 557

Чындыгында бул кат чындыкка каршы да, кыянаттык да эмес эле. Ошентсе да, жашыруун сыр душманга билдирилип жаткан эле. Ошондуктан Азирети Пайгамбарыбыз Хатибди чакырып:

-Эй, Хатиб! Эмне үчүн мындай кадамга бардың? - деп сурайт:

Анда Хатиб:

-О, Алланын Элчиси! Жаныңыздагы мухажирлердин Меккеде үй-бүлөсүн, мал-мүлкүн коргой турган туугандары, жакындары бар. А менин эч бир жакыным жок. Мен бул кат менен алардын көңүлүнөн түнөк таап, үй-бүлөмдү, бала-бакырамды коргогум келди. Валлахи, мен алардын тыңчысы эмесмин. Мен бул ишке динимден кайтуу үчүн барганым жок. Мусулман болгон соң мен эч качан каапырдыкка ыраазы болбойм. Валлахи, менин Алла Таала жана Анын Элчисине болгон ишенимим бекем. Эч качан динимди алмаштырбайм... - деп катуу бушайман болот.

Анда Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

«Хатиб өзүн жакшы коргоду» - деп күнөөсүн кечирет.

Алланын Элчиси Хатибдин башын алып салгысы келген азирети Умарга Жараткандын Бадр согушуна катышкандардын каталарын кечиргенин эскертип, мындай дейт:

«Хатиб Бадр жүрүшүнө катышкан. Кайдан билесиң, балким Алла Таала Бадр баатырларынын абалын түшүнүп «каалаганыңарды кылгыла, силерди кечирдим!» - дегендир» (Бухарий, Магази, 9; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 161).

Алланын Элчиси ошол маалда түшүрүлгөн төмөнкү аяттарда Алланын душмандары менен достук курбоо керектигин бардык мусулмандарга мындайча буюрат:

«Эй, момундар! Менин да, силердин да душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук (тууралуу кат-кабар) жибересиңер. Акыйкатта, алар силерге келген Чыныгы (динге ишенбей) каапыр болушкан. Алар пайгамбарды да, силерди да Жараткан Аллага ыйман келтиргениңер үчүн (өз мекениңерден) айдап чыгышкан! Эгер силер менин жолумда жихад кылуу үчүн Менин ыраазылыгымды каалап чыккан болсоңор, (ал учурда бутпарастарды дос тупагыла.) Силер алар менен жашыруун достук кылуудасыңар! Чындыгында Мен силер жашырган нерсени да, ачыкка чыгарган нерсени да абдан жакшы билем! Силерден ким ушул ишти кылса, демек, ал туура жолдон азган болот. Эгер алар (бутпарастар) силерди жеңсе, анда алар силерге душман болушат. Силерге жамандык менен колдорун жана тилдерин сунат (жамандайт, ушактайт, шылдыңдайт).

(Кыямат күнү) силерге тууган-уругуңар да, бала-чакаңар да эч кандай пайда бербейт! Кыямат күнүндө (Алла Таала) бири-бириңерден ажыратып (бөлүп) коет. Алла Таала силердин эмне кылганыңарды көрүп турат!» (Мумтахана сүрөсү, 1-3-аяттар).

Алла Таала бул аяттары менен мусулмандарга бала-чакасы, мал-мүлкү сыяктуу байлыктары үчүн каапырлар менен достук курууга тыюу салган эле. Азирети Нух (алейхис-салаам) пайгамбардын уулу Канан ыйманга келбегендиги үчүн топон сууга чөгүп кеткен эле. Ошондой эле Лут пайгамбардын аялы да каапырлар менен байланыш түзүп жүргөндүктөн, ал дагы каапыр болуп Жараткан Алла Тааланын каарына калган эле.

Ошондуктан алардын пайгамбар менен дүйнөдөгү жакындыгы эч кандай баага арзыбай калган эле.

❖

Улуу көчтүн сегизинчи жылы Рамазан айынын онунда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) он миң кишилик ыйман кошууну менен Мединадан жолго чыгат. Пайгамбарыбыз жихадка даярданып чыккандыктан жолдо баратып өзү алгач оозун ачып, андан соң сахабаларына да ооздорун ачууларын буюрат.[197]

«Жухфа» - деген жерге барганда азирети Аббас менен жолугушат. Азирети Аббас (Алла ага ыраазы болсун!) буга чейин эле ыйманга келип, мусулманчылыгын бутпарастардан жашырып, Меккеде жашап Курайштардын ал-абалын Пайгамбарыбызга билдирип жүргөн эле. Мекке шаарында жашап калуу себептеринен бири, милдетиндеги ажыларга суу таратуу озуйпасын аткаруусу болгон. Акырында убакыттын келип жеткенин ойлоп, Мединага көчүп баруу үчүн үй-бүлөсү менен жолго чыккан эле.[198] Буга аябай сүйүнгөн Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) :

«Мен пайгамбарлардын акыркысы болгонумдай эле, сен да мухажирлердин акыркысы болдуң!» - деген экен (Али аль-Муттаки, XI, 699/33387).

Мекке тарапты көздөй багытталган бул жүрүштө бүтүндөй адам баласына сабак боло турган үлгүлүү окуя болот. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кошууну менен Меккени көздөй сел сыяктуу агып бараткан эле. Арапстандын төрт тарабынан келип жаңы мусулман болгон уруулар топ-тобу менен Ислам кошуунуна кошулуп жатышкан эле. Бүткүл ааламдын Мырзасы атанган Азирети Пайгамбарыбыз кошууну менен Арж аймагынан жылып Талубду көздөй жол арбытып бара жаткан жолдо күчүктөрүн эмизип жаткан бир итти көрөт да, дароо сахабаларынан Жуайл бин Сураканы чакырып, аны бул иттин жанына күзөтчү кылып дайындайт. Ага Ислам кошууну эне иттин тынчын албоосу керектигин айтат.[199]

Мына, адамдык бийик сапат! Мына, чыныгы адамгерчилик! Мына, боорукерлик! Мына, ырайымдуулуктун Пайгамбары! Адамзат тарыхында мындай көрүнүш болду бекен?!

Алланын Элчиси Меккенин колго алынышы сыяктуу тарыхый жактан өтө зор маниге ээ болгон окуя учурунда дагы сырттан караганда жөнөкөй, бирок чындыгында өтө терең маани-маңыздуу иш менен алек болуп, өзүн эне ит менен күчүктөрүнө карата да жооптуу деп сезген эле. Ошондуктан бул окуядан ала турган дагы бир сабак, эл башкарган орундарга ээ болгон адамдар да майда нерселерге чейин жоопкерчиликтүү болгондуктарын билип, ошого жараша кадам таштоолору зарыл.

❖

Бул учурда Мекке бутпарастары эч нерседен кабары жок эле. Ислам кошууну Меккеге бир тынымдык аралыктагы Марруз-Захран аймагына тыным жасаганынан кабар алышат.

197. Бухарий, Магази, 47
198. Ибн Хишам, IV, 18
199. Вакиди, II, 804

Алла Элчисинин буйругу менен ар тайпанын ар тарапка от коюусунан пайда болгон бир башкача түрү суук көрүнүштү көргөндө бутпарастар эмне кыларын билбей калышат.

Абу Суфян жан жөөкөрлөрүнөн Хаким бин Хизам жана Будайл менен Меккенин айланасын көзөмөлдөп келүү үчүн Меккеден чыгышкан эле. Ислам кошууну тарабынан жагылган миңдеген отту көрүп абдан таң калышат. Булар кайсы элге же урууга таандык болгондугун болжолдошот. Бирок ал жерге тыным жасагандар Пайгамбарыбыз жана анын сахабалары деп эч ойлошкон эмес эле. Мекке курчоого алынып калгандыктан, сахабалар Абу Суфянды жан жөөкөрлөрү менен колго түшүрүп Пайгамбарыбызга алып келишет.[200]

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) Абу Суфяндын өлтүрүлүшү үчүн Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи ва саллам) уруксат сурайт. Ал эми абасы азирети Аббас (Алла ага ыраазы болсун!) анын кечирилишин суранат. Согуш ыкмасын эң мыкты жүзөгө ашырган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) абасына:

- Абу Суфянды кошуун өтө турган жерге алып бар! Ислам кошуунунун мыкты даярдыгын көрсүн! - деп буюрат.

Бул анын «Абу Суфянды бутпарастардын мусулмандарга каршы согуш жарыялоосуна тоскоол болсун» - деген максаты эле. Ошентип, бутпарастар каршылык көрсөтпөгөн соң кан да төгүлбөйт эле.

Азирети Аббас Абу Суфянды Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)

айткан жерге алып барат. Бул учурда Ислам кошууну акырындап Мекке тарапты көздөй жыла башташкан эле. Ыйманга толо жүрөктөрдөн ашып ташкан «Аллаху акбар» «Жараткан Алла Улук!» - деген жаңырык Аршка чейин жетип жаткан эле.

Абу Суфян Ислам кошуунун көрүп, көргөн көзүнө ишене албай селейет. Алла Элчисинин он миң жоокери өтүп баратканда абдан таң калганын жашыра албай:

- Эй, Аббас! Бир тууганыңдын уулу бийлигин жакшы эле кеңейтиптир!... - дейт.

Азирети Аббас (Алла ага ыраазы болсун!) сөздү кесип:

- Жок, бул бийлик эмес, пайгамбарлык!... - дейт.

Абу Суфян:

- Ооба, ооба! - деп сөзүн оңдойт (Бухарий, Магази, 48; Хайсами, VI,164; Ибн Саад, II, 135; Ибн Асир, аль-Камил, II, 242).

Андан соң ал жерден азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам)

жанына келишет. Азирети Пайгамбарыбыз:

- Эй, Абу Суфян! Дале «Лаа илааха иллаллах» - дей турган убактың келген жокпу? - деп сурайт.

Абу Суфян бир аз ойлонуп туруп, келме келтирет. Бирок бул учурда Азирети Пайгамбарыбыздын пайгамбарлыгын тастыктаган сөзүн айткан эмес эле. Азирети Пайгамбарыбыз кайра суроо салат:

200. Бухарий, Магази, 48

«Менин Алланын Элчиси экендигимди айта турган убактың келбедиби?»

Абу Суфян бул суроого жооп берүү үчүн бир аз убакыт сураса да, азирети Аббастын эскертүүсү менен келмени толугу менен айтат. Ошентип, Алланын Элчиси аны алкышка алып, жүрөгүн Исламга жылытуу үчүн Мекке элинини коопсуздукта боло турган жерлерин эскерип жатып, Абу Суфяндын үйүн да айтып:



-Ким Харам мечитине (Каабага) кирсе, ал коопсуздукта болот. Кимде-ким үйүнөн сыртка чыкпаса, ал да коопсуздукта болот. Кимде-кии Абу Суфяндын үйүнө баш калкаласа, ал да коопсуздукта болот! – дейт. (Абу Давуд, Хараж, 24-25/3021-3022; Хайсами, VI, 164-66; Ибн Хишам, IV, 22)

Эркин кое берилген Абу Суфян Меккеге бараткан кезде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларга кайрылып:

-Силерге каршы чабуул болмоюн эч бир жанга кылыч сунбагыла! (Ибн Хишам, IV, 28) - дейт.

Андан соң Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) төрт тайпага бөлгөн Ислам кошуунуна Меккени көздөй бет алууга буйрук. Ошентип, Мекке шаары төрт тараптан Жараткандыулуктаган жаңырыктар менен шаңга бөлөнөт.

Мындан сегиз жыл мурун эки төө, үч киши болуп Меккеден кайгы-муңга баткан абалда журт которгон Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бүгүн Жараткан Алланын ырайымы менен он миң кишилик кошууну менен куттуу жайга кирип бара жаткан эле. Ал күнү өз ата-журтунан куулуп чыгарылган адам бүгүн өз мекенин колго алган улуу кол башчы эле. Бирок Ал муну менен эч бой көтөрбөй, төөсүнүн желкесине башын коюп сажда калыбында, мына ушундай улуу жеңишти ыроолоп берген Алла Таалага шүкүр келтирип Меккеге кирип келаткан эле. Башын Жараткан Алланын алдында ийген кезде сакалынын учтары төөсүнүн семерине тийип турган эле. Бул учурда кайра кайра:

«Аллахумма лаа айша иллаа айшуль-аахиро»

«Оо, Жараткан Алла! (Чыныгы) Жашоо – албетте, акыреттеги жашоо!» - деп кайталап жаткан эле (Вакиди, II, 824; Бухарий, Рикак, 1).

Ар дайым Алла Элчисинен үлгү алып, анын куттуу сүннөт жолу менен жашоого жан үрөгөн кутман сахабалар да улуу Пайгамбардын артында адеп менен Жаратканга чексиз шүгүр келтирип, кирип келе жатышкан эле.

Бул жүрүштө Ислам кошууну негизинен эч бир кошуун менен кагылышкан эмес эле. Бул багытта Абу Суфянга жасалган ыкманын берекеси менен, анын Меккеликтердин мусулмандарга каршы чыкпоолору үчүн айткан сөздөрү кыйла оң натыйжа берип, эч ким Ислам кошуунуна каршы чыгууга чамасы жетпейт. Болгону азирети Халид бин Валиддин Меккеге кирген жеринде бир аз кагылышуу болуп, ал тез эле бүтөт.

Ошентип Алланын Элчиси Фатх сүрөөсүн окуп, сахабалар менен бирге Каабаны көздөй бет алат. Төөсүнөн түшпөй туруп Каабаны таваф кылган соң:

«Акыйкат келди, жалган кетти!» (Исра сүрөсү, 81-аят) – деген маанидеги аятты окуп, колундагы таяк менен Каабадагы айкелдерди түшүрө баштайт (Бухарий, Магази, 48; Муслим, Жихад, 87; Вакиди, II, 831-832).

Курайш уруусу Харам мечитине чогулуп, өздөрү жөнүндө бериле турган өкүмдү күтүп турушкан эле. Алланын Элчиси ошол жердегилерге гана эмес, бүтүндөй адамзаты үчүн арналган төмөнкү кутпасын айтат:

«Алладан башка кудай жок. Жалгыз гана Жараткан Алла бар. Анын эч бир шериги жок. Алла Таала убадасына бекем туруп, кулуна жардам берип, бардык душмандарыбызды чачыратты. Каабанын кызматы жана ажыларга суу таркатуу ишинен башка бардык мурунку адаттар, мал-мүлккө жана канга байланышкан дооматтар бүгүн менин таман алдымда калды!

Эй, Курайш уруусу!

Алла Таала силерден караңгы доордогу текеберлигиңерди, ата-бабаларыңар

менен мактанып бой көтөргөнүңөрдү жок кылды. Бүтүндөй адамзаты Адам атадан тараган. Ал эми Адам ата болсо, топурактан жаралган.

Андан соң Азирети Пайгамбарыбыз мына бул аятты окуйт:

«Эй, адамдар! Чындыгында, Биз силерди бир эркек (Адам) жана бир аял (Хаввадан) жараттык. Бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн силерди урууларга жана ар түрдүү элдерге бөлдүк. Алла Тааланын алдында силердин эң ардактууңар - такыбааңар. Албетте, Алла Таала - (баарын) Билүүчү жана (баарынан) Кабардар» (Хужурат сүрөсү, 13-аят) (Ибн Мажа, Дияат, 5; Ахмед, II,11; Тирмизи, Тафсир, 49/3270)

Эми ыйык Мекке шаары Худайбиянын сүйүнчүсү катары кечирим, тынчтык, коопсуздук жана Алланын адал жолу менен өз ээлерине кучагын ачкан эле. Бул учурда миң түркүн зордук-зомбулукка, азап-тозокко толо Мекке сагынычы акыркы чегине жетип калган эле. Узак жылдардын кайгысы кубанычка айланган эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) бир жагынан мына ушундай кубанычты тартуулаган Алла Таалага шүгүр келтирип, бир жагынан адамзат тарыхы али күбө болбогон мээримдүүлүктүн үлгүсүн көсөтүү үчүн Мекке элине кайрылып:

- Эй, Курайш эли! Азыр силерге кандай өкүм чыгарышымды күтүп турасыңар? - деп сурайт.

Курайш эли:

- Биз Сенин жакшылык кыла турганыңды гана үмүт кылабыз. Сен биздин айкөл боордошубузсуң! Сен биздин кең пейил тууганыбыздын уулусуң!... - дешет.

Анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Мен да силерге азирети Юсуфтун бир туугандарына айтканы сыяктуу:

«...Бүгүн силер айыпталбайсыңар. Алла Таала силерди кечирээр. Ал – ырайымдуулардын эң Ырайымдуусу» (Юсуф сүрөсү, 92-аят) - демекчимин. Анда эмесе, бара берсеңер болот, эркинсиңер! - дейт.

Ошентип, жеңиштен мурун бир топ мусулмандын убалына калып, мал-мүлкүнө кол салып, жанын кыйган адамдар дагы туура, адал жолго келишкен эле. Алла Таала Курайш бутпарастарын да Элчисинин колуна түшүрүп баш ийдирген эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) аларды кечирип, эркин кое берген эле. Ошондуктан Меккеликтер «тулака» - «эркин кое берилгендер» - деп аталып калышкан эле.[201]

Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын «бүткүл адамзаты ыйманга келип, мусулманчылыкты кабыл алса!» - деген гана көксөөсү болгон. азирети Пайгамбарыбыз зор күч-кубатка ээ болуп турган чакта Меккени колго алган соң өз убагында ага кордуктун түрүн көрсөткөн адамдардан өч алса болмок. Бирок Ал мындай кадамга барган жок. Анткени Ал ырайымдуулуктун Пайгамбары эле.

Узак жылдар бою зордук-зомбулук, душмандык, кастыктан башканы көрбөй келген Мекке эли ошол күндүн кечирим майрамы менен бир башкача шаңга, береке-кутка, сүйүүгө, мээримдүүлүккө бөлөнүп турган эле. Бирок ушундай шаңга көлөкө түшүрүү үчүн Фадала аттуу бир адам азирети Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи ва саллам) өлтүрүү үчүн анын жанына келет. Анын мындай кара ниетин баамдаган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Фадалага эч шек билдирбей жылуу жумшак гана:

- Сен Фадаласыңбы? - деп сурайт.

- Ооба! - дейт. Анда Алланын Элчиси:

- Эй, Фадала! Оюндагы нерселер үчүн Жаратканга тооба кылып кечирим сура! – дейт да, кут төгүлгөн колун Фадаланын көкүрөгүнө коет. Ошол замат оюндагы кара ниети жоголгон Фадаланын жүрөгү ийге келип, көөдөнүн ыйман нуру уялап, анын көз алдында Пайгамбарыбыз адамзатынын эң сүйүктүүсүнө айланат. (Ибн Хишам, IV, 37; Ибн Касир, ас-Сира, III, 583).

Абу Суфян бин Харб Каабада отуруп ойлонуп жаткан эле. Азирети Пайгамбарыбыз алдыда, мусулмандар Анын аркасынан түшүп, басып келе жатканын көрүп:

«Мухаммадга каршы кол топтоп, аны менен дагы бир жолу согушсам кандай болот, эмне кылсам экен?» - деп ойго батып кетет. Ошол кезде Алланын Элчиси Абу Суфяндын жанына келип:

- Андай болсо, Алла Таала сени кор кылат! - деп буюрат. Абу Суфян башын көтөрүп Алланын Элчисин селейип карайт да:

201. Ибн Хишам, IV, 32; Вакиди, II, 835; Ибн Саад, II,142-143

- Ушул күнгө чейин Сенин пайгамбар экендигиңе толук ынанбадым эле. Ичимден ойлогон кара ниетим үчүн Жараткан Аллага тооба кылып, Андан кечирим сурайм! – деп аябай бушайман болот (Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 296).

Ухуд казатында азирети Пайгамбарыбыздын абасы азирети Хамзанын көкүрөгүн жарып, мыкаачылык менен боорун чайнаган Хинд да Мекке колго алынган күнү ыйманга келип, улуу кечиримге бөлөнөт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) улуу келменин урматы үчүн аны да кечирип жиберген эле.[202]

Хаббар бин Асвад да Ислам душмандарынын эң алдыңкыларынан эле. Ал Меккеден Мединага көчүп келатканда азирети Пайгамбарыбыздын кызы Зейнепке найзасын ыргытып, төө үстүнөн менен жерге сулатып түшүргөн эле. Ошондуктан азирети Зейнеб боюндагы баласын түшүрүп, катуу жарат алган эле. Бул жарат кийин Зейнептин өлүмүнө себепкер болгон эле. Хаббар мындай иштин далайын жасаган эле. Мекке мусулмандардын колуна өткөн соң ал дагы качып кетет. Алланын Элчиси Мединада сахабалары менен отурган кезде өзү келип, мусулман болгондугун айтат. Азирети Пайгамбарыбыз аны да кечирип жиберет. Мусулмандарга ага акаарат келтирип, кордоого тыюу салат.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) - жандуу Куран эле. Курандын ахлагы анда толугу менен чагылышып тураар эле. Ал өзүнө жасалган күнөөлөрдү эч ойлобой дароо кечире турган. Ал эми жалпыга жасалган күнөөлөр үчүн акысы кайра артка кайтарылмайын Аны эч ким токтото албас эле.

Меккеде баа жеткис мындай улуу кечирим менен бирге кээ бир ийге келбеген кыянатчыл бутпарастардын жалпы үммөттүн тынчтыгы, бейпилдиги үчүн кай жерде болсо да өлтүрүлүшү жөнүндө Пайгамбардын буйругу чыккан эле.[203] Ошондой эле Меккеден олжо катары эч нерсе алынган эмес эле.[204]

Мекке шаары толугу менен колго алынган соң азирети Пайгамбарыбыз Ислам кошуунунун муктаждыктарын каржылоо үчүн Меккенин байларынан карызга акча, соот кийимдерди алат. Кийин Хавазин уруусуна жасалган жүрүштөн соң меккелик байлардын бул карыздарын хавазиндерден түшкөн олжодон бардыгын кайтарып, төлөп берет да:

- Карыз үчүн ырахмат айтуу жана аны кайтарып төлөп берүү керек! - дейт (Вакиди, II, 863; Абу Давуд, Бую, 88/3562; Муватта, Никах, 44).

1.28.1 Меккеликтердин анты

Бешим намазын окуган соң Алланын Элчиси Сафа дөңсөсүнө чыгат. Алгач эркектер мусулманчылык жана жихад үчүн азирети Пайгамбарыбызга ант беришет. Андан соң аял кишилер келип ант беришет.[205] Аялдардын анты жөнүндө Алла Таала Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) төмөндөгү аятын түшүрөт:

202. Вакиди, II, 850
203. Абу Давуд, Жихад, 117/2683; Насаи, Тахримуд-Дам, 14
204. Абу Давуд, Хараж, 24-25/3023.
205. Ахмед, III, 415; Бухарий, Магази, 53

«Эй, пайгамбар! Эгер сага момун аялдар келип, Аллага бөлөк бирөөнү теңебөөгө (шерик кошпоого), уурулук кылбоого, бузукулукка барбоого, өз балдарын өлтүрбөөгө, «өз колу-буттарыбыздын алдында болду» (б.а., төрөлгөн баласы башкадан болсо, «күйөөмдүкү» - деп калп айтпасын) - деп жалган жалаа жаппоого жана жакшылык иштерде сага каршы чыкпоого ант беришсе, анда алардын антын кабыл ал! Алар үчүн Алладан кечирим сура! Албетте, Алла Таала – Кечиримдүү, Боорукер!» (Мумтахана сүрөсү, 12-аят).

Аялдар Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) колун кармап эмес, ичинде суусу бар чөйчөккө Пайгамбарыбыз колун салган соң, алар да колдорун салып, ант беришкен эле. Алланын Элчиси эч качан аял кишилерге колун карматып, ант бердирген эмес.

Мекке колго алынган күнү болгон төмөндөгү окуя сахабалардын жан дүйнөлөрүнүн кеңдигин, алардын улуулугун айдан ачык айгинелеп турат:

Алланын Элчиси Харам Мечитинде (Каабада) отурган эле. Азирети Абу Бакир атасы Абу Кухафаны Пайгамбарыбызга алып келет. Алланын Элчиси бир топ улгайып калган Абу Кухафаны көрүп, боору ооруп:

- Эй, Абу Бакир! Улгайган атаңы бул жерге чейин алып келип, кыйнабай эле койсоң болмок. Анын алдына мен өзүм барсам болмок! - дейт.

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) :

- О, Алланын Элчиси! Анын Сага келгени Сенин ага барышыңдан алда канча артык! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Абу Кухафаны маңдайына отургузуп, куттуу колун көкүрөгүнө коюп:

- Абу Кухафа! Мусулман бол, бакытка жетесиң! - дейт. Ошентип азирети Абу Бакирдин атасы мусулман болуп, чын ыкластан келме келтирет. (Ибн Саад, V, 451)

Азирети Абу Кухафа (Алла ага ыраазы болсун!) ант берүү үчүн бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) куттуу колуна кол сунуп жаткан кезде азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) өзүн кармай албай, жашып ыйлап кирет. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) таң калып, эмне себептен ыйлап жатканын сурайт. Анда азирети Абу Бакир үнү дирилдеп:

- О, Алланын Элчиси! Сага ант берүү үчүн сунулган мына бул кол менин атамдын эмес, Сенин абаң Абу Талибдин колу болсо, кана! Алла Таала менин ордума Сени сүйүндүргөндө, билбейм, кандай гана кубанычка бөлөнөөр элем?! Анткени Сен аны аябай жакшы көрөөр элең! – деген эле (Хайсами, IV, 174).

Мына, бүткүл ааламдын сыймыгы болгон Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) болгон аруу сүйүү! Мына, Алланын Элчисине болгон таазим, урмат-сый! Мына, Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөт жолу менен жашоонун улуулугу! Жеке адам баласын гана эмес, ал тургай периштелерди да суктандырган бул көрүнүш адамзат тарыхында канча жолу жүзөгө ашты болду экен?!

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) улуу жеңиштен кийин Мекке шаарында он беш күн турат. Бул учурда ансарлардан айрым сахабалар Алланын Элчисин «мындан кийин Мединага барбай калды го» - деп ойлогон эле. Анткени Алла Таала Ага киндик каны тамган куттуу ыйык жерин кайра өз колуна өткөрүп берген эле. Сафа дөңсөсүндө дуба кылып жаткан Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ансар сахабаларынын бул тынчсызданууларын сезет. Дуба кылып болгон соң ансарларга келип:

- Эмне жөнүндө сүйлөшүп жатасыңар? - деп сурайт.

Ансарлар жүрөктөрүн өйүп жаткан маселесин айтышат. Анда азирети Пайгамбарыбыз оопалуулуктун теңдешсиз үлгүсүн көрсөтүп, мындай дейт:

- Эй, ансарлар! Мындай кадамга баруудан Жараткан Аллага баш калкалайм! Мен силердин жериңерге көчүп бардым. Менин жашоом - силердин жашооңор! Мен көз жумганга чейин силердин жаныңардан чыкпаймын!

Ошентип, жүрөктөрү өйүп турган ансарлар кубанычтары койнуна батпай аябай сүйүнүшөт. (Муслим, Жихад, 84, 86; Ахмед, II, 538).

1.28.2 Хунайн казаты (11-шавваль 8-жыл/ 1-февраль, 630-жыл)

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Мекке колго алынгандан кийин Каабадагы айкелдерди талкалоо менен гана чектелбей кыйырдагы жансыз таштардын да күлүн асманга сапыруу үчүн өзүнчө кол топтоп жөнөткөн эле. Ал муну менен тавхид ишеними үчүн улуу согушту баштап жаткан эле. Бирок Хунайн аймагында жашаган Хавазин уруусу менен Таиф жергесиндеги Сакиф уруусу муну кабыл ала албай, мусулмандарга каршы чабуул коюу үчүн бир чечимге келишет. Ошентип, бул максаттарына жетүү үчүн эки уруу биригип кошуун курашат. Согушка өлүмдөн кийин ала кетчүдөй мал-мүлкүнүн баарын өздөрү менен кошо ала чыгышат.[206]

Алардын бул аракетинен кабар алган Алланын Элчиси кошуунуна Меккеден эки миң кишилик колду кошуп жолго чыгат. Бул жолку Ислам кошуунунда нечелеген жылдар бою бутпарастардын туусу алдында мусулмандарга каршы согушуп, зыян келтирген Абу Суфян да бар эле. Азыр ал Ислам үчүн салгылашканы бараткан эле. Бул согушка Меккелик сексенге жакын бутпарас да кошуунга кошулган эле.[207]

Ислам кошууну ар тараптан мыкты даярдык көргөн эле. Бир башкача толкун менен Хунайн тарапты көздөй агып бараткан эле. Элдин баары бүгүнкү күнгө чейин мындай даярдыгы мыкты чоң кошуунду Арапстандан көрбөгөнүн айтып жатышкан эле. Ушунун өзү кутман сахабалардын демине дем кошуп, бир саамга болсо да өздөрүнө ишенип бой көтөрүүлөрүнө себеп болот.

«Мындай кошуун эч качан жеңилбейт!» - деп душман тарапты төмөн көрө башташат. Мына ушул көз ачып жумганчалык текеберлик мусулмандардын Алланын сыноосуна туш болуусуна себепкер болот.

206. Ибн Хишам, IV, 65; Ибн Саад, II, 150

207. Ибн Хишам, IV, 68; Вакиди, II, 890

Ислам кошуунунун алдыда бараткан жоокерлери Хунайнга кирген тар жолдо жайбаракат өздөрүнө ишенип, эч нерседен кабары жок жылып баратышкан эле. Таңга маал эле. Ошол учурда күтүүсүздөн душмандардын катуу соккусуна дуушар болушат. Мусулмандар эленде баш-аягын таппай калат. Жебелер жамгырдай жаап кирет. Ислам кошууну ыдырай баштайт. Артта келаткан мусулмандар да артка чегинет. Душмандар аларды туткунга түшүрүү үчүн артынан түшөт.

Мындай дүрбөлөңдө ордунан жылбай, душманды көздөй чабуул койгон, минген төөсүн алдыны көздөй жылоолоп душманды жиреп кирген жалгыз киши Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) болгон эле. Бул күнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) теңдешсиз баатырдыктын, тайманбастыктын жана эр жүрөктүктүн мыкты үлгүсүн көрсөтөт. Абасы азирети Аббас жана Абу Суфян бин Харис (Алла аларга ыраазы болсун!) Анын кутман жанын сактап калуу үчүн минип турган төөсүнүн тизгинин бекем тутуп, дагы алдыны көздөй жиреп киришине тоскоол болушат.[208]

Ислам кошуунунда баш аламандык дале да болсо басыла элек эле. Айрым адамдар:

«Бүгүн Ислам жыгылды!»

«Бул баш аламандыктын аркасы деңизге чейин тынчыбайт!» - деп кымкуут түшүп, үмүтүн үзүп коюшкан эле. Меккелик мусулмандардын арасынан:

«Алланын Элчиси көз жумду. Араптар мурунку диндерине кайтышат» - деген үндөр келет.

Ал эми Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бул учурда душмандар менен салгылашып жаткан эле. Жараткан Аллага тобокел кылып, моюн сунуп сахабаларына кайрылып:

- Эй, ансарлар! Эй, мухажирлер! Эй, Алланын пенделери! Бул жакка келгиле! Мен Алланын кулу жана пайгамбарымын!... - деп үн салат.

Андан соң үнү бийик абасы Аббаска (Алла ага ыраазы болсун!) Ислам кошуунун бийик үн менен өзү турган жерге чакырышын буюрат. Азирети Аббас бийик үнү менен:

- Эй, Акабада ант бергендер! Эй, Ридван дарагынын алдында сөз бергендер! (Келгиле!) Алланын Элчиси бул жерде!..» - деп кыйкырат.



Бул чакырыкты уккан сахабалар: «ляббайк, ляббайк» (Буйругуңа дайым

208. Муслим, Жихад, 76.

даярбыз!) - дешип, Алла Элчисин көздөй жүгүрүшөт. Ошентип, шамал учуруп кеткен көпөлөктөрдүн жан далбас уруп олтуруп, кайрадан жарыктын айланасына топтолушу сыяктуу бүткүл ааламдын Нуру Пайгамбарыбыздын айланасына бир заматта топтолгон мусулмандар жүрөктү өйүгөн баягы түйшөлүүдөн арылышат. Алла Таала ырайым кылып, акырындык менен мусулмандар кайра биригип, Ислам кошууну кайрадан куралат. Андан соң Алланын Элчиси Жаратканга алакан жайып:

«Оо, Жараткан! Мага жеңиш тууралуу берген убадаңды аткара көр!» - деп жалбарат.

Бадр казатындагыдай жерден бир ууч топурак алып, душман тарапка чачат да, кутман сахабаларына:

- Кана эмесе, бүт күчүңөр менен чын ыкластан чабуулга өткүлө! - деп үн салат (Муслим, Жихад, 76-81; Ахмед, III, 157, V, 286; Ибн Хишам, IV, 72; Вакиди, III, 897-899).

Бул жолкусунда Ислам кошууну согуш майданына эми киргендей бутпарастарга катуу сокку урат. Мына ушундай дымактуу аракетинин натыйжасында кыска убакыттын ичинде душмандарды тизе бүктүрүп, согуш майданынан сүрүп чыгарышат. Душмандар кыргынга учурап, согуш майданына ала келген мүлктөрүнүн баарын таштап качышат. Бул казатта мусулман тараптан төрт киши шейит кетет. Ал эми душмандардан жетимиш киши набыт болот. Мусулмандар олжологон мал-мүлктүн эсеби жок эле.[209]

Бул жеңиш Улуу Жараткан Алла Таала тарабынан мусулмандарга ыроолонгон чоң белек эле. Анткени алар согуштун башында жеңилип, алсырап калган маалда, азирети Пайгамбарыбыздын тайманбастыгы, эр жүрөктүгү жана жан дилинен Жаратканга жалбаруусу менен жеңишке жетишкен эле. Алла Таала бул жөнүндө Куран аяттарында мындай дейт:

«Алла Таала силерди көп жерлерде жеңишке жеткирди. Хунайн (Мекке менен Таифтин ортосунда жайгашкан чөлкөм) күнүн (эстегиле!) Ошондо силерди көптүгүңөр (силерге дем берип) алдап койгон эле. А бирок ал (саныңардын көптүгү) силерге түк пайда бербеди жана кең дүйнө силерге тар болуп калды. Кийин (душмандардан качып) артка чегиндиңер! Андан соң Алла Таала пайгамбарына жана момундарга Өзү бейпилдик түшүрдү. Ошондой эле силер көрбөгөн аскерлерин (периштелерин) жөнөтүп, каапырларды азапка дуушар кылды. Каапырлардын жазасы мына ушундай болот!» (Тооба сүрөсү, 25-26-аяттар)

Хунайн казаты болгон күнү бутпарастардан ыйманга келгендер ошондогу Алла Тааланын мусулмандарга болгон жардамын айтып, ушул убакка чейин эч көрбөгөн бир башкача заттардын согушта жүргөнүн өз көздөрү менен көрүп, абдан таң калгандарын айтышкан.[210]

Кыргынга учураган Хавазин кошуунунун бир бөлүгү Таифке, бир бөлүгү Нахлага жол тарткан эле. Ал эми үчүнчү бөлүгү болсо, «Автас» - деген жерге тыным жасап, кайрадан күч топтой баштаган эле.

209. Ибн Хишам, IV, 79.

210. Ахмед, V, 286; Хайсами, VI, 182-183; Ибн Хишам, IV, 79.

Хунайн казатында жеңишке жеткен Алланын Элчиси мусулмандарга качкан душмандардын аркасынан түшүүлөрүн жана колго түшкөн туткундарды, олжолорду «Жирана» - деген жерге алып барышын буюрат. Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) жүрүштү акырына чыгаруу үчүн Абу Муса ал-Ашаринин абасы азирети Абу Амирди кол алдындагы тайпа менен Автас чөлкөмүнө жөнөтүп, өзү Ислам кошууну менен бирге Таифти көздөй жолго чыгат.

1.28.3 Таифтин курчоого алынышы (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл)

Хижаз аймагынын «бул дүйнөдөгү бейиш» - деп аталган шаары Таиф дөңсөө жерден орун алган эле. Таиф шаарын тегерете курулган өтө бекем чеп бар эле. Ошондуктан Алла Элчисинин Таифти курчоого алышы бир топ кыйынчылыктарды туудурат.

Бул курчоо бир убактарда Алла Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) келтирилген зомбулуктун өчү эмес, Хунайн казатынын уландысы эле. Анткени Хунайндан качкандар жаш аскер башчы Малик бин Авф баш болуп Таиф чебине баш калкалаган эле. Алар ошентип Сакиф уруусу менен бирге коргонуу согушуна даярданышкан болучу.

Курчоодо бир топ согуш ыкмалары жүзөгө ашырылып, жаңы согуш ыкмасы колдонулат. Ошентсе да, Таиф өтө бекем чеп менен курчалгандыктан удаама-удаа келген чабуулдарга ишенимдүү түрдө туруштук берет. Душмандарды чептен чыгарууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ал тургай азирети Халид бин Валид алардан кармашуу үчүн эрөөлгө баатырларын чакырганда алар:

- Арабызда сага тең келе турган эч ким жок! - деп жооп кайтарып, бир да адамын сыртка чыгарышпайт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Душмандар түлкүгө окшоп ийинине кирип кетти. Эми аларды өз жайына койсок, алардан зыян келбейт! - дейт. Пайгамбарыбыз Меккеликтер сыяктуу эле Таифтиктердин да ыйманга келип түбөлүк бакытка жетишин жан дилден каалап жаткан эле. Ошентип, курчоо токтотулат.

Сахабалар Алла Элчисинен Таиф курчоосунда мусулмандарга катуу зыяны тийген Сакиф уруусуна каргыш дуба кылышын сурانышат. Анда Ырайымдуулуктун Пайгамбары алардын туура жолго келүүлөрү үчүн:

«Оо, Жараткан! Сакифти туура жолго сала көр! Аларды бизге жибере көр!...» - деп Жаратканга жалбарып дуба кылат да, ал жерден кайра артты көздөй жол тартат. Ошентип, ушул дубанын берекеси менен кыска убакыттын ичинде Сакиф уруусу мусулман болуу үчүн Алланын Элчисине келишет. (Ибн Хишам, IV, 134; Тирмизи, Манакиб, 73/3942).

Хижраттан мурда азирети Пайгамбарыбызды таш бараңга алып, канга боёгон элге ошол учурда да наалат айтпай, кийин алардын туура жолго келүүлөрү үчүн жан дилден берилип, Жаратканга алакан жайган эле. Таифтиктер бул курчоодон бир жылдан кийин Пайгамбарыбызга келип, мусулман болушканда кубанычы койнуна батпай, абдан сүйүнгөн эле.

Бул курчоонун эң маанилүү оң натыйжаларынан бири, бутпарастардын кулдары өз кожоюндарынан качып, Исламга кирип туура жолго түшүшү болгон.[211]

Таиф курчоосуна чекит койгон Алланын Элчиси Ислам кошууну менен бирге Жиранага келет. Анткени Пайгамбарыбыз Хунайн казатынан алынган олжолорду, туткундарды атайын бир тайпага дайындап, ушул Жиранага жиберген эле. Бул учурда азирети Абу Муса ал-Ашари да Автас согушунда ийгиликке жетип, жеңиштин желегин желбиретип Жиранага кирип келген эле. Ислам кошууну душмандарын баш көтөргүс кылып, тизе бүктүргөн эле. Эми кезек олжолорду бөлүштүрүүгө келген эле. Бул курчоодон жыйырма төрт миң баш төө, кырк миң кой-эчки, төрт миң укиййа күмүш олжо жана алты миң киши туткунга түшкөн эле.[212]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) олжону бөлүштүрүүдөн оболу

мындай дейт:

«Кимде олжого тиешелүү мал-мүлк, жадагалса ийнеден жипке чейин эмне бар болсо, баарысын кайтарып берсин! Эсиңерге түйүп койгула, олжого кыянаттык кылган адам кыяматта тозокко түшөт!» (Муватта, Жихад, 22; Ахмед, V, 316).

Алланын Элчиси олжону бөлүштүрүп жатканда жабалактап, жүдөтүп жиберишет. Акырында (мурун жашап өткөн бир пайгамбардан кеп салып):

«Алла Таала сүйүктүү пенделеринен бир пендесин өз коомуна (пайгамбар катары) жөнөткөн эле. Коому аны сабап, башын жарып, канга боегон эле. Ал пенде маңдайынан сызылып агып түшкөн канды колу менен аарчып жатып:

«Оо, Жараткан! Эл-журтумду кечире көр! Анткени алар эмне кылып жаткандарын өздөрү да билишпейт» - деп Жаратканга алакан жая дуба кылган эле» дейт (Ахмед, I, 456; Муслим, Жихад, 105).

Азирети Пайгамбарыбыздын олжону бөлүштүрүү ишин создуктурушунун сыры Жиранага баргандан он күндөн кийин ачыкка чыгат. Жеңилүүгө дуушар болгон Хавазин уруусунан бир тайпа Алла Элчисине келип, мусулман болгондугун айтып, келме келтирген эле.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай дейт:

- Мен олжону бөлүштүрүү ишин бүгүнкү күнгө чейин күттүрдүм. Бирок силер көпкө кечигип калдыңар! Азыр эми же туткундарды, же мал-мүлкүңөрдү, т.а., экөөнүн бирөөсүн тандагыла!..

Ошентип, Хавазинден келген тайпа туткундарды тандап алышат. Алланын Элчиси:

- Мен силерге мага жана Абдулмутталиб уулдарынын үлүшүнө түшкөн туткундарды кайтарып берип жатам. Калгандары үчүн эртең бешим намазынан кийин келгиле! - дейт.

Эртеси күнү Алланын Элчиси сахабаларын топтоп, аларга жагдайды түшүндүрөт. Өзүнүн үлүшүнө түшкөн туткундарды кое бергенин айтып:

- Кимде-ким туткундарын жан дилден ыраазы болуп, акысыз эркиндикке чыгарып дин боордошторун кубантууга куштар болсо, аларды бошотсун! Кимде-ким өз үлүшүнө

211. Бухарий, Магази, 56

212. Ибн Саад, II, 152

түшкөн туткундарды акысыз кое берүүнү каалабаса, анда алардын акысын Алла Таала насип кыла турган алгачкы олжодон төлөп беребиз. Каалагандар ушундай кылсын! – дейт.

Алла Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) туткундар сахабалардын олжосу болгондугу үчүн бул маселе боюнча кутман сахабалары менен кеңешкен.

Азирети Пайгамбарыбыз өзү туткундарын кое берип, сахабаларга да ушуну сунуштаганы үчүн бардык сахабалар ошондой береке-сооптон насип алуу үчүн өз каалоолору менен:

- Биз да туткундарыбызды Алланын Пайгамбарына арнадык! - дешет (Бухарий, Магази, 54; Ибн Хишам, IV, 134-135).

Бул окуя ошол эле учурда сүт акынын канчалык маниге ээ экендигин да айдан ачык көрсөтүп турат. Бул заалым коомго эң сонун сабак. Оопалуулук көбүнесе китептерде сөз бойдон гана калат.

Мындай теңдешсиз адамгерчиликтин аркасы менен Хавазин уруусунун баары Исламды кабыл кылышат. Ал тургай ал учурда Таифтеги уруунун башчысы Малик бин Авф да жагдайдан кабар алып абдан таң калат. Алла Элчисинин эки ооз чакырыгы менен ал дагы Исламды кабыл алуу бактысына туш болот. Азирети Пайгамбарыбыз ага жүз төө белекке берип, аны кайра өз уруусуна башчы кылып дайындайт.[213]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) олжону адилет бөлүштүргөн эле. Олжо бешке бөлүнүп, төртү аскерлерге берилип, бир бөлүгү казынага бөлүнгөн эле. Казынага бөлүнгөн олжону Алланын Элчиси өзү тейлер эле. Пайгамбарыбыз олжолорду бөлүштүрүүдөн мурун алдындагы төөдөн бир түк алып сахабаларына кайрылып:

«Силердин олжоңорго бир төө мындай турсун, мына бул түкчөлүк дагы тиешем жок... Эмнеге сабыр кылбай жатасыңар? Олжо мына бул аймактын бак-дарактарынчалык болсо да, аларды силерге бөлүштүрүп берем. Мунун бештен бирин казынага бөлгөн болсом, аны кайра силердин арандардагы кедей-кембагалдарга сарптайм» (Муватта, Жихад, 22; Ахмед, V, 316)

Алланын Элчиси Жараткандын буйругуна ылайык өзүнө бөлүнгөн (бештен бир бөлүгү) олжодон Исламга көңүлү бар адамдарды туура жолго жакындатуу максатында аларга көбүрөөк үлүш бөлө турган.

Курайш бутпарастарынын аттуу-баштууларынан Савфан бин Умаййа мусулман болбосо да, Хунайн жана Таиф жүрүштөрүндө Алла Элчисинин жанынан чыккан эмес эле. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)Жиранада топтолгон олжого көз чаптырып жүргөндө Савфан да Алла Элчисинин жанында жайытта жайылып оттоп жүргөн төө, кой-эчкилерди тамшанып карап жаткан болот. Пайгамбарыбыз аны көз кыйыгы менен байкап турат. Анан Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам)

- Ээ, Абу Вахб! Жайыт сага абдан жактыбы дейм? - деп сурайт.

Савфан:

- Ооба! - деп жооп берет.

213. Ибн Хишам, IV, 137-138

Алланын Элчиси:

- Андай болсо жайыт да, андагы мал-жандыктар да сеники болсун! - деп буюрат.

Анда Савфан өзүн кармана албай:

- Пайгамбардан башка эч бир адам мынчалык берешен боло албайт! - деп дароо келме келтирип ыйманга келет (Вакиди, II, 854-855).

Андан соң Савфан Курайшка барып:

- Оо, эл-журт! Мусулман болгула! Валлахи, Мухаммад жокчулуктан да, кедейликтен да эч коркпогон ушундай улуу адам экен! – деп үн салган эле (Муслим, Фадаил, 57-58).

Бул учурда азирети Саад бин Абу Ваккас:

- О, Алланын Элчиси! Жуайл бин Сурака (сыяктуу кедейди) таштап, Уйайна, Акра сыяктуу (бай, коомдун аттуу-баштууларына) жүздөп төө бергениңиз кандай! - дейт.

Алланын Элчиси:

- Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жаратканга ант берем! Уйайна жана Акра сыяктуу адамдарга жер жүзү толсо да, Жуайл алардын бардыгынан жогору турат! Бирок мен буларды Исламга көңүлүн жибитүү үчүн колдоп, Жуайлды болсо бекем ыйманына жана акыретте ага даярдалган жогору сыйлыктарга карап ушундай кылдым! - деп буюрат. (Ибн Хишам, IV, 143; Ибн Саад, IV, 246)

Жаңы мусулман болгондордун көңүлүн Исламга жылытуу үчүн олжодон көп-көптөн берилиши кээ бир адамдар тарабынан туура эмес кабыл алынгандыктан сахабалардын арасында тынчсызданууга жол ачат. Жадакалса Тамим уулдарынан «Зул-Хувайсыра» - деген бир адам аша чаап:

- О, Алланын Элчиси! Адилеттүүлүктү сакта! - деп айтканга чейин барат. Алланын Элчисине бул сөз өтө катуу тийип:

- Ошондойбу? Адилеттүүлүктү мен сактабасам, эми ким сактайт? - деп жооп кайтарат (Муслим, Закат, 148)

Мындан көп өтпөй төмөнкү аят түшүрүлөт:

«Алардын арасында кайыр-садагалар жөнүндө сага доомат койгон кишилер да бар. Эгер ошол кайыр-садагалардан аларга да берилсе, ыраазы болушат. Эгер берилбесе, дароо нааразы болуп калышат. Эгер алар Алла Таала жана Анын пайгамбары аларга берген нерсеге ыраазы болушуп: «Алла Таала биз үчүн жетиштүү. Жакында Алла Таала жана Анын пайгамбары бизге өз берешендигинен (байлык да, бак-таалай да) берет. Биз Алланын Өзүнө умтулуучу кишилербиз» - дешкенде (алар үчүн жакшы болоор эле)» (Тооба сүрөсү, 58-59-аяттар)

Бул аяттарда Алла Элчисинин колу менен бөлүштүрүлгөн олжо чынында Алланын буйругу менен болгондугу жана кара көөгө боелгон кайдыгер жүрөк менен калби салим, т.а., таза жүрөктүн ортосундагы айырмачылык жөнүндө маалымдалат.

Арыздангандардын көпчүлүк бөлүгү ансарлардан эле. Ал эми Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) өз берешендиги менен таратып жаткан мал-мүлк, жалпыга

таандык олжодон эмес, сарпталышы өзүнө гана тиешелүү «фай» - деген олжодон эле. Тилекке каршы, бул дагы айрым ансарлардын көзүн күйгүзгөн эле.[214] Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай арыздарды токтотуу үчүн окуя дагы ырбап кете электе ансарлардын бардыгын чогултат. Ансарлардан башка эч ким катышпаган бул жыйында маселенин негизги максатын түшүндүрүү үчүн Жараткан Алланын аларга ыроологон ырыскы-жакшылыктарын эскерип мындай дейт:

- Эй, ансарлар! Мен жөнүндө ойлогон оюңарды уктум. (Айткылачы,) силер адал жолдон тайып бутпарастыктын сормо сазына белчеден батып турганыңарда Жараткан Алла Таала менин ортомчулугум менен силерди туура жолго баштабады беле? Силер кедей болуп турганыңарда, менин араңарга келишим менен Алла Таала баарыңарды бай кылган жокпу? Араңарда душмандык, кастык өкүм сүрүп турган кезде менин келишим менен Алла Таала жүрөгүңөрдү ийге келтирип, бириктирбеди беле?

Ансарлар бул суроолордун бардыгына:

- Алла Таала жана Анын Элчиси үчүн ыраазыбыз! - деп бир ооздон жооп кайтарышат. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) сөзүн улантып:

- Эй, ансарлар! Силер мага: «Өз элиң Сени жалганга чыгарып, кабыл албаган соң бизге келдиң! Сага биз ишенип, биз тастыктадык! Өз элиң Сага жашооңо мүмкүнчүлүк бербей койгондо Сага биз жардам бердик! Өз элиң Сени кууп чыгарып салганда биз Сени кучак жайып тосуп алдык! Сен кедей элең, ошондо Сени биз мал-мүлкүбүзгө ортоктош кылганбыз!..» - десеңер, мен да силерди тастыктап: «Албетте, сөзүңөрдө калет жок!» - дээр элем...

Эй, ансарлар! Айрым адамдарга берген дүйнө-малым жөнүндө айткан кебиңер туурабы? Мен ал адамдардын көңүлүн Исламга жылытуу үчүн берген элем. Ыйманыңардын бекемдигине ишенип, силерге бербей койгон ошол жөнөкөй дүйнө-мүлк үчүн ичиңер күйдүбү, ошол напсиңер үчүн оор келдиби?

Эй, ансарлар! Элдин баары мал-мүлк менен үйлөрүнө бараткан кезде силер Пайгамбарыңар менен үйүңөргө кайтууну каалабас белеңер?

Алланын Элчисинин мындай ары терең маңыздуу, ары мунду сөздөрүнөн улам ансарлар көз жашын көлдөтүп ыйлап киришкен эле. Алар жүрөк түпкүрүнөн сызылып чыккан ыйы менен:

- О, Алланын Элчиси! Биз сени менен кайтабыз! - дешип, ага болгон аруу сүйүүлөрүн тазалап жатышкан эле. Алар менен бирге Алланын Элчиси да өзүн кармай албай жашып кеткен эле. Алланын Элчиси ансарлардын минтип баш ийип жатканына ыраазы болуп, аларды жубатып:

- Эй, ансарлар! Эгер хижрат (Меккеден Мединага көчүү) болбогондо, мен сөзсүз ансарлардан болууну каалар элем... Эй, ансарлар! Эгер бардыгы бир жолго түшүп кетсе, мен ансарлардын жолунан кетмекмин!.. - деп буюрат.

Ансарлар: «Алла Таала жана Анын Элчиси бизге жетиштүү!» - деп жамырап киришет. Ошентип, бир эле туура эмес түшүнүүнүн кесепети азирети Пайгамбарыбызды кайгы-муңга салат (Бухарий, Магази, 56; Муслим, Закат, 135; Хайсами, X, 31).

214. Камил Мирас, Тажрид Тержемеси, X, 341

1.29 ХИЖРАТТЫН ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛЫ

1.29.1 Табук Жүрүшү (Ражаб, 9-жыл/ Октябрь-Ноябрь, 630-жыл)

Табук - Медина менен Шамдын ортосунда жайгашкан шаар. Табук жүрүшү - Азирети Пайгамбарыбыз катышкан эң акыркы жүрүш. Бул жүрүш Мута согушунун уландысы сыяктуу. Византия императору Мута согушунан калган бугун чыгаруу үчүн убакытты текке кетирбей, мусулмандар күчкө толгонго чейин бүтүндөй Арапстанды өзүнө каратып алууну көздөп жүргөн эле. Ал үчүн христиан араптарды колдонгусу келген эле. Ал бул багытта христиан гассани уруусунан үмүт кылып жаткан эле. Ал эми гассанилер мындай жүрүш үчүн эбактан эле даяр турушкан. Мединага келген соодагерлер мусулмандарга душмандардын катуу даярдык көрүп жаткандыгын жана жакында Мединага катуу чабуул коюлаарын айтышат.

Ошентип, Алланын Элчиси жалпы мусулмандарга бул оор жүрүш жөнүндө жар салат. Ушул күнгө чейин болуп келген жүрүштөрдө аскердик иш-аракеттер жашыруун түрдө ишке ашып, душман тарапка билгизбөөгө аракет жасалар эле. Бирок Табук жүрүшүндө жагдай башкача болот. Анткени жай мезгилинин эң ысык аптаптуу күндөрү эле. Душман күчтүү, бара турган жер алыс. Анын үстүнө бул жылы Мединада ачарчылык өкүм сүрүп турган эле. Мусулмандар жашоо-турмушу жагынан да алсырап, кырдаал курчуп турган эле.[215]

Мына ушундай мүмкүнчүлүктөн пайдаланган эки жүздүүлөр адатын карматып, мусулмандардын демин суутуп, кайратынан жаздырууга жан далбас ура башташат. Эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убай:

-Мухаммадга эмне, Рим империясы баланын оюнчугу бекен? Мен Аны сахабалары менен бирге туткунга түшкөнүн көргөндөй болуп турам! – деген сыяктуу сөздөрүн айтат.

Кээ бир эки жүздүүлөр:

-Ушундай мээ кайнаткан ысык аптапта да жүрүш болчу беле? - дешет. Буларга жооп катары төмөндөгү аят түшүрүлөт:

«Алар Алланын пайгамбарына каршы чыгып, жихадка барбай калганына сүйүнүштү. Алар Алланын жолунда мал-мүлкү жана жаны менен күрөшүүнү каалашкан жок. Алар: «Бул ысыкта согушка чыкпагыла!» - дешти. (Эй, Мухаммад!) Эгер алар түшүнсө, «Тозок оту мындан да ысык» - деп айткын!» (Тооба сүрөсү, 81-аят)

Айрым көчмөн араптар азирети Пайгамбарыбызга ар кайсы шылтоолорду айтып жүрүшкө чыкпоо үчүн уруксат сурашат. Бул жагдай аят аркылуу мындайча маалымдалат:

215. Ибн Саад, 165; Бухарий, Тафсир, II, 66/2

«Көчмөн араптардан (себебин айтып) өздөрүнө уруксат сурап келишти. Алла Таалага, Анын элчисине жалган жалаа жапкандар үйлөрүндө кала беришти. Алардын каапырларына жан чыдагыс азап бар!» (Тооба сүрөсү, 90-аят).[216]

Андан соң Алла Таала Пайгамбарыбызга эки жүздүүлөрдүн ким экенин билдирип төмөнкү аяттарын түшүрөт:

«(Эй, Мухаммад!) Эгер жакын жерде ишенимдүү олжо жана жеңил жүрүш болсо, алар (эки жүздүүлөр) сени ээрчишмек. Бирок аларга бул сапар алыс болуп көрүндү. Алар Алланын атын оозанып: «Эгер мүмкүнчүлүгүбүз болсо, силер менен кошо чыкмак элек» - деп ант ичип, өздөрүнө өздөрү зыян келтиришти. Алла Таала алардын жалганчы экенин ачык-айкын билет» (Тооба сүрөсү, 42-аят)

«Алла Таалага, акырет күнүнө ишенгендер, Алланын жолунда согушууга мал-жанын арнагандар сенден (бул казатка катышпоо үчүн) уруксат сурашпайт. Алла Таала такыбааларды билет. Аллага, акырет күнүнө ишенбеген жана жүрөгүндө шеги болгондор гана уруксат сурашат» (Тооба сүрөсү, 44-45-аяттар).

Эки жүздүүлөр жүрүшкө эч кандай даярдык көрүшкөн эмес эле. Ырас, бул да алардын жүрүшкө эч кандай ниети болбогонунун айдан ачык далили болучу. Жараткан Алла Таала:

«(Элчим!) Эгер алар (Сени менен бирге согушка) чыгууну каалашса, албетте, алар ал үчүн даярдык көрүшөр эле...» (Тооба сүрөсү, 46-аят) - деп буюрат.

Согушка аттанганга чейин эки жүздүүлөрдүн кошуунга кошулбашы –Жараткандын мусулмандарга ыроологон өзүнчө бир жакшылыгы эле. Абалы, Абдуллах бин Убай Ухуд казатындагыдай эле, бул жүрүштөн да баш тартат. Бул жагдай жөнүндө Жараткан Алла мындай буюрат:

«...Бирок Алла Таала алардын жүрүшкө катышуусун каалабай, тосуп койду да: «Үйүндө олтургандар менен чогуу олтура бергиле!» - деп айтылды. Эгер алар силер менен жүрүшкө барганда силердин ортоңорго жик түшүрүп, (ынтымагыңарды) ыдыратууга аракет кылышмак. Анткени алар ар дайым ушак чыгарууну көздөшүп, силерди өз ичиңерден иритмек. Алардын тыңчылары да бар. Алла Таала заалымдарды жакшы билет» (Тооба сүрөсү, 46-47-аяттар)

Азыртадан элдин ортосуна от жагып элди бузган эки жүздүүлөр согуш майданына барганда ушак-айың, жалган жалаа менен бүтүндөй Ислам кошуунуна чоң зыян тийгизмек. Ошондуктан Алла Таала эки жүздүүлөрдүн жүрөгүнө бул жүрүштөгү машаккаттарды көргөзүп коркуу салат. Ошон үчүн алар согушка катышуудан баш тартышат. Ошентип, сахабалар алардан кутулушат.

Эки жүздүүлөр эптеп болсо да, бир шылтоо айтып, жүрүштөн калуу үчүн уруксат сурашат. Кээ бири өтө аша чаап Табуктун кыздарын көрүп, күнөө кылып алуу коркунучун шылтоо кылып, уялбай уруксат сурагандан кайра тартпайт. Бу алардын такыбаа мусулман катары көрүнүп, эки жүздүүлүгүн жашырууга болгон аракети эле. Бирок Алла Таала алардын бул кылыгын да ачыкка чыгарат:

216. Вакиди, III, 993-996; Ибн Саад, II, 165

«Алардын ичинен кээ бири: «Мага уруксат бер, мени азгырыкка алып барба» - дешет. Байкагыла, чынында алар (шайтанга) азгырылгандар. Шек-күмөнсүз, каапырлар – тозоку!» (Тооба сүрөсү, 49-аят)

Эки жүздүүлөрдүн жүрөк үшүн алган Алла Таала ушак-айыңдан кыйла шайы кете түшкөн мусулмандарга эскертүү иретинде:

«Эй, момундар! Силерге эмне болду? «Алланын жолуна (жихадка) чыккыла!» - дегенде, өз ордуңардан жылбай калдыңар го?! (Же) Акыретке караганда бул дүйнөдөгү жашоо жакшы көрүнүп жатабы? Бул дүйнөдөгү жашоонун пайдасы акыретке салыштырмалуу өтө эле аз. Эгер согушка чыкпасаңар, (Алла Таала) силерди жан чыдагыс азапка дуушар кылып, ордуңарга башка бир коомду алып келет. Силер Ага эч кандай зыян келтире албайсыңар. Алла Таала бүт нерсеге Кудуреттүү» (Тооба сүрөсү, 38-39-аяттар)

«(Эй, момундар!) Мейли жеңил, мейли оор болсун, (согушка) чыккыла да, малжаныңар менен Алланын жолунда согушкула! Эгер билсеңер, силер үчүн эң жакшысы ушул!» (Тооба сүрөсү, 41-аят)

Бул эскертүү момун-мусулмандарга кайрат берип, демине дем, күчүнө күч кошот. Мусулмандардын бир аз да болсо сууй түшкөн деми кайра ийге келип, бекемделип күчтүү ыйман кошууну куралат. Табук жүрүшүндө душман тарап Ислам өлкөсүнө согуш жарыялап жаткан эле. Ырас, бул учурда мусулмандарга жихад парз өкүмүндөгү ишке айланат. Мындан ар бир мусулман жооптуу эле. Ошону менен катар бул милдеттен четтетилгендер жөнүндө аятта мындайча маалымдалат:

«Алла Таалага жана Анын Элчисине ишенимдүү болгон алсыз адамдарга, оорукчандарга жана (ыйык согуш үчүн) салым кошууга күчү жетпегендерге күнөө жок. Жакшы амал кылуучуларды айыптоого эч кандай негиз жок. Алла Таала – Кечиримдүү, Мээримдүү» (Тооба сүрөсү, 91-аят)

Аят боюнча, согуш милдетинен четтетилгендер мамлекетте бузуку ушак-айыңдарга, жалган кабарларга жол бербей, жихадка кеткен сахабалардын үй-бүлөлөрүнө жардам берип, жакшылык иштерди жасаса, согушка катыша албай калгандыктары үчүн күнөө алышмак эмес. Ошону менен бирге алардын согушка катышууга да укугу бар эле. Анткени бул жаатта аларга эч кандай тыюу салынган эмес эле.

Ошондой эле эки жүздүүлөрдүн ушул кадамы үчүн эскертүү иретинде түшкөн аяттар мусулмандарга катуу дем берет. Момундардын бардыгы жүрүшкө чыгат. Медина шаары дээрлик бош калат. Согуш узакка созулушу мүмкүн эле. Ошондой эле, жаңы Ислам мамлекетинин борборунда кооптуу кырдаал түзүлүп калышы толук ыктымал эле. Ошондуктан мындай чалкеш учурда мусулмандардан бир тайпа борбордо турушу зарыл эле. Ырас, мындай мамлекеттин тизгинин колдо кармаганга күчү жеткен тайпа болбосо, жаңы түптөлгөн мамлекеттин кулашы бышык болучу. Бул жагдай жөнүндө Алла Тааладан төмөнкү аят түшүрүлөт:

«Ырас, момундардын баары толугу менен душмандарга аттануулары шарт эмес. Ар бир тайпадан дин илимин үйрөнүп, алар душмандардан кайтып келген кезде,

(аларга) эскертүү берип Алланын азабынан сактануулары үчүн жүрүшкө чыкпоосу кажет» (Тооба сүрөсү, 122-аят).

Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Жараткандын буйругуна ылайык, борбордо калган мусулмандардын коопсуздугу үчүн азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) менен Мухаммад бин Масламаны (Алла ага ыраазы болсун!) Мединага калтырат.

1.29.2 Саатул-усра – Оор учур

Ошентип, Пайгамбарыбыз ушундай кыйын учурга карабастан Ислам кошуунун баштап жолго чыгат. Чындыгында ал учур өтө оор эле. Атап айтканда, алар төмөнкүдөй эле:

Кургакчылык.

Жолдун алыстыгы жана жөө жүрүүгө өтө оор эрме чөл.

Дан-эгиндерди оруп-жыйноо, түшүмдөрдү алуу күч алып турган мезгил.

Учу-кыйыры көзгө илешпеген чөлдүн мээ кайнаткан ысык аптабы.

Византия кошуунунун күчтүү болушу.

Ошондуктан бул жүрүш «Газватул-Усра» - «Оор Казат» - деп да айтылып

калган. Ал эми аталган жүрүшкө чыккан кошуун «Жайшул-Усра» - «Жапа чеккен кошуун», ал эми ошол учур «Саатул-Усра» - «Оор учур» - деп аталып калган эле.

Кошуун жолго чыккан соң азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) эки жүздүүлөрдүн ушак-айыңдарына, кемсинтишине чыдай албай кошуунга жетип келип, Азирети Пайгамбарыбыздан согушка катышуу үчүн уруксат сурайт:

- О, Алланын Элчиси! Эки жүздүүлөр жактырбагандыгыңыз үчүн мени Мединага таштап кеткен деп айтып жатышат! Мага да уруксат бериңиз?

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Эй, Али! Алардын сөзү жалган. Мен сени Мединадагы мусулмандарга баш-көз болуу үчүн өкүлүм катары калтыргам. Дароо артка кайт! Өзүңдүн үй-бүлөңө да, менин үй-бүлөмө да баш-көз бол, алар үчүн менин өкүлүм бол! Эй, Али! Менин жанымда сен (Тур тоосуна бараткан) Мусага арка-жөлөк болгон Харун сыяктуусуң, буга ыраазы эмессиңби? Бирок бул жерде бир айырма бар (ал экөө тең пайгамбар болушкан, ал эми сен пайгамбар эмессиң), менден кийин пайгамбар келбейт - деп буюрат (Ибн Хишам, IV, 174; Бухарий, Магази, 78; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 31).

Пайгамбардын алкышына арзыган азирети Али кубанычы койнуна батпай кайра артка кайтат.

Ислам кошууну Самуд коому жер менен жексен болгон Хижр аймагынан өтүп баратканда Алланын Элчиси сахабаларга:

- Бул жерден тезинен чыгуу керек! (Вакиди, III, 1000).

- Өзүнө-өзү зулум кылган коомдун аймагына ыйлап киргиле. Болбосо алардын башынан өткөн нерселер силердин да башыңарга келип калышы ыктымал - деп, башын жаап бул жерден ылдам басып өтөт. Сахабаларга бу жерден алган сууну кайра төктүрөт. (Бухарий, Анбия, 17; Тафсир, 15/2; Муслим, Зухд, 39).

Кудайдын каарына калган коом жашаган аймакта болгон апааттын таасири аз да болсо кыяматка чейин уланат. Андыктан мындай жерлерден Жараткандын каарына калбоо үчүн Алланын Элчиси буюргандай тез өтүү зарыл.

Ислам кошууну Табукка келип чатырларын тигип, душмандарды күтөт. Бирок душман тараптан эч кандай кабар келбейт. Анткени чоң Ислам кошуунун көргөн христиан арап уруулары, мурунку Мутадагы үч миң кишилик ыйман кошуунунун көргөзгөн каармандыктарын эстеп, деми сууп, согуштан баш тартышкан эле. Ал эми Византия империясы болсо, «Арапстанды басып алам» - деген пикиринен эбак кайткан эле. Анткени Византия императору ал кезде Хумуста өз мамлекетинин ички маселелери менен алпурушуп жүргөн болучу. Ошентип, Арапстандын басып алынышы жөнүндөгү кабар христиан Гассани араптарынын каңырыш кабары болгону ачыкка чыгат.

Бул жүрүштө мусулмандардын кадыр-баркы дагы да бийиктейт. Табук сапарынан соң Арапстандын түндүк бөлүгү толугу менен коопсуздукка алынат. Айла өкүмдары, Жарба жана Азрух элдери, Макна жөөттөрү жизия (салык) төлөө менен Азирети Пайгамбарыбыздан коопсуздук тилеп, мусулмандардын карамагына өтүшөт. Азирети Халид бин Валид төрт жүз жыйырма атчан колу менен Думатул-Жандалга чабуул жасап, христиан өкүмдары Укайдыр бин Абдулмаликти кармап, Алла Элчисине алып келет. Ага да жизия төлөө аркылуу коопсуздук берилет (Ибн Хишам, IV, 180-182; Ибн Саад, I, 276-277; Ахмед, V, 425).

Ислам кошууну Табукта жыйырма күн турат. Алланын Элчиси жүрүшүн улантып, дагы башка чөлкөмдөргө барууну каалабайт. Анткени Ал Исламды элге кылычтын мизи менен жеткирүү үчүн келген эмес болучу. Византия империясын да опузалап, алдыларына эч бир душман чыга алган эмес эле. Бул учурда Сирияда «таун» оорусу күч алып турган эле. Таун жугуштуу жана өлүмгө тез алып келүүчү оору болгондуктан азирети Пайгамбарыбыз:

«Бир аймакта таун оорусу күч алып жатканын уксаңар, ал жакка барбагыла! Эгер силер ошол жакта болсоңор, ал жерден чыкпагыла!» - деп буюрган (Бухарий, Тыб, 30).

Ошентип, Алланын Элчиси сахабалары менен кеңешип Мединага кайтууга чечим чыгарат.

Бул учурда Абу Хайсама кошуунга жетип келет. Ал сапардын машакаты үчүн Мединада калган эле. Күндөрдүн биринде бакчасындагы саябанга аялдары дасторкон даярдап койгон болот. Абу Хайсама дасторконду көрүп, дароо Алланын Элчисин жана сахабаларын ойлоп, жүрөгү сыздап, зээни кейийт. Ичинен:

«Алар бул аптапта Алланын жолунда кыйынчылыктарды башынан өткөрүп турган чакта мен бул жерде кантип олтурам?» - деп, бушайман болуп, дастаркондон эч даам татпай, дароо жолго аттанып, Табукта Ислам кошуунуна кошулуп отургандагысы эле. Алланын Элчиси Абу Хайсаманы көрүп ыраазы болуп:



- Эй, Абу Хайсама! Аз калды, жок болоор элең!... – деп, ал үчүн Жаратканга дуба кылат (Ибн Хишам, IV, 174; Вакиди, III, 998).

Жараткан кулдарына кудуретинен сырткары бир да ишти буюрбайт. Адамдын күчү жете турган иштерди гана буюрат. Бул жерде Абу Хайсама да күчүнүн жетишинче өз милдетин аткарган эле.

Бул окуялар биз үчүн жандуу сабак. Бул бүт мүмкүнчүлүгүбүздү Жараткандын жолунда сарптаганыбызды таразага салууга жана мусулман болуунун жооптуулугун ойлонууга эң сонун мисал.

1.29.3 Табук сапарынын жалгыз шейити

Табук жүрүшүндө бир гана сахаба шейит кеткен эле. Ал азирети Абдуллах бин Музани (Алла ага ыраазы болсун!) эле. Азирети Абдуллах бин Музани өз уруусунан Ислам динин кабыл алган жалгыз адам болгон эле. Жаштайынан атасынан ажыраган эле. Ал эми атасы ага мураска эч нерсе калтырган эмес эле. Азирети Абдуллахтын абасы бай адам болот. Ал абасынын колунда тарбия көрүп чоңоёт. Алланын Элчиси Мединага журт которгон кезде Абдуллах мусулман болгусу келсе да, бутпарас абасы үчүн Ислам динине кире албай калган эле. Азирети Пайгамбарыбыз Меккени колго алып, Мединага кайткан кезде азирети Абдуллах абасына:

- Аба! Мусулман болушуңду ушул күнгө чейин күтүп келдим. Бирок сенин дале болсо, Мухаммадга моюн сунарыңды көрбөй келем! Эч болбосо, менин мусулман болушума уруксат берсеңиз? - дейт.

Абасы:

- Эгер сен Мухаммадга моюн сунсаң, сага берген байлыгымды, жадагалса кийиминден өйдө кайра алам! - деп кесе айтат.

Анда азирети Абдуллах:

- Валлахи, Мухаммадга моюн сундум! Ташка, айкелге табынуудан баш тарттым! Мендеги байлыгыңды алсаң ал! - деп жооп кайтарат.

Абасы айтканындай, кийиминен бери бүт нерсесин кайтарып алат. Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) кийими жок апасына барат. Апасы калың жүндөн токулган кездемесин экиге бөлөт. Азирети Абдуллах жарымы менен белинен төмөн жагын ороп, экинчи бөлүгүн үстүнө жамынчы кылып алат. Ошол замат Мединага барып Алла Элчисине жолугууну жан дилден самайт. Эч бир тоскоолдукка баш бербейт. Ошентип өз журтунан

чыгып, ошол түнү жолго түшөт. Узак сапарда ачкалыктан алдан тайып араң Мединага жакындайт. Абдан толкунданат. Бирок ошону менен бирге үстүндөгү жаман жүн кездеме менен Алла Элчисинин алдына баруудан уялат. Алланын Элчиси менен жолугуу кусалыгына күйүп-жанып Набави мечитине кирип келет. Таң атканча мечитте жатат. Азирети Пайгамбарыбыз багымдат намазына келип, намазын окуп болгон соң, жамаатка көз кырын салып үйүнө кайтаарда азирети Абдуллахты көрөт. Ырайымдуулуктун пайгамбары бул кутман сахабага өзүнүн мухит сымал чалкыган мээрими менен кучагын жаят. Абдуллахтын өз аты Абдулузза (б.а., Уззанын кулу) эле. Пайгамбарыбыз:

- Сен Абдуллах зуль-Бижадайнсың (жүн кездеменин ээси)! Мага жакын жерде бол! Тез-тез менин жаныма келип тур! - деп буюрат. Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) асхабы суффадан Ыйык Куран үйрөнүп, бир топ сүрөлөрдү жаттаган эле.

Алланын Элчисине жан дили менен моюн сунган бул кутман сахаба Анын жанында жихаддан жихадка жүгүрүп жүрүп, мына минтип шейит болуп Жараткандын жолунда жан берүү бактысына жеткен эле. Табук жүрүшүнө аттанаар алдында ал шейит кетүүсү үчүн азирети Пайгамбарыбыздан дуба кылышын кайра-кайра суранып туруп алган эле. Анда Пайгамабарыбыз:

«Оо, Жараткан Алла! Анын канын каапырларга арам кыла көр!» - деп дуба кылган эле.

Азирети Абдуллах:

- О, Алланын Элчиси! Мен аны сураган эмесмин! – деген кезде Алланын Элчиси:

- Сен Алланын жолунда согушка чыгып, хумма оорусуна чалдыгып өлсөң да шейитсиң! Мингениң сени жерге кулатып мойнуңду сындырса да, шейитсиң! Эч кабатырланба! Мунун кайсынысы болсо да, сен шейит болосуң! - дейт.

Чынында эле, анын шейит кетиши мужизалык түрдө, Алла Элчисинин айтканындай жүзөгө ашкан эле. Кошуун артка кайтуу даярдыктарын көрүп жаткан түнү бирөө Пайгамбарлардын мырзасы, экөө Алланын жана Элчисинини досу болуп үч киши бир жаназаны (өлүктү) көтөрүп баратышкан эле. Бул үч киши Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун!) эле. Жаназа болсо, азирети Абдуллах Зул-Бижадайн эле.

Муну суктануу менен карап турган азирети Абдуллах бин Масуд мындай дейт:

«Түнүчүндө сахабалар тиккен чатырлардын бир бурчунан чыккан жарыкты көрдүм. Өйдө туруп артынан түштүм. Карасам, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар Абдуллах Зул-Бижадайндын жаназасын көтөрүп баратышыптыр. Бир жерге келип, көр казышты. Алланын Элчиси көргө түштү. Абу Бакир менен Умар (Алла аларга ыраазы болсун!) жаназаны Пайгамбарыбызга түшүрүү үчүн даярданышты.

Алланын Элчиси:

- Боордошуңарды мага жакындаткыла - деп буюрду. Жаназаны түшүрүштү. Жаназаны кучагына алган Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)

аны көрдө жата турган жерине жаткырып Жаратканга алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Мен ага ыраазымын, ар дайым ыраазы болуп келдим, Сен дагы ыраазы боло көр!..» - деп дуба кылды».

Азирети Абдуллах бин Масуд (Алла ага ыраазы болсун!) сөзүн улап:

«Буга абдан суктандым. Зул-Бижадайнга абдан суктандым. Ошол кезде:

«Аттиң, бул кабырдын ээси мен болсом, кана! Аттиң, ошол жерге Пайгамбардын купулуна толуп көмүлгөн адам мен болсом, кана!» - деп кайра-кайра суктанганмын!» - дейт. (Ибн Хишам, IV, 183; Вакиди, III, 1013-1014; Ибн Асир, Усдул-Гааба, III, 227)

1.29.4 Эки жүздүүлөрдүн кыянаты жана Дырар мечити

Мусулмандар Табук жүрүшүнөн кайтып келатканда эки жүздүүлөр түнүчүндө тар жолдо Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) өмүрүнө кол салууга ниеттенишкен эле. Азирети Пайгамбарыбыз мындан кабар алып, алдын ала Хузайфа аль-Яманини эки жүздүүлөргө жөнөтөт. Азирети Хузайфа эки жүздүүлөр күтүп турган жерге барып:

- Эй, Алланын душмандары! Жолдон тургула, жоголгула! - деп кыйкырып, эки жүздүүлөрдү кубалайт (Ахмед, V, 453).

Бирок Алланын Элчисин дагы бир экинчи тузак күтүп турган эле. Исламдын тамыр алышы менен Медина менен Меккеден көчүп кеткен Хазраж арап уруусунан Абу Амир Фасык аттуу христиан Византияга баш калкалап, эч тынбастан эки жүздүүлөрдү мусулмандарга каршы тукуруп жаткан эле. Алар бузукулуктун очогу катары Куба Мечитинин бир аз алды жагына мечит курушкан эле. Ал атактуу Дырар мечити эле...

Эки жүздүүлөр карариетине жетүү үчүн Пайгамбарыбызды Табук жүрүшүнөн мурун Дырар мечитине чакырышкан эле. Пайгамбарыбыз:

- Табук жүрүшүнөн соң, Кудай буюрса! - деп жооп берген эле. Ошентип, алар Ислам кошуунунун кайтышын күтө башташат.

Алланын Элчиси Мединага бир тыным калганда Жабраил периште келет. Ал Пайгамбарыбызга аталган мечит жөнүндө толук маалымат берет. Ошентип эки жүздүүлөр тарабынан даярдалган бул тузак да Пайгамбарыбызга эч кандай зыянын тийгизе албай калат. Анткени Алла Таала бул акыйкатты ачык айкын түрдө төмөнкүчө билдирет:

«Исламга зыян тийгизүү, каапырлык кылуу, мусулмандардын арасын ыдыратуу жана мурдатан эле Алла Таала менен Анын Элчисине каршы согушуп келе жаткан адамдарды тосуп алуу үчүн мечитти кургандар: «Жакшылыкты гана каалаган элек» - деп ант ичишет. Ошондой, Алла Таала алардын ашкан жалганчы экенине күбө. Ал мечитте эч качан намаз окуба! Алгачкы күндөн бери такыбалык негизинде салынган мечитте намазга турууң сен үчүн ылайыктуу. Ал жерде күнөөдөн абдан тазарууну чындап ниет кылган кишилер бар. Алла Таала тазаларды сүйөт» (Тооба сүрөсү, 107-108-аяттар)

Мунусунда эки жүздүүлүгү менен гана чектелип калбай, Пайгамбарыбыздын өмүрүнө кол салууга көз көрүнөө кадам ташташкан эле. Ошондуктан эки жүздүүлөрдү ачыкка чыгаруу, мечит атанып курулган тузак үйүн жыгуу зарыл эле.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) адаттагыдай Жараткандын буйругу менен кадам шилтейт. Ал Мединага барган соң Дырар мечитине өрт коюп, күлүн асманга сапырат (Ибн Хишам, IV, 185).

Алланын Элчиси катышкан акыркы Табук жүрүшү өтө оор жүрүш эле. Ислам кошууну миң чакырым басып, кайра кайтып келатышкан эле. Мединага жакындап калганда өңү-түстөрү кадимкидей өзгөрүп калган эле. Терилери сөөктөрүнө жабышып, чач-сакалдары үрпөйүп жүдөп келе жатышкан эле. Мына ушундай мезгилде Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кутман сахабаларына кайрылып:

- Азыр жеңил жихаддан, оор жихадка кайтып баратабыз! - дейт. Кутман сахабалар абдан таң калып:

- О, Алланын Элчиси! Кебетебиз бу! Мындан да оор жихад барбы? - дешет. Анда Алланын Элчиси :

- Ооба, азыр биз оор жихадка, б.а., напси менен күрөшүүгө кайтып баратабыз! - деген эле. (Суюти, II, 73)

Ырас, напси менен күрөшүү, аны теске салуу – бул, чоң жихад. Себеби мунун максаты – бийик адеп-ахлакка ээ болуу, руханий жактан бышып жетилүү. Ал эми буга улуу чындыкка жуурулган акыл, ыйманга жана адеп-ахлакка сугарылган жүрөк менен, ыйык Курандын жана куттуу сүннөттүн руханиятына ылайык жашоо менен гана жетүүгө болот.

Алланын Элчиси Мединага кайтып келгенде аны жана Ислам кошуунун бир башкача маанай менен тосуп алышат. Балдар да бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбызды Саниятул-Вадада тосуп алуу үчүн жолго чыгышкан эле.[217]

1.29.5 Элчилердин жылы

Мекке колго алынып, Хунайн казаты жеңиш менен аяктап, Таиф эли курчоодон бир жыл өткөн соң Исламга кадам таштап, Табук жүрүшү да ийгиликтүү соңуна чыккан эле. Ошентип, Арапстан жарым аралында Исламдын алдында эч бир күч баш көтөргүс абалга келип калган эле.

Исламдын улуулугун туура түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон арап эли Алла Элчисине өз өкүлдөрүн жөнүтүп, ишеним билдиришип Исламга кире башташат. Йемен, Хадрамавт, Бахрейн, Амман, Сирия жана Иран чөлкөмдөрүнөн келген тайпалар мусулман болуу үчүн же Исламга киргенин кабарлоо үчүн келишип, Алла Элчисинен (саллаллаху алейхи ва саллам) өздөрүнө Исламды үйрөтө турган мугалимдерди талап кылышат.

Ушундай максат менен келген тайпалардын бири Тужиб уруусунун тайпасы эле. Зекет малдарын да ала келишкен эле. Азирети Мухамме Пайгамбарыбыз:

- Кош келипсиңер! – деп жылуу тосуп алат. Тайпанын башчысы:

- О, Алланын Элчиси! Малыбыздагы Алланын акысын сага ала келдик - дейт.

Алланын Элчиси:

217. Бухарий, Жихад, 196

- Аларды кайра артка алып барып кедейлериңерге тараткыла – деп буюрат.

- О, Алланын Элчиси! Биз кедейлерибизден ашып калганын сага алып келип олтурабыз - дешет.

Анда азирети Абу Бакир:

- О, Алланын Элчиси! Арап тайпаларынын арасында чынында Тужиб уруусу сыяктуусу жок - дейт.

Алланын Элчиси:

- Туура жолго салуу Алланын колунда. Алла Таала Өзү жакшылык каалаган адамдын жүрөгүн ийге келтирип, ыйманга жол ачат - деп буюрат.

Тужиб тайпасы Пайгамбарыбыздан Куран, сүннөт тууралуу бир канча суроо сурашат. Пайгамбарыбыз алардын суроолоруна жооп берет. Алла элчисинин буйругу менен бу суроо-жоопту сахабалар тери же кагазга жазып тужибдиктерге тапшырат. Ошентип, Пайгамбарыбыз аларга өзгөчө көңүл бөлүп, тыгыз байланышта болуп калат. Тайпа Мединада бир канча күн турат. Өздөрүнчө кеңешип артка кайтууга чечим чыгарышат. Сахабалар:

- Эмне шашылып жатасыңар? - дешет.

- Эл-журтубузга Алла Элчисинен көргөнүбүздү, сурап үйрөнгөнүбүздү айтып түшүндүрөлү - дешет. Ошентип, Пайгамбарыбыз менен да коштошот. Алланын Элчиси Тужибдиктерге ишенимдүү өкүлү катары Билал Хабашини жөнөтөт. Ага белек-бечкектерин тартуулашын айтып, аларга өзгөчө көңүл бөлүнүшүн эскертет. (Ибн Саад, I, 323; Ибн Каййим, III, 650-651).

Ошентип Ислам дини күн өткөн сайын бүтүндөй Арапстанга жайыла берет. Адамдар топ-топ болуп Исламга киришет. Медина күн сайын жаңы конокторго толуп ташат. Алланын Элчиси келген меймандарды жылуу кабыл алып, болгон сыйын көрсөтүп, ар кимдин ал-абалына, жашоо-турмушуна карата сукбат куруп, турган аймактардын абалы жөнүндө маалымат алып, талаптарын угуп суроолоруна жооп берип, маселелерин чечип, көңүлгө бейпилдик, кубаныч тартуулайт.[218]

Алла Таала өз ырайым - жакшылыгына шүгүр келтирүү маселесинде азирети Пайгамбарыбызга жана мусулмандарга мындай буюрат:

«Алладан жардам жана жеңиш келип, Анын динине топ-тобу менен кирип жаткан элдерди көргөнүндө, Жараткан Эгеңди мактоо менен даңктагын жана Андан кечирим сурагын! Албетте, Ал тооболорду кабыл кылуучу» (Наср сүрөсү, 1-3-аяттар)

Хижраттын тогузунчу жылы Арапстанда Исламдын өтө тездик менен жайылгандыгы үчүн жана арап уруулары Мединага Исламды үйрөнүү үчүн ар тараптан агылып топ-тобу менен келгендиги үчүн бул жыл «элчилердин жылы» - деп аталып калган эле.

218. Насаи, Умра, 5

1.29.6 Ажылык

Хижраттын тогузунчу жылына чейин ажылык ибадаты азирети Ибрахимдин ханиф дини боюнча жүзөгө ашырылып келген. Ошону менен бирге ажылыкка бутпарастар тарабынан да бир топ туура эмес иштер аралаштырылган эле. Бул жылы ажылык бөтөнчө жүзөгө ашмай болот. Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Абу Бакирди ажылардын амири атап, Ислам боюнча ажылыктын эреже-шарттарын үйрөтүү үчүн үч жүз кишилик тайпа менен Меккеге жөнөтөт. Өзү келерки онунчу жылы, Кудай буюрса, ажылыкка бара турганын билдирет. Курмандык үчүн жыйырма төө берет.

Азирети Абу Бакир ажылык сапарына аттанган кезде Тооба сүрөсүнүн алгачкы аяттары түшүрүлөт. Ошентип, айкелдерден тазаланган Каабага эми бутпарастарды да жолотпоо буйрулат. Себеби ушул күнгө чейин бутпарастардын Каабада өз ибадаттарын жүзөгө ашырышына эч ким кийлигишкен эмес эле. Эми бутпарастардын баягыдай жылаңачтанып алып Каабаны айлануу сыяктуу адепке сыйбаган ибадаттарына тыюу салынган эле. Жараткан Алла Таала мындай буюрат:

«(Эй, момундар, бул) Алла Таала жана Анын пайгамбары тарабынан (силер) шерттешкен бутпарастарга эскертүү. (Эй, бутпарастар!) Жер жүзүндө төрт ай бейпил жүрө бергиле! Ошентсе да Алладан кутула албашыңарды, Алла Таала каапырларды кор кылаарын эсиңерден чыгарбагыла! Чоң ажылык күнү Алладан жана Анын элчисинен элге бир жарыя! Чындыгында Алла Таала, Анын Элчиси бутпарастарды четке кагат. Эгер тооба кылсаңар өзүңөр үчүн жакшы, ал эми баш тартсаңар, Алладан эч кутула албайсыңар. (Эй, Мухаммад!) Каапырларга жан чыдагыс азап болоорун кабарла! Келишимге келген бутпарастар убадаларынан кайтышпаса, силердин зыяныңарга бирөө менен шериктештик кылбаса, анда алардын убадаларын белгиленген мөөнөтүнө чейин жеткиргиле! Алла Таала такыбааларды жакшы көрөт» (Тооба сүрөсү, 1-4-аяттар)

«Эй, ыйман келтиргендер! Чындыгында бутпарастар ыплас кишилер. Ушул жылдан тарта алар Ыйык Мечитке жолошпосун! Эгер кедейликтен корксоңор, Алла Таала кааласа силерди Өз ырыскысы менен байытып коет. Ырас, Алла Таала – Билүүчү, Даанышман!» (Тооба сүрөсү, 28-аят)

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бул аяттарды жеткирүү үчүн азирети Алини (Алла ага ыраазы болсун!) азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун!) аркасынан Меккеге жиберет.

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) майрамдын биринчи күнү Акабада өйдө туруп, Алла Элчисинин осуятын аткарат. Тооба сүрөсүнөн белгилүү аяттарды окуп, Пайгамбарыбыз корутундулап берген төмөнкү төрт жагдайды элге жеткирет:

1. Бейишке Жаратканга чын ыкластан ишенип, ыйман келтирген мусулмандар гана кирет.

2. Каабаны жылаңач таваф кылууга мындан кийин эч качан уруксат берилбейт.

3. Ушул жылдан тарта Каабага эч бир бутпарас жакын жолобойт.

4. Бирок Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) менен шерттешип, сөзүндө бекем турган бутпарастар жөнүндө кеп мындай: келишимдин беренелери белгиленген мөөнөткө чейин жарактуу деп эсептелет.

Ошентип, улуу көчтүн тогузунчу жылынан кийин бир да бутпарас ажылыкка келбей калат. Кааба жылаңач ал-абалда таваф кылынбай турган болот.Ушул жылдан кийин Жаратканга шерик кошуунун туңгуюугуна кептелгенин түшүнгөн Меккедеги акыркы бутпарастар акыйкатты таап, ыйманга келишет. Дал ушул жылы Кааба айкелдерден да, бутпарастардан да тазаланып, Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) келерки жылы болуучу чоң ажылыгы үчүн даяр болуп калган эле.[219]

219. Ибн Хишам, IV, 201; Тирмизи, Хаж, 44/871; Вакиди, III, 1077

1.30 ХИЖРАТТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

1.30.1 Алла Элчисинин алгачкы жана акыркы ажылыгы

1.30.2 Коштошуу Ажылыгы

Ажылык ибадаты парз болгондон кийин Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) биринчи жана акыркы ажылыгы – коштошуу ажылыгы деп аталат. Пайгамбарыбыз бул ажылыкта мусулмандар менен коштошкондуктан эл муну «Коштошуу ажылыгы» - деп атап койгон.[220] Азирети Пайгамбарыбыз болсо, муну «Ислам ажылыгы» - деген ат менен айта турган.[221]

Арапстан бүтүндөй Исламды кабыл алып, Ислам күчкө толуп турган Улуу көчтүн онунчу жылына туш келген бул ажылыкка мусулмандардын баары Азирети Пайгамбарыбыз тарабынан чакырылган эле.

Ыйман нуру уялаган жүрөктөр бул улуу чакырыкка жапатырмак оң жооп кайтарышат. Мындай кабар Мединадан сырткары чыгаар замат эл ар тараптан чубалжып агып келет. Бул сапарга жолдон миңдеген мусулмандар кошулган эле. Төрт тараптан Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) менен бирге ажылык ибадатын аткаруу үчүн келген мусулмандардын саны болжол менен жүз жыйырма миңге жеткен эле.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) топтолгон мусулмандарга ажылык жана ихрам жөнүндө кыска-нуска маалымат берип жолго чыгат. Пайгамбарыбыз ажылыкта курмандык үчүн жүз чакты төө алган эле. Алланын Элчиси жолдо мусулмандарга ажылык ибадаты жөнүндө сүйлөп барат. Ихрамдын жана ажылыктын парздарын, сүннөттөрүн түшүндүрөт. «Зулхулайфа» - деген чөлкөмдүн «Акик» - деген жерине келгенде эки ирекет ихрам намазын окуп, Алла Таалага шүгүр келтирген соң:

«Оо, Жараткан Алла! Бул ажылыкты мага ичинде рия жана сум-а (б.а., көрсөтмөлүүлүк жана атак-даңк) болбогон мабруур жана макбуул (толук кабыл болгон) ажылык болушун насип кыла көр!» - деп дуба кылат (Ибн Мажа, Манасик, 4).

Зулхулайфада ихрамга кирип:

«Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шариика лака лаббайк, иннал-хамда ваннимата лака вал-мулк, лаа шариика лак» - деп талбия айта баштайт (Бухарий, хаж, 26).

Андан соң:

220. Бухарий, Хаж, 132
221. Хайсами, III, 237

- Кимде-ким ажылыкка жана умрага ниеттенсе талбия айтсын! - деп буюрат.

Алланын Элчиси ихрамга кирип талбия айта баштагандан кийин Жабраил периште келип:

«-Эй, Мухаммад! Сахабаларыңа талбияны бийик добуш менен айтуусун буюр! Анткени бул (талбия айтуу) ажылыктын белгилеринен болуп саналат!» - деп айтып кетет (Ибн Мажа, Манасик, 16).

Кара жер, көк асман талбия жаңырыгына тунуп бир башкача бейпилдикке, бакытка бөлөнөт.

Пайгамбарыбыз ажылык сапарында намаз убактысы кирген жерде мусулмандарга имам болуп намаз окуп жаткан эле. Кийин Пайгамбарыбыз намаз окуган бул жерлерге мечиттер курулган эле.[222]

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Байтулланы (Каабаны) көрүп, Жаратканга алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Бул үйүндүн жогорулугун, салабатын жана зоболосун дагы да бийик кыл! Ага ажылык жана умра менен таазим кылгандардын да шарапатын, берешендигин, зоболосун, жакшылыгын берекелүү кыла көр!» - деп дуба кылат (Ибн Саад, II, 173).

Жамынчысынын бир учун оң колтугунун алдынан алып, сол ийинине өткөрүп оң колун ачык таштап Масжиди Харамга (Каабага) кирип Хажар-ы Асвадка (кара ташка) барып салам берет. Бул учурда көзү жашка толо түшөт. Кара ташты өөп, ташты кармаган колун жүзүнө сүрүп:

«Оо, Жараткан Алла! Сага ыйман келтирип, Китебиңди тастыктап, Пайгамбарларыңдын сүннөттөрүнө моюн сунам!» - деп Каабаны кара таш турган бурчунан таваф кыла баштайт (Хайсами, III, 240).

Тавафтын алгачкы үчүндө кадамын кыска таштап, ийинин ары-бери чулгутуп ылдам басат. Ямани Рукуну жана Хажар-ы Асвад тушка келген сайын:

«...Оо, Жараткан! Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыгыңды бере көр! Бизди тозок отунан Өзүң сактай көр!» (Бакара сүрөсү, 201-аяттар) - деген аятты окуп жүрүп олтурат. Азирети Пайгамбарыбыз тавафты бүтүрүп, Хажар-ы Асвадды өөп, аны кармаган колу менен жүзүн сылайт. Андан кийин элди аралап Ибрахим пайгамбардын макамына барат. Макамды ортого алып, Каабага бет алып эки ирекет намаз окуйт. Алланын Элчиси андан кийин Каабанын «Бани Махзум» - деген эшигинен чыгып, Сафа дөңсөсүнө жол алат. Сафага жакындап калганда:

«Шек-күмөнсүз, Сафа менен Марва Жараткандын белгилеринен...» (Бакара сүрөсү, 158-аят) - деген аятты окуп:

«Алла Тааланын бул аятта биринчи эскергенинен (б.а. Сафа дөңсөсүнөн) баштайм!» - деп Сафадан Марвага барып-келүү жөрөлгөсүн баштоо үчүн Сафага бет алат. Обочодон Каабаны көрүп, Жаратканды даңктап, улуктайт. Үч же жети ирет:

222. Ибн Саад, II, 173

«Жалгыз Алладан башка кудай жок. Анын теңдеши да, шериги да жок. Мүлк, хамд-шүгүр Жаратканга гана таандык! Ал жашоо берүүчү да, алуучу! Ал бүт нерсеге күчү жетет, Кудуреттүү! Алладан башка эч бир кудай жок! Жараткан Алла Таала убадасына бекем турду, кулуна жардам берди, душман болуп чыккан бардык кошуундарды Жалгыз Өзү таш талканын чыгарды» - дейт (Ибн Мажа, Манасик, 84).

Андан соң Сафадан Марва дөңсөсүн көздөй багыт алат. Алланын Элчиси ылдам баса турган жердин ортосуна келгенде кадамдарын ылдам таштап, бул жерден өткөндөн кийин кайра мурунку жай басышына өтүп жүрүп олтурат. Бул учурда:

«Оо, Жараткан! Мени кечир, мага ырайым кыла көр! Эң улук, эң берешен Сенсиң!» - деп дуба кылат (Хайсами, III, 248).

Азирети Пайгамбарыбыз Марва дөңсөсүнө барып, Сафада кылгандарын дал өзүндөй кылат. Сафадан Марвага жети жолу барып келип бул жөрөлгөнү акырында Марвага жетип толуктайт.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Мекке шаарында төрт күн турат. Бешинчи күнү (Таврия күнү) Байтулланы таваф кылгандан кийин төөсүнө минип, Минага барып бешим, асыр, шам, куптан жана багымдат намаздарын окуйт. Зулхижжа айынын тогузунчу күнү эртең менен Арафатты көздөй бет алып, Минадан баштап Арафатка чейин талбия айтып барат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үммөтүнө ажылык ибадатын кантип аткаруу керектигин өзү толук көрсөтүп берген соң Арафатта бүгүнкү Намира мечити турган жерде төөсүнө минген калыбында жалпы Ислам дүйнөсүнө маалым болгон «коштошуу кутпасын» окуйт:

«Эй, адамдар!

Сөзүмдү кунт коюп уккула! Билбейм, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде кайра түбөлүккө чогуу боло албай калам!

Эй, адамдар!

Бүгүнкү күнүңөр кандай ыйык күн болсо, бул айыңар кандай ыйык ай болсо, бул шаарыңар (Мекке) кандай куттуу шаар болсо, жаныңар, мал-мүлкүңөр, ар-намысыңар да ошондой ыйык. Буларга кандай зордук-зомбулук болбосун – баары арам!

Эй, сахабаларым!

Эртең Жараткандын алдына барасыңар. Бүгүнкү жасап жаткан ар бир ишиңерге жооп бересиңер! Этият болгула, мен көз жумган соң, мурунку караңгы доорго кайтып, бири-бириңер менен согушуп зыянга учурап калбагыла! Билип алгыла, мен силерден мурун барып (Кавсар) көлмөсүнүн башынан силерди күтүп алам! Башка үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанам. Этият болгула, (күнөө иштерге барып) жүзүмү жер каратпагыла!

Эй, сахабаларым!

Кимде аманат (мал-мүлк) бар болсо, аны өз ээсине кайтарып берсин! Сүткорлуктун кандай түрү болбосун, баары таман алдымда калды (арам). Карызыңардын өзүн (төө болсо

төө, кой болсо кой) беришиңер керек. Зулумдукка да барбагыла, зулумдук да көрбөгүлө! Жараткандын буйругу менен эми сүткордукка жол жок! Караңгы доордон калган бул каада таман алдымда. Алгач Абдулмутталиб уулу (абам) Аббастын пайызына тыюу салдым.

Эй, сахабаларым!

Караңгы доордо жүзөгө ашырылып келген кан дооматтарына да тыюу салынды. Эң алгач чоң атам Абдулмутталибдин небереси Рабиянын кан дооматын жараксыз кылдым.

Эй, адамдар! Бүгүн шайтан силер турган мына бул жерде кайра азгыруу жана өз өкүмүн жүргүзүү күчүнөн түбөлүккө ажырады. Бирок силер менин бул тыюу салган нерселеримен тышкары жөнөкөй деп кабыл алган иштерде ага моюн сунсаңар, бул да аны кубандырат. Диниңерди коргоо үчүн мындай жөнөкөй нерселерден да алыс болгула!»

Эй, адамдар!

Аял кишилердин укугун коргогула! Аларга жылуу жумшак, боорукерлик менен мамиле жасагыла! Алар жөнүндө Алладан коркууңарды сунуштайм. Силер аял кишини Алланын аманаты катары; алардын ар-намысын, абийирин сактоого Алланын атын оозанып сөз берип алдыңар! Силердин аялдарга болгон, аялзатынын да силерге болгон акылары бар. Силердин жубайыңарга болгон акыңар, алардын үй-бүлө кутун эч бир адамга тепсетпей коргоосу. Аялыңардын силерге болгон акылары, үй-бүлөнү адал жолдон азык-түлүк, кийим-кечек менен камсыз кылууңар. Аял киши күйөөсүнүн уруксатысыз мал-мүлкүнөн эч кимге эч нерсе бере албайт.

Кол алдыңардагы кулдарга жегениңерден жедирип, кийгениңерден кийгизгиле! Чоң ката кетирсе да, аны кечирип койгула! Аларга эч качан кордук көргөзбөгүлө! Анткени алар да Алланын пендеси.

Эй, мусулмандар!

Сөзүмө кулак салгыла! Мусулман мусулмандын бир тууганы. Андыктан бүтүндөй мусулмандар боордош, бир тууган. Мусулман боордошуңардын укугун, акысын тепсөө силер үчүн адал эмес. Ал эми өз ыраазылыгы менен берсе ал башка сөз (адал болот)

Бирөөнүн акысын тепсебегиле! Мындай ишке моюн да сунбагыла! Элдин акысын жебегиле!

Эй, сахабаларым!

Өзүңөргө да зулумдук кылбагыла! Өзүңөрдүн өзүңөргө болгон акыңар да бар.

Эй, адамдар!

Ар бир жан өз күнөөсүнө өзү жооптуу. Атасы жасаган катанын жазасын баласы тартпайт! Баланын күнөөсүнө атасы да жооп бербейт!

Эй, адамдар!

Жараткан Алла ар бир адамдын өз укугу жөнүндө (Куранда ачык-айкын) маалымдаган. Мураскорго осуят кылуунун кажети жок. Бала кимдин төшөгүндө төрөлгөн болсо, ошого таандык болот. Зинага (никесиз жакындашууга) барган адам арам ишти кылган болот. Өзүн атасынан башка тукумга таңуулаган адам же өзүн кожоюнунан башка адамга таңуулаган кул Жараткандын каарына, периштелердин жана бүтүндөй мусулмандардын

наалатына калсын! Жараткан Алла мындай адамдардын тообаларын да, (бирөөгө) күбөгө өтүүсүн да кабыл кылбайт!

Эй, адамдар!

Жараткан Эгеңер бир. Атаңар да бир. Баарыңар азирети Адам алейхис-саламдын балдарысыңар. Азирети Адам болсо, топурактан жаралган. Жараткан Алланын алдында эң ардактууңар - эң такыбааңар эсептелет. Араптын бөтөн элден эч кандай жогорулугу жок!

Эй, адамдар!

Эч тынбай өтүп жаткан убакыт Алла Таала көк-асманды жана жерди жараткан күнкү абалына кайтты. Бир жыл он эки айдан турат. Бул он эки айдан төртөө харам (ыйык) ай - деп эсептелет. Бул айлардын үчү удаама-удаа Зулкаада, Зулхижжа жана Мухаррам, ал эми төртүнчүсү Ражаб айы болуп саналат. Бул жылы харам айлары мурунку ордуларына келди. Ажылык мезгили Зулхижжанын онунчу күнүнө туш келди.

Эй, мусулмандар!

Силерге бир аманат таштап жатам, ага баш ийген чакта адал жолдон эч качан тайбайсыңар. Ал аманат – Жараткан Алланын китеби Ыйык Куран!

Эй, адамдар!

Алла Таалага ибадат кылгыла! Беш маал намазыңарды окугула! Рамазан айындагы орозоңорду кармагыла, буйруктарыма моюн сунгула (аткаргыла)! (Ошондо гана) Жараткандын бейишине киресиңер.

Эй, адамдар!

Кандайдыр бир маселеде аша чабуудан (ифрат) алыс болгула! Мурункулардын жер менен жексен болушунун бирден бир себеби диндеги аша чабуулары болгон. Ажылык ибадатынын эреже-тартиптерин менден үйрөнгүлө! Билбейм, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде жолукпай калам! Бул насааттарымды азыр ушул жердегилер, бул жерде болбогондорго жеткизгиле! Анткени ал адам бул жердеги менин сөздөрүмү жеткизген адамдан да жакшы түшүнүп, аны жүзөгө ашырышы толук ыктымал»

Андан соң Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жүз миңден ашуун кутман сахабаларына мындайча суроо салат:

- Эй, адамдар! Эртең мен жөнүндө сурашат, эмне дейсиңер?

Кутман сахабалар туш-туштан жамырашат:

- Жараткан Алланын элчилигин аткардың, мойнуңа алган милдетиңди толук аткардың, бизге осуят калтырдың, насаат айттың - деп күбөгө өтөбүз!

Бул күбөлүктөн кийин Алланын Элчиси:

- О, сахабаларым! Силерге динди жеткиздимби? Динди жеткиздимби? Динди жеткиздимби? - деп үч ирет кайталайт. Сахабалар Алланын Элчисин бир ооздон тастыкташат. Андан соң Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) толкундана Алла Таалага кайрылып:

«Өзүң күбө бол, оо, Жараткан!... Өзүң күбө бол, оо, Жараткан!... Күбө бол, оо, Жараткан!...» - деп алакан жаят. (Муслим, Хаж, 147; Абу Давуд, Манасик, 56; Ибн Мажа, Манасик, 76, 84; Ахмед, V, 30; Ибн Хишам, IV, 275; Хамидуллах, ал-Васаик, 360)

Коштошуу кутпасынан кийин азирети Билал Хабаши (Алла ага ыраазы болсун!) азан чакырат. Пайгамбарыбыз алгач бешим намазынын парзын, андан кийин кайра коомат айттырып асыр намазынын парзын бириктирип окуйт. Намаздан кийин төөсү Касвага минип (Арафат тоосунда жайгашкан) «Жабалур-Рахма» - деген дөңсөөнүн этегиндеги вакфа кылчу жерге барат. Касваны аска жакка буруп кыбыла тарапты карайт. Күн батып кызылы тараганга чейин ошол жерде турат.

Алланын Элчиси бир колу менен төөнүн тизгинин кармап, экинчи колун өйдө көтөрүп Жаратканга жалбарып, көпкө дуба кылат. Бул дубанын бир бөлүгү төмөнкүчө:

«Оо, Жараткан Алла! Бардык мактоо, шүгүр Сага гана таандык, Сага гана жарашыктуу! Оо, Жараткан! Менин намазым, ибадатым, жашоом, өлүмүм Сен үчүн! Жалгыз Өзүңө гана кайтам!

Оо, Жараткан! Көр азабынан, напси-шайтандын азгырыгынан, иштин баш аламан иштерден Сага гана баш калкалайм! Оо, Жараткан! Бороон-чапкындын апаатынан Жалгыз Өзүңө гана баш калкалайм!

Оо, Жараткан Алла Таала! Көзүмө, кулагыма, жүрөгүмө нур бере көр! Оо, Алла Таала! Жан дүйнөмдү кең, ишимди жеңил кыла көр! Оо, Жараткан Алла! Сак-саламатта туруп ооруга чалдыгуудан, күтүүсүздөн келчү азабыңан жана каарыңан Өзүңө гана баш калкалайм! Оо, Жараткан! Мени туура жолуңан адаштыра көрбө! Өткөн жана келечектеги (кемчиликтеримди) кечире көр!

Оо, ырыскы берүүчү, береке түшүрүүчү жана асман-жерди жараткан Алла! Добуштар сан миң тил менен Сага жетип, Сенден тилектин баары суралат! Менин каалоом, дүйнө эли мени унуткан сынак дүйнөдө Сенин мени эстөөң!

Оо, Жараткан Алла! Сен сөзүмдү угуп, мени көрүп, жашыруун-ачык эмнеге ээ болсом, баарын билесиң! Эч бир ишим Сага жашыруун эмес! Мен алсызмын, муктажмын, Сенден жардам сурайм, амандык тилейм! Коркуп турам, кемчиликтеримди мойнума алып жатам! Айласы кеткен киши Сенден кандай жардам сураса, мен да ошондой жардам сурайм! Күнөөкөр адам Сага кандай жалбарса, мен да ошондой жалбарам! Сенин алдыңда моюн сунуп, тизе бүгүп Сен үчүн көз жашын чууруткан, Сенин жолуңда бар байлыгын, жанын арнаган, Сен үчүн бардыгына даяр турган кулуң Сага алакан жайып кандай жалынып-жалбарса, мен да ошондой жалынып-жалбарам! Оо, Жараткан Алла! Дубаларымды кабыл кыла көр! Мага ырайым кыл, ырайымыңды төгө көр, оо, берешен Алла Таалам!» (Ибн Касир, ал-Бидая, V, 166-168; Хайсами, III, 252; Ибн Каййим, II, 237)

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) вакфада туруп, күн баткан маалда түшүрүлгөн төмөнкү аят аркылуу Исламдын толук баралына жеткени маалымдалат:

«...Бүгүн эми каапырлардын дениңерди жок кылууга болгон үмүтү үзүлдү. Демек, алардан коркпогула! Менден корккула! Бүгүн дениңерди баралына

келтирдим, жакшылыгымды толуктадым жана силерге дин катары Исламды ыраа көрдүм...» (Маида сүрөсү, 3-аят) (Тирмизи, Тафсир, 5/3043).

Азирети Абу Бакир бул аятты угаар замат алысты көрө билген кыраакылыгы менен бардыгын түшүнөт. Толукталган жакшылыктын маанисин ар тараптан аңдап-сезет. «Диндин баралына келишинен» кийинки окуяны сезе баштайт.

Бул аят кыраакылар үчүн Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) бу дүйнө менен кош айтышынан кабар берип жаткан эле. Алла Таала чукул арада сүйүктүү Пайгамбарын түбөлүк сапарга чакырмак. Ошондуктан азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун!) көзүнө жаш толо түшөт. Али эч ким сезбестен оболу Пайгамбарыбыздын көз жумаарын эт-жүрөгү менен сезип, андан ажырап калуу кайгысын тартып, ичтен сызып ыйлап кирет.[223]

Күн толук батат. Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) төөсүнө Усама бин Зайдды (Алла ага ыраазы болсун!) учкаштырып Арафаттан Муздалифаны көздөй бет алат. Барган жеринде куптан убактысы кирген кезде азан айттырып алгач шам, андан соң куптан намазында имамдыкка өтөт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) таң атканга чейин Муздалифада болот. Айланага үрүл-бүрүл жарык түшүп калганча Муздалифадан кеткиси келбей, Жаратканга талбия айтып, дуба кылат. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Минада шайтанга ыргыта турган таштарды Муздалифадан топтоп, күн чыкканча Муздалифадан жылып кетет. Сахабаларына жамрадан шайтанга ыргытчу таштарды чогултуп алууларын буюрат. Ошондой эле, майда таштарды бармак ортосуна алып ыргытууларын айтат. Ташты ыргытуунун жол-жобосун өзү көрсөтүп берет.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Мухассырдан тезинен өткөн соң чоң жамра – Акаба жамрасына барат. Курмандык чалуу күнү күн чыккандан кийин Акаба жамрасына майда шагыл таштарын ыргытат. Алланын Элчиси шагыл таштарды баш бармагы менен сөөмөйүнүн ортосуна алып бир-бирден ыргытат. Чогулган эл да Пайгамбарыбыз ыргыткандай ыргытат. Бул учурда эл абдан көп болгондуктан бир-бирин жөлөп кетип жаткан эле. Жагдайга көз салып турган Пайгамбарыбыз:

«Эй, адамдар! Бири-бириңерди өлтүрбөгүлө! Силер жамра таштарын ыргытар маалда шагыл таштары сыяктуу майдаларын бармагыңар менен этияттап ыргыткыла!» - деп буюрат (Ахмед, VI, 379).

Кудама бин Абдуллах Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) ошол учурдагы абалы жөнүндө мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбызды төөсүнө минип турган абалда жамра таштарын ыргытып жатканын көрдүм. Ал эч кимди уруп да, жөөлөп да «тур, тур жолдон!» - деп айткан жок» (Ибн Мажа, Манасик, 66)

Азирети Пайгамбарыбыз жашап өткөн ар бир жылы үчүн алтымыш үч төөнү өз колу менен курманчылыкка бөлөт. Бир канча төөнү өзү баштап курмандыкка чалып, бычакты азирети Алиге берет. Калганын азирети Али соёт. Алланын Элчиси курманчылыкка

223. Элмалылы, III, 1569

чалынган ар бир төөнүн этинен бир кесимден алып коюшун буюрат. Этти казанга асышат. Пайгамбарыбыз азирети Али (Алла ага ыраазы болсун!) менен бирге даам татат. Андан соң Пайгамбарыбыз азирети Алиге төөнүн калган этин, терисин кедей-кембагалдарга таратуусун буюрат.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) төөлөрдү курмандыкка чалган соң чачтарачын чакырып, чачын алдырат. Пайгамбарыбыз аял кишилер үчүн:

«Аял кишилер чачын (түбүнөн) алдырбайт, чачынын (учунан гана) кыскартышат!» - деп буюрат. (Дарими, Манасик, 63)

Азирети Анас бин Малик (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алланын Элчиси шайтанга таш ыргыткан соң курманчылыгын кылып, чачын алдырды. Чачтарач алгач оң жактагы чачын алды. Алланын Элчиси Абу Талханы чакырып, кырылган чачын берди. Андан кийин чачтарач сол жагын кырган соң Азирети Пайгамбарыбыз аны да Абу Талхага берип:

-Бул чачымы элге тарат! - деп буюрду» (Муслим, хаж, 323-326; Бухарий, Вуду, 33)

Пайгамбарыбыз маңдайкы чачын алдырганда азирети Халид бин Валид:

- О, Алланын Элчиси! Маңдайкы чачыңызды мага бериңиз! Аны менден башкага бере көрбөңүз! Ата-энем сага садага болсун! - деп суранат. Ошентип, бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн Алланын Элчиси маңдайкы чачын азирети Халид бин Валидке берет. Азирети Халид Алла Элчисинин таберигин алганына сүйүнүп, кубанычы койнуна батпай, катуу толкунданат. Ал таберикти баш кийиминин маңдайына коюп алат. Азирети Халид бин Валид кийинки жүрүштөрүндө эч бир душмандарган жеңилген эмес эле. Азирети Халид (Алла ага ыраазы болсун!) бул жагдай жөнүндө мындай дейт:

«Мен аны кайсыл тарапка бурсам, ал жер биздин колго өтүп жатты!» (Вакиди, III, 1108; Ибн Асир, Усдул-Гааба, III,111).

Алланын Элчиси Курман айттын биринчи күнү бешимге чейин төөсүнө минип «Ифада» тавафын аткаруу үчүн Каабага бет алат. Таваф кылган соң бешим намазын окуйт. Андан соң Замзам кудугуна барат. Ал күнү күн батардан мурда Минага кайтат. Ал Ташрик (майрам) күндөрү түндү Минада өткөрөт. Бул түндөрү Байтуллага барып зыярат кылып турууну да унутпайт.

Азирети Пайгамбарыбыз Курман айттын биринчи жана экинчи күндөрү күн батышты көздөй ооп калган маалда жөө Мина мечитинен кийинки биринчи жамранын жанына барат. Акыркы күнү үчүнчү жамра таштарын ыргытып, түш оогондон кийин Минадан «Мухассап» - деген жерге жол тартат. Мусулмандар Мухассаптан ар тарапка тарай баштаган маалда:

- Кимдин бара турган жери Байтулла болмоюн эч ким эч жакка жылбасын! - деп буюрат (Дарими, Манасик, 85). Зулхижжанын он төртүнчү күнү багымдат намазынан мурда Байтуллага барып таваф кылына турганын жар салат. Ошентип, Байтуллага барып «Коштошуу тавафын» кылат. Бул учурда бир адам келип Меккеде калууну суранат. Алланын Элчиси:

Алланын Элчиси сахабалар менен коштошуу тавафын кылып, Мединага кайтат (Бухарий, хаж, 21, 70, 128; Муслим, хаж, 147; Ибн Мажа, Манасик, 84).

1.31 ХИЖРАТТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

1.31.1 Түбөлүктүү улуу сапар

Пайгамбарлар алтын чынжырынын алгачкы жана акыркы алкагы, эки ааламдын мырзасы, адамзаты жана жин ааламынын пайгамбары, эки ыйык жайдын (Кааба жана Набави мечиттеринин) имамы, бүткүл ааламдын нуру, ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн азирети Мухамммад Мустафа (саллаллаху алейхи ва саллам) коштошуу ажылыгынан соң катуу ооруга чалдыгат. Бул оору Аны үммөтүнөн бөлүп, өмүр бою самап келген Улуу Жараткан Аллага жолуктуруучу оору эле. Ансыз да Наср сүрөсүнүн түшүшү менен ажалынын жакындап калганын түшүнгөн Алланын Элчиси түбөлүк сапарга даярдык көрө баштайт. Ошондой эле, ооруга чалдыга электен бир күн мурда Мединанын «Жаннатул-Баки» - деген көрүстөнүнө барып:

« Оо, Жараткан Алла! Бул жерде жаткандардан кечиримиңди аяба!» - деп Алла Таалага алакан жайып дуба кылган эле (Ахмед, III, 489).

Көрүстөндөн кайткан соң минбарга чыгып сахабалары менен коштошуп жаткандай:

«Мен Кавсар көлмөсүнө эң биринчи бара турганыңармын. Мен силерди ошол жактан күтүп алам! Силер менен жолуга турган жайыбыз ошол көлмө болот. Мен азыр ал жерди көрүп турам! Мен силердин ал-абалыңар тууралуу күбөгө өтөм! Азыр мага жердин казынасы жана анын ачкычы ыроолонду. Валлахи, көзүм өткөндөн кийин силердин бутпарастыкка (Аллага шерик кошуучулук) кайтып кетишиңерден коркпойм! Бирок мен силердин дүйнөнүн миң кубулма лаззаттарына азгырылып кетишиңерден корком! Мына ушул жаатта бири-бириңерди көрө албай чатакташып, бириңерди бириңер өлтүрүп коесуңарбы деп корком! Ошондуктан мурунку элдер сыяктуу силердин да жок болуп кетишиңерден (Кудайдын каарына калышыңардан) коркуп турам!...» (Бухарий, Жанаиз, 73; Муслим, Фадаил, 31)

Алланын Элчиси минбардан түшүп, шайы ооп куттуу үйүнө бет алат. Күн өткөн сайын оорусу күчөй берет. Оорусу өтүшүп калган кезде да азирети Пайгамбарыбыз кадырман жубайларынан уруксат сурап, азирети Аишанын бөлмөсүндө болууну туура көрөт (Бухарий, Тыб, VI, 22; Ахмед, 34, 38; Балазури, I, 545).

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бул күнгө чейин мындай оор ооруга чалдыккан эмес болучу. Чынында, Анын өмүрү - ага оору жакындатпаган таза жашоо эле. Ошентсе да, жыйырма үч жылга созулган, адам баласынын күчү жетпей турган ары тунук, ары улук, ары таза пайгамбарлык милдети. Аны кыйла ал-күчтөн тайдырып койгон эле. Ошондой эле, башынан өткөргөн түрдүү кыйынчылыктар, бутпарастардын зордук-зомбулуктары да Алланын Элчисинин шайын оодарган эле. Мына ушунун баары Анын бул оорусуна себепкер болгон эле.

Ошону менен бирге бул оору Пайгамбарыбыз үчүн бийик даражаларга жетишине жол ачып жаткан эле. Бул оорусуна Хайбардагы жөөт аялдын этке уу кошуп берүүсү да чоң таасир эткен эле. Ырас, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) оорусу ырбагандан ырбап, күчөгөндөн күчөп оорлошкон кезде азирети Аишага:

- Ээ, Аиша! Хайбардагы уу кошулган эттин залакасын ушул күнгө чейин тартып келдим. Азыр жүрөк кан тамырым үзүлгөндөй болуп турат - деген эле (Бухарий, Магази, 83).

Бүткүл ааламдын Нуру болгон азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ошол уу үчүн шейиттердин кербенине кошулган эле. Пайгамбарлык жакшылыгын ыроолоп берген Алла Таала Ага шейиттиктин шербетинен насип буюрган эле (Ибн Хишам, III, 390; Вакиди, II, 678-679; Хайсами, VI, 153).

❖

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) эти ысып, көл-шалга түшөт. Пайгамбарыбызды көрүү үчүн келген азирети Абу Саида ал-Худри:

- О, Алланын Элчиси! Илдетиңиз өтө оор! - деп айтуудан өзүн кайра тарта албайт. Азирети Абу Саид мындай дейт:

«Колумду Пайгамбарыбыздын көкүрөгүнө койдум. Денесинен жалындап чыккан ысыкты төшөктүн үстүнөн да байкап-сезип турдум.

- О, Алланын Элчиси! Сизди ысык катуу баскан экен! - дедим. Анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

- Биз (пайгамбарлар) ушундайбыз. Түйшүк бизге кош-кабаты менен келет. Ошого жараша сыйлык-белектер да тартууланат - деди. Мен:

- О, Алланын Элчиси! Адам баласынан эң көп түйшүктү кимдер тартат? - деп суроо салдым.

- Пайгамбарлар - деп жооп берди.

- Андан кийин кимдер? - дедим.

- Салих адамдар (Алланын сүйүктүү пенделери). (Ибн Мажа, Фитан, 23).

Алланын Элчиси ичээр суусу түгөнөөр кезде оорусунан улам жамаатка барууга да күчү жетпей калат. Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) азирети Абу Бакирди намазда имам болууга дайындайт. Ошол күндөрдүн биринде Алланын Элчиси өзүн бир аз жакшы сезип мечитке келген эле. Кутман сахабаларына акыл-насаатын, улуу сөзүн айтып, акырында:

- Улуу Жараткан Алла Таала бир пендесинин алдына эки нерсени койду; бири дүйнөнүн сулуулугу, ажайып кооздугу, экинчиси Өзүнүн алдындагы баа жеткис жакшылыктар. Ал пенде экинчисин, Алла Тааланын алдындагысын тандады!.... - деп буюрат.

Кыраакы азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) бул сөздөр менен Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) коштошуп жатканын дароо аңдап-түшүнөт. Азирети Абу Бакир катуу кайгырып, жашып кетет. Жүрөгү мыжылып, ичтен сызып ыйлап кирет:

-Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Ата-энебизди, мал-жаныбызды, бала-бакырабызды Сага арнайбыз!... - дейт (Ахмед, III, 91).

Жамааттан азирети Пайгамбарыбыздын мындай ары терең, ары сырдуу сөзүн андан башка эч ким түшүнө алган эмес эле. Анткени ал аятта да кыйыр сөз менен айтылган Савр үңкүрүндөгү «экинин экинчиси» (Пайгамбардын жандосу) азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун!) эле.

Кутман сахабалар Алла Элчисинин жан досунун ичтен сызып ыйлап жатканын көрүп, өздөрүнчө таң калып:

- Алланын Элчиси Жаратканга жолугууну тандаган салих адам тууралуу сөз кылып жатса, бу ак сакалдын ыйлаганы эмнеси?! - дешет (Бухарий, Солаат, 80).

Алла Элчисинин илдети өтө күч алган кезде сахабалар да Анын коштошоорун сезип, ыйлай башташат. Мухажир жана ансар жыйындарын кайгы-муң чуулгап алат. Эл:

- О, Алланын Элчиси! Алла Тааладан шыпаа сурасаңыз! - дешкенде, ар дайым бейпилдик үчүн дуба кылып келген Алланын Элчиси бул жолкусунда дуба кылбайт.

Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алланын Элчиси ооруга чалдыккан кезде Муаввизатайн (Фалак жана Нас) сүрөлөрүн окуп, оозу менен колуна үйлөп, денесин сылар эле. Бул жолку оорусу оорлошкон маалда мен да ошентип, Фалак жана Нас сүрөлөрүн окуп колуна үйлөп, Анын куттуу денесин сылай баштадым. Жабраил периште мурунку ооруларынын биринде Алла Элчисине келип окуган дубаны мен да:

«Оо, адамзатынын Жаратуучусу! Бул илдеттен арылта көр! Шыпаа жалгыз Сенин гана колунда. Сенден башка эч ким шыпаа бере албайт. Шыпаа бере көр, анын оорусунан эч нерсе калбасын!» - деп окудум. Бирок Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) (башын мен тарапка буруп):

- Көкүрөгүмөн колунду ал! Бул мага эми эч кандай пайдасын тийгизбейт! Мен ичээр суумдун түгөнүшүн күтүп жатам... - деди» (Ахмед, VI, 260-261; Ибн Саад, II, 210).

Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун!) сөзүн улап:

«Алланын Элчиси кутман кызы азирети Фатиманы чакыртты. Фатима келгенде: - Кандайсың, кызым! - деп, жанына отургузуп, кызына жашыруун бир нерсе айтты. Фатима ыйлап кирди. Андан соң дагы жашыруун бир нерсе айтты. Бул жолу Фатима ыйын басып, жүзүнөн нуру таамп ууртунан жылмайды.

Мен мындайды өмүрүмдө биринчи ирет көрүп жаткан элем. Жылмаюунун ыйга, ыйдын жылмаюуга мынчалык жакын болоорун болжогон эмес экем. Мунун себебин Фатимадан сураганымда:

- Атам, бул илдеттен одүйнө салышы жөнүндө кабарлады. Чыдай албадым, ыйладым. Андан кийин Ага үй-бүлөсүнөн эң алгач менин жолугаарымды айтты. Буга өзүнчө сүйүндүм, ошол үчүн кубандым - деп жооп берди» - дейт (Бухарий, Магази, 83).

Бул күндөрү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) оорусу басаңдап калса эле жамаат менен намаз окуганы барып турат. Жан дүйнөсүн Пайгамбар менен коштошуу муңу чырмап алган ардактуу сахабаларына мындай дейт:

«Эй, адам баласы!

Мен уктум, силер пайгамбарыңардын көз жумаарынан санааркап, түйшөлүп жатыпсыңар! Менден мурда жөнөтүлүп, үммөтү менен (бул дүйнөдө) түбөлүк болгон пайгамбар болду бекен?! (Ошондой пайгамбар бар болсо) Мен да ар дайым силер менен болоюн? (Бирок эч бир пайгамбар бу дүйнөдө түбөлүк калган жок). Билип койгула, мен Жараткан Аллага жолугам! Ага силер да барасыңар! Албетте, ар бир иш Алла Тааланын уруксаты менен гана жүзөгө ашат.

Билип койгула! Мен силерден оболу барып, силерди күтүп алам! Кулак салгыла! (эртең акыретте) Силер менен жолуга турган жерибиз Кавсар көлмөсүнүн баш жагы болот. Эртең мени менен жолугууну каалаган адам колун, тилин күнөө иштерден алыс кармасын! Эй, адамдар! Күнөө иш жакшылыктын (жамандыкка) алмаштырылышына себепкер болот. Эл жакшы болсо, ажо да жакшы болот. Эл жаман болсо, ажо да жаман болот. Жаратканга ант берем! Азыр көлмөмдүн үстүндө турам, ушул турган жерден көлмөмө көз салып турам...»

Алланын Элчиси бул учурда ичтен сызып ыйлап олтурган азирети Абу Бакирди карап:

- Ээ, Абу Бакир! Ыйлаба!.. - деп сөзүн улайт:

- Эй, адам баласы! Жаны менен да, бүт мал-дүйнөсү менен да, достугу менен да мен үчүн Абу Бакирден өткөн жан аябас бир да адам жок! Эгер Жараткандан башка, адамдардан дос тутунганымда, албетте, Абу Бакирди дос тутунмакмын...

Мечитке кирчү мына бул эшиктерди жапкыла! Жалгыз Абу Бакирдин гана эшиги ачык турсун! Мен Абу Бакирдин эшигинин үстүндө бир башкача нур көрүп турам» (Бухарий, Солаат, 80; Ибн Саад, II, 227).

Ардактуу сахабаларым!

Ырас, мен да адаммын. Кээ бириңердин мага акысы өтүшү мүмкүн. Кимдин акысы өткөн болсо, мына, мен мындамын, келип акысын алсын! Кимдин аркасына колум тийген болсо, мына аркам! Келсин да, өчүн алсын! Кимдин мал-дүйнөсүнөн үлүш алсам, тигине мал-мүлкүм турат! Келип алсын!

Оо, Жараткан Алла! Мен болгону адаммын. Кайсы мусулман баласына оор сөз айткан болсом, же урган болсом, же наалат айткан болсом, Сен муну ага, сыйлыкка, ырайымдуулукка себепкер кыла көр!» (Ахмед, III, 400)

Ошентип, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) эл менен амандашып, адамдардын акысы менен эсептешип коюп, шайы ооп үйүнө барат. Ошондон кийин жамаат менен намаз окууга бара албай калат. Болгону бир жолу өзүн бир аз жеңил сезип, азирети Абу Бакирдин артында туруп намаз окуйт.

Акыры Рабиул-аввал айынын он экиси күнү дүйшөмбү таңга маал дагы өзүн бир аз жеңил сезип калган эле. Ошентсе да, жамаатка барууга дарамети келбейт. Эшикте илинип турган кездемени ачып, азирети Абу Бакирдин имамчылыгы менен багымдат намазын

окуп жаткан сүйүктүү сахабаларына акыркы ирет көз салып турат. Алардын бир сап катарга тизилип, жамаат менен намазда турганын көрүп өзүнчө ичи жылып, ыраазы болуп ууртунан жылмаят. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) бир жагынан оор илдеттин азабын тартып, экинчи жагынан жакшы жамаат калтыруунун жана Жараткан Алла Таала тарабынан берилген милдетти толук аткаруунун кубанычына бөлөнүп турат. (Бухарий, Магази, 83, Азан, 46, 94; Муслим, Солаат, 98; Насаи, Жанаиз, 7)

Бул окуяны айтып калтырган азирети Аиша мындай дейт:

«Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кутман сахабаларынын намаз окуп жатканын көрүп, ууртунан жылмайып турду. Ойлосом, Алла Элчисин эч качан мынчалык кубанганын көргөн эмес экемин» (Ибн Хишам, VI, 331).

Ошол күнү эртең менен Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мурда даярдык көргөн, бирок оорусунан улам жүрүшкө чыкпай турган кошуундун жолго аттанышын буюрат. Кол башчылыкка дайындалган жаш жигит азирети Усама бин Зайдка:

- Алла Тааланын берекеси менен түшкө чейин жолго аттангыла! - деп буйрук берет (Вакиди, III, 1120).

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Аишага (Алла ага ыраазы болсун!) үйдөгү алты-жети динарды кедейлерге таратып беришин буюрат. Азирети Аиша Пайгамбарыбызды ойлоп жатып бир аздан кийин динарларды эмне кылышын унутуп калып, кайра сурайт. Пайгамбарыбыз Азирети Аишаны дароо түшүнүп, динарларды сурап:

- Алла Тааланын Пайгамбары Мухаммад буларды кедей-кембагалдарга бербей туруп Жаратканына жолугууну эп көрбөйт!... - деп ансарлардан беш кедей үй-бүлөгө таратышын айтат. Ошондон кийин гана:

- Жаным эми жай таап, эс алып калды!... - деп куш уйкуга кирет (Ахмед, VI, 104; Ибн Саад, II, 237-238).

Мына, эч тынымсыз кайыр-садага....

Ошол күнү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) үй-бүлөсүнө:

Эй, адамдар! От алоолонду. (Этият болгула!) Алдыда караңгы кою түн сыяктуу бузукулук, кайырдиндик турат!.. Мен болгону Алланын Китеби Ыйык Курандын адал дегенин адал, арам дегенин арам кылдым!

Эй, Алланын Элчисинин кызы Фатима! Эй, Сафиййа! Алланын алдында кабыл алына турган жакшы иштерди көп жасагыла! (Жакшылык иштериңер жок болсо, мага ишенбегиле) Анткени мен (Жаратканга кулчулук милдетиңерди аткарбаган чагыңарда) силерди Алла Тааланын азабынан куткара албайм!» - деп кайрылат (Ибн Саад, II, 256; Бухарий, Манакиб, 13-14; Муслим, Иман, 348-353).

Ал күнү Алланын сүйүктүү Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам):

«Намазга көңүл бургула! Намазды калтырбагыла! Кол алдыңардагы адамдарга эч качан орой мамиле жасай көрбөгүлө! Жылуу мамиледе болгула! Алладан корккула!

(Аларды кийим-кечеден кем кылбагыла! Ач калтырбагыла! Алар менен текеберленбей адамча сүйлөшкүлө!)» - деп буюрат (Абу Давуд, Адаб, 123-124/5156; Ибн Мажа, Васая, 1).

Бул күнү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мисвак менен тишин көпкө чейин тазалайт.

Азирети Аиша бул жөнүндө мындай дейт:

«Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) тишин мисвак менен бүгүнкү күндөгүдөй көпкө тазалаганын (ушул күнгө чейин) көрбөптүрмүн!» (Бухарий, Магази, 83; Ибн Саад, II, 261).

Алла Элчисинин жанында ичинде суусу бар чөйчөк турган эле. Азирети Пайгамбарыбыз анда-санда чөйчөккө колун салып, жүзүн аарчып:

«Лаа илааха иллаллах, өлүмдүн акылдан алчу касиети бар!» - деп жаткан эл (Бухарий, Магази, 83).

Бул күнү Алланын Элчиси Жаратканга алаканын жайып:

- Оо, Жараткан Алла! Мени Өз мээримиңе бөлө! Мени Рафик-и Аалага (Өзүңө) жолуктур! Оо, Жараткан! Мени Өз ырайымыңа бөлө! Мага Өз ырайымыңды төк! Мени Рафик-и Аалага жолуктур! - деп дуба кылат (Бухарий, Магази, 83; Ахмед, VI, 126).

Бул күнү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кызы азирети Фатиманы:

-Кызым! Ыйлай көрбө! Мен көз жумган кезде:

«Иннаа лиллахи ва иннаа илайхи роожиуун» («Албетте, биз бардыгыбыз Аллага таандыкпыз! Акыр-аягы баарыбыз Жалгыз Өзүнө гана кайтып барабыз») - деп айт! - деп жубатат (Ибн Саад, II, 312).

Бул күнү Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) мурда өз оозунан чыккан:

«Эч бир пайгамбардын руху (жаны) бейиштеги жайын көрмөйүн алынбайт! Андан соң бул (бийик) жайына барып-барбашы, анын эркине коюлат!» - деген сөзүн эми өзүнүн башынан өткөрүп жаткан эле (Бухарий, Магази, 83, 84; Ахмед, VI, 89).

Ал күнү Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) Азраил периште келип, бөлмөсүнө кирүү үчүн уруксат сурайт. Уруксат алган соң бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын маңдайына келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Эй, Ахмед! Мени Алла Таала сага жөнөттү. Сенин ар бир буйругуңа моюн сунуумду буюрду. Эгер сен кааласаң, жаныңды алам! Каалабасаң, жаныңды жайына коем! - дейт.

Бу учурда Алла Элчисинин бөлмөсүндө турган Жабраил периште:

- О, Алланын Элчиси! Улуу Алла Таала сени сагынып жатат! - дейт.

Алланын Элчиси уруксат сураган Азраил периштеге:

- (Эй, Азраил! Мен үчүн) Алланын алдында болуу алда канча жакшы жана түбөлүктүү! Эй, периште! Кана эмесе, сага буйрулганды аткар, жанымды ал! - деп буйрук берет (Ибн Саад, II, 259; Хайсами, IX, 34-35; Балазури, I, 565).

Ошентип, кут төгүлгөн колун жанындагы чөйчөккө салып, жүзүн аарчып, түбөлүк сапарга өткөрө турган каалгадан өтүп баратып келме келтирип:

«-Оо, Жараткан Алла! Рафики Аалаа, Рафики Аалаа!» - деп, кайра-кайра кайталап жатып аруу рухун Өз Ээсине тапшырат. Нур тамылжыган жүзүн аарчыган кут төгүлгөн колу жанындагы чөйчөккө салаңдап калат!... (Бухарий, Магази, 83)

Ошентип, мындан бир топ жыл мурда түшүрүлгөн:

«(Эй, Элчим!) Сен да көз жумасың, алар да көз жумат!» (Зумар сүрөсү, 30аят) - деген аят жүзөгө ашат.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Медина шаарына кайткан соң болжол менен он үч күнгө созулган оор илдетинин натыйжасында 632-жылы кулжа (июнь) айынын сегизи күнү, мусулмандардын жыл наамасы боюнча, хижраттын он биринчи жылы Рабиул-аввал айынын он экиси күнү дүйшөмбүдө түбөлүк улуу сапарга аттанып, Улуу Жараткан Алла Таалага бет алган эле.

Анын эки далысынын ортосунда пайгамбарлыгын далилдей турган Алла Тааланын мөөрү бар эле. Кутман сахабалар аны өөп калуу кусалыгына куйкаланып жашай турган. Азирети Пайгамбарыбыз түбөлүк улуу сапарга аттанган кезде нур төгүлгөн жүзүнүн өзгөрбөгөнүн көргөн сахабалар Анын көз жумганынан күмөнгө түшүшөт. Ошентип, Пайгамбарыбыздын жакындарынан Асма бинти Умайс (Алла ага ыраазы болсун!) эки далысынын ортосундагы куттуу пайгамбарлык мөөрүн издейт. Алланын мөөрүн таба албаган соң, сахабалар Пайгамбарыбыздын көз жумганын түшүнөт.[224]

Алланын Элчисин (саллаллаху алейхи ва саллам) сууга алаар алдында көйнөгүн чечүүгө далалат кылышат. Ошол маалда «Көйнөктү жайына койгула!» - деген дагы бир бейтааныш үн угулат. Ошентип, сахабалар Пайгамбарыбызды көйнөгү менен кошо жуушат.[225]

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) дүйшөмбү күнү көз жуумп, эртеси шейшемби күнү коюлган эле. Эл жаназа намазын жамаат менен эмес, өз-өзүнчө окуп, эч ким имамдыкка чыкпайт. Айрым адамдар: «Минбардын жанына көмүлсүн!» дешет. Кээ бири: ««Баки» көрүстөнүнө алып баралы» - деп чыгат. Анда азирети Абу Бакир:

«Алла Элчисинин (алейхис-солаату вас-салаам) өз оозунан:

«Ар бир пайгамбар көз жумган жерине коюлат» - дегенин уккам» - дейт. Ошентип, бул маселеге да чекит коюлуп, кабыры дал ошол жанын тапшырган жерине казылат. Алланын Элчиси үй-бүлөсүнө бул дүйнө менен кош айтышкан соң бир тоголок динар да, дирхам да, кул да калтырган эмес эле. Болгону өзү минип жүргөн ак качыры, куралы, атайын жолоочуларга деп арнап койгон (Фадак жана Хайбар аймактарындагы) жери гана калган эле.[226]

224. Ибн Саад, II, 172; Ибн Касир, ал-Бидая, V, 231.

225. Муватта, Жанаиз, 27; Ахмед, IV, 267.

226. Бухарий, Магази, 83.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Медина шаарына кайткан соң болжол менен он үч күнгө созулган оор илдетинин натыйжасында 632-жылы кулжа (июнь) айынын сегизи күнү, мусулмандардын жыл наамасы боюнча, хижраттын он биринчи жылы Рабиул-аввал айынын он экиси күнү дүйшөмбүдө түбөлүк улуу сапарга аттанып, Улуу Жараткан Алла Таалага бет алган эле.

Ардактуу сахабалар чыгыштан чыгып, батыштан баткан күндүн эч өзгөрбөс нурунан кандайдыр бир сырдуу нерсе соолуп, ирени кетип калгандай туюп жатышкан эле. Ал күндөн кийин Пайгамбар азанчысы азирети Билал Хабаши ыйманга сугарылган сахабалардын жүрөгүн элжиретип, ай-ааламды жаңырткан мукам үнү менен азан айтууга эми чындап дарамети жетпей калган эле. Сахабалардын өтүнүчү менен азирети Билал Хабаши азан чакырууга ниеттенип, михрабда Алланын Элчисин көрбөгөн соң ый аралаш үнү дирилдеп, бул жолкусунда да азан айта албай туруп берген эле. Азирети Билал (Алла ага ыраазы болсун!) жан дүйнөсүн сыздатып жаткан алоолонгон сүйүү жалынын басуу үчүн Мединадан алыстагысы келип, Шам тарапка сапар алган эле. Күндөрдүн биринде түшүнө Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) кирип:

- Бул эмне деген алыстоо эй, Билал! Дале мага зыярат кылуу убагың келген жокпу?! - дейт таарынгандай түр көрсөтөт. Ошентип, азирети Билал (Алла ага ыраазы болсун!) уйкудан муңайган абалда ойгонот да дароо Мединанын жолуна түшөт. Бүткүл ааламдын мырзасы азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) кабырына (мүрзөсүнө) зыярат кылуу үчүн Мединага келет. Алла Элчисинин алдында ыйлап, албырган жүзүн куттуу кабырга коюп турган маалда азирети Хасан менен азирети Хусаин кирип келишет. Азирети Билал ал экөөнү бооруна кысып, өөп-жыттагылап кирет.

- Эй, Билал! Азаныңды уккубуз келип турат! - деген Пайгамбардын эки небересинин суранычын четке кага албай азан чакыра баштайт. Ошол учурда Мединаны бир башкача маанай чуулгайт. «Ашхаду анна Мухаммадар-Расуулуллах» (Шек-күмөнсүз, Мухаммад Алланын Элчиси экендигине күбөгө өтөм) - деген үндү уккан аял-эркек, кары-жаш дебей бир саамга элдин баары Алла Элчисинин тирилип келгенин ойлоп, Набави мечитин көздөй агып келе башташат. Алланын Элчиси көз жумгандан кийин Мединада элдин мынчалык кайгы-муңга батканын эч ким көргөн эмес эле (Ибн Асир, Усдул Гааба, I, 244-245; Захаби, Сияр, I, 357-358).

Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) бул дүйнөдөн акыретке журт которушу менен Андан айрылган дүйнөнүн оопасыздыгын Азиз Махмуд Худайи төмөнкү маанидеги ыр саптары менен сүрөттөйт:

«Ким күтөт сенден оопаны. Оопасыз дүйнө сен эмессиңби?! Мухаммад Мустафаны, алган дүйнө эмессиңби?!»

1.31.2 Бүткүл ааламды чулгаган муң

Алланын Элчиси кайтыш болгон учурда мусулмандар да катуу кайгы-муңга чөгүп, көз жашын төгүшөт. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) да буулугуп:

«Эч кимден «Мухаммад алейхис-солаату вас-салаам көз жумду!» - дегенин укпайын! Болбосо, башын алам! Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) Муса пайгамбар эс учун жоготкондой эсинен танды!...» - деп сүйлөй берип оозунан ак көбүгү агып чыгат.

Азирети Абу Бакир суук кабарды угуп дароо үзөңгүгө аяк коюп Мединага келет. Мечитке келип Пайгамбарыбыздын жүзүн ачат. Көз жашы чертиле түшөт. Күйүтү эт-жүрөгүнүн түпкүрүнөн сызылып жашка айланат да, маңдайынан өөп:

«Валлахи, Алланын Элчиси одүйнө салыптыр! Иннаа лиллахи ва иннаа илайхи ражиуун. Биз Жаратканга таандыкпыз! Алланын пенделерибиз! Ошондой эле баарыбыз кайра Жалгыз Өзүнө кайтып барабыз! Ата-энем сага садага! Аллага ант берем! Алла Таала сени эч качан эки ирет өлүмгө дуушар кылбайт! Сен тагдырыңа жазылган бир жолку өлүм каалгасына кадам таштадың! Мындан кийин Сага экинчи жолу «өлүү» - деген болбойт! Эх, менин сүйүктүү пайгамбарым!» - деп бышактап Алла Элчисинин нур тамылжыган жүзүнөн өөп, башын көтөрүп:

«Эх, менин сүйүктүү досум!» - деп дагы бир ирет ийилип бүткүл ааламдын сыймыгы болгон Алла Элчисинин маңдайынан өөп жашыйт.

«Эх, менин жалгызым!» - деп кайра дагы өбөт күйүтүнө күл болуп... Андан соң:

«Сен көзүң тирүү кезиңде да сулуу элең, көз жумгандан кийин да кандай сулуусуң! Сенин тирүү кезиң да, көз жумган кезиң да кандай гана ажайып!» - деп Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) нур жүзүн жаап, сыртка чыгат. Азирети Умар дале Пайгамбарыбыздын көз жумбаганын айтып, жан дүйнөсү канап турган эле. Азирети Абу Бакир:

- Отур, эй, Умар! - деп буюрат.

Азирети Умар отурбайт. Азирети Абу Бакир сөзүн эки-үч жолу кайталайт да, сөз баштап:

«Алла Таала Пайгамбарына силердин араңарда көзү тирүү жүргөн кезинде эле өлүмү жөнүндө кабарын берген. Силерге да ажалыңар келген кезде бул дүйнө менен кош айтышаарыңарды угузган. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) көз жумду! Эч ким өлүм менен жүз көрүшпөй койбойт! Ким Мухаммадга табынса, билип койсун, Мухаммад алейхис-солаату вас-салаам көз жумду (Азирети Пайгамбарыбызга табынуу – Аллага шерик кошкондук, арам иш. Табынуу, ибадат кылуу Жалгыз Улуу Жараткан Алла Таалага гана болот)! Ким Аллага ибадат кылса, шек-күмөнсүз, Алла Таала тирүү, Түбөлүктүү! Улуу Жараткан Алла Таала:

«Мухаммад – Алланын Элчиси. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Эгер ал көз жумса же киши колдуу болсо артка чегинип, качып кетесиңерби?! Кимде-ким артты көздөй качса, ал (качуу менен) Аллага кымындай да зыян алып келе албайт. (Тескерисинче ал өзүнө гана зыян алып келет). Алла Таала шүгүрчүл пенделерин Өзү сыйлайт» (Аали Имран сүрөсү, 144-аят) - деп буюрат».

Эл бул аятты укканда Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) көз жумганына толук ишенишет. Алар аятты угуп абдан таң калышкан эле. Азирети Абу Бакир бул аятты окуганга чейин бул аяттын түшүрүлгөнүн билбегендей абалда турушкан эле.

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Валлахи, бул аятты ошол күнгө чейин эч укпагандай эле сезилди мага! Бул аятты азирети Абу Бакир окуган кезде алдастап калдым. Эки тизем кадимкидей калчылдап, буулуп, бутума тура албай жерге жыгылып түштүм» (Ибн Саад, II, 266-272; Бухарий, Магази, 83; Хайсами, IX, 32; Абдурраззак, V, 436).

Азирети Умар азирети Абу Бакирдин сөзүнөн кийин Алла Элчисинин жанына келип маңдайынан өөп, көзүнөн жашын чуурутуп:

«Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Өзүң жөлөнчү курма дүмүрүн таштап, минбарга чыккан кезиңде ал энесинен айрылган ботодой боздоп, сыздаган эле. Анан ага кут төгүлгөн колуңду койгонуңда гана араң басылган эле. Ал эми үммөтүң Сенден айрылган күйүттүн чогуна күл болууга, ичтен сызып көз жашын төгүүгө андан алда канча татыктуу!

Азирети Умму Салама (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) одүйнө салган күнү тегеректеп алып ыйлап жаттык. Ал күнү түнү бою уктаган жокпуз. Алланын Элчиси үйүбүздө эле. Аны карап тынчып, сооронуп жаттык. Таңга маал жер казган күрөктүн үнүн угуп, жүрөгүбүз кысылып көзүбүздөн жаш төгүлдү. Мечиттеги жамаат да Алланын Элчисинен айрылуу күйүтүнө күл болуп, энесинен айрылган ботодой зээнди кейитип боздоп турду. Мединаны ачуу кайгы-муң чулгап алды. Ошондой эле, Билалдын (Алла ага ыраазы болсун!) азан чакырып: «Ашхаду анна Мухаммадар-Расуулуллах» - деп Алла Элчисинин ысмын оозанган маалда элжиреп көз жаш төгүшү, ансыз да мыжылып турган жүрөгүбүздү ого бетер мыжып жиберди. Адамдар кабырга кирүү үчүн буулукма бергенде ичкеридегилер каалганы жаап калышты. Кандай гана суук кабар, кандай гана адам чыдагыс муң эле! Андан кийинки кыйынчылыктарга туш болгон маалда Алланын Элчиси кайтыш болгон күндү эстеп, ага анчейин маани бербес болдук» (Ибн Касир, Бидая, V, 256).

Ошентип алар кайра Алланын Элчиси менен кездеше турган, бирге боло турган күндөрдү күтүп жүрүп өмүр сүрүшкөн эле.

Азирети Осмон (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбыз Жаратканга бет алган соң ардактуу сахабалардан анын одүйнө салышына эң көп сыздаган, эң көп муңга баткан адам шек-күмөнсүз менмин. Башка сахабалар да кайгыга батты. А түгүл кайгысынан улам ар кандай күбүр-шыбырларга туш болгондор да болду арасынан. Бир сепилдин алдында отурганымда Умар (Алла ага ыраазы болсун!) өтүп баратып, мага салам берген экен. Муңга батып кеткенимден анын өтүп баратканын да, салам айтканын да туюп укканым жок. Азирети Умар Абу Бакирге барып:

- Осмондун жанынан өтүп баратып салам бердим. Саламымды алган жок. Муну кантип түшүнүүгө болот? - дептир

Азирети Абу Бакир менен Азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун!) келип мага салам беришти. Анан Абу Бакир:

- Мусулман боордошуң Умар келип, сага салам бериптир, а сен анын саламын албапсың? - деп сурады.

- Мен анткеним жок! - дээрим менен азирети Умар:

- Валлахи, сен саламымды алган жоксуң! – деди.

- Валлахи, жанымдан өткөнүңдү да, салам бергениңди да байкабадым! - деп жооп бердим.

Сөздү азирети Абу Бакир алып:

- Осмон туура айтат - деп бу маселеге чекит койду» (Ахмед, I, 6).

Бардык мусулмандар үчүн Азирети Пайгамбарыбызды бул дүйнөдөгү бүтүндөй жандуу-жансыздан жогору тутуп, жакшы көрүү, Анын буйруктарына моюн сунуп, куттуу сөздөрүнө, айткан акыл-насааттарына кулак төшөө, Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөт жолунан чыкпай жүрүү – өзүнчө чоң милдет! Алар салават жана салам айтуу менен Алланын Пайгамбарына болгон сүйүүлөрүн арнашкан. Алар Ага салават жана салам жолдоо менен гана чектелип калган эмес. Алла Элчисинин куттуу сүннөт жолу менен жүрүп, сүннөтү менен жашап, куттуу хадистерин кайталап турушкан.

1.32 АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.3.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Худайбие келишиминен мурун мушриктер мусулмандардын кандай абалынан көбүрөөк таасир алышкан?

2. Мусулмандардын Бейъатүр-Рыдван антташуусу туурасында кабардар болгон мушриктер эмне үчүн тынчсызданышты?

3. Худайбие келишиминен кийин мусулмандарга баш калкалаган Абу Жандалдын мушриктерге кайтарылып берилиши ушул келишимдин кайсы беренесине байланыштуу?

4. Худайбия келишими түзүлгөндөн кийин Пайгамбарыбыз сахабаларына: “Жүргүлө, курмандыктарыңарды чалгыла жана чачыңарды кырып салгыла! ..” деп буйуруусуна карабастан сахабалардын ордунан козголбошунун себеби эмне болгон?

5. Худайбия келишиминин натыйжасы кандай болду ой жүгүрткүлө?

6. Хайбардын каратылып алынышына эмне себеп болгон?

7. Эмне себептен улам Азирети Мухаммед пайгамбар Хайбар жортуулуна кээ бирөөлөрдүн катышуусуна уруксат берген эмес?

8. Алланын пайгамбары Муга жортуулга чыкканга чейин келген Абдуллах бин Равахага эмне деп кеңеш берген?

9. Пайгамбарыбыздын Мута согушунда шейит болгон Азирети Жафардын балдарына жана үй-бүлөсүнө жасаган мамилесинен кандай социалдык принциптерди түшүнө алабыз?

10. Меккенин мусулмандар тарабынан каратылып алынышынын себептери туурасында маалымат бергиле?

11. Азирети Мухаммед пайгамбар тарабынан өкүмдарларга жазылган каттар туурасында маалымат бергиле?

12. Азирети Мухаммед пайгамбардын дипломатиялык ишмердүүлүгү туурасында маалымат бергиле?

13. Азирети Халид бин Валиддин согуш ыкмасы туурасында маалымат бергиле?

14. Мекке каратылып алынгандан кийин Азирети Мухаммед пайгамбардын Меккеликтерге жасаган мамилесинен кандай сабак чыгарсак болот?

15. Мекке каратылып алынгандан кийин Меккеликтер эмне деп ант беришкен?

16. Таифтин курчоого алынышына эмне себеп болгон?

17. Хунайн казаты туурасында маалымат бергиле?

18. Таиф курчоосунан кийинки олжолорду бөлүштүрүү туурасында маалымат бергиле?

19. Азирети Усманга каабага табап кылуусуна руксат берилгенине карабастан эмне үчүн баш тарткан?

20. Эфиопияга журт которгон мусулмандардын кайтып келүүсү туурасында маалымат бергиле?

21. Эң оор шарттарга карабасатан Табук сапарынжа сахабалардын инфак кылууларынан биз кандай сабак алышыбыз керек?

22. Табук сапарынын башка согуштардан жалпы жортуул катары жарыяланышынын себеби эмнеде?

23. Масжидул Дирар мечити эмне үчүн курулган?

24. Табук сапарына катышпаган сахабалардын ыңгайсыз абалдарынан кандай сабак алсак болот?

25. Элчилер жылы деген эмнени түшүндүрөт?

26. Саатул-усра – Оор учур туурасында маалымат бергиле?

27. Азирети Мухаамед пайгамбар табук сапарынан кайтып келатып: «Жеңил жихаддан оор жихадка кайтып баратабыз» деген сөзүнөн кандай тыянак чыгарсак болот?

28. Азирети Мухаммед пайгамбардын алгачкы жана акыркы ажылык ибадаты туурасында маалымат бергиле?

29. Азирети Мухаммед пайгамбар коштошуу кутбасында кандай маселелер туурасында айткан?

30. Маида сүрөсүнүн 3-аятында: «Бүгүн диниңерди баралына келтирдим!» деп айтылган аятка түшүндүрмө бергиле?

1.32.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири худайбийе келишиминин шарттарынан эмес?

А. Келишимдин мөөнөтү он жыл.

Б. Мусулмандар кийинки жылы Каабага зыярат кылышат.

В. Мединадан Меккеге баш калкалагандар кайра артка кайтарылбайт.

Г. Мусулмандар бул жылы Каабага зыярат кылышат.

2. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Мута согушунун себептеринен болуп саналат?

А. Азирети Зейнептин душмандары тарабынан өлтүрүлүүсү.

Б. Гассани амири Шурахбилдин мусулмандарга согуш жарыялоосу.

В. Шурахбилдин Алланын элчиси Харисти шейит кылуусу.

Г. Таифтиктердин мусулмандарга каршы көтөрүлүүсү.

3. Азирети Мухаммед пайгамбар: «Эртең желегимди бир адамга берем, ал аркылуу Алла Таала (бизге) Хайбар жеңишин ыроолойт». деп кайсы сахабаны айткан?

А. Азирети Али

Б. Азирети Умар

В. Азирети Абу Бакир

Г. Халид бин Валид

4. Меккенин каратылып алынышына эмне себеп болгон?

А. Жөөттөр мусулмандарга кол салышкан.

Б. Мушриктер худайбийе келишиминин шарттарын бузушкан.

В. Мушриктер Мединага кол салышкан.

Г. Эч бири

5. Хунайн казаты канчанчы жылы эмне себептен болгон?

А. Хижраттын 5-жылы мушриктер мусулмандарга кол салышкан.

Б. Хижраттын 8-жылы Хавазин жана Сакиф уруусу буйрукту четке кагышкан.

В. Хижраттын 8-жылы жөөттөр мусулмандарга кол салышкан.

Г. Хижраттын 4-жылы христиандар мусулмандарга кол салышкан.

6. Азирети Пайгамбарыбыз катышкан эң акыркы кайсы жортуулга катышкан?

А. Хунайн казаты.

Б. Табук казаты.

В. Хайбар казаты.

Г. Бадр согушу.

7. Табук сапарынын жалгыз шейити ким болгон?

А. Абдуллах бин Музани

Б. Азирети Хамза

В. Азирети Аюб аль-Ансари

Г. Муаз бин Жабал

8. Мунафыктар Дырар мечитин эмне үчүн курушкан?

А. Жашыруун ибадат кылуу үчүн.

Б. Азирети Мухаммед пайгамбарга тузак куруу үчүн.

В. Тавхид ишенимин бурмалоо үчүн.

Г. Эч бири.

9. Азирети Али Тооба сүрөсүнөн белгилүү аяттарды окуп, Пайгамбарыбыз корутундулап берген төрт жагдайды элге жеткирет. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири төрт жагдайдын катарына кирбейт?

А. Бейишке Жаратканга чын ыкластан ишенип, ыйман келтирген мусулмандар гана кирет.

Б. Каабаны жылаңач таваф кылууга мындан кийин эч качан уруксат берилбейт.

В. Мындан ары жөөттөр Меккеге жолобойт.

Г. Ушул жылдан тарта Каабага эч бир бутпарас жакын жолобойт.

10. Пайгамбарыбыздын: «Билбейм, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде кайра түбөлүккө чогуу боло албай калам! Бул насаатымды бул жерде болбогондорго да жеткиргиле!» деп айткан сөзүндөгү бул *«жерде болбогондордун»* катарына төмөнкүлөрдүн кайсы бири кирбейт?

А. Коштошуу ажылыгына катыша албай калган ооруулу жана картаң сахабалар.

Б. Коштошуу ажылыгына катыша албай калган аялдар жана жаш балдар.

В. Коштошуу ажылыгына катышпаган акыр замандын үммөтү.

Г. Ар түрдүү шылтоолор менен коштошуу ажылыгына катышпаган мунафыктар.

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1. Б	3. А	5. Г	7. А	9. Б
2. Г	4. Б	6. Г	8. В	10.Б

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

1. В	3. В	5. В	7. В	9. А
2. А	4. Г	6. В	8. Б	10.В
				11. А

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

1. Г	3. Г	5. А	7. Б	9. Б
2. А	4. А	6. В	8. В	10.Б

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

1. Г	3. Б	5. А	7. В	9. В
2. В	4. Б	6. В	8. А	10.Б

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

1. Б	3. В	5. Б	7. В	9. А
2. В	4. В	6. Б	8. В	10. Г

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

1. Г	3. А	5. Б	7. А	9. В
2. В	4. Б	6. Б	8. В	10.Г